КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ
Ч.АЙТМАТОВ АТЫНДАГЫ ТИЛ ЖАНА АДАБИЯТ ИНСТИТУТУ

# КЛАССИКАЛЫК ИЗИЛДӨӨЛӨР ЖАНА ТЕКСТТЕР

## *САГЫМБАЙ ОРОЗБАКОВ*

# «МАНАС»

**II ТОМ**

Академик Абдылдажан Акматалиевдин
жалпы редакциясынын астында

***Түзгөндөр***
***Самар МУСАЕВ***
***Абдылдажан АКМАТАЛИЕВ***
***Жазгүл ТОЙЧУБЕК КЫЗЫ***

Бишкек
«ПРИНТ-ЭКСПРЕСС» – 2018

УДК
ББК
К

Кыргыз Республикасынын 2014–2020-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн жана тил саясатын өркүндөтүүнүн улуттук программасы боюнча Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгы (2014-ж. 2-июнь, №119) жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Токтомунун (2015-ж. 6-апрель, №151-б.) негизинде жарык көрдү.

Басмага Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун Окумуштуулар Кеңеши тарабынан сунуш кылынды.

Редколлегия:

Акматалиев А. А.
Байгазиев С. О.
Жайнакова А. Ж.
Маразыков Т.
Мусаев С. Ж.
Садыков Т.
Токтоналиев К. Т.
Эркебаев А. Э.

**К** **Классикалык изилдөөлөр жана тексттер:** Сагымбай Орозбаков. «Манас». II том / Түзгөндөр: С. Мусаев, А. Акматалиев, Ж. Тойчубек кызы. – Бишкек: «Принт-экспресс», 2018. – 544 б.

ISBN

«Классикалык изилдөөлөр жана тексттер» сериясынын бул томуна залкар манасчы Сагымбай Орозбаковдун айтуусундагы «Манас»эпосунун варианты берилди.

Китеп фольклористика, манастаануу адистиги боюнча эмгектенген окумуштууларга, жогорку окуу жайлардын филология факультеттеринин студенттерине, аспиранттарга жана элдик маданий мурастарга кызыккан жалпы окурмандарга сунуш кылынат.

УДК
ББК

К

ISBN

© КРУИАнын Ч. Айтматов атындагы Тил жана адабият институту, 2018

© Принт-экспресс, 2018

# «МАНАС» ЭПОСУ

Кашаттан чыкты талаага,
Калың аскер ат койду
Карайып жаткан калаага,
Каапырлар көрүп кайгырды
Калдык, – дешип, – балаага.
Жогору жагы кашка жол,
Үрбүнүн колу кумдан мол.
Булак-Жолдон буркурап,
Жаа Алдалап чуркурап,
Жүз элүү миң кол чыкты,
Жүр-жүр! – дешип, мол чыкты,
Көлдөлөң тартып туурадан
Көсөл Бакай зор чыкты.
Эки жүз миң кол менен,
Бет-бетинен жол менен,
Капчал терең коо менен,
Карлуу кыя тоо менен,
Кабары жок бери жакта
Кайнап жаткан жоо менен,
Кырга чыгып кыйкырып,
Айгай салып акырып,
Кыжылдатып кытайдын
Башын ылдый жапырып,
Тозоңун тоодой сапырып,
Алеңгир жааны чойгулап,
Тарсылдатып мылтыкты
Үстү-үстүнө койгулап,
Айдаркандап акырып,
Айгайлаган калмакты
Башын ылдый жапырып,
Аламанды көп казак
Коюп кетип баратыр,
Айбалталап чокусун
Оюп кетип баратыр,
Алты-бештен ар жерге
Союп кетип баратыр,
Кара канга камбылдар
Тоюп кетип баратыр.
Ат жүрбөгөн куурайын
Жырып кетип баратыр,
Адыр ылдый сандатып,
Кырып кетип баратыр.
Ителги тийген таандай
Айдап кетип баратыр,
Иттей кылып, ар жерге
Жайлап кетип баратыр,
Сайган аттын чылбырын
Ит мурунга имерип
Байлап кетип баратыр.
Айдаркан башын алыптыр,
Айгайды бийик салыптыр.
Карагандуу коо менен,
Капчыгай-бийик тоо менен,
Кармашып канча жоо менен,
Тар кыясын кең кылып,
Таталаган каапырдын
Өлүгүн кушка жем кылып,
Топонун тоого тең кылып,
Толкутуп канын сел кылып,
Каны суудай жошулду,
Качканы качып тосулду.
Айдаркан, Бакай, эр Үрбү

Боролдойдун оюнан,
Улуу Чуунун боюнан
Аман-эсен кошулду.
Качтык бекер тек дешип,
Калган калмак кептешип:
«Карап бербей мурунтан
Бурут менен эптешип!»
Кайгырышып алыптыр,
Калмак качып ашкан бел,
Кан Көкчөдөн шашкан бел
Ошо күндөн ушу күн
Каштек атка калыптыр.
Таздын уулу эр Үрбү
Башы Кашка-Жол менен,
Башкарылган баштатан
Жүз элүү миң кол менен
Баш ылдый уруш салыптыр,
Жел-Аргынын оюнан,
Улуу суунун боюнан
Бакай чыгып калыптыр.
Кыр жагынан бакырып,
Кылкандай найза жапырып,
Кыраан Көкчө сүрүптүр,
Аскерин үчкө бөлүптүр.
Айдаркандын колунан,
Каршы чыгып жолунан,
Коңгор жаң-жуң өлүптүр.
Үрбүдөн өлдү Бейшекел,
Ушу кейипти көргөн эл.
Тамдын баарын уратып,
Таталатып каапырды,
Көчөсүндө чуулатып,
Кара куйрук нар алып,
Айдап жүргөн дагы бар.
Кажылдатып каапырды
Байлап жүргөн дагы бар.
Кызыл куйрук нар алып,
Айдап жүргөн дагы бар,
Кыжылдатып кытайды
Байлап жүргөн дагы бар,
Кыйыктанган каапырды,
Кылыч менен бир салып,
Жайлап жүргөн дагы бар.
Дүнүйөгө карк болуп,
Тоюп жүргөн дагы бар,
Кара көзүн каапырдын
Оюп жүргөн дагы бар,
Канжар менен бир коюп,
Каяша кылды каапыр, – деп,
Союп жүргөн дагы бар.
Көрбөсөң да угуңар
Көпчүлүктүн нускасын,
Көөрүк салган устасын
Көмүрлөрүн чачышып,
Дүнүйөсү мында! – деп,
Көмүктөрүн ачышып,
Айбалтаны саптайм! – деп,
Аялуу мөмө бактарын
Кыйып жүргөн андан көп.
Катын-бала өлтүрүп,
Канга сабын болбо – деп,
Карыясы бир-бирин
Тыйып жүргөн сандан көп.
Каткан-куткан дүйнөсүн
Эмесин койбой таап алып,
Жыйып жүргөн мындан көп.
Кашкел, Коңгор элинен,
Кичи-Суунун жеринен
Олжону орчун алыптыр,
Ойрон салып көй баатыр,
Обоң-Таштын оюна,
Улуу-Чуунун боюна
Айдаркан баштап карысы,
Бакай, Үрбү-баарысы,
Кыргыл чал баштык кыйыны
Кылкылдап барды талаага

Кыргыз, казак жыйыны.
Талды-Суунун оюна,
Жайкап барып кол түштү
Сары-Талаа боюна.
Эки күн мурун барыптыр,
Эр Манас уруш салыптыр.
Кызыл-Суунун талаасын,
Кыйратып кыйла калаасын,
Шамың шаа деген калдайы
Сандыргалуу Манастан
Шашып, коркуп далдайды.
Коркпогондо неткени,
Кара-Балта, Меркишке
Үркүнүнүн баарысы
Качып кирип кеткени.
Аларды таштап коюңуз,
Алты-Шаар Мунардын
Алла эмине сөзү бар,
Кабарынан болуңуз.
Жүз элүү миң кол менен,
Кер-Көлдүн тескей жол менен,
Найзанын учу чабышып,
Адамдын башы кагышып,
Желек туудан бөлүнбөй,
Жердин жүзү көрүнбөй,
Асаба туудан бөлүнбөй,
Ай тунарып көрүнбөй,
Шапкер тартып калың кол
Шаркылдап жүргөн жери ошол.
Күн жүрүш жагы улуу тоо,
Күркүрөгөн улуу жоо,
Колпоң эле башчысы,
Кол баштаган жакшысы.
Оргого барып а да өлүп,
Калганынын баарысы
Жакшысынан какшыды.
Башкарарга киши жок,
Байып жаткан эл экен
Малдан бөлөк иши жок.
Кайып даң, Мунар зор барып,
Кер-Көлдөн тескей жол барып,
Жүз элүү миң кол барып,
Тоң менен чапты, Тосорду.
Малдарынан айрылып,
Байдын көбү бозорду.
Желини карыш бээ алып,
Жез буйлалуу төө алып,
Жетелеген дагы бар.
Жерге киргир, алба! – деп,
Жемелеген дагы бар:
«Кол байлоо болуп аларсың
Кокус каапыр урушса,
Бө .дөдөн өлүп каларсың.
Мал курусун, алба – деп,
Мал аламын – деп жүрүп,
Балакетке калба – деп,
Бул курусун, алба – деп,
Бул алам – деп артынып
Бөөдө болуп калба!» – деп.
Союуга семиз алышып,
Соңкуга сөзү калышып,
Найзага колу карышып,
Азаматтын баарысы
Аламандап жарышып,
Темирден тондор жаркылдап,
Желектүү найза калкылдап,
Желдүүлөрдүн баарысы
Тор кушундай баркылдап,
Коңур-Өлөң, Ала-Баш
Конушка жай, жери саз,
Кызыл чыбыр, кырка таш,
Жүз элүү миң кол барды,
Кайып даң менен Мунар баш.
Ой-талаага толушуп,
Ошо күнү конушуп,
Союшуна канча мал

Тамак үчүн өлүптүр,
Колун үчкө бөлүптүр.
Элүү миң колду алганы,
Шамалдуу Кочкор жер жакка,
Тоңшур калмак эл жакка
Салды Мунар жол менен,
Так элүү миң кол менен.
Жүз миң аскер алыптыр,
Кол башчысы Кайып кан,
Коңур-Өлөң салыптыр.
Мурунку аты Ой-Жайлоо
Кара-Каман, Балык-Арт,
Солтон-Сары, Кара-Саз
Шондо да калмак малга мас.
Оболку аты Ой-Жайлоо,
Ой-тоосунда бээ байлоо.
Тескейлик үркүп тептегиз,
Демигип баспай көп семиз,
Күңгөй менен Көтмалды,
Күрмөлтүп айдап көп малды,
Аралыкта Семиз-Бел,
Анжым калмак андагы эл,
Үркүп алып дүрбөшүп,
Бирин бири жүр! – дешип,
Ой-Жайлоого толуптур.
Отоо тигер жери жок,
Адам менен айбандан
Чолосу жок болуптур.
Кытайдын журту кыжырап,
Кара курттай быжырап,
Калмактар барып кагылып,
Качкын болуп сабылып,
Ой-Талаага жык толуп,
Кара курттай жабылып.
Кайып даң чыкты жүз миң кол,
Баатыр, балбан кыйла мол.
Кужулдап аткан көп журтка
Чабуул койгон жери ошол.
Найзаны колго көтөргөн,
Ак күрөөкө соотун
Аркасына бөктөргөн,
Айгайлаган аскерди
Каапырлар карап көз көргөн.
Коросон оттук алышып,
Ууга жаный салышып,
Милтеге чокту байлатып,
Мергендердин баарысын
Ок атууга шайлатып,
Мыктысынып каапырлар
Мал четине келгенин
Мергендерге жайлатып.
Желеси менен бээ алды,
Желкилдетип төө алды,
Короосу менен кой алды,
Козголтпой ийрип көп малды.
Талаадан кууду танасын,
Алдыратты малдагы
Мал кайтарган баласын.
Калкына каар салганы,
Кары-жашы чогулуп
Ой-Жайлоонун оюна,
Аккан суунун боюна
Чагалалап барганы,
Кыргоол моюн кыздардан
Кырк-элүүсүн алганы.
Абалкы аты Ой-Жайлоо,
Кужурап каапыр барган соң,
Куруп алар калган соң
Кара-Кужур атакка
Как ушинтип калганы.
Ой-Жайлоого мусулман,
Ою терең адамдар
Ойлоп билгин ушундан,
Баштаганы Кайып кан,
Селдей аскер толуптур,
Каарып-саарып каапырды,

Эркектерин санаса
Сексен миң адам болуптур,
Жардысы жок, байлары,
Ар тарапка мал менен
Азып-тосуп барганы.
Сексен миң барган адамды
Кайып кан сөзгө кармады:
«Эки миң үч миң жашаган,
Наманып аким баашадан
Өлбөгөнүң барсыңбы?
Катын алып, үй тигип,
Кара башың какчайып,
Өнбөгөнүң барсыңбы?
Энеден туудуң эт болуп,
Эмгегиңе мээ толуп,
Эми карап турупсуз,
Не түрлүү жанга ээ болуп.
Казан асып, кар салып,
Катын алып, үй тигип,
Атка минип эрбейип,
Адаммын, – деп дердейип,
Камка тон болду кийгениң,
Кас тулпар болду мингениң,
Кана, көбүң сүйлөп көр,
Канчалык экен билгениң?
Көбүң уккун дарсымды,
Көктү ченеп канча жол,
Көрүп келген барсыңбы?
Алып мурун нээтиңе,
Адамдын чыгып четине,
Ай менен күндүн бетине,
Аштык айдап мал багып,
Барып келген барсыңбы?
Мээнет чегип, жол басып,
Арып келген барсыңбы?
Жыбырап турган жылдызды
Кандай жандар жылгызды,
Аралаган барсыңбы?
Көрмөк үчүн көңүлүң
Жаралаган барсыңбы?
Күн чыгыштан күн батыш,
Күлдү баарын түгөлдөп,
Саралаган барсыңбы?»
Кайып кан сурап калганы,
Кабылбоо деген бир калмак
Ордунан тура салганы:
«Алтымыш менен жетимиш
Арасында жашыңыз,
Ак чүпүрөк оропсуз,
Ооруганбы башыңыз?
Адамды жыйып курайсыз,
Айды көрдүң бекен? – деп,
Не себептен сурайсыз?
Адам күнгө барарбы,
Адам күнгө барган соң,
Аман-тирүү каларбы?
Көктөн бизге тийгизет,
Асмандан тийген ысыгы
Адамды оттой күйгүзөт.
Ага кантип жетер? – деп,
Жакындабай жан чыгып,
Күйүп өлүп кетер – деп,
Асмандагы ай, күндү
Аны кантип билебиз?
Араң жүргөн алсырап,
Айбан чалыш бир элбиз.
Билген болсоң өзүңүз,
Ошолордун баарысын
Көргөн болсо көзүңүз,
Көңкү турган көп уксун,
Айтып бергин сөзүңүз!?»
Кабылбоо сурап калганы,
Кайып кан сөзүн салганы:
«Көрбөй билдим жудайын,
Ушунчаны жараткан
Бир жараткан кудайым.

Туудурган аны ата жок,
Барлыгында ката жок.
Тууй турган эне жок,
Туш келишер неме жок.
Өкүмүнө чара жок,
Өрнөгүндө чала жок,
Өзүнөн тувар бала жок,
Өзгө тууган-урук жок,
Өзүнөн бөлөк улук жок.
Кирпик ирмем кидирип
Капилети болбогон,
Макулуктун баарысын
Базилинде колдогон,
Баткын! – десе, айла жок,
Асман-жердин баарысы
Бир мистеге толбогон.
Күндүз менен кечи бар,
Аалам мындай нече бар.
Көрбөсөк да, угабыз,
Көңүлгө алып турабыз.
Аршы күрсү калам бар,
Асман-жердин ичинде
Нечен мындай аалам бар.
Тогуз кабат палек бар,
Ажал келсе бир күнү
Аманат жанга алек бар.
Берише деген бенде бар,
Напси, ачуу, текебер
Адам уулу сенде бар.
Эринчээк деген бири бар,
Адам уулу сенден көп
Дөө, бери, жини бар,
Аңдап муну билип ал!
Айтканын кылсаң Алданын
Аманат жанга калас бар,
Жүрөгүңдүн ичинде
Азезил уулу Канас бар.
Беш душман бар боюңда,
Бербердигер бардыр – деп,
Бекем билгин оюңда.
Жана бардыр өзүңдө
Жанга күйөр тууганың,
Жардам берип турганың
Акыл, сабыр, нысабың,
Уят менен төртөө бар
Алсаң эсеп-кысабын.
Бойдо толук каныңыз,
Каның менен аралаш
Кайнап турат жаныңыз.
Кара бойдон кан чыгат,
Кан эсепсиз кеп чыкса,
Канга кошо жан чыгат.
Жан түтүндөй буу болот,
Жан шериги суу болот.
Аңдап муну угуп ал,
Алыстан кабар угарда
Кулагыңыз чуу болот.
Топурак, оттон, суу, желден
Тең жаратып, жан берген
Алла Таала кудайың,
Айтканымдын баарысын
Аңдап билгин жудайын.
Бейиштен келген сабыр бар,
Сабырдын тилин алба – деп,
Шаштырган шайтан каапыр бар.
Бейиштен келген акыл бар,
Акылыңды оодарып,
Азгырган шайтан каапыр бар.
Бейиштен келген нысап бар,
Азыркы жеген ашыңа
Тараза мыйзам астында,
Бере турган кысап бар.
Бейиштен келген уят бар,
Жаман иштен уялтар.
Ак бирлигин куп билип
Акыл табат ыйманды,

Анык жакшы деп билгин
Ар иштен напси тыйганды,
Бешөө душман, бешөө эл
Бир көөдөнгө сыйганды.
Адамдандыр зилиңиз,
Айтып келме тилиңиз,
Алла бар! – деп билиңиз,
Кудай жалгыз, куран чын,
Айткан тилге кириңиз!
Байгамбар бар араптан,
Байгамбар кылып бар кудай,
Айткан сөзүн ар журтка
Адис кылып тараткан:
Бир теңирге сыйын – деп,
Сыйынбасаң кудайга
Кыямат күнү кыйын! – деп.
Оттон танап тактырган,
Күркүрөтө жактырган,
Ошо дозок отунун,
Ойлоп угуп отургун,
Кыпынын койсо акыры
Ушу дүйнө жүргүзүп,
Болтурар эле бир күндө
Жер-дүйнөңдү күйгүзүп,
Аңдатайын сиздерге,
Акылыңа түйгүзүп.
Бала берди сүйгүзүп,
Бастырып койду жүргүзүп,
Сыйынбайсың теңирге,
Баш коёсуң баарыңар
Колдон жасап темирге.
Коргошун куйган кутуңа,
Кудай, – деп барып жалындың
Куйган чоюн бутуңа.
Карап тирүү ким жүрет
Калабалуу бу жайга,
Жаның барда жалынгын
Жаратканың кудайга!»
Айтып турган Кайып кан,
Айран калды канча жан,
Акылына түйүлүп,
Алда, – деди канча жан.
«Капилетте жүрүппүз,
Караңгы доор сүрүппүз,
Айды, күндү жараткан,
Баранданын баарысын
Дүнүйөгө тараткан,
Жаркыратып жылдызды,
Айды, күндү жылгызды,
Кудай эмей, ким?!» – деди.
Кужулдашып бир-бирин
Билбегенин тилдеди.
«Асман, жерди жараткан
Алла Таала Бир!» –деди.
Кайып даңга жалынып:
«Кызматыңды кылалы,
Бу мусулман болгон! – деп,
Айта көргүн Алдага,
Кыяматта тыналы!»
Адамдар турду чуркурап,
«Ак кашына барганда
Айта көр!» – деп буркурап.
Кайып канды камады,
Кайып кан катуу ыйлады,
Кара жашын тыйбады:
«Камадың, калкым, күбүрдөй,
Кабарымды айтайын,
Мен силерден жаман күмүрөй.
Канча заман жыл өткөн
Каралыкка толгонум,
Араң он бир жыл болду
Мен мусулман болгону.
Кыш болбогон, жай болгон,
Кылайып чөбү өнбөгөн
Кызыл кум, жери сай болгон,
Ак Талаанын амыры

Он миң, беш миң кой айдап,
Ошондо эли бай болгон.
Жылкысы жок, төөсү бар,
Ат жетпеген жөөсү бар,
Араб деген эли бар,
Ар жагында беш күндүк
Мусталийпа жери бар.
Сымук деген тоосу бар,
Ал Сымукка баруучу
Санам-Сандал бели бар.
Атасы өлгөн башында,
Эки күнү тура албай,
Энеси өлгөн жашында.
Кызыл эт калган жаш бала,
Жаанга кылып байгамбар,
Жардам берген бир Алда.
Кордук, зардык, машакат
Жаш күнүндө тарттырып,
Бербердигер бир Алла
Мертебесин арттырып,
Кыркка жашы толуптур,
Адамдарга жол ачып,
Ак байгамбар болуптур.
Кызматын кылган кашында,
Бирге жүргөн жашында
Абунасыр деген бар
Эр Манастын кашында.
Мени күбө бол, – деген,
Мындай сөздөн кайтыңар,
Андай кыйын чоң сөздү
Абунасыр кожого
Колдогун! – деп айтыңар.
Өз алымды өзүм билбеймин,
Өзүмдөн собол сураса,
Өз атымды ким деймин?»
Айтып салды Кайып кан,
Макул, – дешип баарысы
Кабыл алды канча жан.
Мажусу динден кайтышып,
Баары болду мусулман
Келме шаадат айтышып.
Сексен миң турган адамдын
Отуз миңи тарады,
Кары менен жашынан
Мал-булуна карады.
Балтыры толук балбаны,
Баатырлары калганы.
Эл бийлеген зардалы,
Не кыйындар калганы.
Качкын болгон көлдүктөн,
Чүйдөн качкан чөлдүктөн,
Кочкор, Шуңшоо элинен
Элүү миң кол жыйылды.
Кара-Каман, Кара-Саз,
Бел-Тепшинин белинен
Баштап Кайып баарыны,
Алмак болуп бет алып
Амбал Култка шаарыны,
Капчыгайды бойлошуп,
Кандай заман болот? – деп,
Жамандар муну ойлошуп,
Жерге-Тал көздөй салыптыр,
Жетим-Адыр учунан
Жайнап чыга калыптыр.
Суусун кечти Суңшоонун,
Астынан көрдү бир тоону.
Жүз элүү миң кол барды,
Сол тараптан караса,
Бир капчыгай жол барды.
Көргөндөрү кеп айтат,
Жаздым кылбай төп айтат:
«Берки бетин көрдүңүз,
Карагай, токой-чер, – деди,
Ач кайкалаң бел, – деди.
Ашып барса ар жагы
Эки-Башы деген жер – деди.

Аны жердеп жатканы
Мангул калмак эл – деди.
Буркан аттуу калдайы,
Бу да барып Оргого
Буйругу жетип далдайды.
Мындан барып элүү миң,
Неме калбай кырылып,
Эли минтип шалдайды.
Жетим уул, тул катын,
Өздөрү таппай өз атын,
Калса кемпир, чал калды.
Калдайган кара там калды.
Ар жагында Ала-Тоо,
Ашып качып кетер шоо.
Саяң-Жайлоо, Үч-Суу бар,
Чыдай албас турганга,
Качып кетер токтобой
Какшаал менен Турпанга.
Бараң атсак түздөйлүк,
Барып кантип издейлик,
Кылыч алсак миздейлик,
Какыраган кырча таш,
Кызыталак каапырды,
Кай чуңкурдан издейлик?»
Акылдаша калганы,
Ак сакалы Кайып кан
«Акыры барбай койбо!» – деп,
Көбүнө айтып салганы.
Топчу аяр баш болуп,
Элүү миң аскер алганы.
Жаккан оттой дүркүрөп,
Жарагы толук көй баатыр
Жамбулакта күркүрөп.
Капчыгай толуп калың эл,
Каршы алдында Кызыл-Бел,
Жабылып жакын барыптыр,
Жайнап жаткан көп каапыр,
Элүү миң аскер калыптыр.
Ээрдей сары элестен,
Эки кайкаң белестен
Элдин алды келгенде
Жамгырдай атып жаа чыкты,
Тарсылдап мылтык да чыкты.
Мөндүрдөй болуп ок чыкты,
Жазайыл менен топ чыкты.
Төө мылтык үнү күркүрөп,
Төмөнтөн барган көп аскер
Кайра качты дүркүрөп.
Отузчасы окко учуп,
Ойбой салып, жер кучуп,
Сол жагында Кара-Тоо,
Тилке-тилке адыр, коо,
Чапкылап тоого чыгышты.
Он миңи чыгып тоо жакка,
Ок жаадырды жоо жакка.
Он миңи чыгып оң жакка,
Капчал кара коо экен,
Карагайлуу тоо экен,
Таш сеңирге жамынды,
Тарсылдатып булар да
Ок атууга камынды.
Алардын үстү жагынан
Дагы каапыр жыйылды.
Ойго качып он миңи,
Таш сыйынттап жамынды,
Сактай көргүн, кудай! – деп,
Жаратканга жалынды.
Жыйырма миң аскер барыптыр,
Сол жагында Кара-Тоо,
Ойдо жатты калың жоо,
Отуз миң эле аскери,
Элүү алты калмакка
Мусулман огу тийгени.
Корkконунан жамандар
Ыштанына сийгени.
Тоодон туруп аткан ок,

Толкуп жаткан калмактын
Токтолор жайы калган жок.
Жебенин огу кыркырап,
Мусулман күчөп келгенде
Көк түздөгү калмактар
Качып берди быркырап.
Отуз миңи тоо менен,
Ок атышып жоо менен,
Жыйырма миңи жыкылдап,
Коктуну өрдөп быкылдап,
Ач кайкыга ат коюп,
Ат койсо да, бат коюп,
Кытайдын ордун алыптыр.
Кырдагысы кыйкырып,
Чалтын баары тосулуп,
Чаң обого созулуп,
Ойдогу жыйырма миңине
Кырга чыккан отуз миң
Кыйкырып келип кошулуп,
Элүү төрткө ок тийген,
Нечөөнө топ тийген,
Жыйырма алтысы өлүптүр,
Өлгөнүн булар көрүптүр.
Бурак атын токушуп,
Жаназасын окушуп,
Ушуну менен бир жерди
Жер очоктой оюшуп:
«Акыретте оңду – деп,
Наала шейит болду!» – деп,
Кызылала боюнча
Кийими менен коюшуп,
Аларды минтип көмүшүп,
Жарадары жыйырмача,
Жакшы экен, – деп көрүшүп,
Четинди менен Дарбаза,
Аны көздөй бет алып,
Булар жолго салыптыр.
Ойдо жаткан жүз миңдин,
Кайып каны баш болуп,
Кырк миңи келип калыптыр.
Кара-Тоонун кырынан
Каапырлар көзүн салыптыр,
Кайнаган колду көргөн соң,
Катылып буга болбос! – деп,
Качууга кирип калыптыр.
Токсон миң аскер күңгүрөп,
Тоо көчкөндөй дүңгүрөп,
Дарбаза менен Четинди,
Каапырлардын кыйласы
Кара-Терек, Бакалык
Качып кирип бекинди,
Эки-Баштын түзүндө,
Жайнап жердин жүзүндө,
Качып кетип баратыр.
Азык менен түлүгүн
Атыма оор болот, – деп,
Чачып кетип баратыр.
Аскери эки бөлүндү,
Аты жүрбөй калгандан
Каапырдын каны төгүлдү.
Эки-Баштын боюна,
Кең-Аралдын оюна,
Бири терек, бири тал,
Жыгачынын түркү ошо,
Бир жыгачта миң уя,
Чынарынын көркү ошо,
Качып кирип каралап,
Калың токой аралап,
Атымды көрүп коёт – деп,
Көрсө бурут соёт – деп,
Атын айдап ийишип,
Чытырман калың токойго
Өзү качып киришип,
Жан калар! – деп ойлошуп,
Жан аргасы курусун,
Түлкү кирбес түмөнгө

Түбүнөн ары сойлошуп
Жатып аткан андан көп.
Эрте өлгөн жанмын! – деп,
Мусулманга мылтыгын
Атып аткан сандан көп.
Качамын, – деп жыгылып,
Кара-Сууга баткакта
Батып аткан андан көп.
Токсон миң аскер кол менен,
Тостуруп кууп жол менен,
Мусулман жеткен кез болду,
Көз байланды, кеч болду.
Жай булуттай айланган,
Чалабын жанга байланган,
Тамактарын татыптыр.
Айгыр-Жалдын учунан,
Аяк жагын карасаң,
Чуңкес-Дөбө тушунан,
Мусулман мында жатыптыр.
Таң атканча каапырлар
Кайрат айтып элине,
Бели катуу баатырлар
Калкына кабар салыптыр.
Таңатканда мусулман
Тарсылдатып ок атып,
Да жөнөдү ушундан.
Карып жаны кысылган,
Калмак качып бузулган.
Ала-Тоого бет алып,
Аламандап артынан
Мусулман жетти кол салып,
Болор-болбос тоосуна
Калмак качты жол салып.
Он эки миң кол менен,
Чарын жакка жол менен
Тобуш баатыр барыптыр.
«Мында дагы келди – деп,
Жутат экен элди!» – деп,
Саңшаң деген калмагы
Алты жүз жолдош алганы,
Атыша түшүп Тобушка,
Бу да качып калганы.
Үч-Кайыңды, Теректен,
Үйүрдөп аткан калмактар
Ушунтип чыкты керектен.
Баары качты, тоо ашты,
Бу да муну ашты – деп,
А да муну ашты – деп,
Атыша албай шашты – деп,
Атыша албай жоо качты,
Ашып качкан ашуусу
Аты болду Богошту.
Кайрат кылбай каапырлар
Качарына камынды,
Канчалары жөө качып,
Карагайга жамынды.
Токсон миң барган мусулман,
Тополоң салып ушундан,
Алты миңдей кол барып,
Капчыгайын өрдөгөн,
Көбү жолун көрбөгөн.
Такалды барып Босого,
Тамаша кылды ошого.
Качкан калмак бүлүнүп,
Калган экен кыйла мүлк
Карагайга илинип.
Койгон жерин оодарып,
Таап жүргөн дагы бар.
Торгун, тубар тондорун
Таап алып, атына
Салбыратып этегин,
Жаап жүргөн дагы бар.
Желининен сүт агып,
Желбей калган бээлерди
Жерге кирсин калмак – деп,
Убал ушу малга – деп,

Саап жүргөн дагы бар.
Балан жерде мал турат,
Барып айдап келем! – деп,
Чаап жүргөн дагы бар.
Өйдө барган куугуну,
Босогодон кайтыптыр.
Көбүнө келип, көргөнүн
Баштан-аяк айтыптыр.
Кайып кандын кара туу,
Кайгайлаган улуу чуу,
Кайратына карк толуп,
«Каапыр качып, ит болуп,
Карсылдашпай кетти!» – деп,
Минтип жүргөн дагы бар.
Калың дүйнө мында экен,
Карап таап алсак – деп,
Кара коргон, чалдыбар,
Казып-чачып оодарып,
Тинтип жүргөн дагы бар.
«Селсаяктап кетесиң,
Айбан чалыш экенсиң,
Дүнүйө издеп барасың,
Бугуп жаткан бирөөнөн
Кокус өлүп каласың,
Койгун, колдо жүргүң!» – деп,
Айтып жүргөн дагы бар.
Бара түшүп, ортодон
Албайм, малы курсун, – деп,
Кайтып жүргөн дагы бар.
Буркандын эли бакылдап,
Бузулуп үркүп шаркылдап:
«Эки-Башты нетелик,
Анжыянда Алооке
Ага качып кетелик.
Айылы аман, эли эсен,
Өлбөй тирүү жетелик!»
Муну айтып жолго салыптыр.
Үркүндүн кою жыкылдап,
Үргүлө албай быкылдап,
Айдай албай алдырап,
Калмактын баары балдырап,
Кетип барат үркүнү
Керег-уугу шалдырап.
Кишилери кайгырды,
Кишинетип айгырды,
Жүгү менен төө калды,
Жүрө албаган жөө калды.
Кой маарады чуркурап,
«Кою менен курусун,
Кокуй, бурут жетти!» – деп,
Коктуга качып буркурап,
Чапка кирип, жер куйга
Тыгылып аткан андан көп.
Арткан жүгү боорунда,
Жыгылып аткан сандан көп.
Мөөрөгөн бойдон уй калды,
Жер куйга тыгып көп малды,
Дүнүйө толуп куй калды,
Кандай курган заман, – деп,
Калса экен жаным аман, – деп,
Таштаңар дүйнө, малды, – деп,
Чабуул коюп чантуулар,
Жакын келип калды, – деп,
Баланчаны өлтүрүп,
Башын кесип салды, – деп,
Колуна тийсе, койбойт, – деп,
Ичет канды мусулман,
Ичи эгерде тойбойт! – деп,
Айдабай таштап малдарын,
Алып качып жандарын,
Өңөрө качып балдарын,
Өбөктөтүп чалдарын,
Үркүнү качып калганы,
Артынан келген мусулман
Үстүн-астын салганы.
Такаат кылып тура албай

Мусулмандын колуна,
Асты качып жөнөлдү
Анжыяндын жолуна.
Оң жагы адыр чап экен,
Ойроттун журту бузулуп,
Ойрон болор чагы экен.
Сол жагы токой, тоо экен,
Өрдөш-өрдөш коо экен.
Асты талаа жол экен,
Аркасынан түшкөнү
Мусулмандын колу экен.
Алты-Шаар уйгурдун
Аламан коюп күңгүрөп,
Атып мылтык дүңгүрөп,
Отоголуу кыз кармап,
Ойноп жүргөн андан көп.
Ушунда калмак бардыр, – деп,
Өзөн-өзөн жылганы
Бойлоп жүргөн сандан көп.
Ээри менен ат кармап,
Жетелеп жүргөн андан көп,
Жерге кирген баланча
Олжодон куру калды, – деп,
Жемелеген сандан көп.
Мылтыктын отун чагыңар,
Мыктылардын баарысы
Илгери чоё чабыңар,
Чоё чап, – деп, – каапырды,
Чогууларын жапырды,
Тос-тос кылып сапырды.
Тосотунан өлтүрдү
Масайыл деген каапырды.
Жоголгону жоктолду,
Ара-Түздүн кептештен
Чабуулдун алды токтолду.
Калмакка калба салыптыр,
Карк жүз миң кой алыптыр,
Кара-Коюн, Чоё-Чап
Атагына калыптыр.
Масайил өлдү шыйтуусу,
Каапырдын качты кыйтуусу.
Каапырларга кол салып,
Калдайтып калың олжо алып,
Дагалактын Кайып кан,
Кайып кандын колунан
Талкаланды канча жан,
Баатырлар жүрдү жайма-жай,
Башы Суук-Капчыгай,
Аяк жагы Кызыл-Суу,
Туңшаны көздөй бет алып
Аскердин жүргөн жолу бу.
Бармак Култка элине,
Жүз миң аскер жабылды
Ара-Тоонун белине.
Бара турсун көй баатыр,
«Барабыз – деп, Култкага»
Бапылдашып баратыр.
Эңаягы Кызыл-Суу,
Кайып кан кирген жолу бу.
Кайып кандын кашында
Сексен миңаскер кол экен,
Тар капчыгай жол экен,
Култкага караган
Адалаңдеген зор экен,
Терс-Суунун ичи дээр экен,
Адаланга караган
Алтымыш миңэл экен.
Алты жерде шаары бар,
Ар шаары он миңден,
Аярлардын баары бар.
Баш кылып Бадаң аярды
Адалаң буйруп салыптыр,
Алты жүз аскер алыптыр,
Кызгылтым аккан суусу бар,
Кызыкты көрдү ушулар,
Таш капчыгай тоосу бар,

Тар капчыгай коосу бар.
Оозуна жакын барыптыр,
Ободогон бир сарай
Жолун бууп салыптыр.
Туура турат көлдөлөң,
Жолду бууп там салган,
Сонунду мындай көрбөгөн,
Узундугу кырк кулач,
Үстү, түркүк баары таш,
Карагайдын түбүндө,
Карап турса түрүнө
Адам айран калгандай.
Айнекте жакут ташы бар,
Асманга жакын башы бар.
Накышын жубар ойдурган,
Алтындан безеп койдурган,
Күмүштөн эшик жабылган,
Күсөгөнү табылган,
Карап турса көз талат,
Көргөн адам таң калат.
Токсон түрлүү кубулган,
Тыңдап турса кулакка
Жүз түрлүү добуш угулган.
Сарайды көрүп алганы,
Кайып кан баштап карысы,
Калың аскер баарысы
Айран-азыр калганы:
«Салтанаты далай – деп,
Тар капчыгай, куу жолго
Кандай салган сарай? – деп,
Бө .дөжүрбөс бу жерге
Бекер сарай болбос – деп,
Ичине кирген адамдын
Ичпей канын койбос» – деп,
Кайып кан айтып салганы,
Кайып кандын колунда
Таскыл деген аяры
Атынан түшө калганы.

«Сээри болсо билем – деп,
Сел агызып ирем» – деп,
Аярда андай ким экен,
Аскери сексен миң экен.
Кайып канын баш кылып,
Баскан жолун таш кылып,
Чыгарды тоонун башына,
Аяр Таскыл барыптыр
Аккан суунун кашына.
Апсун окуп, дем салды,
Акпай суусу тим калды,
Аскери тоодон көз салды,
Суу токтолду, көл болду,
Туш-туштун баары эл болду,
Сууну тосуп токтоткон
Бир кара кайкаң бел болду,
Жарым күндөй турганда
Алиги Таскыл не болду?
Капчыгайы карк толуп,
Кара деңиз көл болуп,
Баш-аягы бир кулач
Таяк жыгач алыптыр,
Таскыл демин салыптыр,
Алиги жыгач жооноюп,
Кучак болуп калыптыр.
Апсун окуп турганы,
Ал жыгачты көтөрүп,
Көлдү көздөй урганы.
Көл жарым күн токтолгон,
Жыгач барып тийгенде
Кара кайкаң жок болгон.
Добуш чыкты аркырап,
Алиги турган сарайды
Сел каптады шаркырап.
Каптады сел күркүрөп,
Көргөндүн бою дүркүрөп.
Төбөсүнөн сарайдын
Түтүн чыкты буркурап.

Сарай акты быркырап,
Алты жүз элүү аскери
Төрт жүзү бөлөк кетиптир,
Жолдошу эки жүзүнө
Анык ажал жетиптир.
«Лайламалуу» – деп,
Агып кетти чуркурап,
Селге кошо кетиптир,
Алиги сарай нетиптир?
Сээр экен, жок болуп
Сууга кошо кетиптир.
Жок болуп сарай алыптыр,
Созулган бир сулуу кыз
Орунунда калыптыр.
Жондо жүргөн көп аскер:
«Кызык болду ушу» – деп,
Кызга жетип барыптыр.
Кыз үшкүрүп дем салып,
Карайлады баарысы,
Караңгы түшүп калыптыр.
Сексен миң аскер акырып,
Бири-бирин биле албай:
«Кайдасың?» – деп, бакырып,
Капчыгайдан чакырып,
Айгайды алар салыптыр,
Эл ошентип жатканда
Бадаң аяр кашына
Таскыл аяр барыптыр.
Кыз болуп турган Бадаңга
Күрсүнү күчтүү салыптыр,
Күрсү тийип Бадаң кыз
Күл-күл болуп калыптыр.
«Каапыр аяр нетти – деп,
Кайсы жакка кетти? – деп,
Таскыл карап туруптур,
Башы үйдөй дөө болуп,
Бадаңды кудай уруптур.
Жаткан төөдөй таш алып,
Таскылды Бадаң уруптур.
Таш күркүрөп жеткени,
Кара куйрук куш болуп,
Таскыл учуп кеткени.
Ташы жерге тийгени,
Арстандын сүрөтүн
Алиги Таскыл кийгени,
Акырган бойдон Бадаңга
Таскыл барып тийгени.
Бадаң турган дөө болуп,
Эки жүзүн өлтүртүп,
Бети кара көө болуп.
Өнөрүн Таскыл салганы,
Кара чаар шер болуп,
Качырып жетип барганы.
Аны көрүп Бадаң дөө
Ажыдаар болуп арбады,
Ал ажыдаар болгондо
Таскыл барып Бадаңды
Арстан болуп кармады,
Жан-жагында мусулман
Жабылып жетип барганы,
Ышкырганда ажыдаар
Жан-жагынын баарысын
Жалын кылып салганы.
Жакын келген мусулман
Жаа Алдалап чуркурап,
Кайра качып калганы,
Алтымыш төрт мусулман
Ат-тону менен жанганы.
Таскыл аяр күчөптүр
Сээр окуп, дем салып,
Бадаң аяр жүдөптүр,
Жүдөбөсө неткени-
Эки көзү тең агып,
Кара суу болуп кеткени.
Ажыдаар болуп туруптур:
«Ажыдаар болсоң мына! – деп,

Таскыл кылыч уруптур.
Кылыч тийди белине,
Эки бөлөк бөлүнүп,
Кылым журт кыргын тапкандай
Кызыл кан аккан селине.
Азыр Таскыл байлады,
Ажыдаар болом – деп,
Бадаңдын шору кайнады,
Сексен миң жүргөн көп аскер
Селдей каптап барганы,
Бадаңды мыктап байлады,
Сүйлөөдөн тили калганы.
Айтуу сөзгө келтирбей,
Алкымга тилин байлады.
Сүйрөтүп аны алганы,
Азыраак жерге барганда
Казан арткан кара өгүз
Каршы учурап калганы,
Алалы – деп – өгүздү
Ат коюшуп барганы,
Аламандап беш-алтоо
Чүлүгүнөн кармады.
Өгүз туйлап өкүрдү,
Кармагандар өкүндү,
Кадыр Алла өкүмү.
Өкүнү эмей неткени,
Короо ордундай бир жери
Жанып-күйүп кеткени.
Өгүз, казан жок болду,
Өгүз турган жерине
Бир кызыл түлкү токтолду.
Качты түлкү токтобой,
Карматуучу окшобой,
Аскер кууду, жабылды,
Арасынан аскердин
Алтын каргы кер тайган
Азыр болуп табылды.
Адырга кууп жеткени,
Жетип тиштээр кесинде,
Жергуйга кирип кеткени,
Кайып кан баштап карысы,
Калың аскер баарысы
Артынан жетип барышты.
Ийинге түлкү кириптир,
Көпчүлүк ыштап ийиптир,
Ак тикендин түтүнү
Үңкүргө кирди бүтүнү,
Какап-чакап бу түлкү,
Кайра чыкты куу түлкү.
Тайган болгон Таскылы,
Чыга түшкөн түлкүнү
Чыркыратып басканы.
«Бейкут жатат маңдайда
Дуу-ду Култка каныбыз,
Ак-Мазардын башында
Алтымыш төөгө жүктөгөн
Алтын, күмүш зарыбыз,
Ар жагы Соң-Көл жайлоодо
Алты миң жылкы малыбыз,
Анын баарын алыңыз.
Кыйнабагын жанымды,
Кетирбегин санымды,
Кайып кан менен Таскылдан
Тиленем кашык канымды?!»
Аны айтып Бадаң салганы.
«Чыгараарсың чыныңды,
Айтаарсың, түлкүм, сырыңды»
Кайып кан сүйлөп калганы.
«Айтпаса жерге кирсин!» – деп,
Эр Таскыл өчүн алганы,
Терисин союп тирүүлөй
Тумшугуна барганы.
«Жерден чыккан суусу бар,
Суудан чыккан буусу бар,
Кыдырата жары бар,
Кырк атанга жүктөгөн

Ошо суунун астында
Кызыл алтын зары бар,
Адаландын ошондо
Дүйнөсүнүн баары бар».
Шол сөздү айтып салганы,
Кайып кандын иниси
Кошо турган Кошумбек
Сүйлөп турган түлкүнүн
Мурдун кесип алганы.
Кыйкырганда бу түлкү
Кырк күндүк жерге угулду,
Кыжылдап турган калың кол
Баары атынан жыгылды.
Дүйнө жүзү дүңгүрөп,
Жер чайпалып күңгүрөп,
Чакыр-чукур чаң болду,
Адамдын баары таң болду.
Күн батыш менен күн чыгыш
Түшкөндей болуп жашылы
Көк жаңырып басылды.
Каткырып Таскыл күлүптүр,
Кыйын аяр өлдү – деп,
Кылымдын баары билиптир.
Кароолго барган Бадаңды...
Даңгытты Таскыл алганы.
«Карайлатты, кызыталак,
Катышпай туруп жоого – деп,
Камалдык капчал тоого» – деп,
Калк сүйлөшүп салыптыр.
Ал калмакты жоготуп,
Акыры кыргыз алыптыр.
Каапырга мүлүк салыптыр,
Бадаң тоскон капчыгай,
Акыр заман журтуна
Аты Кароо калыптыр.
Токсон миң чыгып аскери
Тоону түптөп алыптыр.
Жүз он миңи жүрүптүр,
Сыртта жаткан малчысын
Суңшоону көздөй сүрүптүр.
Ача-Таштын белинен,
Аябай алып олжону
Анжым калмак элинен,
Кытайларын кыйратып,
Кыз-катынын ыйлатып,
Каапыр качып шашыптыр,
Калың аскер мусулман
Бет-бетинен ашыптыр.
Качкындан кабар алыптыр,
Дуу-ду Култка камданып,
Даярданып калыптыр.
Оболу Култка барыптыр,
Орго шаага болушуп,
Кер-Көлдө уруш салыптыр,
Кылыч тийип мойнуна,
Кан төгүлүп койнуна,
Өлөрчө болуп калыптыр,
Самын аяр дегени
Сайдан таап келгени,
Каны чыгып шоркурап,
Алты күнү суу татпай,
Өлөрчө болуп коркурап,
Ала качып аяры
Алып келген жерине,
Араң жеткен элине,
Али да кулак салыңар
Аңгемелүү кебине.
Үйүнө тогуз конгондо,
Онунчу күн болгондо:
«Манастын колу келди – деп,
Кыргын салды элди – деп,
Кыргыздан кошун келди – деп,
Арсы жаң-жуң өлдү – деп,
Чекилдекте аскерди
Кыргыз-бөрү, калмак-кой,
Туш-тушуна бөлдү!» – деп,

Байкагандар таң болуп,
Башы-көзү кан болуп,
Колу сынып колтуктап,
Аягы аксап сылтыктап,
Култка дуу-ду үстүнө,
Карагыс адам түсүнө,
Качкындар барды чуркурап,
Мунар десе булардың
Оозунан түтүн буркурап.
Ала-Баштын сазынан,
Кайып кандын кашынан,
Элүү миң аскер алыптыр,
Туура-Суунун оюна,
Кер-Көл-Ата боюна
Келип кыргын салыптыр.
Коңулчусун койбогон,
Коктуларын бойлогон,
Булуң менен бурчунан,
Туңшаң калмак журтунан,
Даңсар кытай элинен,
Кочкордун Семиз-Белинен
Урушканын кырыптыр,
Өкүмүнө көнгөнүн
Өзүнө жолдош кылыптыр.
Ой-тоого кыргын салыптыр,
Отуз миңин ээрчитип,
Мусулман кылып алыптыр,
Сексен миң аскер кол менен
Арсыга уруш салыптыр.
Чекилдектин тушунда,
Арсынын шаары ушунда
Туура-Суунун оюнда,
Кара-Кочкор боюнда
Калдайып жаткан тамы бар,
Карарып жаткан шаары бар,
Каалагандын баары бар.
Сексен миң аскер Мунар кан
Ушуларды көргөндө
Сезбей турган кандай жан!
«Эл четине чыгам – деп,
Эрегишкен душманды
Эгер койбой жыгам!» – деп,
Отуз миңаскер алыптыр,
Отогосун сайынып,
Арсы жаңжуңбарыптыр,
Кара-Дөбө сыртында
Калдайып жатып калыптыр,
Кара-Күңгөй сеңирден
Карсолдоп көрүп алыптыр.
«Каапырдын колу жатыр – деп,
Кандай кылсак баатыр?» – деп,
Мунарга айтып салыптыр.
«Бура тартпай качыр!» – деп,
Дагалактын Мунар кан
Буйрук айтып калыптыр.
Кара-Күнгөй сайынан,
Токтоп турган жайынан
Ат которуп минишип,
Чопкут менен соотту
Тон сыртынан кийишип,
Чабуул чапчу аттарын
Көкүлдү көккө түйүшүп,
Куйругун жерге сүйүшүп,
Жаракты камдап алышты,
Сайдан чыгып кырк миңи
Чабуул коюп калышты.
Чаң созулду буркурап:
«Жаа Алдалап!»-чуркурап,
Ат туягы тийген таш
Асманга учту дыркырап,
Камына албай калмактар,
Кылчая албай кытайлар,
Качып берди быркырап.
Мылтык атып тарсылдап,
Добул кагып карсылдап.
Жебенин огу шартылдап,

Маңдай тоону бет алып,
Баары качты талпылдап.
«Мөндү!» – деп, калмак жөнөлдү,
Кыйкырып алып, кырк миң кол
Артынан түшүп өмөлдү.
Суу боюна сулайтып,
Сур чепкен менен булайтып,
Качып калган каапырлар
Кара-Сууга камалды,
Камалгандын кыйласы
Кара жерге жамалды,
Жамалбаса неткени
Чабуул койгон мусулман
Жаа Алдалап жеткени,
Жаалына тура албай,
Чуркап-чуркап каапырлар
Чулукка түшүп кеткени.
Андистердин баарысы
Сундуруп найза салыптыр,
Камбылдардын баарысы
Сулап жаткан каапырдын
Тонун тоноп алыптыр.
Мергендер мылтык атыптыр,
Беттеше албай качыптыр,
Бери урган кытай шашыптыр.
Жабуулаган каапырга
Жакын кууп жетишип,
Далыга найза нетишип:
«Соогат, баатыр, соогат!» – деп,
Аркасында жолдошу
Атын алып кетишип,
Отуз миң келген Арсыны
Айттырды анык дарсыны.
Бет алды кара тоо экен,
Бек капчыгай коо экен,
Бет алып Арсы кеткени,
Салгүрөң деген ат менен
Салагар кууп жеткени.
Далыдан найза салганы,
Дөөгүрсүгөн маңгулдун
Төшүнөн чыга калганы,
Арсынын аты Аңырбаш
Салагар алып алганы,
Арсынын өлгөн жылгасы
Арсы атакка калганы,
Алардан да калыптыр
Бу дүнүйө жалганы.
Бузуп-жарып Кочкорду
Муяар баатыр алганы.
Аскерди жүз миң алганы,
Ал аскердин баарысы
Баатыр менен балбаны,
Улуу суунун боюнда,
Бел-Жайлоонун оюнда
Кайнаган кара кол болуп
Каапырдын колу калганы,
Арсы жаң-жуң баш болуп
Аз киши менен барганы.
Баатыр менен балбаны
Байдасы жок калганы,
Аз киши барып Арсы кан
Арманда өлүп алганы.
Элдин барып четине,
Жоонун барып бетине,
Жеткирбей кудай нээтине
Арсы жаң-жуң өлүптүр,
Аралдагы каапырды
Мусулман колу бөлүптүр.
Сексен миң аскер кол жүрүп,
Селдей каптап мол жүрүп,
Кыргынды Мунар салыптыр,
Кыжылдаган кытайлар
Кыр-кырга качып калыптыр.
Калбаны булар салыптыр,
Кажылдаган каапырлар
Катма-катар тоосуна,

Кароолчу коюп оозуна,
Кабакка кирип калыптыр,
Өзөккө өрттү салыптыр,
Талаасынын баарысын
Өң мусулман алыптыр,
Өңчөңдөшүп ыйлашып,
Тос-тос болуп каапырлар
Тоого качып калыптыр.
Аскери барып Мунардын,
Азабын берип булардын,
Ташынын баарын кулатып,
Тамынын баарын нуратып,
Табылганын сулатып,
Таталатып чуулатып,
Сандыктарын кыйратып,
Сай кашкасын ыйлатып,
Босогосун кыйратып,
Боз уланын ыйлатып.
Торудан тандап жылкы алып,
Торгун, тубар мүлк алып,
Буурулдан тандап жылкы алып,
Буулумдан тандап мүлк алып,
Чабадан жарып, жамбы алып,
Чабуулга түшкөн калмактар:
«Жан кыйба!» – деп, жалбарып,
Кош куржундап дилде алып,
Койдон санап миңди алып,
Айдап жүргөн дагы бар,
Кош атына куржунун:
«Кокуй, мында мүлк бар!» – деп,
Байлап жүргөн дагы бар,
Желкилдетип төө алып,
Жетелеп жүргөн дагы бар,
Элин таппай адашып
Энтелеп жүргөн дагы бар.
Кур семирген аттарды
Минип жүргөн дагы бар,
«Асыл буюм жок экен,
Куржуну менен курсун!» – деп,
Тилип жүргөн дагы бар.
Кочкордун ичи кок болду,
Кол талаага токтолду,
Ушуларга кол салып,
Урушаар каапыр жок болду.
Аны таштап салыңар,
Арстан Манас каныңар,
Алла эмине сөзү бар,
Кабарын угуп алыңар.
Казактан чыккан каныңар,
Кан Айдаркан дагы бар,
Үмөт, Жайсаң, эр Көкчө
Алма-Коюр журтуна
Казатка кеткен чагы бар.
Илебин журтун алыптыр,
Кашкелге каран салыптыр,
Обон-Таштын оюна,
Улуу-Чуунун боюна
Кан Айдаркан барыптыр,
Калдайып түшүп калыптыр.
Кеминге кейиш салган эр,
Кездешкенин алган эр,
Кыпчактардын кыйыны
Таздын уулу Үрбү дээр.
Улуу Чүйдүн боюна
Талды-Суунун оюна,
Төрт жүз миң аскер – санап таш,
Төрө Айдаркан баатырга
Үрбү түштү канатташ.
Капчыгайдын жол менен,
Жүз элүү миң кол менен,
Аярын байлап алыптыр,
Абакеңиз эр Бакай,
Аскери бар бир далай,
Ушулар менен танапташ,
Үрбү менен канатташ
Бакайдын колу барыптыр,

Майдан түзөп, сап тартып,
Барып түшүп калыптыр.
Он-Бир-Жылга оюнда,
Булгур-Суунун боюнда,
Шамың шаанын калаасын
Сандыргалуу Манасың,
Тартып Манас алыптыр,
Туу көтөрүп, сап байлап,
Жайнап түшүп калыптыр.
Обон-Таштын оюнда,
Согондунун боюнда,
Кандык өкүм колунда
Абактардан Айдаркан,
Аксакалы Үйшүн бар,
Ысабайдын Жайсаңы,
Аргын Каракожосу,
Алчындардын Бообеги,
Албандардын Шаабеги,
Канатташ барып кол конгон.
Кара жаак эр Үрбү,
Кыпчактардын Калдаң бий,
Кыргыздардын Бакайы,
Кыргыл баатыр, Байжигит
Кыйындардын баарысы,
Кыргыздын Ошпур карысы,
Жыйылып алып баарысы,
Арстан Манас баатырга
Акылдашып барышты.
Салам берип салышып,
Сандыргалуу көй төрө
Амандашып алышып.
Эсендик-соолук сурашып,
Көрүшкөндө бир-бирин
Көпчүлүк барып чуулашып.
Абасы Бакай кеп сурап,
Арстан Манас баатырдан
«Алыңкандай?» – деп сурап,
Акунбешим бааша – деп,
Атыш-уруш, жаңжалды
Кылдыңызбы ошо – деп,
Бу кызыталак каапырдын
Бу шаардагы жатканын
Кандай кылып жапырдың?
Урушуп шаарын алдыңбы,
Же качып кеткен каапырдын
Калаасын басып калдыңбы?
Куп жарашкан жайда экен,
Кужулдаган каапырдын
Шаасынын шаары кайда экен?
Түрмөгүнө көз жетпей,
Дүнүйө жүзү толуптур,
Түмөндөгөн каапырдын
Түтүнү түмөн болуптур,
Көз учунда мунарык,
Көз жетпеген тунарык,
Кут жагына карасаң
Куюлуп кеткен көк адыр,
Кубаң талаа жер жатыр.
Маңдай жакты карасам
Тоо түгөнгөн уч окшойт,
Чоң Бээжинден кийинки
Толкуп жаткан каапырдын
Толук жери ушу окшойт.
Суу түгөнгөн чөлгө окшойт,
Арбак урган Акбешим
Айдың чалкар көлгө окшойт.
Карарган багы көрүнөт,
Калдайган тамы көрүнөт,
Түнөргөн багы көрүнөт,
Дүңкүйгөн шаары көрүнөт.
Калаага жери толуптур,
Карап турсам бу каапыр
Кара курттай болуптур,
Үйгө жери толуптур,
Ушу күндө бу каапыр
Үлкөн бааша болуптур.

Уруштубу келгенден,
Урушпай кандай жаттың сен?
Бооң деген аярын
Боздотуп байлап келдим мен.
Үрбүм ишке жараптыр,
Үшү кетип каапырлар
Уруша албай караптыр.
Каратып алып баарыны,
Шаа Кеминдин шаарыны,
Ойсалкын кызын алыптыр,
Оспасасын чыгарып,
Ак жолуна салыптыр.
Шаа Кемин шаары караптыр,
Кичи шаар Найнама
Кишилери көп өлүп,
Немеси калбай тараптыр,
Көкчө менен Айдаркан
Көп керекке жараптыр.
Алма-Коюр, Чарыны,
Абыдан алып баарыны,
Жар-Базар, Челек шаарыны,
Жалпы алыптыр баарыны.
Мусулман боло элегинде
Чырды кыйла салыптыр,
Чың шаанын кызы Буудайбек
Көкчө баатыр алыптыр,
Көңүлү тынып ал элдин
Көкчө менен Үмөттүн
Көтүнөн ээрчип калыптыр,
Карап моюн суна албай,
Каяша кылып тура албай,
Кантип турсун уялбай,
Кашкелдин эли качыптыр,
Калгандарын казактар
Канын суудай чачыптыр.
Айдаркан келип артынан,
Абакең чыгып астынан,
Үрбү чыгып үстүнөн
Бейшекел, Коңгур элинен
Кыйла адамы кырылды
Кара-Булак белинен.
Кыргыз, кыпчак, казагың
Кыжылдаган кытайдын
Абыдан берип азабын,
Качкандарын жектешип:
«Карабай бизге эптешип,
Качасыңбизден тек» –дешип,
Кырк миңче кырып салыптыр,
Кызыл аяк жаш балдар:
«Каш тек, Каш тек, Каш тек» – деп,
Кыйкырып айтып калыптыр.
Дагдыр Алла буйругу,
Тобалаган өңдөнүп,
Жаман айтып салыптыр,
Кырып салып кытайды,
Кырга чыгып баарысы
Кыйкырып туруп алыптыр.
Айгай салган балдарды
Ачууланып тыйганым,
Алдага шүгүр кылганым,
Аңдасаң бүгүнкү болгон күн окшойт
Алды-артыңды жыйганың.
Кайып кан менен Мунардан
Угулбай кабар булардан,
Суңшоого кеткен Кайып кан,
Жолдош болгон канча жан,
Эки-Баш жери бар деген,
Урунганы зар деген,
Аяк жагы жеринин
Адам жүрбөс тар деген,
Аскар тоосу бар деген.
Ашкан адам келе албай
Кең Анжиян шаар деген,
Аягында Суңшоонун
Кечүү-Чукур бар деген,

Андан ылдый карата
Капчыгай капчал тар деген,
Капкайдагы кийиктин
Сонуну шондо бар деген.
Оң тарабы Суусамыр,
Ойлоп муну турсаңар,
Аягы Кетмен-Төбө бар.
А да кыргыз баласы
Акпай аттуу төрө бар.
Карап турат каапырга
Кан Алооке баатырга.
Наамандыктын кени бар,
Аким болуп турганы
Анжым кытай эли бар,
Ага-иниңе эп болсо,
Кайып кан менен Мунарга,
Кабар салып буларга,
Кол жиберсек эби бар».
Баштан-аяк бу сөздү
Бакай кан айтып салганы:
«Акыл ушу сөзүң» – деп,
Айдаркан айтып калганы.
Жолу кыйын, жери тоо,
Дини батыл, эли жоо,
Аягы Нааман калаасы,
Анын баарын бийлеген
Ар жагында Алооке
Анжым кытай баласы.
Акылмандын баарысы,
Айдаркан, Ошпур карысы.
Кыпчактан кары Тазы бар,
Кыргыз, казак башы бар.
Кыраан Манас жашы бар,
Аяк-башы жыйылып,
Акылдашты жакшылар:
«Жүз миң аскер барсын – деп,
Жүргөн жагын алсын – деп,
Жүндөй болгон каапырлар
Жүдөп акыр калсын – деп,
Башчы болсун Үрбүм – деп,
Баары жаштан жүрсүн – деп,
Жашы болсун жыйырма беш»,
Жакшы болду бул кеңеш.
Кара келтек ыктуудан
Камбыл чабар мыктуудан,
Мылтыкка андис мергенден,
Мыктымын деп келгенден,
Сундуруп найза салгандан,
Журтка маалым сардалдан,
Билеги жоон балбандан,
Миңди бирөө алгандан,
Билими артык сардалдан
Жүз миң аскер чыгарды,
Жүрмөк үчүн ыйгарды.
Кыпчактын туун аштады,
Кыраан Үрбү баштады,
Алты жүз миң аскерди
Акунбешим баашага
Атышмакка таштады.
Абан-Таштын оюнда,
Улуу Чүйдүн боюнда,
Каман-Булак оозунда
Казак, кыргыз асылды...
Аны коюп салыңыз,
Азыркы жүргөн Үрбүнүн
Кабарын угуп алыңыз.
Отуз менен жыйырманын
Ортосунда баарысы,
Өздөрүндө деги жок
Өбөктөгөн карысы,
Жолдошунун баары шай,
Жүдөй турган жашы жок,
Жоодон качар башы жок,
Көтөргөн алтын туу менен
Көк жаңырган чуу менен,
Булугур деген суу менен,

Булар жолго салыптыр.
Ашуусу бийик бек экен,
Аз капчыгай жер экен,
Карагай, токой, чер экен,
Карлуу кыя бел экен,
Каңгай-маңгул эл экен,
Манжурия чеби бар,
Суң кытайдан дагы бар,
Тыргооттун баары бар,
Беш бөлүнгөн шаары бар,
Арсы жаң-жуң каны бар,
Аягына Мунар барыптыр,
Семиз-Белдин жол менен,
Сексен миң аскер кол менен,
Кыргынды кыйла салыптыр,
Жаң-жуң өлүп калыптыр,
Өлтүрүп Арсы жаң-жуңду,
Өзөндүн баарын алыптыр,
Улуу суунун боюнда,
Бел-Жайлоонун оюнда,
Суусамыр келчү жолунда,
Жүз миң аскер колунда
Тарлан жайсаң калыптыр,
Дагалактын Мунар кан,
Кашында бар канча жан,
Орток тоонун оюнда,
Булакыр суунун боюнда,
Тарлан уруш салыптыр.
Туу түбүндө турушуп,
Тоо таянып урушуп,
Колтуктун баары чоюлуп,
Колдун баары жоюлуп,
Канаттын баары кайрылып,
Чапандын баары айрылып,
Этектин баары түгөнүп,
Ээрдин кашы үбөлүп,
Эмчектин баары эзилип,
Эриндин баары кесилип,
Мунардын колу сексен миң,
Булардай жандан безген ким!
Отуз миңи шондо да
Семиз-Бел тескей калмагы,
Кыйын болду Мунардын
Кытайга уруш салмагы.
Жолдоштору жобонуп,
Жоголдук – деп, ойлонуп,
Алы келбей алсырап,
Адамынын кыйласы
Найза тийип кансырап:
«Кайып кандан кабар жок,
Кантип жатат алың – деп,
Кайтып келген чабар жок,
Манас кеткен пайда жок,
Алтайлыктан айла жок,
Айдаркан, Көкчө деги жок,
Аз киши менен Арсыга
Урушуштун эби жок.
Улуу черүү уйгурлук,
Уйгурлуктан бөлүнүп,
Уруш кылып курудук.
Арбын черүү алтайлык,
Алтайлыктан бөлүнүп,
Атышам – деп тамтайдык.
Ар тарабы жол экен,
Ара талаа боюнда
Калдайган кара кол экен.
Аңдабай туруп Арсыга
Бекер уруш салыппыз,
Көрбөгөн жерге бет алып,
Көйкапка кирип калыппыз.
Жалгызыбыз кутулбай,
Жаман кыргын болдук ээ,
Экөө, бирөө кутулбай,
Эпсиз кыргын болдук ээ!»
Мунар баштап буркурап,
Мусулмандар чуркурап,

Өлөбүз – деп, өкүнүп,
Өмдөп каапыр келгенде
Өбөктөшүп өкүрүп,
Кылычы түшүп колунан,
Мыктылардын баарынын
Мылтыгы түшүп жонунан,
Найзасы түшүп карыдан,
Акылы кетип баарынан,
Сарысы чыгып жүзүндө,
Талаа-Булак түзүндө,
Жамандардын баарысы
Өңүнөн чыгып сарысы,
Үшкүрүгү көп болуп,
Өңү сары чөп болуп,
Астыңкы ээрди албайып,
Үстүңкү ээрди далбайып,
Уруша албай шалдайып,
«Курудук эми биз!» –дешип,
Кутулар жагын издешип,
Кужулдашып калыптыр,
Курчап каапыр алыптыр.
Ал аңгыча болбоду,
Куюндай учуп тозоңу
Жүз миң аскер кол менен,
Тармал-Саздын жол менен,
Тууну тууга урдуруп:
«Азирет!» – деп, айкырган
Чуусу кулак тундуруп,
Эр Үрбү келип калганы,
Эрдемсиген каапырга
Эми мүлүк салганы.
Найзаларын сундуруп,
Айгай кулак тундуруп,
Мылтык атып тарсылдап,
Саадак тартып шартылдап,
Кылычтар колдо жаркылдап:
«Кырып ир!» – деп, кытайды,
Кыйкырып Үрбү баркылдап,
Каптап кирип калганы,
Каапырлар чыдап тура албай,
Ат соорусун салганы.
«Жабуу-жабуу-жабуу!» – деп,
Жабуулаган көп каапыр
Жайнап качып баратыр,
Сандыргалуу көй баатыр
Заман акыр каапырга
Салып кетип баратыр,
Сайган атын шатектеп,
Алып кетип баратыр,
Сары кыйгак найзаны
Өтүн жарып өпкөгө
Малып кетип баратыр,
Өлүктөрү дардайып,
Калып кетип баратыр.
Сарала тубар-торгун тон
Салпылдатып өңүрүн,
Тоноп алып атына
Салып кетип баратыр.
Тополоңун тосултуп,
Чаңды асманга созултуп,
Алып кетип баратыр.
Кыргынды кыргыз салганы,
Кызыл дилде, ак жамбы,
Кыйла мүлкүн алганы.
Өлбөс жерин карашып,
Өзөнгө качып тарашып,
Тозбос жагын карашып,
Тоого качты тарашып.
Каңгырады калаасы,
Көрсө кызыл кан болду
Көчөсүнүн арасы,
Өлбөй калган каапырлар
Өңү жаман бузулган,
Өңүрлөрү кызыл кан,
Жаман жатыр жарасы.
Кыпчак Үрбү, Мунар кан,

Кыргынды кыйла салыптыр,
Арсынын бар чагында
Арбын кол жыйнап алыптыр,
Арсы өлгөн соң аскери
Таргыл жайсан, даң Кабыл
Ал экөөндө калыптыр.
«Карарган калмак жатыр – деп,
Кармашабыз акыр» – деп,
Бер жактан Мунар барыптыр,
Беттешип уруш салыптыр,
Урушам – деп, Мунарың
Үшү кетип турганда
Үстүнө Үрбү барыптыр,
Урушуп жаткан каапырды
Үстүн-астын салыптыр.
Качкандары кутулуп,
Тургандары тутулуп,
Чечен Үрбү, Мунар кан,
Кашында бар канча жан,
Каапырга каар салыптыр,
Карарган колу көп жатып,
Как ошо жердин атагы
Каракол атка калыптыр.
Алсыраган Мунарды,
Айрып алып буларды
Кыпчактын кыраан Үрбүсү,
Кылымга калган үлгүсү
Калгандарын каратып,
Качканын кууп таратып,
Казатка минчү көй күлүк
Аттын баарын жаратып,
Күрөөкө, соотун чыңдатып,
Күлүктү минип тыңдатып,
Найзанын баарын саптатып,
Албарстын баарын таптатып,
Жүз элүү миң аскерин
Кызартты көздөй каптатып,
Отуз миң ойдо калыптыр,
Орчун шаар Кочкорго
Ойронду алар салыптыр.
Отуз миң аскер чың болуп:
«Алла кандай заман» – деп,
Өз жанына тың болуп,
Кароолду катуу коюшуп,
Камбылдардын баарысы
Катканын койбой калмактын
Карк алтынга тоюшуп,
Чыңдоолун коюп чыңдашып,
«Манас кантээр экен? – деп,
Байкоосуз калсак бекер» – деп,
Кулак салып тыңдашып.
«Кайып кан кантээр экен? – деп,
Кабарсыз калсак бекер» – деп,
Кабар тыңдап туш-туштан
Кара боюн бекемдеп,
Үрбү менен Мунарды,
Не болор? – деп, буларды
Эстерине алышып,
Эки жакка кароолдоп,
Элеңдеп көзүн салышып.
Орток тоонун учунда
Орчун шаар ушунда,
Ойрон болгон олор да
Оён Манас тушунда.
Ара-Көлдүн тушунда,
Арбын шаар ушунда,
Анын баарын жок кылган
Арстан Манас тушунда.
Чарчагандан баса албай
Чабуулга минген көлүгү,
Кара-Тоо менен Кардуу-Тоо
Арасында аз түскө...
Каапырдан калган өлүгү.
Суусамыр жактан келген суу
Убанды деген мына бу.
Убандынын боюнда,

Улуктун кирген оюнда
Калаасынын башы бар,
Аяк жагы Узун-Суу,
Сеңир кара ташы бар,
Шаңшу кытай баласы
Ак-Учуктун учунда,
Абыдан толгон ушунда.
Шаңшуулуктун калаасы,
Үрбү чаап ушул эл
Зар ыйлады баласы,
Көрдүңөрбү көзүңөр
Талкаланды калаасы,
Өлүккө толду талаасы.
Шаңшу кытай баласы
Тос-тос болуп калыптыр,
Токтой албай качканы
Тоого чыгып алыптыр,
Токтолуп көзүн салыптыр.
Мусулман жөнөп кетиптир.
«Мусулман жөнөп кетти» – деп,
Булардын көзү жетиптир,
Түрк уулунун кыйласы
Кыргын салып кетиптир.
Отуз миң аскер эл барып,
Обур-добур сүйлөшүп,
Ондон, бештен сүйрөшүп,
Өлүгүн жыя баштады.
Өзөн суунун боюна,
Улуу тоонун оюна
Өлүгүн үйүп салыптыр,
Өйүз менен бүйүзү
Сөөккө толуп калыптыр.
Кыраан Манас барында
Кыргыздын кылган чатагы,
«Каракол», «Сөөк» болуптур
Как ошо жердин атагы.
Быжы деген жери бар,
Мында да калмак эли бар.
Көкшүн калмак уругу,
Быжыбай деген бай экен,
Көптөн берки турагы,
Көп малынан айрылып,
Көрдөй болду бу дагы,
Оорукта калган отуз миң
Ойрондоду буларды.
Эки жүз үйлүү калмагы,
А да Көкшүн балдары,
Оорукта калган отуз миң
Карап таап алганы,
Тундура чаап салганы.
«Кап экен ушу коосу – деп,
Жымырайган жыластын
Түк билинбейт оозу!» – деп,
Калгандар түйшүк салыптыр,
Кайсап баарын алыптыр,
Как ушуга жеткенче
Кап атакка калыптыр.
«Качалык, ай, жүр!» – дешип,
Каапыр качып дүрбөшүп,
Карлуу кыя ашыптыр,
Мусулмандан шашыптыр,
Бузуп карын ашыптыр.
Казак, кыргыз балдары
Каапырга кыргын салганы,
Качып ашкан бел үчүн
Как ушуга жеткенче
Качалай атка калганы.
Олордой болуп жүргөн ким,
Оорукта калган отуз миң
Суу аккан жылга өрдөдү,
Шашкелик барып шашышып,
Түк эчтеке көрбөдү.
Жоон-Арык суу экен,
Жолу каткыр бул экен.
«Эл табылбай койду – деп,
Кайта барып чалалык

Өзүбүз келген ойду» – деп,
Отуз миң киши ат коюп,
Ат койсо да бат коюп,
Ойго жакын барыптыр.
Оң жагында улуу тоо,
Өстөрү тар, өзөн коо,
Беш жүз үйлүү калмагы
Бекинип жатып калганы.
Таап алып кыргыздар,
Таш-талканын чыгарып,
Таза чаап алганы.
Үлкөн экен тоосу – деп,
Үкөк экен коосу – деп,
Үйү-малын алыптыр,
Ушу күнгө жеткенче
Үкөк атка калыптыр.
Картаңбай аттуу бир баатыр:
«Кара адырды чалам – деп,
Качканы болсо алам» – деп,
Алты миң аскер алыптыр,
Жетиген жагын чалыптыр,
Андагы аты Келе-Суу,
Аны көздөй барыптыр.
Бара жаткан жолунда
Жалгач деген бай экен,
Жеке өзүнүн башында
Жети миң кой бар экен.
Алтын, күмүш зарыны,
Анын да алды баарыны,
Отуз төрт экен баарысы,
Төө менен нарыны,
Төкпөй-чачпай баарыны,
Төрт түлүктүү малыны,
Кейитти кемпир-чалыны.
Картаңбай малын бөлгөнү,
Казакты калмак көргөнү,
Малына күйүп Жалгач бай,
Өзүн өзү бычактап,
Жайыл калмак Жалгач бай
Жанын кыйып өлгөнү.
Азыркы атын Түндүк – дейт,
Андагы аты Келе-Суу,
Аны кечип өтүптүр,
Аңгемеси мына бу:
Кайып баспас какырга,
Чөп чыкпаган такырга,
Кара адырдын башы экен,
Какыраган таш экен,
Бөрү жүрбөс бөксөгө,
Аркар жүрбөс адырга
Алты миң аскер барыптыр,
Алты жүздөй калмактын
Үстүнөн чыгып калыптыр,
Картаңбай баатыр баш болуп,
Үстүн-астын салыптыр.
Келе-Сууну жердеген
Арсы жаң-жуң эр деген,
Намысын колдон бербеген,
Каапырдын журту кар экен,
Карк алтындан куйдурган
Бир сүрөтү бар экен,
Бу сүрөткө койгону
Кырк миң койлук мал экен.
Арсы жаң-жуң өлгөн соң,
Анык көзү көргөн соң,
Кызына кызыл кийгизип,
Кырылганын билгизип,
Катынга кара салыптыр,
Качып алып баарысы
Кара адырга барыптыр.
Ала качып бутуну:
«Кудай!» –деген былжырап
Куюп алган кутуну.
«Куткарар бизди теңир!» – деп
Кубат кылып ушуну,
Маңгул, кытай, калмагы,

Төбөңдөн тийген каапырлар
Төрт жүз экен барганы,
Алты миң аскер кол барып,
Аяк-башын алганы,
Айгайлатып каапырды
Акыр заман салганы.
Кыпча белдүү, кыйгач каш,
Кыргоол моюн, түймө баш
Кыздан кыркты кармады,
Кырмызы килем жаптырган
Токсон төө алганы,
Тос-тос кылып каапырды
Тополоңду салганы,
Тоо арасы капчалдан
Толгон дүйнө алганы.
Бутун буркан – дейт экен,
Бүгүнгүчө ошо жер
Буркан атка калганы,
Кудай билет бу сөздүн
Чыны менен жалганын.
Оорукта калган отуз миң,
Ойротто андай болду ким,
Очогор мылтык түздөшүп:
«Ойрон салдык биз!» –дешип,
Жата турсун жай алып,
Ой-тоодон олжо издешип.
Аны таштап салыңар,
Мурунку Мунар каныңар
Алла эмине сөзү бар,
Аңгеме угуп алыңар,
Арстан Үрбү баш болуп,
Азаматтын баары бар.
Жүз элүү миң кол менен,
Кыйкырган Кызарт жол менен,
Кара бороон жел менен,
Карлуу кайкаң бел менен,
Каптаган аскер сел менен,
Асты ашып алганда,
Аркасы белде калганда,
Ал кездеги эрендер
Не көрбөдү жалганда,
Оң жагынан суу келди,
Кулагына алардын
Ойбойлогон чуу келди.
Үнү угулат, адам жок,
Эки жагын караса
Элес-булас караан жок.
«Не шумдук!?» – деп бастырса,
Сары жыгач ит мурун
Этегине салыптыр,
Отуз-кырктай немесин
Орой кармап алыптыр,
Отун терген бир кемпир
Жолдон чыгып калыптыр.
Эр Үрбү келди кеп сурап:
«Элким жүргөн сен кемпир
Элиң кайда?» – деп сурап.
Анда кемпир кеп айтат,
Ачууланып бек айтат:
«Акыл айтам азганга,
Айылым бардыр асманда,
Элим бардыр көктө – деп,
Эсиң болсо сен жигит,
Ушу жолдон өтпө!» – деп,
Көзү жаман ириңдеп,
Көрөөр болсоң кемпирди
Көкүрөгү кирилдеп,
Азыр өлүп кетчүдөй
Абыдан үшүп дирилдеп,
Чоң чүкөдөй чылпагы
Көзүндө турат ириңдеп.
Анда Үрбү кеп айтат:
«Ант урган кемпир – деп, айтат,
Асманда адам болобу,
Айт чыныңды?» – деп, айтат.
Анда кемпир сүйлөдү:

«Айылым турат, ана!» – деп,
Карады Үрбү: «Кана?» – деп,
Караса кара кол экен,
Катыраң аяр ол экен.
Эр Үрбү көзүн салыптыр,
Эки көзү тең көрбөй,
Сокур болуп калыптыр,
«Кармагыла карды!» – деп,
Калкына айгай салыптыр.
«Калбалуу кандай кемпир?» – деп,
Кашындагы эр Баймат
Найза шилтеп калыптыр.
Найзадан кемпир качканы,
«Койбосоңор мына!» – деп,
Колундагы отунун
Колду көздөй чачканы.
Этегинде бар экен
Бир этек коргоол кумалак,
Төгүп ийген жеринен,
Куу кемпирдин сээринен
Күлүктүн бели ийилген,
Көпкөк темир кийинген
Аскер болуп турганы,
Адамдардын баарына
Найза, кылыч урганы.
Адамдар ага токтошуп
Атууга мылтык октошуп,
Шашып алар калыптыр.
Мунар кандын элинде
Арсалаң кыйын аяр бар,
Айкырып жетип барганы,
Ак чөптөн тутам кармады,
Апсун окуп, дем салып,
Аскерин көздөй таштады.
Таштаган чөбү от болуп,
Тамашаны баштады.
Тоодой жалын жанганы
Толуп аткан көп аскер
Асили коргоол бок болду,
Отко күйүп жок болду.
Кырк-элүүдөй жыгачы
Ар кайсысы бир үйдөй
Кызыл жалын чок болду,
Жалынынан жалтанып,
Жалпы аскер жайнап токтолду.
Арсаңкул аяр барганы,
Аппак кардан кармады,
Жалынды көздөй атканы.
Жыгачы өчүп, чок болуп,
Аскер кетти жок болуп.
Алиги кемпир токтолуп,
Ак сакалдуу чал болду,
Айгай салып акырды:
«Ант ургур кайда кеттиң?» – деп,
Ачууланып бакырды.
Амбал Кубан колунан
Алтымыш миңин алыптыр,
Аяк каптай капчыкка
Апсун окуп салыптыр,
Арсыдан качкан качкыны
Амбал Кубан канына
Алар качып барыптыр.
Баары барды кайгырып,
Башы-көзү айрылып:
«Мунар келди кол менен,
Кер-Көлдүн тескей жол менен,
Жаң-жуң Арсы өлдү – деп,
Жанынын баары көрдү – деп,
Кызды катын кылды – деп,
Катынды отун кылды – деп,
Кызыл чоктуу ойротту
Кыйласын кырып сойлотту.
Тарлан жайсаң өлдү – деп,
Таратып журтту бөлдү – деп,
Уруштан качкан калмагы
Улуп-уңшуп барганы.

Ушуну угуп Кубан дөө
Ар тарапка чаптырып,
Адамдарын чакырып:
«Катыран аяр кайдасың?
Каптап алып мусулман
Капилет келип калбасын.
Арбын аскер алыңыз,
Ашырбан Кызарт белинен
Астын тосуп калыңыз,
Ырасын билсең жарлыгым
Ылдамыраак барыңыз!»
Муну айтып Кубан дөө
Буйрук кылып ийиптир.
Алтымыш миң аскери
Ат кепедей эшиктен
Чубурушуп кириптир.
Аяк каптай капчыкка
Алтымыш миң салыптыр,
Апсун окуп, дем салып,
Өкүматы кудаанын
Ачып көзүн жумганча
А жерге барып калыптыр,
Ак сакалдуу чал болуп,
Айгайды бийик салыптыр,
Аяк каптай капчыгын
Кагып-кагып калыптыр.
Кайнаган кара кол болуп,
Кара курттан мол болуп,
Карсылдашкан жерлери
Тар адырмак жол болуп,
Алтымыш миң аскери
Алар да калбай аянып,
Оң жакка тоону таянып,
Жамгырдан бетер жаа тартып,
Мөндүрдөй кылып ок атып,
«Мөндү-мөндү-мөндү!» – деп,
«Мөндү» – деген кандай кеп?
Мөндү десе мейли – деп,
«Жабуу-жабуу-жабуу» – деп,
«Жабуу» – деген кандай кеп?
Жабуу десе мейли – деп,
Кылчайбады ушундан,
Кырын алды мусулман,
Жаа Алдалап жар салып,
Жалпы кирди чаң салып,
Жебенин огу кыркырап,
Кашка-Сууну бет алып,
Качты каапыр дыркырап.
Мылтык атып тарсылдап,
Добул кагып карсылдап,
Коркоктордун баарысы:
«Кокуй качан өлөм!?» – деп,
Коркуп жүрөт калтылдап.
Кача түшүп токтолуп,
Жазайыл мылтык октолуп,
Желегин жерге жапырып,
Жер жайнаган калың кол
Жайнады жалпы качырып,
Ат соорусун салыптыр,
Кызарт ылдый кыркырап,
Кытайлардын кыйласы
Кырга качты быркырап,
Кырк миң аскер черүүсү
Ойду көздөй дыркырап,
Жаа Алдалап мусулман
Чабуул койду чуркурап,
Чаң созулду буркурап.
Тоого качкан жыйырма миң
Баары саадак атуучу,
Каршы барган душманы
Кара канга батуучу.
Аркасынан отуз миң
Аскер барды кууганы,
Жыйырма миңи каз-катар,
Катар карап турганы.
Каапырды кудай урганы,

Урбаганда неткени,
Чабуул жакын жеткени.
Алеңгир жаа, сыр жебе
Киричине чалышып,
Жабылып жакын келгенде
Жааны тартып калышып,
Жебенин огу кыркырап,
Тийген жери быркырап,
Кан төгүлүп шыркырап,
Каптап калган мусулман
Жаа Алдалап чуркурап.
Отуз-кырктай мусулман
Ок жаңылып ушундан,
Жүзүнө найза тийген соң,
Жүрөгү чыгып ушундан,
Каапырлар качып бузулган,
Жонго найза мылгытып,
Жонго сүрдү дыргытып,
Тоого сүрдү дыргытып,
Кезине келген каапырды
Кесип башын ыргытып.
Качты каапыр, жок болду,
Качыра түшүп мусулман,
Кайра тартып токтолду,
Каапырлар канча жаа тарткан.
Кабак алды ок толуп,
Ойронду олор салыптыр,
Ошо жердин атагы
Ок-Толгон атка калыптыр.
Алтайдын тоосун жайлаган,
Нардай кара ат байлаган,
Азаматын шайлаган,
Кылымга калган үлгүсү,
Кыпчактардын Үрбүсү
Кыжылдатып кытайды,
Калаасын көздөй эр Үрбү
Каапырды келди сүргүзүп,
Жазайыл мылтык октотуп,
Жаркылдатып милтени
Жалпы баары чоктотуп,
Жакын келген душманын
Оңдурбастай окшотуп,
Астына мерген салыптыр,
Найзакерден кырк миңи
Артынан түшүп калыптыр.
Жүз элүү миң кол экен,
Жүргөн аскер мол экен,
Оң тарабын карасаң
Ойдуң кеткен талаа экен,
Ийне саяр чоло жок,
Жыкылдаган калаа экен,
Жогору калаа четине,
Жоо-душмандын бетине
Жетимиш миң кол алып,
Кол бийлеген зор алып,
Опоң деген баатыры,
Оңдурбастай акыры,
Алабайрак аты бар,
Азыркысын адамга
Окшобостой заты бар.
Далысы кулач, жоон бел,
Даңкы кытай деген эл,
Мунарадай бою бар,
Бу жалганга жепжеке
Татыймын деген ою бар.
Чөйчөктөй эки көзү бар,
Акырын шыбыраганы
Бакырган төөдөй сөзү бар.
Эки колу теректей,
Саадагынын жоону бар
Жаңы чапкан челектей.
Алабайрак аты бар,
Азыркысын аңдасаң
Тажаалдайын заты бар,
Найзасы бүтүн карагай,
Азыр чыкты жекеге

Алды-артына карабай,
Ачууланып бу каапыр,
Асты өлүмүн санабай.
Уйгурлук чыкты урушка,
Не болсун карап турушка.
Мунар кандын элинен,
Бура тартпас эринен
Асыран баатыр жеткени,
Асырандын найзасын
Кагып ийип каапырың
Кадимки Опоң баатырын
Найзасынын учуна
Илип алып кеткени.
Асыран болду тебетей,
Тебетей илген немедей,
Теңир урган бу каапыр
Жоону ойлонуп кебелбей,
Асыранды алганы:
«Ажалдууңкеле бергин!» – деп,
Айгайды каапыр салганы,
Айбатын көргөн мусулман
Абыдан коркуп ушундан,
Айран-азыр калганы.
Аны көрүп алганы,
Бир арыштын балбаны
Катыктын уулу Турдакун
Качырып жетип барганы,
Карап турган бу каапыр
Кара болот курч кылыч
Как төбөдөн салганы,
Карагай жарган немедей
Аты менен бу дагы
Тең бөлүнүп калганы.
«Өлүүчүңөр келгин!» – деп,
Өкүм сүйлөп салганы.
Аны көрүп чыдабай
Асандын уулу Бөкөнбай
Акырын барбай жайма-жай,
Жебе огундай кыркырап,
Жетти кара ат зыркырап,
Тосуп туруп чоң Опоң
Найза менен койгондо
Асандын уулу Бөкөнбай
Аттан кетти быркырап.
Аны көрө салыптыр,
Мейлинакун дегени
Бетине жетип келгени.
Эңип алып Мейлинди,
Эки жашар баладай
Элине барып бергени.
Аны көрө салыптыр,
Айдаркандын элинен
Асоолук деген бир баатыр
Акырып чыга калыптыр.
Аны көрүп бу каапыр
Айбалта менен бир салып,
Атынан жулуп алыптыр,
Айлантып жерге бир уруп,
Аны өлтүрүп салыптыр.
Калдаңдын уулу Байсабек
«Кайда менин найзам?» – деп,
Качырып жетип барганы,
Кагып ийип найзасын,
Оң далыдан кармады,
Оодара тартып салганы,
Кобо качып Байсабек
Колго кирип барганы.
Кордугуна чыдабай
Карап туруп буларды,
Кайратын эми көрүп ал
Карыса да Мунарды.
Шадана бото, шалк этме
Курду белге байланып,
Кудуретке жалбарып,
Качырча деген аты бар,
Өңүн көрсөң кара сур,

Өнөрүн анын карап тур,
Белге кылыч байланып,
Белестеги булуттай
Каар жүзүнө айланып,
Соот менен кыягы,
Сонун экен сыягы,
Чарайна төшкө тартынып,
Көрөр болсоң Мунар кан
Көпкөк темир артынып,
Муздай темир кийинип:
«Кор кылба – деп, –кудай!» – деп,
Кудуретке сыйынып,
Кара сур атка камчыны
Каршы-терши салганы,
Карагай найза сүүгүнү
Карыга илип алганы,
Карап турган каапырга
Каршы жетип барганы.
Алабайрак ат менен
Алиги каапыр турганы,
Найзасын оңдоп алганы,
Мусулмандан Мунар кан
Төшкө найза урганы.
Найза төшкө так этип,
Алабайрак күлүктөн
Жар көчкөндөй талп этип,
Калканы башта жарк этип,
Кулап Опоң калганы,
Жер таянып турганча
Жетип барып Мунакең
Желкеге кылыч салганы,
Жерге кирген каапырга
Жер майланып калганы.
Мусулман көөнүн тындырды,
Каапырдын шагын сындырды,
Кан Мунар кайтты колуна,
Карагын сөздүн соңуна,
Катыраң аяр кутулган,
Азыр келбей кетиптир
Арсалаңдын оңуна.
Кемпир болуп кезигип,
Коргоолду үйлөп, кол кылып,
Адам өткүс жол кылып,
Ак сакалдуу чал болуп,
Адам билбес жан болуп,
Катыраң аяр калыптыр,
Капчыктан чыгып көп аскер
Калбаны кыйла салыптыр,
Жыйырма миң аскер бөлүнүп,
Тоо жагына калыптыр,
Отуз миң аскер мусулман
Тополоңду салыптыр,
Отуз миңдин ичине
Арсалаң аяр калыптыр,
Жыйырма миң каапыр колуна
Катыраң аяр барыптыр
Аярлыгын кылмакка,
Алы келсе бу колду
Аял кылбай кырмакка.
Жүк артылган кара нар,
Чоңдугу тоого барабар,
Кырмызы килем жабылган,
Кызыгып аскер сабылган,
Качкан жоонун артынан
Кызыктуу бир нар табылган,
Олжо экен – деп, алам – деп,
Отуз-кырк адам жабылган.
Булар жетип барганы,
Буйласынан кармады,
Олжо деди ушулар,
Уштаганда ушу нар
Оозун ачып бакырды,
Ким көргөн мындай каапырды,
Дүнүйө жүзүн сапырды.
Сапырбаса неткени,
Жайнаган кызыл өрт болуп,

Жалпы күйүп кеткени,
Отуз миң барган мусулман
Орою чочуп ушундан,
Ат-тонунан айрылып,
Ойбой салган канча жан.
Азапка антип калыптыр,
Алар антип турганда
Аркасынан алардын
Арсалаң жетип барыптыр,
Апсун окуп, дем салып,
Нарга кылыч салыптыр,
Нар экиге бөлүнүп,
Бир дарыянын суусундай
Кызыл каны төгүлүп,
Отуз миң барган мусулман
Тоолорго качты сөгүлүп.
Кыр-кырга чыккан эл болду,
Кызыл кан агып, сел болду,
Кызык болбой не болду,
Кыйкырган шамал жел болду.
Нардын каны басылбай
Агып туруп алганы,
Алиги кандан өтө албай
Адамдар айран калганы.
Нардын каны аз эмес,
Аккан дарыя сел болду,
Адыр-адыр кырында
Алсыраган эл болду,
Абалкы аты Ара-Бел,
Кыяматтын журтуна
«Кызарт» аттуу бел болду.
Аярдын аты Катыраң
Аңдабастан катылган,
Арсалаң кылыч салыптыр,
Алты күнгө басылбай
Нардын каны сел болуп,
Агып туруп алыптыр.
Кырын-оюн кызыл кан
Басып кетип баратыр,
Күндөн күнгө күч алып
Ташып кетип баратыр,
Жакын ара жүргөндөр
Шашып кетип баратыр,
Кылыч чапкан Арсалаң
Кырга чыккан шашкандан,
Алты күндө токтолуп
Кыпкызыл кан баскандан.
Карап көргүн калайык
Катыраң аяр амалын,
Апсун менен байлаптыр
Алты белдин шамалын.
«Жетинчи күнгө жетер – деп,
Жети ашуунун шамалын
Жеке ушу жерге байласа,
Жер болуудан кетер – деп,
Акыры муну тоспосом
Аярлыгым бекер» – деп,
Апсун окуп Арсалаң
Аятын кешмир келтирип,
Наала кылды ар заман.
Арсалаң кылыч чапканда
Нар белинен кыйылды,
Алты күндө аккан кан
Араң бүгүн тыйылды.
Нар жоголуп, кан калды,
Адамдар көрүп таң калды,
Нардын жаткан жеринде
Бир адамга окшош жан калды.
Аны көрө салганы,
Аны көздөй бет алып
Арсалаң жөнөп калганы.
Көлдөй кечти каныны,
Көрмөккө барды жаныны.
Мойну аптаба чайнектей,
Эки көзү айнектей,
Жазык маңдай, калем каш,

Оймок ооз, түймө баш,
Билегине салганы
Миң дилделик каухар таш,
Кумурска бел, тасма бой,
Суксур моюн, кундуз чач,
Сулуулугун айтпай кой!
Арсалаң жетип барганы,
Алиги турган сулуу кыз,
Аңгемесин угуңуз,
Апсун окуп салганы,
Жумуп кал деген добушу
Ал Арсалаң аярдын
Кулагына барганы,
Кутургурдун неси?» – деп,
Жан-жагына карады.
Кара коргон чеп болуп,
Айланасы бек болуп,
Туюктанып калганы.
Тутуп алып бу кызды
Так төбөдөн келтирип,
Дагы кылыч салганы,
Кол көтөрүп чапканча
Коргошундай көйкөлүп,
Жерге кирип калганы.
Аны көрүп Арсалаң
Жерге дуба салганы.
Асты кара таш болгон,
Андайларга Арсалаң
Азелден бери маш болгон.
Кутула албай токтолду,
Алиги турган аяр кыз
Арип менен ушундан
Кутулар жайы жок болду.
Кыз ушу жерде кеп айтат:
«Кылаар айлам тозулду,
Кыйнабагын» – деп, айтат,
Дабагы деген бабабыз,
Алдырууга бул элди
Куп акылын табабыз.
Базанда деген өз атам,
Байкасаң сага сөз айтам,
Куп өзүңдү баштайын
Кубан амбал элине,
Кыз атагым бир калсын
Ара-Белдин белине.
Куубаш амбал туугандыр,
Тууган да болсо биздерге
Ар качандан, бир качан
Акимдик кылып тургандыр.
Келген жериң алыс жол,
Жүргөн колуң канча кол,
Аскериңдин атагын
Азыр мага айтып бол.
Как ушу жерге атагым
Калам тартып чиейин,
Канча аскериң болсо да
Өзүм тандап тиейин.
Шертимдин бири бул – деди,
Аларымдан айрылып,
Азыр болдум тул – деди,
Кебин айтып бер – деди,
Эми бир күн токтолсоң
Кетирет элем саныңды,
Кылыч чапкан нарыңды,
Нардын көрүп өнөрүн
Анык эле өлөрүң.
Эми бир күн токтолсоң
Илинет элең амалга,
Көрөт элең Көйкапты
Учкан бойдон шамалга».
Аны айтып бу кыз ыйлады,
Агызып жашын тыйбады.
Анда Арсалаң кеп айтат:
«Ай, Катыраң – деп айтат,
Аташканым өлдү – деп,
Арман кылба сен – деди,

Аскеримдин атагын
Айтып берем мен – деди.
Башкы атам Жапас түрктүр,
Маңгул, татар-эки журт
Бадыша болуп, эл болуп
Баштатан бөлөк жүрүптүр.
А да Жапас баласы,
Манжурия, Кара-Кум
Бул күндөгү калаасы,
Ушулардын баарынын
Үлкөн Кыргыз бабасы,
Ол Кыргыздын болуптур
Кырктан ашык баласы,
Башта турган жери экен
Бадакшан, Балык калаасы,
Көңүлдө бар, көздө жок,
Көрүнбөйт бизге карасы,
Баарысынан улуу экен
Дуулат аттуу баласы.
Экинчиси Катаган,
Үчүнчүсү Жедигер,
Баарысы бир атадан.
Төртүнчүсү Багышты,
Манас чыгып Багыштан
Төгөрөккө жабышты.
Каңды, тейит, окчу бар,
Калкы кыргыз ушулар.
Найман, тейит, жоо кести,
Аңдатайын бу сөздү.
Бостон, абат, нойгутту,
Каракалпак, думара,
Баары кыргыз баласы
Карап көрсөң буларга.
Басыз, мундуз, кушчуга,
Баамың жетсин ушуга.
Бир уругу жүз экен,
Катылгандын баарынын
Казылып орду түз экен.
Нарытадан бөлүнгөн
Кыпчак, казак, калмагы,
Кирбей турган тилине,
Ынабай актын дилине,
Аталарың бөлүнүп
Калмак болуп алганы.
Наамандыктын эли – деп,
Аталарым жери – деп,
Арстан Манас кол менен
Акунбешим баашаңа
Азыр келип калганы.
Алты-Шаар уйгуру,
Ары чети Ымалай,
Айта берсем узун сөз,
Арбын кетер бир далай.
Даңгыт деген элинен,
Саңыроо деген жеринен,
Кайып деген каны бар,
Эр балбаны бир далай,
Эки жүз миң жаны бар.
Мында келген Мунары,
Чүйдө аскердин жанында
Эчтеме эмес булары.
Кыпчактан Үрбү деген бар,
Кырылышкан душмандан
Кыйланын башын жеген бар,
Казактан Айдар каны бар,
Үмөт, Жайсаң баары бар,
Татардан Чагоо кары бар,
Ар кайсысы жүз миң кол,
Ата уулунун баары бар,
Айдаркан уулу эр Көкчө,
Арстан Манас дагы бар».
Арсалаң айтып билдирди,
Аярлык кылып ушу кыз
Ай-ааламды бүлдүрдү.
Кыз дубасын жандырды,
Кылымды айран калтырды.

Кан акканда жошулуп
Кыз менен калган кошулуп,
Жыйырма миңдей адамы
Жети жүзү өлүп калганы,
Он тогуз миң үч жүзү
Жетиген жаккы тоосуна
Качып чыгып алганы,
Качып чыккан тоо жагы
Так ушуга жеткенче
Качалай атка калганы.
Калган колун чакырды:
«Мылтык атпай, жаа тартпай,
Мында келгин баарың» – деп,
Кыз кашына алганы,
Күн батар жагы ой-талаа,
Аны көздөй бет алып
Кыз жолуна салганы.
Арт жагынан Арсалаң
Отуз миң аскер колунан
Төрт жүзү өлүп алыптыр,
Жыйырма миң, тогуз миң
Алты жүзү калыптыр,
Катыраң кыз, Арсалаң
Ал экөөнүн артынан
Аскер жолго салыптыр.
Бара турсун бул экөө,
Барчасынын кийгени
Бадана соот, күрөөкө.
Аны таштай туруңуз,
Мунар, Үрбү, Кубандын
Аңгемесин угуңуз.
Үрбү менен Мунардан
Куп коркуп Кубан булардан,
Калкына кабар салыптыр,
Ар тараптан аскерин
Ашыгып жыйып алыптыр.
Алтымыш миңи бир кеткен,
Адамдын баарын дүрбөткөн.
Алтымыш миңи ашыгып,
Аяр менен кеткени,
Түштүк жерге түгөнгүр
Аш кайнам калбай жеткени,
Кыз Катыраң аярдын
Кыйындык эмей неткени.
Ара-Бел түшкөн жол
менен, Алтымыш миң кол менен,
Көргөзбөй туруп колуна,
Көптүн тосуп жолуна
Отун терген кемпирди
Ушу жердин өзүнө
Алтымыш миң аскерди
Аш кайнамда келтирди,
Урушуп жүрүп Мейликан
Жети жүзүн өлтүрдү.
Кызылала кан болуп,
Чамбылала чаң болуп,
Кырк миңи мурун барыптыр,
Качып барган кырк миңи
Калбаны көрүп калыптыр,
Кашайдык – деп, кырылып,
Кан Кубанга барыптыр,
Кабарын айтып салыптыр.
«Жыйырма миңиң неткен – деп,
Кайсы жакка кеткен – деп,
Катыраң аяр кана? – деп,
Кабарын айткын даана» – деп,
Сурады Кубан баргандан,
Жашын коюп, карыгандан.
Көргөндөр айтты кебини:
«Дүйнө жүзү кол болсо
Тапкандай – деди – эбини,
Тапатаза канынын
Минтип басты демини.
Айткан менен сөз жетпейт,
Аскер келди тумандап,
Алды-артына көз жетпейт.

Келип калды мында – деп,
Кебибиз ушу тыңда – деп,
Оңо турган жоо эмес,
Оңо боюң чыңда!» – деп,
Качканы кабар салыптыр,
Алардан мурун алсырап,
Найза тийип кансырап,
Акылдан танып тантырап,
Арсынын эли барыптыр.
Аларды көрүп ашыгып,
Опоң дөөнү баш кылып,
Жетимиш миң аткарды,
Жетип алар бат барды.
Жүз жыйырма миң кол менен,
Үрбү, Мунар зор менен
Барган жерден урушту,
Майдан түзөп турушту,
Мындан мурун көрдүңөр,
Мунар кан кылган жумушту
Опоңго уруш салганын,
Майданда башын алганын.
Мунардан Опоң өлүптүр,
Жетимиш миң аскери-
Жер жайнаган көп эли
Уруша албай карашып,
Асты качып тарашып,
Алдырашып калыптыр.
Аркасынан кол алып,
Арбын черүү мол алып,
Жүз миң аскер алыптыр,
Кубан амбал баш болуп,
Эми келип калыптыр.
Каракече калдайы
Кашына алып далайды,
Бу да келип калыптыр,
Толук-Көбөк жердеген,
Согуштан адам жеңбеген,
Дугул калмак тукуму
Жуда келип калыптыр.
Кыз Катыраң баш болуп,
Кыргын тапкан кыйла жан,
Калганы көзү жаш болуп,
Жыйырма миңи барыптыр,
Жыйылып аткан көп колго
Арсалаң менен Катыраң
Азыр көзүн салыптыр.
Арсалаңга кеп айтат:
«Аскериңе өзүң айт,
Айт деген менин сөзүмдү айт,
Жашың менен карыңар,
Жалпы аламан баарыңар
Бирден санап салыңар,
Көзүңдү жума калыңар,
Так жетиге келгенде
Кайтып ачын, баарыңар».
Арсалаң айтты бу сөздү,
Адам билбес куу сөздү.
Кыз да барды колуна,
Кызыктын кара соңуна.
«Кубан амбал, кайдасың
Элиңдин кылбай байдасын?»
«Мен мындамын, балам – деп,
Элге байда кылуунун
Эбин кайдан табам?» – деп,
Амбал Кубан сөздөдү,
Ал сөзүнүн артына
Кыз Катыраң көздөдү:
«Ушу турган баарыңар,
Жашың менен карыңар
Бир! – деп, санап салыңар,
Так жетиге жеткенче
Көзүңү жумуп калыңар,
Так жетиге жеткенде
Көзүңдү ачкын баарыңар!»
Бу сөздү макул алганы,
Мусулманы, каапыры

Далайды көрөр акыры.
Арсалаң менен Катыраң
Алты ооз апсун окуду,
Апсунду окуп калыптыр,
Кубан кандын кернейин
Кыз колуна алыптыр.
Аблатундан калыптыр,
Аярлык менен ушул кыз
Түрктөн таап алыптыр.
Апсун окуп сүйлөдү,
Алтын ооз кернейге
Арылдата үйлөдү.
Кернейди аскер угуптур,
Жети санап болгончо
Көздөрүн жуумп туруптур,
Көзүн ачып караса
Колду кудай уруптур.
Караганда нетиптир,
Бирден-бирден кетиптир.
Кай бирөөнүн турганы
Аппак мөңгү тоо болду,
Кай бирөөнүн турганы
Көз учкан бийик зоо болду.
Кай бирөөнүн турганы
Аппак мөңгү кар болду,
Аскер колдон айрылып,
Жан көрөргө зар болду.
Кай бирөөнү караса,
Чыгып кетер кыя жок,
Айланасы жар болду.
Кай бирөөнү караса,
Кайык минген дайрада,
Оозун ачып, оп тарткан
Туш-тушунда жаяны,
Жоо жоолаймын – деп, келип,
Абыдан кетти аяны.
Кай бирөөнү карасаң,
Биябан чөл талаада,
Кай бирөөнү карасаң,
Темир зындан балаада.
Кай бирөөнү карасаң,
Чытырман калың ормондо,
Кай бирөөнү карасаң,
Чыккысыз кара коргондо.
Кай бирөөнү карасаң,
Улуу шаар көчөдө,
Кай бирөөнү карасаң,
Ай караңгы көчөдө.
Кай бирөөнү карасаң,
Суу таба албай чөлдө жүр,
Суусап аңкап чөлдөп жүр,
Кай бирөөнү карасаң.
Аяк-башы айчылык,
Айдың чалкар көлдө жүр.
Кай бирөөнү карасаң,
Чынар терек башында,
Кай бирөөсү жүрүптүр
Арстан, жолборс кашында.
Кай бирөөсү жүрүптүр
Маймылга болду аралаш,
Кай бирөөнү карасаң,
Жан-жагында бөрү жүр,
Жалманышып өлүп жүр.
Кай бирөөнү карасаң,
Эркек эле эми эле,
Катын болуп калыптыр,
Карайлап жүрүп ал барып,
Эрге тийип алыптыр.
Кай бирөөнү карасаң,
Жыйырма беште жаш эле,
Токсон беш жашап калыптыр.
Кай бирөөнү карасаң,
Дүнүйөдө бай эле,
Бакыр болуп калыптыр,
Жети атасы көрбөгөн
Жер үстүндө бир байга

Малай жүрүп алыптыр.
«Мына муну бат кыл!» – деп,
Башына таяк салыптыр.
Кайсы бирөөн карасаң
Байдан качып карматып,
Балакетке калыптыр.
Кай бирөөнү карасаң,
Кара үңкүрдө калыптыр,
Качып чыгар жери жок,
Оозун ачып оп тартып,
Ажыдаар тосуп алыптыр.
Кай бирөөнү карасаң,
Олтурарга орун жок,
Дүнүйөнүн жүзүндө
Жылан басып калыптыр,
Качып жүрүп жыландан
Чарчап болуп алыптыр,
Олтурарга жер таппай
Ойбойду антип салыптыр.
Кай бирөөнү карасаң,
Кара куш илип алыптыр,
Калабага калыптыр.
Чеңгелинен жылгызбай,
Ар тырмагы кылычтай,
Тумшуктары канжардай,
Асманда жүрөт айланып,
Коркуп чочуп жан калбай:
«Коё берсе нетем – деп,
Ташка тийип быркырап,
Талкаланып кетем» – деп,
Кармап жүргөн кара куш,
Кандай сонун ушул иш –
Канаттары беш кулач
Кара бою кериктей,
Кара жерге түк конбой,
Асманда жүрөт эрикпей.
«Жердин жүзүн көрсөм – деп,
Ыраазымын өлсөм» – деп.
Кай бирөөнү карасаң
Жер жүзүн чычкан алыптыр,
Эки ай, бир ай жүрсө да
Кутула албай чычкандан
Куп балаага калыптыр.
Кай бирөөнү карасаң,
Сүйлөөрүнө тил болуп,
Жүргөн жеринин баарысы
Жүнсүз кара пил болуп,
Дүнүйөсү тар болуп,
Пилден коркуп кар болуп,
Бир адамды көрүүгө
Минтип алар зар болуп.
«Адам уулун көрсөм – деп,
Арманым жок өлсөм!» – деп,
Пил качырып туш-туштан,
Бир көөдөдө курган жан
Чыгып жаны кетпеген,
Чын ажалы жетпеген.
Кай бирөөнү карасаң,
Керик деген жандарга
Кез келип андай заңгарга,
Кериктен качып бурулуп,
Кабыланга урунуп,
Качырып баса каларда
Чаткаяктан суурулуп,
Кутуларга жер таппай,
Заманасы куурулуп:
«Адам уулун көрсөм – деп,
Ыраазымын өлсөм» – деп.
Кай бирөөнө карасаң,
Аркасынан сел каптап,
Чукул жетип алыптыр,
Көрүп турса көл келет,
Көлгө чөгүп өлөм – деп,
Чуркап качып калыптыр,
Кутуларга түк жер жок,
Кудай уруп салыптыр.

Чарчаганда олтурду,
Төбөсүнөн суу ашып,
Тумчуктуруп болтурду.
Жан чыгарда туйлады:
«Куткарып суудан алсаң!» – деп
Кудайына ыйлады.
Кай бирөөнө карасаң,
Учуруптур шамалы,
Ушинтип кетти амалы,
Уча турган болгон соң:
«Карагай, кайың, тал барбы?
Кара шамал бороондон
Кутулар күнүм барбы?» – деп,
Канчалык кылды арманды.
Кайсы жыгач болсо да
Түбү менен суурулду,
Ташка-тоого урунуп,
Заманасы куурулду.
Көрсөм – деди, адамды,
Адам түгүл көрө албайт
Айбанаттай бир жанды.
Кутула албай шамалдан,
Куу жаны чыкпай камалган,
Көрбөгөнү калбады
Дүнүйөдө жамандан.
Куюн менен учуп жүр,
Карагайды кучуп жүр:
«Адам уулун көрсөм – деп,
Акыры көргөн заманда
Ажал жетип өлсөм» – деп,
Үч жүз сексен миң колду,
Ар бирөөнүн башына
Бир-бир балаа туш болду.
Аярлардын ишин көр,
Адаштырган кишин көр,
Алтыны коюп, үчүн көр,
Ак талаанын амыры,
Апсун-дуба күчүн көр!
Шыкыраган калың кол,
Жыйылган аскер кумдан мол.
Баары турган жанаша,
Колдору кармап турушуп,
Бирин бири көрбөгөн
Мына мындай тамаша.
Тигилген бойдон кош калды,
Жарактын баары бош калды.
Токулган бойдон ат калды,
Токтолгон бойдон калк калды.
Аскерге келген адамдар
Айгай салып акырат,
Азап тартып бакырат.
Өз жаны менен өзү алек,
Алаңдап карап көзү алек.
Билген сурап киши жок
Бир-биринин алыны,
Олтурган жерде ойбойлоп,
Көрө турган бир жан жок.
Көп аскердин баарынын
Мээнетке кирбей баш калбай,
Ыйлап жашы түгөндү,
Көзүнөн тамар жаш калбай.
Алы кетип алсырап,
Найза тийбей кансырап,
Акылдан танып алдырап,
Мууну бошоп шалдырап,
Эл-журтунан айрылып,
Кезенденин ичинде
Эки көзү жалдырап,
Олтурганы ойбойлоп,
Боздоп ыйлап бойбойлоп,
Көпкөндөрү кокуйлап,
Баскандары байбайлап,
Чагалалап ыйлады,
Жашын бенде тыйбады,
Өкүматы Алдадан,
Өлүп адам калбаган.

Өзү барат өлүмгө,
Өлбөй тирүү кутулат,
Кутулдум – деп, ойлосо
Андан кыйын балаага
Андан бетер тутулат.
Багып күткөн малы жок,
Басып кетер алы жок,
Алың кандай? – деп, сураар
Адам уулу дагы жок,
Бир заматка кутулуп,
Эс алууга чагы жок.
Карарып жаткан калаасы,
Калаа түгүл кашында
Катын менен баласы,
Баары чыгып эсинен
Жанында калды санаасы.
Калкынын баары кар болду,
Заманасы тар болду,
Адам уулун көрүүгө
Аскердин баары зар болду.
Жер көчүрүп күңгүрөп,
Көпчүлүк ыйлап өкүрүп,
Кулак тунду дүңгүрөп,
Үйдө калган баласы,
Аскерге келген бабасы,
Атасы келип акырат
«Астыңда турам, ата!» – деп,
Айгай салып бакырат.
Укпайт, көрбөйт атасы,
Апсун-дуба шол кезде
Болбогон экен катасы.
Кернейдин үнүн укпаган,
Үйүнөн басып чыкпаган
Атасы келди балага,
Карарган шаар калаага.
Жарасы жок боюнда,
Баласы турат бакырып,
Атасы жок оюнда.
Агасы калган, ини бар,
Агасы келип караса,
Инисинде бу күндө
Айыкпаган жини бар.
Аскерге келген ага бар,
Апсунга кандай дабаа бар,
Иниси келип бакырат:
«Аке, мында мен бар! – деп,
Не болдуң?» – деп, чакырат,
Жетелеп жүрсө түк билбейт,
Алла канча жан турса
Адам бар деп көзгө илбейт.
Кайсы бирөө аскерде
Катын болуп тууп жүргөн,
Кайсы бирөө аскерде
Калк көрүнбөй көзүнө
Карышкыр болуп кууп жүргөн,
Кайсы бирөө аскерде
Качан жаным чыгат – деп,
Дүйнөдөн көөнү сууп жүргөн.
Ар бирөөсү аскерде
Аюу болуп алыптыр,
Мылтыгына от чагып,
Аны атууга мергени
Азыр жетип келгени.
Ок тийип окус болом – деп,
Ойбой салып өкүрүп,
«Кантип аюу болдум? – деп,
Аскерге кайдан келдим?» – деп,
Наалып ыйлап өкүнүп,
Качар жер жок бекинип,
Калктын баары зар ыйлап,
Кара жандан шекинип,
Буга окшогон кысталыш
Кыяматта келбейди,
Кыз үйлөдү кернейди,
Уккандардын баарысы,
Улуу-кичүү карысы

Убарага калышты.
«Адам уулун көрсөк» – деп,
Абыдан кылды наалышты,
Алигидей мээнетке
Алты күнү калышты.
Алты күнгө толуптур,
Алиги мээнет көргөндөр
Азыр эсеп кылганга
Алтымыш жыл болуптур.
Бирөөнүн жашы отузда,
Эл-журтунан азганын
Эсеп кылып отурса
Токсон жашка толуптур.
Өмүрү өтүп мээнеттен
Өзүн өзү караса
Аппак сакал болуптур.
Бирөө келген кырк жашка,
Арыптын иши бир башка,
Жүзгө жашы толуптур,
Жүүнү-мууну шалдырап,
Жүдөп карып болуптур.
Аттанган күнү аскерге
Элүүгө жашы келген бар,
Недир мага деген бар,
Жүз он жашка жеттим – деп,
Жүдөп өлүп кеттим – деп,
Жыйырмадагы жаштары
Аппак болду чачтары.
«Сексенге жашым жетти – деп,
Арманымдан арылбай,
Акыретке кеттим – деп,
Кезенденин ичинде
Кетпегенде неттим» – деп,
Көргөн элден угаарсың
Көңүлүндө жарасын,
Эки бөлөк токтоткон
Эки колдун арасын,
Арсалаң, аяр Катыраң
Аскердин шорун катырган.
«Жетинчи күнгө жетер – деп
Коркуп-үркүп бекер – деп,
Кол кырылып кетер» – деп,
Кыз Катыраң турганы,
Апсун окуп, кернейге
Дагы бир дем урганы.
Арсалаң дуба сүйлөдү,
Бу да керней үйлөдү.
Кылым колдун баарынын
Кылдай мойну созулду,
Кыз Катыраң, Арсалаң
Апсундары биригип,
Бири кытай, бир кыргыз
Бир-бирине кошулду.
Жан көрүүгө зар болуп,
Турган-жүргөн жеринде
Туташ балаа бар болуп:
«Адам уулун көрсөк – деп,
Арманы жок өлсөк» – деп,
Наалып жүргөн байкуштар
Мусулман, каапыр мурунку
Ажырымы жок болуп,
Бирин бири көргөндө
Тура албастан токтолуп,
Атасы менен баладай,
Агасы менен инидей,
Душман болуп жүргөнү
Көрүшкөндө билинбей,
Кучакташып ыйлашып,
Курган жанын кыйнашып:
«Кайдан келдиң сен?» – дешип,
Кара боору тилинип,
Эт жүрөгү дегдешип,
Бир мусулман, бир каапыр,
Эки-экиден кошулуп,
Эски кек калбай эсинде,
Ал-абалын сурашып:

«Адам уулун көрдүк!» – деп,
Боорлору бурашып,
Коркуудан али кутулбай,
Көлдөгү менен чөлдөгү,
Желдеги менен белдеги,
Ар бир азап жердеги
Экиден болуп алышты.
«Не болсо да шүгүр!» – деп,
Эс алышып калышты.
Калк мээнетке толуптур,
Жана калган бир күнү
Дагы он жылдай болуптур.
Он жылга жүрүп каралаш,
Бир-бирине аралаш,
Бир тууган болуп калыптыр,
Мынча журттун баарысы
Мурун жүргөн бейкапар,
Мусулман болуп алыптыр,
Эртеңки күн шашкеде,
Эч билинбейт башка элге,
Аскерге келген кол үчүн,
Арсалаң аяр, Катыраң,
Апсун окуп ол үчүн
Жана тартты кернейди,
Аспаптардан кутулуп,
Адамдын баары делдейди.
Көрүп келген мээнети
Түш катары болуптур,
Көпкөк темир кийинген
Баатыр менен балбанга
Дүйнө жүзү толуптур.
Мунар кан менен Кубан кан,
Бул аскердин баарысы
Буюрса чыкпайт булардан.
Мээнет көрүп жүргөндө
Өңүргө жашы жошулган,
Эки-экиден болгондо
Мунар, Кубан кошулган.
Алсырап Кубан жүргөндө
Айткан экен Мунар кан:
«Акыры чыгар чымын жан,
Асман-жерди жараткан
Алла Таала бир деген,
Акыретте азапты
Нак ушундан бил!» – деген.
Аркыраган жолборстон
Алтоо камап туруптур,
Айтып турган Мунар кан:
«Кутулбайбыз булардан,
Акырет камын кылгын!» – деп.
Мунар кан айтып туруптур,
Аргасы кеткен Кубан кан
Акка моюн сунуптур.
Анда Кубан кеп айткан:
«Ай, курдашым, – деп айткан,
Кудай деген эмине,
Куп айтасың не экен,
Акырет деген эмине,
Айтып билдир!» – дегени.
Алты жолборс аркырап,
Азыр турат бу жерде
Экөөбүздү жегени,
Амбал Кубан мен элем,
Алтымыш жашка чыкканча
Таажы кийип, так минип,
Аким болгон эр элем,
Алтымыш жылдан бер жакка
Аюу менен жолборско
Азык болуп, жем элем.
Айрылып таажы-тагымдан,
Азар түмөн калкымдан,
Жоо болдуң тартып жолборстон,
Жооп айтып сүйлөшөр
Жолдош-жоро болбостон.
Азабын тартып арстандын,
Эки көзүм жаштадым,

Карарган шаар калаамдан,
Катын менен баламдан
Канчасынан айрылдым,
Кашымдагы кызматкер
Канча жүргөн адамдан,
Алтымыш жылдан бер жакка
Жоо болуп жүрөм кутулбай
Жолборс деген арамдан.
Аким болуп, журт сурап,
Алтымыш жылы жыргадым,
Жана алтымыш жыл болду
Азап тартып ыйладым.
Мусулмандын каны – деп,
Тосуп чыгам аны – деп,
Баатыр менен балбаным
Баарын жыйып алганым,
Кандын аты Мунар – деп,
Кас душманым булар – деп,
Каршы тосуп баргамын,
Аскерде жүрүп адашып,
Билбеймин кайда кеткеним,
Жүрүп-жүрүп биябан
Бир талаага жеткеним.
Биябан улуу чөл көрдүм.
Суусап-аңкап чөлдөдүм,
Бара жатып суу издеп,
Сел каптаган көл көрдүм,
Агып селден өлөм – деп,
Андан качып жөнөдүм.
Куткарбай дайра жеткени,
Дарыяга чөмүлүп,
Агып мен кургур кеткени.
Акыл калбай эсимде,
Акыры өлүп тумчугуп,
Жаным чыгар кезинде
Кайдан келди билбедим,
Бир тактай жыгач мингемин,
Тактай мага табылды,
Табылганы курусун,
Жан-жагымдын баарынан
Жаян балык жабылды,
Жаян балык жалмайт – деп,
Жаным тирүү калбайт – деп,
Кутула албай жаяндан
Кургуруңду карасаң,
Өлөр жерге таянган.
Тактай менен дайрадан,
Куруп калсын кара жан,
Кургак жерди таба албай,
Эки көзүм жайнаган,
Кошулуп агып сел менен,
Бир кош кайкалаң бел менен,
Бел экен, кара жер – дедим,
Кургак жерди көргөндө
Кубангандан тердедим.
Селде жүрүп нечен жыл,
Куруп калган мен байкуш,
Кургак жерге жетсем – деп,
Кутулуп суудан кетсем – деп,
Куп ошондо дегдедим.
Тактай минип калкылдап,
Кургак жерге жеткеним,
Кургак жерге жай албай,
Куюнга учуп кеткеним,
Курубай менин неткеним!
Сел токтолгон бел экен,
Бел болгону курусун,
Куюн-шамал, жел экен.
Жел учурду өзүмдү,
Жердин жүзүн көрүүгө
Зар кылып эки көзүмдү.
Учуп көрдүм асманды,
Угуп-көргөн бар бекен
Мендей кара басканды?!
Асманда жылдыз бар экен,
Ар бирөөнү карасам

Аяк-башы көз жеткис
Асыл таштан шаар экен.
Адамдары башкача,
Айбат менен карады,
Алардан коркуп мен шордуу
Акылым башта калбады.
Качамын – деп, жер жакка,
Куладым кайта бер жакка,
Канетейин амал жок,
Уча бердим жер жакка.
Көтөрүп учкан шамал жок,
Башым ылдый карадым,
Эми өлдүм – деп санадым.
Мээнет тарткан мен бакыр,
Жерге жакын жеткени,
Отоо үйдөй куш чыгып,
Орто жолдо өзүмдү
Илип алып кеткени.
Чеңгелди мага салганы,
Бүркүт алган торгойдой
Былк этер жерим калбады.
Көтөрүп барып ушу куш
Бир терекке конгону,
Чогулта кармап өзүмдү,
Чокуй турган болгону.
Ачып көздү жумганча
Алачык үйдөй башы бар,
Аргамжыдай чачы бар,
Чоң казандай көзү бар,
Бир керектей өзү бар,
Көчүгү жазы тайгандай,
Ар тырмагы киши алса
Найзадан мурун сайгандай,
Канаты экөө, аягы төрт,
Оозунан чыгат кызыл өрт,
Мени алган зор кушту
Ал көргөндө качырды,
Мени алган кушту учурду,
Аны алууга умтулду,
Мени таштап ушу куш,
Өзү качып кутулду.
Мен бакыр шондо калганы,
Мени чокуйм – деп келип,
Алиги кушту качырган
Мен отурган теректи
Тиштеп жулуп алганы.
Куш таштап учуп кеткенде
Калыптырмын көрүнүп,
Теректи жулуп алганда
Жатып калдым жалпайып,
Топуракка көмүлүп.
Мурунку кушту кийинки
Чоң куш кууп кеткени,
Кутулдум куштан дегенче
Ар тараптан күркүрөп,
Үч жолборс камап жеткени,
Үшүм мындан кеткени, Жаман
болду сапарым
Жаным тирүү болом – деп,
Жок эле менин капарым.
Ачып колун арбайтып,
Арстандар алмак болуптур,
Азапка башым калганым
Алтымыш жылга толуптур.
Алтымыш жылдан бери жакка
Азабына көнө албай,
Абыдан ыйлап зар болдум
Адам уулун көрө албай.
Ачып көздү жумганча
Пайда болдуң Мунар кан,
Көргөн жерде кеп айттың:
«Кудай жалгыз, куран чын,
Бол мусулман!» – деп, айттың
Сен айткан кепти мен айттым,
Лааиллаба иллалла,
Кудай бирө . – деп, айттым,

Оттош болдум он жылы,
Каралаштык канчадан,
Экө .бүзгө окшошуп
Карайлаган канча жан».
Каракече калдайы,
Каапыр менен мусулман
Аралашыш тургаңы,
А да көрүп далдайды.
А да азапка калыптыр,
Алсырап алы кеткенде
Ага арстан Үрбү барыптыр.
А да айтып мындай кеп:
«Алла Таала жалгыз!» – деп,
Каракече калдайды
Ажыдаар оп тартып,
Жутууга жакын калыптыр,
«Кудай жалгыз, куран чын!»
Кел, мусулман болгун!» – деп,
Эр Үрбү айтып салыптыр.
Элдиреп турган калдайы
Коркконунан Үрбүгө
Кошо сүйлөп калыптыр:
«Кудай жалгыз, куран чын,
Байгамбар бары анык – деп,
Барча жүргөн калык – деп,
Бар кудааны билүүгө
Парс мойнуна салык!» – деп,
Эр Үрбү айтып салыптыр,
Жамандыкта жүргөндө
Ээрчий сүйлөп бу дагы
Мусулман болуп алыптыр.
Амбал менен калдайы,
Азапка калган далайы,
Жашы менен карысы,
Жалпы колдун баарысы
Ар кайсысы ар түрлүү
Мээнет көрүп алыптыр,
Бирден-бирден жүргөндө
Бирден-бирден мусулман
Жолдош болуп калыптыр.
Мээнетти бирге тартышып,
Билген-билген сөздөрүн
Бир-бирине айтышып,
Ак жолуна салыптыр,
Мусулман тарткан азаптан
Каапырдын тарткан азабы
Артык болуп калыптыр.
Алсырашып турганда
Акылы менен мусулман
Айтып туруп ушундан,
Мусулман болгон канча жан.
Мээнетке башы киргени
Таамай жети күн болгон,
Көп аскердин баарынын
Башына каран түн болгон.
Тегин жүргөн адамга
Жети күн тамам болуптур,
Мээнетте жүргөн бечара
Жетимиш жылга толуптур.
Бир күндүгү он жылдан,
Арип менен иш кылган,
Аңдап көргүн калайык
Апсун-дуба күчүн көр,
Ага-инидей эл кылып,
Алдырбай турган өчүн көр!
Арсалаң менен Катыраң
Аскердин шорун катырган,
Алтымыш жылы коркcондон
Алсыраган канча жан.
Аскерге мурун чыкпаган,
Апсун керней үнүнү
А жерге келип укпаган,
Калмактардан канча бар,
Кытайлардан кыйла бар.
Колго келген эр айтат:
«Так алтымыш жыл болду,

Кордук көрдүк» – деп, айтат.
Айылдан келген эл айтат,
Эл айтканда нени айтат:
«Айылдан чыгып аттанып
Аскер болуп келгени
Араң эле жети күн
Бүгүн болду» – деп айтат.
Мусулман, каапыр – эки журт
Көптүгүн көрсөң кара курт,
«Алтымыш жылдан өттү – деп,
Жетимиш жылга жетти» – деп,
Мээнет көргөн буркурайт,
«Араң жети күн» – дешип,
Айылынан келген чуркурайт.
Талаадагы, үйдөгү
Талаш кепти сүйлөдү.
Көпчүлүктүн сөзүнөн
Көрүп туруп Кубан кан
Көңүлү жаман жүдөдү.
Аскердеги эл айтат,
Аңдабастан кеп айтат:
«Менин уккун макалым,
Аскерге жаңы чыкканда
Капкара эле сакалым.
Мээнетке каркап толдум – деп,
Азыр мени көрсөңөр
Алтымыш жылды өткөрүп,
Аппак сакал болдум» – деп,
Ал сөздү айтып туруптур,
Айылдан келген адамдар
Айтканын анык угуптур,
Каткырыгы баш жарып
Катуу күлүп туруптур.
«Калп айтсаң арбак урбайбы,
Кадимкидей сакалың
Капкара бойдон турбайбы?!»
Санап келсе мээнетин
Сабыркашып калганы,
«Аппак болгон небак!» – деп,
Сакалын сыйпап алганы,
Ошондо да ишенбей
Айнек алып карады,
Сакалында агы жок,
Чачы агарган дагы жок,
Жаман эле жарасы,
Өз боюн өзү караса,
Эч жеринде тагы жок.
Аскери айран калышты,
«Аярдын иши кандай?» – деп,
Кубан менен Мунарга
Кужулдашып барышты.
Мунардан Кубан кеп сурайт:
«Бул аярлыктын өнөрү
Кайдан чыккан?» – деп сурайт.
Бөлөк сөздү таштады,
Мунар кепти баштады:
«Асман-жерде ар жанды,
Аршы, күрсү каламды,
Мындай нечен ааламды
Бол дегенде болтурган
Маклукаттын баарысын
Дүнүйөгө толтурган
Бир жараткан кудурет,
Өкүматын аярдын
Өзүнөн бөлөк ким билет,
Бир кудайды билмегиң
Сиз-биздерге чоң милдет!
Берище деген бенде бар,
Напси, обоо анда жок,
Асман-жердин ичинде
Аа теңелер жан да жок.
Аярлыктын илимин
Алла Таала бир билет,
Андан бөлөк ким билет?!
Кубат берген дубага
Кудуреттин өзүдүр,

Ай-ааламды чайкаган
Нарут, Марут сөзүдүр.
Нарут, Марут периште
Арзыган экен жалганга
Адам болуп келишке.
Напсиңди ичке салам – деп,
Адам болуп алам – деп,
Адашпастан жолуңдан
Периште бойдон калам – деп,
Алдага кылган убада,
Акыры дүйнөгө келген соң
Напсиси кылган убара,
Айтканына жете албай,
Аасы болгон кудайга,
Амал, илим өкүматын
Үйрөтүптүр бу жайга.
Ошондон чыккан өнөр – деп,
Акырында бир күнү
Адам уулу өлөр – деп,
Акыреттин күнү бар
Каапыр менен мусулман
Тозок менен бейишке
Макшар күндөр болор – деп,
Тозок деген оруну
Оттон экен болуму.
Оттон чаян, жылан бар,
Оттон адам кылган бар,
Адам эмес, периште,
Каар кылат ар ишке.
Башы миң кез жылан бар,
Башкача каар кылган бар,
Нардай-нардай чаян бар,
Аманат курган жаныңыз
Анда кантип жай алар?!
Каапыр бойдон сен өтсөң
Ошо болор жайыңыз,
Аяр кылган өнөрдөн
Абыдан кетти шайыңыз.
Кудай казы турганда,
Байгамбар шапаат курганда,
Найза бою күн тийип,
Маңдайына турганда
Жер кызарып чок болуп,
Денең күйүп кок болуп,
Жеген-ичкен тамагың
Заар-закым бок болуп,
Тилиң тийип тизеңе,
Ташыналап суусасаң
Тамаар суусу жок болуп,
Ата бакпай балага,
Арыз кылып Алдага
Баласын ата карабай,
Кайрылышка жарабай,
Эне кызын санабай,
Кыз энеге карабай,
Кыйын болор кыямат,
Билип туруп айтпасам,
Биз кылдык сизге кыянат.
Абалы Адам жаралды,
Ал адамдын баласы
Дүнүйөгө таралды,
Бар кудайым жиберет
Байда менен залалды,
Байгамбар кылып жиберген
Нече-нече адамды.
Атасы бар, эне жок,
Энеси жок жаныбар
Бу дүйнөгө келген жок.
Энеси жок жан болгон,
Оорагы-атагы
Дүнүйөгө карк толгон
Адамдын уулу Шиш болгон.
Бир байгамбар Ыдырыс,
Билбегенге кыйын иш,
Тирүү кирген бейишке,
Байгамбар тилин албаган

Адам уулу болгондо
Акыреттин күнүндө
Абыдан калар кейишке.
Ак байгамбар Мустапа,
Андан калган бир сааба
Айкожонун өзү бар,
Байгамбардан угуптур
Аят-адис сөзү бар.
Кылымга кытай толгондо,
Бизден кийин жана да
Эки жүз отуз болгондо,
Түркстандан чыгар – деп,
Каапырдын туусун жыгар – деп,
Эки жүз отуз болгондо,
Жыл санаага толгондо,
Уругу болор алаш – деп,
Угулар журтка Манас – деп,
Баласы баатыр кан болор,
Башкача кыйын жан болор,
Аскери алты сан болор,
Нак ошонун тушунда
Атпай түрк жай болор,
Каканга салар каарын,
Каапырга салар заарын.
Чындап келсе бу Манас
Жик чыгарбай каратар
Чынмачын шаарын.
Орто Азия жер болор,
Ошо жерге дин ачкан
Ойрон Манас эр болор.
Каламы жеткен кылымга,
Кадамы жетер Кырымга,
Эни барар Эртишке,
Ызар, Барскан, Сарканды,
Баарын алар түк койбой
Башы Бабыл, Дарканды,
Аягы Амут, Арал-Көл дайраны,
Атышам деген душманы
Эгер таппас айланы.
Күн жүрүшү Ындыстан,
Өкүмүнө куп көнүп,
Нөкөр болор канча жан.
Өз насилин сурасаң,
Бабасы Байгур, кыргыздан.
Баарысы андан кутулбайт
Балык менен Бадакшан.
Динге салар канчаны,
Канчылыкка каалаптыр
Каратегин Калчаны!
Катаалдык кылбайт калмакка,
Башында бизге тууган – деп,
Байкап динди биле албай,
Мажусу бойдон курган – деп.
Кыжыры кайнайт кытайга
Башынан кудай урган – деп,
Ачуусу келет маңгулга
Айбаны буудан курган – деп,
Байкаса айтар сөзүбүз
Аз болгондо үч айлык
Жолдон келдик өзүбүз,
Ымалай тоодо жерибиз,
Арка бериш-аралаш
Ынды, кытай элибиз,
Ара жолу айчылык,
Күн чыгыш жагы – Сура-Тоо,
Аз болгондо он жылга
Манаска болдук биз да жоо.
Алты жыл тамам уруштук,
Майдан түзөп, сап тартып,
Барсылдашып туруштук.
Уруштан кетти үшүбүз,
Ушталуу келди мушубуз,
Узарбады ишибиз,
Кырылып кетти уруштан
Кыйла кыйын кишибиз,
Калганы карап берген соң,

Кайта оңолду ишибиз,
Кудаанын билип бирдигин,
Анан чыкты тишибиз.
Кубаты болор тирлигиң,
Кудаанын билгин бирлигин,
Көрбөй туруп ынанып,
Көңүлдүн чыгар кирлигин.
Бербердигер Алданы
Бар – деп, билгин ката жок,
Туудура турган ата жок,
Тууду деген эне жок,
Туш келишер неме жок,
Өзгө тууган урук жок,
Өзүнөн бөлөк улук жок,
Өкүмүнө чара жок,
Өзүнөн туулган бала жок,
Экөөнүн баары бейкабар
Өзүмдөн бөлөк неме жок.
Кирпик ирмем кидирип
Капилети болбогон,
Макулуктун баарысын
Насилинде колдогон,
Баткын десе асман-жер
Жаңгактын жалгыз көзүнө
Жартысы да толбогон.
Кудуреттин күчүдүр
Ар жандарды батырган
Асман-жердин ичидир.
Көк жагына карасаң
Көгөрүп турат көзүңө,
Көрүп келген жан барбы
Көктүн барып өзүнө.
Көрүнүп турат карасы,
Канча күндүк жол экен
Көк менен жердин арасы?
Жаркыраган жылдыз бар,
Жалпы баарын жылгысса,
Ай көрдүң асман-көк жактан,
Акылың болсо Кубан кан
Ак каарынан көп сактан.
Көп тийсе көрдүң жарыгын,
Күн жараткан кудайым,
Не себептен, кылбайсың
Мойнуңа салган салыгың?!
Топурак, оттон, суу, желден
Тен жаратып, жан берген.
Топурактан денеңиз,
Жок сөз экен дебеңиз,
Аты Жийде энеңиз,
Асилим бөлөк дебеңиз.
Сиздерден бетер биз дагы,
Каапыр менен мусулман
Казат кылып урушкан
Атаң баскан из дагы.
Санатын, санга толбосоң,
Биз да урушуп жеңдирдик,
Биздин элде миң болсо
Бирөөндөй да болбойсуң,
Урушам деп бел байлап,
Убара болбо дем байлап,
Залал болбойт карашың,
Сапырылып чачылбай,
Сандыргалуу Манаска
Кайбана карап, жарашың.
Биз да ошого кызматкер,
Бирлигин бил кудайдын,
Минтип жүрбө тим бекер.
Алтын, күмүш, зумурут,
Андан кылган бут турат.
«Буйругумду кылды!» – деп,
Душман шайтан кутурат.
Шайтан кудаа душманы,
Акка душман болгон соң,
Арзан дебе сен аны.
Анын тилин алгандар
Акыреттин күнүндө

Арбын болор душманы.
Кыямат күнү кыйын – деп,
Каапыр менен мусулман
Как ошо жерде көрүнөр
Калдайган калың жыйын – деп,
Чогулуш болуп турар да,
Тозок менен бейишти
Эки жакка кураар да.
«Жаратканың мен элем,
Эстедиңби мени?» – деп,
Ошо күндө сураар да.
Макшарды жыйып кураса,
Бербердигер бир өзү
Пендесинен сураса:
«Кана такаат ибадат?
Калкыңа кылдың кыянат,
Как ушу бүгүн куралды
Эсеп берер кыямат».
Тил менен сизге айтайын
Дин душманы шайтандын.
Адам уулу бу да – деп,
Азелден душман жуда – деп,
Азгырганын билбейбиз,
Бутка келип сүйлөгөн
Шайтан эмей ким дейсиз?!
Шайтандын тилин аласыз,
Шайтандын тилин алган соң
Жаман ишке каласыз,
Жолдош болуп кошулуп,
Дозогуна барасыз.
Мунардын айткан сөзүн бил,
Кудуреттин өзү азыр
Кубан каным өзүң бил!»
Муну айтып Мунар салганы,
Таздын уулу эр Үрбү
Ордунан тура калганы.
Кыпчактардын кылганын,
Кыпчактардын кыйыны,
Кыжылдап турат кашында
Кытайдын калың жыйыны,
Чечен Үрбү кеп айтат:
«Угуп турдуң кара журт
Дозок, бейиш барлыгын,
Куран китеп мында бар,
Куп сүйлөтүп жиберген
Кудай айткан жарлыгын,
Тартпай тобо кылыңар
Тараза мийзам карлыгын,
Баарың байкап билиңер
Байгамбардын барлыгын.
Акыры бир күн өлүм ак,
Өлбөй жүргөн жан барбы,
Азаматтар ойлоп бак!
Эсебиң бир күн жеткен соң,
Эркиң колдон кеткен соң
Кире албай калып бейишке,
Каларсың калың кейишке,
Тим өзүңө жол бербес
Тирилип кайта келишке,
Ак таалага кызматкер
Албан түрлүү беришке.
Чыгарбай туруп каныңды,
Көрдүңөрбү камырды,
Камырдын кылын суургандай
Көрүнбөй алды жаныңды,
Кепке ынанып кирбесең,
Кетирээр тозок саныңды!»
Эр Үрбү айтып салганы,
Элдин баары дүңгүрөп:
«Айтканыңды билдик! – деп,
Ак динине кирдик! – деп,
Байгамбар жайы кандай? – деп,
Баянын сурап билели
Байкай албай калбай» – деп,
Баары бирдей сурады,
Баатыр Кубан баш болуп:

«Макул кеп!» – деп, чуулады.
«Онунчу атаң Нук – деди,
Ойлонор кебиң бу – деди.
Ошол Нуктун тушунда
Тоолордон ашты суу – деди,
Жоготкон адам баласын
Топондун суусу бу – деди.
Адам уулу түк калбай,
Сел каптап өлүп алыптыр,
Ургаачылуу эркектен
Сексен киши калыптыр.
Алты айда дайра токтолгон,
Жер соругуп болгончо
Сексени да өлүп жок болгон.
Ушу суунун чыкканы
Урум шаар калаасы
Кам, Сам, Жапас үч адам
Нук байгамбар баласы,
Үшү кетип жыгылып
Уктаган экен бабасы,
Айыбын жаап өтүптүр
Сам ысмылуу баласы,
Анын үчүн калыптыр
Байгамбарлык дабасы.
Атага кызмат кылгандан
Азыз болду канча жан,
Акка жуук болуптур,
Акыреттин күнүндө
Аларга дөөлөт толуптур.
Экинчиси Жапаска
Бадышалык калыптыр,
Кам тукуму баарысы
Каапыр болуп алыптыр,
Карайлап калган каапырды
Сам уулу жолго салыптыр.
Лут, Зулкабыл, Салыны,
Угуп көргүн баарыны.
Алардан мурун бейишке
Тирүү кирди Ыдырыс.
Билбесеңиз кыйын иш.
Андан мурун өттү Шиш,
Аңдай турган ушул иш,
Лут менен өттү Ыбырай,
Ушулардын өткөнү
Узак заман бир далай.
Ысмайыл, Ыскак, бу да өттү,
Айып, Жусуп жуда өттү.
Шыгып, Жакып байгамбар,
Муса, Ыйса көп жандар,
Мунун баары байгамбар,
Дөөт байгамбар Сулайман,
Өкүмүнө караган
Дүнүйөдө канча жан.
Абыл, Сайып, Жунусту
Ойлоп көр мындай турушту.
Зекерия, Яхия
Алар токтоп калган жок
Бу жалгандын жайынан,
Харун менен Искендер,
Акыретке бет алган
Акка кызмат кылган эр,
Асманга качып кутулган
Азирети Ыйса дээр,
Улукман сындуу кары өткөн,
Ушулардын баары өткөн.
Аршы-күрсү каламга
Атагы чыгып таралган,
Урматы үчүн ушунун
Ай менен күн жаралган,
Аты айтылган байгамбар
Алардан мурун руху
Абалында бүтүптүр,
Акыр заман журтуна
Аягына күтүптүр.
«Күнөкөр болор коомум – деп,
Күйгүзөр күнөө сообун, – деп,

Каары каркап толор – деп,
Калкыма кыйын болор – деп,
Өнөрдүн баары ашар – деп,
Өз үмөтүм шашар – деп,
Тилге ынанып ойлобой,
Диндеринен азар – деп,
Кыяматка жакын» – деп,
Кыйла жыл кийин калыптыр,
Абдылда деген араптан
Акыры туулуп алыптыр.
Амийна болгон энеси,
Нурдан болгон денеси.
Эненин сүтүн татпаган:
«Үмөтүм!» – деп, акырып,
Бир замат уктап жатпаган,
Бар кубатын, кайратын
Коомум кордук көрөр – деп,
Акыретке сактаган,
Аты болор Мукамбет,
Ага болгон сен үмөт.
Айткан сөзгө ынанып,
Акка кылып шүгүрдү,
Абыдан кыл каниет!»
Айтып Үрбү басылды,
Аңдап турган калмактар,
Аралаш турган маңгул бар,
Айнектей көзү ачылды,
Кырында турган кытайлар,
Кыйналып ыйлап көп жандар,
Келме келди тилине,
Ыйман кирди дилине,
Ыкылас менен баш койду
Ак байгамбар пирине.
Акылы көлдөй толушуп,
Ак мусулман болушуп,
Урмат кылды ушу элге,
Дүйнөдөгү малдарын
Жыйып келди ушу жерге.
Айры менен нар келди,
Алтын, күмүш зар келди,
Азар түмөн мал келди.
Жыйылган малды карасаң
Жылкы менен кой болду,
Жыргалдуу кыйла той болду.
Алты күнү жаткырды,
Ат-кунанын чаптырды.
Бутунун баарын сындырды,
Мусулман кылып тындырды,
Көп үйрөндү намазды,
Баатыр менен балбаны
Ашык болуп калганы.
Ат-көлүгүн тындырып,
Кайып канга барууну
Акылына тундуруп,
Кубан канга кеп айтат:
«Куп тыңдаңыз» – деп, айтат,
Казаттын жолун багабыз,
Кайып кан деген агабыз,
Суңшоонун кеткен жерине,
Дугул калмак элине,
Асыраак эле аскери
Алып жүргөн өз эли,
Бирок анын колунда
Баатыр, балбан мол эле,
Жүрүп кеткен аскери
Жүз элүү миң кол эле».
Муну айтып Мунар салганы,
Мында жаткан калың кол
Мусулман болуп алганы,
Жүрмөк болуп жүз миңи
Даярланып калганы.
Жүз сексен миң аскери
Келиптир Кетмен-Төбөдөн.
«Кеткенине уруксат»-
Кеп укту Мунар төрөдөн,
Амандашып коштошуп,

Аскер тарап жөнөгөн,
Жедигер менен чычкан бар,
Жер жайнап аскер чыккан бар,
Каалаганы калышты,
Кайтканы жолго салышты,
Суусамырдан келген бар,
Туңша кытай элден бар.
Кайткандар жолго салыптыр,
Каргыш калктан көп тийип,
Катыраң аяр кайран кыз
Капилет өлүп калыптыр.
Кылымга калды өрнөгү,
Атанын кыйын иш экен
Аярлардын өлмөгү,
Ак мусулман болгон соң
Акыретке жөнөдү.
Жаны өзүнөн башка экен,
Суусар экен кыз жаны,
Суусамырдын чатыкта
Жабыгыр деген ташта экен,
Жеткилең аяр жан экен,
Жабыгырдын ташында
Жети суусар бар экен,
Жетөөнүн жаны чыгыптыр,
Асмандаган зоокадан
Алтоон-жетөөн көчүрүп,
Ак амыры жыгыптыр,
Кыйкырганда кыз жаны
Кылымдын баары угуптур.
Күркүрөгөн күн өңдүү,
Күн карарды түн өңдүү,
Чакыр-чукур чаң болду,
Жашыл түшкөн немедей
Аскердин баары таң болду.
Катыраң кызды көргөндөр
Кайгырып калды кейишип,
Калктын баары чуркурап:
«Нак мусулман болду – деп,
Барарбы – деп, бейишке?!»
Дуба кылып бүлүштү,
Башка журттун баарысы
Кыйын аяр өлдү – деп,
Дүбүртүнөн билишти.
«Алтымыш жылдык мээнетте
Айтпай акыр калбадык,
Усаба – деп – Катыраң,
Убарада жүргөндө
Ушунча журт каргадык,
Көпчүлүктүн тилеги
Кабыл болуп алды – деп,
Кайран кыз өлүп калды» – деп,
Бурак атын токушуп,
Жаназасын окушуп,
Кызды көөмп салыптыр,
Абалкы аты Арка-Бел,
Кыз жолуккан бел үчүн
Кызарт атка калыптыр,
Кыраан Манас бабаңар
Кылымга түйшүк салыптыр.
Мурунку аты Буйда-Суу
Жуумп көзүн ачканча
Көп мээнетти көргөндөн
Жумгал атка калыптыр.
Аларды таштап коюңуз,
Кайыпка барчу аскердин
Кабарынан болуңуз.
Үч жүз миң ашык кол менен,
Дабур-Көлдүн жол менен
Желектин баары үлбүрөп,
Жер союлуп дүңгүрөп,
Көптүгүнөн көз кайкып,
Көңүлгө келген сөздү айтып,
Баатыр Үрбү, Мунар кан,
Бара турсун канча жан
Аны таштап салыңар,
Мурунку Кайып каныңар

Кабарын угуп алыңар,
Жүз элүү миң аскердин
Аман-эсен баары бар.
Эки-Баш элин алыптыр,
Өлтүрүп Бадаң аярды,
Майыстан, Терек, Келин-Таш,
Башы Кара-Күп болуп,
Баатырлардын баарысы
Батына албай Култкага
Баары жаткан шүк болуп.
Аскер жаңы келгенде
Адысын алды дегенде:
«Кор кылды бизди мусулман,
Коркомун – деп, – ушундан,
Манас деген кыргызды
Түшүрдү жерге жылдызды,
Терс-Суудан алды Текести,
Көңүлдү койбой ич эзди,
Кер-Көлдөн алды Оргону,
Топурак болду коргону,
Алма-Коюр жеринен,
Анжы кытай элинен
Илебин дуу-дум кан өлдү,
Калмактарын каратып,
Качканын кууп таратып,
Кашкелдин калкы чабылды,
Алтайлыктын буруту
Түркстан көздөй жабылды.
Өлтүрүп Кеймен калдайды,
Өрт күйгүзүп далайды,
Акунбешим баашаны
Азар түмөн кол менен
Камап жатыр ошону,
Түркстанда кытайдан
Түк койбоско окшоду,
Жарым колу маа келип,
Жакын жерге токтоду.
Бойгуттагы Кубан кан,
Аны камап канча жан,
Кочкордогу Арсыны,
Өзүм корком ушундан,
Куп окутуп дарсыны,
Өлтүрүптүр мусулман.
Эки-Башта Бурканды,
Эндиретти буларды.
Чыйтай өлдү Масабил,
Миңге угулсун биздин тил.
Оргого барып болушуп,
Абал өлдү Бурканы,
Ойрон салып биздерге
Азыр камап турганы.
Өлдү Бадан, аярым,
Өзүм кайда жай алдым!
Маңгүй урук кан элең,
Бадыша заада жан элең,
Баштатан сага таяндым.
Колдо – деп, – Лаатманатты,
Коркуу келсе ар качан
Колдоп жүргөн адаты,
Азыр амбал Култканын
Талып турат канаты.
Каканчыдан кийинки
Кайрат кылар канымсың,
Чыңалып кара боюмда
Чыкпай турган жанымсың.
Наамандыкка бел болгон,
Аскериң дайра сел болгон,
Ар тарабың тең болгон,
Айтканың журтка эм болгон.
Атагың дагул Алооке,
Азыркынын зорусуң,
Наамандыктын баарына
Жайылган темир торусуң.
Улуу Анжиян, Маргалаң,
Койнотто бар Кокону
Үлкөн шаар чоң калааң,

Оро-Төбө, Самаркан,
Олуя-Ата, чоң Ташкен,
Кожент, калаа Испара,
Колуңузда баары тур,
Кичи Анжиян, Сосогуң,
Нааман шаар дагы тур.
Алтайдан кыргыз кол келди,
Алаш уулу мол келди,
Аманат жанга зор келди,
Айраарыңды өзүң бил
Наамандагы көп элди.
Суңшоодогу Ак-Талаа,
Өзүм дуу-ду болсом да
Маа караган аз калаа,
Азыр бизге жабышты
Манас деген зор балаа.
Жалынып айттым сиздерге,
Жардам бер, – деп, биздерге,
Сизден бөлөк карам жок
Өтүнүп жардам издээрге».
Муну айтып Култка дуу-дусу,
Муңдуунун кылган жумушу,
Катчыга катты жаздырып,
Калдайта мөөрүн бастырып,
Танабул деген аярын
Жиберген экен чаптырып.
Оргону жаңы алганда,
Ойронду Манас салганда,
Жаралуу болуп Култка да
Жаман жатып калганда
Таап алып Саман аяры,
Алып качып элине,
Араң жеткен жерине,
Азыр турган ага-ини
Аңдап кулак салыңар
Аңгемелүү кебине,
Илегердин көбүнөн
Тайбай калган эбинен.
Эки күнү, эки түн
Тамак татпай бүпбүтүн,
Таңдайга суу тамызып,
Кыйбат баа дарыны
Жарасына агызып,
Эки күндө эс алып,
Жан-жагына көз салып:
«Камданбай буга болбос – деп,
Оргону алган бу кыргыз
Ойлонбой бизди койбос – деп,
Азыркысын бурутта
Манас деген бар экен,
Адамдан тууган жолборс – деп,
Асылбай акыр койбос – деп,
Адамдын канын ичүүдөн
Ар канча болсо тойбос – деп,
Атышкан жоосу оңбос – деп,
Анжиянда Алооке
Жалынып кабар салбасам
Жайым менен койбос!» – деп,
Танабулду чаптырган,
Так ушуну кылгын – деп,
Жаң-жуңдары жактырган.
Суңдуң, чыйтай, баңбаңы
Журт билүүчү жандары
Карк жыйылып калганы.
Арсыдан качкан качкыны
Наалып кирип барганы.
«Каранды калкка салды – деп,
Катын менен баланы
Олжо кылып алды – деп,
Чымын кара жаныбыз
Чыкпай араң калды – деп,
Жан татты экен өлөргө,
Улук Култка дуу-ду – деп,
Качып келдик каралап,
Бир жакшылык көрөргө!»
Аны айтып булар салганы,

Уккандар айран калганы,
Айтып оозун жыйгыча
Эки-Баштын качкыны
Энтелеп кирип барганы.
«Эки-Баш элин алды – деп,
Немеси калбай калды – деп,
Койбой баарын алды – деп,
Колдо урунган малды – деп,
Коркконунан адамдар
Саяң жайлоо, Үч-Сууга
Качып кетип калды!» – деп,
Булар айтып барганы.
Буркурап ыйлап зарлады:
«Катын менен баладан
Жалгыз неме калбады,
Чоңдорун кырып салганы,
Катын менен баланы
Кармап бурут алганы».
Бу сөздү айтып байкуштар
Муңканышып барганы.
Алар айтып болгончо,
Аш кайнамга толгончо,
Кокуюн айтып кожурап,
Бойбоюн айтып божурап,
Коёндой көзү жоодурап,
Чагалалап чуркурап:
«Чаап салды бурут – деп,
Майыстан, Терек, Кара-Суу
Барып калды мына бу.
Ак-Сай менен Көк-Сайдан,
Аяк жагы Дөрбөлжүн,
Тутуп калды Туткуйду,
Акылы калбай көргөндүн.
Кармады Туткуй калдайды,
Калкыңыздан канча өлүп,
Кайраттуулар далдайды.
Дөрбөлжүн жайсаң чабылды,
Уйгурлук келип жабылды,
Бабабыз көрбөс балакет
Мына ушу жерде табылды!»
Аны айтып эли салганы,
Айтып оозун жыйганча:
«Кудай урду бизди!» – деп,
Кулаң жайсаң барганы.
«Кумдай бурут келди – деп,
Куп кыйратты элди!» – деп,
Кужулдашып калганы.
Айтып оозун жыйганча,
Аны-муну кылганча:
«Мусулмандын аскери
Ара-Белден ашты – деп,
Акылым жаман шашты – деп,
Дүңгүрөмө көл жакка
Түндө үркүп качтым – деп,
Килемче сундуң барганы,
Кишилер көрүп таң калды.
Угуп туруп Култка
Тактысынан шалк этип,
Талып түшүп калганы.
Суңдуңу турду сумсайып,
Доотайы турду сомсоюп,
Жаң-жуңу турду жалдырап,
Баңбаңы турду майышып,
Жайсаңы турду жалдырап,
Жандын баары алдырап,
Аш бышымдай болгондо
Алиги култка дуу-дусу
Баш көтөрдү балдырап.
Солондун баары солоюп,
Сокурдун баары олоюп,
Чаптырып чыккан кыргызга
Кулагы жоктор молоюп.
Кол сынганы шалдырап,
Коркконлору далдайып,
Каш жарылып алжайып,
Кара бойго кан жайып,

Бет жарылып балжайып,
Уурт тилинип жалжайып,
Аягы сынган чолоюп,
Адамдын баары сороюп
Улугун курчап калыптыр,
Култка туруп, жан-жакка
Эки көзүн салыптыр.
Элге карап кеп айтат:
«Ээй, калайык!» – деп, айтат,
Улуктук урмат кеп айтат:
«Ушу көрө энеден
Туубаганым эп экен!
Карк алтын кылган теңирим
Кандай бендем – деди экен?
Укканга кебим төп экен,
Ушунчалык жаш жашап,
Көрө элегим көп экен!
Оргого барып оболу
Суудай төктүм канымды,
Куп кетирдим санымды,
Эми кайда батырам
Курган кара жанымды?!
Качкандын баары каралап,
Кашыма келдиң бааналап,
Тоскондун баары каралап,
Төбөмө келдиң бааналап.
Анжиянда Алооке
Ага киши жибердим,
Камыңды кылып силердин.
Качып барар кара жок,
Каптап кирер калаа жок,
Баш калкалаар баана жок,
Акыл табар даана жок.
Кашкардагы Найза кан,
Таамай он беш жыл болду
Катаган Кошой кайсаган,
Үч-Турпанды ушалап,
Ушу бурут дагы алган.
Орго менен Илебик
Ойрон кылган билемин.
Акунбешим баашаны
Азыр камап жатыптыр
Алеңгир салып ошону,
Бейли катуу кан калбай
Белим жаман бошоду.
Эми олтуруп айла жок,
Эсенкан алыс, пайда жок,
Эли-журтун бүлдүргөн
Мендей шордуу кайда жок.
Төрт тарабым өрт күйүп,
Жанып келип калыптыр,
Төгөрөккө түйшүктү
Салып келип калыптыр,
Жан-жакамдан түк койбой
Алып келип калыптыр.
Калкым кайрат кылар – деп,
Мен сиздерге караймын,
Жарадар болгон жаным бар,
Кай керекке жараймын?!
Кара кийип катыны,
Карайлатып калкымды,
Калат деген ушу экен,
Чыркыратып балдарын,
Жыга чаап чалдарын
Алат деген ушу экен.
Бели катуу боз балдар
Беттешкенде буруттан
Өлөт деген ушу экен,
Безилдетип ыйлатып,
Бет-бетинен олжолоп,
Бөлөт деген ушу экен.
Алтындуу капка ак сарай
Урайт деген ушу экен,
Атасы душман куу кыргыз
Сурайт деген ушу экен.
Азаматтан түк калбай

Сулайт деген ушу экен.
Алты миң төөгө жүктөлүп,
Алтын, күмүш зарымды
Булайт деген ушу экен,
Атилес, шайы, тубарды
Чубайт деген ушу экен.
Алакандай Ак-Талаа-
Алтымыш миң аз калаа.
Кыргын болор кез келди,
Кыргыз, кыпчак, уйгурлук
Камындырбай тез келди.
Атым Култка дуу-думун,
Алдырап азыр турумун,
Акыл сурайм сиздерден
Жаманы барбы мунумун?»
Айтып Култка болгону,
Адамынын баарысын
Алдыратып койгону,
Үшү кетип үшкүрүп,
Карап туруп Култка
Кайтып акыл ойлоду:
«Булардын баарын мостойтуп,
Коркутуп карап турбайын,
Он жети атам табынган,
Ойдо жогум табылган,
Көкө теңир кудайым
Жалынып жардам сурайын,
Не дээр экен энди – деп,
Элиме душман келди – деп,
Арзымды барып айтайын,
Акылын угуп кайтайын».
Муну ойлонуп Култка,
Буйрук айтып журтка:
«Төгүлбөй турган кан барбы,
Өлбөй турган жан барбы,
Келсе чантуу заңгарды
Канжарды бойго катыңар,
Кара-келте мылтыкты
Кароолдон жазбай атыңар,
Эч болбосо бир-бирден
Жастыгың ала жатыңар!
Жери туюк, жолу тар,
Эки-үч жерде мусулман
Келип калар жери бар,
Элүү миңден барыңар,
Жол-жолун тосуп калыңар!»
Азыр буйруп ийгени,
Аскеринин баарысы
Ашыгып атка мингени.
Төгөрөгүн мурунтан
Курчап кыргыз алыптыр,
Төрт бөлүнүп аскери,
Төрт тарапка барыптыр.
Калаанын чыгып четине,
Жоонун чыгып бетине,
Жазайыл мылтык октошуп,
Жата турсун токтошуп.
Аны таштап коюңуз,
Каны кирген бутуна,
Кабарынан болуңуз.
Төрт жүз кулач кең коргон,
Төгөрөгү кең болгон.
Түбүн чоюн түптөгөн,
Ол коргонду кылганда
Дүнүйө малы түтпөгөн.
Алты кулач бийиги,
Кармап келип тоосунан
Кудайы кылып коё берген
Алты жүз отуз кийиги.
Буйруксуз адам барабы,
Бугу, кулжа, маралы,
Аркар, элик анда бар,
Албан түрлүү жандар бар,
Аягы коён бу да бар,
Эчки, теке жуда бар,
Ортосунда супа бар,

Ол супага сыйпаган
Жумурлаган упа бар,
Ал супанын үстүндө
Ал күмүштөн такта бар,
Ал тактанын бурчунда
Сары алтындан аяктай
Куюп салган купа бар.
Аземдеген такта бар,
Ал тактанын үстүндө
Аппак кебез бакта бар,
Ал бактанын үстүндө
Олтургузган буту бар.
Сары алтындан сомдогон,
Салтанатын оңдогон.
Ичин көңдөй ойдурган,
Жинжу тишин койдурган,
Ак жудан эрин кылдырган,
Азезил көөнүн тындырган,
Зумурат кылган кулагын,
Суусу агып турсун – деп,
Сары жезден най кылып,
Агызып келип ар жактан,
Астынан койгон өткөрүп
Салгыз-Талдын булагын.
Көөкар таштан көздөгөн,
Кезөл шайтан азезил
Көңдөйүнөн сөздөгөн.
«Лайламалуу» – деп,
Капкага кадам салганы,
Ачып алып эшигин
Аста басып бүгүлүп,
Азыр кирди Култка
Азезилге жүгүрүп.
Адам уулу алдырса
Агерде чыкпайт кейиштен,
Култка түгүл куураган
Айла менен иш кылып,
Атабыз Адам байгамбар,
Аны да сүргөн бейиштен.
Азелден душман азезил,
Азезил душман экенин
Адам уулу, баарың бил!
Али да болсо шайтандар
Аралаш жүрөт, эл көрбөйт,
Алла деген адамдар
Азгырууна түк көнбөйт.
Каапырды аяп да калбайт
Карап берди мага – деп,
Каапыр менен мусулман
Калбай баары өлсө – деп,
Кантип даба табам – деп,
Эртели-кечти нээтинде.
Эси кеткен Култка
Эмине кылам кудай? – деп,
Эми кирди бетине.
Азезил анда кеп айтат:
«Алдыраба!» – деп, айтат.
Лайламалуу – деп,
Кытайча намаз окунуп,
Алтын буттун алдында
Кырк төрт кайра чокунуп,
Маны-маны батман чүк,
Калмагынча окунуп,
Жалынып турду бутуна
Жалкоо тартпай Култка.
«Жардамчымын журтка,
Өлсөң бейиш көрөсүң,
Өз жараткан журтумсуң,
Да көбөйүп өнөсүң,
Алоокеден кол келет
Ардаң баатыр зор келет,
Шүмшөк аяр эр келет,
Азыр бүгүн бешимде
Эки жүз миң эл келет.
Сап кыларсың бурутту,
Сапырылтып саярсың

Самаган чантуу журутту.
Кыйратарсың кыргызды,
Кыргызды быйыл тер кысты.
Ажал айдап, кан тартып,
Келгендигин билбейсиң,
Мен жардамчы болгон соң
Сени кор кылуучу ким дейсиң?!»
Аны айтып шайтан салганы:
«Жалгыз бирөөң калганча
Жан аябай уруш!» – деп,
Кайрат сүйлөп калганы.
Шайтандын шарын укканы,
Шаша басып Култка
Кубанган бойдон чыкканы.
Калкына кабар кеп айтат:
«Камданыңар! – деп, айтат,
Кабар берди кудайым,
Дин мусулман баласын
Кырмак болду жудайын.
Түбөлүгүм түз – деди,
Айтып турган сөзүмдүн
Маанисине түш – деди.
Айныбай уруш салыңар,
Берген теңир өзү айтат
Мен беремин күч!» – деди.
Кубанып чыгып Култка
Кабар айтты калкына,
Карап тургун каапырдын
Кыла турган салтына.
Азуусун кайра сайдырган,
Борго байлап койдурган
Жети жашар камандан
Жетимишин сойдурган,
Жети жүз жана кой союп,
Жергесинин баарысы
Жеп түгөнгүз той союп,
Элүү төрт сойду сыйырды,
Ачып-арып ар жактан
Азып келген кыйырды
Лаакатка сыйынды,
Ыксыз арбын жыйылды.
Көңүлдө кайгы жоюшту,
Азып келген качкындар
Абыдан ашка тоюшту.
Аны таштай туруңуз,
Эр Кайып кан баатырдан
Алла эмине сөзү бар,
Кабарынан угуңуз.
Алты күн бекер жатышып,
Адырдан аркар атышып,
Аңгемеге батышып,
Каапырдан кайгуул жок болуп,
Кабарсыз жатты токтолуп.
«Бетпактар токтоп калды – деп,
Бейкабар жатып алды – деп,
Мен билейин аны» – деп,
Көңүлүнө токуган,
Мурунку өнөр үстүнө
Ысмы агзам дубасын
Нысапка толо окуган
Өнөрдү Таскыл салганы,
Өбөктөгөн чал болуп,
Өлө турган жан болуп,
Калмак боло калганы.
Суңшоонун барды боюна,
Теректи-Суунун оюна.
Каапырдан чыккан кар экен,
Туткуй калдай элинде
Чүкүрүк аяр бар экен.
Алиги аяр Чүкүрүк
Аскердин жаткан жерине
Азыр келди жүгүрүп,
Көйнөгү жок жылаңач,
Топусу жок жылаңбаш,
Эки көздөн ыйлаган
Төгүлүп тур кара жаш.

Алты менен жетинин
Бириндеги жашы бар,
Балапан бойдон башы бар,
Барып калды жаш бала
Мусулмандын колуна,
Бу сөздүн кара соңуна.
«Чабылды журтум, элим – деп,
Ата-энемден адашып,
Азып мында келдим!» – деп,
Өпкөлөп ыйлап өкүрөт.
«Өз элимди көрбөй!» – деп,
Өбөктөп алып өкүнөт.
Адамдар көрүп болду таң,
Аскердин башы Кайып кан,
Ырасы адилдиги бар
Ырайымдуу бу бир жан:
«Алла Таала буюрса
Ар балаадан тосормун,
Наалып, балам, ыйлаба,
Ата-энеңе кошормун,
Наалыба, балам, ыйлаба,
Ата-энең аты ким?» – деди.
«Туткуй эле калдайым,
Туткундан көрүп турамын
Тууганымдын далайын».
Айтып болуп ал сөздү
Бала ыйлады чыркырап,
Маанайында мусулман
Баары буга боору ачып,
Сай-сөөгү зыркырап.
«Өлүп калса ата-энең
Өз бактыңан көрөрсүң,
Бүгүн мында жат, балам,
Элиңе эртең жөнөөрсүң,
Эсен, тирүү бар болсо
Эне-атаңды көрөрсүң».
Ырамы келип жашына,
Алып келди Кайып кан
Аскеринин кашына.
Көйнөк берип үстүнө,
Тебетей берди башына,
Салдырып берди төшөгүн
Касиеттүү Кайып кан
Как өзүнүн кашына.
Кароолчу кароол алыптыр,
Тыңдары чыңоол барыптыр,
Кара аламан калың кол
Тырп этпей жатып калыптыр.
Эл уктаган кезинде
Жаш бала болгон Чүкүрүк
Ордунан тура салыптыр,
Апсун окуп түкүрүп,
Кайып канын баш кылып,
Үч жүз баатырды алыптыр,
Кереметтүү бир капчык,
Капчыгына үз жүздү
Кең-кесири салыптыр.
Көтөрүп алып Чүкүрүк
Култканы көздөй бет алып,
Кете берсин жүгүрүп.
Аны таштап коюңуз,
Мусулман Таскыл аярдын
Кабарынан болуңуз.
Өбөктөгөн чал болуп,
Өлө турган жан болуп,
Өтүп Суңшоо суусунан,
Өнөр көргүн ушундан,
Култкага барыптыр,
Андай чалга сан жетпейт,
Куп өнөрүн салыптыр.
Элге тарткан шилеңин –
Аш-тамагын жеп жүрдү,
Арасында көп жүрдү:
«Лайлама!» – деп жүрдү.
Ордонун оозун алыптыр,
Ошондой арбын калыктыр.

Эл жатары маАлла
Сийип-чычып жатам – деп,
Култка дуу-ду кутуруп,
Акылы кетип аз болуп,
Арак ичип мас болуп,
Эшикке чыгып калыптыр,
Аңдып турган эр Таскыл
Алкымынан алыптыр.
Апсун окуп, дем салып,
А дедирбей үн байлап,
Акимсиген Култканын
Алайды көзү куп жайнап.
Куржунга Таскыл салганы,
Култка бата калганы,
Аралап жүрүп аскерин
Жаң-жуң менен доотайдан
Суңдуң менен тыйтайдан
Баң-баң менен чыйтайдан,
Жайсаң менен доргодон
Тандап жүрүп ордодон,
Так ошо күн кечинде
Эл уктаган кезинде,
Алты жүзүн алганы,
Сандыгына салганы.
Көтөрүп алып эр Таскыл,
Аскерине бет алып,
Азыр жөнөп калганы.
Супа саадак чалганда
Таң саргайып калганда
Азыр келди элине,
Аскердин жаткан жерине.
Кара-Суунун башы бар,
Кезиккениң көрөрсүң
Келин-Таш деген ташы бар,
Эки кулач узуну,
Ошо кезде каапырлар
Келиндердин пири – деп,
Коборгон имиш ушуну.
Сары алтын менен чаптатып,
Чылк күмүш менен каптатып,
Зумурут менен каштатып,
Сулуу келин баштантып,
Эрини акак, жакут тиш,
Не десе болор ушул иш,
Көөкардан салып көз кылган,
Азгырмакка адамды
Албан түрлүү жаманды
Азезил айтып сөз кылган,
Сүрөтү мында калыптыр,
Ал жердеги каапырды
Мусулман сүрүп салыптыр.
Талкалаптыр калаасын,
Зар ыйлатып баласын,
Мусулман тартып алыптыр
Кара-Суунун талаасын.
Жаман-Дабаан, Кара-Тоо,
Мунун баары мурда жоо.
Кара-Тоонун оюна,
Кара-Суунун боюна
Сүрөт кылган ташыны,
Талкалай чаап башыны,
Алтын, күмүш асылын
Немесин койбой алыптыр,
Эми турат короюп,
Эки-үч кездей сороюп,
Аскердин жаткан жери бу-
Жанагы айткан Кара-Суу,
Таңдын эре-середе
Кутусуна салыптыр,
Куп көтөрүп Таскылы
Калдайып жаткан аскердин
Ортосуна барыптыр.
Калың колдун кашына,
Кайыптын кирди кошуна.
Кайып кан түгүл таш да жок,
Кара аламан кол жатыр

Кашындагы көй баатыр.
Жалгыз Даңгыл качыптыр,
Бир өзүнөн башка жок.
Кара аламан букара,
Таскыл барды буларга.
Ойготуп алып кеп сурайт,
Орчун топтон кеп сурайт:
«Жыргаган экен жаныңар,
Кайда кеткен каныңар?
Кайып кан өлүп калган соң
Кетпейби, кедей саныңар!»
Минтип Таскыл сурады,
Аскеринин баарысы:
«Билбедик!» – деп, чуулады.
Кече күнү кечинде,
Күн батар жакын кезинде
Көйнөгү жок, жылаңач,
Тебетей жок, жылаңбаш,
Алты менен жетинин
Арасына келген жаш,
Адаштым – деп, жеримден,
Атам-энем, элимден,
Ыйлап-сыктап, жаш бала
Колго келип калганы.
«Балам мында келгин» – деп,
Кошуна Кайып алганы,
Аман эле жатканда,
Кайып кан жок – деп, сен келдиң
Таң саргарып атканда.
«Ал жылаңач жаш бала
Бала эмес, балаа экен го,
Бадышаңды мант кылып,
Байлап алып кеткен го?!
Эми туруп нетейин,
Эртелеп ага жетейин!»
Аярлыгын салганы,
Апсун окуп Таскылың,
Аргымак болуп алганы,
Култканын шаарын бет алып
Куп жөнөлүп калганы,
Бара түшүп оюна
Башкача бир сөз алганы.
Кайта келди кошуна,
Калың аскер кашына,
Камалып Култка жатканда
Кайгыны салды башына:
Кийиминин баарысын,
Кийген башта таажысын,
Баарын тамам алыптыр,
Баштыгына салыптыр,
Култка мында турсун – деп,
Алты миңдей аскердин
Арасына кайтартып,
Култка баштап улугу
Колго түшүп кор болуп,
Кордук тартып торголуп,
Бу сөздүн кара соңуна,
Култка жатсын жалдырап
Мусулмандын колуна.
Ат болуп Таскыл кетиптир,
Анда-санда бир тийип,
Шаарына жетиптир.
Аны таштап салыңыз,
Алиги кеткен Чүкүрүк
Аярдан кабар алыңыз.
Уйкудагы Кайып кан,
Таңга жакын болгондо,
Кашында бар канча жан,
Ойгонушуп алыптыр.
Көзүн ачып караса
Темир коргон дарбаза,
Тегерегин караса,
Зынданга түшүп калыптыр.
Кашында үч жүз беги бар,
Кандай сонун кеби бар,
Кандайлыктан Кайып кан

Зынданга түшөр эби бар?
Култканын кылып жарлыгын
Көтөрүп алып сандыгын,
Алиги аяр Чүкүрүк
Бара жатыр шаарга
Бачымдай басып жүгүрүп.
Көзүн Таскыл салганы,
Көтөргөнү куту – деп,
Көзөл аяр ушу – деп,
Көргөндө Таскыл билиптир,
Аргымак болгон эр Таскыл
Ат бактырган ордого
Аста басып кириптир,
Бир үшкүрүп, дем салып,
Адам болуп а жерде
Култка дуу-ду кийимин
Куп окшотуп кийиптир.
Чүкүрүк тура турсун – деп,
Мен кудайга кирейин,
Алып келсе Кайыпты
Кудай мага койбосун,
Куп жамандык айыпты.
Өлтүрөмбү, коёмбу,
Өлтүргүн – деп буюрса
Өз алдымда соёлу!»
Муну айтып Култка,
Бузук салар бу журтка,
Таажысын кийген башына,
Жан жолотпой кашына,
Бутканага барганы,
Ысмы агзам дуба окуп,
Шайтан кирер жерине
Тилисматты салганы.
Качты шайтан кире албай,
Кайсы экенин биле албай.
Кайра чыгып Култка
Капка баккан доргодон
Кабар берди бу журтка.
Чүкүрүк аяр көтөргөн
Көк сандыгын алыңар,
Көрүп тургун баарыңар,
Кайып деген кан деген,
Канкор Манас баатырга
Кайната болгон жан деген.
Лаатманат жар болуп,
Ырас колго тийиптир,
Көкө теңир көп айтты,
Көз алдыма алып кел,
Кашыма чукул алайын,
Кайта динге салайын,
Адашкан экен дининен,
Лаатманат пиринен,
Ак жолун акыр көрөр – деп,
Айтканыма көнөр – деп,
Айтканыма көнбөсө
Акыры эртең өлөр – деп,
Айтты мага буйрук – деп,
Аскердин баары муну ук!» – деп,
Култка болгон Таскылың
Куп ошондой азгырган.
Көп аскер тышка калганы,
Көтөрүп алып кутусун
Көсөл аяр барганы.
Каапырдан аяр Чүкүрүк
Капкасына бутунун:
«Канын уурдап келдим!» – деп,
Мактанып кирди жүгүрүп.
Капкадан алып киргени,
Жаңы башы киргенде
Аяр Таскыл а жерден
Апсун окуп иргени.
Айтуудан тили байланды,
Айнектей көзү жайнады,
Аярлык кылам – деп, барып,
Чүкүрүк шору кайнады,
Кайнабаса неткени,

Бутуна кылган капканы
Аяр Таскыл бектеди.
Капкада калды Чүкүрүк,
Айласы жок, тили жок
Ары-бери жүгүрүп.
Кутусун алды колунан,
Куудулсуган Чүкүрдү
Куп азгырды жолунан.
Апсун окуп, дем салып,
Алиги сандык өзүнө,
Аман-эсен Кайып кан
Көрүндү Таскыл көзүнө.
Аярдын уурдап келгенин
Азыр билди Кайып кан,
Айран-азыр таң калды.
Кашындагы канча жан,
Айланасын караса,
Алтын капка, чоң сарай,
Салтанаты бир далай.
Үч жүз балбан чыгышты,
Алып келген Чүкүрдү
Уруп-уруп жыгышты.
Таскыл келген күчүнө,
Ал сарайдын ичине
Кубатым – деп, кут койгон,
Кудайым – деп, бут койгон,
Сарайдан башка заңгырап,
Он беш кулач бийиги,
Ал сарайга камаган
Алты жүз отуз кийиги,
Кудайы кылып койдук – деп,
Баашалыкка бактырган,
Барча журту жактырган.
Ортодо сүрөт буту бар:
«Оңбогон экен каапыр!» – деп,
Ойлонуп турду ушулар.
Апсун окуп, дем салып,
Таяк жеген Чүкүрүк
Эстен танган сандалып.
Кутусуна салганы,
Кулду кудай берди – деп,
Куп бекитип алганы.
Чүкүрүк кийимин кийинип,
Бир кудайга сыйынып,
Кашындагы Кайып кан,
Кайраты ашык бу бир жан,
Ааламга маалым сөзү бар,
Аңдап турсам бу дагы
Аяр чалыш өзү бар,
Дуу-ду Култка таажысын
Куп киерге кези бар.
Тоту куштун куйругу
Төбөсүнө сайылып,
Эки ийинге жайылып,
Зумурут таажы, ташы бар,
Канга ылайык башы бар,
Култка менен Кайып кан
Туура теңтуш жашы бар.
Бутканада олтуруп,
Буйрук кылып кеп айтат:
«Солон, Шыбан кайда экен,
Көкө теңир буйругун
Көбүңөр уккун!» – деп, айтат.
«Казынага бактырган,
Сынчылар сынын жактырган,
Мойнуна тумар тактырган,
Болоттон така кактырган
Үч жүз беш ат киргизгин,
Куранды ээр токутуп,
Кундуздан көрпө салдырып,
Азыр мында киргизгин
Дорголорго алдырып.
Көк теңир тилек берди – деп,
Көктө жүргөн бериште
Кудай буйрук кылган соң,
Куп экен – деп, келди – деп,

Сайса найза тешпеген,
Чапса кылыч кеспеген,
Аларга акыр өлүм жок,
Эч нерседен сезбеген.
Мылтык атса ок өтпөс,
Отко жакса чок өтпөс,
Көп бериште кол берди,
Көк теңир маа зор берди».
Култка болгон Кайып кан:
«Кудай жардам берди» – деп,
Кубанышты канча жан,
Ат сарайга барганы,
Үч жүз бедөө аргымак
Арнап кармап ушул чак,
Куранды ээр токутуп,
Кундуздан көрпө салдырып,
Токсон дорго жетелеп,
Бутка салган сарайга
Булар келди энтелеп,
Үч жүз атын жетелеп.
«Кирбей тышка туруңар,
Көк теңирдин үстүнө
Көбүрөөк кирсең дүбүрөп,
Бейадеп болор мунуңар,
Мен айткан кепти угуңар».
Чүкүрүк болгон Таскылың,
Карагын сөздүн мазмунун,
Аргымактын баарысын
Ал сарайга киргизип,
Айтып кабар тийгизип,
Алиги үч жүз кишиге
Казыналык мүлкүнөн
Каруу-жарак киргизип,
Аскерин чыңдап алыптыр.
«Алла берген аскер!» – деп,
Кайып кан жолго салыптыр,
«Лаатманат берди!» – деп,
Аскеринин баарысы
Сүйүнүшүп калыптыр.
Жарагын жалпы белендеп:
«Жараткан жардам берген соң
Кыргыздардын аскерин
Кырып салып келем – деп,
Кармабасын эл – деди,
Көкө теңир жарлыгын
Көбүңө айтам мен – деди.
Алты жүз отуз кайып бар,
Кудайы кылып мен үчүн
Койгон болсоң калыктар,
Камап койсоң айып бар,
Азат кылгын аны – деп,
Кыйылбасын жаны – деп,
Көк теңир айтты өзү – деп,
Көбүнө ушул сөзү» – деп,
Култка дуу-ду, Чүкүрүк,
Чүкүрүк болгон эр Таскыл
Журтка салды көп мүлүк,
Айтканына ынанып,
Арбак урду көпчүлүк.
«Каныбыз кайда кетер – деп,
Аз экен го аскери,
Аз да болсо аскери
Алданын жардам бергени
Бири миңди койбос – деп,
Жалгызы санга тойбос – деп,
Жайнап келген чантууну
Жайын кылбай койбос!» – деп,
Көпчүлүктүн баарысы
Көңүлүнө алганы,
Кыйратар – деп, кыргызды
Кылым аскер калганы,
Кутулуп алып Кайып кан
Кубанып жолго салганы.
Куудулданган Чүкүрүк
Өз кутусуна байланып,
Өзү түшүп калганы.

Өрдөп алып бир чапка,
Кайып кан келет кол жакка.
Аны таштай туруңуз,
Анжиянда Алооке
Алла эмине сөзү бар,
Аңгемесин угуңуз.
Култканын барган кабары,
Кубайыс аттуу чабары.
Кубайыс барды бир чабар,
Жүргөн экен Алооке
Дүнүйөдөн бейкабар.
«Эсенкан Бээжин шаарында,
Эч адам мени сен дебес
Эсенкан аман барында!
Карарып жатыр Каканчын,
Баа жетпеген Бакбурчун,
Чын аталган Чынмачын,
Элим эсен жатат – деп,
Эсеп берип коём тим,
Ар бир жерде аким бар,
Убайымсыз жүргөнгө
Улукта мындай болгон ким?
Ушуну ойлоп Алооке,
Таажы кийип башына,
Нөкөр алып кашына,
Такты минип астына,
Тамашакөйлөр кашында,
Жетимиш эки нааманы
Өнөрпоздор салганы.
Чоор, комуз, кыягы
Чоң баашадай сыягы,
Өнөрпоздун баарысын
Өзү кылып коногун,
Өткөндөрдүн баарынын
Айттырып арбын жомогун,
Ырчыларын ырдатып,
Өкүмат ээсин-улугун
Өткөндүн сөзүн тыңдатып,
Кайраты казыр бойдо жок,
Бу дүнүйө кайгысы
Олтурган экен ойдо жок.
Кубайыс сундуң барганы,
Кучактап алып аягын,
Айгайын арбын салганы.
Сууруп катын бергени,
Журт бийлеген эрлери
Окуп-окуп көргөнү,
Оюу терең эрендер
Оңбогон экен! – дегени.
«Бир чекеси Ындыстан,
Караган экен канча жан,
Даңгуудан алса Мунарды
Жан жеңбейт ко буларды?!
Ымалайда Кайып кан,
Бул Манастын өзүнөн
Ыктаган экен канча жан.
Айланабызды алыптыр,
Алакандай Анжиян-
Араң ушу калыптыр,
Акунбешим зор бааша,
Аскер алып камалап,
Арстан Манас барыптыр.
Аламын – деп, чамалап,
Алеңгирди салыптыр.
Суңшоодогу Култка
Мингендей болуп жүрчү эле
Асмандагы булутка,
Азап түшүп бу журтка
Кабары мында келди – деп,
Алып койсо арканы
Куп сындырды белди – деп,
Ушу келген Кубайыс
Ойбойлошу эп экен,
Олтурбайлык бекерге,
Оңдурбай турган кеп экен.
Аскерди арбын алыңар,

Ардалык доотай баш болуп,
Үч жүз миң аскер барыңар,
Улуксуп жүргөн уйгурду
Үстүн-астын салыңар.
Өстүрбөй багын кыйыңар,
Өргүтпөй өртүн тыйыңар,
Алтайдан келген бурутту,
Алеңгир кылбай журутту,
Азыр деси кайта элек,
Акимсинип туруптур,
Кармап эбак жоготпой
Каканды кудай уруптур!»
Кан Алооке күүлөнүп,
Каарданып сүйлөнүп,
Ордого керней тарттырды,
Аскеринин азыгын
Отуз билге арттырды.
Күңгүрөтүп билдерин,
Бириң калбай жөнө – деп,
Бил багуучу тилмерин,
Төөлөрүн бакыртып,
Жаң-жуң, суңдуң, чыйтайын
Төрөлөрүн чакыртып,
Үч жүз миң аскер чыгарып,
Үлкөндөрдүн баарысын
Урушмакка ыйгарып,
Бетине мылтык алгандан,
Мергенсинип калгандан,
Чоюп жаа тарткандан,
Чоң-кичини аткандан,
Күүлөп күрсү алгандан,
Күчү толук балбандан,
Сундуруп найза салгандан,
Журт бийлеген зардалдан,
Баатырлыкка атанып
Маалым болуп калгандан
Үч жүз миң аскер шайлады,
Аркалыктын үстүнө
Бар ылдам – деп айдады.
Шүмшүк аяр, Ардалык,
Аларга кеткен көп калык,
Эки жүз миң кол менен,
Чыгарган башка жол менен
Аскеринин санаты,
Азыркысын жайылган
Алоокенин канаты,
Эки жүз миң кол менен,
Эр Ардалык зор менен,
Шүмшөк аяр ичинде,
Жан пар келбес күчүнө,
Алар мурда кетиптир,
Тогуз күн мурун астында
Тополоң салып жетиптир.
Аскер менен жабылып,
Ашып-конуп Чаар-Ташка,
Шүмшөк деген каапырдын
Аярлыгы бир башка,
Култканы Таскыл алганын,
Куржунуна салганын
Бир күнү мурун билиптир,
«Тез жүрөлүк, баатыр!» – деп,
Ашыгып жолго кириптир.
Келген экен ылдам – деп,
Керме-Өзөндүн талаадан,
Куткарсам – деп, Култканы
Уйгур, кыргыз балаадан
Ылдамдап жолго салыптыр.
Табам – деп, бурут жайыңды,
Басып Чолок-Кайыңды,
Баяр менен Шорону,
Басып өтүп шолорду,
Кудай билет бул иштин
Аягы кандай болорду,
Кара-Тоонун оюнда,
Кара-Суунун боюнда
Калың аскер кол менен,

Кайып кан баштык зор менен
Аскер жаткан жайлашып,
Аттарын таптап байлашып,
Уурдалып кеткен Кайып кан
Ушу бүгүн аскерге
Келип турган жаңыдан,
Алар көрдү бу жайдан,
Күн батыштын тарабы
Ак-Сай менен Көк-Сайдан
Калкылдаган туу чыкты,
Каңгайлаган чуу чыкты.
Көрүп турса көпчүлүк
Аламандап ат коюп,
Буларга салды көп түлүк.
Түлүк эмей неткени
Эки жүз миң кол келип,
Карсылдашып келгенден,
Каптаган бойдон кеткени.
Мусулман колу – эки жүз,
Каапырдын колу – эки жүз,
Салышкан жери сары түз.
Добулдун үнү дабырап,
Буудай куурган немедей
Мылтыктын үнү бадырап,
Жебенин огу зыпылдап,
Коркоктун баары кыпылдап,
Тууну-тууга урушуп,
Туу такандап турушуп,
Аралашып эки кол
Ач бөрүдөй жулушуп,
Арманы жок урушуп,
Төшкө найза салышып,
Төбөлөшүп калышып,
Беттеп найза салышып,
Белден кылыч алышып,
Аркы-терки чабышып,
Аянбай уруш салышып,
Айбалта жандан чечишип,
Аманат жандан кечишип,
Каапыр менен мусулман
Аралашып кетишип,
Азууларын аркайтып,
Ат жыгылды сулайып,
Муруттарын чычайтып,
Эр жыгылды булайып,
Коркурай түшүп жан чыгып,
Шоркурай түшүп кан чыгып:
«Башын кесип өлтүр!» – деп,
Баары ортого алышып
Айбалта, кылыч салышып,
Жабалактап аткан бар,
Жаны чыкпай жакында
Чабалактап аткан бар.
Чалкар канга чөмүлүп,
Жайы кетип жаткан бар.
Ичегиси чубалып,
Ичин басып буралып
Ийилгени дагы бар.
Тоноп алып өлгөндү
Кийингендер дагы бар,
Колу сынып кокуйлап,
Козголбогон дагы бар.
Койгулашып эки кол
Уруш кылган чагы бар,
Буту сынып буралып,
Тура албаган дагы бар,
Алы кетип, ат башын
Бура албаган дагы бар,
Алсырабай неткени
Жанындагы кылычын
Суура албаган дагы бар.
Найза тийип далыга
Өбөктөгөн дагы бар,
Аттан илип алышып,
Жөнөктөгөн дагы бар.
Алы кетип алсырап,

Каруусу кетип кансырап:
«Кантесиң өйдө тургун!» – деп,
Жөлөп жүргөн дагы бар.
Кыйраптыр колу-буту – деп,
Жаш баладай кошунда
Бөлөп жаткан дагы бар.
«Баландын аты кетти эле,
Мына муну алсын» – деп,
Жетелеп келип ат берип,
Төлөп жүргөн дагы бар.
Чоюнбаш тийип чокуга
Оюлганы дагы бар,
Согушуп жүрүп жан чыгып,
Чоюлганы дагы бар,
Качырып, найза каапыр! – деп,
Сайып жүргөн дагы бар.
Калканын тосо бергенде
Ар жагына найза өтпөй,
Тайып жүргөн дагы бар,
Кара как менен оозуну
Чайып жүргөн дагы бар.
Тиши сынып оозунан
Убап жүргөн дагы бар,
Карсылдашып урушуп,
Ичегиси чубалып,
Чубап жүргөн дагы бар.
Койгулашып жүрсө да
Бирин бири дайындап
Сурап жүргөн дагы бар,
Очогор тийип, окко учуп,
Кулап жүргөн дагы бар,
Ойбойлошуп көпчүлүк,
Чуулап жүргөн дагы бар,
Уруш менен ушул күн
Көз байланган чагы бар.
Көз байланды, кеч болду,
Уруш тараар кез болду,
Жамандардын баарысы
Акылдан танып, нез болду.
Каапыр менен мусулман,
Карсылдашкан канча жан,
Кечинде тарап уруштан,
Каза тапкан канча жан.
Отуз-кырктан топтошуп,
Көрүнбөгөн кай бирөөн
Көңүлгө алып жоктошуп,
Издеп жүргөн дагы бар,
Колго түшкөн жесирди
Кол-аягын бек байлап,
Тиздеп жүргөн дагы бар.
Адашкан экен балаң – деп,
Баланчанын кошунда
Жүргөн экен аман – деп,
Мындай улуу черүүдө
Дейдилик деген жаман – деп,
Таап жүргөн андан көп,
Сүйүнчүлөп бир бирин,
Калкына кабар айтам – деп,
Чаап жүргөн сандан көп,
Тоң тиштейт – деп, жарасын
Жаап жүргөн андан көп.
Токтото албай каныны
Бууп жаткан андан көп.
«Күйүгүп калдым жаман» – деп,
Тамак ичпей, суу татпай,
Сууп жаткан сандан көп,
Тула бою кызыл кан,
Намазга саат болот – деп,
Жууп жаткан андан көп,
Жүдөгөн экен кайбар – деп,
Жүрөгүндө кан бар – деп,
Ок жуткуруп окшутуп,
Оңой жерде ок бар – деп,
Тинтүүр салып копшутуп,
Билип аткан андан көп.
Даярлап алып шакшагын,

Колу-буту сынганды:
«Козголбой туруп тандыр!» – деп,
Тай мөңкүткөн немедей
Минип аткан сандан көп.
«Кашкулак өтү барбы?» – деп,
Сураганы андан көп,
«Кажырдын эти барбы?» – деп,
Чуулаганы сандан көп.
Күмия дары, мумия
Бар бекен? – деп, кошунда
Сурап жүргөн андап көп.
Күйүт тартып өкүрүп,
Чуулап жүргөн сандан көп,
Баланчанын жарасы,
Байкап аны карачы,
Кандай? – дешип жарасын
Сурап жүргөн андан көп.
Чалабын чайкап жутушуп,
Жаныбыз тирүү калса – деп,
Жакаларын тутушуп,
Даамдарын татышты,
Эс алышып эки кол
Эки жакка жатышты.
Эки күнү жатышып,
Тыныктырып көлүгүн,
Жыйып алды өлүгүн.
Өлүктү жыйып көрүштү,
Жаназа окуп мусулман,
Жалпы баарын көмүштү.
Бурак атын токушуп,
Жаназа намаз окушуп,
Кандай адам өлөр – деп,
Өлгөндү калган көмөр – деп,
Кайраттуунун баары айтат:
«Атасынын көрү бир жандын,
Шейит болуп жөнөп!» – деп.
Кайрат айтып баатырлар,
Баатырлыгы бары чын…
Карсылдашкан душмандан
Кайра тартпас баатырлар
Буудандын баарын байлашып,
Жарактын баарын жайлашып,
Мусулман жатты кудайлап,
Урушка минер ат шайлап,
Каапырдын калкы каңгайлап,
Кармашсак – деп, мусулман
Кайраттанып бел байлап,
Алсырап каапыр кайгырып,
Аскер башы Ардыгы
Акылынан айрылып:
«Дабаан ашып урунуп,
Тоо көрө элек экенмин,
Тамандашып урушуп,
Жоо көрө элек экенмин,
Азуулары аркайган
Шер көрө элек экенмин,
Алыска сапар жол жүрүп,
Жер көрө элек экенмин,
Алышканы оң бакпас
Эр көрө элек экенмин,
Өлүм жакка өмөлгөн
Эл көрө элек экенмин.
Кармагандан кан чыккан,
Карагандан жан чыккан
Күчтүүнү көрбөй жүрүпмүн,
Кара башы казандай
Күрсүнү көрбөй жүрүпмүн,
Жазайыл мылтык октогон
Мергенди көрбөй жүрүпмүн,
Чанчышкандын жазасын
Бергенди көрбөй жүрүпмүн,
Алеңгир жаа, сыр жебе
Чойгонду көрбөй жүрүпмүн,
Канды суудай шимирип,
Тойгонду көрбөй жүрүпмүн,
Карайлатып душманын

Койгонду көрбөй жүрүпмүн,
Кас кылгандын баарысын
Сойгонду көрбөй жүрүпмүн,
Сүңгү сүйрөп, найзаны
Салганды көрбөй жүрүпмүн,
Сүрүшкөнүн ойрондоп,
Алганды көрбөй жүрүпмүн,
Ташты жара кармаган
Балбанды көрбөй жүрүпмүн!»
Урушкан ара талаадан
Ардалык аны айтканы,
Кошун көздөй кайтканы,
Кыйынсынып келген кызыталак,
Кайып кандын колунан
Кагылган экен шайтаны.
Өрөпкүгөн көңүлү
Өрт өчкөндөй басылып,
Урушкан жердин баарысы
Ушалган экен казылып.
Калкандын баары сыныптыр,
Каапырдын көөнү тыныптыр.
Тынбаганда неткени,
Тыйпыл колу жарадар,
Шайманы минтип кеткени.
Калкын барып карады,
Калгандарын санады.
Жүз отуз миң калыптыр,
Калганы да курусун
Жүдөө болуп алыптыр.
Жетимиш миң жарадар,
Эсени эчөө болду экен,
Эсеп кылып караңар.
Элинде Ардык зор эле,
Басканы Бычан жол эле,
Элинен бери чыкканда
Эки жүз миң кол эле.
Ардык баатыр дегендин
Азыр түшкөн башына
Жалгандын акыр заманы,
Алтымыш миң калыптыр
Жарасы жок аманы.
Аял-уял кылбастан,
Алаптап уруш салыптыр,
Арзан көрүп урушуп,
Алды катып калыптыр.
Кырк алты келген жашы бар,
Кыйланы көргөн башы бар,
Кытайга кыйла баркы бар,
Кылайып уруш көрбөгөн,
Катыкпаган каркыбар
Кыйынсынып жөнөгөн.
Камалып жаткан Култка,
Кабарлашпай бу журтка
Капталып уруш салыптыр,
Урушкан менен ушалып,
Кан төгүлүп калыптыр.
Шашкеде келип турушуп,
Жайы-көйүн карабай
Шаша келип урушуп,
Ашыгып келип Ардалык,
Айдаганы көп калык,
Урушту бир күн салыптыр,
Ушинетип уруштан
Үшү кетип калыптыр.
Ашыкканы ашыптыр,
Арзан ойлоп урушту,
Кедейлерди карасаң,
Кеч киргенче шашыптыр,
Күн батканча чыдабай
Каапырдын көбү качыптыр.
Качканы барган кошуна,
Калганынын баарына
Кайгы түшкөн башына.
Өмдөп жүрүп мусулман
Өтүн жарган каапырдын,
Өжөрлөнгөн жакырдын.

Өкүмсүгөн Ардалык
Өзү калды балаага,
Жетимиш миң кишиси
Өлүгү калды талаага,
Өзү барды кошуна
Өлүмдү алып санаага.
«Өнөр көрсөм мындайды
Өлүм арзан турбайбы,
Калганым аман кетсем» – деп
Качмакты алды оюна.
Мусулмандын эли да
Меникиндей бекен – деп,
Эртеңки күн урушка
Бир кирейин бекемдеп,
Аскери алдуу көрүнсө
Атышам деп нетем – деп,
Аман качып кетем – деп,
Аны ойлонуп Ардалык,
Майышыптыр бар калык.
Эки жүз миң мусулман,
Эгей-шыгай канча жан,
Баш болгону Кайып кан,
Он жети миң өлүптүр,
О дүйнөнү көрүптүр,
Калгандары каапырды
Бөрү тийген кой өңдүү
Быт-чыт кылып бөлүптүр.
Отуз миңи жарадар,
Ойлоп аны караңар.
Жарадардын баарысын
Жаткырып коюп кошуна,
Кайып каны баш болуп,
Каапырдын барды кашына,
Кайраты бар баатырлар
Калкан жапкан башына.
Казган жерден таш чыккан,
Кармашып жүрүп ушулар
Өнөрү артык маш чыккан.
Булардын баары буулугат
Бир күн токтоп турушта,
Өмүрүнүн баарысы
Өткөн экен урушта.
Урушту көрөт оюндай,
Казаттын иши бир башка,
Кармашып жүрүп душманга
Көнүк болгон көйкашка.
Добул согуп күңгүрөп,
Тоо көчкөндөй дүңгүрөп,
Жазайыл атып жаңырып,
Койчагыр үнү чаңырып,
Майданга барды мусулман,
Барча каапыр калтылдап,
Коркуу кирди канча жан.
Байырдүң деген балбаны
Башына калкан алганы,
Барган жерден «жекелеп!»
Бакыра чыга калганы.
Минген аты кара көк,
Бир арышка өзү бек.
«Жекеге келген мусулман
Жер майланар өзү!» – деп,
Айгай салып акырып,
Ачууланып бакырып,
Байырдүң келип турганы.
Уйгурдан келген Урматбек
Ушу каапыр не дейт? – деп,
Атына камчы салганы,
Ала байрак сыр найза
Колго имерип алганы.
Урматбек каршы жеткени,
Узун найза колунда,
Байырдүң турган жолунда,
Барган жерден Урматбек
Көмө коюп кеткени,
Байырдүң калды жыгылып,
Башы чаңга тыгылып.

Урматбек турду акырып:
«Уруп кеткен каапырлар,
Кел бери!» – деп бакырып.
Аны көрө салыптыр,
Шүмшөк аяр дегени
Урматбекке бет алып,
Ат коюп келип калыптыр.
Каарданып Урматбек
Качырып найза салганы,
Колундагы найзасын
Шүмшөк да шилтеп калганы.
Чарайнага чак этип,
Найзанын учу шак этип,
Найза менен тирешип,
Ат үстүндө чирешип,
Маңдайлашып туруптур,
Каапырды кудай уруптур.
Шүмшөк аяр бадирек
Апсун окуп сүйлөдү,
Сайышып турган Урматты
Кумурскадай үйлөдү.
Аярлык эмей неткени,
Ат-маты менен Урматбек
Ат чабым учуп кеткени.
Кайраттана калганы,
Алтайлыктын Калдарбек:
«Атаңдын көрү каапыр!» – деп,
Качырып кирип барганы,
Аленгир жаа, сыр жебе
Ок бетине кармады.
Калдардын огу жетиптир,
Ок тийгенче бу каапыр
Дагы апсун нетиптир.
Карайлап алып Калдарбек
Кайра качып калыптыр,
Калдарбектин бир огу
Көкүрөккө сайылып,
Боорунун баарысы
Кызыл канга жайылып,
Каны бекер турбады,
Каапырды кудай урганы,
Урбаганда неткени
Дүйнө жүзү кыпкызыл
Канга окшошуп кеткени.
Ак-карасы таанылбай,
Айбандын баары да кызыл,
Ага-иниси таанылбай
Адамдын баары да кызыл,
Аты-тону баарысы,
Жашы менен карысы
Жалпы баары кызарды.
Адам түгүл жер да кан,
Адамдар болду айран-таң.
Тоосу менен таш да кан,
Бир жерине ок тийсе
Дүнүйөнү кан кылган
Бу түгөнгүр кандай жан?!
Агып жаткан суу да кан,
Уча турган канаттуу
Көктө жүрүп жуда кан.
«Аяр экен каапыр!» – деп,
Адамдар болду айран-таң
Омуроодон кан чыкты,
Ойбой салган үнүнөн
Кулак тунуп, жан чыкты.
Ал ишти көрө салыптыр
Каарланып эр Таскыл
Кашына жетип барыптыр.
Таскылга көздөй үшкүрүп,
Дагы бир дем салыптыр,
Алиги Таскыл аярың
Азуулары бычактай
Арстан боло калыптыр,
Аттуу турган Шүмшөктү
Алты жашар баладай
Атынан жулуп алыптыр,

Аягы жерге тийгенде
Апсун окуп салыптыр,
Азуулары канжардай
Каман болуп калыптыр.
Качырып каман калганы,
Кара чаар арстан
Чалдырбастан каманга
Жыга чапчып салганы.
Камандын бели бөлүндү,
Каны жерге төгүлдү,
Карап турган элиңе
Калабасы көрүндү.
Калаба болбой неткени,
Капкараңгы түн түшүп,
Дүнүйөнүн баарысын
Дүңгүрөтүп кеткени.
Арстан аны алганы,
Аскери жакка ыргытып,
Колдун орто жерине,
Тырмак тийген белине,
Каман учуп түшкөнү,
Карап турган кара журт
Жандан үмүт үзгөнү.
Үзбөгөндө не болду,
Үч жүз кулач ажыдаар
Ышкырды да, сойлоду.
Жутат экен бизди – деп,
Журттун баары ойлоду.
Арстан болгон Таскылың
Ажыдаарга барганы,
Ажыдаар оп тартып,
Жутайын – деп калганы.
«Колдой көргүн кудай!» – деп,
Журттун баары карады,
Ууртунан арстан
Чеңгел салып кармады,
Көтөрүп Таскыл турганы,
Ажыдаар болгон адамды
Айлантып жерге урганы.
Жерге тийип далп этип,
Жерге тийген жеринен
Тоодой жалын жалт этип,
Жалын күйдү күркүрөп,
Жакын турган аскерлер
Жайыла качты дүркүрөп.
Отун Таскыл өчүрүп,
Айкырыгы Шүмшөктүн
Жер дүйнөнү көчүрүп.
Таскыл кылыч алыптыр,
Ажыдаар болгон Шүмшөктү
Алты бөлүп салыптыр.
Алты бөлөк бөлүндү,
Аңгемеси көрүндү.
Караган калың эл болду,
Каны ташып сел болду,
Карк болобуз канга – деп,
Качып жүргөн эл болду.
Аярлык бар өзүндө,
Адис аят сөзүндө
Кайып кан каршы барганы,
Калабалуу каапырды
Күч менен күрсү салганы,
Күр-шар этип бу каапыр,
Пил болуп тура калганы.
Көп экен – деп, өнөрү,
Кыйын экен каапырдын
Жаны чыгып өлөрү.
Таскыл менен Кайып кан
Алар жакын барганы,
Али да болсо тим жатпай,
Ажыдаар болуп арбады,
Апсун окуп эр Таскыл,
Ажыдаар тилин байлады,
Шүмшөндүн шору кайнады,
Чүкүрүк салган кутуга
Кошо салып жайлады.

Жекеге Таскыл барыптыр,
Жер өлчөөсүн алыптыр,
«Баатырың болсо чыккын!» – деп,
Бакырып айгай салыптыр,
«Шүмшөктү алган мусулман,
Ким коркпосун ушундан.
Аяр ушул акыр – деп,
Баатыр тилеп майданга
Бизге келе жатыр – деп,
Бар келүүчү баатыр жок,
Апсун билген аяр жок,
Айла бизде калган жок!»
Аскердин баары алдырап,
Айтуудан тили балдырап,
Карап көзү жалдырап,
Беттешер бенде жок болду,
Мелтиреп баары токтолду.
Намыстанды Ардалык:
«Аяр да болсо барайын,
Атышып уруш салайын,
Аңдап көзүң салынар,
Аярлык кылса кокустан
Ат коюп эргип барыңар,
Айрып мени алыңар,
Арманы жок калыңар!»
Ушуну айтып Ардалык,
Уурубоз атты миниптир,
Узун найза колго алып,
Урушка өзү кириптир,
Көздөн бөлөк тешик жок,
Көпкөк темир кийиптир.
Буурканып-буксанып,
Буттай темир курчанып,
Калкан, соот, кыягы,
Каармандай сыягы,
Майданда турган Таскылга
Атына камчы салганы,
Найзасын оңдоп алганы.
Уурубоз атын чуратып,
Артынан чаңын буратып,
Таскылга каршы жетиптир,
Найзасын мурун нетиптир,
Тийгизбестен найзасын,
Шалк этип аттын бооруна
Эр Таскыл түшүп кетиптир.
Шилтеген бойдон найзасы
Үстүнөн алыс өтүптүр.
Алыс өттү найзасы,
Каапырдын кетти айласы.
Оңолуп аттуу тургантры,
Жандап өтө берерде
Кара каптал тушу! – деп,
Кайраттуусунган каапырдын
Капталга найза урганы.
Таскылдын сайган найзасы
Ардалыкка жетиптир,
Астындагы боз аттын
Капталына кетиптир.
Аттын кармап жалынан,
Үмүт үзүп жанынан,
Ээрден көтү кылтайып,
Үзөңгүдөн бут тайып,
Качып кирди колуна,
Найзасын жанчкан боюнча
Эр Таскыл түшкөн соңуна.
Колуна кирип калыптыр,
Туш-тушунан Таскылга
Каапырлар найза салыптыр.
«Көптөйт экен каапыр – деп,
Көңкү баарың жабыл!» – деп,
Кайып кан айгай салыптыр,
Араң турган мусулман
Ат коюшуп калыптыр.
Чаң уюду көгүнө,
Жапаа түштү көбүнө.
Алтымыш миң кол эле,

Жарасы жок турганы
Урушары ол эле.
Жүз элүү миң мусулман,
Түгү калбай ушундан,
Жаа Аллалап каптады,
Жайнап турган каапырлар
Алапайын таппады.
Соорусун аттын салганы,
Согушуп кайрат кыла албай
Созулуп качып калганы.
Качканы курсун көпчүлүк,
Каапырга түштү көп түлүк,
Жүктөп качып кете албай,
Кошунда калды көп мүлүк.
Артылбастан кош калды,
Атынын баары бош калды.
Алысыраак жүргөнгө
Алеңгир жааны чойгулап,
Астына жакын келгенин
Найза менен койгулап,
Бараң октоп мергендер,
Атышмакка келгендер,
Чың ок салып мылтыкка
Чылап кетип баратыр,
Качып берген каапырды
Айбалта салып жонунан
Ийлеп кетип баратыр.
Күрсү менен чокусун
Оюп кетип баратыр,
Ондон-бештен ар жерге
Союп кетип баратыр,
Кара канга камбылдар
Тоюп кетип баратыр.
Шашкеде кууду каапырды,
Самандайын сапырды.
Керме-Түздүн өзөндө
Керип кетип баратыр,
Атын жыйып ар жерден
Терип кетип баратыр,
Сайышкандын сазайын
Берип кетип баратыр,
Түн боюнча түрүптүр,
Анжыян тоосун ашырып,
Таң атканча сүрүптүр.
Эки жүз миң аскерден
Он беш миңи кутулуп,
Абалы келген кутуруп,
Бир жүз сексен беш миңи
Кыргынга калды тутулуп.
Анжыянга оодарып,
Айдап сүрүп салыптыр.
Ашкан бели Чатты экен,
Анда кыргыз мыкты экен,
Каапырлар качып чычты – деп,
Калк кумардан чыкты – деп,
Чычты-Бел – деп, аталган,
Белде жүрбөй ат калган,
Ушулардын баарына
Уйгур, кыргыз чаң салган.
Ушу күндө карасак
Ашкан бели алардын
«Чычты» атагы өчүптүр,
«Чытты» атакка көчүптүр,
Мыктылардын баарысы
Бизден мурун өтүптүр.
Сайып алып душманын,
Заман акыр журтуна
Айтылгандай иш болуп,
Албай калдым дегендин
Чылбырга колу үч толуп,
Алтындуу ээр аргымак,
Аректей болгон тобурчак,
Кең соорусу бир кучак,
Келишимдүү тобурчак
Шатектетип айдатып,
Чабалын жанга байлатып,

Басып Баяр, Шорону,
Асылын көмгөн экен – деп,
Аңтарышып орону,
Кырк-элүүдөн аттарды
Айдап келип турушат,
Кыжылдатып кытайын
Байлап келип турушат.
Кара байык тобурчак,
Канча экенин ким билет,
Айдап келип туруптур,
Кажылдатып калмагын
Байлап келип туруптур,
Жайылдык кылган каапырды
Жара чаап баштарын,
Жайлап келип туруптур,
Торгун, тубар тондорун
Тоноп келип туруптур,
Тоого, ташка каапырды
Солоп келип туруптур.
Чачылып калган кошторун
Жыйып келип туруптур,
Чала өлүк болгон каапырды
Кылыч чаап мойнуна,
Кыйып келип туруптур,
Жарамсызын журтуна
Үйүп келип туруптур,
Кармаган аттын көкүлүн
Түйүп келип туруптур.
Алласына сыйынып,
Кайып кандын калың кол
Эки күндө, бир түндө
Аяк-башын жыйышып,
Култканы көздөй салыптыр.
Калк урушуп жүргөндө
Калабалуу Култка
Карабастан бу журтка
Качып кетип калыптыр.
«Уурдады Таскыл мени – деп,
Көңкүп жаткан көп маңгул,
Көрбөймүн журтум сени – деп,
Ойлондум эле барганда,
Ойрон Таскыл алганда,
Көрдүм журтум силерди,
Көңүлүмдөн чыгардым
Кайта такка минерди».
Муну айтып Култка салганы,
Уккандар айран калганы.
«Каным, Култка, неттиң? – деп,
Кудай берген аскер – деп,
Үч жүз кол менен кеттиң – деп,
Казынадан ат минип,
Катарлап сонун тон кийип,
Жаракты жайлап мол алып,
Жараткан жардам берди – деп,
Үч жүз аскер кол алып,
Кыргыздын журтун кырам – деп,
Кылчайбай бизге кеттиңиз,
Барган соң баатыр, неттиңиз?
Ат-тонуңдан айрылып,
Жөө-жалаңдап жеттиңиз!»
Бу сөздү айтып чуулашып,
Жайын-көйүн сурашып,
Алар антип калганы,
Аны уккан соң Култка
Ачууланып салганы:
«Аңдасаңар сөзүмдү,
Таң саргарып атканда
Чала жан көрдүм өзүмдү,
Айлана душман жоо келсе
Ачпапсыңар көзүңдү,
Кужулдабай токтоңор,
Илимдүүнү жоктоңор,
Мусулмандын колунан,
Бурула качып жолунан,
Алты чыйтай, он суңдуң,
Араң качып кутулдум.

Аңдабай барып чантуунун
Аярына тутулдум,
Аскерим кайрат кылбасаң
Акыры жерге жутулдуң.
Бапылдабай токтоңор,
Баатыр менен балбанды
Бачымыраак жоктоңор.
Эсебин элдин алыңар,
Ылдамыраак барыңар,
Кадиктүүнү караңар,
Аярларды байкаңар,
Баатырларды санаңар,
Аскер барбы аңдаңар,
Арзан кыргыз – деп туруп,
Арам өлүп калбаңар!
Ар кимиң сактан өзүңөр,
Ай караңгы түн болсо
Асили жумба көзүңөр.
Азыр кирсең уйкуга
Алек кылар өзүңдү,
Арман менен өлбөйлүк
Аманат жанга сак болуп,
Ачып кара көзүңдү!»
Айтып Култка токтолду,
Ата-ата уулу болушуп,
Адамдарын жоктоду.
Калдайлардан канча жок,
Жаң-жуңдардан жана жок,
Балбандардын башы жок,
Дорголордон токсон жок,
Тыйтайлардан тыйпыл жок,
Кыйындардан кыйла жок,
Кыйкырышып сурашып,
Айгай жерге сыйган жок.
Көрбөгөн соң көп колдон
Жоголгондун жакыны
Көзүнүн жашын тыйган жок.
Жаш тыйылар мөртү жок,
Эски аскердин эсеби
Беш жүз сексен төртү жок.
Култка угуп куруду,
Алдыргандын баарынын
Ата-энеси чуркурап,
Ач бөрүдөй улуду.
Же урушуп өлүп албады,
Уурдалгандын баарысы
Убарага калганы.
Наалып Култка ыйлады,
«Артык эле адамдын
Аманат жаның алганы,
Эгерим мындан жакшы эле
Энеден туубай калганы.
Түпкө ушинтип жетеби,
Түн болгондо көз жумсак,
Түк койбой кырып кетеби?
Көк теңирге зарлансам,
Тилегим кабыл этеби?
Бет алып душман келген соң
Бекерге жатып нетели!
Анжиянда Алооке
Андан жардам сурадым,
Алигиче кабар жок.
Айран болуп турамын.
Азыркы турган ага-ини
Атышсакпы бел байлап,
Акылын тапкын булардын,
Азыр менде акыл жок,
Алдырап карап турамын.
Буйругуңду тутам – деп,
Буттан жардам сурадым,
Көк теңир айткан буйругун
Көңүлгө алып турамын.
Текеберлик кылдымбы
Мусулманга тутулдум,
Теңирим буум жар берип,
Өлбөй тирүү кутулдум.

Көрбөгөнүм көп экен,
Көрүп келген жумушум
Көңүлдөн кеткис кеп экен.
Мендей кордук көргөнчө
Бенде болуп дүйнөгө
Келбегеним эп экен.
Лаңгү-Таба, Суңшоону
Жеке билип ошону,
Улуксунуп жүрүпмүн,
Алтымыш жылдан бер жакка
Арбын дооран сүрүпмүн.
Азыркысын турамын
Кара жерге тапталып,
Жүргөн экен мээнетим
Карыган чакка сакталып.
Мусулмандын Таскылы
Мындан уурдап жазгырды,
Теңирге жалгыз киргизип,
Мени шайтан азгырды.
Казынадан ат минип,
Карк алтындан тон кийип,
Култка болуп кеткени,
Кайыптын түпкө жеткени.
Кайран Чүкүр барган го
Үч жүз киши, Кайыбын
Үйүнөн уурдап алган го,
Култкамын – деп кутулган
Кайыптын сөзү жалган го,
Кармап кырып таштабай
Силерди кудай алган го.
Эссиз Чүкүр аярым
Аман Култка – деп, келип,
Азапка түшүп калган го.
Мусулмандын Таскылы,
Мусулман менен каапырды
Мурунтан кудай кас кылды,
Аярлык менен жеткен го,
Кайып канын баш кылып,
Айрып алып кеткен го.
Култкамын – деп кутуруп,
Чүкүрдү мантка салган го,
Мээнети кетип талаага,
Менин курган Чүкүрүм,
Чын балаага калган го.
Такта минип кан болуп,
Таскылдан көрдүм кордукту,
Казынадан ат койбой,
Кайыптан көрдүм зордукту.
Уурдап барып өзүмдү,
Угуңар айткан сөзүмдү,
Бадышалык салтанат
Башымдан алды таажымды,
Карасам неме койбоптур
Казыналык каржымды.
Баарын тандап алыптыр
Урушка минер атымды,
Ушунчалык кор болдум,
Кимге айтамын датымды?!
Аманат жаным сактаарга
Арганы кандай табайын,
Анжыян барып жоголду
Айтып ийген кабарым.
Акыл табар аяр жок,
Кызмат кылар кыяр жок,
Күчү толук балбан жок,
Бардаштуу баатыр калган жок!»
А сөздү айтып Култка
Атышмакка бел байлап,
Барыңар! – деп, бурутка,
Карап турду көпчүлүк,
Каны Култка сүйлөдү
Карап турган журтка.
Айтып оозун жыйганча
Аны-муну кылганча
Жасалаң деген жайсаңы
Шашып кирип барганы.

Көргөн адам болгон таң,
Башы-көзү кызыл кан,
Баштагы түрү бир да жок,
Ыраңы жаман бузулган.
Көргөндөр көзүн салыптыр,
Көпчүлүк айран калыптыр.
«Кайдан келдиң жайсаң?» – деп,
Каны Култка сурады.
Бирде келип эсине,
Бирде келбей эсине,
Араң жаны турады.
«Алоокеден кол келди,
Эки жүз миң мол келди,
Ардалык баштап зор келди,
Шүмшөк аяр илегер,
Түгү калбай кырылды,
Чыдабадык урушуп,
Чын экен – деп, биле бер.
Анжиянга түшүрө
Аларды кууп жиберди,
Азар түмөн кол алып,
Алууга келет силерди».
Жасалаң айтып салганы,
Энтеңдешип дүрбөшүп,
Эрдемсиген каапырлар
Бирин бири жүр! – дешип,
Атка минип калганы.
Күн жүрүшкө бет алып,
Күркүрөшүп аттанып,
Даярданып алыптыр.
Жетиген жагы тоо экен,
Терең-терең коо экен,
Ургабаш деген бел экен,
Ар жагы Дүбүр-Көл экен.
Баатыр Үрбү, Мунар кан,
Байкап туруп кебин ук
Бара жаткан булардан.
Бойгуттун журтун алыптыр,
Катыраң аяр кыз өлүп,
Калганын динге салыптыр,
Үч жүз миң аскер кол менен,
Дүбүр-Көл көздөй жол менен
Дүңгүрөп жөнөп калыптыр.
Бет-бетинен тоо ашып:
«Суңшоосу кайда болот?» – деп,
Бир-биринен сурашып,
Калканды күндөй жаркытып,
Кас буудандын баарысын
Ач маралдай аргытып,
Мубакул найза солкулдап
Буудан аттар болкулдап,
Ак болот кылыч шаркылдап,
Асабалар жалпылдап,
Кемерлер белде жаркылдап,
Кең багелек балкылдап
Кетте черүү үч жүз миң
Белге чыкты калкылдап.
Ар тарабын чөл көрдү,
Ала-Тоонун башында
Аяк-башы ат чабым
Айдың чалкар көл көрдү.
Каз өрдөктүн көбү бар,
Карап көрсө малга жай
Албан түрлүү чөбү бар,
Керилип кеткен туш-тушка
Кеңири жайлоо төрү бар,
Муну жердеп көрсөк – деп,
Мусулмандар көөнү бар.
Ар тарабы чөл бол – деп,
Алтындан курган тактадай
Атанын сонун көл бол! – деп,
Аскер көзүн салыптыр,
Сонун экен бу көл – деп,
Сонун-Көл атка калыптыр.
Аңдап көрсөк ушунда,
Акыр заман журтуна

Сонун-Көл аты өчүптүр,
Арзан үчүн айтууга
Соң-Көл атка көчүптүр.
Соң-Көл басып көп аскер
Урга коо ылдый салыптыр.
«Урушпай карап берер!» – деп,
Кубан кан сүйлөп калыптыр,
Каратам – деп, сиздерге
Милдетин минтип алыптыр.
Алеңгир жаасын чойдурбай,
Камалып жаткан калмакка
Ат салып чабуул койдурбай,
Урганын кокту жол менен,
Ыңкыган калың кол менен
Алабыз – деп, ойлоду,
Ак-Теректи бойлоду,
Тогуз-Булак чатына
Култка кароол койгону.
Кароолчу көрүп качыптыр,
Калың аскер келди! – деп,
Калкына кабар чачыптыр.
«Жерге сыйбайт көптүгү,
Жетип калды жакын – деп,
Желек туудан бөлүнбөй,
Жер майышат акыр» – деп,
Кароолчу качып барыптыр,
Кабарды Култкага салыптыр,
Муну уккан соң Култка
Эс-акылдан таныптыр:
«Түбүбүз туран түркбүз,
Дүнүйөгө мас болуп,
Түк көрө элек жүрүпбүз.
Кыргыз менен казагы,
Кылымга тийди мазагы.
Уйгурлук уруш салганбы,
Ушалап аны алганбы,
Кызыталак бу жалган
Кыргызга толуп калганбы?!
Каңгайлык калба салганбы,
Кара кыргыз, көп казак
Какандын калкын алганбы,
Каран калган дүнүйө
Казакка толуп калганбы?!
Аскерге эли көнгөнбү,
Казак менен кыргыздын
Калкы жерден өнгөнбү?
Лангү-Таба, Эки-Баш
Элине кыргын салыптыр,
Эси оогандын баарысы
Мага келип калыптыр.
Суңшоонун жогор жагынан
Кулан жайсаң кутулуп,
Кутулдун – деп, келсе да
Таскылга кетти тутулуп,
Тапатаза болдум бейм
Дуу-дулугум бузулуп,
Каран калсын каканчын,
Эңгиресин Эсенкан,
Эч бир байда көрбөстөн
Эми чыкты биздин жан.
Аяр Шүмшөк, Ардалык,
Алооке бизге жиберген
Абыдан арбын көп калык.
Мени менен беттешпей,
Кандай уруш салам? – деп,
Беш-алты ооз кептешпей,
Бейкабар уруш салыптыр,
Бекерге журтун кырдырып,
Качып кетип калыптыр.
Жетиген жактан кол келсе,
Жерге сыйбай мол келсе
Бизге душман калыктыр.
Бойгуттун журтун алгандыр,
Болжолсуз кыргын салгандыр,
Дүбүр-Көлдү баскандыр,
Урганын белин ашкандыр,

Суңшоонун журтун алам – деп,
Урушмакка шашкандыр.
Чукур-Кечүү, Суңшоодон,
Кордук көрдүм бу күндө
Казак, кыргыз чоң жоодон,
Эсеп кылсам билинди,
Эки-Баш эли бүлүндү,
Эки жүз миң элүү миң
Аскерим араң илинди.
Олжо болуп дүнүйөм
Бөлүнөр кези болгонбу,
Ойдо жоктор көзүмө
Көрүнөр кези болгонбу,
Ойрон болуп Култка
Көмүлөр кези болгонбу?!
Дөрбөлжүн, Туткуй калдайым,
Төгүлдү каның далайым,
Төгөрөгүм темир тор,
Кутулар жерим калбадым.
Төмөнтөдөн келбеди,
Дөдөмөл аттуу баатырым,
Басырыктап көп душман,
Башымда калбай акылым.
Куруп калсын тирилик,
Кутуларга жер барбы?
Куушуруп келген кыргызга
Кубат кылып, бел байлап,
Урушарга эр барбы?
Карап берсек нетебиз,
Лаанаттын дининен
Ыраак болуп кетебиз.
Мусулман тилин алабыз,
Бу дүйнөдөн өткөндө
Булта, Көкө теңир бар,
Дозогуна калабыз!»
Аны айтып Култка зарлады,
Аттанып чыккан көп аскер
Ар тарабын карады.
Аны таштап салыңыз,
Бойгуттун Кубан жаң-жуңдун
Кабарын угуп алыңыз.
«Маңгул дугул бул эле,
Баатырсыган кул эле.
Акимсиген эр эле,
Айтпайын десем ич күйөт,
Аркак-эриш неме эле,
Ар качандан, бир качан
Айткан кепке ынабас
Наадан чалыш кем эле.
Арачы болуп барайын,
Ар мүнөзүн карайын,
Урушпа – деп, айтайын,
Учурашып кайтайын».
Муну айтып Кубан салганы,
Култканын калаага
Аттанып жүрүп калганы,
Акылга толук жайсаңдан
Алтымышы барганы.
Суңшоодогу Култка,
Кубан болду арачы,
Арты кандай бул иштин
Аңдап аны карачы.
Кеп угуп дуу-ду канынан,
Турган экен дугулдук
Үмүт үзүп жанынан.
Бойгуттан Кубан барганы,
Дугулдар көзүн салганы,
Ар борумун көргөн соң
Мусулман болгон экен – деп,
Булар айраң калганы.
Ээгине сакал коюлган,
Эрдине мурут оюлган,
Айдар көкүл чачы жок,
Ар мүнөзүн караса,
Динден жанар башы жок.
Кан Култкага келгени,

Бөндү лама байна! – деп,
Калмакча салам бергени.
Жабы лаама байна – деп,
Култка жооп алганы.
«Куп келдиң баатыр Кубан – деп,
Шайым кетип душмандан
Жаман шашып турам – деп,
Карарып жаткан калааң – деп,
Калкың аман барсыңбы,
Катын менен балаң? – деп,
Каптап келген кызыл өрт
Кантип аман калам? – деп,
Калмак, маңгул бабаң – деп,
Казак, кыргыз кыйратты
Катташтырбай саган – деп,
Аманат жанды сактоонун
Аргасын кантип табам?!» – деп,
Айтып турду Култка:
«Айла тап – деп, бу журтка,
Аңдабай туруп кор болдук
Алакандай бурутка!»
Анда Кубан кеп айтат:
«Анда Култка – деп, айтат,
Урушкандын баарынын
Төгүлүптүр жини – деп,
Төгүн эмес чын окшойт
Мусулмандын дини – деп,
Айтат экен мусулман,
Алла нече байгамбар
Атын уктук ушундан,
Баштатадан үйрөнбөй,
Башкы атабыз бузулган.
Ак байгамбар Мустапа,
Аны көргөн ак сааба
Абунасыр кожо – дейт,
Арстан Манас баатырдын
Аскеринде кошо – дейт.
Кудурети кудайдын
Көрүнбөй туруп көзүңө,
Кошо жүрөт өзүңө,
Куп ишендим бурулбай
Мусулмандын сөзүнө.
Кудай жалгыз, куран чын,
Жакшы билип тутуңуз,
Жалган сөзгө ынанткан
Шайтан экен бутуңуз.
Уксаң айтам, Култка,
Убал кылба бу журтка.
Упалуу беттен кан акса,
Убалы кимдин мойнуна?
Сурмалуу көздөн суу акса
Жашы кимдин койнуна?
Алакандай Суңшоону
Алууга келди ошону.
Суңшоодогу сиз түгүл,
Бойгуттагы биз түгүл
Ойрон кылды Оргону,
Түптүз болду коргону.
Жарадар болдуң өзүңүз,
Жайнап келген кыргызды
Көрүп келди көзүңүз.
Алма-Коюр, Илебин,
Анын баарын алыптыр,
Каршылык кылган Кашкелдин
Канын төгүп салыптыр.
Арада Арсы жаң-жуңду
Мунар кан уруш салыптыр,
Арсы жаң-жуң өлгөн соң,
Адамынын баарысын
Мусулман кылып алыптыр.
Алты жүз миң кол менен
Акунбешим баашаны
Манас камап калыптыр.
Биз элек сенин тууганың,
Көзүң көрүп олтурсуң
Кармашпай карап бергин – деп,

Кашыңа келип турганым.
Алакандай Анжиян
Ага турсуң бел байлап,
Алоокеге дем байлап,
Ашуу бүтүп, кар алса,
Анан да кыргыз камаса
Аскериң аз, элиң жок,
Ашып качаар белиң жок
Куп шерменде болбогун,
Кутуларга жериң жок».
Аны уккан соң Култка
Ачыган боору журтка:
«Андай болсо Кубан кан,
Баш-аягы Суңшоонун
Маа караган канча жан,
Айткан тилиңди алайын,
Ага-иниме мен дагы
Акылдашып карайын.
Кылдың тууганчылыкты,
Айтып баргын аскерге,
Сүйлөп баргын колуңа
Одоно айтпай сылыкты.
Менин көрдүң бейлимди,
Менменсиген мусулман
Бүлдүрбөсүн элимди.
Аягандан өзүмдү
Арачы болуп келдиңби?
Айыл тиккен аралаш,
Азелден жүрдүк каралаш,
Аштык салдык ороолош,
Арак ичтик жоролош,
Койду салдык короолош.
Тай байладык ширгелеш,
Үйдү тиктик иргелеш,
Далайдан бери бириктик
Ынтымагың биргелеш.
Жакшы келдиң Кубан – деп,
Эми чантууң тил алса
Элимди кылба булоон – деп,
Караса карап берейин,
Катылбасын диниме,
Мусулман болуп бергин – деп,
Тийбесин менин жиниме!»
Анда Кубан кеп айтат,
Ачууланып бек айтат:
«Эски диниңбекер – деп,
Диниңтутсаңнетер – деп,
Диниме тийбе дегениң Бу сөзүң түпкө жетер – деп,
Көрүп турсуң бизди – деп,
Өжөрлөнүп өлөр – деп,
Көп аяймын сизди – деп,
Жакшы дебе диниңди,
Бөлөк динге кирбейм – деп,
Бөөдө төкпө жиниңди.
Акылым сенден кем белем,
Дин салыша келгенде
Арзан киши мен белем,
Билимим сенден кем белем?
Бичиктен бир жүз окудум,
Илимим сенден кем белем?
Ата жолу – деп, жүрүп,
Азганды билбей калыпбыз,
Аныктап кара башынан
Басканды билбей калыпбыз.
Бар кудаанын ажалы
Жеткенин билбей калыпбыз,
Бабаларың дозокко
Кеткенин билбей калыпбыз!
Баштатадан билбепбиз
Байгамбардын барлыгын,
Көрбөй туруп динге кир
Дүнүйөнүн тарлыгын,
Айткан сөзгө ынанбай,
Акыр тартып каларсыз
Акыреттин карлыгын!»

Аны айтып Кубан салганы,
Аскерине бет алып,
Азыр жөнөп калганы.
Аны көрүп Култка
Кубандын сөзү мындай – деп,
Айтты калың журтка,
Ага-инисин алганы,
Акылдашып калганы.
«Жети атабыз жеткен жол,
Жети да эмес ойлосом
Жетимиш ата кеткен жол,
Ата динден айрыл – деп,
Атанын арман дүйнө бол!
Ата менен бабабыз,
Айрылбасак бу динден
Алардын баарын табабыз.
Жамандык болсо жаманын,
Көрөт элек акыры
Алардын көргөн заманын.
Жакшылык болсо жакшылык,
Мусулман динге кирген соң
Ата-энеден какшыдык.
Эски динден кайрылдык,
Эски динден кеткен соң
Эне-атадан айрылдык.
Токтолбой кетер сөзүбүз,
Жумулуу кетер көзүбүз,
Согуштан коркуп дин берсек
Дозоку болдук өзүбүз!
Буркандын кылбай буйругун,
Мусулмандын кармайбыз
Кантип барып куйругун?!»
Айткан сөзү бу болду,
Басылбаган чуу болду.
Аздыгынан алдырап,
Айнектей көзү жалдырап,
Камалып каны токтолду,
Кайраты бойдо жок болду.
Эки жүз миң, элүү миң
Аскеринин санаты,
Азыркысын Култка
Талып турган канаты.
Анын сөзүн таштаңыз,
Мусулмандын Кайып кан,
Буга жолдош канча жан,
Эки жүз миң кол экен,
Келген жагы Кайыптын
Эки-Баштын жолу экен.
Туткуюн тутуп алыптыр,
Журтуна кыргын салыптыр.
Келин-Таш менен Кара-Суу
Түк калбаптыр мына бу.
Дөрбөлжүн жайсаң чабылган,
Бул бөксөнүн баарына
Мусулман уулу жабылган,
Алдырып ийип эл-журтун
Акылдан Култка жаңылган.
Лаңгү-Таба куюштан,
Ыкшалып чыгып урuштан,
Кулан жайсаң качыптыр,
Кутулганча шашыптыр,
Кажыртыда Бадалаң
Тактысынан тайыптыр,
Алоокенин Ардалаң
Ак-Сай менен Көк-Сайдан
Аны тамам сайыптыр.
Бадалаң аяр жайсаңды
Келген заман кез болуп,
Башын бурут кайсады,
Аяр Шүмшөк, Чүкүрүк
Аянбай кызмат кылчу эле
Ары-бери жүгүрүп,
Кор кылды кыргыз ал экөөн
Колдоруна түшүрүп.
Ишенгеним Алооке,
Куруп калсын Кубайыс,

Жардам кылбайт канаке?!
Кубайыс чапты чабарга,
Кулак салам күнүгө
Аскери качан келет – деп,
Алооке жактан кабарга.
Кубайыс кеткен чабар жок,
Куруп калсын Анжиян,
Жети күн болду кабар жок!»
Кайгыланып кан Кулут,
Кападар болгон бу журут.
Аны таштап салыңыз,
Анжиянда Алооке
Аскерден кабар алыңыз.
Үч жүз миң аскер кол менен,
Күн чыгышка жол менен
Ардалык доотай баш болуп,
Бадамдын бою карк толуп,
Кармаган токсон туусу бар,
Камыштары көк тирейт-
Балырлуу кара суусу бар,
Жер-жемиштин баары бар,
Күн чыгышы Ала-Тоо,
Кетпеген мөңгү кары бар,
Өзөндүү токой чери бар,
Өңкөй жолборс шери бар,
Доңуз жүрөт миңдеген,
Айбанаттын баары бар
Адам уулун билбеген.
Чукур-Сууга бет алып
Чубап жолго салыптыр.
Көк-Арык деген суу экен,
Көпчүлүк жүрсө бир жакка
Көк жаңырган чуу экен,
Көк-Бел деген бел экен,
Көтөрүлө кол жүргөн
Көңкү кытай эл экен.
Маңгул менен калмагы,
Ар кайсысы жүз миңден
Арбын аскер алганы.
Алты күнү, алты түн
Аскер ашты бүпбүтүн.
Чукур-Суугa бет алып,
Чубап кирип туруптур,
Кандан аскер чыкты – деп,
Дөдөмөл жайсаң угуптур.
Союш айдап, жол тосуп,
Ардалыкка жолгошуп,
Көк-Суунун башы Көк-Белди
Артылып аскер көп келди,
Алооке кандын аскери
Алты күнү чубаган,
Аш кайнам тынчып турбаган.
Көпчүлүк ашып алыптыр,
Көп артылып ашты – деп,
Көп-Арт атка калыптыр,
Көрбөй калган эмки эл
Көк-Арт атап салыптыр.
Уч жүз аскер кол менен,
Күңгөй жаккы жол менен,
Ардалык доотай зор менен,
Көк темир кийген эл менен,
Көндүк, Саңсуу бел менен
Ардалык доотай эр менен
Баштаганы Дөдөмөл,
Дөдөмөл жайсаң жол баштап,
Токсон эки туу аштап,
Кайыңды сууну басыптыр,
Кара-Кырдан ашыптыр.
Какырга келип карк толду,
Бир күн, бир түн токтолду,
Бет-бетинен кетүүгө
Жүрөр жолу жок болду,
Уч жүз миң келген калың кол
Күнү-түнү токтолду.
Үч жүз миң аскер колу бар,
Чубама жалгыз жолу бар,

Кол чубашып алыптыр.
«Коргон экен бу жер» – деп,
Кожурашып калыптыр.
Кара-Адырдын оюна,
Кара-Суунун боюна
Аскердин асты жетиптир,
Көрө коюп аскерди
Эсен калмак элинен
Экөө жөнөп кетиптир,
Алдыраган Култкага
Айгайлап алар жетиптир.
«Буртагыбыз бар болуп,
Лаайлама жар болуп»...
Сүйүнчүлөп сүйүнүп,
Култканын кашына
Булар барды түйүлүп,
«Аяк-башы көз жеткиз
Аскер келди көрдүк – деп,
Айтканына көндүк – деп,
Ушу кепти туюнчу,
Улугум Култка, сүйүнчү!»
Аны уккан Култка
Азыр болду мингендей
Асмандагы булутка,
Артын аңдап көрөрсүз
Азап болор бу журтка.
Муну уккан соң Култка:
«Кылайтпай кыргын салайын
Кызыталак бурутка,
Эч ырайым кылбасмын
Кыргыз деген журутка.
Басып душман албаган,
Башынан мени жалгаган
Лаайлама буртактан
Ыраспы? – деп, сурайын,
Ыңгыранып бу жерге
Бекер кантип турайын!»
Култка жаман өкүрдү:
Бойгуттан келген Кубанды
Өлтүрбөй – деп, өкүндү.
Кыргызга кыргын салармын,
Кызыталак Кубанды
Кың дедирбей алармын!
Өзүндөй көрөт мени да,
Карагын – деп кыргызга
Как ушинтип жеди да.
Кайтардым аны тил албай,
Калжырап мага сөз айтат
Кайратымды биле албай!»
Ушуну айтып Култка
Бандулуга киргени,
Дүңгүрөтүп барабан
Добул согуп иргени.
Азыркы турган аскери-
Өмөлүп турган өз эли
Он жашаган балдар бар,
Оонабаган чалдар бар.
Жашы менен карысын
Жарабастын баарысын
Кайтарып жолго салыптыр,
Жүдөгөнүн кетирип,
Жүз элүү миң калыптыр,
Жүгүргөн бойдон Култка
Бутканага барыптыр,
Батманчүк – деп окунуп,
Башын ийип чокунуп,
Буртага көзүн салыптыр.
Мурункудай түрү жок,
Алты жүз отуз кийиктин
Азыр кирсе бири жок.
Башы-көзүн талкалап,
Баарын бузуп алыптыр.
Чоюн менен темири:
«Чоңкудайым ушу!» – деп,
Чокунуп жүрчү каапырдын
Сыйынуучу теңири,

Алтын, күмүш, зумурут,
Аларынан неме жок,
Арбайып темир кур турат,
Асылдардын баары жок,
Кудайы кылып жыйнаган
Асыл булдар дагы жок,
Кур сүрөтү калыптыр.
Астында жибек килемин
Аны жыйып алыптыр,
Арбайган темир чоюну
Араң өзү калыптыр.
Кайып кан, Таскыл келгенин,
Калкына кабар бергенин,
Култкамын дегенин
Куржунга салып дүйнөсүн,
Куп окшотуп жегенин,
Эмгекке энди толгонун,
Эми билди Култка
Куп шерменде болгонун.
Өңгүрөдү өгүздөй
Өксөп үнүн тыя албай,
Өлөйүн – деп ойлонуп,
Канжар алып колуна.
Кайтып туруп токтолду,
Өз жанын өзү кыя албай,
Култкага каран түн болду,
Ошонгуча кеч кирип,
Тоого жакын күн болду.
Батарга күн жакындап,
Баатыр Култка жөнөлдү
Бачымдай басып талпылдап,
Ачууна чыдабай,
Ордого кирди жүгүрүп,
Оно бою калтылдап,
Ордодогу чондорго
Оолукту сүйлөп баркылдап:
«Кандай курган калыксың,
Буртактан кабар түк албай,
Бейкабар жатып калыпсың,
Сыйына турган пириңер
Сынып-бүлүп калыптыр.
Элди колдоп, эс берип,
Жыргатуучу кимиңер?
Арбак мени атыптыр,
Ага барып сыйынбай
Аскер бекер жатыптыр,
Колдогондон айрылып,
Кор болуп шорум катыптыр.
Кишилер сага неткен? – деп,
Насыр кылып киргизгем
Кийиктер кайда кеткен? – деп,
Кан казына, дүнүйө
Карк алтын, кымкап, дүрүйө
Казынанын баары жок,
Кашайсын мындай дүнүйө!»
Ачууланып Култка
Айгайды кыйла салганы,
Аны уккан соң адамдар
Ар туштан сүйлөп калганы.
«Баатыр дуу-ду нетесиз,
Байкап турсак сөзүңдү
Бала болуп кетесиз!
Орунсуз айткан сөзүңүз,
Ойноп барып келдиңби,
Кайда бардың өзүңүз,
Эки күн, эки түн өтүп,
Араң көрдүк өзүбүз.
Жеген менен бендени
Жердин жүзү тоёбу,
Сени уурдаган мусулман
Буртакты аман коёбу?»
Аны айтып аскер салганы,
Аны-муну кылганча
Көз байланып, түн болуп,
Караңгы басып калганы,
Ардалык доотай баш болуп,

Үч жүз миң аскер үлгүртүп,
Култкага барганы,
Алакандай Суңшоону
Аскер басты ошону.
Алты бөлөк калаасы,
Аскер менен жык толду
Урга суунун талаасы,
Адыр-адыр салаасы,
Талаа түгүл да толду
Адыр, жылга арасы.
Аскер барган кечинде,
Намаз шамдын кезинде,
Бутун көрүп Култка
Эчтеме келбей эсине,
А күнү аскер тек жатты,
Лаайлама жар болсо,
Кыйратарбыз кыргызды
Таң атканда – деп, жатты.
Ат байлап аркан керишип,
Ата-атанын уулуна
Алып келип союш – деп,
Асый каман беришип,
Какайдан союш союшун,
Каапырлар майга тоюшуп,
Жатып калды а түнү
Кол-аягын чоюшуп.
Аны таштап туруңар,
Атаңардын жомогу,
Ашыкпастан угуңар.
Алтын айчык туусу бар,
Арасында алардын
Аккан Суңшоо суусу бар,
Эки жүз миң колу бар,
Эр Кайып кан зору бар,
Эрегишкен каапырдын
Эрибеген шору бар,
Аяк менен башынан
Аскер кирер жолу бар.
Ийри-буйру кара суу,
Илеби камыш кырчындуу,
Чап арасы жол менен,
Каркап жүз миң кол менен
Кайып кан жолго салыптыр,
Суңшоонун суусун бет алып,
Чубуруп жүрүп калыптыр.
Аяр Топшоң, Таскылы
Ал экөөнү баш кылды,
Ак-Тал, Терек сай менен,
Сурнай тартып най менен,
Суу акпаган сай менен,
Тоо арасы жол менен,
Толкуган жүз миң кол менен
Суңшоонун келди боюна,
Ал кездеги мусулман
Аманат жанын аяшып,
Арамдык кылбайт оюна.
Көзгө дүрбү салыптыр,
Көпчүлүгүн Култканын
Көрүп айран калыптыр.
Култка эмес, курт экен,
Курт жайнаган журт экен,
Кайып кандын аскери
Кайгырышты көп эли.
Үрбү менен Мунарды
Кытай го – деп буларды,
Колго көзүн салыптыр,
Кантип урушабыз? – деп,
Кочуш болгон мусулман
Коркуу кирип калыптыр.
Өзөн толгон мусулман
Өкүнүчтүү болду канча жан.
«Кайра тартып кетпей» – деп,
Кайгырып турду Кайып кан.
Аны таштап коюңуз,
Арстан Үрбү, Мунар кан
Кабарынан болуңуз.

Тогуз-Булак тоосунан,
Артыла чаап карады
Ботолуктун оозунан.
Анжияндан келгенин
Алар да билбейт, бейкабар,
Аскер кумга барабар.
Тоодон көзүн салышты,
Толгонушуп калышты.
«Жыгач эмес, таш эмес,
Жылас болгур чөппү – деп,
Кызыталак Култка
Чөптөн да эли көппү?! – деп,
Култканын эли курт экен,
Курт жайнаган журт экен!»
Эки жагы мусулман
Эстери чыгып ушундан,
Мунар, Үрбү көп ойлоп,
Кайып кандын аскерин
Калмактын колу – деп, ойлоп,
Кайгырышып турушту,
Акырында көрөсүң
Аңгемелүү жумушту,
Камданып жатты күчөшүп
Каапырлар сүйүп урушту.
Каны Мунар, эр Үрбү
Кабарын билбей курушту,
Калкынын жайын суроого
Кубанга келип турушту.
Кубан кандан кеп сурайт:
«Култка дуу-ду дегениң
Калкы канча?» – деп сурайт.
Суңшоо деген жер экен,
Тоосу токой, чер экен,
Алакандай талаасы
Аягы менен тик турган
Шыкалган аскер эл экен.
Аз көрүнөт талаасы,
Талаа менен жык экен
Асемдеген калаасы.
Ар жагы адыр тоо экен,
Суунун бою шыкалган
Камданган калың жоо экен,
Майлаган бараң ок экен,
Талаасы колго толуптур,
Алакандын отундай
Ачык жери жок экен.
Карарган багы көрүнөт,
Калдайган тамы көрүнөт.
Шаарынын ичи курт кайнайт,
Адыр, түзү жык жайнайт.
Биз турабыз бул жерде,
Лаңгү-Таба не жерде?
Кайып кан кайда жоголду,
Кайнап жаткан Култкага
Катылган кантип оңолду?!
Кайып кандан кабар жок,
Жаман-жакшы болгонун
Дайындап келген чабар жок!»
Муну айтып Мунар токтолду,
Эки жүз миң аскерди,
Эр Кайып, Таскыл аярды,
Не болду? – деп, аларды
Мунар, Үрбү жоктоду.
Мында Кубан кеп айтат:
«Култкага караган
Маңгул, калмак, кытайды
Куп билемин – деп, айтат.
Суңшоонун башы Тарагай
Орго кандын эли эле,
Култкага карабай,
Үч жактан куйган суусу бар,
Ак-Багылан, керүү бар,
Анын да арбын жери бар,
Алты жүзчө үй менен
Ардалаң калмак эли бар.
Кара-Какай, Туура-Суу,

Баш жайлоосу – Балыгарт,
Турар жери мына бу.
Дабан-Башы тоосу бар,
Тар капчыгай коосу бар,
Түштүк жагы Түнөгөр,
Көгөндү деген бели бар,
Көп ардалаң эли бар,
Кошулуп алып суулары,
Конушка жай булары,
Аз-аз калаа-шаары бар,
Мал баккандын баары бар,
Чебең калмак эли бар,
Лаңгү-Таба арасы,
Шаркыратма бели бар,
Душалык деген суусу бар,
Туташ калаа ушулар.
Эбиң калмак эли бар,
Күн батышы жагында
Жерге-Тал деген жери бар,
Чебең калмак эли бар.
Анын бери жагында
Кажырты деген сайы бар,
Калмактын жаткан жайы бар,
Эбиң калмак журтунда
Нечен түрлүү байы бар,
Мандырың, Кулан жайсаң бар,
Ар жак менен бер жагы
Ачылбаган жуда шаар,
Аягын уксаң Чукур-Суу,
Караган жери мына бу.
Терс-Белектин суусу бар,
Текши шаар ушулар.
Баяр ненен Шоро бар,
Баатыр Дөрбөн шолор бар,
Жаман-Дабаан, Кара-Суу,
Туткуй калдай дегендин
Туткан жери мына бу.
Арада турган Кара-Тоо
Мусулманча Эки-Баш,
Анын баары бизге жоо.
Кайып кан кайда кетти экен,
Эки-Баш журтун нетти экен?
Кочкорго барса Мунар – деп,
Козголбой жатсын булар – деп,
Ой-Жайлоо басып өткөндүр,
Сары-Бел ашып кеткендир.
Жерге-Талга баргандыр,
Лаңгү-Таба элине
Жетип уруш салгандыр,
Алдырса да, алса да
Болору болуп калгандыр.
Ал Кайып кан дегендин
Кашында канча колу бар,
Лаңгү-Таба баруучу
Жан-Булак деген жолу бар.
Жазбай табар улуу өзөн
Жан-Булактын жолу – деп,
Канчалык эле аскери
Кайып кандын колу?» – деп,
Кубан кан сурап калганы.
Мунар кан мында кеп айтат:
«Жүз элүү миң кол эле,
Жүдөй калбас!» – деп айтат.
«Андай болсо Мунар – деп,
Азыркы Култка аскери
Арбын окшойт булар – деп.
Эки-Баш элин албасын,
Дарасынын боюна
Кайып кан түшүп калбасын,
Каапырга каар салбасын,
Кайыптын колун каапыр – деп,
Калайык ойлоп калбасын.
Карап турбай бу жерге
Кароолчу уруш салалы,
Качырткы коюп жолуна
Каапырдан кармап алалы,

Кайып кан кайда экен? – деп,
Айттырып сөзгө каналы».
Кан Кубан айтып салганы,
Кан Кубандын элинде
Каргаша аттуу балбаны
Карагай найза алганы,
Кароолчуга бет алып,
Качырган бойдон барганы,
Аркасынан Менделик
Арстан Үрбү балбаны,
Алтымыш аскер алганы,
Ак-Теректин сеңирден,
Жардам тилеп теңирден,
Жылуу-Колот бурушту,
Каапыр жакка көрүнбөй
Калкаланып турушту.
Кароолчуга Каргаша
Качырып барды жармаша.
Найза алып жакын жеткени,
Качырып барып Каргаша
Карагай найза неткени,
Каапырлардын бирөөсү
Камгактай учуп кеткени.
Каргаша найза салганы,
Карма-карма-карма! – деп,
Калмактардын баарысы
Камалашып калганы,
Катылып коюп Каргаша
Кайра качып калганы.
Алты жүз экен кароолчу,
Аркасынан ат койду,
Аламандап бат койду.
Каргаша качып калганы,
Алты жүз киши кубалап,
Айгайды бийик салганы.
Алды кирип барганда
Астындагы Менделик,
Алтымышы тең келип,
Кыркчасы өтүп кеткени,
Аркасынан сундуруп,
Айгай кулак тундуруп,
Эр Менделик чыкканы,
Ат коюп келген каапырдын
Элүү төртүн жыкканы.
Менделик баштап алтымыш
Белсенип найза салыптыр,
Менменсиген кароолчу
Бери бакпай калыптыр.
Алтымышы жыгылды,
Аңга башы тыгылды,
Айгайлаган дабышы
Аскерине угулду.
Култканын колу курт кайнап,
Жүз миң аскер жык жайнап,
Байрактарын булгашып,
Боз адырды чулгашып,
Өзөндү көздөй күркүрөп,
Өрт күйгөндөй дүркүрөп,
Жүз миң аскер ат койду:
«Жүрүңөр!» – деп бат койду.
Найзалары короктоп
Адамдары сороктоп,
Кара жандан кечиптир,
Канжар, кылыч, айбалта
Каруу бойдон чечиптир,
Кайгайлашып көп каапыр
Мунар, Үрбү, Кубанга
Булар жакын жетиптир.
Жайнап турган мусулман
Жан аянбай ушундан,
Жаа Аллалап буркурап,
Шаймерден! – деп, чуркурап.
Үч жүз миң турган мусулман
Бири калбай ушундан,
Үлгүрүп кирип калыптыр,
Үстүн-астын салыптыр,

Жүз миң эле келгени,
Он төрт миң өлүп калыптыр,
Кырк алты миң тирүүлөй
Колго кармап алыптыр.
Кыргындан калып кырк миңи
Кызылала кан болуп,
Чамбылала чаң болуп,
Булар келип чыдабай
Мусулмандын каарына,
Буркурашып калганы,
Качып кирди шаарына,
Кылыч тийип ууртуна
Жалжайышып барышты,
Айбалта тийип башына
Алжайышып барышты,
Кара бою кыпкызыл
Кан жайышып барышты.
Аны көрө салганы,
Алоокенин аскери,
Үйүнөн чыккан элдери,
Үч жүз миң эле келгени,
Эки жүз миңи күңгүрөп,
Эрте өлдүк – деп, дүңгүрөп,
Солондору солкулдап,
Коркоктордун жүрөгү
Көөдөнгө сыйбай болкулдап,
Шыбандын баары шылкылдап,
Не болобуз мындан – деп,
Эт жүрөгү былкылдап,
Баңбаңдын баары майышып,
Каңгайын айтып кайышып,
Атка минди көпчүлүк
Намыс үчүн тайышып.
Алабыз – деп, кыйратып,
Мусулман менен сайышып,
Чыйтайдын баары чыңалып,
Баатыр менен балбанын
Жекеме-жекке чыгарып,
Урушту алып эсине,
Ушу жалган дүнүйө
Түк көрүнбөй көзүнө,
Кыргыз уулу, кулак сал
Түпкү атаңдын сөзүнө,
Окуган дуба кыла көр
Сагымбайдын өзүнө.
Баталык доотай баш болуп,
Алакандай Ак-Талаа
Аскер менен карк толуп,
Кернейдин үнү бапылдап,
Кете туулар жаркылдап,
Аргымак аттар алкылдап,
Асаба желек жалпылдап,
Арстан Үрбү, Мунарга,
Айгай салып буларга
Аскер барды жакындап.
Ылайык аттуу балбаны.
Ыргыштатып тулпарын,
Жекеге чыгып барганы.
Мунар кандын тууганы
Бул аскерде турганы,
Кире элек жүргөн урушка,
Чыдабады көңүлү
Жекеге барбай турушка,
Баталык аттуу балбаны
Барскан күрсү алганы,
Майданда турган каапырга
Бакырып найза салганы.
Кагып ийип найзасын,
Ылайык найза салганы,
Тийгизбестен найзасын,
Баталык кармай калганы.
Найзасын сууруп алам – деп,
Ылайык күчкө салганы,
Найзасын тартып алам – деп,
Баталык күчөп калганы,
Ортосунан найзасын

Ушу барган Баталык
Омура тартып алганы.
Калмактын балбаны Ылайык
Кармады кылыч сабынан,
Суурайын деди кабынан.
Кылычын кармай калганы,
Кыйын балбан Баталык
Күчтүүсүнгөн каапырга
Күч менен күрсү салганы,
Ат-маты менен Ылайык
Күм-жам болуп калганы.
Майданда турду Баталык,
Байкап турду көп калык.
Чагала деген бир каапыр
Чаап келди ат салып,
Көк теңир – деп, сыйынган,
Көлүк аты тобурчак
Көтөрбөй бели ийилген,
Көркүн көрсөң тажаалдай,
Көпкөк темир кийинген,
Колундагы найзасы
Карагайдын бүтүнү,
Каарданып бу каапыр,
Камыш күйгөн өрт өңдүү
Канжасынын түтүнү.
Муну көрүп Баталык
Бар жарагын оңтойлоп,
Урушууга күтүндү.
Атка кылып өкүмдү,
Айбатын көрүп бекинди,
Алла кандай каапыр – деп,
Айбатынан шекинди.
Атууга мылтык октоду,
Көк милтени чоктоду,
Калмак ээр кашы – деп,
Как жүрөктүн башы – деп,
Баталык машаны ирмеди,
Чоргодой болгон кызыл чок
Казанчыкка киргени.
Ооз оту жарк этти,
Мылтыктын үнү тарс этти,
Ок төшүнө шак этти,
Чарайнага чак этти.
Ок атты – деп, билбестен,
Киши экен – деп, бу каапыр
Кирпигине илбестен
Качырган бойдон жеткени,
Көк бөрү тарткан улактай
Ат-маты менен Чагала
Көтөрүп алып кеткени.
Баталык доотай баатырга
Алып жетип барганы.
«Ары жок курган бурут – деп,
Аты-тонун олжолоп,
Өзүн союп курут!» – деп.
Баталык доотай кеп сурайт,
Какшык айтып бек сурайт,
«Баары сендей баатырбы,
Атың ким сенин?» – деп сурайт.
Эр Баталык кеп айтат:
«Не кыласың атымды-
Баталык деген» – деп айтат.
«Көрдүм сенин затыңды,
Атаңдын ары жок экен,
Коюптур менин атымды,
Айтууга тетик сөзүңүз,
Аскерди көрсүн көзүңүз,
Атым менен атың бир
Анык адаш экенсиң,
Баталык болсоң өзүңүз!
Менин айткан кебимди
Кулагыңа илерсиз,
Менменсинип келдиңби,
Биздин элди билерсиз!
Лаайлама жар болсо,
Биздин динге кирерсиз!

Эң жаманы Чагоо – деп,
Не көргөздү сага – деп,
Атың менен өңөрүп,
Алып келди мага – деп,
Менин балбандарыма
Беттешкен менен мусулман
Эч кыла албас даба!» – деп,
Мактанып сүйлөп баркылдап,
Баталык доотай басылды.
Мусулмандан булардан
Баатыр Үрбү, Мунардан
Кыпчактардын Алыбек
Кыйратайын аны – деп,
Кызыталак каапырдын
Аман калбас жаны – деп,
Атына камчы салганы,
Ала байрак найзаны
Колго имерип алганы.
Каапыр Чагоо келгин! – деп,
Майданга барды бакырып,
«Кел бери!» – деп, акырып,
Шалкым дөөнү чакырып.
Көргөндүн бою дүркүрөп,
Дагы чыкты Шалкым дөө
Мас болгон билдей күркүрөп.
Каапыр менен мусулман
Мурунтан жүргөн кектешип,
Буластаган Алыбек
Мурдарга калды беттешип.
Каапырга найза шилтеди,
Эки көзүн ирмебей
Эр Алыбек тиктеди,
Оңдоно түшүп Алакең
Оң көзгө найза шилтеди.
Алыбектин найзасы
Оң көзүнө мылгыды,
Чечекейи ыргыды.
Эти ачынып бу каапыр
Күрсүсүн күүлөп келатыр.
Күрсү тийсе нетер – деп,
Жаным тирүү түк калбас,
Күлдөй жанчып кетер – деп,
Алыбек качып алганы,
Ат соорусун салганы,
Аскерге кийре кубалап,
Шалкым келип калганы.
«Кудай кулду берди! – деп,
Кутуруб өзү келди» – деп,
Кыргыздардын Ардалбай
Чагоону кармай калганы.
Чантуу неге туттуң? – деп,
Күрсүсүн күүлөп алганы,
Ардалбай кача бергенде
Атын чаап салганы.
Ат жыгылды мүдүрүп,
Ардалбай качты жүгүрүп.
«Колго кылып кордукту,
Колтоңдогон бу каапыр
Аралап келип аскерге
Не көргөзөт зордукту?!»
Муну айтып Үрбү барганы,
Булгап найза алганы.
Сонун баатыр эр Үрбү
Сол көзгө коюп калганы.
Эки көзү тең чыкты.
Карайлап каапыр калганы.
Наадандыгы болбосо,
Кыйын экен эң мыкты,
Алты балбан асылып,
Аттан жерге бир жыкты,
Жыгылган жерде жан чыкты.
«Жекеге барган кишини,
Тетигини көрдүңбү
Чантуунун кылган ишини?!
Ат койгун! – деп аламан,
Бирин койбой кырып сал

Мусулман аттуу балаадан!»
Жайнап чыкты көп аскер
Көчөнү бууп калаадан,
Үрбү, Мунар, Кубан кан,
Үч жүз миң турган канча жан
Жаа Аллалап чуркурап,
Чаң созулду буркурап.
Эки жүз миң Баталык,
Алоокенин аскери
Эрдемсиген көп калык
Ат коюптур күңгүрөп,
Жер союлуп дүңгүрөп,
Топ замбирек атылды,
Тозоңго аскер батылды,
Баатыр Үрбү, Мунарды
Биздин эл келген экен – деп,
Кайып кан билди буларды.
Топшоң, аяр Таскылды
Эки жүз миң аскерге
Кайып кан баш кылды.
Жа Аллалап!-чуркурап,
Шаймерден! – деп, буркурап,
Сайып колу ат койду,
Саарданып бат койду.
Сулутканын өз эли:
Баарын уруш кылгын!» – деп,
Бакырды Култка көзөлү.
Күз элүү миң кол экен,
Тоскону көчө жол экен,
Найзанын алып учуна,
Аттын салып күчүнө,
Кылычтын салып мизине,
Каапырдын түшүп изине,
Байкаган айран калгандай
Баштагы элдин ишине,
Суудай акты кызыл кан
Көчөсүнүн ичине.
Мылтыктын алды огуна,
Мыктынын баары ат койду
Миңден-жүздөн тобуна.
Басып чыккан катынга
Куйрукка найза мылгытып,
Базардагы тоогунун
Башын жулуп ыргытып,
Баарын сүрүп көчөдөн
Тоону көздөй дыргытып,
Жүдөгөн Култка өз эли,
Жүз элүү миң аскери
Там жамынып токтошуп,
Жазайыл мылтык октошуп,
Көк милтени чоктошуп,
Жазайылды жаткырды,
Замбиректи аттырды,
Окко учуруп ойрондоп,
Он миңдин шорун катырды.
Мусулмандан он миңи
Бу дүйнөдөн жөнөдү,
Эки жүз миң кол экен,
Туш-тушунан ат коюп,
Азирет! – деп, өмөлдү,
Калаадан чыккан каапырлар
Жыгылганы жарадар,
Жыйырма миңден көп өлдү.
Мунар, Кубан, Кайып кан
Булар келген үч миң жан,
Асманга чыкты тозоң чаң,
Суудай акты кызыл кан,
Алакандай Суңшоону
Аңдап көрсөң ошону,
Жердин жүзү бузулган.
Ат жыгылып сулады,
Там жыгылып кулады,
Чаң обого бурады,
Каапырдын журту каңгайлап,
Чагалалап чуулады,
Мусулман журту акырып,

Жаа Аллалап бакырып,
Шаймердендин оройон
Жар болгун! – деп, чакырып,
Эр Үрүстөм, Дастандын
Обурагын чакырып,
Кайра тартпас баштанды.
Азууларын аркайтып,
Ат жыгылды булайып,
Муруттары чычайып,
Эр жыгылды сулайып.
Ок жаңылып боюна,
Өлүмдү алып оюна,
Онтоп жаткан андан көп,
Найза тийип төшүнө,
Ойбойлогон сандан көп,
Кылыч тийип мойнуна,
Кан төгүлүп койнуна
Кансыраган андан көп,
Күрсү, таяк көп тийип,
Тантыраган сандан көп,
Кийген тону айрылып,
Самтыраган андан көп.
Коркуп калып уруштан
Аландаган сандан көп,
Колу сынып, жыя албай,
Саландаган андан көп.
Туу түбүнө турушуп,
Туубуз качпай турат – деп,
Тууга ишенип урушуп,
Каапыр менен мусулман
Карсылдашкан канча жан,
Кайраты бар эрлердин
Кара бою кызыл кан,
Капкараңгы түн түшүп,
Дүнүйө жүзү бузулган.
Кан дайрадай жошулган,
Агып каны Суңшоонун
Суусуна кошулган.
Мусулман каапыр эки журт,
Көптүгүн көрсөң кара курт.
Эки кошуун каптады,
Ажалы жок бендени
Алла Таала сактады,
Топурактын ордуна
Өлүктү жерге таптады.
Каапыр менен мусулман,
Кара жер кучту канча жан,
Көңүлү калды көп адам
Урушка минген көлүктөн,
Көлүк аяк тарта албай,
Жайнап жаткан өлүктөн.
Сулап жатыр кай бирөө
Суудай каны төгүлүп,
Коркурап жатыр кай бирөө
Колтуктан колу сөгүлүп.
Тура албай жатыр кай бирөө
Буту сынып буралып,
Эстен танган кай бирөө
Эки колу тууралып,
Узун күн уруш салышты,
Убарага калышты,
Көз байланып, күн батып,
Уруштан тарап эки кол
Жай-жайына барышты.
Басылып уруш токтоду,
Өлгөнүнөн калганын
Эки аскер элин жоктоду.
Алооке колун бөлүптүр,
Үч жүз миң эле келгени,
Сексен миң адам өлүптүр,
Токсон миңи жарадар,
Жүз отуз миңи калыптыр,
Эсеп кылып караңар!
Жүз элүү миң кол эле,
Култканын эли шол эле,
Жетимиш миң өлүптүр,

Отуз миңи жарадар,
Элүү миң аман калыптыр,
Эсеп кылып караңар,
Эрегиштен урушуп,
Не түрлүү эмгек жеткирип,
Эгеме нечүк чара бар,
Кыйын болду урушу
Кыяматка барабар.
Кара боюн каны жууп,
Шалбыраган куйкасы,
Куру менен башын бууп,
Тамак ичип, суу татпай,
Кошко жатты бүгүн сууп.
Ооруганга чыдабай,
Ооналактап төшөктө
Туйлап аткан андан көп,
Күйөр кишим өлдү – деп,
Ойбой салып кошунда
Ыйлап аткан сандан көп.
Кармашып каруум кетти – деп,
Кардым ачып кайышып,
Ачкалык түпкө жетти – деп,
Тамак ичип курсагын
Токтоп аткан андан көп.
Баланча кайда кеткен? – деп,
Башкарышып эл санап,
Жоктоп аткан сандан көп.
Кызыталакты кырап – деп,
Бараң мылтык майлашып,
Октоп аткан андан көп,
Милтесине от коюп,
Чоктоп аткан андан көп.
Мылтыктарын кыргылап,
Майлап аткан андан көп.
Кол-аягы сынганды
Шак-шак коюп, куур ороп,
Байлап аткан сандан көп.
Баланчамдын ордуна
Мына ушуну соём – деп,
Алып чыгып кошунан
Колго түшкөн кай бирөөн
Жайлап аткан андан көп,
Жаанын боосу үзүлүп,
Жаңы кайыш таба албай
Жадап аткан сандан көп.
Калканым сынып калды – деп,
Карсылдатып кошунда
Кадап аткан андан көп.
Таң ашкан атын сугарып,
Жетелеген кай бирөө,
Дагы урушат, бат бол! – деп,
Энтелеген кай бирөө.
Саадактын огу сап болуп,
Тосулганы дагы бар,
Балбансынып жаа тартып,
Балтырлары, билеги
Созулганы дагы бар,
Уруша албай эки журт
Эки күн жаткан чагы бар.
Үрбү, Кубан, Мунарды
Эсебин алгын буларды.
Үч жүз миң аскер кол эле,
Кырк миңи өлүп алыптыр,
Элүү миңи жарадар,
Эсени канча болду экен –
Эсеп кылып караңар!
Канжар сууруп белинен,
Кайып кандын элинен
Он тогуз миң өлүптүр,
Отуз миңи жаралуу,
Урушпастан карабай
Култка кылган залал бу.
Баш-аягын туюктап,
Басып калды мусулман,
Башы аман жан чыкпай
Байкап турсаң ушундан.

Баталык доотай баш болгон,
Кайраттары карк толгон
Үч жүз миң аскер кол эле
Алоокенин элдери
Алдын-артын карабай,
Акимсинип келгени.
Жамандардын баарысы
Өңүнөн чыгып сарысы,
Үшкүрүгү көп болуп,
Өңдөрү сары чөп болуп,
Астыңкы ээрди албайып,
Үстүңкү ээрди калбайып,
Мууну кетип далдайып,
Жүз он миңи калыптыр,
Жарадары бир кыйла
Жадап болуп алыптыр.
«Аз бурут – деп, жиберди,
Ант урган кыргыз элди – деп,
Баарысын кырып берем – деп,
Баталык баштап келди – деп,
Кумдан кыргыз көп экен,
Алоокенин айтканы
Акмакчылык кеп экен.
Көп кишини аз киши
Кантип жеңет – деди экен?!»
Муну айтышып буралып,
Бири калбай качууга
Миңден-жүздөн куралып,
Акылдашып алыптыр,
Алар антип жатканда
Аңдамакка аларды
Аяр Таскыл барыптыр.
Апсун окуп, дем салып,
Өнөрүнө толуптур,
Оно бою кызыл кан,
Он беште бала болуптур.
«Бада багып
бардым – деп,
Балакетке калдым – деп,
Ботаян деген атам – деп,
Сыңарын койбой сыйырымды
Алдырып келе жатам – деп,
Уй багып жүрүп тутулдум,
Мусулмандын колунан
Өлдүм-талдым дегенде
Өзүм качып кутулдум!»
Бу сөздү Таскыл салыптыр,
Баталаң баатыр кошуна
Эл жатарда барыптыр.
Кан Мунардын тууганы
Кармашып жүрүп каапырдын
Колуна түшүп курганы,
Баталыктын колуна
Баталык түшүп калыптыр,
Башын, көзүн ширилеп,
Колуна зоолу салыптыр,
Койбойм тирүү жаның – деп,
Өлтүргөнү калыптыр,
Эки желдет жетелеп,
Эшикке чыгып барыптыр.
Эргеше чыгып эр Таскыл
Апсун окуп, дем салып,
Жыгылды экөө тең талып,
Аркасынан алардын
Баталык доотай барыптыр,
Баа дедирбей эр Таскыл
Башына күрсү салыптыр,
Балчык чапкан немедей
Мээси чыгып калыптыр,
Өзүнүн Баталыгын
Капчыгына салыптыр.
Эки желдет талыптыр,
Талыган жерде калыптыр,
Мусулмандын колуна
Бара бер – деп, жолуна
Баталыкты салыптыр,

Култкага жетсем – деп,
Курджунга салып кетсем – деп,
Сарайын көздөй барыптыр,
Самсып аткан каапырлар
Күзөтчү болуп калыптыр.
Аяр Таскыл жетер – деп,
Ачууланса бир түнү
Кырып таштап кетер – деп,
Кылыч, мылтык, бар жарак,
Кылайып көзүн ирмебей,
Култканы тик карап,
Катар-катар кол болуп,
Кара курттан мол болуп,
Аскери курчап калыптыр,
Алтындан чырак жандырып,
Аюу талпак салдырып,
Аяр чалыш мыктуудан
Алтымышын алдырып,
Олтурган экен ордодо,
Орчун шаар коргондо.
Алоокенин колунан,
Басып чыгып бир адам
Баталык доотай соңунан,
Басып чыгып барыптыр,
Баталыкка урунуп
Мүдүрүлүп калыптыр,
Байкап көрсө Баталык
Бая эле өлүп алыптыр.
Башына күрсү чабылып,
Калган экен мээси
Кара жерге жабылып,
Аны көрүп бул адам
Акылынан жаңылып.
Чакырды желдет-доргону
Баталык өлүп-доотайы,
Чакчелекей болгону.
Сүйрөп кирди кошуна,
Чырагынын кашына,
Жарык кылып караса
Чабылган күрсү башына,
Өлгөнү ырас, чала жок,
Өлө жазып алсырап,
«Бадамды кыргыз алды» – деп,
Жанагы келген бала жок,
Колго түшкөн байлоодо
Баталык уйгур жана жок,
Аярдын кылган ишине
Акыл жетпес, дабаа жок.
«Аяры бар экен!» – деп,
Каапырдын баары калтырап,
Кара боюн бекемдеп,
Шылоон деген чыйтайга
Култкага айтсаң экен – деп,
Калмактар барды калдырап,
Маңгулдар барды балдырап,
Кытайлар барды кыжылдап,
Баталыкты өлтүргөн
Баарыбызды кырат – деп,
Шылоонго барды быжылдап.
Шылоон чыйтай жөнөлдү,
Аркасынан аскерден
Элүү солоон өмөлдү.
Солоон алып дүрбөшүп,
Бирин бири жүр – дешип,
Чыйтай Шылоон барганы:
«Калбады тынчтык журутта
Аяр бар беле бурутта?!
Айгайлап алар барганы,
Ашыгып сүйлөп калганы.
«Баталыкты өлтүрүп,
Башын жарып кетти» – деп,
Кан Култкага кабар салганы,
Аманат кара жанынан
Аны уккан соң Култка
Үмүт үзүп калганы,
Солоонго барып аралаш

Шылоон болгон аяр! – деп,
Эр Таскыл айгай салганы.
«Шылоонду да карма – деп,
Айтканды да карма!» – деп,
Айгай салды Култка.
«Шылоонду бирөө аяр – деп,
Аркалыктар өзү айтат,
Айбандан жаман сөз айтат.
Баталыкты өлтүрүп,
Басып келип биз турсак,
Кайрат-кубат кеп сурап,
Баарыбыз келип түз турсак,
Байла деген кордугун,
Адам экен – деп, келсек
Айтып турган зордугун!
Айткан менен ишенбейт,
Азыр бизге тоңдоосун,
Аркалыкка жиберген
Алооке кан оңбосун!
Карап туруп нетели,
Карматпай да, байлатпай
Кайра кошко кетели».
Муну айтып бура тартканы:
«Токто-токто-токто!» – деп,
Култканын эли айтканы,
Айтканына токтобой,
Элүү солоон, бир чыйтай
Кошун көздөй кайтканы.
Солоондор жүрөт дугул – деп,
Дугулдар жүрөт солоон – деп,
Эр Таскыл жүрөт арада:
«Култкага бала болом!» – деп,
Алеңгир жаа, сыр жебе
Оройпого чалыптыр,
Отурган Култка дуу-дуну
Ок менен тартып калыптыр.
Жебенин огу жетиптир,
Бетинде турган бешөөнү
Катар тешип кетиптир,
Барган бойдон аткан ок
Баатыр Култка дуу-дунун
Карынына жетиптир,
Киндигине кере сөөм
Кирип огу кетиптир.
Шылоон чыйтай жеткени,
«Кызыталакты түк койбой
Кырып таштап кетеби?»
Жаң-жуңдар айгай салганы,
Элүү солоон, Шылоонго
Самсып турган көп дугул
Жабылышып калганы,
Жанагы барган элүүдөн
Бири да калбай калганы.
Карынын басып кайгайлап:
«Ал окту!» – деп, айгайлап,
Ичин кармап ийилип,
Кабагы жаман түйүлүп,
«Анжияндык неткени,
Атайлап келип дуу-дуну
Атып таштап кеткени,
Жүргөн экен ушулар
Түбүбүзгө жеткени!»
Муну айтышып чуулашып,
«Лаайлама колдо! – деп,
Буртактан жардам сурашып,
Канеттиңиз кан? – дешип,
Кыйын ооруп турабы,
Кыйналып сиздин жан?» – дешип,
«Жаным чыгып баратыр,
Чыдаар алым жок – деди,
Короюп чыгып турбайбы
Боорума тийген ок – деди.
Илегерлер кайдасың,
Табыңар октун айласын!»
Аял-уял кылбастан
Алты илегер барганы,

Дары сыйпап салганы,
Сыйпаган болуп дарыны,
Окту тартып алганы.
Тартканында ок чыкты,
Окко кошо бок чыкты,
Бокко аралаш кан чыкты,
Таңга жакын болгондо
Өлдү Култка, жан чыкты,
Кыябына келгенде
Кыргыздын эли куп мыкты.
Көрөөр болсоң бир түндө
Көмбөй таштап каныны,
Көпчүлүктүн баарысы
Алып качып жаныны,
Адыр кайда, тоо кайда,
Атыштан таппай эч пайда,
Узун-Өзөн коо кайда,
Уруштан таппай эч пайда,
Жылга-жыбыт, чеп кайда,
Жыргал күтөр чак кайда,
Жыйылып келип уруштан
Табалбады эч пайда!
Түн боюнча дугулдук
Түгү калбай тарады,
Уйгур, кыргыз биригип,
Урушуп ишке жарады,
Эрте туруп кыргыздар,
Эки жагын карады,
Алоокенин аскери
Анжиянга бет алып,
Түндө качып тарады.
Чанчышканда бабаңыз
Талабына жетиптир,
Тарап алып Анжиян
Таң атырбай кетиптир.
Эки күн уруш салыптыр,
Үч жүз миң эле келгени,
Жүз миңге толбой калыптыр.
Жарадарын ташташып,
Аман-соо калганын
Анжиянга башташып,
Урушка мурун көнө албай,
Бирин бири көрө албай,
Өлгөндөрүн көмө албай,
Атка жүрбөй боштору,
Артылбай калып коштору,
Алооке колу кетиптир,
Суңшоонун эли нетиптир?
Култка дуу-ду өлүптүр,
Маңгулдун бир уругу
Дугулдар көзү көрүптүр.
«Кыргыз менен казагы
Кылымга тиер азабы,
Кыпчак менен уйгуру,
Кошулган экен буларга
Калмактын кудай ургуру,
Маңгулдун башын жуткуру
Болгон экен букара,
Болжоп турсак бендеси
Чак келбейт экен буларга».
Муну айтышып салганы,
Бузулуп алып бир түндө
Качып кетип калганы.
Атка минип сороюп,
Найза кармап короюп,
Аскерден чыккан бир жан жок
Аскер түгүл калаадан
Карарып чыккан тир жан жок.
Жабылган бойдон там калган,
Жайылган бойдон мал калган.
Ээн калган мүлүгү,
Ээрлүү калган күлүгү,
Кыраанын Манас барында
Кытайдын журтун бүлдүрүп,
Кыргыздын салган түлүгү.
Качканын булар билиптир,

Кайнап жаткан мусулман
Камданып атка миниптир,
Сыйынып алып арбакка,
Жыйылып кирди чарбакка.
Энелеп калган балдары,
Эңгиреп калган тамдары.
Аталап калган балдар бар,
Аңгырап калган тамдар бар,
Араң жан жаткан жандар бар.
Каңгыраптыр калаасы,
Канга жуулган талаасы,
Каттап адам боло албайт,
Каршы-терши өлүктөн
Көчөсүнүн арасы.
Өңгүрөп калган келеси,
Керилүү калган желеси,
Жыйылган бойдон жүк калган
Жайытта малы шүк калган.
Короодон чыкпай кой калган,
Эркегинин көбү өлүп,
Ургаачысы бой калган.
Жанчыкка салган пул калган,
Уруштан өлүп эркеги,
Жаш келиндер тул калган.
Маталуу бойдон төө калган,
Баса албаган жөө калган,
Кишинин баары менменсип,
Кимге кылбас бу жалган!
Жамбысы калган куржунда,
Жамандык түшкөн журтуна.
Наристе жаш-жаш балдар бар,
Акылы качкан чалдар бар.
Кемпир калган, чал калган,
Кериге толуп мал калган,
Кесилбеген тал калган.
Алты бөлөк шаар экен,
Ар сонуну бар экен.
Уюкта калган какайы,
Убайда калган далайы,
Ураптыр далай сарайы,
Кыйын экен а кезде
Кыргыздардын таалайы!
Кубан, Үрбү, Мунарды
Казатта жүргөн Кайып кан
Аман көрдү буларды.
Алды-алдынан кошулуп,
Аккан жашы жошулуп,
Учурашып болушту,
Алтай, уйгур биригип,
Аралашып конушту.
Алты күн жатты токтошуп,
Аскерди тамам жоктошуп,
Өкүмү актын буйругу,
Өткөн сөздү дедирдиң,
Өлгөнү элүү тогуз миң,
Мусулмандар көрүштү,
Жар-жоросу ыйлашып,
Жаназа окуп көмүштү.
Төрт жүз миң, кырк миң кол болуп,
Калаага кирди сурнайлап,
Кара курттан мол болуп.
Дугулдардын калмагы
Канча экен – деп, калганы,
Эсебин булар алганы.
Аяк-башын жыйнаса,
Алтымыш миң үй экен
Азыр колдо калганы,
Аман-эсен эсептеп
Жайына коюп салганы.
Аяр Таскыл барганда,
Култкасын баш кылып,
Алты жүзүн алганда
Ошо бойдон тутулуп,
Култка качып кутулуп,
Беш жүз сексен сегизи,
Белгилүү журтка тегизи

Мусулманда калыптыр,
Кокус качып кетет – деп,
Колуна күндө салыптыр.
Аларга кайдан ишенди,
Аягына салып кишенди,
Байлоодо жүргөн баарысы,
Жашы менен карысы,
Доотай, чыйтай, амбалы,
Калкы качып, кан өлүп,
Колдо жаткан каапырлар
Шыпырылды дамбалы,
Эч калбады дарманы,
Элинин чыгып далдалы,
Алла нече күн болгон
Алардын түшүп калганы.
Байкуштардын баарынын
Байлоодо көзү жайнаган,
Намаз окуп мусулман
Салабат айтып сайраган,
Аттарын байлап токушуп,
Намаз окуп болгон соң
Аалимдер куран окушуп.
Окуган сөздүн маанисин
Сурап, билип алышып,
Мусулман дини ак го – деп,
Ойлонушуп калышып,
Жүргөн экен ушулар
Колго түшкөн кишилер,
Алла салса көңүлгө
Албан түрлүү иши бар.
Аяр Шүмшөк, Чүкүрүк,
Алар жүргөн байлоодо
Аманат жандан түңүлүп:
«Жан кыйыш бизге жаман! – деп,
Жаныңар калсын аман!» – деп,
Азат кылып салганы
Мант болуп жүргөн байлалуу
Баары алты жүз кишини,
Байкап көргүн, адамдар,
Баатырлардын ишини.
Азат кылып салыптыр,
Эки аяры баш болуп,
Эл-элине барыптыр,
Элге келсе неме жок
Качып кетип калыптыр,
Качканынан калганын
Ар жерден таап алыптыр.
Өз элдери чуулашып,
Өлбөй кантип калдың? – деп,
Жайы-көйүн сурашып,
Көпчүлүк айран калганы,
Туткундан чыгып баргандар
Көргөнүн айтып салганы:
«Мусулман кылган урушу,
Бузук эмес, түз экен,
Бизге кылган жумушу.
Дин жакшысы кайда экен,
Бул мусулман дегени
Болжоп турсак пайда экен.
Намазга турса жардашып,
Алласына зарлашып,
Айтар сөзү көп экен
Акыретке карашып.
Айтып бирөөн жыкпадык,
Лаайлога иллалла,
Актык бердик биз ага.
Кудай азыр жок – деди,
Барлыгына ишенип,
Көңүлүбүз ток – деди.
Көрбөй туруп кайбана
Сыйынат экен кудайга,
Көңүл берип бизге окшоп
Ишенбейт экен бу жайга,
Байлоодо жүрүп баарыбыз
Көзүбүз жетти мындайга.
Сүйлөшкөнү-шарият,

Сүкүт экен сөздөрү,
Даарат, кусул түк үзбөй
Таза жүргөн өздөрү.
Арап деди байгамбар,
Акыретте жай алар
Айтканын кылып баргандар.
Баары бирдей сыйынат,
Маңдайда сүрөт белги жок,
Мусулман болгон каапырлар
Миң бөлүп союп салса да
Бизге кайтып келги жок.
Урушта жатып элибиз, ,
Майышып жатып белибиз,
Көрдүк ар бир жумушун.
Көңүлгө албай калбадык,
Баштан-аяк билгенин
Башкарып сурай албадык,
Куран окуп, жол айтса,
Кулак салып тыңдадык,
Көңкү баары буркурап,
Көзүнүн жашын тыйбады,
Уруштан кийин ушул эл
Адам түгүл, аңдасак,
Чымындын жанын кыйбады.
Чүкүрүк аяр, Шүмшөктү
Алты жүз экен жесири –
Коё берди тептекши.
Өлгөндөргө арга жок,
Эмки калган тирүүгө
Эч кастыгы калган жок,
Чыгып келген жесирлер
Чын айтабыз жалган жок,
Күмөн кылар жайыбыз
Мусулмандан калган жок.
Катканың болсо табыңар,
Качканың болсо артынан
Токтотууга чабыңар.
Кааласак динге кирербиз,
Нени айтат экен мусулман
Айтканын аңдап билербиз!»
Алты бөлмө шаар экен,
Аягы Чүкүр-Кечүүдө
Адамдары бар экен.
Дугул калмак уругу,
Аңдабастан урушуп,
Ажалдуу өлүп куруду
Иши келди оңунан,
Өлгөнүнөн калганы
Кабар кетти чапкылап,
Качканынын соңунан
Мусулман жатты алты күн
Кудайына сыйынып,
Кадырлар келди курт жайнап,
Аяк-башы жыйылып.
Аяр Шүмшөк, Чүкүрүк,
Акылманын жыйнады
Ары-бери жүгүрүп.
Кулан жайсаң барыптыр,
Эки-Баштын элине
Лаңгү-Таба жерине
Куп кабарды салыптыр,
Качып кеткен суң кытай
Кайтып келип калыптыр.
Маңгул, тыргоот баары бар,
Бадаң калмак дагы бар,
Эки-Башка жердеген
Чебең байың баары бар.
«Өзүнө карап бергенди
Өлтүрбөйт экен мусулман,
Өчмөндүү болуп урушуп,
Не качтык экен ушундан?»
Ушуну айтып ушу журт,
Кулан жайсаң баш болуп,
Көптүгүн көрсөң кара курт,
Качып кеткен каапырлар
Кайтып келип тийиптир

Мусулмандын колуна,
Мусулмандар жыйылды
Айгыр-Жалдын жонуна.
Кубан, Үрбү, Мунар кан,
Кубанды каапыр булардан,
Аксакалы Кайып кан,
Албан түрлүү канча жан,
Шүмшөк аяр, Чүкүрүк,
Кашына келди кандардын
Калмагынча жүгүнүп.
«Жүгүнбөй өйдө туруңар,
Жамандык болор мунуңар,
Кудай жалгыз, куран чын,
Бар экен – деп, билиңер,
Башта бутка табынган
Батыл экен диниңер.
Азезил бар душманың,
Алды менен өлгөндө,
Акыреттин күнүндө
Арылбайт экен бушманың.
Карасы жок кан барбы,
Карап көргүн, калайык,
Каран жалган дүйнөдөн
Өлбөй турган жан барбы?
Жаратканым ким дейсиң,
Жараткан жалгыз кудайга
Жалынышты билбейсиң.
Көрөрүңө көз берген,
Айтарыңа сөз берген,
Көкүрөгүңө эс берген,
Көп урушту кылды – деп,
Көңүлүң калба биздерден,
Бенде кылдым сени – деп,
Эртели-кечти эки убак,
Эстедиңби мени? – деп,
Сураган болсо соболун
Не болор сенин оболуң?!
Ырас, билсең Алланы
Ыслам дини кут болор,
Бар кудаанын өзүнүн
Баш душманы бут болор.
Табындым – деп, бутуңа,
Куюп алган кутуңа
Уялбай кантип айтасың?
Айтканыңда билинер
Азезилдер душманың.
Шайтанга кошо шайтансың,
Алакам кылып тараткан,
Алла Таала кудурет
Жети дозок жараткан.
Бир жараткан кудааны
Билбегениң кызыктыр,
Жагып турган бул оттон
Ол дозоктун оттору
Миң эсе артык ысыктыр.
От ичинде туулуптур,
Орун алып туруптур,
Биринин аты-Арбылыт,
Биринин аты-Тарбылыт,
Алыс, Малыс экөөбү
Бир-бирине чагышып,
Аларды кудай уруптур,
Оттон бүтүп, ол экөө
Ойноштук кылып салыптыр,
Ашыктык деген арам иш
Нак ошондон калыптыр.
Ал кезде тууган баласы
Аты Азезил болуптур,
Дүнүйөнүн жүзүнө
Чөп катарлуу толуптур.
Алла Таала кудурет
Ал бейлинен тыйыптыр,
Уруксат берип кошулуп,
Берište бар, бенде жок,
Берište нике кыйыптыр.
Узак жашап жүрмөккө

Уруксат берип салыптыр,
Берген жооп бир Алла,
Андан кийин балдары
Пери болуп калыптыр.
Пери болду, жин болду,
Бендеде андай ким болду.
Каапырлары дөө болор,
Таңда макшар күнүндө
Карарып бети көө болор.
Биз айталык сиздерге
Иштин болор жерини,
Көрбөйсүңөр, угасың
Дөө менен Перини.
Ак жаратты ар жанды,
Асылын уккун адамды.
Топурак, отту, суу, желди,
Тең жаратты, жан берди,
Алтымыш эки наамага
Эриген бойдон жан келди.
Калктын жаны сен бол – деп,
Камаган кадыр – бир кудай,
Жан болууга ынабай,
Качып жүргөн бир далай.
Алтымыш эки нааманы
Бериштелер чалыптыр,
Наамага уюп азиз жан
Көөдөгө кирип калыптыр,
Ырас, арбын тийгенге
Ышкы болуп алыптыр.
Ышкысы жокто ыйман жок,
Ышкыга көңүл бергендер
Дүнүйөнү жыйган жок.
Пери, дөө, периште
Жараткан баарын кудайың,
Токтоо болор топурак,
Топурактан жараттым,
Адамга сежде кылгын – деп,
Айдап келген жудайын.
Периштелер, перилер
Сежде кылып салыптыр,
Азезил менен дөөсү
Селейип туруп калыптыр.
Азезилдин мойнуна
Токонаалат илинип,
Душмандыгы билинип,
Токтолуп туруп алыптыр,
Кор кылсын – деп, адамды
Дүйнөнү айтып салыптыр,
Аның үчүн дүйнөнү
Ар ишине сарп кылып,
Адам иштеп алыптыр,
Мунун түпөйүлүнөн
Мурдар болуп калдым – деп,
Алиги шайтан азезил
Адам уулу баарыңа
Асылганча калыптыр,
Сүрөт кылып азгырып,
Дүнүйөгө мас кылып,
Талабына жетүүгө,
Өз асили от үчүн
Жолдош кылып кетүүгө
Азгырып жүргөн азезил,
Азезил душман экенин
Ай калайык, баарың бил!
Алла Таала кудайың,
Аңдаңар угуп, жудайын,
Аты бар да, өзү жок,
Аяттан бөлөк сөзү жок,
Ай караңгы түн болсо,
Жалгыз кылды сындырсаң
Көрбөй коёр көзү жок.
Дозоктон түтүн бураса,
Токтотуп коюп дозокту,
Эстедиңби мени деп,
Сиздерден собол сураса
Кайсы болор жообуңуз,

Таразага тартылса
Кылган күнөө – сообуңуз,
Миң жашаган жан барбы,
Өлүмдөн барбы коогубуңуз?
Мусулман келип калды – деп,
Мунар кан уруш салды – деп,
Алып качтың жаныңды,
Ажалдан бенде кутулбайт,
Куп көрдүңөр өлгөнүн
Култка сындуу каныңды,
Бутка ишенип кудай – деп,
Кетирбеңер саныңды!
Бол дегенде болтурган
Асман менен жериңди,
Айткан сөздөн уктуңар
Периште, дөө, периңди,
Баштан аяк уктуңар
Шайтан азезилиңди,
Шарынан качып шайтандын
Келмеге көндүр тилиңди.
Бербердигер буюрса,
Бет аларсың бейишке,
Капилет кирип дозокко
Калбаңар катуу кейишке!»
Таздын уулу эр Үрбү
Далай сөздү баштады,
Карап турган калмактар
Кара көзүн жаштады:
«Сыйынып турган бутубуз
Алтын, күмүш, темир – деп,
Баштатадан укпаппыз
Башка экен го теңир – деп,
Асман-жердин ээси
Алла Таала өзүң – деп,
Азыр угуп туюндук
Мусулмандын сөзүн!» – деп,
Каапырдын баары күңгүрөп,
Чуркураган көпчүлүк
Кулак тунуп дүңгүрөп,
Келмеге тилин келтирип,
Напси шайтан өлтүрүп,
Мусулман болуп турушту,
Айтып баары келмени,
Акка моюн сунушту.
Кулан жайсаң кеп сурайт,
Кайып кандан бек сурайт:
«Кадыр Алла барлыгын
Кайдан билдиң?» – деп, сурайт.
Баатыр Кайып кеп айтат:
«Бар кудайды билдирген
Байгамбарым» – деп, айтат.
Байкуш Кулан билбеди:
«Байгамбар деген ким?» – деди.
Аңтарды кыйла дүйнөнү,
Анда Кайып сүйлөдү.
«Адам уулун бир кудай
Дүнүйөгө тараткан,
Өз күчү менен жараткан,
Асилин уксаң арабдан
Мекеде болгон калаасы,
Абдылданын баласы,
Бабасы Абдил Муталип,
Баары душман болуптур
Байгамбарга бу калык.
Байкаталык сиздерге
Бабасы Абдил Ашымды
Барча каапыр көптөгөн,
Башын алып байгамбар
Бир үңкүргө жашынды,
Абубакир Сыдыгы
Олтуруптур кашында.
Төртүнчү болгон бабасы,
Алланын кылган ишине
Адамдын жетпес дабаасы,
Аты Абдил Манаптыр,
Ар тараптан кол келип,

Ак байгамбар өзүнү
Алабыз – деп камаптыр.
Арс бешинчи атасы,
Алла билер бул ишти
Канча экенин катасы.
Алтынчысы – Кабуптур,
Асилинен чыкканын
Ак байгамбар дебиптир.
Жетинчиси – Ырайыл,
Баары каапыр муну бил!
Ата жолун таштаган,
Буйругу менен кудайдын
Мусулманды баштаган,
Күнү-түнү уйку жок,
Эки көзүн жаштаган,
Бул дүнүйө камы үчүн
Эгер ойлоп шашпаган,
Жубар илиспат жеринде
Нурдан салган денесин,
Ээмп сүтүн татпаган
Өзүн тууган энесин.
Энесинин аты Амийна,
Карабагын кайгырып,
Жалган дүйнө камына.
Атасы өлгөн аз күндө,
Наалыш кылып Аллага
Наар татып күн-түндө,
Калган жетим жашында,
Сарай үйдөй ак булут
Амыры менен Алланын
Сая болгон башында.
Жаш көзүнөн жаркырап,
Үмөтүм – деп, көп ыйлап,
Баспай үнүн баркырап,
Коом үчүн боорун бураган,
Кор кылба! – деп, кудайдан
Күнөөлөрүн сураган.
Ага самсаба куран,
Казат кылып каапырдан
Шейит болгон жекеден,
Медийнага бет алып,
Көчкөн экен Мекеден.
Медийнанын улугу
Атын айткан Өмөр – деп,
Арбын анда өнөр – деп,
Айтканына көнөр – деп,
Ак амырын алыптыр,
Калаасына кире албай,
Четтеп конуп калыптыр,
Амыры менен кудайдын
Карындашы Айша
Өмөрдү динге салыптыр.
Бадышага бар болгон,
Адил Өмөр атанып,
Байгамбарга жар болгон.
Осмон молдо араптыр,
Үчүнчүсү жар болуп,
Байгамбарга караптыр.
Инжил менен Тоорат
Жазуусун билип төбүрөөк,
Ырайдын билип алибин,
Окуган экен көбүрөөк.
Азирети Жебирейил
Айтып кабар салыптыр,
Ак байгамбар Мустапа
Айтканынын баарысын
Акылына алыптыр,
Ал сөздүн баарын молдо Осмон
Китеп кылып калыптыр.
Аты Буркан курандыр,
Алла берген шарият
Ал куранда тургандыр,
Кайсы экенин биле албай,
Каапырды кудай ургандыр.
Төртүнчүсү жар болгон,
Төгөрөктүн баарына

Кылган иши шар болгон,
Азирет Аалы шер болгон,
Жүргөн каапыр баарына
Жүрөгүнө чер болгон,
Ага тийген каапырдын
Оруну кара жер болгон».
Байгамбар менен жарыны,
Баянын айтты баарыны.
«Көрбөй туруп динге кир
Дүнүйөнүн тарыны.
Айткандан уккан сөзүнү,
Анык көргөн өзүнү,
Сааба болгон кашында,
Жолдош болгон башында,
Быйыл беш жүз жашында,
Абунасыр Замани
Эр Манастын кашында,
Көрөрсүздөр аны да
Көсөл Манас жанында.
Түркстанды алат – деп,
Түмөн-түмөн каапырды
Ак динине салат – деп,
Кылган иши сөз болуп
Кыяматка калат – деп,
Айткан экен байгамбар,
Айран болуп көп жандар,
«Түркстанда көп болот,
Баатыр, балбан көп заңгар,
Бүгүн динге салат – деп,
Бүгүн салса динине
Эртең жанып калат – деп,
Түркстанда көпчүлүк
Кантип жеңип алат – деп,
Туркстанды караткан
Узун болсун жашы – деп,
Таштан болсун башы – деп,
Аман болсун жаны – деп,
Чакырсаңыз ороюн
Көрүп калсак аны – деп,
Кабыл болор дубаңыз,
Биз да көрүп калсак – деп,
Үмүт кылып турабыз».
Суранган экен саабалар,
Дубага кол көтөрүп,
Оомийин! – деген байгамбар.
Аз токтолуп калыптыр,
Жарым саат ичинде
Арстан эрдин орою
Азиретке барыптыр,
Барып салам кылыптыр,
Байгамбардын кашына,
Ак кийизден тебетей
Баса кийип башына,
Кең багелек, сары шым,
Келиштирген баарысын.
Калкан, соот, кыягы,
Баары бойго тартылып,
Каармандай сыягы.
Кыргын үчүн жаралган
Кытайдын кылым элине,
Кылыч байлап белине,
Найза тутуп колуна,
Асынып мылтык жонуна,
Аткан менен ок өткүс
Ал күнү кийген тонуна.
Саадак, күрсү байланып,
Жай булуттай айланып,
Дин мусулман уулунун,
Динге балбан кулунун
Көрсө көңүл сүйүнүп,
Астындагы атынын
Көтөрсө бели ийилип,
Көпкөк темир кийинип,
Калпак бөркү башында,
Каршы барып туруптур
Байгамбардын кашына.

Кырк бир экен баарысы,
Баштап барып туруптур
Баба кары аталган
Бакай сындуу карысы.
Аттарынын баары чаар,
Кабылан эрдин мингени
Кара кашка тобурчак,
Жал-куйругу бир кучак,
Үстүнө үртүк жаптырган,
Казатка минер чоң Кула ат
Үкүнүн жүнүн тактырган,
Кумдуу жерге оонаткан,
Кудуктуу жерде сугарган,
Адам бенде аземи
Өтөр эмес булардан.
Саабалар көзүн салыптыр,
Айбатын көргөн адамдар
Айран-азыр калыптыр.
«Башкы атасы Бабыр кан,
Кызмат кылар кырк миңжан,
Уругу улук кыргыздан.
Аманат берсем ушуга
Жеткирүүчү жан барбы
Ушу турган саабадан?»
Ак байгамбар Мустапа
Андай сөз айтып салыптыр,
Абунасыр Замани
Ордунан тура калыптыр,
Бир кылыч менен бир мылтык
Аманатын алыптыр,
Байгамбардан бата алып,
Айкожо – деп, атанып,
Алиге өлбөй калыптыр.
Ошол Манас ушу – деп,
Акунбешим баашаны
Камап жаткан тушу» – деп,
Кайып кан айтып басылды,
Карайлап жүргөн калмактар
Айнектей көзү ачылды.
Келме келди тилине,
Ыйман кирди дилине,
Ыклас берип баш койду
Алла Таала пирине.
Көрдү пайда, залалды,
Көпчүлүгү сурады
Арам менен адалды.
Айдап күткөн малыңдан,
Жогуң менен барыңдан
Арам – деди, доңузду,
Доңуз күткөн калмактар
Айгайлап салды добушту.
Кайдан күттүк муну – деп,
Какай деген кууну – деп,
Айдап тоого өстүрдү,
Торопоюн тостурду.
Адалдан оокат кылам – деп,
Атасынын көрү какайды,
Немесин койбой кырам – деп,
Ээлери сүйлөп калыптыр,
Кыраарын билип доңуздар
Тоого качып алыптыр.
Тоого барып токтолуп,
Жапайы болуп калыптыр.
Калмактар жыйды малыны,
Колго берди көп тартуу
Колундагы барыны.
Алты күн аскер токтошуп,
Ата уулусун жоктошуп,
Ат өргүтүп такалап,
Тон кийишип жакалап,
Акунбешим баашага,
Бармак болуп ошого,
Калк жыйылган эрмекке,
Кан Манасты көрмөккө,
Абунасыр кожону,
Арзуу кылып ошону,

Көрсөң сонун ишини,
Көрсөк дешип сонуркап,
Көп жашаган кишини,
Эли болуп мусулман,
Элүү миң аскер жыйылып,
Эгесине сыйынып,
Булуттай чаңы созулуп,
Мусулманга кошулуп,
Элүү миң жолго салганы,
Эбике деген калмагын
Кан көтөрүп алганы.
Кулан жайсаң баш болуп,
Кужулдап жолго салганы,
Көптүгү курттай экен – деп,
Мындан кийин ушу жер
Куртка атанып калганы.
Сонун көлдү ашыптыр,
Жумгал, Кочкор басыптыр,
Манастар кантти экен – деп,
Барганча булар шашыптыр.
Бара турсун жол менен,
Беш жүз миң аскер кол менен.
Аны таштап коюңуз,
Акунбешим баашаны
Алалбайт деген оюңуз,
Арстан Манас не болду,
Кабарынан болуңуз.
Жүз элүү миң кол менен,
Жүрүп бөктөр жол менен
Барып басып калыптыр
Оондун сары талаасын,
Мөндүлөтүп кубалап,
Бөксөдөгү калаасын.
Эки жүз миң кол менен,
Тар капчыгай жол менен,
Азык кылып даярын,
Байлап Бооң аярын,
Кыргынды кыйла салыптыр,
Шаа Коңгур, Бейшекел
Чаап элин алыптыр,
Бакай, Кыргыл барыптыр,
Алма-Коюр жердеген
Адам уулу жеңбеген
Илебин менен Кашкелди,
Кесилген кыйла баш келди,
Кытайын алып кыйратып,
Кыз-катынын ыйлатып,
Маңгулун алып каратып,
Качканын кууп таратып,
Калмагын алып, эл кылып,
Канын суудай сел кылып,
Баатыр Үмөт, эр Көкчө
Барган экен бу дагы,
Чуу боюнун баарысы
Кытайдын болгон турагы.
Камбардын уулу Айдаркан,
Казактан чыккан баатыр лсан5
Каапырга тишин батырган.
Обон-Таштын оюна,
Узун-Булак боюна,
Чуунун боюн жакалап,
Калмактын шаарын бакалап,
Уйгурлук колу келсин – деп,
Урушпай токтоп калыптыр,
Арадан он беш күн өтүп,
Аскерин күтүп алыптыр,
Он алты күн дегенде
Арстан Үрбү, Кайып кан,
Кашында бар канча жан,
Каптап келип калыптыр.
Кубан кан менен Мунарды,
Аман көрдү буларды,
Эбине менен Куланды,
Эсен көрдү буларды.
Чагырдын белин ашыптыр,
Шамшы шаа шаарын басыптыр.

Чыдабай алаш каарынан,
Чыга качып шаарынан
Шамшы калдай кетиптир,
Ак асаба туу менен,
Айгайлаган чуу менен
Уйгурдун колу жетиптир,
Абунасыр кожого
Мусулман болгон калмактар
Амандашып кетиптир.
Урматына барышты,
Учурашып алышты,
Кош-кошуна козголбой
Ал күнү жатып калышты.
Он-Бир-Жылга оюнда,
Чагыр суунун боюнда
Жата турсун мусулман,
Бабаларың жомогу
Баркын билгин ушундан.
Баары колу мусулман
Он бир жүз миң болуптур,
Ой-талаага толуптур.
Аны таштап салыңыз,
Акунбешим баашанын
Алла эмине сөзү бар,
Кабарынан алыңыз.
Канча жылы кан болуп,
Казынасы карк толуп,
Кан болгону Акун шаа
Кырк беш жылга жык толуп,
Аяк жагы элинин
Орол тоонун ичинде,
Отуз-Суунун тушунда,
Суу түгөнүп чөл болгон,
Тоо түгөнүп бел болгон,
Ошолордун баарысы
Толгон калмак эл болгон.
Кара-Долоон, Сазанды,
Кан чакыртып алардан
Калдай, шибең жайсаңды,
Торгой, калдай Эмилди,
Толуп аткан элини,
Алган экен чек кылып
Бетпактын кичи белини.
Баарына кабар салыптыр,
Жамыра жайсаң, Олоңгу,
Жарлык айтып олорду,
Дабаш, Тулус калдайды,
Жарлык айтып далайды,
Кейгүр, амбал Дебеги,
Келиңер ылдам дегени,
Акунбешим бадыша
Үч ай он төрт күн болуп,
Уруштун камын жегени.
Кансын кулак сөзүнө,
Караган кандын өзүнө
Башы Текес, Жылдызда,
Баары алдырды кыргызга.
Алма-Когор, Илебин
Аны алдырып казакка,
Качып Кашкел жаң-жуну,
Калкы калып азапка,
Дөрө жайсаң Кеминди,
Төгүп канын элини,
Лаңги-Таба, Суңшоону,
Ырас алып ошону,
Сындырып кандын белини,
Кичи-Обо суу, Даңгулу,
Бейшекел, Коңгур баарыны,
Бузуп алып көбүнү
Булагасын шаарыны,
Мусулман жатып калыптыр.
Муңканып Акунбешими,
Муңдуу күн түшүп башына,
Улуктарын жыйыптыр
Ушу күндө кашына.
Калдык – деди, кайгырып,

Чантуу деген балаага,
Он беш жүз миң кол жыйып
Жылгындуунун талаага.
Кегети деген жайсаңы,
Калың аскер кол барып,
Кара малын кайсады,
Элинен калбай немеми,
Урушка бүттү кеңеши.
Калкынан калбай карасы,
Каркап толуп алыптыр
Сары-Өзөн Чуунун талаасы.
Ордого керней коюлуп,
Дүнүйө жүзү союлуп,
Желек туудан бөлүнбөй,
Жердин жүзү көрүнбөй,
Асаба туудан бөлүнбөй,
Аскерден талаа көрүнбөй,
Согулган добул күңгүрөп,
Толкуп жатыр көп аскер
Тоо көчкөндөй дүңгүрөп.
Желеги алтын туу чыкты,
Жер жарылган чуу чыкты.
Ак асаба, кызыл туу,
Айгайлаган улуу чуу,
Көк асаба, кызыл туу,
Көк жаңырган ызы-чуу.
Мусулман менен каапырдын
Мурункуңдун сөзү бу.
Туу көтөрүп дүңгүрөп,
Туш-тушунан күңгүрөп,
Барды майдан жерине,
Байлап кылыч белине.
Ак жалдуу кара ат минип,
Алтын айчык тон кийип,
Көмкөрө калкан тартынып,
Көпкөк темир артынып,
Турпаты жоону колоткон,
Туулгасы болоттон,
Көтөргөнү көк найза,
Көчүрөр тоону бир сайса,
Кегети деген жайсаңы
Колуна алып найзаны,
Майданга келип турганы,
Кайраттанып кыйкырып
Каапырды кудай урганы.
Добулбасын байланып,
Тоо кушундай айланып,
Согушууга шайланып,
Лайлама колдо – деп,
Ибилиске жалбарып.
Аны көрүп алганы,
Арстан Манас баатырдын
Абдылда баатыр балбаны
Ак куйрук деген атыны
Астына минип алганы,
Жарагын белге чалынып,
Жаратканга жалынып,
Мубакүл найза көтөрүп,
Бу каапырга бет алып,
Буластаган Абдылда
Калмак ээр кашы – деп,
Как жүрөктүн башы – деп,
Абдылда тиктеп алыптыр,
Алтын ээр кашы – деп,
Ай балканын башы – деп,
Кегети найза салыптыр.
Найзаларын тирешип,
Эки үзөңгү чирешип,
Баатырлар экөө сайышып,
Аттардын бели майышып,
Карап турган көпчүлүк
Кантер экен булар?! – деп,
Кабыргасы кайышып.
Найзадан аман калышып,
Албарс кылыч алышып,
Аркы-терки сайышып,

Албарс менен ал экөө
Алтымыш, элүү чабышып,
Алыша албай бир-бирин
Алдырышып калышып.
Айбалта жандан чечишип,
Аманат жандан кечишип,
Акырышып жетишип,
Башка балта салышып,
Бака-шака чабышып,
Эки журттан эки эри
Бар келишип калышып,
Айбалта менен бир-бирин
Элүү-кырктай чабышып,
Азыр жеңип ала албай,
Кабарышкан бул экөө
Карап туруп кала албай,
Күүлөп күрсү алышты,
Күчү менен чабышты,
Күндүк турган эл укту
Күрс – деп, чыккан добушту.
Нөөбөт берип турушуп,
Күркүрөп күрсү урушуп,
Күрсү күчтүү чабылып,
Туулгага калкан чагылып,
Тутанган оттой көк жалын
Туш-тушуна жабылып,
Көзү көрүп турган эл
Көңүл, эси жаңылып,
Толгонушуп турушуп,
Токсон, сексен урушуп,
Азыркысын бир-бирин
Алыша албай курушуп,
Ач бөрүдөй жулушуп.
Астындагы аттары
Жүрүшү сырттын желиндей,
Асынып жүргөн саадагы
Азамат эрдин белиндей.
Жааны колго алышып,
Жаалданып калышып,
Күчүгөн жүндүү сыр жебе
Киричине чалышып,
Жебенин огу кыркырап,
Тийген жери быркырап.
Элүүдөн огу түгөнүп,
Ээрдин кашы үбөлүп.
Асынып саадак алышып,
Мылтыкка дүрмөт салышып,
Мылтыктарын октошуп,
Милтелерин чоктошуп,
Бута койгон немедей
Бура тартпай токтошуп,
Несаана сайган немедей
Эки бөлөк турушуп,
Мылтык атып урушуп,
Жүздөн огу түгөнүп,
Жүргөн жердин таштары
Топурак болуп үбөлүп,
Күн тийгенде салышты,
Үстүндөгү тондору
Соот менен кыягы
Күкүм болуп калышты,
Күүгүм кирип, күн батып,
Жай-жайына барышты.
Аскерге барып тим жатты,
Агарып чыгып, таң атты.
Мусулман намаз окушуп,
Буудандын баарын токушуп,
Азан айтып каркылдап,
Алтын туулар жаркылдап,
Казак, кыргыз көп алаш,
Баштап Манас баркылдап,
Майданга барып турганы,
Акунбешим бадыша
Ордого добул урганы.
Добулдун үнүн угуптур,
Толкуган Шордун дайрадай

Аттанып каапыр чыгыптыр,
Келди майдан жерине,
Шаасы буйрук кылыптыр
Тугалык деген эрине.
Сары ат минип заңкайып,
Каңылжаары каңкайып,
Мурунуна караса
Селебенин кабындай,
Муруттарын караса
Айбалтанын сабындай,
Айдары бар аркада
Тору айгырдын жалындай.
Чарайна бар төшүндө,
Жалыны бар көзүндө,
Каармандын күчү бар,
Кайраты толук өзүндө.
Туулга бар башында,
Тулуму бар чачында,
Карыпчы бар колунда,
Калканы бар жонунда,
Үч жүз батман салмагы
Соот деген тонунда.
Найзасы бар жүз кулач,
Музоо кирпик, бурма чач,
Мындай каапыр келатыр,
Мусулмандар, көзүңдү ач!
Майданга кирди бакырып,
Байналап ураан чакырып.
Бул ишти көрө салганы,
Айдаркан уулу эр Көкчө
Астынан жөнөп калганы.
Алиги каапыр акырып,
Айбаттанып бакырып,
Камыштан кылган найзанын
Желегин желге жапырып,
Жетип келди качырып.
Көкчөгө найза салганы,
Кагып ийип найзасын,
Кан Көкчө шилтеп калганы.
Көкчөнүн сайган найзасы
Көкүрөккө такалды,
Көрбөсөк да укканбыз
Бабаңардын макалы,
Каапыр балбан Тугалык
Мыктылыгы белгилүү,
Быжыгыр кара сакалы.
Менменсиген каапырга,
Эр Тугалык баатырга
Көкчө барды бетине,
Жанчуу менен Көкчөнүн
Ээринин минди көтүнө.
Найзасына такалып,
Эр Тугалык чыга албай,
Баатыр Көкчө сайып тур,
Ат үстүнөн жыга албай.
Астындагы сары атын
Бура тартып алганы,
Калың колго бет алып
Каапыр качып калганы,
Айдаркан уулу эр Көкчө
Жонго найза салганы.
Алтын кемер чети – деп,
Ай далынын бети – деп,
Эр Көкчө найза салыптыр,
Атынын мойнун кучактап,
Аккан каны бурчактап,
Өбөктөтүп алыптыр,
Өлө турган болгондо
Колуна кирип калыптыр.
Барча каапыр күңгүрөп,
Пайнасын айтып дүңгүрөп,
Айгайды бийик салыптыр,
Аскерине киргизип,
Айдаркан уулу эр Көкчө
Кайра тартып калыптыр.
Кан жошулган жолунан,

Качып кирди Тугалык,
Найза тийген жонунан.
«Атадан туубай калгын!» – деп,
Каарланып күүлөнүп,
Тугалыкка сүйлөнүп,
Жамыра деген жайсаңы
Колуна алып найзаны,
Көтөрүлүп күүлөнүп,
Көкчөнү көздөй сүйлөнүп,
Жамыра келет кеп айтып,
Жаалданып бек айтып
Күйгөнүң үтү күнүнө
Шоодайым! – деп, айтып,
Жамыра чыкты баркылдап,
Көк темир кийип жаркылдап,
Алагер деген аты бар,
Аяк-башы үч кулач,
Айбандан бөлөк заты бар.
Асый өгүз белиндей
Асынып жүргөн жаасы бар,
Артында айдар чачы бар.
Саадактын огу найзадай,
Киричине чалыптыр,
Жакындабай Көкчөгө
Жаа менен тартып калыптыр.
Жебенин огу жеткени,
Жети кабат калканын
Катар жарып кеткени.
Соотун тешип өтүптүр,
Оң кабырга сыртынан
Бир эли кирип кетиптир.
Кабыргага кадалып,
Октун учу сайылды,
Оң жагына жамбашка
Кызыл каны жайылды.
Эти ачынып эр Көкчө,
Кайраты калктан бөлөкчө,
Тартып огун салганы.
Тарамыштуу найзаны
Колго Көкчө уштады,
Коломсоктон ок алып,
Киричине чалганча
Кетип барып эр Көкчө
Көөдөнгө найза муштады.
Көкчөдөн найза жеткени,
Алагердин үстүнөн
Аңтарылып кеткени.
Төштөн найза салыптыр,
Эки карыш төрт эли
Сыртына чыга калыптыр.
Алагер атын алганы,
Ал каапырды өлтүрүп,
Айдаркан уулу эр Көкчө
Аскерине барганы.
Ал кезде Угуз балдары
Карсылдашып каапырга,
Калбаган экен арманы,
Кабыргасы катуу ооруп,
Кан Көкчө жатып калганы.
Мөндү Чебең балбаны
Кайнаган каапыр колунан
Бөлүнүп чыга калганы,
«Бурут болсоңкелгин!» – деп,
Бөлөкчө айгай салганы.
Окчу кыргыз эр Мажик
Огон жетип барганы,
Ортодо уруш салганы.
Башы-бети жарылып,
Мажик качып калганы.
«Адам болбой калгын!» – деп,
Кыпчактардын эр Үрбү
Кыйкырып кирип барганы,
Кыйлага уруш салганы,
Кытайдын Мөндү Чебеңи
Тере Үрбүнүн колунан
Төрт бөлүнүп калганы,

Төгүп канын салганы.
Күүгүм кирип, кеч болуп,
Жалпы колдун баарысы
Жай-жайына барышып,
Жайнап жатып калганы.
Эртеңки күн таң атып,
Эл ордунда тынч жатып,
Салаңгыр деген балбаны
Салып чыгып барганы.
Жалгыз-Кырды жердеген,
Чанчышып бенде жеңбеген,
Байың калмак балбаны
Майданга айгай салганы,
Бакырыгы баш жарып,
«Кел бурут!» – деп, калганы.
Муну көрүп мусулман,
Бойгуттан барган Кубан кан
Атка минип акырып,
Баабедин! – деп, бакырып,
Салаңгыр найза салганы,
Кагып ийип найзасын,
Кубан беттеп барганы,
Курдан жетип кармады,
Алты жашар баладай
Атынан жулуп алганы,
Аскерге келип Кубан кан
Байла! – деп, берип салганы.
Кайта барды Кубан кан,
Карап турган канча жан,
Качырып чыкты каапырдан
Каңгай Тулус деген жан.
Чанагар суусун жердеген
Чанчышып адам жеңбеген,
Лайламалуу – деп,
Ылгый темир кийинип,
Лаанатка сыйынып,
Түшкөлүк деген аты бар,
Бийиктиги үч кулач,
Жылкыдан бөлөк заты бар,
Чоң чарадай туягы,
Тоо кериктей сыягы,
Кучактан ашат куйругу,
Мындай жоону кез кылган
Кудуреттин буйругу.
Мурунун көрсөң бородой,
Эки көздүн чукуру
Кайкаң белдин түбүнө
Казып койгон ороодой.
Кашын көрсөң каапырдын
Суулаган кара теридей,
Төшүн көрсөң каапырдын
Төшкө жакын керидей.
Мурунун көрсөң үңкүрдөй,
Кулагынын тешиги
Мамыга казган чуңкурдай.
Тулус жаң-жуң жеткени,
Майданда турган Кубанды
Найзасынын учуна
Илген бойдон кеткени,
Каңгай Тулус жаң-жуңдун
Балбандыгы эмей неткени!
Кайра тартып акырды,
Аскерине бакырды:
«Өлтүрбөй коюп туруңар,
Туз урган Кубан каапырды.
Бу Кубанды туз урду,
Лаайлама дининен
Не себептен бузулду?
Акунбешим баашадан
Каалаганын алды – деп,
Жаң-жуң эле жашында,
Ушу күндө Бойгутка
Дуу-Ду болуп калды – деп,
Мусулман болуп бузулуп,
Арбак атып, туз уруп,
Көк теңир берип салды – деп,

Көрдүңөрбү маңгулук
Колго түшүп калды – деп,
Келсе башын кесермин
Манас деген канды – деп,
Манастын башын жутайын,
Бойгуттагы Кубанды
Кайта динге тутайын.
Мусулмандын дининен
Бу кул кайта жанар – деп,
Жанбай койсо дининен
Жайын анан табар!» – деп,
Жаалданып бу Тулус,
Жарабас – деп, бу туруш
Атына камчы урганы,
Майданга барып турганы.
Кара Тейит эл экен,
Кыргыздан чыккан эр экен,
Калмат баатыр дээр экен,
Карала атты моюндап,
Туулга кийип башына,
Ак калпагын коюндап,
Качырып найза салганы,
Кагып ийип найзасын,
Кара болот, курч кылыч
Каапыр шилтеп калганы.
Шилтеген кылыч жетиптир,
Шилисин кыйып кетиптир.
Калмат кайтты дүйнөдөн,
Каарданып каапыр сүйлөгөн:
«Кара коюп, кан келгин,
Жалгызың коюп, сан келгии,
Жаның тирүү кутулбайт,
Өлөм деген жан келгин!
Бириң коюп, миң келгин,
Лөгүң коюп, бил келгин!»
Сөз айтып каапыр сүйлөгөн:
«Зериккениң келиңер
Тиричилик дүйнөдөн.
Тойгонуң келгин жашыңдан,
Миң жаны болсо кутулбас
Бир-бир кара башыңдан.
Атым Тулус, өзүм эр,
Акунбешим баашага
Атам тууган кеменгер,
Ажалдуу бурут бар болсоң
Мага жакын келе бер,
Алп болмоктон дөө болгун,
Орунуң болор кара жер!
Сагынсаң жердин койнуну,
Өлүмгө сунсаң мойнуңду,
Жекеме-жеке мага кел,
Тулустун көргүн ойнуну.
Кыргыз менен казагың,
Колуңа берип азабың,
Араандаган аз бурут
Азыр демиң басамын.
Аз гана алаш элиңиз,
Алтайда болгон жериңиз.
Жүрүптүрмүң, делектеп,
Азыр чыгар желиңиз!»
Муну айтып Тулус акырды,
Бат жүргүн! – деп, бакырды,
Мусулмандан көрүп ал
Мурахим Кайып баатырды,
Булгап алып найзаны,
Бу каапырды качырды.
Качырып найза шилтеди,
Щилтегенин билбеди,
Найзаны уучтап кармады,
Өзүнө тартып алганы.
Каңгайдын Тулус балбаны
Мурахимдай балбанды
Белден жетип кармады,
Беш жашарда баладай
Аттан жулуп алганы,
Эр Мурахим балбанды

Алып барып аскерге
Ылактырып салганы.
Катар турган шибендин
Төртөөнө тийип Мурахим
Бешөө бирдей талганы,
Жансерек болуп далдайып,
Жатсын бешөө шалдайып.
Жана каапыр акырды,
Жаалданып бакырды,
«Жандан тойгон мусулман,
Кел бери!» – деп, чакырды.
Казактан чыккан Чагообек
Канетет менен каапыр – деп,
Мылтык менен бир атып,
Мыктыланып жаа тартып,
Бу Тулуска жетиптир,
Бура тарта бергенче
Тутуп алып Чагоону,
Колуна кирип кетиптир.
Аны берип элине,
Асып кылыч белине,
Айбатын көргөн мусулман
Бара албады батынып
Ал каапырдын ченине,
Дагы бүгүн кеч кирип,
Барып жатты аскерлер
Жаткан-жаткан жерине.
Кыйын экен Тулус – деп,
Мусулман, каапыр кеп кылып,
Эр Манас уруш салса – деп,
Алаштын баары эп кылып,
Канча балбан, канча бек
Каапырдан өлүп калды – деп,
Кайгырышып жатканы,
Караңгысы түрүлүп,
Таң саргарып атканы.
Намазын Манас окуптур,
Ак каңкы ээр куранды
Аккулага токуптур.
Бир кудайга зар айтып,
Бил баштаган нар айтып,
Жарагын белге чалынып,
Шаймерденге жалынып,
Азирет Аалы шерлердин,
Шейит кечкен эрлердин,
Самнаарман балбандын,
Сапар кылып дүйнөдөн
Барса-келбес баргандын,
«Карып өткөн Сал – деди,
Каапыр менен беттешем,
Колумдан колдоп ал!» – деди.
Муну айтып эр Манас
Аккула менен болкоюп,
Найза колдо койкоюп,
Накери бутта чойкоюп,
Кылыч белде кыңгырап,
Айбалта жанда шыңгырап,
Сыр найза колдо зыңгырап,
Ак келте жондо жаркылдап,
Ак асаба, сур желек
Найзасында жалпылдап,
Ак шумкар куштай баркылдап,
Майданга баатыр барганы.
Алиги Тулус акырып,
Айбаттанып бакырып:
«Акылыңдан жаңылып,
Ары жок гана куу кыргыз,
Ажалыңды сагынып,
Манас деген сенсиңби,
Башың таштан болсо да
Аккула ат минип желдиңби,
Ажалың айдап келдиңби?
Тынч жаткан элди тынч койбой,
Саа салдырайын чоң ойбой!»
Муну айтып күрсү салганы,
Дин мусулман балбаны,

Баатыр Манас имерип,
Башка калкан кармады.
Калканга күрсү чабылды,
Кара жалын дүркүрөп,
Канчалык жерге жабылды,
Оён Манас баатырдын
От көзүнөн чагылды.
От чагылды көзүнөн,
Ачуу келди Манастын
Тулустун айткан сөзүнөн.
Айкожо берген Ачалбарс
Кыраан эр кындан алыптыр,
Кыябына келгенде
Оң ийинден салыптыр.
Ушу каапыр оңбоду,
Жерге түштү оң колу,
Сол колу жалгыз калганда
Айбалта менен бир салып,
Арстанын Манас оңдоду.
Шылый чапкан ийнини,
Айткан оозуң бубу – деп,
Оозуна тыкты киймини.
Өлтүрүп, атын алганы,
Муңканышып ыйлашып,
Каапырдын шагы сыныптыр,
Мурдар итти өлтүрүп,
Мусулман көөнү тыныптыр,
Аны өлтүрүп эр Манас
Аллага шүгүр кылыптыр.
Эл тыныгып тек жатты,
Дин мусулман баласы
Эгем колдо! – деп, жатты,
Эртеңки күн таң атты.
Каапырлар добул кагышып,
Майдан жерге багышып,
Керней тартып бапылдап,
Сурнай тартып такылдап,
Туу көтөрүп калкылдап,
Каңгай экен урааны,
Кара курттай жыкылдап,
Каапырлар келип турганы,
Майың Чебек балбаны
Башына калкан алганы,
Чантуу болсоң келгин! – деп,
Чаап чыга калганы.
Мөндү пайна урааны,
Кыжылдаган кытайдан
Бөлүнүп келип турганы.
Жалпы аттанып мусулман,
Дүңгүрөтүп добулун,
Дүнүйө жүзү бузулган,
Жаа Аллалап буркурап,
Азирет! – деп, чуркурап,
Найзанын учу жылтылдап,
Аскердин башы кылкылдап,
Дүнүйө толуп былкылдап,
Майданына турганы,
Барабан, добул урганы.
Мусулмандын колунан,
Эр Манастын тобунан
Чалыбай чаап чыгыптыр,
Чанчышкан жерде каапырды
Бир уруу менен жыгыптыр.
Өлтүрүп өчүн алыптыр,
Өтөлүк уулу Алакал
Өкүмсүп чыга калыптыр.
Тыргоот, субун калмагы,
Бакырыгы басылбай,
Майдандан айгай салганы.
Калмактан чыккан
кар экен,
Кара дуба көп билген
Аярлыгы бар экен.
Күлдүрдүн уулу Чалыбай
Күркүрөп найза салганы,
Найза келип тиерде

Эр Алакал баатырың
Экөө боло калганы.
Чалыбай найза салыптыр,
Чалкасынан жыгылып,
Бирөө жатып калыптыр.
Киши болуп көрүнүп,
Өнөр экен сайганы,
Өлбөй тирүү Алакал
Чалыбайга найза салганы.
Алакалдын найзасы
Чалыбайга жетиптир,
Оң капталга Чалыңдын
Найза кирип кетиптир.
Кылычты колго алыптыр,
Сайып калган найзасын
Кыя чаап салыптыр,
Жыгылып калган Алакал
Кыйкырып тура калыптыр.
Алакал экөө болуптур,
Аны көрүп бер жактан:
«Аяр экен каапыр – деп,
Бир кишини экө .лөп,
Алсыратты такыр – деп,
Урушкан экен ушунда,
Топшоң аяр тушунда,
Баатырлар кылсын урушту,
Балбандар кылсын урушту,
Акмак сага ким койду
Аярлык кылып турушту,
Аярлык кылсаң көрөрсүң
Албан түрлүү жумушту».
Мусулмандын Топшоңу
Көрө салып ушуну
Бул сөздү айтып салганы.
Топшоңду көрүп алганы,
Акунбешим балбаны,
Догоон келип калганы.
Апсун окуп эр Топшоң
Алакалга барганы,
Үшкүрүп дем салганы,
Үстүндө даакы жүнү бар,
Ала мойнок карала ит
Алакал болуп калганы.
Барган Догоон балбаны
Качырган бойдон Топшоңго
Күүлөп күрсү салганы,
Күрсү башка тиерде
Апсун окуп эр Топшоң
Ак таш боло калганы.
Ташка күрсү чабылды,
Туш-тушка жалын жагылды.
Токтолбостон Чалыбай
Догоонго найза салганы,
Кекиртектен сайганда
Кежигеден короюп,
Кез бою чыкты сороюп,
Өлдү Догоон тороюп.
Догоон өлүп калыптыр,
Алакалды ит кылып,
Топшо акең байлап алыптыр.
А кордукка чыдабай
Отуз балбан бөлүнүп
Ат коюшуп калыптыр.
Сары кыяр калдайы,
Самсыган каапыр далайы
Сапырылып калганы,
Каптагын – деп, мусулман
Кан Бакай айгай салганы,
Канкор Манас баш болуп,
Өзү жөнөп калганы.
Жан аябай ушундан
Жапырылды мусулман.
Жаандагы айбанат
Баары коркту ушундан,
Текелик тоонун тушунан
Сеңир-Кечүү учунан

Кан Айдаркан башында,
Үч жүз миң аскер кашында
Үмөт, Жайсаң, эр Көкчө,
Татардын Чагоо карысы,
Алач урук көп казак
Ат коюшту баарысы.
Сегиз жүз миң кол менен,
Чагырак бою жол менен,
Мунар, Кайып зор менен,
Бойгуттун Кубан кан менен,
Сегиз жүз миң жан менен
Кыргыл, Бакай эрлери,
Кыргыздын кылым элдери
Кыйкырып каптап келгени.
Он беш жүз миң колу бар,
Акунбешим зору бар,
А кезекте кытайдын
Арылбаган шору бар,
Шору болбой неткени,
Согуш болуп кеткени,
Тап кушундай баатырлар
Талабына жеткени,
Каапыр менен мусулман
Талкалашып кеткени,
Кандын туусун карата
Канкор Манас беттеди,
Кыргыз, казак көп алаш
Кытайды кумдай тепседи.
Ымалайдын Кайып кан,
Кашында бар канча жан,
Лоптон келген Мунар кан,
Оңолбос каапыр булардан,
Кыпчактардын Үрбү кан,
Кыргын болду далай жан.
Казактардан Айдаркан,
Каптаганда мусулман
Кан төгүлдү каапырдан.
Кыргыздардан Манас кан,
Кыйкырып кирген алаштан
Кыргын болду канча жан.
Айбалта жандан чечишип,
Аманат жандан кечишип,
Аралашып кетишип,
Найзалуу найза сундуруп,
Айгай кулак тундуруп,
Кылычтуу кылыч чабышты,
Кыргыз, кытай салышты,
Канжарлуу канжар алышты,
Капташып кетип, эки кол
Кайрыла албай калышты.
Казак, калмак салышты,
Күрсү таяк чабышты,
Күчү бардын баарысы
Күүлөнүшүп калышты,
Колу тийген каапырды
Күл-күл кылып салышты.
Саадакка жебе чалышып,
Салгылашып калышып,
Жебенин огу кыркырап,
Тийген жери быркырап,
Жаасы бар саадак тартышып,
Мылтыктуу мылтык атышып,
Мусулман, каапыр – эки журт
Бузук менен катышып,
Төө мылтык атып күркүрөп,
Үнүн уккан адамдар
Үйүндө бою дүркүрөп,
Жазайыл үнү жаңырып,
Койчагыр үнү чаңырып,
Бараң мылтык бадырап,
Басылбай добул дабырап,
Айбалта башка шак этип,
Найза төшкө так этип,
Күрсү башка күп этип,
Темири жок найзалар
Муштаганда дүп этип,

Уруш болду сегиз күн
Үшү кетти далай жан,
Кие-Суу менен Чагыр-Суу,
Адамдын каны сел болду
Эки суунун арадан,
Бузулбаган там калбай
Булагасын калаадан,
Эмчек берген энеси
Үмүт үздү баладан.
Сузуп суу иче албай
Суу алуучу жеринен,
Суунун канын көргөн соң,
Катындардын баарысы
Үмүтүн үздү эринен.
Каапыр менен мусулман,
Карсылдашкан канча жан,
Мылтык аткан тезинен,
Учуп жүрүп асмандан
Куш адашты эсинен.
Карсылдашкан эки кол
Кан менен кылды кусулду,
Түмөндөгөн көпчүлүк,
Дүйнө жүзү бузулду.
Обонун баарын чаң алды,
Оюңдун баары сандалды,
Асмандан күндү көрө албай,
Адамдын баары таң калды.
Дүнүйө жүзү бузулган,
Кере түштүк жер болду
Суудай аккан кызыл кан.
Аякка топо тосулду,
Аккан кандар жошулду,
Аралла камыш, кара суу
Аягы барып кошулду.
Ичилбестен суу калды,
Тигилген бойдон туу калды,
Тозоңу тоодой бурады,
Отуз жүз миң көп аскер
Оңой уруш турабы,
Азаптуунун баарысы
Ойбой салып сулады,
Ажалдуунун баарысы
Жаны чыгып кулады.
Тозоң менен көрүнбөй
Талуу-Күшөң калаасы,
Үмүт үздү эринен
Үйдөгү катын-баласы,
Кызыл канга жуулду
Сары-Өзөн Чуунун талаасы.
Жүдөгөн адам көп болду
Жүрө албаган күлүктөн,
Солоп калды көлүктөр
Сойлоп жаткан өлүктөн.
Асманга тозоң байланып,
Аскери эки журттуку
Атышмакка шайланып,
Ат чачыдан казылды
Жер кыртышы айланып,
Эки түнү, эки күн
Эки аскердин баарысы
Бири да жатпай жайланып,
Кындан кылыч суурулду,
Кыргыз менен кытайдын
Заманасы куурулду,
Жер үстүндө топурак
Кызыл канга жуурулду.
Туягы менен атынын
Тозоң тоодой бурады,
Айчылык жердеги адамдар
Бул немене тозоң? – деп,
Бир биринен сурады,
Булагасын калаасы
Кыйла там кыйрап урады,
Жыйырма алты жүз миң кол экен,
Жыргатчу уруш турабы.
Эки күнү, эки түн

Уруш болуп бүпбүтүн,
Басылбай төөк чуулады,
Азууларын аркайтып
Ат жыгылып сулады.
Муруттарын чычайтып
Азамат аттан кулады,
Аралашкан эки кол
Айгай салып чуулады.
Кытай, маңгул, калмагы
Кыйкырып айгай салганы,
Кыргыз, казак, уйгурлук
Булагасын шаарыны
Кыйла кыйын иш болду
Кытайдан айрып алмагы.
Көпчүлүктүн салмагы,
Көтөрүлө чуу койсо
Көп бастырма калбады,
Жыгылып түштү тамдары,
Аркы-терки кыйрады
Алма, терек, талдары,
Атакелеп чуулашып,
Үйүндөгү балдары.
Ат жүрбөй адам канынан,
Аскердеги адамдар
Үмүтүн үздү жанынан,
Үч күндүк жерден жүдөдү
Үстүңкү тозоң чаңынан.
Туу түбүнө турушуп,
Туубуз качпай турат – деп,
Кубат кылып урушуп,
Аралашкан эки кол
Ач бөрүдөй жулушуп,
Ачуудан колтук чоюлуп,
Уучтап жүрүп жарагын
Алаканы жоюлуп,
Канаттын баары кайрылып,
Чапандын баары айрылып,
Этектин баары түгөнүп,
Ээрдин кашы үбөлүп,
Эриндин баары кесилип,
Эмчектин баары эзилип,
Тизенин баары созулуп,
Тизгиндин баары үзүлүп,
Тон тосулуп электей,
Томуктай болгон курган баш
Жошолоп салган челектей.
Колу сынып шалактап,
Коркоктун көзү алактап,
Кабырга сынып кайышып,
Каапыр менен мусулман
Кайрат кылып сайышып,
Калбаны катуу салышып,
Кай бирөөбү калжырап,
Кансырашып майышып,
Каптаган эки аскерге
Кара жер жүзү кайышып,
Кыргыз, казак мусулман
Кырылышкан канча жан
Кырк миңи өлүп калыптыр,
Кыжылдаган кытайдан
Токсон миңи жарадар,
Токтолгон соң уруштан
Эсеп кылып караңар.
Он жети миң мусулман
О дүйнө кетти ушундан.
Отуз миңи жарадар,
Ойбойлоду канча жан,
Кыраан Манас аскери,
Кырк чоронун баары аман,
Эки күн, эки түн өтүп
Уруш болгон арадан,
Мас болгондой сандалып,
Маңги болуп ар адам,
Ойбой салып канча жан
Боюндагы жарадан,
Чамбылала чаң болуп,

Кызылала кан болуп,
Келип жүргөн дагы бар.
Баланчанын өлүгү
Балан жерде калды – деп,
Кабар берип кошуна
Желип жүргөн дагы бар,
Салпактатып өңөрүп,
Муну көөмп алгын – деп,
Алып келип колуна
Берип жүргөн дагы бар.
Көрүп келдим дегенден
Көргөзүп мага бергин – деп,
Көт жагынан калбастан
Эрип жүргөн дагы бар,
Көзү кыйбай жарагын,
Көпчүлүккө карагын,
Терип жүргөн дагы бар.
Дүнүйөсү курсун – деп,
Жарасынан жаны ачып,
Сээлип жүргөн дагы бар.
Ок жуткуруп окшутуп,
Сом эттеги окторду
Тинтүүр менен копшутуп,
Тилип аткан дагы бар.
Колу-буту сынганын
Шакшактарын жонушуп.
Соорусуна конушуп,
Конуп аткан дагы бар,
Коркурап жаны чыга албай
Солуп аткан дагы бар.
Ок ушу жерде турат – деп,
Билип аткан дагы бар,
Тай мөңкүткөн немедей
Минип аткан дагы бар,
Наштар алып окторун
Тилип аткан дагы бар,
Эки күн жыйып өлүгүн
Аскердин жаткан чагы бар.
Тынчытып аты, көлүгүн,
Жыйып алып өлүгүн,
Бурак атын токушуп,
Жаназасын окушуп,
Өлүктөрүн көмүшүп,
Булардын сөзү жел кайып,
Мусулмандар муңайып
Өлгөнүнө өкүнүп,
Өбөктөп ыйлап өкүрүп,
Калгандары кайгырып,
Он жети миң кишиден
Окус болуп айрылып,
Ойбойду олор салышып,
Орчун колдун баарысы
Оңдоп жарак алышып,
Оён Манас баатырдын
Өз кошуна барышып,
Үшү кетип уруштан
Камалып каапыр калды – деп,
Качып жатып алды – деп,
Казак калкы, уйгурлук
Кан Манаска айтты кеп.
Көбүнө Манас сүйлөдү
Келгениңер жакшы! – деп,
Баштады баатыр баарысын,
Жашы менен карысын,
Абунасыр кожого,
Алып келди ошого.
Жарадар бар, өлгөн бар,
Жанын теңден бөлгөн бар,
Жараткандын дини үчүн
Жамандыкты көргөн бар.
Жайын айтып бериң деп,
Көпчүлүк курчап турады,
Көкжал Манас сурады,
Айкожонун калпалар
Алып келип курады
Найза бою мунарды,

А деди эле Айкожо
Ооздон жалын бурады.
Дастар чалды башына,
Жан барбады кашына,
Кадам коюп Алла! – деп,
Чыкты тактын башына.
Кыйкырганда дос тартып,
Кылым элге угулду,
Кытай, калмак, маңгулу
Жүрөгү оозго тыгылды,
Не мунапык бенделер
Эстен танып жыгылды.
Абунасыр кеп айтат:
«Аңдагыла – деп, айтат.
Азыркы турган көбүңүз
Ак жазганын көрдүңүз,
Ажалдууңуз өлдүңүз,
Кылбаңар куру кейишти,
Шейиттер алар бейишти.
Турпагы жыпар, суусу бал,
Бейиштин жайын угуп ал,
Көөкар болор көз учкан
Бейишке чыккан терек, тал.
Уксаң сонун ушу – деп,
Нурдан болор кушу – деп,
Лахил жакут сарайы,
Буга кирип кете албас
Мусулмандын далайы.
Шарабан табур чайыдыр,
Кийгени күлө шайыдыр,
Ага барчу ким десең,
Ким экенин билбесең,
Шейиттердин жайыдыр.
Жемиши нурдан байланган,
Шейиттер үчүн жайланган,
Суусу бүткөн шербеттен,
Суу түбүндө кумдары
Инжуу-маржан, берметтен.
Шол бейиштин жемишин
Бу дүйнөдө ашасаң
Өлбөй миң жыл жашасаң
Бузулбас эле калыбың,
Миң жыл жүрсөң наарсыз
Ачпас эле карының.
Каапырга калба саларсыз,
Каза тапсаң кытайдан
Шейит болуп каларсыз,
Жетимиш эки нур кызын
Жеке башың аларсыз.
Ушу кыздын бирөөсү
Жалган дүйнө жүзүнө
Салып көзүң көрүнсө,
Адам уулу баарысы
Акылыңдан танарсың,
Бери болсо беш жылга
Бехуш болуп каларсың.
Өз оокатың кылбассың,
Өксүп ыйлап жылбассың,
Ашык болуп а кызга
Өлмөйүнчө тынбассың.
Канча кайра катылсаң
Катын болбос, кыз турар,
Жеке бир-бир башыңа
Жетимиши кошулар,
Жергеңерге көрүнүп,
Жетип келсе ушулар
Адам түгүл астыңда
Баскан жериң бузулар.
Жалпы бою нурдандыр,
Жарыгы күндөй тургандыр.
Күн уялар түзүнөн
Нур кызынын жүзүнөн.
Жарыгы күндөн кем эмес,
Жарааты бүтпөй калгандай
Кызыктуу биздей бенде эмес.
Жетпес адам акылы

Жери менен суусуна,
Бейиш деген баары нур,
Жеткирсе кудай ушуга.
Убайым кылбай, жаш тыйып,
Уруштан өлсөң жан кыйып,
Учмакты көздөп учарсыз,
Нурдун кызын кучарсыз.
Баарыңарга сүйлөдүм
Байгамбар айткан насааттан,
Башыңды тартпа казаттан».
Кашыңда турган мусулман,
Кайраты толду канча жан,
Кайтпас болду каапырдан,
Колдун баары буркурап,
Койдой маарап чуркурап:
«Айныбайлык өлүмдөн
Ак байгамбар өзү үчүн,
Абунасыр саабанын
Насият айткан сөзү үчүн,
Ак ислам дини үчүн,
Аманат жандан кечелик
Алла Таалам бир үчүн!»
Аны айтып аскер турады:
«Ажалсыз бенде өлөбү,
Айтыңызчы, кожом?» – деп,
Айдаркан баатыр сурады.
Кубансын балам, жаның – деп,
Куп сурадың, каным – деп,
Бенде түгүл, бейажал
Чымындын жайы кыйылбас,
Көңүлү акка жеткендин
Көзүнүн жашы тыйылбас,
Кудайдан буйрук болбосо
Куурайдын башы былк этпес,
Алланын кудуретине
Айлантып акыл көз жетпес!»
Кабар угуп ушундан
Карап турган канча жан,
Каниет алды мусулман.
Аны таштай туруңуз,
Акунбешим баашанын
Аңгемесин угуңуз.
Өлүгүн жыйып алышып,
Өлүк издеп каапырлар
Өйдө-төмөн салышып,
Сексен миң төө комдотуп,
От жагар жерин оңдотуп,
Отуз миң наапа алдырып,
Ойротко кабар салдырып,
Камыш жүктөп баарына,
От күйгүзүп жандырып,
Кырк жети миң өлүгүн
Кызыл отко салдырып,
Өкүмөтүн жүргүзүп,
Өлүгүн отко күйгүзүп,
Колу кыргын болуптур,
Кие-Суу, Чагыр оозуна,
Алып барды өлүгүн
Нооруздун кара тоосуна.
Өрттөндү өлүк бүтүнү,
Жарым күнгө күн тийбей
Жагылган оттун түтүнү.
Токсон беш миң жарадар,
Өбөктөгөн жети миң
Өлгөндөргө барабар.
Колу сынып чолоюп,
Карап көрсө кай бирөө,
Көзү чыгып олоюп,
Туруп барган кай бирөө
Кулагы жок молоюп,
Өрткө күйүп жоголду
Өлгөндөрү солоюп.
Кай бирөөнө караса,
Чоюнбаш тийип ууртуна
Чулчуйганы дагы бар,
Союл тийип мурдуна

Былчыйганы дагы бар,
Найза тийип көзүнө
Жыртыйганы дагы бар,
Айбалта тийип башына
Алжайганы дагы бар,
Кылыч тийипууртуна
Жалжайганы дагы бар.
Окко колун жулдуруп,
Ойбойлогон дагы бар,
Кылыч тийип мойнуна,
Кызыл кан төгүп койнуна
Бойбойлогон дагы бар.
Башын жерден ала албай
Шылкыйганы дагы бар,
Күрсү тийип белине
Зыңкыйганы дагы бар,
Аскеринин баарысы
Акунбешим баашага
Наалып келген чагы бар.
Кара кийип, кан жутуп,
Катын келди эри өлгөн,
Кайраты бар каапырлар
Кара бою жарадар,
Кызыл канга бөлөнгөн,
Аягы сынган адамдар
Кырка тамга жөлөнгөн.
Атам өлдү кантем? деп,
Алты жашар, беш жашар
Бала келди ыйлаган,
Мага тамак бергин – деп,
Ачка келген аскери
Бадышасын кыйнаган.
Малы калды багылбай,
Бадасы калды табылбай,
Баштагынын жомогун
Баян кылсын Сагымбай.
Акунбешим бадыша
Арбыган экен эсепсиз
Андай мурун чабылбай.
Акунбешим кайгырды,
Адамдарын көргөн соң
Акылынан айрылды.
Өзү урду өз башын,
Башынан жулду чачыны,
Жамгырдай төктү жашыны.
Сакал менен мурутту,
Баарын жулуп курутту.
Бутту кудай – деп, жүрүп,
Мурдар болду каныңыз,
Мурунку өткөн эрлерге
Мусулмандын баласы,
Дуба кылгын баарыңыз!
Түп атаңыз Түрктүр,
Түмөндөп аткан кытайды
Түркстандан сүрүптүр,
Балдарыма калсын – деп,
Башына салган түлүктүр,
Байкасаң бу Түркстан
Бабаңан калган мүлүктүр,
Баатыр Манас барында
Барча каапыр бүлүптүр,
Калгандардын камы үчүн
Кара башын аябай
Канжыгалап жүрүптүр.
Чаначка куюп каныны,
Окко байлап жаныны,
Ойрон кылды каапырдын
Акунбешим каныны.
Ошону үчүн айтамын,
Дуба кыл – деп, баарыңды.
Наалып Акунбешими
Алдырап жыйбайт эсини,
Аңдап көргүн каапырдын
Арман айткан сөзүнү:
«Элимдин башы Жылдызда,
Не кылдым казак, кыргызга,

Маңдайда Капал калдайды,
Марыбаган куу бурут
Башында алды далайды,
Басылар бекен – деп, жүрсөм,
Мага өтүп көзү алайды.
Жогортон алын жоботту
Текес дуу-ду калдайды,
Темселетип далайды,
Терс-Сууну бүтүн жоботту,
Кер-Көлдөгү Оргону
Терип-тепчип жоготту,
Илебин элин иштеди,
Кайнап аткан Кашкелди
Атан төөдөй тиздеди,
Аны менен тим турбай
Арканын элин издеди.
Лаңгү-Таба, Суңшоону,
Ырастап алып ошону,
Бойгут менен Кочкорду
Бойбоздотуп ошону,
Даңгуудагы Кейменди,
Талкалап далай элимди,
Куудураган куу бурут
Куп сындырды белимди.
Арал-Дөбө, Бейшекел,
Анын баарын алдырып,
Алдырады биздин эл.
Бузуп кирип келди го
Булагасын калаасын,
Мурунтадан түгөтпөй
Казак, кыргыз баласын,
Алып колдо турамын,
Алакандай чөлдүктү,
Алдырып коюп алашка
Арман менен өлдүкпү?
Кетирди кыргыз санымды,
Кан акты суунун ордуна,
Кайда катам жанымды?!
Башынан алды элимдин,
Жайсаң Иле, Кеминдин,
Дөрө жайсаң баатырды,
Бар-Көлдө жүргөн төрт бурут
Төгөрөктүн баарына
Салды заман акырды.
Калкымдын баары кыйрады,
Катын-балам ыйлады,
Дүнүйөнүн жүзүнө
Казак, кыргыз сыйбады,
Кайда коём жанымды,
Калкымдын баарын сыйпады.
Жаң-жуң менен калдайды,
Жалмады кыргыз далайды,
Сундуң, чыйтай, калдайды,
Жутту казак далайды,
Тыйтай менен баң-баңды,
Темселетти далайды,
Кайраттуунун баары өлдү,
Кара жер кылды сарайды.
Ойротту бузган ар бир эр
Оруну болду кара жер,
Кылымдан чыккан ар бир эр
Кытайды басты кара тер,
Кыйырымды тартты кара жер,
Ашып качар белим жок,
Арка кылар элим жок,
Арыз айтарга жерим жок,
Анжиянда Алооке
Алыста жатыр жепжеке,
Арка болор жери жок,
А да мендей как чеке,
Ташкендин болгон улугу,
Таңшуу кытай уругу,
Букарасы түрк уулу,
Аябайт эле жардамын,
Алы келбей куруду.
Төрт атасы Жанадил,

Төгүн дебей баарың бил,
Чамбардын уулу Көкөтөй
-Жалпы кыргыз улугу,
Жанындагы Баймырза-
Макатил балбан уругу,
Мага жардам берүүгө
Алы келбей куруду.
Баймырзасы казактан,
Байкап турсам баары алаш,
Кутулбаймын азаптан.
Көкөтөйү кыргыздан,
Чыйтай кылган Панус кан,
Көп аскерди тургузган,
Аскеринин баарысы
Казак менен кыргыздан.
Карайладым кандардан
Катышып жардам издээрден,
Канады казак, кыргызды
Кабар укса бизден.
Панустун башын жутар – дейм,
Он эки капка Ташкенди
Оңбогон алаш тутар – дейм,
Кызыл баштан кыйла бар,
Кыйыгына тийгенде
Кыябы менен кыраар ал.
Эренден келген эрлер бар,
Он эки капка Ташкенде
Нечен түрлүү элдер бар,
Сакалат бар, тарса бар,
Алаштан азап көрдүм – деп,
Кыргыздан кысмак көрдүм – деп,
Мага келген арза бар.
Дүк менен жөөт, татар бар,
Панустун көзү бурулса,
Баарысынын башына
Бир-бир келер катар бар.
Аягым татар, шибээн бар,
Алдырды десе Акбешим
Абыдан канар кыбаа бар.
Күн жүрүштү карасам,
Күйүкпөс элем ушунча
Алдырбай ишке жарасам,
Түштүк жакта түгөнгүр
Кыргыз менен калча бар,
Бээжин ыраак болгон соң
Бу жерде кытай канча бар.
Күн батыш жагың Букарды,
Азабын тарттык бу күндө
Алтайлык алаш буларды,
Акылым жетпей таң болдум
Биз бу жерге турарды,
Мурунтадан билбепмин,
Минтип кудай урарды.
Чынарым сынды белинен,
Чыр кетпеди элимдвн,
Чыным менен кетемби
Түркстан Чуунун жеринен.
Атабыз жердеп турганда
Нааман экен атагы,
Кыйын тийди бу күндө
Кыргыздын кылган чатагы.
Бел байлаар жок башка элде,
Белге таңуу Ташкенде
Өзүбектин өзү бар,
Чантуудан жок деп жакшылык
Өз атам айткан сөзү бар.
Байгур болгон алаш бар,
Кыргыздын чыккан кырааны,
Кыргын салган биздерге
Кызыталак Манас бар.
Ташкенде уйгур, сарты бар,
Баары өзүбек болгон соң
Түркстанда кытайга
Жазылбай турган дарты бар.
Энди аргабыз не болот,
Элим кайда жоголот,

Кармашсам каруум не болот,
Калкым кайда жоголот?
Өжөрлөнгөн эр экен,
Өңкөй алаш уругу
Өмөлгөн арбын эл экен,
Жаа кыргыз деген заңгары
Өлүмдү билбес неме экен.
Кытайды өжөр дечү эле,
Өжөрлүгү кытайдан
Алты эсе ашык кем экен.
Балбан менен баатыры
Мага карай туулуп,
Жүргөн белем акыры.
Тилге жүйрүк чечени,
Динге балбан эшени,
Сакталыптыр мен үчүн
Жамандык мээнет нечени.
Таамай элүү жыл болгон
Бадышалык алганым,
Артык эле бу көрө
Энеден туубай калганым.
Акунбешим атанып,
Башынан болдум мыкты – деп,
Баары көргөн ыраатым
Көрүп турсуң көзүңөр,
Көтүмдөн бүгүн чыкты!» – деп,
Көбүнө айтып мындай кеп:
«Көй төрөнүн баарысын
Көмө чаап жыкты – деп,
Көкжал Манас мыкты – деп,
Көрдүм эле түшүмдө
Чыгырык мүйүз көк кочкор
Чыга калып короодон
Алтындан кылган тактымды
Талкалай сүзүп жыкты!» – деп,
Акунбешим муну айтып,
Аскердин баарын муңайтып,
Жерге койду башыны,
Селдей төктү жашыны,
Өксөп жулду чачыны,
Сагымбай айтты макалын,
Сап кылып жулду сакалын.
Баашасы ыйлап турган соң
Башканын алы не болду,
Башынан акыл жоголду.
Каны турса кайгырып,
Кара журттун баарысы
Азыр турду кашында
Акылынан айрылып.
«Кегети доотай кел – деди,
Кең акылдуу эр элең
Кеңешти тапкын, сен – деди,
Шамыңшаа жаң-жуң эр – деди,
Жакынымсың, сен – деди,
Жайымы таап бер – деди.
Торгой дуу-ду баатыр – деп,
Аманбы тобуң акыр – деп,
Адашты менде акыл – деп,
Кыйратып салды колумду
Кыргыз деген каапыр – деп,
Кыпкызыл кан ичирип,
Кыргын салып жатыр – деп,
Кыйналгандан айтамын
Акыл тапкын акыр – деп,
Сары алтын салган сарайым,
Мен сапардын жолун карайын,
Чантуугага таштап качамбы
Дүнүйөмдүн далайын?
Нече түрлүү жемишим,
Телегейи тегизим,
Союш болду бурутка
Кол тийбеген семизим.
Карарып жаткан чарбагым,
Каптап келген чантуудан
Качтыңбы менин арбагым.
Колдон чыгып калабы

Коргонум менен сарайым,
Кодураган бурутка
Кор болду менин далайым,
Колунду койдой чуулатын,
Коркуп кайда барайын?
Ааламды бузган аярлар,
Албан түрлүү иши бар,
Аларыма не болду?
Кылымды бузган кыярлар,
Кыйындар кайда жоголду?
Кыйынсыган бурутту
Кырдыра бербей журутту,
Арыбын арбын не салбайт?
Алтайдан келген буруттун
Аземдүүсүн не албайт?
Өнөрүн арбын не салбайт,
Өкүмсүп келген буруттун
Өткүрүн кармап не албайт?
Баатыр, балбан калбады,
Баштарын бурут жалмады,
Өнөр билген аярлар
Өрттөнүп кеткен чантууга
Өмөлүп неге барбады?!»
Бу сөздү айтып басылып,
Бадышасы турганы,
Кегети деген жаң-жуңу
Баашага бетин бурганы:
«Нени айтасыз каныбыз,
Эс чыккандан чочунуп,
Коркууда биздин жаныбыз.
Алтайдын жери алыс жер,
Атышып аткан бу душман
Алтымыш урук чантуу дээр.
Алты-Шаар уйгурду,
Алдыратып кургурду
Аскерине алыптыр,
Алаш улуу кол болуп,
Акунбешим бааша – деп,
Бизге келип калыптыр.
Адам өлчөөр неме эмес,
Аяр менен кыяры
Амалы бизден кем эмес.
Өлдү балбан, баатыр – деп,
Өзүмө келет акыр – деп,
Майданга кирип уруштан,
Барсылдашып туруштан
Коркпоймун да, сезгенбейм
Балбан менен баатырдан,
Жаным калбай коркомун
Аяр деген каапырдан.
Каар аяр балдары
Кабылан Манас баатырдын
Ызгаарына чыдабай
Качып келип калганы,
Калкка кабар салганы.
Көрдүңүз Култаң аярды,
Аярлар арга кылар – деп,
Көңүлгө алба буларды,
Колунан келсе буларды
Коркуп качып не жүрсүн,
Култаң деген кубаары.
Аярга белиң байлаба,
Аярын алар агытса
Алек кылар бир түндө,
Арманда шоруң кайнаба.
Бар эле Бооң аярың,
Алтымыш түрлүү иш кылып,
Өнөрүн журтка жаярың.
Өнөрүн кыйла салыптыр,
Капчыгайдын жолунан
Как өзүн кармап алыптыр.
Жолдош токсон балбаны
Бири да тирүү калбады,
Баарысын Бакай жалмады,
Айтып турган сөзүмдүн
Акыры барбы жалганы?

Алтымыш түрлүү иш кылган
Аярдан алды Бооңду,
А дегенде алганы,
Ушубу алаш балдары
Өнөр билбей калганы,
Аяры жок ал болсо
Бооңду кантип байлады?
Аңдап уктум аларды,
Арбын – деди аяры.
Уйгурдан келген ушу – дейт,
Уруп кеткен Манаска
Нөкөр болгон тушу – дейт,
Байгүш, Көйүш аяры,
Балакеттей өнөргө,
Басташкан жоого даяры,
Топшоң аяр, Таскылы
Жоолашканын бас кылды.
Аяры Ырдык, Арсалаң
Анжиян, арка аяры
Алы келбей чарчаган,
Акыр бир түн жетер – деп,
Арманда союп кетер – деп,
Алардан корком ар заман.
Аяр деп айтып нетели,
Аскер алып, кол жыйып,
Майданга барып жетели.
Майданга бүгүн туралы,
Аскер азыр жыйылсын,
Бандулуну уралы!»
Кегети айтып кайратты,
Кетте черүү жайнатты,
Баңдулунун танабын
Кендир аркан байлатты,
Алты арканды бурдурду,
Адам жеңбес балбандан
Алтымышка урдурду.
Карлыгачтын уясы
Какканында жыгылды,
Каңгыраган доошу
Үйдө-тышта жүргөнгө
Үч күндүк жерге угулду,
Аскерде жаткан адамы
Аяк-башы жыйылды,
Лаайлама колдо! – деп,
Ибилиске сыйынды.
Желеги желге жалпылдап,
Жез калкандар жаркылдап,
Жер жайнаган көп аскер
Майданга келет калкылдап,
Мусулман көрдү буларды,
Согушка каапыр келди – деп,
Баатырлар көрүп кубанды,
Коркоктун өңү кубарды.
Айдаркан, Көкчө, эр Үмөт,
Жайсаң, Калдар, Момунбек,
Жаныштардын Саймасай,
Жалпы казак шаймашай,
Кыргыздын журту кылкылдап,
Кызыл-Суунун талаадан
Жер союлуп былкылдап,
Кыйгактуу найза жылтылдап,
Кыраан Манас кол баштап,
Кытайдын колу келгенге
Кымтырылып сүйүнүп,
Бери ургандай шылкылдап,
Кыргыл, Бакай кары бар,
Алмамбет жок, Абыш жок,
Андан бөлөк кырк чоро
Арстандардын баары бар,
Майдан түзөп, сап тартып,
Барып турду көй баатыр
Бартал атка кош артып.
Ымалайда Кайып кан
Ыркында бар канча жан,
Дагалактын Мунары
Даярданды булары,

Бойгуттагы Кубаны
Болгон жолдош бу дагы.
Курткадан барган Эбий кан,
Курчап турган канча жан,
Терс-Маёодо Тейиш кан,
Каапырга уруш кылууга
Демигип турган канча жан.
Майдандын барды четине,
Басалаң деген баатыры
Баса минип атыны,
Орчун колдун баары айтат
Окшош экен дажаалга
Бу каапырдын затыны,
Майданга кирип бакырды,
Мусулмандын баатыры
«Кел, уруш!» – деп чакырды.
Эр Манастын агасы,
Эрегишип душмандын
Эч кимдин жетпес дабаасы,
Атасынын аты Бай болгон,
Атышкан жоосу жай болгон,
Бар жарагы шай болгон,
Бакай чыкты бакырып,
Азирет! – деп, акырып.
Колго найза алышты,
Коркпой найза салышты,
Кой талашкан кочкордой
Койгулашып калышты.
Лаайлама жар бол! – деп
Каапырлар көзүн салышты,
Алла кудай, Алла! – деп,
Ак байгамбар колдо! – деп,
Мусулман карап калышты.
Кыйкырышып бул экөө
Кылыч, күрсү алышты,
Кырк-элүүдөй чабышты.
Аңдабай Бакай калыптыр,
Басалаң жаасын алыптыр,
Ары карап турганда
Абакеңиз Бакайды
Жаа менен тартып калыптыр.
Саадактын огу жетиптир,
Жоорунунан-жонунан
Оргон бойдон кетиптир.
Оң далысы ачышып,
Оён Бакай баатырдын
Ачуу келип калыптыр.
Асынган мылтык Алмабаш
Алды Бакай колуна,
Аңдагын сөздүн соңуна.
Коросонго кол салып,
Кой боорундай куу алып,
Милтени чокко малыптыр,
Бетине мылтык алыптыр.
Машаны бекер баспаган,
Бетке алганын жазбаган,
Эки кара кашы – деп,
Жазы маңдай башы – деп,
Машаны ирмеп ийгени,
Чоргодой болгон көк милте
Казанчыкка киргени.
Ооз оту жарк этти,
Мылтыктын үнү тарс этти,
Балагер аттын үстүнөн
Басалаң баатыр жалп этти.
Басалаң жерге жыгылды,
Башы чаңга тыгылды,
Аны көрө салганы,
Улангы деген баатыры
Узун найза алганы,
Бакырыгы баш жарып,
Урушка кирип калганы,
Аял-уял кылбастан,
Алиги Бакай баатырга
Кыйкырып найза салганы.
Кыраан Бакай абаңыз

Кылычты суурул алганы,
Кыя чаап найзасын,
Улангыдай баатырга
Обдулуп кылыч салганы,
Ойрон болду Улангы,
Эки бөлөк бөлүнүп,
Көөдөсү жерге калганы,
Көчүгү атка барганы.
Көрө салып Кегети
Көзөл Бакай баатырга
Урушмакка барганы,
Карай салып каапырды
Кара сакал, киш мурут,
Каары катуу эр Бакай,
Кайраты ашык бир далай,
Карыга илген найзаны
Эр Бакай колго алыптыр,
Кегетини бет алып,
Кезгерип найза салыптыр.
Кегетинин найзасы
Эр Бакайга жетиптир,
Балбандык менен Бакайың
Кептеген бойдон кетиптир.
Чопкутка тийип жыйылып,
Эр Бакай кылыч чапканда
Найзасы түштү кыйылып.
Ат соорусун салганы,
Аяр экен Кегети
Апсун окуп калганы.
Алиги түшкөн найзасы
Келте куйрук он кулач
Жылан боло калганы.
Аярлыгын билиптир,
Абаң Бакай акырып,
Каапырга барды качырып.
Сойлоп жылан ышкырды,
Бакайдын аты Көкжорго
Жыландан үркүп бышкырды.
Ортодо жылан турганы,
Каапырды кудай урганы,
Урбаганда неткени,
Аярлык менен урушкан
Андай эмес мындаи – деп,
Көйүш аяр жеткени,
Апсун окуп, дем салып,
Ак көкүрөк чычканды
Арага таштап кеткени.
Апсунду арбын салыптыр,
Жалаң башы казандай,
Айбатынан, сүрүнөн
Айбанаттар басалбай,
Арстан болуп калыптыр.
Майданда турган Кегети
Ат минбеген жөө болуп,
Жалаң бою жүз кулач,
Үйдөй күрсү колго алып,
Үксөйгөн кара дөө болуп,
Күрсүсүн колго алгандай,
Кабылан каршы келсе да
Күрсү менен салгандай,
Ар кандай жанды чапса да
Күл-күл болуп калгандай.
Жолборс кылган чычканы
Жолобой көтүн кысканы.
Көрүп аны салганы,
Көйүш аяр барганы,
Көкүрөгү беш кулач,
Үч канат бар үстүндө,
Пери боло калганы,
Жаалданып эр Көйүш
Жакасынан кармады.
Күркүрөдү Кегети
Көйүшкө күрсү салганы,
Чаптырбастан күрсүнү
Чап дедире кармады,
Бири пери, бири дөө,

Карап турган эрендер
Калганы жок арманы.
Кегети аяр турганы,
Пери болгон Көйүштү
Бетине бир дем урганы,
Дем саларда эр Көйүш
Өзүнө муштум урганы.
Өзүнө деми токтоду,
Жан-жагынын баарысы
Жайнаган кызыл чок болду.
Өрт кылып ийди дүйнөнү,
Ачууланып эр Көйүш
Апсун окуп сүйлөдү.
Үшкүрүп Көйүш, буу чыкты,
Какыр куру талаадан
Үч миң кулак суу чыкты.
Жогор жагы калаа экен,
Төмөн жагы жанагы
Майдан курган талаа экен,
Каапырдын дини кар экен,
Миң кадам жерге суу аккан
Бир кудугу бар экен.
Адам айран калгандай
Мурункунун бир иши,
Көзүн ачып кудуктун
Илеп деген бир киши,
Суу чыгарып алыптыр,
Бадыша көрүп бак сайып,
Салтанатка так сайып,
Бадышалык чатырын,
Жылда бир оюн кылууга
Чакырып балбан, баатырын,
Чатыр тигип, үй тигип,
Чарканага гүл тигип,
Жаздын алды баардан
Шаарга киши түк койбой.
Баарын айдап шаардан,
Ошо жерден бүтүргөн
Доо-добур, коогасын,
Алган-саткан баарысы
А жерде кылып соодасын.
Кыз беришип, кыз алып,
Кызык оюн чаң салып,
Кызып алып аракка
Кыйла каапыр сандалып,
Кылымдан келген элчилер
Аны көрсө таңданып,
Он беш күнгө жетчү экен,
Ойноп ойну канган соң
Тарап алып кетчү экен.
Баашанын тиккен багына,
Майдан куруп урушкан
Аз гана жогор жагына,
Дубаны Көйүш байлады,
Алиги кара кудуктан
Дарыя чыгып жайнады,
Кегети шору кайнады,
Апсун окуп, дем салып,
Көйүш тилин байлады.
Дарыя чыгып ташыптыр,
Кыжылдап кытай шашыптыр,
Кыр-кырды көздөй качыптыр.
Апсун, дуба сөзүнөн,
Аскерге келген каапырлар
Ала-Тоо учту көзүнөн,
Адамдын баары бүлүндү
Алиги көлдүн өзүнөн.
Дарыя ташып жетиптир,
Акунбешим сарайын,
Дарыяга карк кылып,
Суу чайкады далайын.
Аяк жагы ал көлдүн
Сеңирге жетип токтолду,
Өзөндөгү шаардан
Түгү калбай жок болду.
Чуунун суусу кошулуп,

Андагы аты Кан-Агар,
Азыркы аты Чөмүч – дейт.
Апсун салган Чөмүчү
Нак ушу жерге токтолуп,
Нар жагына чып этип,
Чыккан суу жок болуп,
Өрт күйгүзүп Кегети
Өзүнүн көзү көр болду.
Көйүш отту басууга
Апсун окуп, дем салып,
Илептин кара кудугу
Ташып дайра, көл болуп,
Токсон күн калды токтолуп,
Толкуп жаткан каапырлар
Тос-тос болуп жок болуп,
Калаасы ууга карк толуп,
Калкы турбай токтолуп,
Катын-бала, кары-жаш
Канчасы өлүп жок болуп,
Аскери качты тоосуна
Мусулман журту өрдөптүр
Чагыр-Суунун оозуна,
Кыйла аскери жатыптыр
Кызыл-Суунун коосуна.
Кегети колго түшүптүр,
Келген колдун баарысы
Жанынан үмүт үзүптүр.
Аңдап көргүн каапырдын
Акунбешим каныны,
Адамдын көбүн суу алып,
Алып качып жаныны,
Кегети кылып аярлык,
Кетирди Көйүш саныны,
Мурункулар тапчу экен
Көмүлгөн терек, талыны,
Мусулман бузуп алыптыр
Булагасын шаарыны.
Талуу-Күшөң шаарына
Казак, кыргыз биригип,
Каапырга салды каарыны,
Канакарап кылыптыр
Талуу-Күшөң шаарыны.
Алардан мурун карата
Как Чөмүчтүн учуна
Жеке Чуунун суусу агып,
Жетпеген экен ушунда.
Жетпегенин айталык,
Алла берген билимди
Айта түшүп кайталык.
Чуунун чыккан башынан,
Кара сеңир ташынан
Чоголок аттуу бир арык,
Чогулуп маңгул көп барып,
Арыкка бөлүп алыптыр,
Алты миң кулак суу алып,
Тескей менен салыптыр,
Ошондо да аягы
Ысык-Ата суусуна
Ыпым жетпей калыптыр.
Калган суунун баарысын
Күңгөйгө арык алыптыр,
Күлдөн-Суусун салыптыр,
Лайламалуу – дешип,
Чокунуучу теңирин,
Тешип өтүп алыптыр
Текеликтин сеңирин,
Талуу-Күшөң шаарынын
Сырты менен алыптыр,
Агала-Таш дегенге
Аягы жетпеи калыптыр.
Арасында шаары
Туура суунун баарысын
Найга салып бөлүшүп,
Жатуучу экен калмактар
Жазды-күздө баарысы
Суу талашып өлүшүп.

Каапырдын кайнап толгону,
Алла каар кылганда
Акунбешим чоң бааша
Алты күнгө тура албай,
Антип тамам болгону.
Кегети жүрөт колунда,
Кебинин кара соңуна,
Байлоодогу Бооңдун,
Келип Көйүш калыптыр
Бооң аярдын оңуна.
Алты күндө, беш күндө
Көйүш уктап кетчү экен,
Кара куйрук бир жейрен
Кашына чуркап жетчү экен,
Мурунуна келтирип,
Искеп демин салчу экен,
Дем бергенде мурдуна
Көйүш уктап калчу экен.
Көйүшкө жейрен барыптыр,
Бооң көзүн салыптыр,
Аста туруп жейренди
Шыйрагынан алыптыр.
Мөнкүдү жейрен бакырып,
Көйүш аяр жүрчү экен
Кош, миздүү канжар тагынып.
Жаткан экен Көйүшүң
Акылынан жаңылып.
Жаңылбаса неткени,
Жакындап ажал жеткени.
Канжарын Бооң алыптыр,
Жанында кара куйрукту
Жара тартып салыптыр,
Алтын сандык жарк этип,
Кардынан чыгып шарк этип,
Жерге түшүп калыптыр.
Аскердин баары уйкуда,
Жесир болгон Боон аяр
Кармай калып сандыкты
Ачып оозун аңдаса,
Ушу курган Көйүшүң
Күчөң шаар каны экен,
Казак айтат жөө чымчык,
Кыргыз айтат таранчы,
Кудаанын кудуретинин
Өкүмөтүн карачы,
Башын Бооң үзүптүр
Жети кучкач чымчыкты,
Жети кучкач өлгөндө
Жер дүңгүрөп унчукту,
Түн жармында күн чыкты.
Күн болбосо неткени,
Жылдыз учкан немедей
Асман-жердин арасы
Жарык болуп кеткени,
Аз болгондо ал жарык
Алты айлык жерге жеткени.
Көк унчукту күңгүрлөп,
Жер чайпалды дүңгүрлөп,
Чакыр-чукур чаң болду,
Аскерлер ага таң болду,
Кара жер минтип бүлүндү,
Кандай аяр өлдү? – деп,
Калайыкка билинди.
Аскер колдун баарысы
Арбып-дарбып токтоду,
Мусулмандын баарысы,
Муңайып жашы-карысы,
Аярларын жоктоду.
Көрсө Көйүш өлүптүр,
Көпчүлүк баарын көрүптүр.
Мусулмандар кайгырды,
Аярдын асты Көйүштөн
Арман менен айрылды.
Жыйылышып мусулман
Ыйлоо менен бүлүндү,
Бооң өлтүргөн экени

Көпчүлүккө билинди.
Башта колго түшкөндө
Байгүш тилин байлаган,
Баатыр Бооң аярдын
Апсун окуур алы жок,
Эки көзү жайнаган,
Көйүштүн жанын сактаган
Кара куйрук жейренди
Колу менен жайлаган.
Кадыр Алла жараткан
Канча түрлүү аярдын
Кандайлыгын ким билет?
Карап турсаң аларды,
Бооң таппай айласын
Кантип жаны аларды,
Өлүмдөн нары көрүптүр,
Мусулман болуп аларды,
Апсунум кетти тилимден,
Айрылбай эми өлсөм – деп,
Ата-бабам кармаган
Мурунку мажус динимден.
Мусулмандын аскери
Билди тынчын аларын,
Жайына байлап тынч койбой,
Жанган отко саларын.
Ойлоп билип ошону,
Мусулмандар бу жерге
Соо койбоско окшоду,
Бир жыгачты ок кылып,
Колу менен копшоду,
Копшоп алып ок кылып,
Алиги аяр Байгүшкө
Аткын – деп, окту бергени,
Байгүш алып ал окту,
Саадакка салып кергени.
Окту кездеп алыптыр,
Аяр Бооң кол шилтеп,
Ишаарат кылып салыптыр.
Азыркысын Байгуштун
Аярлыгы артыптыр,
Байгүш саадак тартыптыр.
Саадактын огу неткенин,
Сансыган адам көрө албайт
Кайсы жакка кеткенин,
Болжоп билди көпчүлүк
Бооңго ажал жеткенин.
Жапар Алла жараткан
Албан түрлүү калыкты,
Жан кылган экен кудурет
Каңылтыр кара балыкты.
Ажал огу барыптыр,
Балыктын башын жарыптыр,
Көл толкуду дүркүрөп,
Кудуреттин күчүнөн
Көл ичинен көк жалын
Чыга түштү дүркүрөп.
Жашыл болду көлүңүз,
Жараткандын өкүматы
Дубанын күчүн көрүңүз!
Күндүн көзү тутулду,
Дүңгүрлөгөн дооштон
Дүнүйө жүзү бузулду.
Жашыл түшкөн немедей,
Жарк-журк этип жазылды,
Чакыр-чукур чаң болуп,
Жер чайпалып басылды.
Аяр өлдү анык – деп,
Адамдын баары билишти,
Абыр-шабыр ат токуп,
Ат токуса бат токуп,
Аттарына миништи,
Абунасыр кожого
Адеп менен киришти.
Арстан Манас барганы,
Айдаркандын Көкчөсү
Бу да келип калганы,

Атагы алаш түрк уулу
Жуда келип калганы,
Айкожонун астында
Сөз башташып салганы:
«Акунбешим кан экен,
Арзып калган жан экен.
Ак таала бар, ак билгин – деп,
Айткан тилди албады,
Аскер жыйып, кол курап,
Ай жарым уруш салганы,
Баатыр менен балбаны,
Баш көтөрөр калбады,
Байкап турсак Акун шаа
Калбаган окшойт дарманы.
Аягында Кегети
Аяры келип майданга
Аянбай уруш салганы,
Көргөндө билип аяр – деп,
Көйүш баатыр барганы.
Кегети кылды өнөрдү,
Кетти жалын өрт күйүп,
Ар тарапка жөнөлдү.
Апсун окуп, от кылып,
Адам баспас чок кылып,
Майдан ичин көчүрдү,
Суу чыгарып, сел кылып,
Көйүш аяр өчүрдү.
Айттырбай апсун дубасын
Көйүш тилди байлады,
Колго түшүп биздерге
Кегети көзү жайнады,
Майдандын аяк жагынан,
Бадышалык багынан
Кара суу чыгып кайнады.
Майданга Көйүш турганда,
Жети мыскал суу алып,
Дубалап жерге урганда
Чуунун бою сел болду,
Туш-тушка качкан эл болду,
Башка жер күйүп куруду,
Баашалык бактан чыккан суу
Баркырап агып турат бу,
Айласы анын не болду?
Дарыя ташып жөнөлдү,
Акбешимдин ордосу
Аккан суута бөлөндү.
Адамдары көп өлдү,
Атышып аткан душманым,
Азыр качып жөнөлдү.
Суунун бою шаар экен,
Көпчүлүгү даңгытта,
Дүбүртү канча бар экен.
Өзөндүн баары көл болуп,
Ташып кетип баратыр,
Шашкелик жерди чалкар көл
Басып кетип баратыр.
Кылкылдап дайра көл болуп,
Кыяматка каларбы,
Же кылган Көйүш дубасын
Бир адам чечип саларбы!?»
Аскерлер айтып турады,
Айкожодон сурады,
А деп кожо дос тартты,
Адамдар карап турады.
Абунасыр Айкожо
Аскерге карап кеп айтат:
«Ай, калайык, – деп, айтат.
Аяр жасап, тил берген,
Адам кылып жан жасап
Айбанатка жиберген,
Ак тааланын өзүдүр,
Апсун-дуба сээриң
Нарут-марут сөзүдүр.
Сел болмок актын арымы,
Сендер ойло акыры.
Себеп болор бендеден

Өзү аракет кылганга,
Өлүптүр Көйүш аярың,
Көрдүңөрбү көпчүлүк
Көзүң менен кашында
Ажал октун даярын!
Ажал деген кирген ок,
Адам уулу көргөн жок.
Ажалдын барын билипсиз,
Азыркы күндө тириксиз,
Ажал ок тийсе өлүксүз.
Жандырбастан дубасын,
Жатып калган Көйүштү
Жалпы баарың көрүпсүз.
Сендерден да сурайын,
Себеп кылса кудайым,
Даңгыттан келген эл барбы,
Таңшуудан келген эр барбы?
Алты-Шаар уйгурлук
Араладыңбаарысын,
Көбүңөрдөн сурайын,
Көрбөй калган жер барбы?
Көйүш аяр устаны
Көрүп билген эл барбы?
Өнөктөш болуп башында,
Өнөрүн билип жашында,
Сапарда жүрүп башында,
Сабакташ болуп жашында,
Ойноп жүрүп башында,
Окушун билип жашында,
Апсун деген заңгарды
Аралашып окушуп,
Аятын билген жан барбы?
Барбы – деп, жолдош-жоросу,
Өзү жүйрүк эр барбы,
Оюнда болуп тобосу?»
Абунасыр замани
Аскерден сурап калганы,
Билсе Байгүш билер – деп,
Көпчүлүк айтып салганы.
Байгүш мында келсин – деп,
Алдырды кожо кашына,
Аяр Байгүш кийиптир,
Алтындуу таажы башына,
Азыр келип олтурду
Айкожонун кашына.
Келген соң кожо кеп айтат:
«Байгүш балам – деп, айтат,
Өнөр билип Кегети
Өрт күйгүзүп салыптыр,
Өчүрмөккө өртүнү
Көйүш аяр барыптыр,
Көл чыгарып салыптыр,
Шаа Бешимдин калаасын
Дарыя басып калыптыр,
Көп калааны суу басып,
Мусулмандан, каапырдан
Көп адам качып чуулашып,
Көпчүлүктүн баарысы
Кандай кылсак болот? – деп,
Кашыма келди сурашып.
Сенин кандай билимиң,
Көйүш менен барабар
Келүүчү беле илимиң?»
Айкожо антип сурады,
Адамдар карап турады.
Анда Байгүш кеп айтат:
«Абыдан кургак кылууга
Алым келбес – деп, айтат,
Акка ыйлап зарымды,
Аянбайын барымды,
Акырет кеткен эр Көйүш
Андай кайдан табылды!»
Аны айтып Байгүш салганы,
Алты сөөм тал чыбык
Балык өңдүү баш кылып,
Апсун окуп, дем салып,

Адамдар турду жарданып,
Көлгө ыргытып иргени,
Ылактырган агачы
Учуп суугa киргени.
Көлгө түшүп алыптыр,
Узундугу миң кулач
Жаян болуп калыптыр.
Кулагы бар үч кулач,
Жоондугу жүз кулач.
Көлгө түштү кыркырап,
Күн батышты бет алып,
Көлбөңдөп лаан зыркырап.
Чагыр-Суунун учунан,
Аткан экен жыгачты
Текеликтин тушунан,
Апсундун күчү теңирден,
Байланган экен баары суу
Караташ Чөмүч сеңирден.
Жаян сүзүп жетиптир,
Мурду барып тийгенде
Бузулуп дайра кетиптир.
Ал жаянга нетиптир,
Аккан дайра сел менен
Балык кошо кетиптир.
Андан кийин а сууну
Ал өңдөнүп тосо албайт,
Агып Чуунун дайрасы
Аягы Арал моруна
Агып барып кошулбайт.
Кумга кирип жок болду,
Башы Кочкор, Көк-Ойрок,
Байкаңарчы көп ойлоп,
Аяк-башы белгилүү,
Аккан суусу жок болду,
Алигинин тукуму
Лахан болуп токтолду.
Кыян агып, сел каптап,
Кытайга кыргын салыптыр,
Кыян аккан ордуна
Кырчын чыгып калыптыр.
Суң кытайдын баласы
Акун шаанын калаасы
Какай-доңуз бакчу экен,
Чуунун суусу шол кезде
Жетиген жагы төш түптөп,
Жээк менен акчу экен.
Жерге сыйбай калаасы,
Маңгул, калмак, тыргooту,
Бадышасы Бешим шаа
Суң кытайдын баласы,
Селге кетип, түк калбай
Чуу боюнда калаасы,
Ак таалам амыр кылган соң
Адамдын недир дабаасы.
Көл токтолгон белгиси
Көрүнөө турат бас болуп,
Көлдүн орду калыптыр
Көлкүлдөгөн саз болуп.
Суу чыккан жердин булагы,
Бадышасы бак сайып,
Такта курган турагы.
Айткан менен адамдын
Чындап көзү жете албай,
Апсунду Байгүш чече албай,
Чаңдан киши токтолот
Чабал ат менен кече албай,
Эстесең сөзү ушу – дейт,
Ошо суунун атагын
Илептин Кара-Суусу – дейт.
Суу соругуп, жер катып,
Он үч күнү тек жатып,
Ойрон Манас баатырың
Ондо, кудай! – деп, жатып,
Абунасыр кожо бар,
Айдаркан, Көкчө кошо бар,
Ымалайдан Кайып кан,

Ыңкыган аскер канча жан,
Каапырга салып каарыны,
Карк кылып ийип дайрага
Карарган калың шаарыны,
Кайда качты каны? – деп,
Казып жерге кирсе да
Издеп табам аны – деп,
Кабылан Манас көжөлүп,
Качкан кандын дартынан,
Канкор Манас кол баштап,
Дагы жүрдү артынан.
Тозоңу тоодой бурулуп,
Туусу тууга урунуп,
Сурнай кулак тундуруп,
Кыраандардын баарысы
Кыбылага бет алып,
Кылкандай найза сундуруп,
Ак асаба туу менен,
Айгайлаган чуу менен,
Көк асаба туу менен,
Көк жаңырган чуу менен
Узун-Тоонун оюнда,
Сары Өзөн Чүйдүн боюнда,
Казак, кыргыз баатыры
Казатка чыккан акыры,
Качкан экен жоологон
Акунбешим каапыры.
Качканда каны нетиптир,
Кайрылбастан кетиптир.
Кере түштүк жол экен,
Каар аяр калтырган,
Каапыр шайтан жол баштап,
Дуба менен алдырган,
Каар-Булта кудай – деп,
Оозуна таш-топурак,
Кийинкиге калтырган.
Булта деген бут экен,
Мында калың журт экен.
Кара чоюн куйдуруп,
Кабарын шайтан туйдуруп,
Көөкар таштан көздөгөн,
Көкүрөктө тешиктен
Көп ибилис сөздөгөн.
Кулагы Жакут, инжи тиш,
Куруп калсын ушул иш.
Адамдарга көрүнбөй
Кетик дөө караган,
Ар ишемби күнүндө
Жүз миң киши чогулуп,
Жүдөгөнчө чокунуп.
Күн батканда тараган.
Каар-Булта бутуна,
Качып каның келет – деп,
Кабар тийди журтуна.
А жердин эли чогулуп,
Буртагына чокунуп,
Эки жүз миң жыйылып,
Эсерлерди карасаң
Кур чоюнга сыйынып,
Бири да билбейт темир – деп,
Бир темирге чокунуп,
Бизди колдо теңир – деп,
Бадышабыз келет – деп,
Чыйтай менен бан-баңы
Атка минип серектеп,
Алар жатыр бүлүнүп,
Акунбешим баашанын
Качкандыгы билинип,
Арабасын сүйрөтүп,
Азоолорун үйрөтүп,
Айрылбаган башы жок,
Алжайбаган кашы жок,
Сындырбаган колу жок,
Жыртылбаган тону жок,
Карысы ыйлап кайышып,
Качкан экен Манастан

Канча күнү сайышып,
Балдары ыйлап майышып,
Барган экен баашасы
Башын алып тайышып,
Алы кетип алсырап,
Найза тийбей кансырап,
Акылы кетип тантырап,
Акунбешим дөө барды,
Адамынын кыйласы
Атсыз качып, жөө барды.
Аяк барды, баш барды,
Кары барды, жаш барды,
Кичүү барды, чоң барды,
Эл ичинде нелер жок,
Кеп билбеген тоң барды.
Алаңмыдон дуу-дуну
Аңдап көргүн ушуну.
Жүз он үчтө кары экен,
Бир өзүнө караштуу
Он беш уулу бар экен,
Ошолорго караган
Отуз бөлмө шаар экен.
Бу да качып барыптыр,
Акун шаага кошулуп,
Чогулдук – деп, калыптыр.
Каар-Бултага караган,
Айтканын кылып шайтандын
Ар ишине жараган
Табалык аттуу жайсаңы
Так көтөрүп атынан
Акунбешим баашаны,
Табалык алды атыны,
Буртактын туруп астында
Калкына айтты датыны:
«Алтымыш күнгө карк толду
Алтайга уруш салганым,
Аңдап көрдүң баарыңар
Азар түмөн кол алып,
Алтайлыктын Манасы
Нааманга келип калганын,
Опасы жок дүнүйө
Ойлондум эми жалганын,
Артык экен бу көрө
Атадан туубай калганым,
Көтөрөт экен бендеси
Көкө теңир салганын.
Койнумдан алды жарымды,
Колумдан алды барымды,
Кошуп айтат дебеңер,
Буртагымдын астында
Муңканып айтам зарымды.
Жер менен алды багымды,
Сел агызып, суу кылып,
Астымдан алды тагымды.
Байкатайын барымды,
Басып калды көрдүңөр,
Бабамдан калган шаарымды,
Жүдөгөнүм көрдүңөр,
Жүзүмдөн алды наарымды.
Баатыр менен балбандан
Баарысынан күбүлдүм,
Калкым түгүл бу күндө
Кара жандан түңүлдүн.
Уйгурга уруш салыптыр,
Угуп-көрүп мүнөзүн,
Үч-Турпандын Култаңы
Качып келип калыптыр,
Терс-Суу бою Текести
Терип-тепчип алыптыр,
Кер-Көлдөгү Оргону
Келип басып калыптыр.
Оргого келди оңбойт – деп,
Ошердеги биздерди
Оюна албай койбойт – деп,
Кабар бердим калкыма,
Кара чоктуу көп ойрот

Калмак, маңгул жалпыңа,
Лаңгү-Таба, Суңшоону,
Камдангын – деп, ошону,
Буркан менен Култка
Буйрук айттым бу журтка.
Орго капка баргын – деп,
Ойрон болгон Манасты
Оң бактырбай алгын – деп,
Бойгут менен Кочкорду,
Болжосом дүйнө козголду.
Бойгуттагы Кубанды,
Келип кыргыз кырат – деп,
Кер-Көлдөгү тууганды,
Буйруп ийдим буларды.
Кочкордогу Арсыны,
Айттыргын – деп, алаштын
Атасы билбес дарсыны,
Алма-Коюр жердеген,
Адам уулу жеңбеген
Илебин менен Кашкелди
Ичиңерге киргизбей,
Тоскун – дедим, башка элди.
Даң-Көлдөгү Кеминди
Тапкын – деп, кыргыз эбини.
Чыйраксып келген кыргыздын
Чыгаргын – дедим, демини.
Жанымдан буйруп жибердим
Жанжуң Чулу баатырды,
Жарыбаган алашка
Салдырып заман акырды.
Баргандын баары соо калбайт,
Ким көргөн мындай каапырды?!
Келип алып жериме,
Булагасын калаасын
Бузуп күлдөй сапырды.
Артык экен аяры,
Кыйын экен кыяры,
Кырмуз шааны алганда
Кылым журтка билинген
Кыргыздын бирди кылары,
Аярлардын асты эле,
Аярлык менен жашынан
Ай-ааламды басты эле,
Жол тосор – деп, жиберсем,
Жоголду Бооң аярым,
Жолдош-жором баары өлдү,
Жообун жакшы албадым,
Ойлоп-ойлоп карасам,
Аманат курган кара жан
Аман-эсен калбадым!
Көйүш кылды мазакты,
Көл кылып ийип шаарымды,
Көрдүңөр баарың азапты.
Бурут алды жогортон
Булагасын калаасын,
Аскеринен арттырбайт
Сары-Өзөн Чуунун талаасын.
Муң менен качты арбагым,
Мусулмандын колуна
Бузулуп түшүп калды го
Булагасын чарбагым.
Талкалап алды маңдайдан
Талуу-Күшөң калаасын,
Мындан көрө көк теңир
Жаратпаса нетти эле
Мажусу диндин баласын!
Жети атам өткөн Сары-Өзөн
Жеримди кыргыз алабы,
Жеткен ажал чиркинден
Өлбөй адам калабы?
Кулунуң эркин тай болуп,
Кураман эркин бай болуп,
Кумдуу талаа Сары-Өзөн,
Чуунун бою жай болуп,
Кайнап жаткан көп журут,
Калаба салып калкыма

Кайдан чыкты куу бурут?
Таңдайлашкан доо көрбөй,
Маңдайлашкан жоо көрбөй
Жыргап жаткан көпчүлүк,
Жылас болгон куу бурут
Азыр салды көп түлүк.
Карк кылды сууга шаарымды,
Кансыратты баарымды,
Каптап чантуу кол келсе,
Катам кайда жанымды?!
Жамыра жайсаң, Тулусту
Жаалданып турушту,
Жан аябай урушту.
Олоңгу барып о да өлдү,
Баргандын баары соо келбейт,
Ким көргөн мындай жумушту.
Кез-кездешип бурутка
Кегети жайсаң барганы,
Кегети сындуу аярды
Келтирбей байлап алганы,
Кегети колдон кеткен соң
Кетирди минтип айланы.
Кегети барып майданга,
Кейигенден айтам да,
Аярлык менен от кылды,
Ай-ааламды чок кылды,
Арбак урган Көйүшү
Суу чыгарып, сел кылды,
Оту түгүл о жердин
Шаарын кошо жок кылды.
Айдап кетер мал эмес,
Талдууга кыйын иш болду,
Арта качар үй эмес,
Тамдууга кыйын иш болду,
Баарын текши жыя албай
Малдууга кыйын иш болду.
Лаайламага сыйынып,
Азырланып туруңар
Ыраак-жуугуң жыйылып».
Акунбешим муну айтып,
Адамдын баарын муңайтып,
Карады Каар Бултага:
«Лаайлама теңирсиң,
Ырысы жок журтуңду
Мусулманга жедирдиң.
Кара-Булта теңирим,
Жасатпадым кол менен,
Алагардын оюна
Өзүң келдиң жол менен.
Бурутту токтоо кылсаңчы,
Мусулманга кор кылбай,
Өрттөнүп кеткен бу журтту
Өз колуң менен кырсаңчы!
Кара-Булта теңир – деп,
Карап жүрдүк сизге – деп,
Кандайлыктан билбеймин,
Каар кылдың бизге – деп,
Колдоочу кудай сен элең,
Сени карап турганда
Кор болуучу мен белем,
Мусулман сыйынганынан
Күч-кубатың кем белең?!
Мусулмандын кудайы
Бузду биздин динди – деп,
Болжоп турсам мусулман
Мойнубузга минди – деп,
Чыгып жолдон бастыкпы,
Сыйынуудан жаздыкпы,
Аны үчүн минтип аздыкпы,
Атың Лаайламасың,
Абыдан кылдың кастыкты.
Эми ырайым кыла көр,
Мындан кийин кылбайын
Мурунку кылган мастыкты.
Колдоочум жалгыз сен – деди,
Коркуп турам мен!» – деди.

Ал ошентип турганда
Өсөлөк аттуу ибилис
Үстүнө жетип келгени.
Көрүнбөйт экен адамга,
Кайдан шайтан көрүнсүн
Көзү туюк наадангa.
«Он беш жүз миң кол жыйдың,
Ойдон-тоодон мол жыйдың
Аз аскер жыйып албайсың,
Алаштан кошуун келди – деп,
Ашыгып келип калбайсың.
Көптүгүңө ишендиң,
Буйдалып аягың бошобой
Бутуңдагы кишенден.
Колдоочуңуз мен – деди,
Коркуп-үркүп маа келдиң,
Кор болбойсуң сен – деди,
Көңүлүңө мени албай
Көпсүнүп барып урушуп,
Көл болду каның-сел!» – деди.
Абыдан душман азезил
Адам үчүн чыктым – деп,
Аалы жаннат бейиштен
Асылганга бу күнчө
Адам уулу баарың бил,
Мусулман менен каапыр – деп,
Бу дүйнөгө түк калбай
Кырылып өлсө такыр – деп,
Кайраштырып сүйлөдү.
Кубаныч болду канына,
Курады аскер жанына,
«Кабар берди билдиңер,
Кара-Булта кудайым,
Качпай туруп урушуп,
Калабалуу кыргыздан
Бирин койбой жудайын
Казагын каран салыңар,
Маралаң-Суунун боюна
Бачымыраак барыңар.
Тургай жаңжуң кайдасың,
Тургузбай колду айдасын,
Душмансып келген бурутту
Туташ кырып жайласын,
Шамың шаа калдай кайдасың,
Шатектеп аскер айдасын,
Акимсип келген алаштын
Ата уулусун жайласын!»
Айтканын алар угуптур,
Он бир жүз миң кол менен,
Маралаң-Суунун жол менен
Аягы кетти Аралга,
Аскерге толду ай-талаа,
Асманга чаң бурулуп,
Ар түрлүү куш көп өлдү
Найзасына урунуп.
Башы тоого таянып,
Баса келген чантуудан
Калмак, маңгул кеңешти
Калбайлы – деп, аянып.
Кылкандай найза кылкылдап,
Кызыл чоктуу көп ойрот,
Маралаң ою былкылдап,
Карагай найза кылкылдап,
Кара чоктуу көп ойрот
Кара-Суу бою былкылдап,
Акун шаанын кызыл туу
Асабасын жайышып,
Аягын жерге сайышып,
Алтайдан келген алашка
Арбагы бийик Манаска
Атышмакка тайышып,
Алар тосуп алыптыр.
Ал ошентип турганда
Алоокенин элинен,
Анжияндын жеринен
Алты миң аскер кол менен,

Чыккан экен зор менен,
Чычкан ашып жол менен,
Салык деп улук салыптыр,
Санап аскер алыптыр,
Салпаңдын уулу Меркишбек
Санчышаар душман кайда? – деп,
Самсып келип калыптыр.
Акун шаа көрдү кубанып,
Алты миң аскер кол келди,
Асманга тозоң буралып.
Аттан түшө жүгүрүп,
Акун шаага жүгүнүп:
«Ордоканаң ушубу,
Талаа толгон көп аскер
Чантуулардын кошубу? »
Акун шаадан кеп сурап,
Аскериң кайда? – деп, сурап,
Айтып Мерки токтолду,
Андан бөлөк аскерден
Унчугар киши жок болду.
Көргөн жерден Акун шаа
Көлдөй төктү жашыны,
Өзү урду башыны.
«Карарып жаткан калаамдан,
Калаа түгүл айрылдым
Катын менен баламдан,
Өзүм араң олтурам
Өлүм кетпей санаамдан.
Улук болуп олтуруп,
Ушу күндү көргөнчө
Туубасам кантет анамдан?!
Кырып салды колумду,
Адамдын канын агызды
Араба жүргөн жолумду.
Кызыл кан кылды жеримди,
Аламандап урушуп,
Акыретке жиберди
Токсон миң толук элимди,
Согушканда душманга
Токтоо берчү эримди,
Согушка кыйын эл экен
Тос-тос кылды элимди,
Баары баатыр, баары аяр,
Майыштырды белимди.
Көрбөймүн – дедим, – сиздерди,
Көңүлүмдө жок эле
Алооке минтип издээрди.
Алсырады жаныбыз,
Кубат болду шашканда
Аман болсун акыры,
Алооке чырак каныбыз.
Айткан сөзгө ынаныңыз,
Болсун Меркем жолуңуз,
Маралаң-Суунун боюнда,
Кара-Суунун оюнда
Көрүнгөн биздин колубуз.
Алаштын койдум жолуна,
Аңдап турсам бу Манас,
Адамзат уулунун
Түшөр эмес колуна.
Арзан эмес аскери,
Абунасыр дегени
Алсаң – деди, – тилимди,
Мусулман болуп бурулбай,
Бузгун – деди, – диниңди,
Мына минтип келтирет
Балакеттүү жинимди!
Жалгыз бирим калганча
Салышмакка бел байлап,
Санды түмөн кол жыйып,
Санчышмакка дем байлап,
Акыры өзүм калганча
Алышмакка бел байлап,
Азар түмөн кол жыйып,
Атышмакка дем байлап,
Азганакай күтсөңүз

Аскери келет курт кайнап,
Анысы кандай билбеймин,
Азирет! – деп, айгайлап».
Келген Мерки жайсаңга
Кейип айтып салганча,
Аягына сөз чыгып,
Ада болуп калганча
Жээк шибер жол менен,
Жер майышкан кол менен
Жетип кыргыз калды – деп,
Жекеге чыккан эрлерди
Жерге жанчып салды!» – деп,
Жетип келди доргосу,
Каңгур-күңгүр унчукту
Кара Булта ордосу,
Как ушу жерде билинди
Калкынын аман болбосу.
Казынадан алдырган,
Калыңдыгы бир кулач,
Айланасы миң кулач,
Кандык уста салдырган,
Салтанаты бир далай,
Караса көздү талдырган,
Каар-Булта үйү – деп,
Кайдан келди билбейбиз,
Каалап келди Чүйдү – деп,
Атпай ойрот жыйылып,
Аябаган дүйнөсүн,
Аңдап көргүн калайык,
Эзелден душман азезил
Акун шаага сүйлөшүн.
Азезил сүйлөп ошондо
Таш, топурак оозуна
«Бербердигер – мен – деди,
Мен жараткан бендемсиң
Безилдеген сен – деди.
Сыйынып келдиңмага – деп,
Мен жардамчы сага – деп,
Мусулман уруш салбас – деп,
Уруш салган буруттан
Жалгызы аман калбас – деп,
Сүйбөймүн бекер турушту,
Аскериңе баш болуп,
Өзүң сал – деп, урушту!»
Азезил айтып салганы,
Андан артык болобу
Адамдын акмак нааданы.
Кудай сүйлөп берди – деп,
Кубанышып калганы,
Кудай урсун наадандык,
Теңирим сүйлөп берди деп,
Темирдин сөзүн алганы,
Темир кайдан сүйлөсүн,
Азгыруучу азезил
Шайтандын тилин алганы,
Шашып-бушуп ат минип,
Баш болмокко урушка
Бадыша жөнөп калганы.
Аттанып чыгып жол менен,
Анжияндын аскери
Алты миң келген кол менен,
Мерки жайсаң зор менен.
Жан багары он беш миң,
Жыйырма бир миң кол менен,
Кернейдин үнү бапылдап,
Кете туулар жаркылдап,
Добулу жерди жарыптыр,
Толкуп аскер кол менен
Тоого жакын жол менен
Аскерге жетип барыптыр.
Аскери көрүп кубанды,
Асманга чаңы буралды,
Аскерине кошулуп,
Акун шаа келип турганы.
Камбаркандын кызыл туу
Калкылдатып көтөрүп,

Каруу-жарак карк алтын,
Кандагай соот бөктөрүн,
Алачтап ураан салыптыр,
Айдаркандын эр Көкчө
Аскери үч жүз миң болуп,
Астына жетип барыптыр,
Акун шаа келе элегинде
Аналдын Тургай баатыры
Ашыгып уруш салыптыр,
Жеткен жерден эр Көкчө
Жерге жанчтап алыптыр,
Аны көргөн Доргосу
Акун шаага барыптыр,
Айтып кабар салыптыр.
Аны уккан соң ашыгып,
Акун шаадай каныңыз
Аскерге келип калыптыр,
Беш жүз миң аскер кол менен,
Берен Бакай зор менен
Беттешип Манас барыптыр.
Ымалайдан Кайып кан
Кашында нөкөр канча жан,
Даңгыттан келген Мунарды,
Санатын уксаң буларды
Үч жүз миң аскер кол болуп,
Үлкөн черүү карк толуп,
Найзанын учу чабышып,
Адамдын башы кагышып,
Марал аңдын оюнда,
Балырлуу суунун боюнда
Каапыр менен мусулман,
Казатта жүргөн канча жан
Айткан менен сөз жетпей,
Аскердин аяк-башына
Караган менен көз жетпей,
Каршылашып туруптур,
Бадышалык барабан
Каапырлар добул уруптур,
Баашасы келген экен – деп,
Бар мусулман угуптур.
Аксакалы эр Эштек,
Акылга дыйкан Байжигит,
Абактардан Айдаркан,
Аскерге келген канча кан,
Үйшүн, Үмөт, Жайсаңы,
Үрбү чечен, Саламат,
Үлкөндөрдүн согушун
Угуп көргүн жамагат,
Айкожонун астында
Азыр кылды масылат.
«Аманат жанга залал – деп,
Арам менен адал – деп,
Арасын ачып бөлдүңүз,
Азирети Үсөйүн
Көкүлүн тарап өрдүңүз,
Ак байгамбар Мустапа
Ак дидарын көрдүңүз,
Азиретке жанашып,
Ислам динин талашып,
Саабаларга жуктуңуз,
Ак байгамбар Мустапа
Насиятын уктуңуз,
Арасаттын күнүндө
Каапыр менен мусулман,
Эсеп жеткис канча жан
Ажыратып бөлөбү?
Атыш-уруш калбадан
Акыретке бет алып
Адамдар канча жөнөдү?
Айтыңызчы, угалы
Бенделерден бейажал
Адам уулу өлөбү?»
Аскер айтып чуулады,
Айкожодон сурады,
Абунасыр Заманы
Аскерлерге карады.

«Көзгө илинбес чымайыл
Ажал жетпей а да өлбөйт,
Азаматтар муну бил,
Ак амыры болбосо
Ашыңызга кыл түшпөйт.
Аскер турат канчалык,
Айдап ийсең атыңыз
Буюрбаган чөптү үзбөйт.
Кудай буйрук кылбаса
Куурайдын башы былк этпейт,
Жалын түгүл, жаккан от
Жараткан амыр кылбаса,
Өчүп калат, жылт этпейт.
Өкүмү Алла өзүндө,
Ак байгамбар адиси
Катасы жок сөзүндө
Караны акка бөлбөс – деп,
Адам түгүл бейажал
Кара чымын өлбөс!» – деп,
Абунасыр заманы
Аны айтып басылды,
Аскерлердин баарысы
«Арбак урсун каапырды,
Атасынын көрү – деп,
Алып жүргүн бери!» – деп,
Ат-атына асылды.
Аңдап көр Манас баатырды
Бороондуу күнү суук өтпөс,
Жаандуу күнү суу өтпөс,
Чыйырчык алтын, чымчык көз,
Чың бадана, торгой көз,
Жакасы алтын, жеңи жез,
Машаанын мурду батпаган,
Барандын огу тийсе да
Батырбай өзүн сактаган,
Чиркейдин мурду жетпеген,
Чанчышкан найза тешпеген,
Чапкан кылыч кеспеген
Ак күрөөкө соотун
Арстан Манас кийинип,
Алласына сыйынып,
Эки каптал эн темир,
Эптеп кылган ээрди
Карк алтындан чокулуу
Казатка минчү Кула атка
Кармап келип токуду.
Тула бою тууш күч,
Тулпар экен Аккула,
Кара бою катуу күч,
Кайып экен Аккула.
Кара боюн каптатып,
Кандагай менен чаптатып,
Тула бою күймөлүү,
Туягынан бөлөгү
Сары алтындан түймөлүү,
Кечип чапса чок өтпөйт,
Кездеп атса ок өтпөйт,
Атын жабдып чыңданып,
Өзүн жабдып тыңданып,
Туулга кийди башына,
Турду аскердин кашына.
Ырамандын Ырчы уулу
Ычкыры бапик кырк муун,
Тебетейи чоктуу кул,
Айтар оозу шоктуу кул:
«Айтам жарлык бил! – деди,
Азыр атка мин! – деди,
Аралап колго кир! – деди.
Кош-кошто жаткан эр – деди,
Колго келген эл – деди,
Коркпо – деп, кабар бер! – деди.
Жазуудан артык жан өлбөс,
Тактада жатып кан өлбөс,
Ажал жалгыз, айда өлбөс,
Ажал жетип уштаса
Адам уулу кайда өлбөс!

Өлүмдөн качып кутулуп,
Өзү жүргөн жан барбы,
Өкүмөттөн айрылбай
Өлө турган кан барбы?
Жаткырбайлык жайнатып,
Акунбешим заңгарды.
Кара бойдо каның бар,
Канга аралаш жаның бар,
Кан чыгат – деп, боюңдан
Тартынбагын баарыңар!
Каапырга кылган казаттыр,
Кармашып өлсөк каапырдан
Каар дозок зындандан
Карып жаның азаттыр,
Баш тартпагын өлүмдөн,
Байгамбар айткан насааттыр.
Учмакты көздөп учарсың,
Нур кызынан кучарсың,
Жаннатты көздөй жанарсың,
Шарабан табур шербетин
Абыдан ичип канарсың,
Каапырдан шейит болдум – деп,
Кашкайып күлүп бararсың.
Жыйылар өлүү мүлкүңүз,
Тыйылбай калар күлкүңүз,
Кызыл жакут кур болор,
Кызматкериң нур болор.
Ушу жалган дүйнөдөн
Нур көрүнсө көзүңө,
Татты жаның аманат
Жек көрүнөр өзүңө.
Тарлажыт жолго саласың,
Көргөн болсоң нур кызын
Талып өлүп каласың.
Тириликке көнбөйсүң,
Карабай катын-балаңа,
Тиги дүйнө жөнөйсүң.
Жаннат бейиш жакшы – деп,
Жаныңды аяп казаттан
Өлбөй тирүү калам – деп,
Жакшы жайдан какшы – деп,
Каапырдан өлүп кетем – деп,
Өлбөй калсам экен – деп,
Капилеттик кейишиң,
Камдалып турат бейишиң
Казаа жетип, казаттан
Өлүп калсаң шейитсиң!
Жер дүйнөнүн үстүнө
Жан-жаныбар таралган,
Шейиттердин жайы – деп,
Сегиз бейиш жаралган.
Кайратка каркап толуңар,
Кара жанды аябай
Казаттан шейит болуңар!
Шейит болсоң казаттан
Айтпай-дебей кутулдуң
Акыреттик азаптан.
Абунасыр кожодон,
Ак байгамбар адиси
Аныгын уктук ошондон.
Каапырды калкым каптагын,
Кара жерге таптагын,
Өлбөсөм – деп, тырышып,
Өз жаныңды сактагын.
Өлсөм шейит болом – деп,
Өжөрлүккө салбагын,
Жан кадырын биле албай,
Жаман өлүп калбагын.
Жайылдык жанга жаман – деп,
Жаныңды сакта аман – деп,
Ажалың жетсе өлөрсүң,
Ала шейит сен болуп,
Акыретке жөнөөрсүң.
Ала шейит болгонуң
Талабыңа жетерсиң,
Өлөм дебей, өлтүргүн,

Казы болот экенсиң.
Көп өлтүрсөң каапырды,
Каапырлардан көрүнгөн
Баш тартпаган баатырды,
Өлтүрсөң казы болорсуң,
Шейиттерден дагы артык
Даражага конорсуң,
О дүйнө, бу дүйнө
Экөөндө тең оңорсуң.
Жалгызың коюп, жамың кыл,
Өлүп шейит болом – деп,
Өзүң аны ойлобой,
Өлтүрүштүн камын кыл.
Казылыкты алгын оюңа,
Кан жошулсун боюңа.
Мусулмансың, түрүксүң,
Мурунтадан ойлонбой,
Булдураган кытайга
Букара болуп жүрүпсүң.
Алла Таала бир үчүн,
Ак ыслам дини үчүн,
Байганбар бары ак үчүн
Баштагы өткөн Сулайман
Баашалык адыл так үчүн,
Дал баласы Сал үчүн,
Баш тартпагын өлүмдөн
Баатырларым, ал үчүн!
Зулкарнайын эр үчүн,
Султан болуп дүйнөдөн
Сурак кылган эл үчүн,
Араптан чыккан баатыры,
Аңдабай калба, акыры,
Азирет Аалы шер үчүн,
Атагы Нааман Түркстан
Атандан калган жер үчүн,
Аңдышып турган каапырдан
Аяныл калба бар күчүң!
Же өлтүргүн, же өлгүн,
Жайнап турган каапырга
Жаа Алла – деп, жөнөгүн.
Кепинди салгын койнуңа,
Өлүмдү алгын мойнуңа,
Акыр заман адамы
Айтып-айтып таң калсын
Бүгүнкү кылган ойнуңа!»
Ошол аскер мол экен,
Он бир жүз миң кол экен,
Ой-Талаага толо экен.
Акылына туюнтуп,
Көңүлүнө жугузуп,
Көпчүлүктүн баарына
Көкчө, Манас угузуп,
Ырамандын баласы,
Кашында Көкчө, Манасы,
Ырдап айтты бакырып,
Ыңкып турган көп аскер
Алашдап ураан чакырып,
Желегин шамал жапырып,
Жер жайнаган каапырды
Арстан Манас баш болуп,
Азирет! – деп, качырды.
Жалпы байгур уругу
Жаа Аллалап чуркурап,
Чаң созулду буркурап.
Ойрон болгон Акун шаа
Ойротко болгон зор экен,
Ойрон болор жолу экен,
Кара чоктун аскери
Он үч жүз миң кол экен,
Ойдо-тоодо мол экен.
Көптүгүнө ишенип,
Көжөлүп качпай туруптур,
Көңкү барган мусулман
Көөдөнгө найза уруптур,
Ажалдуу өлүп куруптур.
Аркасынан найзанын

Темири чыгып короюп,
Аттан кулап тороюп,
Найза тийип көзүнө
Адамдардын кыйласы
Көзү чыгып олоюп,
Кулагынан айрылып,
Көбү жүрөт молоюп,
Жаны чыгып, дени сууп,
Өлгөндөр жатты солоюп,
Айбалта тийип карыга,
Канчасы жүрөт чолоюп.
Мусулман, каапыр эки аскер
Бузулгандай жер жүзү
Бирин бири каптады,
Жыгылгандын баарысын
Тургузбай жерге таптады,
Ажалы жок бендени
Алла Таала сактады,
Ага-иниден айрылып,
Бирин бири таппады.
Аягы Кара-Кырчында,
Кара-Кашат сыртында,
Башы Маран тоосунда,
Бир чекеси уруштун
Шагардын кара коосунда,
Орто жери Ой-Талаа,
Орчун шаар көп калаа.
Суз миңдени жыйырма төрт
Жүргөн жер болду кызыл өрт,
Каапыр менен мусулман
Кайраттанып кошулуп,
Кая акты суудай жошулуп,
Калкандар башта тосулуп,
Кара топо буркурап,
Асманга чыкты созулуп.
Күндүн көзү көрүнбөй
Тозоң тозду нуруну,
Согуштагы эрендер
Тододон бүттү мурунү.
Көп адам өлүп тыртайды,
Көздүн баары жыртайды.
Чопкуттар болду электей,
Согушуп жүрүп баштары
Жошологон челектей,
Айрылып бүтүп чапаны
Найзага таккан желектей.
Айбалта башка шака-шак,
Найза төшкө така-так,
Кылычтар жонго чака-чак,
Мылтыктын үнү тапа-тап,
Күрсү чаап күпө-күп,
Төө мылтык атып дүпө-дүп,
Койчагыр үнү чаңырып,
Жазайыл үнү жаңырып,
Жамандар эстен жаңылып,
Жазбай турган баатырлар
Самаганы табылып,
Жаралуунун баарысы
Не болом? – деп, сабылып,
Мусулманы, каапыры
Бура тартпай акыры
Аралашып калыптыр.
Арстан Манас баатырың
Акунбешим канына,
Тумшугу жок Акун шаа
Туура жүз миң кол менен,
Туруптур туунун жанына,
Карап көргүн кайратын
Кабылан Манас баатырга,
Жайнап турган каапырга
Түшүрдү заман акырга!
Айкожо берген кылычты,
Аңдап көргүн бул ишти,
Кан болуп учу кызарган,
Каапырды көздөй шилтесе
Карк жети кез узарган

Керемет бар Алладан,
Кез келген тирүү калбаган,
Азезилдин шаарына
Аттанып казат кылганда
Алтындалуу сабынан
Азирет Аалы кармаган,
Караган көздү жаш кылган,
Аманатын бергин – деп,
Абунасыр кожого
Ак байгамбар тапшырган,
Калган-туткан каапырды
Кара жерге жапшырган
Кылычты колуна алыптыр,
Кыйкырып кирип кыраан эр
Туу түбүндө жүз миңин
Астын-үстүн салыптыр.
Алтын таажы кийиптир,
Ак жал кара ат миниптир,
Акунбешим каныңыз
Арстан Манас баатырдын
Астына качып кириптир.
Маңдайында багы бар,
Кулагында шамы бар,
Куюндай учкан жаныбар
Аккула менен жетиптир,
Аркага найза нетиптир,
Ак жал кара ат үстүнөн
Кулаган бойдон кетиптир.
Арт жагынан акырып,
Айнакул жетти бакырып.
Кыраан Бакай барыптыр
Кызыталак каапыр – деп,
Кызыкты көргүн акыр – деп,
Акун шааны ал жерден
Кылычтап байлап алыптыр.
Кылчайып Манас караса
Манастын келген жолуна,
Оңу менен солуна,
Өлүк-тирик кошулуп,
Кыпкызыл кан жошулуп,
Кыргын таап калыптыр,
Кыргынды өзү салыптыр.
«Кыргын чалым сен бол!» – деп,
Кызык иштин үстүндө
Кыраан эр айтып калыптыр,
Айнакул аты өчүптүр,
Андан кийин бу киши
Кыргыл атка көчүптүр,
Кыраандын айткан бир сөзү
Кыямат кайым болгончо
Кыргыл болуп өтүптүр.
Бакай, Кыргыл байлады,
Бакылдатып айдады,
Абунасыр кожого
Акунбешим каныңды
Алып барды ошого.
«Кара динден кайт – деди,
Кудай жалгыз, куран чын,
Келме шаадат айт!» – деди.
«Жетимиште жашым – деп,
Элүү жылы кан болдум,
Не көрбөдү башым – деп,
Алсаң кесип тилимден,
Айрылбаймын динимден!
Келгенин кылгын колуңдан,
Асты айрылып өлбөймүн
Ата-бабам жолунан!
Лайламалуу – деди,
Ырас сөзүм бул!» – деди.
Абунасыр кеп айтып,
«Ай, жарандар, – деп, айтып,
Алып тышка чыгыңар,
Айтпаган болсо келмени
Тек койбоңор, жыгыңар!»
Жети желдет жетелеп,
Коштоп алып чыгыптыр,

Койгулашып бычактап,
Коркуратып жыгыптыр.
Айткан тилге ынабай
Ажалынын жеткени,
Жатып калды өлүгү,
Жааннамга жаны кеткени,
Жалган дүйнө чиркиндин,
Карып болуп кан өлдү,
Жамандык эмей неткени,
Жазуу сөзүм жайланып
Как ушу жерге жеткени.
Мусулманы, каапыры,
Бузук жаман акыры,
Көз байланып, түн кирип,
Жатты Манас баатыры.
Каапырдын чыгып бетине,
Күн батыш жагы четине,
Алланын аты Ак келме
Аятын айтып нээтине,
Кылычын кармап колуна,
Кылым каапыр жолуна,
Чыканактап калыптыр,
Чырым уйку алыптыр,
Чыканагы талыптыр.
Суу бүрккөндөй селт этип,
Султан Манас караса
Таң көрүнүп калыптыр,
Супа саадык чалыптыр,
Тура салып эр Манас
Суугa басып калыптыр.
Колун суугa салыптыр,
Кол дааратын алыптыр,
Бутун суугa салыптыр,
Бут дааратын алыптыр,
Бети-колун жууптур,
Белди бекем бууптур,
Төрт ирекет багымдат,
Төрөлөрдө сөзү жат,
Төптөп окуп болуптур,
Алакан ачып, кол жазып,
Бата кылып коюптур.
Бир кудайга зар айтып,
Пил баштаган нар айтып,
Молдолорго мол айтып,
Баабединге жол айтып,
Жарагын белге чалынып,
Шаймерденге жалынып,
Азирет Аалы шерлердин,
Шейит кеткен эрлердин
Арбагына сыйынып,
Азат бою жыйылып,
Чаткаягы чаткалдай,
Чатына киши баткандай,
Эки жамбаш кең соору
Эчки жуушап жаткандаи,
Куюшкандын кошконго
Он бир карыш казанды
Ойноп-күлүп аскандай,
Болжолу жок чоңдугу,
Боорунун кеңдиги
Момолой ийин казгандай,
Болжолу жок чоң Кула ат
Ооздугун чыгарып,
Өтөптүн кара суусунан
Өз колу менен сугарып,
Күн чалганча олтуруп,
Таз кардын чөпкө толтуруп,
Күн чыгыш жагын караса
Башы Маран оюнда,
Орто жери аскердин
Каар-Булта коюлган
Каңгар-Суунун боюнда,
Аяк жагы аскердин
Ак-Эрмендин оюнда,
Анжым урук калмактын
Ашты-Марап калаасы,

Аскер менен толуптур
Тянь-Шань тоонун талаасы,
Ашты-Маранкалмагы
Зар ыйлады баласы,
Кыргын салган бул элге
Кыргыздын кыраан Манасы.
Кездешкен жери кеңталаа,
Кечээ күнү күн чала
Беттешип аскер турушкан,
Бел байлашып урушкан,
Туу көтөрүп турушкан,
Туш-тушунан урушкан.
Бел байлашып турушуп,
Бет-бетинен урушуп,
Аралашып эки кол
Ач бөрүдөй жулушуп,
Чоюлбаган колу жок,
Кан тамбаган жолу жок,
Жыртылбаган тону жок,
Сындырбаган колу жок.
Канаттын баары кайрылып,
Кандагай, соот, күрөөкө
Дал-дал болуп айрылып,
Туулганын чокусу
Күрсү тийип оюлуп,
Койгулашып жүрүшүп
Кол териси жоюлуп,
Тарткылашып жүрүшүп
Колтуктун баары чоюлуп,
Бир мусулман, бир каапыр
Кошуна барбай таптакыр
Урушкан жерге конуптур,
Улугуң Манас барында
Ушундай заман болуптур.
Жаралуунун баарысы
Жан талашып анталап,
Чабышып жүрүп баарысы
Жаак-башы канталап,
Бет жарылып жалжайып,
Каш жарылып алжайып,
Мурундун баары былчыйып,
Ириңи чыгып былтыйып,
Көздүн баары жыртыйып,
Чалбардын баары айрылып,
Баягы жаман жеринин
Башы чыгып кылтыйып.
Буту сынган шалактап,
Колу сынган салактап,
Коркоктун көзү алактап,
Батыра чаап, баш кесип,
Баатырдын баары далактап,
Толгон экен кыргынга
Сары-Өзөн Чуунун талаасы,
Күн батыш жагын караса,
Анжым калмак журтунун
Ашты-Мараң калаасы,
Үлкөн кыргын болуптур
Үч-Туура-Суу арасы.
Жамандардын баарысы
Өңүнөн чыгып сарысы,
Үшкүрүгү көп болуп,
Өңү сары чөп болуп,
Астыңкы эрди албайып,
Үстүңкү эрди далбайып,
Мууну бошоп шалдайып,
Өлгөндөрдүн баарысы
Ичи көөп дардайып,
Жаралуунун баарысы
Кооп басып кете албай,
Кошторуна жете албай,
Жандан үмүт үзүшүп,
Алы кетип алсырап,
Найза тийип кансырап,
Аттарынан түшүшүп,
Кылыч тийген мойнуна,
Каны толуп койнуна,

Көздөн төгүп жашыны,
Көтөрө албай башыны
Шылкыйганы дагы бар.
Көөдөсүнөн жан кетип,
Көшүлүп кызыл кан кетип,
Зыңкыйганы дагы бар.
Асыл жакшы мүлк алып,
Аксакалым алат – деп,
Кымпыйганы дагы бар.
Кыргыз, кытай арасы,
Кызыл канга жуулган
Каңгардын сары талаасы,
Азгырып кыргын кылдым – деп,
Абыдан канып туруптур
Азезилдин табасы,
Өтөптүн кара суусунан
Карады канкор Манасы.
Күн чыгыш жагы тунарык,
Кыргындын кыйындыгын көр
Кыпкызыл болгон мунарык,
Кытай, кыргыз аралаш
Кыймылдай албай буралып,
Азууларын аркайтып,
Ат өлүптүр сулайып,
Муруттарын чычайтып,
Эр өлүптүр булайып,
Элим кандай болду – деп,
Эр Манас ойлоп муңайып,
Дааратын алып боюна,
Жаратканы кудаанын
Атын алып оюна:
«Асман-жер сенин мүлүгүң,
Алла сенин амырың
Ааламга салган түлүгүм,
Ата-бабам жеринен
Айрылган кыйла түрүгүм,
Бабамдан калган Түркстан
Батып кирип алыптыр
Кыжылдап кытай бүрүгүң,
Атама тийген жер экен,
Наамут дайра чек экен.
Аманат жаным байладым
Атпай алаш түрк үчүн,
Алла берсең кайратты
Аянбаймын уруштан
Атамдан калган мүлк үчүн
Туяк жашып жыртылса
Тулпардан аккан тер үчүн,
Курбан кылдым жанымды
Куралган алаш эл үчүн,
Баш байладым өлүмгө
Бабамдан калган жер үчүн.
Маңгул, кытай уругу
Машырыкта турагы,
Бабамдан калган жеримди
Басып кытай турабы,
Атышып жерим албасам
Арбак мени урабы!
Конч ордуна кол сөктүм,
Суу ордуна кан төктүм,
Бөз ордуна көз тештим,
Бөрк ордуна баш кестим.
Аркы атабыз Туранды,
Ажал күнү келген соң
Акыретке жөнөлдү,
Кыргыз алаш, түрк уулу
Кызыл канга бөлөндү,
Кырдагы угуз жерине
Кызыгып кытай не көрдү,
Барча түрк – көп алаш
Башы канга бөлөндү,
Бабамдан калган жеримди
Ээлеп кытай не көрдү?!
Асман-жердин ээси
Алла Таала бир өзүң,
Асы жалпы кулуңмун,

Наалыш кылган бир сөзүм
Көзсүз туруп көрөсүң,
Ак таала бирлигиңизге
Арыз сөзүм жөнөсүн.
Ал-абалым билесиң,
Наалып кылган тилегим,
Атаң-анаң жок туруп,
Бар болгонуң билемин.
Көрүнбөй туруп азырсың,
Бизге жардам бергин – деп
Бирлигиңе асылдым.
Башымды байлап өлүмгө
Барча журтум жыйылдым,
Бадышамсың бир кудай
Барлыгыңа сыйындым!
Көрүүгө көздө болбодуң,
Көк-жер толгон макулук
Көрүнбөй туруп колдодуң.
Чоң-кичини жараттың,
Бир өзүнө караттың,
Эркин жалган дүйнөгө
Не түрлүү жандар тараттың.
Жакын туруп алыссың,
Жаанга бүтүн калыссың,
Жалынып кылган наалышым,
Жамандыгым артылса
Жааннамга саларсың,
Ыраак туруп жакынсың,
Кичиге-кичи, чоңго-чоң
Ырыскы берип жатырсың,
Баш койгон не бир кулуңду
Маарыпатка батырдың
Барлыгыңа сыйынып,
Майдан куруп жатырмын.
Ырас сенин барлыгың,
Жалган эмес жарлыгың,
Жанга тенди байладың,
Жакшы жүргөн кулуңду
Жаннатыңа жайладың,
Жаа зулжалал атыңа
Колдогун! – деп, зарладым.
Аят-адис билдирип,
Аалым кылган өзүңсүң,
Арак-бозо ичирип,
Азезилге мингизип,
Залим кылган өзүңсүң.
Жүрөк берип бирөөгө
Баатыр кылган өзүңсүң,
Дүнүйө бербей бирөөгө
Бакыр кылган өзүңсүң.
Кара кылып кайрыдин
Каапыр кылган өзүңсүң,
Кээ бирөөгө күч берип,
Балбан кылган өзүңсүң.
Баскан жери кызыл кан
Майдан кылган өзүңсүң,
Акыл бербей бирөөгө
Айбан кылган өзүңсүң.
Тикесинен бастырып,
Киши кылган өзүңсүң,
Көзгө илинбейт кээ бир жан,
Кичи кылган өзүңсүң.
Аяк менен тургузуп
Адам кылган өзүңсүң,
Акыл бербей кээ жанга
Наадан кылган өзүңсүң.
Намуруттун отунан
Азирети Ыбрайымды
Аман кылган өзүңсүң.
Акыл бербей бирөөнү
Жаман кылган өзүңсүң.
Көгөргөн асман көк экен,
Көгүнүз дайра көл экен,
Төгүп бери жибербей,
Жөлөп турган өзүңсүң,
Бири өлсө, бирди туудуруп,

Төлөп турган өзүңсүң.
Катканы таштан кем эмес
Тоңду кылган өзүңсүң,
Карааны тоодон кем эмес
Чоңду кылган өзүңсүң.
Жаркыратып жайнатып,
Күндү кылган өзүңсүң.
Кара зулмат караңгы
Түндү кылган өзүңсүң,
Калк кылып каапыр, мусулман
Динди кылган өзүңсүң,
Дөө, пери чыгарып,
Жинди кылган өзүңсүң.
Бирди кылып байгамбар
Билиндирген өзүңсүң,
Минтип биздей кулуңду
Бүлүндүргөн өзүңсүң.
Акыл жетпес затыңа,
Жалынам миң бир атыңа,
Жекеме-жеке кудайсың
Жеткиргейсиң датыма!»
Муну айтып Манас буркурап,
Мусулман, каапыр бөлүнбөй
Урушкан жерде чуркурап,
Аса үмөтүң мен – деди,
Ак амырын жеткирген,
Аят-адис келтирген
Ак байгамбар сен – деди,
Азелден каапыр көптөдү,
Азыр жардам бер – деди.
Сыдык, Өмөр эр – деди,
Атамдын жерин талаштым,
Арбагың жардам бер – деди,
Азирети Осмон молдо – деп,
Алсырадым каапырдан
Арыбагың колдо – деп.
Азирет Аалы шер – деди,
Атагы Нааман Түркстан
Атамдан калган жер – деди,
Арбын каапыр, аз алаш
Аянбай жардам бер – деди.
Кырк чилтен кайып эренсиң,
Кысталганда мен даяр,
Кам жебегин дегенсиң,
Кыргын болду күн-түнү
Кыргызга жардам бергейсиң!
Илияс Кызыр бабасың,
Алсыздарга дабаасың,
Бербесең жардам биздерге
Мерт таптырып саларсың!»
Бура тартпай урушуп,
Бузукта жүргөн көп алаш,
Бу сөздү айтып зарланып,
Казатка минген Кула атка
Камчы салып эр Манас,
Шиберге койсо өрт кеткен,
Шилтегени мүрт кеткен,
Тоого чапса таш кескен,
Белге чапса баш кескен,
Туткан колду талдырган,
Ак байгамбар Мустапа
Абунасыр кожодон
Аманатка калтырган,
Калкандууну капшырган,
Кабылан Манас баатырга
Он төртүндө тапшырган,
Түнүчүндө суурса
Жанган оттой кызарган,
Уруштуу күндө каапырга
Урган сайын узарган
Кылычын алды колуна,
Кыйкырып кирди каапырга,
Кызыл кан акты жолуна,
Кырып кирди кыраан эр
Кылчайбастан соңуна.
Аккан жерде жаш калды,

Алмадай кулап баш калды,
Төгүлгөн жерде кан калды,
Төрөңдү көргөн таң калды,
Жазгы жөө тумандай
Тозоң басып чаң калды.
Калды караламаны,
Түшүрүп акыр заманды,
Топ башысын тандады,
Жолуккан аман калбады.
Калдай менен баң-бańды,
Тыйтай менен чыйтайды
Кабылан Манас баатырдын
Чапканы өлүп тыйтайды,
Жалгызын да койбоду
Жаңжуң менен доотайды.
Аккула ат менен чуратып,
Ачалбарс менен сулатып,
Талаа толгон каапырды
Та-талатып чуулатып,
Чагалалап калмагы,
Шашкеде кирип эр Манас
Чакчелекей салганы.
Шибен менен солонду
Шилисин кыйып олорду,
Алла билер бул иштин
Арты кандай болорду.
Арстан Манас баатыры
Аралап кирип акыры,
Айгайлатып каапырды
Ар тарапка жапырды,
Тозоңун көккө сапырды,
Тос-тос кылды каапырды.
Үч жүз болгон казагы,
Маңгул, кытай, калмакка
Мунун да түштү азабы.
Үйшүн, Үмөт, Калдары,
Жанчоро менен Байчоро,
Үч жүз алаш балдары
Кечээ күнкү урушта
Мусулман, каапыр аралаш
Бу түнү конуп калыптыр,
Бирөөнө бирөө катылбай,
Саадак, мылтык атылбай,
Көрүшүп көзүн салышып,
Көңкү колдун баарысы
Щалдайышып калышып,
Мууну бошоп буралып,
Далдайышып калышып,
Аскер чарчап калыптыр,
Айна шашке маалда
Арстан Манас акырып,
Азирет – деп, бакырып,
Каапырдын үшүн качырып,
Кытайга кыргын салыптыр,
Бу кыйналбай турган не жан
Кылым журт айран калыптыр.
«Качып калчу менминби,
Кайратым андан кемминби?»
А сөздү айтып ат минип,
Ат минсе да бат минип,
Айдаркан уулу эр Көкчө,
Айбаты журттан бөлөкчө,
А кошулду Манаска,
Арстан эрге жанаша.
Баатыр Көкчө кошулду,
Алар колго киргенде
Арбак урган каапырдын
Атактуусу тосулду.
Асманга чаң созулду,
Дагалактын Мунары
Дагы келип кошулду.
Ал үчөөнүн артынан
Кара чоктуу ойроттун
Кайрат кылган дартынан,
Атка минсе акжолтой,
Атышкан жоодо сан колдой,

Жортуп чыкса акжолтой,
Жоого тийсе сан колдой,
Арстан Манас баатырдын
Абакеси Бакай кан,
Айбаты катуу бу бир жан,
Төрөсү баштап төрт баатыр
Дөөкүрсүгөн каапырдын
Төгүп канын баратыр.
Күлдүрдүн уулу Чалыбай,
Күлдүргүчү Абдылда,
Каратоко Мажиги,
Камбардын уулу Чалиги.
Акбалта бийдин Чубагы,
Айтылуу Кыргыл бу дагы,
Жолборс кыял, бөрү көз,
Жооруну калың, жайык төш,
Ачуусу токтоо, жатык сөз,
Ар кылган иши Манаска эп,
Ат коюлган Бердибек,
Акыр заман журтуна
Атагы калган Сыргак – деп,
Сыны-Сыргак, өзү-эр,
Сынын билген айткан эл
Сырттандардын өзү дээр,
Узактан каапыр дүрбөгөн,
Урушуп Манас жүрү экен,
Көрө салып эр Сыргак,
Көкказык атын кындыйтып,
Көк найзаны зыңкыйтып,
Он эки баатыр кириптир,
Ойдо жаткан каапырга
Ойрон салып ийиптир.
Кайнаган маңгул, калмактыр,
Кара аламан букара,
Кайраттуусу калбаптыр,
Көз жыртайып чаң менен,
Каапыр менен мусулман
Кайраттанып урушкан
Кечеги күнкү таң менен.
Кез-кездешип салышып,
Кечке чейин чабышып,
Майданга кирип турушуп,
Барсылдашып урушуп,
Мергендер мылтык атышып,
Бет алышкан эки журт
Белден канга батышып,
Ажалдуу өлүп жатышып,
Саадактуу саадак тартышып,
Жаанын огу кыркырап,
Тийген жери быркырап,
Кай бирөөнү караса
Кан төгүлүп шыркырап,
Кылычтуу кылыч суурушуп,
Кыргыз, кытай урушуп,
Айбалта жандан чечишип,
Аманат жандан кечишип,
Күрсүлүү күрсү урушуп,
Күчүнө чиреп турушуп,
Күлдү журт уруш салыптыр,
Урушкан жерден кете албай,
Кош-кошуна жете албай,
Түн боюнча калыптыр.
Түрсүлдөшүп урушуп,
Түн боюнча жулушуп,
Таң атарда далдайып,
Кол-аягын жыя албай,
Кара журттун баарысы
Калган экен шалдайып.
Бир мусулман, бир каапыр
Аралаш турган таптакыр.
Ата уулусун сулатып,
Кырып келет көй баатыр.
Чагалалап чуркурап,
Чаң ободо буркурап,
Ала качып жаныны,
Арстан Манас өлтүргөн

Акунбешим каныны,
Кытайды кыргын алсын – деп,
Кыпындай жаным калсын – деп,
Калмакты каран алсын – деп,
Кара жаным калсын – деп,
Атка жакын тургандар
Ат-атына жетишип,
Аты алыстын баарысы
Камышка кирип кетишип,
Кайгайлашып чуркурап,
Кан төгүлгөн шыркырап,
Калмактардын баарысы
Качып калды быркырап.
Качканын жоонун билишип,
Казак, кыргыз, уйгуру
Карсылдашып кечээтен
Кансыраган кургуру
Кайраттанып калышып,
Каруу-жарак асынып,
Атка мине салышып,
Качкан каапыр соңунан
Айгайлап жөнөп калышып.
Аламанды кара журт
Коюп кетип баратыр,
Айбалталап чокусун
Оюп кетип баратыр,
Алтымыштан, элүүдөн
Союп кетип баратыр,
Кара канга камбылдар
Тоюп кетип баратыр.
Аралашкан каапыры
Акыр заман күнүнө
Бүгүн түштү акыры.
Качкандары кутулуп,
Калганы калды тутулуп,
Түмөн кытай кол калды
Дүнүйө жүзү бузулуп.
Анжияндын Меркиши,
А жердин Мерке жайсаңы
Аркага жеп найзаны,
Аман өлбөй калыптыр,
Шамың шаага кошулуп,
Качып жолго салыптыр,
Олуя-Ата шаарына
Ойбой салып барыптыр,
Ойроттун баары бузулуп,
Ойрон болуп калыптыр.
Олуя-Ата калаасы
Жарымы маңгул, кытайдан,
Жарымы алаштын баласы,
Угуп турган мурунтан
Кытайды кырып келет – деп,
Кыргыздын кыраан Манасы,
Ал жердеги алаштар:
«А кудай, алгай эле!» – деп,
Абыдан канды табасы.
Акунбешим баашанын
Каар-Бултага сыйынып,
Канча каапыр жыйылып,
Он үч жүз миң колунан
Адам өтүп боло албай
Өлүк бууган жолунан,
Шамшы шаа, Мерке кетти – деп,
Алты жүз миң аскери
Алардын барды сонунан.
Баргандары муну айтат:
«Киши тирүү калбайт деп,
Кичи менен чоңунан,
Кара түгүл канынан,
Катын-бала, кары-жаш
Үмүт үздү жанынан.
Ыйлап-сыктап каапырлар
Көзүнөн жашын тыя албай,
Көбү калды талаада
Жайытта малын жыя албай.
«Бурут сенден көрдүк – деп,

Мусулман деген чантуудан
Эсеби жок өлдүк» – деп,
Букара не үчүн кылалы,
Бу да алаштын уругу,
Мунун баарын кыралы,
Кырка коюп баарысын,
Жашы менен карысын,
Өткүрдөй кылыч салалы,
Өлтүрүп ийип баарысын,
Өчтү ушинтип алалы!»
Жайсаң Мерке, Шамың шаа,
Анжиян Меркиш бу да бар,
Олуя-Ата кытайы
Орундуусу жуда бар.
Чыгарды чың коргонду,
Чыңоолду мыктап койгону,
А жердеги алашты
Кеңеши бүттү каапырдын
Эртеңки күнү сойгону.
Акыл-насаат кылышып,
Анжиянга кетүүгө
А жерде алаш урутун
Неме койбой кырышып,
Жаныш, багыш, сары жоо,
Сары жоонун баары жоо,
Алаш уулу болгондон
Жалгызын койбо, аман-соо!
Меркиш, Мерке, Шамың шаа,
Дабагысы кошо да,
Улук сөрөй төртөөбү
Акылдашып алышты,
Алты жүз миң аскери
Тек-Турбастын учунан,
Аяк жагы Аралда,
Жанар-Тоонун тушунан,
Чантуудай бирди койбо – деп,
Чабуул кой – деп, ушундан
Акылдашып турушту,
Адам уулу көрбөсүн
Ал өңдөнгөн жумушту.
А жердеги алаштын
Мажусу бойдон дини бир,
Балдыраша сүйлөшүп,
Баштатадан тили бир.
Кудуңбай деген бай экен,
Кудуңбайга караган
Күрөңдөн токсон бар экен.
Меркиш баштап төртөөнүн
Кеңешин угуп алыптыр,
Кетелик аттуу бир калмак
Качып Кудуң кутул! – деп,
Келип кабар салыптыр,
Калмактын журту кайрыкер,
Каапырдын журту боорукер,
Как ушу сөз калыптыр.
Кудуңбайдын өзүндө
Эки миң жылкы бар экен,
Элүү киши чаптырып,
Түрк уулунан түк койбой,
Киши түгүл үйүнөн
Көзгө илинер мүлк койбой,
Кум-Арык менен Чалдыбар,
Куймадагы алашка
Куп кабарды салыптыр,
Алаш урук болгонун
Аяк-башын чогултуп,
Баарын жыйнап алыптыр.
Олуя-Ата, Меркиден Күйүк,
Чакмак тоосунан,
Тарбыгындын коосунан,
Терс, Чым-Коргон жеринен,
Тектүү неме койбостон
Алаш урук элинен,
Угуз кандын уркунан,
Кыр угуз – деп, аталган
Алаштын болгон журтунан

Баарына кабар салыптыр,
Кыргыз, казак жыйылып,
Алманды-Суута барыптыр.
Кудуңбай болду элге баш,
Катын-бала, кары-жаш,
Эки жүз миң кырк алты
Кыргыз, казак бар калкы,
Үркүн болду бүлүнүп,
Уругу башка кытайдын
Душмандыгы билинип,
Алтайдан келген кыргызды
А да буга тууган – деп,
Азап салып биздерге
Беш айдан бери турган – деп,
Эртиштен келген казагы
Эң түбү буга тууган – деп,
Мээнет салып биздерге
Беш айдан бери турган – деп,
Эмгектеген бала өлдү,
Эңкейип калган чал өлдү,
Эне-атабыз дагы өлдү.
Экөө болсо бири өлдү,
Баш көтөргөн жакшылар
Барса-келбес жөнөлдү.
Жоо аяган жаралуу,
Канча каныш катындар
Эри өлүп, болду каралуу.
Динди бузган залалдуу,
Бизге душман кол салса
Бир да болбойт каралды.
Кан жүргүздү тууганы,
Казак менен кыргызды
Аяп коюп акыры
Кантип карап туралы,
Кары-жашын калтырбай
Камап туруп кыралы!
Өчтү мындан алалы,
Өңкөй алаш балдарын
Өлтүрүп, кырып салалы!
Акылдашып жыйылып,
Лаанатка сыйынып,
Алты жүз миң аскерин
Асыр кылып алыптыр,
Алиги көргөн төрт баатыр
Аскерди баштап кирмекке
Даярданып калыптыр.
Алар антип турганда
Арстан Манас, Мунар кан
Алгын кабар булардан.
Айдаркандын Көкчөсү,
Үмөт, Жайсаң, Бообеги,
Кайып кан менен Кубанды,
Карап турсаң буларды
Бөксө шибер жол менен,
Он жүз миң орчун кол менен,
Оён Манас зор менен,
Ак асаба туу менен,
Айгайлаган чуу менен.
Көк асаба туу менен,
Көк жаңырган чуу менен,
Чуунун бою кайышып,
Дүнүйө жүзү майышып,
Бу дүнүйө жыйылса
Жеңээр эмес сайышып,
Барабан согуп күңгүрлөп,
Бара турсун көй баатыр
Жер көчкөндөй дүңгүрлөп.
Аны таштап салыңыз,
Ташкенде Панус каныңыз,
Кабарын угуп алыңыз.
Он эки бөлмө Ташкенди,
Ортого албай башка элди,
Таңшуу кытай, сун, кытай,
Маңгүлүк бар бир далай,
Маңгул, калмак, боторду,
Баарын бирден которду,

Жебен калмак нуркунан,
Субун тыргоот журтунан
Аскерин жыйып алыптыр,
Ар кандай алаш болсо да
Акыр заман салам – деп,
Акунбешим баашанын
Андан өчүн алам – деп,
Төрт жүз миң аскер кол менен
Дөгүчө, Күйүк жол менен,
Чыйырчыктан чырмалып,
Чылгый ылгаал эр калып,
Жабин-эбин сөздөрү,
Жаалданып өздөрү,
Күн чыгышы бу жакка
Өтүп эки көздөрү:
Кыргыз деген немине,
Кырабыз – деп, тегеле,
Казак деген немине,
Калбас бири деги эле!
Таңдайлашып айтышып,
Доо кадырын көрөлүк,
Маңдайлашып атышып,
Жоо кадырын көрөлүк,
Урушка кирип чубашып,
Калабага көнөлүк.
Өрөпкүгөн баатырлар,
Өз-өзүнө кожоюн,
Өкүмсүгөн каапырлар.
Кара күрмө, жеңи жок,
Калдайы бар, беги жок,
Кара топу, карыш чок,
Калба кирип мурунтан
Казаттын колун көргөн жок,
Казак менен кыргыздай
Карсылдашка көнгөн жок.
Кызыл күрмө жеңи жок,
Кытайлар бар, беги жок,
Кыл такыя, кызыл чок,
Кыргыз менен казактай
Кырылышка көнгөн жок,
Караанын көрсө алаштын
Каптап кетип калчудай,
Кара жердин жүзүнө
Таптап кетип калчудай,
Балкыя жыгач ордуна
Балталап кыйып салчудай,
Куурай чөптүн ордуна
Оруп кетип калчудай,
Кум чабак жеген жаяндай
Соруп кетип калчудай,
Баатырсынып өздөрү
Балдыр-салдыр сөздөрү,
Кыйгыл-кычкыл үндөрү,
Кыжылдап кытай жүргөнү,
Кыргызды кырат экен – деп,
Кызыл чок ойрот дүрбөдү,
Кыйындарын жүр – деди,
Кайгайлаган үндөрү,
Казакты кырат экен – деп,
Кара чок ойрот дүрбөдү,
Кайраттуусун жүр – деди.
Очогор мылтык асынып,
Ойду-дөңдү бастырып,
Обого тозоң жазылып,
Алеңгир жаасын асынып,
Абыр-дабыр бастырып,
Төрт жүз миң аскер кол менен,
Чатырлап Чакмак жол менен,
Аскер жөнөп алыптыр,
Алаш уулу болгону
Ант урган каапыр кантет? – деп,
Айран-азыр калыптыр.
Өскөн алаш ар кайда,
Өмөлүп барып кытайлар,
Өздөрү таппас эч пайда.
Чаңтүлөө деген баатыры

Чантууну кырып келем – деп,
Уруксат алып акыры,
Чыйтай, доотай, калдайыр,
Чыйраксыган далайы
Калкылдаган туу менен,
Кайгайлаган чуу менең
Алман-Суу менен Чым-Коргон
Анысы кайда болду – деп,
Акунбешим зор бааша
Алдырып кандай койду? – деп,
Алтайдан келген бурутту
Наамандыкты курутту,
Асты келип уруштун
Алман-Суу менен Чым-Коргон
Нак ошондо туруптур».
Алтайдан келген төрт бурут,
Алдырганы ушуга
Акунбешим баашаны
Арбак аны уруптур.
Муну айтышып эрдемсип,
Буйрук алып келгенсип,
Чантүлөө баатыр калдайы,
Жанына жолдош болуптур
Жаң-жундардын далайы.
Күн чыгышка кол жүрүп,
Күнү-түнү жол жүрүп,
Ташкендеги Панус кан,
Өкүмүнө караган
Өзүбектен канча жан,
Алаштын болгон тушунда
Аталып Ташкен ушунда,
Өзүбек өткөн бабабыз,
Өз колдогу калаабыз.
Азирети Ыйса тушунда,
Анжым кытай уругу
Алган экен ушунда.
Маңгул, кытай, калмагы
Басып жерди калганы,
Баштагы алаш уругу
Байлыгына мактанып,
Кырга чыгып алганы,
Кырдагы Угуз балдары
Кыругуз атка калганы,
Бакырлары бөлүнүп
Баштап калаа салганы,
Уйгур, байгур деген сөз
Ошолордон калганы.
Байкатайын сиздерге
Бабасы Угуз, Байгурду,
Панустун кылган ишине
Байкап көргүн түрк уулу,
Кандай иштен кайгырды,
Маңгул, кытай, калмагы
Каарын жыйнап алганы,
Байгур уулу дегенден
Түк кошпой таштап салганы.
«Биз калдык көзүнө илинбей,
Энтелеген ит кытай
Не кылган иши билинбей,
Алтындан туун аштады,
Аскерин арбын баштады.
Алаш уулу болгонун
Акылга албай таштады.
Каапырдын журту кар – дешип,
Алакандай алашка
Арбактар болсун жар – дешип,
Энтелеген ит кытай
Не билген иши бар?!» – дешип,
Шыландынын коосунан,
Чыйырчыктын тоосунан,
Байгур болгон баарысы,
Баатыр Жанай карысы,
Дөгөн уулу Макатил,
Төрт ата болгон муну бил.
Макатилден тараган,
Cооп ишке жараган

Асылбек деген эри бар,
Алаштын арбын эли бар,
Азыркысын сурасаң
Баймырза деген беги бар,
Баймырзага туушкан
Торумкыз деген эри бар.
Уруудан озгон акылы,
Урушка кыйын акыры,
Ушу күндө отуз жаш,
Ургаачынын баатыры,
Чалабай деген балбаны,
Чакыртып аны алганы,
Чапкылашып баарысы
Көкөтөйгө барышты.
Жанадилдин балдары,
Жалпы кыргыз сардалы,
Көп жашаган жан экен,
Көк ала сакал чал экен,
Арадан өтүп алты ата
Сапар шаага баруучу
Шажырасы бар экен,
Көкөтөйдүн күткөнү
Көп дүнүйө мал экен,
Жеке өзүнүн башында
Жети сан жылкы бар экен,
Бир сандын өзү он миңден,
Билип алгын санап сен,
Караса да кытайга
Каапырдан кийген кандык чен,
Төө малы отуз миң болгон,
Көкө дөө – деп, аталып,
Байлыгы мындай ким болгон!
Түмөнгө кою толгон – дейт,
Түркстандын журтуна
Байлыгы маалым болгон – дейт.
Ую жыйырма миң болгон,
Урматы мындай ким болгон,
Жыйырма миң толук сыйыры – дейт
Жыйылган түрктүн баласы
Кыргыз, казак кыйыры – дейт.
Алаштын баары ал чалга
Акылдашып барыптыр,
Арбып-дарбып кытайлар
Черүү жыйып жатканга
Айран-азыр калыптыр.
Ташкенде Панус каны – деп,
Таамай сегиз күн болду .
Арбып-дарбып кытайлар
Аскерге жүрдү баары – деп,
Аңдадың бекен аны – деп,
Өтүмдүүсүн алды – деп,
Өзөндүү жолго салды – деп,
Кыргыздан жалгыз жан кошпой
Кытайлар жүрүп калды – деп,
Кандай ишин биле албай,
Кажылдаган иттерден
Кандыра сурап тил албай,
Калдык-дешти, биз – деди,
Калмак, кытай дүрбөөнүн
Билдиңизби сиз? – деди.
Арбак урган кытайлар,
Аңдагыла ага-ини,
Акыл керек мындайга,
Урунарга тоо кайда,
Урушарга жоо кайда?
Башы маңгүү кан кайда?
Көрбөгөнбүз, угабыз,
Көңүлгө алып турабыз.
Калдайып жаткан Каканчын,
Баш калаасы Бакмурчун,
Жык жайнаган Чынмачын,
Чогулган аты чоң Бээжин
Күн чыгыштын бетинде,
Баңдыз кендер четинде,
Семен-Дайра, Аят-Көл,
Селдей болгон каапырдын

Көпчүлүгүн карап көр.
Кара-Шаар, Кумулду
Кабары бизге угулду,
Карап турса, көптүгү,
Кара кумдай шекилдүү,
Туурасы Эртыш, Сары-Арка,
Тунуп жатат Алтайда, .
Бар-Көл менен Ала-Көл
Баары мунун колунда,
Күн жүрүшү Ымалай,
Жаркен, Котон жолунда.
Алган Кокон, Алайды,
Аягы Букар, Ала-Көл
Азыр баскан далайды.
Каш кайтарар бенде жок,
Катылар душман ченде жок,
Урунарга булардын
Тоосу кайдан табылсын,
Урушуучу булардын
Жоосу кайдан табылсын,
Олуя-Ата, Чууга
Орчун аскер жабылды,
Ок атуучу бир душман
Оңой кайдан табылды?
Ошону айтып баарысы
Улуу-кичүү карысы
Чуу-чуу болуп барышты.
Көкөтөй анда кеп айтат:
«Көбүңөр уккун – деп, айтат.
Аңыз берип бабабыз
Айткан экен башында,
Алаш уулу тура албас
Кытайлардын кашында,
Бээжиниң бекер калар – деп,
Орто Азия журтуну
Ойрондоп кыргыз алар – деп,
Аз күндөн бери угамын,
Айран калып турамын.
Отуз уулу кыргыздын
Оюгунан чыкты – деп,
Он бир шаар даңгытты
Ойрон кылып жыкты – деп,
Алтайлыктын жеринен
Аты Манас мыкты – деп,
Акунбешим баашаны
Айдап-сүрүп бул күндө
Олуя-Ата тыкты – деп,
Канын суудай бурду – деп,
Илебин менен Кашкелди
Чүй боюна сүрдү – деп,
Булагасын калаасын
Бузуп чаап алды – деп.
Таңуу-Күшөң шаарыны
Талкан кылып салды – деп,
Жамыра жайсаң, Тулусун
Уруштан өлүп калды – деп,
Чаңгуш доргo дегенден
Угулду мага ушу кеп.
Кытай, кыргыз арасы
Ушу күндө кыйын – деп,
Чүй боюнда алашты
Кытайлар азыр жыйды – деп,
Манастын кылган кордугун
Тууганынан алууга,
Турган алаш балдарын
Туташ кырып салууга
Кеңешип кытай алды – деп,
Кырууга сөзү токтолуп,
Кыйын болуп калды – деп,
Угуп турам ушунда,
Кокус кордук көрбөйлүк
Кыргыз менен кытайдын
Кырылышкан тушунда.
Алаш уулу болгонуң,
Он эки капка Ташкенге
Оболдон салган коргонуң,

Кыргызга түйшүк салганы,
Кыйла заман жыл болгон
Кытайдын бизди алганы.
Букара болдук буларга,
Буйругун туттук ар заман,
Башка түшүп калбасын
Башкача кыйын тар заман.
Сактыкка кордук жок деген,
Жараткандын ажалы
Басылбай тийген ок деген.
Кытай бизге сыр айтпайт,
Сыр айтса да чын айтпайт,
Сегиз күндөп бер жакка,
Кан ордосу жагына
Кыргыздын башын кылайтпайт,
Кокус барып калгандар
Кордук көрбөй соо кайтпайт.
Кызыл чок ойрот кызылды,
Кыйла күндөн бер жакка
Кытайдын пейили бузулду.
Панус деген канына
Башта жакын болгондор
Бара албады жанына.
Өзөндүү Ташкен шаарына
Өрт күйдүрүп салбасын,
Өчүн бизден алмакка
Кызыгып кытай калбасын,
Кыргынды бизге салбасын,
Казак, кыргыз болгону
Капилет өлүп калбасын.
Башкы атасы Бабыркан,
Бадыша өткөн бу бир жан,
Түбөй менен Көгөйдү
Түбүнөн алар көбөйдү.
Чоң атасы Ногой – деп,
Чоңдугу маалим бу бир кеп.
Кабары кеткен далайга,
Жердеген экен Алайга,
Алайдан Ногой өлүптүр,
Аскер келип Какандан
Калгандарын бөлүптүр.
Ногойдун уулу төрт экен,
Ол кезинде алардын
Катылган жагы өрт экен.
Улуусу экен Орозду,
Ар тарабын баарысын
Алып кытай торошту.
Экинчиси – Үсөндү,
Атын коюп Көзкаман
Абыдан кытай түзөдү,
Айдап кытай алыптыр,
Аңгире тоодон өткөрүп,
Азапка тирүү салыптыр.
Жакыпты жалгыз алыптыр,
Алтай тоонун оюна,
Салкын-Суунун боюна
Алып барып салыптыр,
Орозду менен Бай экөө
Орунунда калыптыр.
Базар кылып турганы
Кара-Шаар калаасы,
Казыркы чыккан Манасы
Карап аңдап сурасам,
Шол Жакыптын баласы.
Каканга каран салыптыр,
Казак, кыргыз бир болуп,
Каңгайдын журтун алыптыр,
Ымалай элин ыйлатып,
Даңгыттагы Дүбүрө
Талкалаптыр кыйратып.
Адам жеңбес дегенди,
Алды деп уктум аяктан
Албан түрлүү элдерди.
Акунбешим канына,
Акыретке жиберип
Албан түрлүү жанына.

Басканы Чүйдүн жолу – деп,
Жерге сыйбайт колу – деп,
Лаңгү-Таба, Суңшоону,
Немесин койбой ошону,
Бойгуттагы Кубанды
Болжолсуз алып буларды,
Кер-Көлдөн алып Оргону,
Илебин менен Кашкелди
Кесип башын койгону.
Ташкендик кытай таптанып,
Кырабыз деп чантууну
Кыйынсынып мактанып,
Карап турчу, балдарым,
Кара жанды сактанып.
Алтайга жердеп тургандыр,
Атагы чыккан шол Манас
Төгүн эмес, чын жери,
Төрт ата болгон туугандыр.
Баары чантуу бурут – деп,
Бизге душман журут – деп,
Кытайды кудай ургандыр,
Кырып салсак кантет – деп,
Кызыгып бизге тургандыр.
Чыйырчыкты жердеген,
Чындаса бенде жеңбеген,
Кыздын болгон баатыры
Торумкыз жүрсүн акыры,
Эштин уулу Баймырза,
Башка балаа болбосун
Байкабастан тим турса.
Тотулардын Жанайы,
Жол карасын сак болуп,
Тоодогу элдин далайы.
Асты барсын кароолго
Абылатун тоосуна,
Ортосу барсын чыңоолго
Салман-Суунун оозуна,
Аркасы жатсын Урууга,
Чакмак, Күйүк белине,
Кабарлашкын андагы
Алаш урук элине».
Айтты муну карысы,
Карынын кеби акыл – деп,
Макул көрдү баарысы.
Билеги жоон балбанын,
Билими артык зардалып,
Кокус кытай кол салса,
Чыгаргын – деп, далдалын,
Маңдайы жайык баатырын,
Өз боюңа сак бол – деп,
Малайын, жакыр, бакырын,
Тилге жүйрүк чеченин,
Тик качырар неченин,
Айла табар аярын,
Атышкан жоого даярын
Астыртадан сүйлөшүп,
Азат боюн күүлөшүп,
Балбандары жөнөлдү,
Барскан, күрсү сүйрөтүп,
Баатырлары жөнөлдү.
Найзаларын өңөрүп,
Алаш уулу болгон эл
Аскери кумдай көбөйүп,
Камбылдар кылыч байланып,
Каруу-жарак шайланып,
Кайра жаачу булуттай
Каары жүзүнө айланып,
Мергендер мылтык алышты,
Кытайдан кеткен аскердин
Артынан жөнөп калышты.
Аны таштап салыңар,
Арстан Манас каныңар,
Алла кандай сөзү бар
Андан кабар алыңар.
Балбандар күрсү сүйрөщүп,
Баатырдык кебин сүйлөшүп,

Найзанын учу чабышып,
Аскердин башы кагышып,
Бууданды минген кебелбей,
Булут көчкөн немедей,
Саадакчы саадак асынып,
Сап-сап болуп бастырып,
Чыңыроо тартып най менен,
Сол тарабы улуу тоо,
Өлчөлүү жерден кечишип
Тоодон келген сай менен,
Ат жортпогон чөбү бар
Албан түрдүү жай менен
Бара жатыр көй баатыр.
Казак, кыргыз калкы бар,
Манжурия, маңгуттан
Мусулман болгон канчасы
Өңкөй баатыр каркыбар,
Бабалары өлүмдөн
Баштатадан качпаган,
Уруштан кайтпас наркы бар.
Көтөргөнү туу менен,
Көк жаңырган чуу менен,
Сол тараптан куюлган
Тунук кашка суу менен,
Түн болсо жылдыз санашып,
Күн болсо жолун карашып,
Ташкен деген шаар – деп,
Такта минген каны – деп,
Суң кытайдын уулу – деп,
Талкалайбыз аны – деп,
Желек туудан бөлүнбөй,
Жердин жүзү көрүнбөй,
Тозоңун тоодой бурултуп,
Толкуган дайра аскерин
Тууну тууга урунтуп,
Суулу жердин топосун
Баткак кылып жуурултуп,
Байкап көргөн душмандын
Заманасын куурултуп,
Башкы атасы Бабыр кан,
Манас аттуу бу бир жан,
Андан кийинки атасы,
Арбактардан үйрөнгөн
Алла билет бу сөздүн
Канча экенин катасы,
Ногой, Шыгай атанган,
Ал кезинде эр Манас
Олуядан бата алган.
Ногойдун уулу Жакыптыр,
Өкүмөтү кытайдын
Жакыптын башын чатыптыр,
Жакыптын уулу эр Манас
Ойрон салып кытайга
Кызыл канга батыптыр.
Каран салып калмакка,
Кадыр Алла буюрса
Кайнап жаткан Ташкенди
Ак динине салмакка,
Панус кандын өкүмүн
Колдон келсе алмакка
Башчы Манас жолборсу,
Өңкөй баатыр жолдошу,
Аскердин санын караса,
Аларга уруш тамаша,
Он бир жүз миң кол болуп,
Ошончону башкарган
Оён Манас зор болуп,
Казактардан Көкчө бар,
Кара кыргыз Үрбү бар,
Абактардан Айдаркан,
Айдаганы канча жан,
Үйшүндөрдөн Үмөт бар,
Үсөн уулу Жайсаң бар,
Аргын Каракожо бар,
Албан, Тейит кошо бар,
Татар Чагоо кары бар,

Баатырлардын баары бар.
Күлдүрдүн уулу Чалыбай,
Күлдү баатыр баары бар,
Күлдүргүчү Ажыбай,
Багыштардан Кутунай,
Бар баатырлар шайма-шай.
Каратоко Мажик бар,
Камбар уулу Чалик бар,
Нойгуттан Чубак эри бар,
Орчун кыргыз эли бар,
Boобек, Шаабек, Шүкүр бар,
Акка кылып тобокел
Обурактуу баатырлар,
Албандардан Алтайы,
Дөрбөндөрдүн Төртайы,
Жери Жаркен, Сабандан,
Жеткен аяр көп жандан,
Төлгөчү кара Төлөк бар,
Төрө Манас баатырга
Тайгылса таяк – жөлөк бар.
Кара-Курум шаарынан,
Мурун келип кошулган
Буданчаң аттуу канынан,
Агыдай далы көрүүчү,
Акыр заман оодарып
Караса далы жүзүнө
Ашкере айтып берүүчү,
Топ башчысы Токотой,
Топ башкарат мурунтан,
Уругу моңол элинен,
Улук Манас баатырдын
Урматына келинген.
Калк башчысы Калкаман,
Кабылан Манас баатырга
Каалап келген аркадан.
Казактардан Жоорунчу,
Каракалпак Тоорулчу,
Кайгыл, Бөгөл султаны,
Кармашкан жоосун тутканы.
Шыңгынын уулу Кербени,
Шыгай уулу Дөрбөнү,
Бөрү жолдуу Бөгөлү,
Талап кылып көй баатыр
Ташкен көздөй жөнөдү.
Окчу кыргыз Салабат,
Орчун кыргыз жамагат,
Аяр Ырдык, Таскылды,
Байгүш, Шүмшөк, Арсалаң
Аярларга баш кылды.
Танабул, Саман, Ардалык,
Талабы артык көп калык,
Чүкүрүк аяр, Кашкелди,
Санатын санап боло албайм
Кара аламан башка элди.
Алла Таала буюрса,
Суң кытайдын колунан
Алабыз – деп Ташкенди.
Аттанып Аким-Атадан,
Азар түмөн канча жан,
Айбаты катуу Манас кан,
Асылышкан душманы
Аман калбай жок болгон
Ал кезекте алаштан.
Сурнай тартып жез найдан,
Туура кечип өтүшүп
Суусу тунук кең сайдан.
Сол тарабын караса,
Кар токтогон тоосу бар.
Кыбыла жагын караса,
Кыжылдаган кытайдын
Кайнаган калың жоосу бар.
Оң тарабын караса,
Көз учунда мунарык,
Көз жетпеген тунарык,
Томуктай болгон тоосу жок,
Белгилүү терең коосу жок,

Кашыктай болгон кары жок,
Кара бута, шаары жок,
Калдайган кара талаасы,
Түмөн аскер кол жүргөн
Түрк уулунун баласы,
Суң кытайдын Панус кан,
Панус канды алганча
Басылбаган санаасы.
Салан аттуу бир суугa
Буйрук айтып токтолду
Мусулмандын Манасы.
Аны таштап салыңар,
Ташкендин Панус каны бар,
Урушмакка чыкканы
Төрт жүз миң аскер саны бар,
Дөөкөрлөрдүн баары бар.
Этеги желең тон менен,
Чакмак, Күйүк жол менен,
Туталык балбан зор менен,
Төрөндү көздөй бет алган
Төрт жүз миң аскер кол менен
Кеңиз, аяр Тагылык,
Келе берсин бер жакка
Чууну көздөй жабылып,
Акунбешим канынан
Алты жүз миң кол качып
Алар барган сабылып.
Өлтүргөн Бешим баашаны,
Өзүңөр билдиң ошону.
Өмөлүп качып кошуну,
Шамың шаа, Тулусу
Бере албады турушту,
Улуктарын өлтүртүп,
Үркүп жүрүп курушту,
Төрт жүз миң колду көргөндө
Көңүлү тынып тунушту,
Атынан түшүп көрүшүп,
Чокунушуп турушту.
Каапырлар келип чогулуп,
Бир-бирине чокунуп,
Манастын кылган кордугун,
Баарын айтып ыйлашты
Мусулмандын зордугун,
Көбүнө кылган мазагын,
Көкчөнүн кылган азабын,
Кайып кан кылган кордугун,
Казактын кылган зордугун,
Мунардын кылган мазагын,
Буркурап ыйлап даттады
Мунар кан кылган азабын:
«Өлбөй калбайт жаныбыз,
Кылым журтту кырдырып,
Кыргыздан кетти саныбыз,
Көрүп, угуп тез келбей,
Суудай акты каныбыз.
Балбан менен баатырды,
Баарынын шорун катырды.
Акунбешим баашага
Караган калктан ошого,
Кара доолдуу кан өлдү,
Канча түрлүү жан өлдү,
Суңдуң, доотай баары өлдү,
Жаң-жуң, чыйтай дагы өлдү,
Дорго, жайсаң баары өлдү.
Терс-Сууну бийлеген
Текес менен Куясты
Тебелептир, алыптыр,
Башын кесип өлтүрүп,
Басып журтун калыптыр,
Тейиш деген немесин
Кан көтөрүп салыптыр.
Баатыр менен балбанын,
Өзүбүз көрдүк көз менен
Өзүнө кошуп алганын.
Каркырадан Соорунду
Кара жер кылып орунду,

Кер-Көлдөн алды Оргону,
Кетирди биздин санды – деп,
Акунбешим баашага
Айтты кабар ошого.
Алаш уулу болгону
Албасын – деп, Оргону
Баатыр Чулу калдайды,
Баргын – деди, далайды,
Канкор Манас дегени
Барган жандын баарына
Кара жер кылды сарайды.
Жана үстүнө жиберди
Илебин менен Кашкелди,
Кеткендер тирүү келген жок,
Кесилип кыйла баш келди.
Даң-Көлдөгү Keминди,
Дааналап уккун кебимди,
Такты минген кандарды
Чантуу тапты эбиңди.
Суңшоодогу Култка
Бир кезекте бу дагы
Мингендей болуп жүрчү эле
Ободогу булутка,
Оңолбогон буруттар
Кылыптыр кыргын бу журтка.
Лаңгү-Таба, Эки-Баш
Адамынын баарынан
Тыйылбаптыр көздөн жаш.
Буртак аттуу каныны
Бу дүйнөдөн көчүрүп,
Кетириптир жаныны.
Дөрбөлжүн аттуу жайсаңды,
Туткуй калдай, Масабил
Кетириптир санын.
Култканы курутуп,
Алыптыр Арсы жаңжуңду
Ач бөрүдөй улутуп,
Бойгуттагы Кубанды,
Бойбойлотуп буларды,
Бу чантуунун барында
Кылайтып адам ойлобос
Нааманга кытай турарды.
Кебибиз ушу тыңда – деп,
Келди жакын мында – деп,
Урушар болсоң бурутка
Кара боюң чында – деп,
Кара курттай кол менен
Каптап келет мында – деп,
Акунбешим бадыша
Арбын эле колубуз,
Аскердии көбүн кырдырып
Абыдан болду жолубуз,
Качып кетип канча жан,
Кайнады биздин шорубуз.
Абалкы аскер мол эле,
Он үч жүз миң кол эле,
Араң келип турабыз,
Алты жүз миң кишибиз,
Атыш менен уруштан
Абыдан бүтүп ишибиз.
Асманга чаңы созулду,
Алты жүз миң кол барып
Төрт жүз миң колго кошулду.
Арызын айтып чуркурап,
Акунбешим аскери
Зар ыйлады буркурап:
«Он эки капка Ташкен – деп,
Сиздерден жардам болбосо
Ойрон болду көп эл – деп,
Катындын баары тул калды,
Катылган жерде бул калды,
Казак, кыргыз колуна
Кара таяк кул калды.
Баспаган бала көп калды,
Бакырган бойдон лөк калды,
Бутап – канап түк койбой

Мусулман алды көп малды!»
Мусулман десе арданып,
Муңайып ыйлап зарланып,
Жер топосу тосулуп,
Чаңы абага созулуп,
Акунбешим аскери
Панустан келген аскерге
Барып бүгүн кошулуп.
Кууп барган мусулман,
Качкан кытай канча жан,
Уруша албай качышып,
Үшү кетип шашышып,
Ушу күндө чарчаган,
Панустан келген аскери
Каапырлар канча кошулуп,
Жөөт, кызылбаш, тарсадан,
Сакалаттан дагы бар,
Ынды деген элинен
Үч жүзү келген чагы бар.
Окчу кыргыз уругу,
Кытайлар кылган улугу,
Ошо жерде туругу,
Төртөө доотай атанып,
Колго келген бу дагы,
Беш-Жыгачтын капкадан,
Бек болгон кыргыз канча жан,
Алты атага толуптур
Апары Сыяп деген кан
Андан калган балдары,
Азим шаар Ташкенге
Аким кылып салганы,
Маталык баатыр баш болуп,
Кытайдан алып кырк миңди,
Бу да кошо барганы.
Түп бабасы Самар кан,
Түмөн алаш канча жан,
Самар кандын уругу
Сары казы Дүмбүлкан,
Панустун кармап куйругун,
Макул көрүп буйругун,
Ордодон чыгып жол менен,
Отуз миң аскер кол менен
Келген экен кошулуп,
Тугалык балбан зор менен,
Нактабилдин капкадан,
Дабырлаган канча жан,
Азыр бар – деп, кыргызга,
Айдаган экен Панус кан.
Азирет деген булагы,
Атасы кыргыз бу дагы,
Орозду кандын баласы,
Ошо жерде болгон турагы,
Чагатай болгон атагы,
Киши кылбас иш кылып,
Кийин чыгар чатагы.
Казак, кыргыз камалып,
Кан Панус келген кезинде
Алабыз – деп, чамалап,
Атышып уруш салыптыр,
Аскачы деген талааны,
Алалбай көөнө калааны,
Аскачыны алыптыр,
Айдаркан шаар салыптыр,
Эки жылы туруптур,
Айдаркандын катыны
Эркек бала тууптур.
Арбын малды союптур,
Эркек тууган баланын
Атын Көкчө коюптур.
Эркелетип баласын,
Энчилептир балага
Жаңы салган калаасын.
Көкчө атакка калыптыр,
Көптөп кытай кирген соң
Көчүп чыгып алыптыр.
Ошо күндөн ушу күн

Шол капканын атагы
Көкчө атакка калыптыр.
Алтайда Бар-Көл жериң – деп,
Ал жакта алаш элиң – деп,
Азим шаар Ташкенге
Тийишиң жок сенин – деп,
Капкасын тартып алыптыр,
Казагын айдап салыптыр.
Калдаң Чейрең дегени
Каркап жүз миң кол менен,
Кармашууга барыптыр.
Караса аны капкадан,
Калкы кыргыз катаган
Атанып коргон салыптыр,
Душаңдын уулу Анус – дейт,
Калаасын тартып алыптыр,
Калбалашып урушуп,
Кармалашып жулушуп,
Көптөп кытай кирген соң
Көчүп кетип калыптыр,
Көбүлдү көздөй барыптыр.
Көбүлдө кыргыз көп экен,
Күсараш деген көл экен,
Көңкү багыш эл экен,
Бадакшан менен Балыкка
Тоосу жакын жер экен,
Күн чыгышы жагында
Жедигер деген эл экен,
Башчысы Багыш эр экен.
Эр Багыштын баласы,
Айтылып жүр жомокто
Аты Толтой дээр экен.
Сыйпуш аттуу калдайы,
Кытайдан алып далайды,
Көйкүстөн алган суу менен,
Көтөргөн он бир туу менен,
Көк жаңырган чуу менен,
Токсон миң аскер кол менен,
Апары Сыяп качканда
Таң-Түлүк деген жол менен,
Бу да барган жол тосуп,
Акунбешим колуна
Кошулган экен жолгошуп,
Төрт жүз миң барган көп аскер
Жата турсун жол тосуп.
Алсак, Кемел, Каймастан
Алтымыш миң аскерди
Айдаган экен Панус кан.
Дугул аттуу калмагы
Алтымыш миң аскерди
Капкадан санап алганы,
Желеги алтын туу менен,
Жер жарылган чуу менен,
Буркурап тозоң тозулду,
Мурунку жаткан аскериң
Бу да барып кошулду.
Салман-Сууга таянып,
Жайнаган аскер жай алды,
Он үч күнү жай алып,
Орчун аскер баарысы
Ойго-тоого жабылып,
Орун алып калышты.
Алардан кийин үч күндө,
Аскер жүргөн тынчыбай
Уруш менен күн-түндө,
Көккө чаңы бөлүнүп,
Көз жеткен жердин баарысы
Көпкөк темир көрүнүп,
Жарактын баары жаркылдап,
Найзалар колдо калкылдап,
Мусулман аскер буркурап,
Жаа Аллалап чуркурап,
Баатыр Манас башында,
Абунасыр дубакөй
Арстан эрдин кашында,
Алардан кийин үч күндө

Арстан Манас барыптыр,
Кетеликтин жол менен
Он бир жүз миң аскер кол менен
Манас түшүп калыптыр.
Айтылган баатыр баарысы
Аллага айтып наалышты,
Дин мусулман баласы
Антип жатып калышты,
Он күнү жатып ал жерде
Аларда тынчтык алышты.
Сайдан атын сугарып,
Сапарда жүргөн эрендер
Кароолго киши чыгарып,
Чыңоолун чыңдап коюшуп,
Кытай кандай жатат? – деп,
Дүбүртүн тыңшап коюшуп,
Салман-Сууга таянды,
Булар да он күн жай алды.
Тамашасын салыптыр,
Сайрап, жыргап калдык – деп,
Заман акыр журтуна
Сайрам атка калыптыр.
Каапыр менен мусулман,
Каржалышкан канча жан,
Туу көтөрүп, кан жайып,
Атпай Жапас балдары
Душмандашып алжайып,
Калмак, казак, кыргыз бар
Туш-тушунда жатышкан
Бада багып, мал жайып.
Эркин тоодо мал жайып,
Элет боз үй эл байы,
Ал жердеги журтунун
Алаш экен далайы.
Кытай, калмак, маңгулу
Кыйладан орун басыптыр,
Кыйын экен алдыруу,
Панус кандын кызыл туу,
Басылбаган улуу чуу,
Көтөрүлдү калкылдап,
Арасынан аскердин
Төрт жүз керней бапылдап,
Көңкү аскердин баарысы
Атка минди шаркылдап.
Көдөң деген бир балбан,
Күрсүсү батман алты жүз,
Тоону чапса кылар түз,
Колундагы найзасы
Кезге салса жети жүз.
Кылычы оор беш батман,
Чапкан жоосу тек жаткан,
Жаасы өгүз белиндей,
Астындагы Акжал ат
Басканы сырттын желиндей.
Жаалданып бу каапыр
Алды-артына карабай,
Жаасына салган октору
Бир-бир бүтүн карагай,
Айбалтасы болоттон,
Айбаты журтту колоткон,
Нурку кытай баатыры
Урушка чыкты акыры,
Ушуну көргөн мусулман
Калар эмес акылы.
Күркүрөгөн добушу
Элүү таш жерге угулду,
Эрдемсиген мусулман
Жүрөгү оозго тыгылды,
Астындагы Акжал ат
Кыйкырганда жыгылды.
Камчы салды атына,
Ким жетер мунун датына.
Муну көрдү мусулман,
Ырандары бузулган,
Казак, кыргыз алаштан
Камалып турган канча жан,

Бадирекке беттешип
Бармак болду Бакай кан.
Атка минсе акжолтой,
Атышкан жоодо сан колдой,
Жортуп жүрсө акжолтой,
Жоо качырса сан колдой,
Кара сакал, киш мурут,
Каалаган соң көп журут,
Касиеттүү Бакайың
Атка камчы салганы,
Айгайлаган каапырга
Акырып жетип барганы.
Көргөн жерден абаңды
Астындагы Акжалга
Көдөң камчы салганы.
Көтөргөн найза жети жүз,
Сайыша турган жери түз.
Сайды найза Бакайга,
Кылыч менен бет алып,
Качырган экен Бакай аа.
Жети жүз кез найзаны,
Жеткенде Бакай кайсады.
Түпөккө жакын жеринен
Түшүрө чаап салганы,
Түгөнгүрдүн найзасы
Каскак болуп калганы,
Каскак менен сайгылап,
Тосуп туруп алганы.
Тосконго Бакай турабы,
Калган найзасына да
Жана кылыч урады,
Алигинин найзасы
Алты бөлүнүп турады.
Найзасы колдо калбады,
Ээринен күрсү алганы,
Көтөргөнчө күрсүнү
Эр Бакай кылыч салганы.
Кылыч тийди башына,
Кан төгүлдү кашына.
Калкан менен туулга
Оңдоп башка кийинип,
Оңбогурду карасаң,
Лайламага сыйынып,
Күрсүсүн алды колуна,
Кан жошулду жолуна.
Баштан аккан кызыл кан
Басып көзүн калыптыр,
Бакайга күрсү салыптыр.
Жаздым чаап Бакайды
Күрсүсү өксүп калыптыр.
Өзүнүн минген атынын
Тизесин чаап алыптыр.
Аты кетти сүрдүгүп,
Ант ургурдун этеги
Башына кетти түрүлүп.
Аты жерге жыгылды,
Алиги Көдөң баатырдын
Башы жерге тыгылды.
Чамбылала чаң болуп,
Кызылала кан болуп,
Бети-оозу топурак,
Ордунан тура калыптыр,
Көзүн сүртүп алыптыр.
Көтөрүлүп турганда
Андис Бакай абаңыз
Көдөңгө найза салыптыр,
Чалкасынан жыгылып,
Көмөлөнүп калыптыр.
Суурма болот курч кылыч
Сууруп Бакай алганы,
Кайтып өөдө турганча
Султан Бакай абаңыз
Сукан тартып салганы.
Тебетейдин ордуна
Башы түштү бу жакка,
Теңир урган Көдөңдүн

Денеси калды тиги жакка.
Арстандай эр Бакай
Айгай салып акырды,
Ант урган каапыр келгин! – деп,
Майдан жерде бакырды,
Ыйгарып каапыр чыгарды
Ыраң Көдөң баатырды.
Акжал кара ат астында,
Алтын таажы башында,
Сөөлөтү кандан кем эмес,
Айбатына караса
Адам өлчөөр неме эмес.
Үстүндөгү көк темир
Соот менен кыягы,
Каармандай кайраты,
Дажаалдайын сыягы,
Жүз кез найза колунда,
Алтын калкан жонунда.
Абаң Бакай жол тосуп,
Ант ургурга жолгошуп,
Каршы чапты каапырга,
Найза салды эр Бакай
Ыраң Көөдөң баатырга.
Абакеңдин найзасын
Ал каапыр кагып салганы,
Эр Бакайга бет алып,
Найза шилтеп калганы.
Найзасын анын тийгизбей,
Абаң кагып салганы,
Айбаттанып эр Бакай,
Айбалтаны алганы.
Арбак урган каапыр! – деп,
Башына Бакай чапканы,
Болжоп көрүп ал каапыр
Болот калкан жапканы.
Шилтегенин тарта албай,
Калканга балта чабылды,
Көргөндөр эстен жаңылды,
Болотко болот тийген соң,
Көк жалын чыгып жагылды.
Көөдөң алды айбалта,
Көсөм Бакай баатырга
Башына калкан жабылды,
Көөдөң келип чапканда
Абакеңиз Бакайдын
Көзүнөн оту чагылды,
Кыйын тийип айбалта,
Кыйла жерге ширенди-
Кызыл жалын жабылды.
Байкап көргүн бул ишти
Бакай суурду кылычты.
Айкырып кылыч салыптыр,
Алиги Көөдөң баатырың
Калкан тосуп калыптыр.
Бакайдан кылыч жеткени,
Калканды кесип кеткени,
Калканы канча жарылды,
Караган эстен жаңылды.
Калкандын чети тилинди,
Ыраң Көөдөң баатырдын
Оңбостугу билинди,
Калканынын танабы
Кыйылган экен экөөсү,
Боосу мойнуна илинди.
Калканына буйдалып,
Кармай албай калганы,
Каарданып эр Бакай
Күч менен күрсү салганы,
Кайып болду Көөдөңдөн
Бул дүнүйө жалганы.
Күлдөй жанчып Көөдөңдү,
Көңүлүн жаман айнытты
Көзүн салып көргөндү.
Айгай салып акырып,
Ант урган каапыр келгин! – деп,
Абаң Бакай бакырып,

Каарданып эр Бакай,
Каапырларды чакырып:
«Кадыр Алла буюрса,
Каапыр сага кыламын,
Каныңды суудай сапырып.
Чоң атам Ногой, атам Бай,
Атышкан каапыр жайма-жай,
Берген болсо жардамды
Бербердигер бир кудай,
Түп атам Түбөй, Көгөй кан,
Түбүнөн бери маалим жан,
Башкы атам уксаң Бабыр кан,
Сары эшен, Кыркан, Самар кан
Мага келип беттешсин,
Өлүмүн өзү сагынган.
Уругум кыргыз улуу журт,
Көптүгүм уксаң кара курт.
Токсон уруу өзүбек,
Мурункунун баары айткан
Жоого ылайык өзү – деп,
Актык динди табабыз,
Кызмат кылган набийге
Акеше сааба бабабыз,
Алаңча кандын тукуму,
Алабыз – деп, дем байлап,
Аттанганың жол тосуп,
Арбак урган кытайлар
Акылыңдын чукулу.
Алдырып коюп, тек жүргөн
Алаш уулу токтугу,
Акимсинип кол жыйган,
Арбак урган каапырлар,
Акылыңдын жоктугу.
Ушу турган кең Ташкен
Абалкы аты Наамандыр,
Ушу жерди саа берген
Түрк баласы жамандыр!
Чын атагы Түркстан,
Апары Сыяпты качырып,
Алган экен Көйкөс кан,
Ушунун арка жагынан
Нупил чыккан алаштан,
Өкүмүнө караган
Жапас уулу канча жан.
Арасынан алты ата
Өкүматы жок өтүптүр,
Өз алдынан кетиптир,
Уругу каркап толуптур,
Эр Турандын балдары
Эки жүз уруу болуптур.
Бадышасы жок болуп,
Башаламан токтолуп,
Маңгул менен татары
Башка болуп катары,
Айыл болуп конушуп,
Алды-алдынан болушуп,
Арага ушак толушуп.
Байгур-уйгур болушуп,
Байлары малын бакалап,
Бакырлар чөлүн жакалап,
Калдайтып калаа салыптыр,
Карчалышып ортодон
Калаба чыгып калыптыр,
Токсон уруу бөлүнүп
Чоң Ташкенин алыптыр.
Кырк уруулуу кыргызмын,
Кыбылада жылдызмын,
Кырк жыл кыргын болсом да
Кытайдан качып жылгызмын.
Үлкөн атам Угуз кан,
Кырга көчкөн эл үчүң
Кыр угуз – деп, жугузган,
Кырк уруу болгон кыргызым
Бир атадан туушкан,
Бээжиндик кытай сен үчүн
Белди бекем буушкан.

Майданга келип турумун,
Байкатайын жөнүмдү
Жалганы жок мунумун.
Кырк уруу кыргыз уругум,
Жакын атам Жанадил,
Жайымды кытай баарын, бил!
Балбаным аты Бакатил,
Баркымды кытай баарын, бил!
Баары журт турган жер-жерде,
Эрдемсип калган экенсиң
Бээжинден келип бу жерге.
Басып турса дөөлөтүм,
Башымда турса сөөлөтүм,
Акыр заман журтуна
Айтылсын кылган сөөмөтүм,
Аксакалы кыркынын Анжыянда,
Кокондо Алтымыш уруу
дөөлөсүм.
Экинчиси катаган,
Эр Кошой деген эри бар,
Этеги жайык канча жан.
Үчүнчүсү багышты,
Билген болсоң кытайлар
Үлкөн балаа жабышты.
Төртүнчүсү моңолду,
Көпсүнүп келип какандан,
Көмүлдү өлүп канча жан,
Ишиң кайдан оңолду,
Акунбешим каныңыз
Арбак уруп жоголду.
Бешинчиси найманды,
Бу жерге тынч койбосмун
Бээжинден келген айбанды.
Алтынчысы тейитти,
Алып коюп Ташкенди
Аманат жанды кейитти.
Жетинчиси жоокести,
Чын тукуму кытайсың,
Чыгарбасам шаардан
Жанынан кыргыз чын безди,
Чыккын бери майданга,
Чыкырып турмун бу кезде.
Сегизинчи бостонду,
Силер менен кыргызым
Серпишүүгө окшоду.
Тогузунчу набатым,
Көргөзөйүн көзүңө
Уруш-калба кабатын,
Аким болуп Ташкенге
Ачылган экен сабатың.
Онунчу болгон уругум,
Ортого келип турумун,
Оройлук кылсаң курудуң,
Окусу жок мунумун,
Арбагы бийик, аты жүз,
Арбак урган кытайлар
Акыры ордуң болор түз.
Он биринчи нойгуттур,
Ордоңду кыргыз торгоптур,
Ушунда келген кытайлар
Маңдайыңар шордоптур.
Он экинчим думара,
Ойлоп кара буларга,
Ойлобогун кытайлар
Туркстанга турарга.
Он үчүнчүм окчудур,
Окчу кыргыз уругу,
Ушу күндө болуптур
Суң кытайдан улугу.
Окчудан болсоң ойлоп ук,
Бабаң кыргыз болгон соң,
Мен да кыргыз, бери чык!
Атаңдан калган жериңиз,
Асили кыргыз элиңиз,
Ант ургурга карабай,
Азыр бери келиңиз!

Он төртүнчү болгонуң
Окчун шаар Балыкка
Эл байы болуп толгонуң.
Каракалпак калкысың,
Кадимки кыргыз салтысың,
Келгениң барбы Ташкенге,
Кеңгиреп жүрбө башка элге.
Он бешинчи ураанын,
Орчун Ташкен турагың,
Кыйкырып айтам кыргыз – деп,
Укпайсыңбы кебимди
Оңду-солду кулагың,
Аталган жериң Шыбасын,
Арбак урган кытайдан
Баш ачып качан чыгасың?
Кадиксиз кыргыз баласы
Ураанга кантип чыдасын?
Он алтынчы серипсиң,
Оболку атаң ойлобой,
Кытайга башың берипсиң.
Он жетинчи жедигер,
Жезийре болду жериңер,
Болбос ишке катышпай,
Бооруңду бизге бериңер,
Сагынган болсоң өлүмдү
Кытаймын – деп, кыйкырып,
Майданга бачым келиңер!
Он сегиз болгон атагың,
Ойротко сөзүм айтамын,
Кайдасың кандын уругу,
Кара шаар Ташкенде
Атаңардын турагы,
Уругун айтып турган соң
Кыргыз уулу турабы!?
Он тогузу бадаңсың,
Орчун кыргыз баласы
Ойлонбос кандай наадансың.
Жыйырманчы кыдыршаа,
Кыргыз уулу келгин – деп,
Кыйкырып айтам кылымга.
Кыргыз уккун арзымды,
Кызыл аяк барсыңбы,
Кыргыз болуп келбесең,
Кытай берер дарсыңды.
Басыз барсың кыргыздан,
Баркын билбей өзүнүн
Басып жүргөн кандай жан?
Мундуз барсың кыргыздан,
Букара болуп жүрүүдөн
Муңайбаган кандай жан?
Кушчу барсың кыргыздан,
Кул болгонго кубанып,
Куурап жүргөн кандай жан?
Катын алган кытайдан,
Атаң сенин кыргыздан,
Андан болдуң канча жан,
Угузуп айтам мен дагы,
Урааның кытай сен дагы,
Атаң кыргыз болгон соң,
Артыңды ойлоп кел дагы.
Кылыч тамга уругуң,
Суң кытайдын уулунан
Болгон экен улугуң,
Кыргызыңа келгин! – деп,
Кыйкырып айтып турумун!
Айчак кыргыз баласы,
Ата уругун карачы!
Бабаң Делдеш баатыр – деп,
Барча журтка маалым кеп,
Ата жолун кууганың
Айтып турмун келгин – деп!
Чагатайдын балдары,
Бул черүүдө бардары,
Ташкен болгон жайыңыз,
Кызыл чоктуу көп ойрот
Кытайдан экен байыңыз,

Кыргыз келип, кол турат,
Келүүгө кандай шайыңыз?
Бир уругуң түрксүң,
Сарт, кыргыздын арада
Шалгурт болуп жүрүпсүң!
Бир уругуң кыбасың,
Кызыр чалган бабаңдын
Обурагын сыйласын.
Дабат деген уругуң
Табылар – деп, –дабаңды,
Майданда келип турумун.
Бир уругуң кыпчаксың,
Урuштуу күндө кычапсың.
Талоо кыргыз баласы,
Ыспарада калаасы,
Уругу келип турган соң,
Кандай тынат санаасы?!
Канжыгада башыбыз,
Кара суудай жашыбыз.
Бир уругуң жетиген,
Караганча кытайга
Жерге кирсе болбойбу
Шейит өлүп асыл ден.
Бир уругуң саясың,
Алдырып салып кытайга
Аманат жаның аяйсың.
Бир уругуң сапыраң,
Басып келдик каапырды,
Баш тартпагын каапырдан,
Бир уругуң көлөпсүң,
Кечип өтүп Наамуттан,
Ысар жакка жөнөпсүң.
Бир уругуң ардайсың,
Кырылыштык кытайга
Урушууга кандайсың?
Нурку түбүң кыргыздан,
Өлбөй ушу дүйнөдөн
Тирүү жүргөн кандай жан?
Бир уругуң тотудур,
Айттым Бакай билдирип,
Кайрылбасаң кыргызга
Арбактын жанар отудур.
Кытайды не үчүн сүйөрсүң,
Кыргыздын урса арбагы
Кызылдай отко күйөрсүң.
Шаңкай кыргыз баласы,
Кыргын салган кытайга
Кыргыздын кыраан Манасы,
Алтын туусун көтөрүп,
Артында атпай алашы.
Бир уругу тагылык,
Ата-бабаң, уругуң
Билбей эстен жаңылдык,
Бирден-бирден таралып,
Эми жаңы табылдык.
Бир уругуң көкөнө
Билип атам кыргыз – деп,
Албайсыңбы көңүлгө.
Сыямас кыргыз баласы,
Маймун шаар калаасы,
Кыргыз да болсо кызыталак
Көрүнбөйт бизге карасы,
Үч айчылык жолдо экен
Биз менен анын арасы.
Бир уругум калча бар,
Көпмүн – деп кытай мактанар,
Ата-тегиң канча бар?
Калмак да менин уругум,
Какандан келген каапырлар
Катарың жетер бу күндө,
Каяша кылсаң курудуң.
Башкы атам маңгул
Кара кан, Эр Турандан тараган,
Он биринчи атабыз,
Орунун айтып жатабыз,
Арбагы бийик Алаш кан,

Андан болгон канча жам,
Үч атадан тараган
Улук атам Угуз кан.
Башкы уулу Байчоро,
Байкатайын ушуну,
Мурунтан тапкан экенсиң
Букара кылар кишини,
Бу сапарда суң кытай
Бүтүрөрмүн ишиңи.
Экинчи уулу Жанчоро,
Курчап алган аскериң
Кутулууга койбосмун,
Табалбассың эч чолоо.
Карачоро кенжеси,
Какандан келген кытайдын
Денеге турбас келдеси,
Быйыл он үч жыл болду
Кудайдын болдук бендеси.
Үч жүз уруу казагым
Үйшүн, алчын, абагым,
Үстүңө келдик кол тартып,
Алыңды кытай карагын.
Аргын, найман, тарагым,
Акимсинген суң кытай
Ал-абалың карагын!
Алдырарсың урушсаң,
Байкап ишиң уялбай
Майдан тосуп туруштан.
Каңды, тейит, дуулаттан
Кашымда бар канча жан,
Атабыз бирге Алаш кан,
Намысты бирге талашкан
Жапасым бар, албан бар,
Салышканын алган бар,
Сага окшогон каапырга
Заман акыр салган бар.
Байжигит, кызай тууганым,
Байкатайын өзүмдү,
Майданга кирип турганым,
Баатырың болсо бат чыгар
Бакбурчундук урганым!
Агарткамын динимди,
Түп Бээжиндик сен кытай
Саа түшүрөм жинимди,
Кудай берсе куткарып
Жибербесмин бириңди,
Уругум алаш экени
Улуу-кичүүгө билинди!
Муну айтып Бакай айкырды:
«Баатыр менен балбаның
Базур жатып албагын,
Эр болсоң кытай келгин – деп,
Эсен болсо элиң – деп,
Талкалаармын урушсаң,
Табылар сенин эбиң!» – деп,
Астындагы көк тулпар
Атырылтып ойнотуп,
Аткан жаанын огундай,
Октorulтуп сойлотуп,
Калкан жаап башына,
Туулганын катебин
Салаңдатып кашына,
Карыпчысын байланып,
Кайра жаачу булуттай
Каар жүзүнө айланып,
Чарайнасы, кыягы
Азыркысы абаңдын
Үрүстөмдөй сыягы.
Чопкут, зоот кийинип,
Бир кудайга сыйынып,
Астындагы көк тулпар
Кара бою капталуу,
Кандагайга чапталуу,
Тула бою күймөлүү,
Туягынан бөлөгү
Сары алтындан түймөлүү,

Кечип жүрсө чок өтпөйт,
Кездеп атса ок өтпөйт,
Кылыч, мылтык, бар жарак,
Кытайды көздөп айгайлап,
Жаа, күрсү, айбалта,
Жаалын салып бу калкка,
Ат ойнотуп күркүрөп
Ант урган каапыр жүргүн! – деп,
Айбатын салып эр Бакай,
Антип турду жайма-жай.
Маңгул, кытай, калмагы
Ал мүнөзүн көргөн соң
Акылдашып калганы,
Алаш уулу болгондон
Майданга бетин салбады,
Бакайга бирөө барбады.
Он бир жүз миң кол эле,
Ортолору бөлүнүп,
Ураанын айтып турганга
Ошол заман бири-бири
Орою суук көрүнүп,
Өңкөй алаш балдары
Төрт жүз миң экен барганы,
Кытай, маңгул, калмагы.
Жети жүз миң калганы.
«Жакын тууган элибиз,
Жайылкан биздин энебиз,
Бара албайбыз урушка,
Кыйын болсоң кыргызга
Кытайлар жооп бериңиз.
Маңгул менен калмагың
Баатырыңды каалагын,
Капилетке калбагын.
Атабыз бирге маңгулдан
Арманда өлүп калбагын.
Кытайды жакын көрөсүң,
Кыйындарың жөнөгүн.
Букарабыз мурунтан,
Мурунтадан кытайлар
Бузуп-жарып куруткан.
Кытайга карап калсак – деп,
Кыйлабыз болуп убара,
Жакын тууган биз элек
Кыйырыбыз бирге буларга,
Эми ынабайт көөнүбүз
Кыргыз менен казакка
Кылыч тартып турарга!
Токсон уруу өзүбек,
Билгендердин баары айткан
Бир уруктан өзү – деп,
Эсибизге түшүрдү
Эр Бакайдын сөзү – деп,
Кыргыз болду кырк уруу,
Отуз уруу казакпыз,
Өзүн билбей кордогон
Өзгөчө кандай азаппыз.
Жыйырма уругу сарт болду,
Байкаганга, билгенге
Бакайдын сөзү дарт болду.
Сарт уругу Жапастан,
Жаңы чыгып турабыз
Караңгылык капастан,
Как ушу жерде баш тартпай
Кармашалык кытайга,
Калганга болсун бир дастан.
Бакай келди багыштан,
Жанкара турсуң жаныштан,
Азат боюм дүркүрөйт
Алашка уруш салыштан,
Азыр чыгып калыптыр
Аты Манас арыстан,
Алды кытай мурунтан
Атаңдан калган Самаркан,
Кожент, Оро-Төбөнү
Кол кылды далай төрөнү,
Кожоңдотпой кытайды,

Кол келген соң кыргыздан
Койгулашып көрөлү,
Арамды арбын көрүнтпөй,
Арабызды бөлөлү,
Ата жолун кубалап,
Кырылышкан сайышта
Арманы жок өлөлү,
Акылга дыйкан Көкөтөй,
Ага барып эмесе,
Акылдашып көрөлү!»
Окчулардан Кейишбай,
Думарадан Тейишбай,
Улуу жүздүн Байышы,
Тотулардын Чайышы,
Кытай менен кыргыздын
Кылым журтка белгилүү
Кырылышкан сайышы,
Көкчөлүктүн Баяман,
Көптүктөн алаш тараган,
Өкүмүнө кытайдын
Көптөн бери караган.
Жаныштардын Назарбек
Жалпы журтка айтат кеп:
«Өз жакынын кор көргөн
Өргүй албайт түбү!» – деп.
Аскер-колдун ичинде,
Күн бейшемби кечинде,
Чатырларын бүктөшүп,
Чапчаңдашып жүктөшүп,
Атка куржун салышып,
Арбып-дарбып алаштар
Арасын бөлүп алышып,
Карайбыз аттын жайына,
Кабарлашып келелик
Көчмөн кыргыз баласы
Көкөтөйдөй байына.
Багыстанда Жанай бар,
Багыш уулу Нанай бар,
Паарам жылоо Тору бар,
Тейиттердин зору бар,
Чыйырчыкка камалып,
Чыкпай жатып алабы,
Алтайлыктан кол келсе
Аңдабай жатып калабы,
Арам менен адалын
Аңдап биз да карайлы?!
Тугалыкка кеп айтып,
«Тура тургун – деп, айтып,
Муруттан болор жолуңуз
Жер жайнаган көп аскер
Жети жүз миң колуңуз.
Түрк атанган жерибиз,
Аскерге келген элибиз
Араң төрт жүз миң экен,
Арбыныбыз адырда,
Толкуп жатыр тоо жакта,
Көп журт карайт Көкөтөй,
Баарыңарга маалим кеп
Бабасы анын Жанадил
Башчы болгон кыргызга,
Өз атасы Өтөлүк,
Акылдашпай нетелик,
Карап жаткан каныбыз
Кантип таштап кетелик,
Бай Көкөтөй кашына
Барып бүгүн жетелик,
Ары кары, ары бай,
Акылга кең бир далай.
Кытай айтат чантуу – деп,
Урушканга катуу – деп,
Калмак айтат бурут – деп,
Жерден өнгөн немедей
Кайдан келген журут? – деп,
Жажуч-мажуч болбосо
Жайнап келген көптүгү,
Асты келди Сал-Сууга,

Ашмара менен Меркиде
Али жатыр көчүгү,
Уругу алаш болгондор
Ушу күндө кеп айтат
Урушпасак – деп айтат.
Бу да бизге тууган – дейт,
Көчүп барып Алтайга,
Көптөн бери турган – дейт.
Бар-Көл, Тур-Көл, Чаталак
Баш күнүнөн жердеген,
Союп, Уркун дайраны
Баштатадан жердеген,
Баашасына какандын
Карап жаткан эл деген,
Кандайлыктан бу жерге
Калба салып келди экен?
Алына менен Панасай,
Маңгул, алаш аралаш
Батып жаткан эли бай,
Баарына кең, жери жай,
Мына ушунда келишин
Байкап билер Көкөтөй.
Башы Мамыр, Ушагар,
Бадам, Өкүн тоосу бар,
Баянды деген жери бар,
Баяндыга батпаган
Манжурия эли бар.
Орто чети Буурул-Түн,
Ойлонобуз биз бүгүн,
Манжурия аралаш,
Баштатан жүргөн каралаш
Угуз кандын уркунан,
Алты ата алаш журтунан
Уюп жаткан эли бар,
Ушу кезде урушуп,
Калбалашып жулушуп,
Кандай келер эби бар.
Аягы Эртиш, Кара-Мор,
Эсенканга караштуу
Жаңжуң дуу-ду канча зор,
Акыл жетер кеп эмес,
Асылышкан Каканга
Алашта бардыр арбын шор.
Тууганыбыз нуркубуз,
Туташып жаткан журтубуз,
Кечип өттүк Наамутту,
Элибиз Ташкен келгени,
Эрендер жаман камыкты,
Эртели-кечти урушуп,
Эсепсиз калба салышты.
Тынчы кетип, жер чалып,
Тынчыганда үй салып,
Баштап салды Ташкенди,
Арасына алаштан
Киргизген жок башка элди,
Сан Барак кан атанып,
Азирети Мусанын
Тооратын жат алып,
Чарбалары бай болуп,
Чайнаганы май болуп,
Түмөндөшүп жатыптыр
Түрк баласы бай болуп,
Нупил деген бадыша,
Ушу жерден өтүптүр
Жемшит деген кан келип,
Нупилден дөөлөт кетпеди,
Баашасы Нупил (кан) болгон,
Ошо кезде бөлүнүп,
Түркү деген тил болгон.
Түркстан деп атанган,
Төрт жүз жыл өтүп арадан,
Андан кийин түрк уулу
Азирети Ыйсанын
Шариятын караган,
Мурунтадан кутулбай
Эрен деген балаадан,

Апары Сыяп тушунда,
Бузук ишти көп кылып,
Алды Көйкөс ушунда.
Эренден качкан калкыбыз,
Жарым эмес жалпыбыз.
Жажуч болгон кытайдын
Аркасынан кетиптир,
Алты дайра кечиптир,
Алтай жакка жетиптир.
Аңгиреге таянып,
Алтайга барып жай алып,
Элибиз тынчтык алыптыр,
Түркстанда шондо да
Түрк уулунан калыптыр.
Эртиш суун чек кылып
Эрен журту алыптыр,
Мында калган түрк уулу
Баргандардын баарысын
Мажусу – деп, салыптыр.
Айтып жатсак түк укпай,
Тилге келбей койду – деп,
Азирети Ыйсадан
Ак шарият сөз айтсак
Динге кирбей койду – деп,
Мажусу динде калды – деп,
Яжуч болгон кытайдын
Жарлыгына барды – деп,
Бири мында, бири анда,
Ага кетсе аякка,
Ини калган бу жерге,
Экөө кетсе аякка,
Бири калган бу жерде,
Ини кетсе Алтайга,
Ага калган бу жерде,
Жээн барса Алтайга,
Тага калган бу жерде,
Тага барса Алтайга
Жээн калган бу жерде,
Жер-суусунун баарысы
Ээн калган бу жерде.
Кызылбашка тутулуп,
Самар деген кан чыгып,
Сайыш кылып түрк уулу,
Эрендерден кутулуп,
Кат менен киши чаптырып,
Алтайдагы ага-ини
Кабар берип чакырып,
Кайта көчүп алыптыр,
Үч бөлгөндүн экиси
Калмак болуп калыптыр.
Калабыз – деп, калгандан
Калмак болду канча жан,
Калктын азы келген соң
Калган дүйнө чиркинден
Сапар кылды Самаркан.
Самарканда дуу – дуңуз,
Таамай эки жүз жылы
Кытай ээлеп турдуңуз,
Тууган бекен, душманбы?
Урушуп жаткан мунуңуз,
Каңгай бекен, кытайбы?
Жадоо деген калкы бар,
Дашуу жакта дечү эле
Жапан болгон калкы бар,
Камап жаткан бу душман
Кайсы түрлүү салты бар?
Татары бар, дүгү бар,
Азыркысын биздерге
Салып турган жүгү бар.
Орус менен немис бар,
Шам уулунан тараган
Сартек менен Кеңис бар.
Кайсы экенин ким билет,
Кан төгүлмөк чоң милдет.
Карыбызга баралык,
Карыябыз Көкөтөй,

Кабарын айтып салалык.
Сыйгада бар, пору бар,
Жапас уулу бу дагы,
Далай жандын зору бар,
Жайын билбей урушсак
Турк уулунун шору бар.
Суң кытай сенин уругуң,
Каканда жатыр улугуң,
Кайсы экенин билбейбиз
Каптаган душман мунуңдун.
Чыйырчыкты жердеген,
Байгур уулу бу дагы
Баштатан бенде жеңбеген,
Бабасы Кейик кан болгон,
Айган деген жан болгон,
Айылы дүңкүп сан болгон,
Дүнүйөсү карк толгон,
Анын уулу Жанайдыр,
Баарыңарга белгилүү
Баатырлыгы далайдыр.
Бешинчи ата болуптур,
Мураскорлук калганы
Баймырза деген баладыр,
Адыры чөптүү, жери кең,
Ар тарабы талаадыр.
Колго келдик калаалык,
Козголбой жатыр талаалык,
Кошулуңуз бизге – деп,
Көкөтөйгө баралык.
Аскерге келдик калаалык,
Аңдабай жатыр талаалык,
Какан, Бээжин журтуна
Кайда да болсо кан керек,
Боз үй менен там үйгө
Кимге да болсо жан керек.
Жылдырып жылкы айдаган,
Сызылтып казы чайнаган,
Сыдырым сыртты жайлаган,
Зыңкыйтып күлүк байлаган
Байлар жатып калабы,
Бакырлар уруш салабы?
Көкөтөй менен Жанай бар,
Көчмөн калкы далай бар.
Баймырза деген бирөө бар,
Азыркысын алашка
Алдыраса сүйөө бар.
Ошолорго баралык,
Кошулуп алып аларга,
Кордоп келген душманга
Козголоңду салалык.
Туталык сизге эп болсо,
Журт бийлеген кеп болсо,
Уруксат бергин бизге – деп,
Урушсаң жардам берербиз
Урматың артык сизге!» – деп,
Назарбек кеби басылды,
Ал жердеги алаштар
Ат-атына асылды.
Туталык шондо кеп айтып,
«Туташтыңар түрк уулу
Жуда баарың – деп, айтып,
Аман болсо Эсенкан,
Асылышкан канча жан,
Алдырарсың түбүндө,
Аманат жанды кыйба? – деп,
Анда бизге жүгүнбө,
Баш ылдый келсе Бакбурчун
Түк койбосмун түгүңдү.
Каптап чыкса Каканчын
Кайнатармын шоруңду,
Кармап кара кул кылып
Калк бийлеген зоруңду,
Карк алтын такка мингизип
Кара таман чоруңду,
Суратармын өзүңдү,
Жумултармын көзүңдү,

Аңдап билбейт дейсиңби
Айтып турган сөзүңдү».
Ачууланып күүлөнүп,
Ал сөздү айтып сүйлөнүп
Туталык токтоп калганы,
Жебечи жетип барганы:
«Байкап айткын Туталык,
Өкүмүнө көнгөндөн
Өзүнчө келди бу калык.
Түгөтөм – деп, түрктү,
Сүйүп карап турсуңбу
Мындан кыйын түлүктү?
Калмак менен маңгулу
Карап көр, бу да түрүктүр,
Каным Панус экен – деп,
Катарында жүрүптүр.
Маңгул менен калмакты
Кошуп бердик сиздерге,
Колуң куру калбаптыр.
Жайнаган арбын түрүктүр,
Жанында маңгул жүрүптүр.
Жакын тууган калмагым,
Көрбөйсүңбү Туталык
Жанында жайнап калганын.
Түрк уулу туташ бириксе
Келе албас эле дарманың.
Кесилер эле башыңыз,
Төгүлүп көздөн жашыңыз,
Уу болуп ичкен ашыңыз.
Акылдашып келүүгө
Арамдык ойлоп элиңе,
Асылганың койбойсуң
Алаш уулу болгонго,
Көтөрө албай турсуңбу
Келгенден бери зор кылып
Кең Ташкенге койгонго?
Уйкуда болсо дейсиңби
Баш көтөрбөй бир адам,
Мактанып жүргөн экенсиң
Баары уйкуда болгонго.
Арадан чыкты тууганым,
Акунбешим баашаңды
Аңдап кандай көрбөйсүң
Алып келип турганын,
Анжиянга ашырып
Алдууларын кууганын.
Кечирди Кетмен-Төбөнү,
Кести башын бир кыйла
Кебелбеген төрөнү,
Айбатына чыдабай
Адамыңдын кыйласы
Анжиянга качып жөнөдү.
Анжиянда Алооке
Ишенген кыйын каныңыз,
Аман болсо бу Манас
Сонунду кыйла көрөрсүң,
Соо боло калбас жаныңыз,
Сонун көрсөң бузукту
Соңундан жүргөн биз менен
Согуш кыла калыңыз,
Колуңдан келсе койбостон
Соолтуп бизди салыңыз!»
Айтып аны Жебечи,
Ачууланып аттанып,
Арзан киши дебечи,
Алашты баштап алганы,
Чылан-Сайдын боюна
Чырмалып жатып калганы.
Чың ошо жерде жатканда
Баатыр Жанай башында,
Баймырзасы кашында,
Чыңколдун уулу Тагылык
Бир өзүн миңге баа кылып,
Чыйырчыктын көп аскер
Жетип келди жабылып.
Көкөтөйдүн көк туусу

Көтөрүлүп калкылдап,
Көңкү аскер шаркылдап,
Эки жүз миң кол экен,
Аңдап кел – деп, жиберген
Эр Көкөтөй зор экен,
Кыргыз, казак бирикти,
Кытайлардын шору экен.
Алты жүз миң кол болуп,
Арага кытай торголуп,
Мурунку аты Чылаң-Суу,
Түрк уулу түмөн барганы,
Алты жүз миң кол барып,
Аржагын тосуп алганы.
Баш кошту баары түрк – деп,
Чылан аты жоголуп,
Түркүбаш атка калганы.
Түркүбаш аты өчүптүр,
Азыркы акыр заманда
Түлкү-Баш атка көчүптүр.
Каапыр чыкпай камалып,
Аттанбай жатып алыптыр,
Абакеңиз эр Бакай
Аскерге кайра барыптыр.
Маяжулуктун Алабы,
Анын да арбын талабы,
Аттанып алып Кызылга,
Майданга жетип барганы.
Кызыл атты моюндап,
Ок, дарыны коюндап,
Майданда турду бакырып,
Баатыр, балбан келгин! – деп,
Алап турду акырып.
Аны көрүп күүлөнүп,
Ачууланып сүйлөнүп,
Хан Панустун жакыны,
Кашеңгер аттуу баатыры
Көпкөк жалаң темирди
Тон ордуна кийинип,
Дозокуну карасаң
Лаайлама колдо! – деп,
Ибилиске сыйынып,
Талкуугер деген аты бар,
Ташты басса тайгылбас,
Тайган сындуу каркыбар.
Талкуугерди чуратып,
Чаңды артынан буратып,
Кашеңгер келип калганы,
Манжунун Алап балбаны
Ал Кашеңгер каапырга
Бакырып найза салганы.
Жанчканын билбей найзасын
Кептеген бойдон кетиптир,
Эр Алапка жетиптир.
Алаптын найза сыныптыр,
Кашеңгер көөнү тыныптыр.
Алиги барган Кашеңгер
Эрдиги эмей неткени,
Алапка каршы жеткени,
Алты жашар баладай
Атынан алып Алапты,
Алты катар башынан
Айландырып кеткени.
Кара журт карап турганы,
Алты айлантып башынан,
Алапты жерге урганы.
Алап өлдү жок болуп,
Андан кийин каапырга
Барар адам жок болуп.
Баары журт турду токтолуп.
Кыпчактардын кыйыны,
Кырк миңче аскер жыйыны,
Аралбек баатыр барганы,
Качырып найза салганы,
Найза салбай, жаа тартып,
Кашеңгер каапыр калганы.
Саадактын огу жетиптир,

Төштөн тийип, Аралдын
Аркадан чыгып кетиптир.
Арал өлдү, көз көрдү,
Азабын антип өткөрдү.
Казактан Карышпай барды,
Кантет – деп, каапыр айбанды.
Карышпай мылтык алганы,
Атайын – деп, калганы,
Машаа тартып ийгенче
Керат менен Кашеңгер
Келип күрсү салганы.
Күрсү күчтүү чабылды,
Кан аралаш мээси
Кашеңгерге жабылды,
Аны көргөн мусулман
Акылынан жаңылды.
Кыргыздан Ботпай эр барды,
Кыйкырып кылыч алганы,
Кызыталак каапыр! – деп,
Кылыч менен салганы.
Таш чапкандай чак этип,
Кайта келип кылычы
Маңдайына Ботпайдын
Бата түштү шак этип.
Каапырга урган кылычы
Кайта тийди өзүнө,
Каршы барган Ботобай
Кан жабылды көзүнө.
Канын сүртөм дегенче
Катма сүңгү найзаны
Каапыр урду төшүнө,
Ойрон болду Ботобай,
От чагылды көзүнө.
О дүйнөгө жөнөлдү,
Оно боюн караса
Кызыл канга бөлөндү.
Сарттын уулу Кетакун
Салып кирип барганы,
Кашеңгер саадак кармады,
Жаа менен бир атып
Жалмап аны салганы.
Жаны кетип Кетакун,
Жалпайып жатып калганы.
Жаркендиктин Акимжан
Кырылдык – деп, каапырдан,
Кара жал сары ат минди,
Каарданып кириптир,
Сундуруп найза салганы,
Кагып ийип найзасын,
Кашеңгер кылып айласын,
Найза салды Акимге,
Алардын кылган урушун
Айталыкчы бакиңе.
Аким какты найзасын,
Аманат жандын пайдасын
Кылычын Аким сууруптур,
Андан мурун Кашеңгер
Күрсү менен уруптур,
Көтөрүп күрсү салыптыр,
Жазганып кетип кылычтан,
Жаза чаап калыптыр.
Ал Акимжан баатырды
Күрсү менен качырды,
Жарадар кылып салыптыр,
Качып колго, кутулуп,
Жаны тирүү калыптыр.
Уругу кыргыз Байсалбек
Качырып каршы барганы,
Кашеңгер саадак бир атып,
Санын көзөп ок өтүп,
Өтүктүн кончу кан толуп,
Өлөр-өлбөс жан болуп,
Калкына келди кансырап,
Кантерин билбей тантырап.
Казактардын Чымыржан
Каршы барды майданга,

Качырып найза салганы,
Кагамын – деп, найзасын,
Каруусу келбей калганы.
Алтындуу курдун четине,
Ай балканын бетине
Найзанын учу такалды,
Темир тонго какалды,
Буюрганын айтабыз
Мурдагы өткөн макалды,
Такап турган найзасын
Күрсү менен бир салды.
Найза сынды быркырап,
Сыныктары туш-тушка
Учуп кетти чыркырап,
Ооруп колу зыркырап,
Качып келди элине,
Качып жөнөй берерде
Жаасы менен бир атып,
Ок кадалып белине.
Аны көрө салганы,
Айдаркан уулу эр Көкчө
Айкырып жетип барганы,
Көкчө келе жатканда
Саадакты колуна алганы.
Алтын ээр кашы – деп,
Как жүрөктүн башы – деп,
Көкчөнү көздөй ок атты,
Көсөм каапыр жаа тартты.
Жебенин огу кыркырап,
Жетип тийди Көкчөгө,
Калкан тосту кан Көкчө,
Кайраты журттан бөлөкчө.
Болжолсуз болот калкандын
Купасы сынып быркырап,
Калканга огу байланды,
Казак Көкчө баатырдын
Каары жүзүнө айланды.
Кашеңгердин Талкуугер,
Каары катуу бу бир эр,
Камчы салды атына,
Кантип Көкчө чыдасын
Кашеңгердин дартына.
Алеңгир жаа, сыр жебе,
Андай эмес, мындай – деп,
Тартты Көкчө жааны бек.
Эр Көкчө саадак атканы,
Кашеңгер шору катканы,
Эки эмчектин ортого
Кере карыш батканы.
Темир тонун тешиптир,
Төштүн этин эшиптир,
Как жүрөктүн толтосун
Эки эли жерин кесиптир.
Одураңдап сүйлөнүп,
Ошол окко сүйөнүп,
Ондурбастай күүлөнүп
Көкчөгө жетип барганы,
Казандай болгон күрсүнү
Көтөрүп колго алыптыр,
Чабарга каруу жок болуп,
Арт жагына күрсүсү
Колдон түшүп калганы.
Соройгон жаанын огуну
Сууруп Көкчө алганы.
Лаайламалуу – деп,
Кулап каапыр калганы.
Көргөндүн бою дүркүрөп,
Көкчө баатыр күркүрөп,
Майданда турду бакырып,
Ант урган каапыр келгин! – деп,
Айгай салып акырып,
Гүлөңгү деген бир кытай
Көкчөгө келди качырып.
Найзасын колго алышты,
Айкырышып барышты.
Алтын ээр кашы – деп,

Как жүрөктүн башы – деп,
Гүлөңгү шилтеп калыптыр.
Салмак ээр кашы – деп,
Как жүрөктүн башы – деп,
Көкчө шилтеп калыптыр.
Найза төшкө тийиптир,
Жанчышкан экен эрендер
Чарайна, соот кийишип,
Найза бойго өтпөдү,
Кылычташып бул экөө
Кыйла жерге кеткени.
Кызыл кан тамган жолуна,
Эр Көкчө келген онуна,
Гүлөңгү келген солуна,
Тартышып кетип баратып,
Эр Көкчө кылыч салыптыр
Түлөңгүнүн жонуна,
Чарайна бар жонунда,
Кылыч тийип чак этип,
Болотко болот чабылып,
Кызыл жалын жарк этип,
Карагын Көкчө ойнуна,
Чарайна кийген экен – деп,
Жанаша чаап баратып,
Чааптыр кылыч мойнуна.
Туулганын этегин
Шылыган бойдон кетиптир,
Каракушка жетиптир.
Моюндун сөөгү таарылып,
Кекиртеги калыптыр.
Башы тийди төшүнө,
Жалган жарык дүнүйө,
Караңгы болду көзүнө,
Калабалуу Түлөнгү
Жеткен ажал өзүнө.
Тарткылашып жүргөндө
Түлөңгү кылыч салыптыр,
Эр Көкчөнүн сол колу
Жарадар болуп калыптыр.
Чабылып кеткен талаага
Түлөңгүнүн кылычы
Сол колдун тийип салаага,
Ырбап кетсе бу жараат
Каламбы – деп, балаага
Кайтып барды аскерге
Казак, кыргыз көп элге.
Аларды көрө салыптыр,
Шаңшыгайыр деген балбаны
Майдан жакка бет алып
Салып кирип барганы.
Күрсүсүн күүлөп алганы,
Үч жүз буттай көрүндү
Күрсүсүнүн салмагы,
Өз асилин сурасаң
Туушабандын калмагы,
Кандыгы менен Панус кан
Кабар салып алганы,
Каарданып майданга
Каапыр келип калганы.
Минген аты Сурала,
Ачууланып айкырып,
Келе жатыр буларга.
Астындагы Сурала
Басканы сырттын желиндей,
Асынып келген саадагы
Атан төөнүн белиндей.
Он жети кулач узуну,
Аңдап турсаң калайык
Адам жеңбес ушуну.
Асынган жана мылтыгы,
Азыр көрдү мыктыны,
Асый өгүз белиндей,
Адам эмес бу каапыр
Айбаты дөөнүн элиндей,
Мылтыгынын узуну,
Мыкты дешти ушуну,

Он эки кулач көрүнүп,
Ошо бойдон бу каапыр
Ойроттон чыкты бөлүнүп.
Колунда бар найзасы
Бүтүн бойдон карагай,
Акырып кирди майданга,
Алды-артына карабай.
Коломсогу боорунда,
Ок салгычы бир үйдөй,
Кисесинин ордунда.
Ашталык деген аты бар,
Айбандан бөлөк заты бар,
Азыркысы мусулман
Эпсиз балбан каапырга
Не деп айтар даты бар.
Көргөндүн бою дүркүрөп,
Өлүүчү бурут өзүң кел,
Жанып кетер учкан жел,
Каның болор аккан сел,
Баатырың болсо бачым кел,
Ооздон оту буркурап,
Көзүнөн жалын шыркырап,
Астындагы сурала ат
Атырылып жүгүрсө
Этек-жеңи дыркырап,
Кырамын – деп, бу келген
Буруттардын баарысын,
Мылтыкка куюп дарысын,
Тогуз карыш казандай
Коргошун окту салганы,
Салган огу коргошун,
Салпылдаган бу каапыр
Өзүнүн билбейт оңбосун.
Бу кайдан келген бурут – деп,
Немеси калбай кырылсын
Кайнап жаткан журут – деп,
Аскерди көздөй ок атты,
Алтымыш төрт кишини
Бүтүрдү тамам ишини.
Аткан огу жетиптир,
Алтымыш төрт кишини
Алек кылып кетиптир.
Ок түшкөн жери оюлду,
Ушу келген буруттар
Кылайын – деп, тоюнду,
Ок тийген жери казылды,
Обо көчкөн немедей
Күн күркүрөп басылды.
Мылтыгынын түтүнү
Туман түшүп ачылды,
Ал жердеги мусулман
Ар тарапка чачылды.
Майдан жаккы калың кол
Баары качып дүрбөдү,
Баатырың болсо мага кел,
Бачымыраак жүр! – деди.
Айгай салып акырып,
Ачууланып бакырып,
Үтүгүнө шоодай – деп,
Умтулуп каапыр чакырып,
Бурут – деп, бу да сөгүптүр,
Муну Манас көрүптүр.
Казак, кыргыз карасы,
Калкка болор паанасы,
Кан Жакыптын баласы
Кабылан баатыр Манасы
Калдыбы мунун барбасы?!
«Алып кел бери ат –деди,
Атымды бери тарт –деди
Алтымыш кишини өлтүрүп,
Азыр болду март – деди,
Алла Таала буюрса
Ант ургурга болоюн
Айыкпаган дарт!» – деди.
Ал сөздү айтып эр Манас,
Кандагайды шымданып,

Кара боюн чыңданып,
Ак күбө тонду жамынып,
Арстандай чамынып,
Шаңгыгайыр каапырга
Салышмакка камынып,
Карагын белге чалынып,
Жаратканга жалынып,
Азирет Аалы шерлердин,
Шейит өткөн эрлердин
Арбагына сыйынып,
Азат бойдун кайраты
Маңдайына жыйылып,
Кара боюн каптаган,
Мылтыктын огу батпаган,
Астындагы Кула атты
Кандагай менен каптаган,
Кара бою капталуу,
Кандагайга чапталуу,
Тула бою күймөлүү,
Туягынан бөлөгү
Сары алтындан түймөлүү.
Сары камыш кыйдырган,
Саратанга жыйдырган,
Кыл устага кылдырган,
Тарамыш менен желимди,
Түк чыгарбай желини,
Камыш менен тарамыш,
Напзасына караңыз,
Узун кылып улаткан,
Урушкан жоосун сулаткан,
Түпөгүн кара байлаган,
Урушкан жоосун жайлаган,
Найзасынын темирин
Болотту согуп миздеген,
Урушканда душмандын
Өлүүчү жерин издеген,
Бөрү тил мизин чыгарган,
Заар менен сугарган,
Он сегиз түрлүү сырдаган,
Темирин үч кыр кырдаган,
Желге кармап турганда
Жетимиш түрлүү ырдаган
Найзаны алды колуна,
Айкожо берген Аккелте
Асынды бүгүн жонуна.
Абунасыр заманы,
Айталыкчы биз аны:
Кызмат кылган жашында,
Кырк жыл тамам туруптур
Ак байгамбар кашында.
Мыгражыдан баатырдын
Оройюн көрүп башында
Калтырган экен аманат,
Мылтыкта канча алаамат:
Алыскы-жуук айныбайт,
Ыраакы-жакын ылгабас,
Ортосу болот, оозу албарс,
Түтүнү туман, түбү Ыспан,
Кароолу дажаал, огу ажал
Касиеттүү Аккелте
Асынды азыр мойнуна,
Аңдап көргүн баатырдын
Кыла турган ойнуна.
Көмүрүнө чыдабай
Көккү токой кыйылган,
Көөрүгүнө чыдабай
Көк букалар союлган,
Барскан урган устанын
Балтырлары чоюлган.
Көпө деген шаарда
Көп усталар иштеген,
Өкүмсүгөн душмандын
Өлөр жерин издеген,
Учун кайкы чыгарган,
Уу менен сугарган,
Ак байгамбар Мустапа

Казат үчүн алдырган,
Абунасыр кожодон
Аманатка калтырган.
Түн ичинде суурса
Өрт күйгөндөй кызарган,
Уруштуу күндө узарган,
Тоону чапса таш кескен,
Белге чапса баш кескен,
Шиберге койсо өрт кеткен,
Шилтегени мүрт кеткен
Кылычын белге байланып,
Кызыр Ильяс жар бол! – деп
Кырк чилтенге жалбарып,
Таш көмүргө таптаган,
Как ыргайга саптаган,
Көөкөрчө кылып ийдирген,
Кыл кыял чаап чийдирген,
Чагарагын алтын сомдогон,
Чапкан жоосу оңбогон,
Эшик эндүү айбалта
Кыстарып алып белине,
Бармак болду баатырың
Кытайдын турган жерине.
Шаңгыгайыр шондо кеп айтат,
Шашпай туруп бек айтат:
«Алышпайлык итке окшоп,
Арбыбай турган ишке окшоп,
Сен туруп бергин, атамын,
Жер дүйнөгө чаң салган
Желмогуздай бурутум.
Берейин сенин азабың,
Же туруп берем, атып көр,
Айбандарга окшошуп
Асылышпай бепбекер».
Бу сөздү каапыр салганы,
Качышпайлык каапыр – деп,
Баатыр макул алганы,
Коркпой туруп бергин – деп,
Колдогону кырк чилтен
Коргон боло калганы.
Манаска мылтык сундурду,
Күркүрөгөн добушу
Күндүк жерде аскердин
Кулактарын тундурду.
Кайыберен кырк чилтен
Кагып огун салганы,
Кабылан Манас баатырың
Каапыр аткан огунан
Азыр аман калганы.
Атыш андай эмес, мындай! – деп,
Аккелте мылтык алганы,
Адырайып бу каапыр
Манаска жүзүн салганы,
Соңкуга болсун макал – деп,
Токойдой кара сакал! – деп,
Ээгин өлчөп эр Манас
Машакы ирмеп ийгени,
Чоргодой болгон кызыл чок
Казанчыкка киргени,
Ооз оту жарк этип,
Обо көчүп тарс этип,
Ойротту басты кызыл чок,
Шаңгыгайыр балбандын
Денеси калган, башы жок.
Аккелте огу жетиптир,
Жулуп башын кетиптир.
Керемет эмей неткени
Келдесин үзүп кеткени,
Кашына Манас жеткени,
Бир ок менен алыптыр,
Буластаган баатырың
Кумардан чыкпай калыптыр.
Найза жанчып, кылыч чаап
Арманы чыкпай калганы,
Атын коштоп алганы,
Ант ургурдун денеси

Жыгылбаган боюнча
Арстан Манас баатырың
Аскерге алып барганы.
Эки аягы тирелип,
Үзөңгүгө чирелип,
Башы жок барды денеси,
Баатырсыган немеси,
Эти сууп алыптыр,
Каткан бойдон какайып,
Катып атка калыптыр.
Он беш кыргыз, он казак,
Шо жерде болду куп мазак,
Жыйырма беши жыйылып
Жыгалбай жатыр атынан,
Билдиңерби Манасты
Бир атып шорун катырган,
Канкор Манас болбосо
Калбас эле бирөө да
Казак, кыргыз канча жан.
Алты балбан араңда
Саадагын жерден көтөрүп,
Кандай адам катылат,
Шаңгыгайыр арамга!
Мылтык экен замбирек,
Мыкты экен – деп, бадирек,
Кара журт айран калыптыр,
Бир жак башын үч балбан,
Бир жак башын үч балбан
Алты балбан көтөрүп,
Асынып жүргөн жаасын
Алып барды Абунасырга,
Абунасыр таң калды,
Аны алган Манас баатырга.
Анын арка жагынан,
Айбатын көргөн жаңылган,
Майлык аттуу балбаны
Барабан согуп барганы.
Ала соору аты бар,
Азезилдей заты бар,
Ары балбан, ары аяр,
Каарданып каркыбар,
Майданга кирди бакырып,
Баатырың кел! – деп, чакырып.
Көкжал эр көзүн салыптыр,
Көргөн жерден эр Манас
Көтөрүп найзаны алыптыр.
Кытай экен кызыталак,
Кыйгыл-чычкыл үнү бар,
Чыңымама деп сөгүптүр,
Желекти шамал төгүптүр,
Жекеге чыгып калганы,
Чыңымаңа чычты – деп,
Качырып найза салганы.
Кагып Манас найзасын,
Каапырга найза салыптыр,
Баатырдын кармап найзасын
Алмагын ойлоп калыптыр.
Найзаны кармап турганда
Коё берип найзаны,
Кыраан Манас баатырың
Кылыч менен кайсады.
Ач албарс кылыч жетиптир,
Алиги Майлык каапырдын
Алма каккан кемедей
Башы үзүлүп кетиптир.
Майданда баатыр калганы,
Каапырга каран салганы.
Өлгөнүн анын көргөнү,
Кол башчысы Туталык
Өкүмүнө көнгөнү.
Самбул аттуу балбаны
Салып чыгып барганы.
Манаска каршы жеткени,
Качырып найза неткени.
Каапырдын Самбул балбаны
Качырып найза салганы.

Кагып ийип найзасын,
Кан Манас найза салганы.
Экөө болду эр Самбул,
Бир киши мага жетти – деп,
Мени сайып өттү – деп,
Эми найза саярда
Экөө болуп кетти – деп,
Аяр экен каапыр – деп,
Акыр заман салармын
Аяр да болсоң акыр – деп,
Найзаны коюп эр Манас
Сууруп кылыч алганы,
Төрө кылыч чабарда
Төртөө болуп калганы.
Кайсынысын чабууну
Төрө Манас билбеди,
Чычымаңа чантуу – деп,
Кытайынча тилдеди.
Кылычты колуна алыптыр,
Кыраан Манас кыйкырып,
Төртөө болгон Самбулга
Төрө кылыч салганы.
Төртөө экиден бөлүнүп,
Сегиз Самбул көрүнүп,
Сандыргалуу Манаска
Жабылып урду жарагын,
Самбул аяр каапырдын
Өнөрүнө карагын.
Сегизин сегиз чапканда
Он алтыга бөлүндү,
Ошо кылып турганы
Орчун колго көрүндү.
Орчун кол карап турушту,
Ал он алты Самбулга
Оёнуң кылды урушту,
Оболку өткөн эрендер
Ойлоп көр мындай жумушту.
Жана Манас жетиптир,
Бир-бирден чаап кетиптир.
Отуз эки жан болду,
Жер дүйнөнүн баарысы
Кыпкызыл сел кан болду.
Аяр экен акыр – деп,
Аяр менен урушүп
Айласын таппас баатыр – деп,
Күчөңдүн Байгүш аяры
Майданга кирип барганы,
Апсун окуп, дем салып,
Азыр кирди майданга.
Каны кара суу болду,
Жер дүйнөнүн баарысы
Кулак тунган чуу болду.
Куурай менен чөбүнү
Адам кылды көбүнү.
Чылабалап чуу болду,
Самбул аяр өнөрү-
Кылган иши бу болду.
Жерден чыккан куурай чөп
Аскер болуп кумдан көп,
Манасты көздөп асылды,
Байгүш аяр дем салып,
Үшкүргөндө от болуп,
Шашкелик жерге жазылды.
Адам болуп асылган
Чөп, киеси, куурайын
Өрттөп ийди жудайын.
Күркүрөгөн катуу жел
Күн чыгыш жактан жетиптир,
Жалбыраган жалыны
Күн батышка кетиптир,
Аяк жагы аралча
Үстүн-астын күйгүзүп,
Үч күндүк жерге жетиптир.
Күнү-түнү жаныптыр,
Аша күйүп бир белди,
Айран кылды көп элди.

Аяр Байгүш урушта
Апсун окуп салыптыр,
Алиги белдин атагы
Акыр заман журтуна
Күйүк атка калыптыр,
Майдандагы Самбулду
Байгүш тутуп алыптыр.
Аяк-колун байлады,
Самбулдун көзү жайнады,
Апсун окуур алы жок,
Антип шору кайнады.
Бегүш аяр барганы,
Бекемдеп тилин байлады.
Бир киши барса нетти – деп,
Аяры кошо асылып,
Үчөөлөп алып кетти – деп,
Себетсуу деген аяры
Жетип бу да барганы,
Майданга кирип, колуна
Бир топурак кармады.
Топуракты демдеди,
Тозорсуң чантуу сен – деди.
Топурак болду коргону,
Айланасын туюктап
Алиги төртөөн койгону.
Бийиктиги миң кулач
Дубал болуп турганы,
Аяр Таскыл тез болуп,
Күрсүсүнө дем салып,
Ал сепилди урганы.
Сепил эрип, суу болду,
Сел каптаса өлдүк – деп,
Айгайлаган чуу болду,
Сепил орду көл болду,
Таскыл окуп дем салып,
Себетсуу көзү көр болду.
Майдандан аны байлады,
Аскер башчы Туталык:
«Кайта элине жибербей,
Бул чантууну жуталык»,
Муну айтып колун айдады.
Аскеринин баарысы
Ат коюшуп калышты.
Көл кургады, жер болду,
Көпчүлүгү сел болду,
Чага-чага, пайна – деп,
Чабуул койгон эл болду,
Каптаган кара сел болду,
Байгүш, Таскыл, эр Манас,
Бегүш төртөө не болду?
Аны көрүп мусулман,
Ат койгону канча жан,
Ак сакалы Айдаркан,
Баштап кирди Бакай кан,
Үйшүн, Үмөт, эр Жайсаң,
Аргын Каракожосу,
Аскери менен кошо бу,
Бообек, Шаабек, Шүкүрү,
Арбан уулу Алтайы,
Дөрбөндөрдүн Төртайы,
Төлгөчү кара Төлөгү,
Токтолбой мындан бөлөгү,
Далычысы Агыдай
Токтолбоду Токотой.
Элеман менен Калкаман,
Эрдемсиген каапырга
Эми түштү бир заман.
Сырттан Сыргак, эр Серек,
Карап туруш не керек.
Алымдардан Алакен,
Арстан Мажик бар экен.
Күлдүрдүн уулу Чалыбай,
Күлдүргүчү Ажыбай,
Кыргыздардан Кутунай,
Кыпчактардан Чаганбай,
Каратоко Саламат,

Каапырга салып алаамат
Каптады канча жамагат.
Казактардан Жоорунчу,
Кайгыл, Бөгөл, Тоорулчу,
Шыңгынын уулу Кербени,
Чыландыктын Дөрбөнү,
Сырттандардын баарысы
Шыпкала баары жөнөдү.
Бөрү жолдуу Бөгөлү,
Ырчы уул, Жайсаң ыктуусу,
Каратүлөө мыктуусу.
Каратүлөө Кабыке,
Жаңгерлерден Жабыке,
Жалпы аламан мусулман,
Жан аябай ушундан,
Ал күнкү болгон уруштан
Жердин жүзү бузулган,
Суудай акты кызыл кан.
Жети жүз миң каапырды
Он бир жүз миң мусулман
Оюн тоого жапырды,
Канын суудай сапырды,
Тоосун ойго жапырды,
Тозоңун көккө сапырды,
Кара күрмө, жеңи жок,
Калдай экен, беги жок.
Жашыл күрмө, жеңи жок,
Жаң-жуң экен беги жок,
Үч күндүк жерге сүрүштү,
Үч күн, үч түн тынчыбай
Уруш менен жүрүштү.
Азууларын аркайтып,
Аттар өлүп кулады,
Муруттарын чычайтып,
Азаматтар сулады,
Арстан эрдин урушу
Арзан кыргын турабы,
Акыр заман адамы
Аңдап көргүн буларды,
Алдырган экен кытайга
Алардан мурун бу жайды.
Бээжин кайда, жер кайда,
Бел бошоттук не пайда?
Түрк уулунун калганы
Калмак болуп алганы,
Алалыктан алдырып,
Ээн калган жер бар – деп,
Эндекей алаш эл бар – деп,
Түп Бээжинге кытайга
Кабарды калмак салганы,
Кызый-кызый кытайлар
Кырымга чейин алганы,
Кыраан Манас баш болуп,
Кыргынды минтип салганы,
Он бир жүз миң аскерден
Эки жүз миң элүү миң
Кыяматка барганы.
Кызыл чоктуу ойроттон
Кыйласын алаш сойлоткон.
Үч жүз миңи калыптыр,
Төрт жүз миңдей аскердин
Төгүп канын салыптыр,
Төрө Манас баш болуп,
Төртүнчү күндө жаныптыр,
Мусулман, каапыр-эки журт,
Көптүгүн көрсөң кара курт,
Эки кол эки бөлүндү,
Үч күн, үч түн чабышып,
Канчанын каны төгүлдү.
Ташкенди көздөй качууга
Таштай жолу бекиди,
Көкөтөйдүн элинен
Көрүп каапыр шекиди,
Баатыр менен балбаны,
Алты жүз миң кол экен,
Кетер жолун алганы.

Чыйырчыктан, Ташкенден,
Бир адамын киргизбей
Маңгул, кытай, башка элден,
Арасында калмагы,
Өз тууганын жат көрүп,
Азапка бу да калганы,
Аскер баштап барганы,
Кыйынсынган Туталык
Шоролуктун оюнан
Кыраан Бакай кармады.
Сырдын бою сырт экен,
Аягы Чуунун ай талаа,
Көзүнөн учту каапырдын
Ташкен деген чоң калаа.
Сары калдай калмагы
Сапырылып баарысы,
Боз үй тиккен эл байы
Сапырылып калганы,
Боздоп үрктү далайы,
Жетигенди бет алып,
Жер жайнаган үркүнү,
Алтын, күмүш, жамбыны,
Жерге көмдү мүлкүнү.
Аралашкан алаш бар,
Алар да кошо качыптыр,
Түмөндөгөн көп калмак
Дүнүйөсүн чачыптыр.
Төөсү миңден байлар бар,
Төөгө жакшы жайлар бар,
Төөсү калып жыйылбай,
Төккөн жашы тыйылбай,
Кою калды короодо,
Аштыгы калды ороодо,
Жылкысы Сырдын боюнда,
Мурунку кылган кордугу
Түрк уулунун оюнда.
Алаш деген эл болуп,
Арстан Манас башында,
Аккан дайра сел болуп,
Каптап кирди каапырды
Кара шамал жел болуп,
Ташкендин түн жак тарабы
Тоосу барып түгөндү
Адыр-адыр бел болуп,
Алаш, калмак аралаш
Жаткан жайнап эл болуп.
Он беш жүз миң кол менен,
Ойбойлотуп жол менен,
Жеткенинин баарысын
Жер жайната чаап алып,
Жерге каткан дүйнөсүн
Көсөмдөрү таап алып,
Желедеги бээлерин
Камбылдары саап алып,
Үч жүз миң калган кытайы,
Маңгул, калмак аралаш
Баарынын кетип куп шайы,
Үркүнүнө кошулуп,
Качып кетип баратыр,
Дүнүйөгө карабай
Чачып кетип баратыр,
Кечээ качкан орунун
Бүгүн барып мусулман
Басып кетип баратыр,
Түк койбостон дүмүрүн
Казып кетип баратыр,
Тоо түгөнүп уч болуп,
Жол түгөнүп түз болуп,
Уруш изи күз болуп,
Суу түгөндү, чөл болуп,
Тоо түгөндү, бел болуп,
Көрбөгөн бенде тел болуп.
Томуктай болгон тоосу жок,
Согушарга жоосу жок,
Кашыктай болгон кары жок,
Кара бута шаары жок,

Ээн талаа, эрме чөл,
Эңгиреген каран чөл,
Аягы барып Ара-Көл,
Куланды деген кудукка
Кууп барган аскери
Конуп орун алганы.
Көкчө баатыр баш болуп,
Оң жагына салганы,
Айылын көрүп алыстан
Ат коюшуп барганы.
Адам да жок, мал да жок,
Ал жердеги калмактан
Түк немеси калган жок.
Уйлөрүн таштап салыптыр,
Уркүп кетип калыптыр.
Калмак түгүл казагы,
Канкор Манас барында
Каапырга түшкөн азабы,
Агарган үйү калганы,
Эч бир олжо албады.
Айыл деген баарысы
Агарган бейит экен деп?
Айдаркан айтып салганы,
Акыр заман журтуна
Акмоло атка калганы.
Чапкан эл шондо токтолду,
Тополоң чабуул жок болду.
Үрккөн калмак нетиптир,
Оролдун астын оролуп
Ополго кирип кетиптир.
Оболку аты Орто-Тоо,
Орчун үркүн барган шоо.
Ойротко айттым тыңда – деп,
Опо таптык мында – деп,
Ошондон орун алыптыр,
Орто-Тоонун атагы
Ошо күндөн ушу күн
Опо атакка калыптыр.
Кыргыз, казак биригип,
Кытайга кыргын салыптыр,
Кыраан Манас баатырың
Кулан-Булак жайыктан
Кайра тартып калыптыр.
Келип конду Куу-Тезге,
Кетирбей намыс бу кезде,
Каран салып калмакка,
Балаа кылды маңгулга,
Кыргын салды кытайга,
Кан Манасы өткөн соң
Ким жетиптир мындайга!
Казак, кыргыз жыйылып,
Төрт күн жатып шол жайда,
Казак, кыргыз жол болуп,
Ошо кезде жыйылып
Он беш жүз миң кол болуп,
Айдаркан, Ошпур каны бар,
Ата уулунун баары бар,
Кытайга кыргын салыптыр,
Манжулуктун Айнакул,
Баатыр экен мына бул.
Кылымдан чыккан эр бол – деп,
Кырк жигит башы сеп бол – деп,
Кыраан эр айтып салыптыр.
Кызыл желек туу менен,
Кыйкырып ызы-чуу менен,
Кыргыздаган чуу менен
Кыраан Манас жөнөлдү.
Карала байрак туу менен,
Казактаган чуу менен,
Кан Айдаркан жөнөлдү.
Ак асаба туу менен,
Айгайлаган чуу менен
Кыпчак Үрбү жөнөдү,
Баатыр Жанай, Баймырза
Башчы болуп колуна,
Баштап алып жөңөлдү

Кең Ташкендин жолуна.
Мусулман болгон алаштар,
Мурунтан ушу намаз бар,
Намаз окуп калышат,
Ташкенден барган алаштар
Таңыркап көзүн салышат.
«Көтү-башың жуудуңар,
Көбүңөр жардап турдуңар,
Биз көрбөгөн бир жумуш,
Не ырым – деп, мунуңар!»
Көпчүлүгү сурады.
«Эриндериң кыбырап,
Силер менен бирөөбү
Сүйлөшүп келип турабы?
Оңду-солду карашып,
Анда эмине көрдүң?» – деп,
Убара кылды буларды.
«Калааңарга баралык,
Карын токтоп алалык,
Шаарыңарга баралык,
Шашпай жатып алалык.
Билген кептин баарысын
Биз ушу жерде айтарбыз,
Эч болбосо бир айга
Тынчтык алып кайтарбыз».
Бу сөздү айтып салышып,
Мусулмандын баарысы
Түрдөнүшүп алышып,
Ата уругун сурашып,
Калаага кирди капташып,
Азирет! – деп, чуулашып,
Он эки капка Ташкенге,
Олут эмес мурунтан
Түрк уулунан башка элге,
Түбүн түптөп таш менен,
Түк кошпостон башка элден,
Түрк баласы салдырган,
Таштан түбүн кылгандан
Ташкен атка калтырган,
Ээн баштык кылып кыргыздар
Эренге кырк жыл алдырган.
Тагдыр Алла буйругу
Дагы түрккө калтырган,
Кастык кылып калмактар
Какандагы кытайга
Эки жүз жыл алдырган.
Эр Манас, Көкчө биригип ...
Алаш уулу кыргыздан
Арстан Манас баатырды,
Айтып келген жомогуң
Алла кайда чатылды,
Арасына бир канча
Адабият жазылды.
Арстан Манас, эр Көкчө,
Баатырлардын баары бар,
Суң кытайдан Панус кан
Али такта дагы бар,
Ал бейкабар турганда
Айгайлашып көп алаш
Калаага кирген чагы бар.
Кернейдин үнү бапылдап,
Сурнайдын үнү такылдап.
Душманды сырттан багышып,
Чилмардан, доол кагышып,
Алашташып акырып,
Дүңгүрөгөн көп аскер
Түрк ураанын чакырып,
Көчөнүн ичин көчүрүп,
Көккө чаңын сапырып,
Катуу кайрат сөздөшүп,
Капкаларга көздөшүп,
Аскер кирип алыптыр,
Тактадагы Панус кан
Талып түшүп калыптыр,
Тууралык деген аяры
Тура сала ордунан

Панус канга барыптыр,
Тактан түштү каныңыз,
Чын душманды көргөндө
Чыдаар кантип жаныңыз,
Сууну бүркты бетине,
Суулар келген кезинде
Сүрү кетип каныңыз,
Суу ичкендей сумсайып,
Араңда келди эсине.
Панус кан наалып кеп айтат:
«Бадирек жалган – деп, айтат,
Башымда дө .лөт бактымдан,
Айрылдым таажы, тактымдан,
Куш тилинче кабар жок
Аткарган аскер калкымдан.
Баатыр менен балбаным,
Баары кетип жоголуп,
Байкабай чыкты далдалым,
Айла кылып урушпай
Абыдан толду арманым,
Кармаша кетсем кол жыйып,
Калабалуу чантууга ‘
Келбес беле дарманым?
Кытай уулу сыңарым,
Кырылып жандан тынарым,
Билдим эле мурунтан
Чантуунун бирди кыларын.
Канча экен, – деп, колу, – деп,
Канетсе да бу чантуу
Болгон экен жолу – деп,
Аткардым арбын черүүнү
Ага эмине болду? – деп,
Төрт күн болду жибердим,
Төрт жүз миң аскер колду – деп,
Душманга беттеп бар – дедим,
Туталык балбан зорду – деп,
Маталык Бөгөн барды – деп,
Балакет болуп үстүмө
Бар чантуу келип калды» – деп,
Коркуп жанын шекитип,
Коргондогу дарбаза
Самөк салып бекитип,
Камоодо турсун аныңыз,
Калаага кирди жер жарып
Кабылан Манас каныңыз.
Кадимдей эски жомогуң...
Көчөнүн ичин көчүрүп,
Ындынын минтип өчүрүп,
Чагалалап калмагы,
Чабуул коюп көп аскер
Чакчелекей салганы:
Таштын баарын кулатып,
Тамдын баарын уратып,
Такаар берген кармагын
Тар көчөгө сулатып,
Кужулдатып кытайды
Кууп кирип калышып,
Тамга кире берерде
Куйрукка найза малышып,
Кукулдаган тоосунун
Башын үзүп алышып,
Үрүп чыккан итини
Кыйык атып салышып,
Кыйгыйлатып кытайын,
Кыйласын кармап алышып,
Мөөрөтүп айдап сыйырын,
Бөлүп-бөлүп кыйырын,
Баары каапыр качышып,
Жабылуу турган дүкөнүн
Балталашып ачышып,
Бар дүйнөсүн чачышып,
Буулум, бута бул алып,
Бузганына кубанып,
Торгун, тубар, шайы алып,
Таңгагы менен чай алып,
Коркулдаган доңузун

Колтукка найза мылгытып,
Койкондогон тотусун
Башын жулуп ыргытып,
Байбайлатып калмагын,
Башынан каны шорголоп,
Бакылдаган кытайы
Бастырмага корголоп,
Мусулман курчап эшиктен,
Каапырларда калбады
Кылайган неме кешиктен,
Кара жанын калкалап,
Чыга качып чычайып
Коргонунун артында
Кой киргизген тешиктен.
Найза менен койгулап
Аңылдаган эшегин,
Абыдан тапты эсебин.
Качып чыгып канчасы
Кара жанын калкалап,
Камап кирген алаштар
Капкаларын талкалап,
Аскер кирген таң менен,
Асманды баскан чаң менен.
Кечке аламан коюшуп,
Камбылдардын баарысы
Карк дүйнөгө тоюшуп,
Калбага калмак калыптыр,
Калганга катылбагын! – деп,
Кан Бакай айгай салыптыр,
Карсылдатып токмоктоп,
Калкын жыйып алыптыр.
Кытайга кыйноо салыптыр,
Кызыталактар тийбе – деп,
Кыргыл чал тыйып алыптыр.
Каапырга калба салыптыр,
Калганына тийбе – деп,
Кан Айдаркан бакырып,
Карсылдатып жапырып,
Казагын тыйып алыптыр.
Топ башысы токтолуп,
Көзү жоктун баарысын
Көп ичинде жоктотуп,
Ал кезекте алаштар,
Арстан Манас баатыр бар,
Ойронду жоого салганы,
Олжону мыктап алганы.
Ойбойду каапыр салганы,
Ошол кездеги түрк уулу
Калды бекен арманы,
Топ-топ болуп кошуна
Толкуп аскер барганы.
Айры менен нар алып,
Алтын-күмүш зар алып,
Албан түрлүү мал алып,
Минерине жорго алып,
Миң дилделик торко алып,
Минтип жүргөн дагы бар,
Казынасы кайда? – деп,
Эски коргон чалдыбар
Немесин койбой оодарып,
Тинтип жүргөн дагы бар.
Бүгүн койгон өлүгүн
Мүлк бар го – деп, ачышып,
Өлүгү бар экен – деп,
Бүлүнүшүп качышып,
Көмүк экен – деп, барып,
Көрдүн оозун ачышып,
Көрө сала качышып,
Атасынын көрү – деп,
Алып жүргүн бери – деп,
Сүйлөп жүргөн дагы бар,
Алдыратып калмакты
Сүйрөп жүргөн дагы бар.
Кыжылдатып кытайды
Байлап жүргөн дагы бар,
Кыйыктанган кытайды

Кызыталак каапыр – деп,
Кылыч менен бир салып,
Жайлап жүргөн дагы бар.
Алаш уулу болушуп,
Азим шаар Ташкенге
Аралаша конушуп,
Аскери кумдай толушуп,
Адамдын баары аалашып,
Аттардын баары таң ашып,
Аламанга кеткендер
Өз кошунан адашып,
Кырдан ойго чабышып,
Кыйкырышып табышып,
Кыйла балдар шудуңдап
Кытай да болсо алсак – деп,
Кыз, келинге жабышып,
Кызганганын кытайдын
Кызылала кылышып,
Башын жара чабышып,
Соо жүрбөгөн боз балдар
Зордук менен табышып,
Каапырга кайгы салышып,
Кайтып кошун таба албай
Караңгыга калышып,
Кайдасың – деп, бир-бирин
Кайгайлашып калышып,
Калабалуу боз балдар
Каапыр да болсо алсак – деп,
Калмактын катын, кызына
Катылышып калышып,
Каапырга катылбагын! – деп,
Карыясы жемелеп,
Кайтарышып алышып,
Ташкендин ичи дуу болуп,
Дабыр-дүбүр чуу болуп
Таң атырды көпчүлүк,
Дабырты бийик көп түрүк.
Мажусу динде диндери,
Башынан бөлөк тилдери,
Бири кытай, бири түрк
Аралашкан жиндери.
Өкүмөт болуп кытай да
Өмөлүп арбын барыптыр,
Өз калаасын ээ кылбай
Өөдөсүнүп алыптыр,
Эки жүз жылдан бери жакка
Ээ болуп кытай калыптыр,
Эр Манас, Көкчө биригип
Эми түйшүк салыптыр,
Анда турган алаштар
Атырылып кытайга,
Адам болуп калыптыр.
Кызылбаш бар, тарса бар.
Кыргыз, казак канча бар,
Жөөт менен сакалат,
Жөнүн көрүп алаштын
Сүйлөй албай какалат.
Үч жүз экен ындысы,
Аскерге мурун барыптыр,
Аттангандын баарысы
Алек болуп калыптыр.
Кечээ күнү таң менен
Өмөлүп аскер кириптир,
Казаттан эри өлгөнүн
Катындары билиптир,
Калган бала-чакасын,
Баарын өрттөп ийиптир,
Малы-булун дагы өрттөп,
Өздөрү отко кириптир.
Каапырдын экен жаманы,
Калбаптыр бир да аманы,
Каар болгон каапырга
Канкор Манас заманы.
Таң атканда көп аскер
Нагыраны чалганы,
Абунасыр заманы

Азан айтып калганы.
Азандын үнүн угуптур,
Андагы алаш балдары
Айран-азыр калыптыр,
Айтканыңыз недир? – деп,
Айкожого барганы,
Аскерде жүргөн көп алаш
Андан бетер таңыркап
Көпкө көзүн салганы.
Көрбөгөн экен андайды,
Көзүн салып далдайды.
Абунасыр заманы
Арт жагынан намаздын
Габирет бата баштады,
Адамдар көзүн жаштады,
Айтканын сурап билсек – деп,
Андагы алаш шашканы.
Намазын окуп алган соң,
Батага колун көтөрүп,
Баары тарап калган соң
Көкөтөй менен Жанайы,
Көсөмдөрдүн далайы,
Баймырза менен Торуму,
Башкача кыйын боруму,
Азыр келди дүркүрөп,
Алардын Ташкен оруну,
Сурамакка жыйылып
Шарияттын жолуну.
Баймырза кепти баштады,
Башкасы тыңшап шашпады:
«Атабыз Туран, Кара кан,
Андан келе түшкөндө
Алты тайпа тараган.
Улук өткөн Угуз кан,
Ушу күндө таң болдум,
Укпадык да, көрбөдүк
Убара болгон бул ишти
Кандай адам жугузган?
Алаштанбыз баарыбыз,
Ак сакалдуу бул адам
Кайдан келген жаныңыз?
Алты уруубуз Турандан,
Арбыган соң көп болуп
Ар тарапка жөнөлгөн,
Кыңк эттирбей биздерди
Кытай басып өмөлгөн.
Татар менен маңгул бар,
Тамашалуу бир ишти
Азыр кылып салдыңар,
Кармап алып кулагын,
Күн батышты бет алып
Не кыйкырып калдыңар?
Көрүүгө сонун мунуңар,
Чычып койгон баладай
Көттөрүңдү жуудуңар.
Асилиң бизге туугансыз,
Намыстын жолун куугансыз,
Аз жылдан бери бөлүнүп,
Алтайга барып тургансыз.
Сербия түрүктүр,
Сенделип түмөн жүрүптүр,
Италия түрүктүр,
Имерилбей жүрүптүр.
Калганы мында туруптур,
Казатка моюн сунуптур,
Канча убактан бу жакка
Катташа албай куруптур,
Кандай жолго кирдиңер,
Айран болуп туруппуз?!
Ата жолун жоюпсуз,
Бабаңыздын наркынан
Баарын кылбай коюпсуз.
Баарың кырка турдуңар,
Башка бир жумуш мунуңар.
Өбөктөп өөдө болдуңар,
Бооруңарда колуңар,

Болжолу жок бир жумуш
-Башыңды жерге койдуңар,
Катар-катар турушкан
Кайсы түрлүү ойнуңар?
Элиңиздин баарысы
Эки жагын карады,
Ушу кылган ишиңер
Эмине ишке жарады?
Бабабыз кылган иш эмес,
Баштагы эл баскан из эмес.
Атабыз кылган иш эмес,
Баарың кылдың көпчүлүк,
Аз-мазыраак киши эмес.
Энебиз баскан из эмес,
Эрмек кылган иш эмес.
Сыйпадыңар жүзүңдү,
Күн батышка каратып
Күлдү баарың түзүңдү.
Күн батыш кылдың бетиңди,
Азыр бекер болдуңар,
Айтыңар билген нээтиңди?
Биз билбеген бир сөздү
Кожурадың, калдыңар,
Баарың бирдей күңгүрөп
Кол көтөрүп алдыңар,
Ээгиңерге кол сыйпап
Нени көрдүң баарыңар?!
Өңкөй алаш тууганбыз,
Өкүмүндө кытайдын
Көптөн бери турганбыз.
Ачылды, – деп,-башыбыз,
Бойго тарап ашыбыз,
Кургады, – деп,-жашыбыз,
Азыр турбуз кубанып,
Жыгылдыңар, турдуңар,
Жерди көздөй куланып,
Жалгыз эмес жамыңар,
Жайын айтып салыңар,
Калк кылбаган бир иш ко,
Кайдан тапкан заңыңар?
Алтайдан келген ага-ини
Алдыңар кайдан бу динди?
Кытайдан келген кылыкпы,
Кыйын кишиң мурунтан
Мындай ишти кылыпбы?
Орустан келген оюнбу,
Айтыңар билген оюңду?
Маңгулдан чыккан басыкпы,
Баштагы өткөн бабабыз
Ушу жолго басыпбы?
Алтайдан келген алаштар
Буздуңар кандай басыкты,
Мурдагы өтүп кеткендер
Болуптурбу жазыктуу?
Же каңгайдан келген кабарбы?
Алтайдан келген алаштар
Азапты мындай табарбы?
Ага-ини болдук сиздерге.
Айтыңар, – деп,-кабарды»
Баймырза баштап сурады,
Көкөтөй бар карыя,
Көпчүлүгү чуулады:
«Көрдүңөрбү бирдеме,
Көзгө илинип турабы?
Буркандын баары бизде бар,
Бузган ата жолуну
Мурдарчылык сизде бар.
Куттун баары бизде бар,
Куру мээнет баштаган
Кубаарычылык сизде бар.
Мында келдик жыйылып,
Мында келбестен мурун
Бурканга жаттык сыйынып.
Мында келдик чогулуп,
Мында келбестен мурун
Кутка жаттык чокунуп.

Баштагы алаш балдары
Сыйынары кут экен,
Кут дегенин карасак
Коргошундан эритип,
Куюп алган бут экен.
Сууга куюп салчу экен,
Кутубуз жакшы болду – деп,
Кубанышып калчу экен.
Миң жылдан аркы атаңыз
Билгенин айтып жатабыз,
Наадандыктан ал кезде
Канчалык өткөн катабыз,
Азыркыда акыл көп,
Ар сөздүн даамын татабыз».
Атаңардын жомогун
Аяк-башын жазабыз.
Журт жыйылган баарысы,
Сурап карап калышты.
Сурап турган Баймырза,
Көкөтөй баштап улугу,
Чыйырчыктан суу ичип,
Чын Ташкенде туругу,
Төрт жүз миң экен аскери,
Төгөрөктөп сурады.
Аңгемени баштады,
Абунасыр заманы
Адеп көзүн жаштады:
«Сам өлөдү карып – деп,
Адам уулу дүйнөгө
Ар жерге кеткен тарап – деп,
Акылыңар жетеби
Асман-жерге карап? – деп,
Көрүнүп турат асман, жер,
Кандай болуп турат? – деп,
Көңүл менен ойлой бер.
Көңүлдө кандай иш? – деди,
Ушунчаны жоготпой
Көтөргөн кандай күч? – деди,
Көбүңөргө айтайын
Маанисине түш – деди,
Күч турат жерди көтөрүп,
Ошол кубат болбосо
Болор эле да ойрон
Өзүн өзү төңкөрүп.
Билиңер бир күч кубат – деп,
Асман-жердин баарысын
Аңтарбастан турат – деп,
Аңдап билип караңар,
Акыл жеткис дайра бар,
Ал дайраны кадактап
Көтөрүп ченин алууга
Адамда кандай айла бар?
Бириң эмес миңиңер
Оорлугун ошонун
Ойлоп-ойлоп билиңер,
Байкабасаң бул ишти
Батыл болор диниңер.
Карап турган кары-жаш
Жер үстүнөн көрдүңөр
Чоң-кичили канча таш,
Көтөрүп ченин алдыңбы?
Таш болсун – деп, катырып
Адам уулу салдыңбы?
Айткан эки маселе
Акылың жетпей калдыңбы?
Астыңда баскан жериңиз
Нече батман, нече бут,
Оорлугун-салмагын
Оюңа албай калбагын.
Айтып мага бериңиз,
Алаш экен уругуң,
Араңда жалгыз турумун,
Жообун айт, – деп, – мунумун?»
Абунасыр сурады,
Алаш уулу таң болуп
Алдырашып турады.

«Көтөрүп жерди ким көрсүн?»
Көкөтөй кайта сурады.
«Көтөрүп турган ким?» – дешип,
Көпчүлүгү чуулады.
Анда Айкожо кеп айтат:
«Ай калайык – деп, айтат,
Айтканда кирет сөзүңө,
Алыс эмес, жапжакын
Аралаш жүрөт өзүңө,
Ар канчалык карасаң
Түк көрүнбөйт көзүңө,
Эстесең келет эсиңе,
Караан-параан жолугуп
Келбейт каршы кезиңе,
Токсон миң тогуз аты бар,
Бир миң бир жүз заты бар,
Аян түшүп асмандан
Биздерде кыраат каты бар,
Кирпик ирмем кидирип
Бей капилет болбогон,
Асман-жерди козгобой
Өз эркинче колдогон,
Басып турган кара жер,
Жердин ченин көрбөдүң,
Акыл ойлоп карай бер,
Токсон миң аттын бир атын
Билиңиздер «Кудай» дээр.
Бир атын билгин «Кудай» – деп,
Билгенге айтам куп бир кеп.
Бир атын айтат «Сатар» – деп,
Эсиң болсо ойлогун
Эгем таала өзүнө
Эч нерсе келбес катар! – деп,
Бир атын айтат Жапар» – деп,
Сен жараткан бендеңбиз,
Жаман жайга жолотпой,
Жакшы жайга апар! – деп.
Бир атын айтат «Каар» – деп,
Бенделери сыйынар
Бейиштен тапсак баар – деп.
Бир атын айтат «Зулжалал»,
Көңүлүңдө ойлоп жүр
Көргөзбө – деп, көп залал.
Бир атын айтат «Рахман»,
Жер тургузуп, көк кылып,
Ар немени көп кылып,
Иш баштаган ыраактан.
Бир атын айтат «Алла» – деп,
Ар жандардын баары айтат
Ар балаадан колдо! – деп.
«Аалим» делет бир аты,
Ойго илинбес эч заты,
Токсон тогуз миң аты,
Кужулдайбыз кудай – деп,
Биз сүйлөгөн бир аты,
Акыл жетпес көп заты.
Болжоп көргүн калайык
Болтурайын аягын,
Бекер көрүп жебеңер
Бериштенин таягын.
Көзүң көргөн кара жер,
Көпчүлүгүн карай бер,
Көтөрдүм – деп, силерди
Акы албаган кандай эр!
Не сурабайт акысын
Жеке гана көтөрүп
Жердин-көктүн бакисин,
Бар – деп, анык билгениң
Бергениңер так ошол
Бербердигер акысын.
Жер көтөргөн кубат – деп,
Кубат күтүп турат – деп,
Айтканыңар уят кеп.
Кубат болгон кудайың,
Куп айтамын жудайын.
Туудурган аны ата жок,

Турат колдоп ката жок!
Тууган анда эне жок,
Туш келишер неме жок!
Өкүмүнө чара жок,
Өзү бар, андан бала жок,
Өзгө жандар түк билбейт,
Өзүнөн бөлөк даана жок!
Өзгө тууган-урук жок,
Өзүнөн бөлөк улук жок!
Кирпик ирмем кидирип
Капилети болбогон,
Макулук аттын баарысын
Базилинде колдогон,
Батырам десе асман-жер
Бир мистеге толбогон,
Түркү тилде күч – деди,
Арабыда-кудурет,
Алла бар – деп, билмегиң
Адамдарга чоң милдет.
Көрүп турган көзүңүз,
Көзүм көрүп турат – деп,
Жүрө бердиң өзүңүз,
Өз көзүм – деп, айтышың
Кыйла кыйын сөзүңүз. ‘
Көргөзгөн кудаа күчүдүр,
Кубаттын берген күүсүдүр.
Угуп турат кулагың,
Кандайлыктан укканын
Мен сиздерден сурадым?
Башка денең не укпайт,
Алланын күчү бу дагы.
Ачуу менен таттууну
Абыдан билдиң баркыны,
Ал билгени кудурет,
Кудуретти күч демек
Баарыңызга чоң милдет!
Жыт билип турат мурдуңуз,
Жыт билдирген ким экен,
Ким – деп, билип турдуңуз?
Билдирген Кубат күчүдүр,
Бир мурундун ичидир,
Сасык менен тазаны
Билген болсоң калайык
Жыт билдирген Кудай – деп,
Муну менен басалы.
Уучтап турган колуңуз,
Ушу билер жолуңуз,
Кармасын – деп, кол берди,
Жан чыккан соң карматсам
Туталбады, коё берди.
Кудуреттен кошулуп
Калган экен денеңиз,
Таш кармасаң талкалап
Өз күчүм экен дебеңиз.
Куп кошулган Кубаттан,
Кудай десе ынанбай
Басып жүрөт канча жан.
Аягыңдын басканы
Ага да кубат кошулган,
Ибарат алгын ушундан.
Аралаш алты мүчөңдө,
Алласыз өзүм болдум – деп,
Ашепке айтып күчөнбө!»
Абунасыр заманы
Ал сөздү айтып салганы.
Бет алдынан Көкөтөй
«Токтоңуз!» – деп, калганы.
«Берище уруп коёр – деп,
Бу жерде айткан кандай кеп?
Айтып-айтып көп сөздү
Акырет камын жедиңиз,
Арада туруп жана бир
Берище урат – дедиңиз,
Берище деген эмине
Белгисин айтың деги эле,
Айтканыңды кылбасак

Анан бизди жемеле.
Жообун сизден сураймын,
Ал бериште дегениң
Жолдошубу кудайдын?
Билгенин кылып калгандай,
Бизге таяк салгандай
Көрүнөбү биздерге,
Көрмөк үчүн аныңды
Көктөн-жерден издээрге.
Айттың бизге сөзүн – деп,
Азы-көбүн аралап,
Көрдүңүзбү өзүн – деп,
Асмандабы, жердеби,
Же бир жаңгел токой чердеби,
Теги биз баруучу жердеби,
Же суусуз кургак чөлдөбү,
Же көз жетпес чалкар көлдөбү?
Кандай жан болот бериште,
Кабарын берчи көрөлүк,
Калайыгың тиленет
Каттап көрүп келишке».
Көкөтөй айткан сөзүнө,
Айран болду Айкожо
Наадандыктын өзүнө.
Берштени көрсөт – деп,
Беймаза кылган сөзүнө.
Каткырыгы баш жарып
Катуу күлдү кожоңуз,
Кадимкиңин сөздөрүн
Катка салып кошобуз.
Абунасыр заманы
Аа – деди да, ыйлады,
Агып жашын тыйбады.
«Алаш уулу баарың ук,
Көкөтөй баштап карың ук,
Бериште биздей макулук.
Кудай жалгыз, шериксиз,
Кылды жерден которбойт
Кудуреттен эриксиз!
Дүнүйөдө турган чөп
Ар бирини өстүрүп
Бир бериште чыгарат.
Көптүгүн уксаң мындан көп
Жерден кие чыгар – деп,
Буйрук кылат кудайың,
Миң бериште бир чөптү
Сууруп чыгат жудайын.
Туткан Алла амырын,
Топурактан бүтүрүп,
Жерге коюп тамырын,
Өндүрүп келет көп кылып,
Ыраңын жашыл-көк кылып.
Жер жүзүн көрдүң канча чөп,
Бир киеде миң болсо
Бериште деген канча көп?!
Жараткандын жарлыгын
Жок деп айтпайт жериңиз,
Жердеги топурактан да
Бериште көп дей бериңиз.
Адам дени топурак,
Аштык. айдап, чөп жыйып
Биздей жүрбөйт топурап,
Атын айтып Алланын
Сүкүт менен олтурат,
Тамагынын ордуна
Улук Алла кудаанын
Нур сыпатын толтурат,
Муну кыл десе кудайы
Буйругун кылып болтурат,
Октон ылдам жүрүшөт,
Ошондой кыйын жумушу,
Белгиси жок биздерге
Кай мекенде турушу.
Оп деген осол бири бар,
Олордо жок, тазадыр,
Оп тартып тамак көп ичсең

Оңдурбай турган жазадыр.
Напси биздей анда жок,
Жара тартып жиберсең
Кызарып агар кан да жок.
Учуп жүрөт канат жок,
Ою менен иш кылып
Өзүнчө жүрөт, адат жок.
Буйругун күтөт кудаанын,
Кандай буйрук кылат – деп,
Күтүп турат жудайын.
Жер үстүндө кие бар,
Баарысына милдеткер,
Кыбыраган көп жандар
Бирин койбой милдеткер
Бир кишиңде миңден бар.
Бирөөмүн – деп, билбейсиң,
Чач чыгарган ким дейсиң?
Сакал, мурут, түгүңү,
Берииштеге салыптыр
Бенде сенин жүгүңдү.
Ичиңе жуткан тамагың
Тамак кандай тараарын
Милдеткер болгон бериште,
Биле бергин бир күндө
Миң которуп караарын.
Бу сөздү алгын эсиңе,
Бир канчасын таратып
Эт кылып кошуп этиңе,
Жардам берип жаныңа,
Бир канчасын таратып
Кан кылып кошуп каныңа.
Өзүңдүн кара жайыңа,
Бир канчасын таратып
Май кылып кошуп майыңа,
Канчасын чычар бок кылып,
Карыныңды тазалап,
Арытып турат жок кылып.
Канчасы сийдик суу болду,
Бериштенин кылары
Бир адамга бу болду.
Жалпы баарың билип ал,
Жан алуучу бири бар,
Азирейил атагы,
Асман-жерге түк сыйбайт
Ал бериште бутагы,
Таш, топурак, жыгачтан
Жан алууга милдеткер,
Кылайып тынчтык албастан,
Ушунчанын жандарын
Алып жатыр бу дагы.
Мен сүйлөйүн, баарың бил,
Бир бериште Микайыл,
Жайын айтам биле бер,
Жан салууга милдеткер
Бериштеден бу дагы.
Жерге-көккө сыйбастан
Мунун да арбын бутагы.
Салып турат жаныңды,
Жанга аралаш жүргүзүп
Микайыл аттуу бериште
Жүргүзүп турат каныңды.
Ысырайил бериште
Ушу дагы милдеткер
Ромду багып беришке.
Жебирейил бериште,
Ушу дагы милдеткер
Жер-көккө кабар бөришке.
Көгөргөн асман көгүңүз
Көл дарыя суу экен,
Куюлтуп бери жибербейт,
Кудаанын күчүн көрүңүз,
Өзү Керим Алланын
Өкүмүнө көнүңүз!
Көнбөй турган чараң жок,
Бу кудайдан кутулуп
Качып барар караң жок.

Асман-жердин арасы,
Ачып көзүң карачы,
Чыгып кетер жер барбы,
Кудай менен урушуп,
Өлбөй жүргөн эр барбы?!
Жок дегениң урушуң,
Бербердигер Алланын
Берište кылар жумушун,
Алла менен экен го
Адам болуп турушуң!»
Ал сөзүнө таңыркап
Алаштын баары куралган,
Аны көрүп кожосу
Алып китеп колуна,
Аят айтты курандан.
Акыра басым сүрөөнү
Дарасы айтып сүйлөдү,
Жараттым деген дүйнөнү
Жайын айтып сүйлөдү.
«Мен жараткан бендесиң
Бенделикке келгенсиң
Кудай мага ынанбай
Кутулар жериңкайсы жай?!
Алланын айткан сөзү – деп,
Айткан журтка аятын
Ак байгамбар өзү – деп,
Абунасир заманы
Көргөн анык көзү – деп,
Күч кудурет жок десең
Аллага кылган урушуң,
Акырында бир күнү
Бүтөр өлүп жумушуң.
Бары алаштын балдары
Мажусу динде сенделдиң,
Байгамбардын жарлыгы
Үч жүз сексен жаш жашап,
Урматыңа мен келдим».
Аят баштап Айкожо
Миналшыкан алыржым
Оозуна алганы.
Ордунан турду эр Жанай,
Анда да акыл бир далай:
«Шайтан деген эмине,
Жайын айт – деп, деги эле
Бериштенин бириби,
Өлбөй турган тириби,
Жараткандын жарлыгын
Жакшы кылып жүрүбү?
Сөздү баштап каласыз,
Баштаганда шайтан – деп,
Баш жагына саласыз».
Эр Жанай турду кеп сурап,
Шайтан деген эмине
Жайын уксак – деп, сурап.
Анда Айкожо кеп айтат:
«Куп сурадың – деп, айтат.
Атаң Адам байгамбар
Топурактан жаралган,
Аягы эки, башы бир
Адамзат бендеси шол
Адамдан таралган.
Жалаң эмес топурак,
Суу менен жуурулган.
«Оттон дагы кошсун!» – деп,
Ак амыры буйрулган,
Бендемдирсиңжел –деди,
Кошулгунуңсен –деди,
Азиз кылдым Адамды
Ар жандардан мен –деди.
Топурак, отту, суу, желди
Адам кылып жаратып,
Табынгын! –деди-көп элди.
Эл дегеним бериште,
Атаңа кылбай зыярат,
Намыз кылган Азезил
Зыяратка келишке.

Асман-жерде бериште
Ак амыры экен – деп,
Эсеп жеткис жыйылган,
Сажида кылып жыгылган.
Шайтан аты – Азезил,
Шашпай тыңдап баарың бил.
Хылыш-мылыш атасы,
Аркы уругун сурасаң
Арбилт-тарбилт дегени.
Дозокто бүткөн бу берен
Асилим менин от – деди,
Оттон жарык жок – деди.
Нурдан бүтүп алдым – деп,
Адам өзү топурак,
Кандайлыктан Адамдан
Кийин болуп калдым? – деп.
Не үчүн буга сыйынам,
Сажида кылып жыгылам?
Ошону ойлоп алыптыр,
Бериштелер жыгылса
Соройгон бойдон калыптыр.
Ачуусу келип Алланын
Тоодой токонаалатты
Моюнуна салыптыр,
Шайтан деген бу да бир
Чамасыз арбын калыктыр.
Бенделиктен сүрүптүр,
Мээнет менен жүрүптүр,
Катыны жок, өзү бар,
Адам уулун дозокко
Алып баарын кирем – деп,
Айтып жүргөн сөзү бар.
Бир бутунда катыны,
Бир бутунда эри бар,
Эки бутун урунтса
Бала кумдай куюлуп
Чыга турган жери бар.
Бериштеден кем эмес
Ал каапырдын билими,
Адам окуп жете албас
Ал окуган илими.
Күнөөсүн кудай кечпеген,
Бөлөк жерден кудай таап
Кутулуп алып кетпеген.
Анын жүрбөс жери жок,
Күлүктүгү – аткан ок,
Туулган жери кызыл чок,
Ошо күндөн ушу күн
Душмандыгы калган жок.
Адам уулу өзүңсүң,
Артын кара сөзүмдүн.
Чоюндан куйган кутуңуз,
Чокунуп турган бутуңуз,
Бутту кудай деген соң
Шайтандын ишин туттуңуз.
Калмак тилде бурканың,
Кадырлап карап турганың,
Караңгылык, билбейсиң
Кас ибилис бурганын,
Бу бойдон өлсөң алаштар
Акырет күндө курганың!
Өлтүрөр да, тиргизер,
Бир жараткан кудайың
Өкүматын билгизер.
Экинчи өлүм жок болор,
Мойнуңа күнөө toktolор,
Олутуң кызыл чок болор,
Оттон жылан, чаян бар,
Оозун ачып октолор,
Ошондо аргаң жок болор.
Чагарак куйрук чаянды,
Чаян келип чаккан соң
Табарсың анык аянды.
Кутулар элең өлсөңүз,
Куп айтамын көнсөңүз,
Жүрөгүң чыгып, түк калбай

Өлөр элең баарыңар
Дозоктун түрүн көрсөңүз.
Айды-күндү көрдүңүз,
Жайдын күнкү ысыкка
Өлүп-талып көндүңүз.
Ойлонбосоң кыйшыктыр,
Шайтанга жалган кызыктыр,
Дозок оту бул оттон
Он эсе артык ысыктыр!
Билсең өлүм жууктур,
Дозоктун суугу бул суктан
Жүз эсе артык суктур,
Азезилди Ак таала
Даргөйүнөн кууптур.
Жол көргөзүп айтам да,
Жолдош болбо шайтанга!
Шамал эмес, жел эмес,
Шайтан эмес, пери эмес,
Төөдөн эмес, бил эмес,
Дөөдөн эмес, жин эмес,
Айбанаттын бири эмес,
Жырткыч эмес, куш эмес,
Укпас кебиң ушу эмес
Байгамбарың адамдан,
Кебин угуп ишенип
Байкабаган кээ наадан.
Көргөмүн анык көз менен,
Көбүңө айтам сөз менен,
Кызмат кылдым кырк жылы,
Байдан бакыр жакшы – деп,
Жардам кылган чын сыры.
Атасы бар баланы
Назарын арбын салбады,
Жетим десе жергеден
Бир мүнөт кийин калбады,
Ата-энеден айрылып,
Жетим болуп зарлады,
Жетим сырын куп билип,
Жергесине алганы.
Атасынын аты Абдылда,
Жалгыздарга жар болуп,
Көп бакпаган азынга,
Байгамбар кылган кудайың,
Баштаса сөз мунайым,
Жетим болгон бир бала,
Жетимди кылып байгамбар
Жер дүнүйө жүзүнө
Жеткирген Жапар бир Алла.
Аралап аршы аглыны,
Адамга кылбай залалды,
Актан угуп билдирген
Арам менен адалды,
Күн батыштан күн чыгыш
Насияты таралды,
Каалабасмын сиздерге
Караңгылык залалды.
Түркстан экен жериңиз,
Түмөн алаш элиңиз,
Сүйлөп берип олтурсам
Түгөнбөйт экен кебибиз,
Алаш уулу тил алсаң
Ак динине келиңиз!»
Ал сөздү айтып басылды,
Айтып оозун жыйганча
«Алло акбар! – дедиң» – деп,
Ал эмине кебиң?» – деп,
Баймырза туруп асылды.
Анда Айкожо кеп айтат,
«Алла улук! –деген сөз,
Аңдадыңбы? – деп, айтат.
Жок туруп эле бар – деди,
Ишенет анык көңүлүм,
Кыйкырганым ал – деди.
Кудаа жалгыз, куран чын,
Барлыгына ынанып,
Көрбөй туруп, көөнүң тын.

Байгамбар бары ырас – деп,
Бакырып айткан бу бир кеп
Баары адам уксун – деп,
Арабича азандыр,
Түркүчөсү кабар – деп,
Кудайыңа сыйын – деп,
Сыйынган соң кудайга
Түбү барып шол бенде
Бир жакшылык табар – деп,
Түшүндүргөн бу бир кеп».
Айкожо туруп муну айтты,
Алаштын баарын муңайтты.
Көпчүлүктүн баарысы,
Көкөтөй баштап карысы
Билдик – деп, актын бирлигин,
Билбей басып жүргөн соң
Курусун – деп, тирлигиң
Ташкендин ичи даң болду,
Катын-бала, кары-жаш
Нече жүз миң жан болду,
Келме шаадат келтирип,
Кесиреттүү напси! – деп,
Кесип башын өлтүрүп,
Буусу чыкты буркурап,
Келген жандын баарысы
Келме айтышты чуркурап.
Жамыраган кой өңдүү,
Жар-жар болуп кубанды
Ат чапкан арбын той өңдүү.
АлТайдын кыргыз, казагын
Андагы кыргыз, казагы
Намазыңды үйрөт – деп,
Абыдан берди азабын.
Чыканак жерге салдырбай,
Чырым уйку алдырбай
Көпчүлүгү чуулашып,
Көз ирметпей сурашып,
Унутканын эстешип,
Үйрөнүп алып биз дагы
Уксак экен тез – дешип,
Окуду намаз үйрөнүп,
Ыйлап жүрү кай бирөө
Ышкы тийип күүлөнүп.
Мусулман болгон элиңиз,
Буйруганы шол экен,
Мурунтан калган кебиңиз.
Ташкен болду мусулман,
Тазаланды канча жан,
Эски Ташкен капкада
Эсен жатыр Панус кан.
Аны таштап салыңар,
Алиги жаткан Панус кан,
Кабарын угуп алыңар.
Аскериме нетти? – деп,
Түрк уулунан түк калбай
Түгөнүп кайда кетти? – деп.
Катын-бала, кары-жаш
Капкасына жыйылып,
Лайламалуу – деп,
Бутуна барды сыйынып.
Суң кытайдан уругу,
Панус болгон улугу.
Кырк миң адам кыжылдап,
Кытайлар сүйлөп быжылдап,
Кандын келген кашына,
Койну толуп жашына,
Кейкөс келген тушунда
Келген экен ушунда.
Эренден калып токтолгон,
Ата-уругуң кайсы? – деп,
Айткан киши жок болгон,
Токсон төрт экен калганы,
Панус канга булар да
Башын сала барганы.
Үч жүз экен ындыдан,
Үч жүзү өлүп алганы,

Он бир экен калганы,
Ошолор да барганы
Айрылдык – деп, теңирден.
Айбандыгын карачы,
Жардам сурап темирден,
Мусулман түпкө жетти – деп,
Бузулуп кыргыз, казагы,
Булар да кирип кетти – деп,
Булардын да түбү түрктүр,
Мурунтадан арга жок
Пануска карап жүрүптүр.
Ташкендин баарын алат – деп,
Жаңыдан келди Манас – деп,
Алтайлык кыргыз келген соң
Абыдан бизден калас! – деп,
Ал сөздү айтып дуулашып,
Айгайлашып чуулашып,
Жер көчүрдү ойбою,
Качууга Панус өз ою.
Камалган кырк миң киши бар,
Карасаң сонун иши бар.
Анда Панус кеп айтат:
«Азаматтар – деп, айтат,
Бээжин жердин түбүндө,
Бекер экен дүнүйө.
Чантуу чыгып арадан,
Чачылды биздин көп адам.
Алтайдын жерин жердеген,
Азаптуу чантуу чыккан го
Адам уулу жеңбеген?!
Кадамы жетип калыптыр,
Калбаны катуу салыптыр,
Каарданып бу чантуу
Канабил журтун алыптыр.
Сура тоонун калмагы,
Сулатып кыйла адамды,
Догон өлүп балбаны,
Кейинкеш жүрүш алыптыр,
Кейишке муну салыптыр,
Лоп дайранын четинен
Чатала шаарын алыптыр,
Чачкынга журтун салыптыр,
Бактуба суусун кечиптир,
Мамырга колу жетиптир.
Энисей, Уркун дарыя
Жайлап алып аларды,
Жанчышсак ушу чантуудан
Жан адам тирүү каларбы?!
Ушагар журтун ушалап,
Ушунун баарын алыптыр.
Эртиште жаткан элинөн,
Неме койбой жеринен,
Көкө-Ноор көлүнөн,
Алар түгүл түк койбой
Көбү-Шаму чөлүнөн,
Теңир-Ноор көлүнөн,
Текшигердин чөлүнөн,
Бар-Көл, Тур-Көл,
Ала-Көл, Басаң, Кумул,
Ара-Көл, Көөнө Турпан, Чачана,
Зарапшан журтун сапырып,
Салышканын сап кылып,
Сермуш шаа, Курушту
Сегиз жыл салып урушту,
Кумара шаарын курутуп,
Ачаң менен Күчөңдү
Ач бөрүдөй улутуп,
Кара-Кур шаарын казыптыр,
Жергентти жетип басыптыр.
Алар түгүл ал жактан
Думара журтун алыптыр,
Жуңгар калмак элине
Жуда кыргын салыптыр.
Даңгыттын элин талкалап,
Бандулуңга барыптыр.
Санамар жолун чалыптыр,

Саңыроо журтун алыптыр,
Ымалайдын тоосунан,
Алды кайтып келиптир
Алаткактын жоосунан.
Ыраактыктан кутулуп
Ындыстан журту калыптыр,
Ат жетер жерден түк койбой
Аяктын баарын алыптыр,
Алакандай Анжыян,
Алooке араң калыптыр.
Кашкардагы Найза кан,
Карыясы Кошой – дейт
Капилеттен кайсаган.
Марал-Башы, Долонду,
Баарын алган олорду,
Башында ойлоп билгемин
Түркстан ойрон болорду.
Текес менен Куясы
Жерден болду уясы,
Жалмабай бизди койбойт го
Бу чантуунун кыязы.
Алма-Коюр, Илебин
Аларын мурун билгемин,
Коңгор менен Коңгурду
Кайдан чантуу оңдурду.
Дөрө жайсаң, Кемин шаа,
Төгүн эмес бу кыргын,
Эми кезек келди саа,
Манас деген чантуунун
Бир адамы миңге баа.
Кер-Көлдөгү Оргону
Кейишке койду олорду.
Кулус жаң-жуң куруду,
Куп билиңер мунуму.
Сойду Соорун калдайды,
Соо кылбай чантуу далайды.
Лаңгү-Таба, Эки-Баш,
Ыйлап көздөн тыйбай жаш,
Сап кылып Саяң жайлоону,
Кетирди минтип айланы.
Суңоодон алды Култканы,
Соо койбоду бир жанды.
Бойгуттан алды Кубанды,
Бой боздотту буларды.
Кочкордон союп Арсыны,
Кор кылды кытай калкыны.
Бузду Булагасынды,
Даңгүлү шаарын талкалап,
Түркстанга асылды,
Бу түгөнгөн чантуунун
Жүргөн жолу казылды.
Атагы чыккан эр эле,
Акунбешим дээр эле,
Адам уулу жеңбес – деп,
Айтууга туура кеп эле.
Жутту Чулу калдайды,
Жулуп башын өлтүрүп,
Сулатты чантуу далайды.
Каар-Булта Сокуну,
Алтайдан келген бу чантуу
Далайдын канын чокуду.
Тулусту туурап жеп келди,
Көрүп турсуң калайык,
Ташкендеги Панусту
Талкалаймын – деп, келди.
Улам-улам кандардан
Кан жүргүздү чантуу – деп,
Кабарга канча кеп келди,
Карап турган кары-жаш
Калабалуу чантуута
Кандай кылсак эп келди?
Аскери арбын, колу көп,
Колго келген адамдан
Көрүнбөдү жер мен көк.
Мурунтадан бу жерде
Букара кылдык алашты,

Журт болууга бейли жок,
Журатына талашты,
Азыр көрүп Манасты
Ачылды бизден арасы.
Ачылбаса канаке
Эки күн болду келгени,
Не болдуң, каным? – дебеди,
Көрүнбөдү карасы,
Көмүлдү Ташкен калаасы.
Кол алып Манас жетиптир,
Кудай алсын түрүктү,
Коркуп кирип кетиптир,
Минтип калдык каным – деп,
Бир ооз айтса нетиптир?!
Баш кылганым Туталык,
Маа карабай бу калык,
Манаска кирди буралып,
Аскери кумдан мол жатыр
Аяк-башы куралып.
Бар келүүчү балбан жок,
Мааламда неме калган жок,
Сайышуучу баатыр жок,
Сап болдум, менде акыл жок.
Аңдып билер аяр жок,
Акыл менде калган жок,
Айтканым ырас, жалган жок.
Чантууну кара басыптыр,
Лайламадан жаныптыр,
Ата-баба dininен
Арбак ургур качыптыр.
Аттанып чыксак азабыз,
Абыдан кетти мазабыз,
Кирип кетер кара көр
Энди кайдан казабыз?
Он эки капка Ташкенге
Ойронду чантуу салганын,
Ойлондум дүйнө жалганын,
Бадыша башым корголоп,
Байкап көргүн баарыңар,
Балакетке калганым.
Самаркандык капканы
Сапырып кыргыз каптады,
Беш-Төбөнүн капканы
Бекемдеп жерге таптады.
Окчуга ойрон салганы,
Ойлондум дүйнө жалганын,
Кызыл чок ойрот кытайдан
Мүсүрөт кетип калганы.
Капка Көкчө казагы,
– Каптаган кыргыз азабы,
Капкасын алды өздөрү,
Кыргыз кылып далайын,
Кытайга түштү мазагы.
Талкаланды Такталык,
Талоонго түштүк көп калык.
Алайсактын дарбаза,
Жылдыздан келген кыргыздар
Чын болду биздин каргаша.
Карап жаткан казагым
Калкымдын көргөн мазагын,
Алтайлык кара кыргыздын
Абыдан тарттым азабын.
Тешик капка тешилди,
Кара кыргыз, казагы
Алтайлык жакка эшилди.
Алаш басты Тешиктй,
Капилеттен жоо басып,
Чын жедирди кешикти.
Чагатай капка чабылды,
Алтайда жаткан куу чантуу
Аскери келип жабылды,
Аз гана кытай, маңгулум
Акылы кетип сабылды.
Какшатты Кара сарайды,
Карап турсам куу кыргыз
Кан ичирди далайды.

Каймастын алды капкасын,
Кандардын алды тактасын ,
Чулун капка ордомду
Сыртымды чантуу торгоду,
Өкүмүмө караган
Алаштын баары оңбоду,
Бир көрүнүп кеп айтпай
Мынчалык не үчүн кордоду?!
Баш жактагы Бакбурчун
Байкабады көп журтун.
Манас деген чантуунун
Басырыгы токтосо,
Түп Бээжин аман бар болуп
Түркстанын жоктосо,
Кайнап жаткан Каканчын,
Кириштин Туңша, кең Кентун,
Кегин алып журттун
Терер белек чантуунун
Сакал менен мурутун.
Тизелик, Каспаң калаасы,
Күн чыгыштын тарабы
Күлдү кытай баласы,
Күркүрөп аскер кол келсе
Алтайдагы аз чантуу
Табылар беле дабасы,
Түркстандан зар ыйлап
Түмөн кытай баласы,
Түк койбоско окшоду
Кыргыздардын Манасы,
Кетти белем колумдан
Кең Ташкендин калаасы,
Кетте-кечик олтурсуң,
Талкаланган бул иштин
Табыларбы дабасы?
Урушпай кетти үшүбүз,
Учуптур сыймык кушубуз,
Ушталуу кетти мушубуз,
Оңбоду кылган ишибиз,
Акбешим – деп, жоголду
Аткарган канча кишибиз.
Тиштелүү кетти тишибиз,
Болжоп өзүм карасам
Болбоду кылган ишибиз.
Кармашсам каным төгүлөт,
Калган кара журт үчүн
Кабыргам жаман сөгүлөт.
Эстесем эстен танамын,
Ойлонсом күйүп жанамын,
Ортонун баары чантуудур,
Ойротту кайдан табамын?
Кызыл чок ойрот кытайды,
Кысмакты көрдүм мындайда,
Кыргыз, казак чантуудан
Аман кетер күн кайда?!
Жалынсам жаным коёрбу,
Карасам кабыл аларбы,
Казак-кыргыз бирикти,
Теги кара жан аман каларбы?
Кан сүйлөп муну кайгырып,
Акылынан айрылып,
Башын төмөн салганы,
Матуштук деген бир жөөт
Ордунан тура калганы.
«Аңдатайын журутун,
Алтайдан келген буруттун
Санатайын жылдызын,
Аралатып көргөзүп,
Канча экенин тактаңыз
Казак менен кыргыздын.
Азыр да сизге караган,
Түңүлбөй коё туралык,
Ар тарапка тараган
Арбындыр кеткен колуңуз,
Арман кылып алсырап
Алдырабай коюңуз,
Мусулман алат экен – деп,

Бусулбасын оюңуз».
Бу сөздү айтып салганы,
«Канетесиң, балам – деп,
Кайнап жаткан чантуудан
Кантип чыгып алам?» – деп,
Панус кан айтып калганы.
Кайгырбагын, каным – деп,
Матуштук сүйлөп алганы.
Колуна тийсең кыргыздын
Койбосу ырас жаныңды,
Суудай чачат каныңды,
Кой кылып алып чыгарам
Коргондо турган баарыңды.
Кой менен кимдин иши бар,
Кой баккан далай киши бар,
Койчунун бир-бир ити бар,
Айдап чыгып аламын,
Суңшоонун суусун бойлотуп,
Асай деген бели бар,
Ак-Суу деген жери бар,
Анда жүргөн дагы алаш,
Анча-мынча эли бар,
Ара-Шаар жери бар,
Аны көздөй салабыз,
Алтыгана барабыз,
Айдаган бойдон аламан,
Бойгут менен Суңшоонун
Эки суусу кошулган,
Эсен кечсек ошондон
Кетмен-Төбөнү ашабыз,
Кара-Сууну басабыз,
Кааласак барып Алооке
Каныңызга турабыз,
Качып келдик мында – деп,
Мойнубузду сунабыз.
Каалабасак нетербиз
Кашкарга кирип кетербиз,
Эшек кылып, кой кылып,
Эптеп элге жетербиз».
Матуштук айтты акылын,
Бек сүйлөбөй акырын.
«Жети күнгө мал болуп,
Айбан болуп каласыз,
Сегизинчи күнүндө
Адамдыкка жанасыз.
Салабыз дуба өнөрдү,
Жети күнгө токтолуп
Адам болуп турасыз,
Жана дагы жети күн
Малдыкка моюн сунасыз.
Макулбу каным, кандай? – деп,
Кыл десең кылам ушуну,
Кылдырбаска чара жок,
Тирүү калбайт жаның» – деп,
Матуштук айтты мындай кеп.
Абыдан таттуу жан экен,
Азыркы келген алаштын
Аскери нечен сан экен,
Манас деген бадирек
Каары катуу кан экен.
Каратып алган Каңгайды,
Карайлатты далайды.
Айылы жатыр Алтайда,
Алардын элин бу күндө
Аралап өтүш не пайда.
Аяры болсо билбейби,
Жыпжылма кырып баарыңды,
Ар жыгачтын башына
Тирсегиңден илбейби.
Каражолтой чантуунун
Эртиште жаткан эли бар,
Күн батышы Сары-Кол,
Күлдү уйгур эли бар.
Башы Шибер, Кара-Көл, .
Байкап баарың карап көр,
Түбү түрк алаштан

Түк кутулбайт – деп, ойлойм
Дүнүйө жүзү Манастан,
Жарым күндүк жолдо бар
Жызак менен Самаркан.
Барган менен пайда жок
Бергананын журтуна
Батып жатып айла жок.
Самарканда дуу-ду бар,
Сап кылар дейм ушулар.
Аты Көңгөш, маңгулдан,
Азыр он төрт жыл болду
Алып келип Алооке
Самарканга кан кылган.
Анын дагы караган
Уругу алаш түрктөн,
Кутулуп тынчып калбайбыз
Бул өңдөнгөн түлүктөн.
Кабар салдык канчалык,
Каптап кыргыз келди – деп,
Какшап жатып чарчадык.
Алтайдан алаш чыкты – деп,
Аты Манас мыкты – деп,
Алтын туулуу кандарды
Ар тараптан жыкты – деп,
Даңгыттын элин талкалап,
Ындыстанга тыкты – деп,
Азар түмөн кол тартып
Акунбешим баашага
Аттанды – деп, жол тартып,
Алдырбас Акунбешим – деп,
Аскер чыкты алаштан,
Уруштун камын жесин – деп,
Угузуп айттым нечен кеп.
Анын дагы билбедик
Акылынан азганын,
Кандайлыктан жооп бербей
Кабарсыз кара басканын».
Матуштук айтып кайгырып,
Алдырашып олтурду
Акылынан айрылып.
Матуштуктун энеси
– Атыла деген немеси
Шөкүн калмак баласы,
Барган жери бер жагы
Казы-Курттун талаасы,
Алганы жөөт эри экен,
Магус деген неме экен,
Кудаанын калган каарына,
Кырк төрт жылы жүрүптүр
Кичине Кишим шаарына,
Алтымыш тогуз жашында
Азып жүрүп келиптир
Панус кандын кашына,
Сексен беш жашка келгенде
Матуштук он беш жашта экен,
Атасы Магус өлгөндө
Энеси келген кырк жашка,
Алардын апсун дубасы
Ааламдан артык бир башка.
Атыла кирип калганы,
Катын да болсо Атыла
Кайрат айтып салганы:
«Кайгырбагын каным – деп,
Тирүү болсо жаным – деп,
Апсун окуп дем салсам
Алек кылып иермин
Бул алаштын баарын!» – деп,
Атыла айтты канына,
Алаштын кылган кордугу
Панустун баткан жанына.
Тура калып ордунан
Тубалык аяр кеп айтат,
«Токтоңорчу – деп, айтат,
Үч-Турпандын учунан
Учуп качып ушундан,
Элиңдин баары тутулган,

Элким качып кутулган
Эси чыгып ушундан
Каар баласы Култаңды,
Качып келип ушунда
Кайгырып жаман муңканды,
Кабар берген Оргого,
Качып келип беш конду
Кан сарайы ордого.
Адам өлчөөн билбеген
Аярдын баары анда – деп,
Атышсаңар аларга
Аскериң арбын камда – деп,
Кылымда бенде жеңгисиз
Кыярдын баары анда – деп,
Кыргыз келсе кол тартып
Кылар ишиң камда – деп,
Барскандары миң батман
Балбандын баары анда – деп,
Басташкандын баарысын
Башын үзүп алмадай
Алгандын баары анда – деп,
Күрсүлөрүн көтөргөн
Күчтүүнүн баары анда – деп,
Кара каары жолборстой
Түстүүнүн баары анда – деп,
Тайбас билек, таш жүрөк
Баатырдын баары анда – деп,
Өлөрүн өзү билбеген
Каапырдын баары анда – деп,
Эгер аскер кол келсе
Атышам – деп, бел байлап,
Алек болуп калба – деп,
Айткан эле мага – деп,
Азыр жүргөн чантууга
Уруштан жок даба – деп,
Кан сарайы коргонго,
Мейманкана ордого
Беш кондурдум өзүм – деп,
Кызмат кылып олтуруп
Уккамын узун сөзүн – деп,
Үлкөн аяр экенсиз,
Убайым тартып жеткенсиз,
Узакта жаткан буруттун
Ушагын айтып нетесиз,
Ушу жерден чыккан соң
Анан кайда кетесиз.
Каканда жатыр элиңиз,
Каңгырып кандай келдиңиз,
Бээжинде жатыр элиңиз,
Бу жерге не үчүн келдиңиз?
Барасыз эми кайда – деп,
Болосуз кандай жайда? – деп,
Сурадым эле Култаңдан,
Мусулманды айтып буркурап,
Курган Култаң муңканган.
Куп айтам – деди – сөзүмдү,
Кумулдан кууду өзүмдү.
Турпанга келдим ал сактап,
Үч ай тамам болгондо,
Үстүмө кыргыз толгондо
Тура албадым жан сактап.
Аралай качып кыргызды,
Аша качып Жылдызды
Текеске келдим темселеп,
Оргого келдим оюлуп,
Акырында тура албай,
Акунбешим баашага
Он бир күн жатып тоюнуп,
Келдим Панус канга – деп,
Келгеним соң бул элге
Калдым айран таңга – деп,
Букара кылган элиңер
Кыргыз экен, сарт экен,
Кыябына бир келсе
Кыпкызыл оору дарт экен.
Каның Панус суң кытай,

Караткан экен казагын,
Канкор Манас кол келсе
Калкынын тартар азабын,
Көкүлсүн, Найсап жер экен,
Көңкү кыргыз эл экен,
Туралга, Ак-Суу жер экен.
Туташ кыргыз эл экен,
Чыйырчык, Казы-Курт экен,
Чылгый алаш журт экен,
Жогору Чанач, Чаткалы,
Мага типти болбоду
Панус кандын жатканы.
Жатыптыр Панус бейкабар,
Мүнөзүңөр бул болсо
Жайнатып кыргыз бир чабар!
Казактан чыкты эр Көкчө,
Кайраты калктан бөлөкчө.
Кыргыздан көрөр кыйынды,
Кытайга дүмөк салсак – деп,
Кылым кыргыз жыйылды.
Казактан көрөр камоону,
Ташкен шаары бир көрөр
Таталаган талоонду.
Алаштын тартар азабын,
Алы келсе кырсачы
Кыргыз менен казагын.
Айтып Култаң салды эле,
Алтынчы күндө аттанып,
Алоокеге барам – деп,
Аттанып кетип калды эле.
Каным сага кеп айттым,
Култаң мындай айтты – деп,
Камданыңыз – деп, айттым.
Куруп калсын Култаң – деп,
Куугунтук жеген бир жан – деп,
Байкабадың сөзүмдү,
Бабырабай олтур – деп,
Кагып койдуң өзүмдү.
Акунбешим зор – дедиң,
Аскери кумдан мол – дедиң,
Арабыз айлык жол – дедиң,
Чыдабай коркуп баратсаң,
Барып ошо Манаска
Сен да жолдош бол – дедиң.
Ал бойдон токтоп мен калдым.
Аңкаарыбай сен калдың,
Акбешимди алганда,
Айылга келип калганда,
Ишенгениң Бешим шаа
Кемин тонун кийгенде,
Кейигенден не чыгат
Башка балта тийгенде.
Кытай, маңгул, калмагың,
Кыжылдатып бу күндө
Катын-бала, кары-жаш
Кашыңа жыйып алганың,
Акыл таап береби
Азыркы кылган арманың?»
Ал сөздү айтып салганы,
Так он алты күн болгон
Шаңкөдөгө барганы.
Самарканда Шаңкөдө,
Дуу-ду болгон бу бир дөө.
Сүлөтү деген балбаны,
Ары балбан, ары аяр,
Шүмшүңдөп жетип калганы.
Казак-кыргыз аралаш,
Сарт уругу эки жүз,
Тарса, жүүт, ындысы,
Башка журту жети жүз,
Маңгул, калмак баарысы,
Кытайы кырк миң бар экен,
Кадимден бери чоң Ташкен
Кыргыз, казак шаары экен,
Балеңги деген гүлбагы.
Кытай келип орнолуп,

Кыйындап салган шаар экен.
Күн батыш жаккы бурчунда
Кысталган киши кирсин – деп,
Кыячасы бар экен.
Алганын көрүп аскердин,
Алаш урук көп элдин
Сүлөтү көзүн салыптыр,
Сүйлөөдөн кетип калыптыр.
Аскерди көрүп алыптыр,
Акылдан кетип калыптыр.
Акими кандай экен – деп,
Арстан Манас баатырдын
Чатырына барыптыр.
Төрт төбөлүү көк чатыр,
Тегеректеп көй баатыр
Айланасын камаган,
Албарс кылыч колго алган,
Алты жүз миң кол жатыр,
Кылымдан ашык кыярлар,
Ааламдан ашык аярлар
Бегүш, Көйүш, Таскылдар,
Чүкүрүк, Шүмшөк баатырлар,
Танабул, Ырдык, Арсанкул
Табына келген куш өңдүү,
Табылбас аяр ушу өңдүү,
Көрүнсөм мени билер – деп,
Жонумдан кайыш тилер – деп,
Жолой албай кётиптир,
Панус кандын капкасы
Таштай болуп бекиптир,
Панус кан тирүү экен – деп,
Сүлөтү шондон шекиптир.
Каны кайда экен – деп,
Кабар алган киши жок,
Казак, кыргыз көп алаш
Каны менен иши жок,
Кутуларга жер барбы,
Куралар буга эл барбы,
Тартуу-тармак алар – деп,
Дабырты бузук угулса
Өзү келип калар – деп,
Кежирлик кылса нетер – деп,
Өзү кыйып өз жанын
Панус кан өлүп кетер – деп,
Кыяр өзү жанын – деп,
Кайдан издеп жүрөлүк
Кыйын киши өңдөнтүп
Кытай койгон канын – деп,
Элес албай коюптур.
Эл келгени Ташкенге
Эки күн, бир түн болуптур.
Келген күнү көп аскер
Көчөгө чабуул коюшуп,
Көсөмсүгөн маңгулун
Көз алдында союшуп,
Капканын оозун кан кылып,
Каапырды жанчып нан кылып,
Калаага чабуул коюшуп,
Кара чоктуу калмагын
Капкасына союшуп,
Кара малга тоюшуп,
Кыйкырып чабуул коюшуп,
Басып жүргөн кытайын
Мааласында союшуп,
Барча, буулум, дүрүйө
Өлүү малга тоюшуп,
Чарчап-чаалып кечинде,
Жатарга жакын кезинде
Кошторуна барышкан,
Козголбой жатып калышкан.
Колу толуп дүйнөгө,
Кошу келбей сүйлөөгө,
Көзү тоюп дүйнөгө,
Көңүлү келбей сүйлөөгө
Барган түн жатып калышкан,
Эртеңки күнү кожонун

Эрмегине барышкан.
Элес албай кеч кирип,
Панус калган жайына,
Аскерди бөлүп кондуруп
Алаш уулу байына,
Байкабаптыр Панусту,
Панус менен иши жок,
Барбайын алган киши жок,
Кытай, маңгул, калмагы
Кыргын таап калганы,
Кырк-элүү өлүп калыптыр,
Кыз-катыны, кары-жаш
Пануска качып барыптыр.
Бак аралап сыдырып,
Бакча менен кыдырып,
Көчөсүз жерден кетишип,
Көпүрөөсүз суулардан
Өтүгү менен кечишип,
Дүмбүр аяк, түйдөк чач,
Токтолбогон калтыр баш,
Жетимиш, сексен, токсон жаш
Кемпирлер качып барыптыр.
Жашады мынча жашты – деп,
Жаның менен жерге кир,
Жанын аяп ушулар
Эмине үчүн качты – деп,
Бир жүз отуз кемпирди
Ордун таза келтирди,
Сарайында Панустун
Баарын кырып өлтүрдү.
Кытай, маңгул, калмагы
Өлгөнүнөн калганы
Өбөктөгөн чалдары
Эки көзү түйрүлүп,
Оозунда тиши жок,
Эриндери бүйрүлүп,
Көкүрөгү кирилдеп,
Көз – жаман ириңдеп,
Сексен, токсон, жүз жашта,
Жанын алып бу качты,
Жүз кырк жети барыптыр,
Байкап турса Панус кан
Жүрүүдөн болбой калыптыр,
Чантуудан өлбөй, мага келет,
Чаап башын кыргын – деп,
Доргого буйруп салыптыр.
Барган чалдын баарынан
Неме калбай калыптыр.
Асты элүүдө, арты отуз
Сары кайрак катындар
Пануска кылып кыйла зар,
Барган экен ушулар.
Биз өлсөк кошо өлөрсүң,
Тирүү жаның бар болсоң
Жарыкчылык көрөрсүң,
Өз жаныңды кыйба – деп,
Лайламага жалбарып,
Жашың төгүп ыйла – деп,
Панус айтып мындай кеп,
Алар турган кашында,
Көкүрөгү суу болуп
Көздөн аккан жашына.
Суксур моюн, сумбул чач,
Бермет тиштүү, кара каш,
Тамагынан көрүнгөн
Кара мейиз, жеген аш
Канча сулуу келин-кыз,
Кайгыда калган элиңиз.
Эки жашар, бир жашар
Бала барып калыптыр,
Энелери көтөрүп,
Ала барып калыптыр.
Бала-катын баарысы
Эсеп кылып караса
Жыйылып барган ургаачы
Жыйырма үч миң болуптур,

Өңкөй эркек санаса
Он төрт миңге толуптур.
Отуз жети миң болду,
Бүлүнгөн мындай ким болду,
Капкага бир жан келбеди,
Качан чабуул келет – деп,
Кечке коркуп дегдеди,
Күн баткан соң сүйүнүп,
Панус байкуш тердеди,
Олтурганда үрпөйүп
Сүлөтү кирип келгени.
Сүлөтүдөн кеп сурап:
«Сүйлөй отур – деп, сурап,
Он алты күнү байландың,
Шаңкөдө келет – деп, туруп
Ошондой шорум кайнадым.
Не кечигип калдың? – деп,
Элден айрып салдың – деп,
Жуда жатып алдың – деп,
Журттан айрып салдың – деп,
Алашты алаш көрдү – деп,
Арасын ачып бөлдү – деп,
Атыш-уруш коога жок,
Адамым кыйла өлдү – деп,
Шаңкөдөгө не болду,
Кечигип келбей койду – деп,
Жоготору мен болсом
Түрк уулу көзүмдү ойду – деп,
Он эки капка Ташкенди,
Капка түгүл карасаң
Ой-тоодогу башка элди,
Асай-Аяс булагын,
Чыкырышып, Чыйырчык
Кетти баары бу дагын,
Ат чыгартып койду – дейт
Алмалуунун булагын.
Жийдең-Кайрак, Кара-Суу
Жалпы кетти мына бу.
Чанач, Чаткал, Чакмакты,
Бир келбеди кашыма,
Эл – деп бекер жүрүппүз
Алаш уулу акмакты,
Арманым катуу, дартым зор,
Айлана курчап калыптыр
Тешиги жок темир тор.
Басып калды кол менен,
Манас деген бу бир зор,
Каршы алдымдан табылды
Караңгы зындан казган ор.
Казак менен кыргызга
Калкымдын баары болду кор.
Кечигип жалгыз сен келдиң,
Сенден кабар келет – деп,
Нече күнү сенделдим.
Алтайлык чантуу зел келди,
Аз болгондо аскери
Алтымыш уруу эл келди.
Өзүбек экен өздөрү,
Манас келет дегенден
Өктөм чыкты сөздөрү,
Өз уругун көрө албай
Жүргөн экен көздөрү.
Уругун айтты угузду,
Ал да угуз, бул да угуз,
Угуз деген балааны
Эсенкан кайдан жугузду.
Бабасы Ногой уругун,
Байгурдун болгон улугун
Алып барып Алтайга
Азап салды ар жайга.
Баштаар ишти баштабай,
Бай Жакыбын баш кылып
Башта кырып таштабай,
Кылар ишти кылдырбай,
Кызыталак кыргызды
Кырып салып тындырбай,

Айдап барып Алайдан
Арбак урган Эсенкан
Алтайга коюп эли бай,
Барган жанга жери жай,
Айдап барып Алтайга
Абыдан тапты чоң пайда.
Эркин жатып, эл алып,
Ээн жаткан жерди алып,
Башы Бар-Көл, Жылдызды,
Кудай урду биздерди
Куралтып ийип кыргызды.
Энесай менен Жансакты,
Камындырып казакты,
Карап турсак түрк уулун
Казагы салды азапты,
Кырдагы Угуз балдары,
Кыр Угуз – деп атагы,
Кызыталак Манастын
Кылымга тийди чатагы,
Сени менен Шаңкөдө
Жети киши жибердим,
Кенебестен жатабы.
Панусту алган бу бурут
Барбай койчу неме эмес,
Кыйратып жатса билбеген
Биздин кытайга окшош кем эмес.
Аты Манас бир кыргыз
Ааламга салган чатагы,
Алганы келди бизди – деп,
Сенден мурун сенделтип
Алты киши жибердим,
Аңдабастан жатабы?
Анык билдим – көз көрдү
Алдырып коюп кыргызга
Абыдан шорум катарды.
Карап турсам бу казак
Каптабай коёр неме эмес,
Кан төгүп жатса карабас
Биздин каңгайга окшош кем эмес.
Кечээ келди көп аскер,
Кебежи курсак байлардын
Оруну болду кара жер.
Алдырдык минтип Ташкенди,
Адамдар кирип сепилге,
Агып көздөн жаш келди,
Азыркысын бул алаш
Адам дебейт башка элди.
Түркстандык, алтайлык
Түбүн ойлоп аңтардык,
Түрмөгүнө таң калдык.
Баштагы аты Жыбасты,
Байкайын – деп жыласты,
Баңдулуга барганым,
Көзгө дүрбү салганым,
Көңкү алаштын аскерин
Көрүп айран калганым.
Жыбастынын жалпак тоо
Чыккан экен бары жоо,
Төрт жүз, беш жүз жашаган,
Өкүматтуу кат алган
Өткөн нечен баашадан
Айкожосу кашында,
Чыккан экен жыйылып
Жыбастынын башына,
Түрк баласы дегени
Дүйнөгө толгон журт экен,
Карап турсаң көптүгү
Кайнаган кара курт экен,
Жерден чыккан кие чөп,
Бирок менин билимим
Чөп болбосо мындан көп,
Кара чымын, кара курт
Как ошондой көрүнөт
Казак-кыргыз деген журт.
Алтайдан келген андан көп,
Наамандык алаш сандан көп.

Көптүгү казмус курт болду,
Чыйырчыктын чыбыры,
Жыбасты жайнап жык толду.
Күн батыш жакта дайра бар,
Көлдүн баарын байкап ал,
Дарыянын жээгинде,
Кенедей жери соо калбай
Кең Ташкендин жеринде,
Келген казак-кыргыздан
Адам чыгар жер калбай
Алды курчап аскери,
Кеп укпасак көктөгү
Жылтыраган жылдыздан
Карасам дүйнө көрүнбөйт
Казак менен кыргыздан,
Алооке менен Шаңкөдө
Аңдабаган өлүмүн
Арбак урган кандай жан?»
Сүлөтү шондо сүйлөдү:
«Курусун –деди-дүйнөнү.
Самарканды, Жызакты,
Самабаңыз бу жакты.
Кенер менен Таякты,
Кеп кылбаңыз аякты.
Кожент, Оро-Төбөнү,
Кор кылды далай төрөнү.
Кыпчак-кыргыз эл экен,
Кызыталак кыргыздын
Кыйкырыгы дем экен.
Кыпчактан чыгып Жандоо бий,
Кылымда жок эр экен,
Алардын ары жагында
Калкын кыргыз дээр экен,
Катаган деген эл экен,
Шайыр мерген баласы,
Атын Кошой дээр экен,
Чоң атасы Аталык,
Чоңдугун анын айталык,
Сексен бир кез бою бар,
Жеке ушу дүйнөнү
Жалмаймын деген ою бар,
Миң кишилик күчү бар,
Биздин кытай журтуна
Канбай турган өчү бар,
Сүйлөгөнү түркү тил,
Жатык, ширин сөзү бар.
Шаар Кабыл калаасы
Жүзүр, Талкан талаасы,
Кендир дабан түгөнгөн
Кундуз тоонун арасы.
Кундуз-Талкан жер экен,
Куралган кыргыз эл экен,
Жүз, катаган, окчу экен,
Оңдурбас душман ушу экен.
Шыба кыпчак эл экен,
Баскан-турган жерлерин
Зарапшан, Мамыр дээр экен,
Ар жагы маймун эл экен,
Карап турсам бул чантуу
Кайнап жаткан неме экен.
Какандан келип бу жерге
Канча жылга туруппуз,
Карап турсам бу күндө
Кайгыланып куруппуз.
Катаган, шыба эл бар – деп,
Кайдан мурун угуппуз,
Түрк уулунун ичине
Билбей келип куруппуз,
Өлчөп анык карасам
Өлүм жетип туруппуз.
Кыргыздан көрдүм Кошойду,
Ары балбан, ары аяр,
Кыйын көрдүм ошону,
Кырк миң аскер кол менен
Кечип дайра Сырынан,
Келе турган окшоду.

Шаңкөдөнү жалмады,
Кызыл чоктуу кытайдан
Кылайган неме калбады,
Сапырды Самарканыны,
Сап кылды кырып жаныны.
Тактадан сойду каныны,
Ойрондоп Оро-Төбөсүн,
Ойбойлотуп өлтүрүп
Орчун калмак төрөсүн,
Каңгайды чаап каратты,
Калмагын чаап таратты,
Кытайын чаап кыйратты,
Кысырагын туйлатты,
Кыз-катынын ыйлатты,
Кожентти чапты кор кылып,
Салпылдаган сарттарын
Саркерде койду чоң кылып,
Кыпчак, тейит, найманы,
Кошой келип кошулуп,
Кытайга кыргын салганы,
Кыйынсынган Шаңкөдө
Тактадан башын алганы,
Айтканың менен Панус кан,
Аяктан арга калбады,
Күн жүрүш жагы чөлдөрдү
Күлдү кыргыз жалмады,
Анжиянда Алооке
Араң аман калганы.
Орчун шаар Ташкенден
Ойрон болуп айрылып,
Олтурупсуз кайгырып,
Ыктап качып жыйылып,
Ыйлап-сыктап баарыңар
Лайламага сыйынып.
Жолоочу жүргөн бенденин
Жоо чыкпасын жолунан,
Он үч күнү байланып,
Аярлык менен кутулуп
Жадоо бийдин колунан,
Жаным калып мен келдим,
Алдырып барган жеримди,
Арада жүрүп сенделдим,
Сен болсоң Панус башыбыз
Билдим анык өлүмдү,
Бир күнгө толбойт жашыбыз!
Жакса жыгач от болот,
Жанбай, күйбөй жалынга
Жыгач кайдан токтолот,
Жыгачтын көрдүк көмүрүн,
Жылас болсун дүнүйө,
Жарым түн калды өмүрүң».
«Казак, кыргыз жатыптыр
Эки күн, бир түн токтолуп,
Калгандырбыз бүгүн түн
Кан кайда? – деп, жоктолуп,
Панус каны кайда? – деп,
Баарын бери айда – деп,
Алаштын журту аңкарып
Ар капкадан аңтарып,
Таппай койбос биздерди,
Менин кесепетимен
Баарыңды кырып ийбесин
Мааналап келген сиздерди,
Мен айтайын башыңа,
Улуу-кичүү жашыңа,
Ата динден жанганга
Баспадым – деп, ал жолго
Баштагы динди тангaнга
Өлүм түгүл таш да жок,
Бирок кыйын жери ушул –
Биздин динден башка жок,
Кыйбай турам динимди,
Эгер кыйсам динимди
Кырдырмак түгүл кыргызга
Черттирбес элем бириңди.
Өлөйүн десем жан таттуу,

Өзгөчө кыйын дин катуу,
Айт ыйман – деп, мусулман,
Албарс кылыч көтөрүп,
Аскалап турса канча жан,
Келмесин айтсам тилиме
Ата динден айрылып,
Нукусу тиер диниме,
Жар күнү бар кыямат,
Жаман болор зилиме.
Өлтүрсө мен өлөйүн,
Өз динимде жөнөйүн,
Өкүматтын ээси элем,
Калганыңдын акылын
Кандай кылып көрөйүн.
Алтайдан келген ант ургур,
Азыптыр динден бу кургур,
Бар-Көлдөн келген бадирек
Мажусу динден кетиптир,
Байгамбардан келдим – деп,
Балаалуу бирөө жетиптир,
Араптан киши алыптыр,
Айрылып ата жолунан
Арбак уруп салыптыр.
Кездешкен бурут өзү бар,
Мусулман болгон элдердин
Келме деген сөзү бар,
Келмеге тилин келтирет,
Келе албаса тилдери
Кесип башын өлтүрөт.
Бу жердеги көпчүлүк
Бизге да түшкөн көп түлүк,
Панус айткан сөзүн бил,
Башкаларың өзүң бил,
Камалдың баарың дубалга,
Калбайын бекер убалга.
Жыйылдың баарың коргонго,
Чыдабаймын, убал – деп,
Жыпжылас кылып койгонго.
Кырдырууга баарыңды,
Кыюуга кызыл жаныңды,
Кытай элек нуркубуз,
Кыяматтай бир кыстоо
Кыйын балаа табылды.
Калмак, маңгул, кытайдан
Эки жүз миң эр кетти,
Урушмакка чантууга
Ушу жерден аттанып
Эки жүз миң эл кетти.
Катарына кошулган
Казак-кыргыз канча жан,
Сарт, ынды, жүүт, тарсадан
Төрт жүз миң эле аскерим
Алы келбей чарчаган,
Акунбешим баашадан
Айтканын уктум ошондон
Алты жүз миң келди – деп,
Адам жеңип ала албас
Ошо жерде кошулган
Ойрот, кытай элди – деп,
Кызыл чок, ойрот, кытайды,
Кыйынсынып жүрүппүз.
Кылымдан укпайм мындайды,
Кара чок ойрот калмакты,
Каршы барган он жүз миң
Карарган неме калбаптыр.
Баатырсыган маңгулду
Өз букарам, өз журтум
Баарын жутуп нан кылды.
Баймырза менен Көкөтөй,
Баштатадан кекетпей
Жанай менен Торумду,
Жай кылбай жерден орунду,
Кыргыз-казак кыйратып
Кайнатты калың шорумду.
Төрт жүз миң кеткен аскерден
Төрт киши келбейт кутулуп,

Салман суунун оюнан
Кеткенби жерге жутулуп,
Кечетен бери бу жерге
Жетти чантуу жутунуп,
Арга барбы кетүүгө ;
Алаштан аман кутулуп!»
Аны айтып Панус салганы,
Коргондо турган көпчүлүк
Койдой чуулап калганы:
«Кыйналды – деп, – каныбыз,
Курусун биздин жаныбыз,
Куурап бизге карабай
Кутулуп кетип калыңыз.
Таңга калып торголбой,
Чантууга түшүп кор болбой,
Жарыкка калып торголбой,
Алашка түшүп кор болбой
Кутулгун – деп, каныбыз,
Куп ачыйт биздин жаныбыз!»
Бул сөздү айтып буркурап,
Муңканып ыйлап чуркурап,
Көрүнөө өлүм жаман – деп,
Көзүбүз көрсүн, кетиңиз,
Кутулуңуз аман – деп,
Уруксат берди көпчүлүк,
Сен! – деп, айткан бир жан жок
Коркутту минтип көп түрк.
Тейтей экен катыны,
Темселетти көп түрк
Сен! – дебестен акыры,
Панустун кетти акылы,
Качарын билип эринин
Катыны басып бакырды:
«Катылбай туруп сап кылды
Кара диндүү каапырды.
Көңкү кытай журтум жок,
Көтүңдөн басар бутум жок,
Атпай кытай журтум жок,
Артыңдан басар бутум жок,
Айлам жоктур, неттим – деп,
Айрылдым эрим, кеттиң – деп,
Аман болгон жолдошум,
Айбаттуу арстан-жолборсум,
Аягын чаптап кызынын
Шиш аяк кылган оңбосун!
Бээжинден мени баштадың,
Адаштырып башка элге,
Алып келип Ташкенге
Карайлатып таштадың.
Өлтүрүп кетип өзүмдү,
Жумултуп кетип көзүмдү,
Анан жолго салсаңчы,
Же урушуп өлүп чантуудан
Мен айрылып калсамчы.
Атышып өлсөң алаштан,
Башынан жолдош Панус кан,
Айрылсамчы курган жан.
Отуз жашка мен келдим,
Ушу жерге не келдим,
Ойроттон азып сенделдим,
Оңдурам – деп, сен келдиң.
Чантуунун калып ичине,
Алган алаш күчүнө,
Жөлөнөргө таяк жок,
Жөн басарга аяк жок,
Таянарга таяк жок,
Так басарга аяк жок,
Тогузда калды балаңыз,
Дозокко кантип калабыз?»
Кайынсуу аттуу катыны
Канына айтты датыны.
Ачууланды Панус кан,
Азыр турган канча жан,
«Ойлонгун өзүң катаңды,
Оңуп калып жатамбы?
Акылы жок катынсың,

Аңылдаган каапырсың,
Аткарбай туруп түбүмө
Чын жеткени жатырсың!»
Өлтүрмөккө катынды
Өткүр кылыч алганы,
Бакырып барып энесин
Бала баса калганы,
Мына ушундай иш экен
Байкасаң дүйнө жалганы.
Баланы кошо чаба албай,
Чабуунун эбин таба албай
Баягы турган Панус кан
Колун тартып алганы.
Коркту катын, тим болду,
Отуз төрт миң көпчүлүк
Олордун аты ким болду?
Эркек ыйлап баркырап,
Катын ыйлап заркырап
Кыз балдар ыйлап кыңылдап,
Чымындай үнү чыңылдап,
Жаш балдар ыйлап бакырып,
Алиги турган адамдын
Акылын алып сап кылып,
Алтын, күмүш, зумурут
Азар түмөн бул турат,
Көөкар, жакут, инжуу таш,
Көрүнбөй дүйнө көзүнө,
Көздөн агып кара жаш,
Кыйгыл-кычкыл үндөрү,
Бүгүн болду кытайдын
Кысмакка калган күндөрү,
Ордосунда канынын
Ушунчалык бүлгөнү,
Баары турат ыйлашып,
Отуз төрт миң жандардан
Бир адам жок күлгөнү,
Башына өлүм келгенде
Баары да дүйнө сүйбөдү,
Шам чырагы-көөкары
Панардайын күйгөнү,
Тириликте издейсиң
Чиркин жалган дүйнөнү.
«Кыжылдатпай буларды
Кыларыңды кылгын – деп,
Кылып эрте тындыр – деп,
Сыйыр болсо, кой болсо
Көз жетет чантуу койбоско,
Ылаажы жок сойбоско,
Кой болсо кайдан коёр – деп,
Өгүз болсо, кой болсо
Адал мал деп соёр – деп,
Кырып ийип баарысын
Кыргыз, казак тоёр – деп,
Какай болсун, ит болсун,
Калк билбестей иш болсун,
Болорун санап эсеп кыл,
Адам уулу болгонго
Оболдон арам эшек кыл».
Айтты муну Панус кан,
Айран болду турган жан,
Катыным качыр болсун – деп,
Карап турду Панус кан.
Өлгөнүбүз өлөлүк.
Өмөлүп келген бурутту
Өлчөп байкап көрөлүк.
Катындардын арбыны
Кайта басып дарбыды.
Калмактардын катыны
Бузууга болбой өз затыны
Айбан болуп каларбыз,
Өзүбүздү өзүбүз
Азапка бөөдө саларбыз,
Азыр айбан болгон соң
Анан качан жанарбыз?
Өлүм андан артык – деп,
Өлөбүз да бир күнү

Өзгөчө азап тартып – деп,
Калмактын кетти катыны,
Тим эле жүрүп тарталык
Казак, кыргыз дартыны,
Басып кетти дүрүлдөп
Маңгулдардын катыны.
Басып кетип баратыр,
Көзүн жаштап көп адам
Жашып кетип баратыр,
Апсундан мурун чыксак – деп,
Дарбазаны бет алып,
Шашып кетип баратыр.
Ордосунан канынын
Андай-мындай немесин
Ташып кетип баратыр,
Кай бирөөсү гүлбактан
Шаты коюп тырмалап
Ашып кетип баратыр.
Жанынан үмүт барлары
Бизди эмне кылсын – деп,
Баласы бар колунда,
Басып кетип баратыр.
Катындар тарап алыптыр,
Жанынан корккон эркеги
Жалпы баары калыптыр.
Ушунун баары турдубу,
Апсунга моюн сундубу?
Атыла катын айтты кеп
Ар нерселер болууга
Ыраазысыңбы баарың? – деп.
Атыла апсун сүйлөдү,
Жезден кылган сыбызгы –
Сурнай алып үйлөдү.
Каапырдын дини кар экен,
Суңдуң, чыйтай, доотайы,
Баң-баң, тыйтай, жаң-жуңу
Улуктары алганы
Отуз төрт катын бар экен,
Качыр болду ургаачы,
Кандай курган бул сөз – деп,
Кам-күм болуп турбачы.
Он төрт миң эле баарысы,
Ордодо азыр калышы
Беш миңи эшек болуптур,
Мээнетке каркап толуптур.
Үч миңи кетти ит болуп,
Үлкөн кыйын иш болуп.
Беш миң кетти доңузга,
Баары болгон ыраазы
Ар нерсе болсо болушка.
Бир миң калды кой болуп,
Биле албайт эсин ойлонуп,
Апсуну жетпей өксүдү,
Кой болгондун баарысы
Коркуп ыйлап өксөдү.
Колуна таяк алганы,
Апсун окуп өзүнө
Боюна бир дем салганы,
Кош кулактуу бир тумак
Башына кийип алганы,
Калабалуу Атыла
Казак боло калганы.
Тооруктун бою кара адыр,
Жайып алып кой кылып
Койчу кетип баратыр,
Кой мааратып чуулатып,
Короодон айдап чубатып,
Ыжыраны көздөй салыптыр,
Жанынан коркуп кой болуп
Далай калмак калыптыр.
Талабына жетиптир,
Талаага чыгып кетиптир.
Казатта жүргөн алашка
Капилеттен тутулуп,
Канча күнү жол жүрүп
Качып чыгып кутулуп,

Калкына жакын барыптыр,
Карайлаган Атыла
Жатып уктап калыптыр.
Аларга ажал жетиптир,
Келип эки-үч карышкыр,
Үч жүзүн кырып кетиптир,
Кара жанга күч келип
Калган кой үркүп жетиптир,
Атыла жаткан катынды,
Апсун билген каапырды
Көзүнө туяк батырды,
Тебеледи акыры.
Жети айлык экен өлчөөсү,
Карышкыр келип кой кырып,
Жүргөн экен Атыла
Аман-эсен ажалдан
Алаш уулу тажаалдан
Куткардым – деп ой кылып,
Атыла тура калыптыр,
Бөрүгө көзүн салыптыр,
Ошо күндөн ушу күн
Ошо жердин атагы
Бөрүлүү атка калыптыр.
Калмак экен уругу,
Калган шонун тукумун
Как ушуга жеткенче
Карышкыр жеп куруду,
Уругу Алтай жеринде
Уркунга жакын четинде
Ал калмактын уругу,
Аягы Күнөз, Шыйкууда,
Салун калмак – деп коёт,
Башка журттан малы көп,
Ошол элдин уругун
Ушу күндө карышкыр
Улактай басып жеп коёт.
Канга боёп жер түзүн,
Карышкыр кырып үч жүзүн,
Кудай ажал салганы,
Куткарам – деди Атыла,
Кутулуп кана калганы?
Жети айлык дуба окуган,
Жети күнгө Атыла
Алигинин апсунун
Жандыра албай олтурган.
Өз дубасын өзү окуп
Жети күндө жандырып,
Адам кылып салыптыр,
Он-он беши жарадар,
Ойлоп муну караңар,
Жети айга жүрмөк кой болуп,
Жетпей дуба жануу үчүн
Кой сүрөттө көрүнүп,
Как ушуга жеткенче
Калганынын баарысы
Карышкырга той болуп.
Ал сөздү таштай туруңар,
Арзан сөз эмес мунуңар.
Алиги көргөн Атыла
Аңгемесин угуңар.
Ар нерсе алып оюна,
Апсун окуп, дем салып
Нак өзүнүн боюна
Түлкү болуп алыптыр,
Түнү-күнү тынбастан
Атыла жолго салыптыр.
Байка сөздүн артына,
Бара турсун Атыла.
Аны таштап салыңар,
Баягы Панус каныңар,
Алла эмне сөзү бар
Кабарын угуп алыңар.
Эсепсиз таттуу жаныңыз,
Чындап өлүм келгенде
Эшек болду каныңыз.
Канга жолдош эшеги

Беш миң эле эсеби.
Басып кетти каңгырап,
Ар тарапка кетиптир
Аңги эшек болуп аңгырап,
Кара жандын зарпы үчүн
Айбан болду каңгырап.
Жети айлык экен бу дагы,
Жергездин башы Кумайлуу
Жердеп турду буларды.
Канчасы кеткен ит болуп,
Кабышып жүргөн көчөдө
Каргыш тийген иш болуп.
Аларды таштап коюңуз,
Отуз төрт сулуу катын бар,
Качыр болгон каапырлар.
Баары келген корккондон
Панус канга корголоп,
Басып жүрдү катындар
Базар менен жорголоп,
Качыры – деп, бирөөнүн
Кармап алган бир жан жок.
Ээси бар качыр – деп,
Жолотпоюн акыр – деп,
Кууп сүрүп салыптыр,
Бирөө мени бакса – деп,
Кыялы мага жакса – деп
Кайынсуу карды ачыптыр,
Айдаса болбой короого
Барып кире качыптыр.
Табылса данды берип жүр,
Тогуз жашар баласы
Кайынсууну эрип жүр.
Сокала деген кыштакка
Кайынсуу барып кириптир,
Кармап алып жуңгарлык
Кайынсууну миниптир.
Улук болуп Ташкенге,
Урматы жетип башка элге,
Аким болуп Ташкенге,
Акылы жетип башка элге,
Кан болгондо Ташкенге
Кадыры жетип башка элге
Панус кан бааша чагында,
Олтурганда тагында
Эшикке басып чыгуудан
Эринет эле Кайынсуу,
Эмдиги көргөн иши бу.
Тааныса ээси алар – деп,
Адашып жүргөн качыр го,
Таппаса куру калар – деп,
Дан сатуучу базарга,
Базарды алып назарга,
Жуңгарлык аты Келдербек,
Жуда жакшы бир качыр
Баласы менен келди – деп,
Базарга барып келейин,
Талашса ээси берейин,
Муну ойлонуп алыптыр,
Белине куржун салыптыр,
Мекчеңдете бастырып
Келдербек жөнөп калыптыр.
Карап тургун мунусун,
Кара тамак курусун,
Тамагынын дартынан,
Баласы ээрчип артынан,
Башка келсе мына бу
Бадышанын тейтейи
Панус кандын Кайынсуу
Сүлөөсүндөй керилген,
Сүйлөөр сөздөн эринген,
Кер маралдай керилген,
Кеп айтуудан эринген
Көт жаккы эки туягы
Казык сындуу сыягы,
Астыңкы эки кол менен
Жорголой басып жол менен,

Басыгым буга жакса – деп,
Макулдап жакшы бакса – деп,
Жүгөрү, конок, таруу – деп,
Кыйын болду биздерге
Андай тамак табуу – деп,
Буудай, арпа машы – деп,
Бул экен айбан ашы – деп,
Булайып өлүп калганча
Тирүүлүк жанга жакшы – деп,
Аралап Ташкен калаасын,
Ээрчитип алып баласын,
Шекер, шербет, бал, палоо
Аларды тамак дебеген,
Албан түрлүү көш болсо
Аш – деп, аны жебеген,
Суусунга ичип аракты,
Азелди көрсө татпаган,
Атилез көрпө, ак мамык
Ансыз жерге жатпаган
Түктүү арпа таппай ач болду,
Бүкүлү конок аш болду,
Жатканы бок-сак, таш болду,
Жегени саман, чар болду,
Жергеден асып кар болду,
Алтын үй көрсө карабас
Аттыкана зар болду.
Чын ошол ишти көрмөгү,
Антип кутулбаганда
Анык эле өлмөгү.
Аяганы жан болду,
Тириликте мал таттуу,
Чындап өлүм келгенде
Чымын кара жан таттуу.
Жай билгенге жеме жок,
Жалган дүйнө чиркинде
Жандан татты неме жок.
Келтирип айтса кеп кызык,
Экинчиси бала ысык,
Ысыктыгы бул экен
Соңунда эрип жүргөнү
Тогуз жашар уул экен.
Ээрчитип жүрөт баласын,
Эртели-кечти аралайт
Ташкендин күзөр калаасын.
Чейректеп аштык алыптыр,
Кайтып жолго салыптыр.
Казак, кыргыз, сарты бар,
Жаңы шаар каратса
Иреттечү салты бар.
Тазалатып көчөсүн,
Жуудуруп чыны-кесесин,
Абунасыр заманы
Аралаптыр калааны.
Батыны ачык Айкожо
Байкап аны караса
Базарында көп жүрөт
Эшек болгон адамы.
Көрүп алып таң калды,
Адамдан болгон эшек – деп,
Бу шаарда да барбы
Кешмирден келген кесеп – деп,
Айкожо айран калыптыр.
Сатынбай деген бир кыргыз
Кожону көрүп бүгүлүп,
Кол куушуруп жүгүрүп,
Дарбазасын ачыптыр.
Кырк миң кызыл дилдени
Кадамың – деп, мубарек
Бай Сатынбай чачыптыр.
Баса турган изине
Кырмызы килем салыптыр,
Кызмат кылып калыптыр.
Көпчүлүк турса көчөдө
Көчө жолго салыптыр,
Жорголотуп жол менен
Келдербек келип калыптыр.

Көптүн баары көрүптүр,
Артынан бала ээрчитип,
Ошо күнү байкушка
Үч кадак жем бериптир.
Башта көрдүң ушуну
Панус канга жар болгон,
Он жети күн болуптур
Түктүү арпага зар болгон.
Артындагы баласы
Ачка болуп кишенеп
Апакелеп чыркырап,
Кейишинен баланын
Жорголоп алып зыркырап,
Үстүндөгү Келдербек
Эки этеги дыркырап,
Көпчүлүк көзүн салыптыр,
Кайдан чыккан качыр – деп,
Көргөндөр айран калыптыр.
Качыр экен байтал – деп,
Кайдан чыккан шайтан – деп,
Келдербектен сурашты,
Казак-кыргыз чуулашты.
Келдербеги кеп айтат,
Келген өзү короого,
Кайдан келген билбеймин
Кайыбынан – деп айтат.
Желден бүткөн качырбы,
Же болбосо бир жактан
Ооп келген каапырбы,
Кунан бекен, байталбы,
Куюндан бүткөн шайтанбы.
Ары-бери жүргүзүп
Көпчүлүк көзүн салыптыр,
Канча жамбы пул айтып
Кардал чыгып калыптыр.
Келдербек аны сата албай,
Сатамын – деп, айта албай,
Ээси чыкса нетер – деп,
Казылар түпкө жетер – деп,
Уурулук бөөдө тартам – деп,
Ушул элге сатам – деп,
Ээси чыкса эртең күн
Зындан сактап жатам – деп,
Алуучу качыр экен – деп,
Адамдар айтып салыптыр,
Сатылбайт – деп, Келдербек
Жайын сүйлөп калыптыр.
Үйүнө кетти Келдербек,
Үйүнө Келдер кеткен соң
Ушу жерде болду үлкөн кеп.
Жорго экен – деп, макташып,
Жол боюнда тургандар
Кобурашып калганы.
Аңгычакты ал жерден
Намаз асыр дигерди
Азан айтып жиберди.
Окуп калды намазды,
Ол качырды алсак – деп,
Көп адамдар ойлонуп
Көөнү кеткен чамасы.
Абунасыр заманы
Батынында билиптир,
Байкуш бендечилик – деп,
Мыйыгынан күлүптүр.
Абунасыр кеп айткан,
Башына келсе болбойбу
Байтал жорго – деп айткан.
Эсерлер билбей калыптыр,
Бу сөздү кандай айтты – деп,
Эстүүлөр оюна алыптыр.
Башына мээнет толор – деп,
Башка келсе ушундай
Байтал жорго болор – деп,
Калкы казак-кыргызга
Макал болгон бу бир кеп.
Буларды коё туруңуз,

Качыр минген Келдербек
Кабарынан болуңуз.
Короосуна барыптыр,
Акырга байлап салыптыр?
Эшек болгон Панус кан,
Эмгекке калган канча жан,
Тамагынан чөп өтпөй,
Чөп өтсө да көп өтпөй,
Ордосунан чыгыптыр,
Он тогуз күн болуптур
Кейкөз арык боюнда
Ар нерсе бар оюнда,
Коон менен дарбыздын
Бочогун жеп жүрүптүр.
Өлүмдөн качкан жан үчүн,
Ачкалыктын зарпынан
Көчөгө келип дан үчүн
Короого кирип алыптыр,
Байлалуу катын-баласын
Үстүнөн чыгып калыптыр.
Катыны турат кынтайып,
Арып-ачып баласы
Жанында турат тыйтайып.
Байкуш болгон Панус кан
Баласын көрүп бакырды,
Катынын көрүп кайгырды,
Акылынан айрылды,
Көңүлүндө зарланды,
Көргөн жерде арданды.
Сарайына тургузган,
Сары алтындан куйгузган,
Эрини акак, көөкар көз,
Не десе болор ушу сөз.
Зумуруттан каштаган,
Жубар менен чачтаган.
Аземи артык бурканы,
Ар качандан, бир качан
Сыйынып карап турганы.
Лайлама колдо! – деп,
Жаны калбай жалынган,
Сүрөт болуп кеп сүйлөп
Сөз келчү шайтан малгундан.
Аскер келип күңгүрөп,
Жер көчүрүп дүңгүрөп,
Жаа Аллалап буркурап,
Азирет! – деп, чуркурап,
Казак, кыргыз кол менен,
Бут койгон сарай жол менен
Айкожо баштап жетиптир,
Айгай үнүн укканда
Азгыруучу азезил
Бузулуп бул калды – деп,
Мусулман болуп алды – деп,
Көтүн шайтан кысыптыр,
Көйкапты көздөй сызыптыр.
Шайтан кетип, бут калган,
Шашып, коркуп Панус кан
Эки күнү, эки түн
Зарлык кылган бүпбүтүн.
Ташкен шаар болду – деп,
Келген аскер мусулман
Кең Ташкенге толду – деп,
Такыядай Ташкеним
Талкаланмак болду – деп,
Кабар бер – деп, кайгырып,
Калдым – деп, журттан айрылып,
Акыл бер – деп, алсырап,
Камалдым – деп, кансырап,
Канча барып жалынса
Жеткирген азап теңири,
Качып шайтан кеткен соң
Кайдан берсин жоопту
Калдайган куру темири,
Мурун чыккан Панус кан:
«Муңдуу күндө сүйлөбөйт
Бул эмес белем теңири.

Айттым жолун аябай
Малым менен башымды,
Бир ырайым кылбады
Көздөн аккан жашымды!»
Он тогуз күнү талаага,
Калып кара балаага,
Ачка жүрүп алдырап,
Ал жердеги жемишке
Көзүн салып жалдырап,
Көчөлөрдү сыдырып,
Көрүнгөн жонго бир салып,
Короолорду кыдырып,
Жем жеген атка тептирип,
Жеткирген эгем тааласы
Аянбай насты келтирип,
Алтымыш күндүк нас басып,
Акылынан адашып,
Эки көзү төрт болуп
Аштык ачкан ороого,
Акыры келип кез болуп
Катын менен баласы
Камалып турган короого,
Атасын көрүп бала ыйлап,
Эрин көрүп энеси
Эстен танып зар ыйлап,
Катынын көрүп каныңыз
Каңгырады дагы ыйлап,
Базардан келип Келдербек
Семирсин – деп, муну жеп
Ун кебегин алыптыр,
Арпа кошо салыптыр,
Берген экен беш кочуш
Азыраагын жегенде
Эри келип калыптыр,
Катыны тапты тамакты,
Катынга бала караптыр,
Эшек болгон Панус кан,
Эстен танган байкуш жан
Жемин жеди катындын,
Бербердигер бербейби
Бендесинин татыгын
Эшек болгон каныңыз.
Тагдыр ажал жеткенде
Татты болор жаныңыз,
Баштагы элдин жомогу,
Байкап уккун баарыңыз,
Колдо турат дүркүрөп
Ошо Ташкен шаарыңыз.
Колго тийсе өлтүрмөк
Ойротту билген кан үчүн,
Окуп өнөр Атыла
Эшек кылган ан үчүн.
Эшек болуп алсам – деп,
Өлбөй тирүү калсам – деп,
Эшек болгон каныңыз,
Ойрон кара жан үчүн
Ойлоп көрүп адамдар
Окууга чыгар бар күчүң.
Окуунун көрдүң үзүрүн,
Оңдуруучу жоо эмес
Ой менен тоодо баары алаш,
Ногой уулу эр Манас.
Азыр тирүү турушу
Атыланын үзүрү,
Ал күнү таңдан калганда
Анык эле каныңдын
Ажал жетип өлөрү.
Айкырган үнүн угуптур,
Кайдан келген эшек – деп,
Келдербек үйдөн чыгыптыр.
Качыры карап туруптур,
Баласы моюн сунуптур,
Акырынан жемин жеп
Эшекти кудай уруптур.
Кайдан келген эшек – деп,
Калабалуу кесеп – деп,

Келдербек алды союлду,
Эшектин көзү оюлду.
Оюлбаса неткени,
Алты-жети чаптырып,
Капкадан чыгып кеткени.
Отуз алты жыл болгон
Ак жеринен бир ишке
Келдербекти урдурган,
Ошол кылган кысасы
Эми айланып жеткени,
Айтарына тили жок,
Наалып чыгып кеткени.
Кайгырды катын-балага,
Как ошо жерде жалбарды
Жараткан кадыр Аллага:
«Мен сыйынып жүргөнүм
Кудай эмес экен го,
Чын жараткан өзүнөн
Мага мээнет жеткен го.
Кудай – дедик, жалындык,
Алтын, күмүш, темирге,
Арзымды азыр айтайын
Чын жараткан теңирге!
Акыл жеткис дүнүйө,
Жер жараткан сен кимсиң?
Жер үстүнө не түрлүү
Эл жараткан сен кимсиң?
Жылтыратып жылдызды,
Ай жараткан сен кимсиң?
Нечен албан дүнүйө
Жай жараткан сен кимсиң?
Бакыр кылып ар албан,
Бай жараткан сен кимсиң?
Оттон ысык абага
Күн жараткан сен кимсиң?
Кызыл эттен чыгарып
Жүн жараткан сен кимсиң?
Күн батырып, караңгы
Түн жараткан сен кимсиң?
Акыл жетип болбогон
Көл жараткан сен кимсиң?
Он жылдык жерде суусу жок
Чөл жараткан сен кимсиң?
Буркуратып булутту,
Жел жасаган сен кимсиң?
Жетимиш бөлөк тил берип,
Эл жасаган сен кимсиң?
Көзгө илинбес кичине
Жан жасаган сен кимсиң?
Караңгыны кетирип,
Кайта жарык келтирип,
Таң жасаган сен кимсиң?
Жер жүзүнөн чыгарып
Буу жасаган сен кимсиң?
Шаркыратып агызып,
Суу жасаган сен кимсиң?
Бирди момун жаратып,
Залим кылып кай бирөөн,
Куу жараткан сен кимсиң?
Каапыр менен мусулман,
Дин жараткан сен кимсиң?
Дөө, пери, шайтанды,
Жин жараткан сен кимсиң?
Ден жаратып, жан салып,
Бенде кылган сен кимсиң?
Кулак-мурун, көз кылып,
Келде кылган сен кимсиң?
Көккө жакын коркойтуп
Тоо жараткан сен кимсиң?
Көргө жакын капчыгай,
Коо жараткан сен кимсиң?
Каапыр менен мусулман
Жоо жараткан сен кимсиң?
Бири дартман, бири сак,
Соо жараткан сен кимсиң?
Бирөө муңдуу, бирөө шат,

Бирөө жакын, бирөө жат,
Албан түрлүү адамзат.
Бендеңдирмин мен – деди,
Мени кандай жараттың
Ким да болсоң сен? – деди,
Ашып кетти азабым,
Катын менен баламды
Кашыма менин бер!» – деди.
Эшек болуп акырып,
Көчөгө чыгып бакырып,
Камоодо катын, баласын
Кел бери! – деп, чакырып,
Көчөгө чыгып алыптыр,
Көбүрөөк айгай салыптыр.
Көтүнөн чыгып Келдербек
Көк эшек кайдан келген – деп
Айдап кууп салганы,
Айласы жок каныңыз
Басып кетип калганы.
«Катынсыраак неме эле,
Кайдан келген кем эле,
Кайтып келсе аңылдап
Өлтүрөйүн дегеле!»
Келдербек муну айтыптыр,
Кекенип алып кайтыптыр.
Панус кан алды оюна:
Барайын дайра боюна,
Агып сууга өлөйүн.
Өлүүгө акыл бөлүндү,
Жанына барып караса
Дарыянын түзү суук,
Ого эле жаман көрүндү.
Дарыяга түшсөм – деп,
Ыкыс берип октолду,
Ар канча кылса жан таттуу,
Сабыр кылып токтолду.
Жанына салбай жабырды,
Байкуш болуп Панус кан
Дагы кылды сабырды.
Санап көргүн көп калкым,
Сагымбай айтпас сөз калпын,
Сабырдын түбү сары алтын,
Манас келген Ташкенге
Баштап алаш көп калкын.
Мусулман алып каарына,
Туталык баштап төрт жүз миң
Бири да кирбей шаарына,
Алаш тосуп жолуну,
Булүндүрүп колуну,
Ойронду Манас салганы,
Өздөрүңө белгилүү
Ноор көлгө барганы,
Аралдын Кара-Көлүнө
Өздөрүңө белгилүү
Кууп-сүрүп салганы.
Түркстандан төмөнкү
Биябан кумдун чөлүнө,
Орол тоонун оюна,
Үркүндүн алды токтолгон
Орто-Тоонун боюна.
Окудуңар өзүңөр
Ойронду кыргыз салганын,
Орто-Тоого барганын,
Ошо күндөн ушу күн
Ушу жерден опа таптык – деп,
Упа атакка калганын.
Айрып айттык жазууда
Алаштын баары жүргөнүн,
Панус кандын аскерин
Деңизди көздөй сүргөнүн,
Алтайлык алаш, ташкендик
Аралашып алганын,
Аким болгон кытайды
Азапка минтип салганын,
Байкадыңыз баарыңыз
Панус кандын сарайын

Бек бекитип алганын.
Жалпы көрүп көп алаш,
Чаң созулуп буркурап,
Жаңы бааша келди – деп,
Жар чакырып чуркурап,
Он эки капка Ташкенин
Ороп аскер алганын,
Ойбойлотуп калмагын
Ойрон кылып салганын,
Ортодо Панус калганын,
Капкасын мыктап бекитип,
Камоодо кандын калганын,
Аңдадыңар баарыңар
Азанын угуп көп алаш
Айкожого барганын,
Кечке сүйлөп Айкожо
Элди динге салганын.
Эки күнү, бир түнү
Антип өтүп алыптыр.
Үчүнчү түндө Панус кан
Өлүмдөн коркуп өзүнчө
Эшек болуп калыптыр,
Жыйырма күн дагы өтүп
Өлөйүн – деп, алганын,
Өзүңөргө дагы айттым
Сабыр кылып токтолуп,
Жанын кыйбай калганын.
Эки күн өтүп эр Манас
Кан сарайы кайда? – деп,
Кандай кыйын болсо да
Куругандыр айла – деп,
Тил алса динге салмакка,
Тил албаса тим эле
Башын кесип алмакка
Абунасыр заманы,
Аскердин баары тамамы,
Көкчө, Манас баарысы,
Айдаркан, Ошпур карысы,
Көңкү алаш буга барышты
Көсөмдөрдүн баарысы.
Түбүн чоюн түптөгөн,
Дүнүйө малы түтпөгөн,
Үч найза бою тиги бар,
Калыңдыгы кара тоо
Карап турса адам боо.
Адам айран калгандай,
Караса кашы талгандай,
Жан адам алы келгисиз,
Дөө-пери салгандай,
Ойрон болсо ошондо
Ушу күнгө чулдусу
Нугу жатып калгандай,
Ал кезинде алаштын
Жеткен эмес теңдиги,
Алты миң алты жүз
Алтымышалты кулач
Сарайынын кеңдиги.
Алаш уулу аралап
Барып кирген чагы бар,
Ортосуна койдурган
Узундугу миң кулач
Бандулусу дагы бар.
Байкап кара буларга,
Бандулу деген мунара,
Как карагай алдырып,
Кандык уста салдырып,
Баш жагынан жүз жерге
Банар чырак жандырып,
Алачык үйдөй коңгуроо
Ага барып тагуучу,
Ар тараптан жоо келсе
Бандулуну кагуучу,
Төрт күндүк жерге угулуп,
Төрөлөрү баруучу,
Коңгуроосу колодон,
Карыжысы Ташкендин

Кылганында ушуну
Кыйла дүйнө корогон,
Күн батыш жаккы бурчунда,
Күлдү маалим журтуна,
Андагы аты биркөөдүр,
Орусчасы чиркөөдүр,
Мусулманча мечиттир,
Ибадаткана дешиптир,
Биркөө аттуу сарайы,
Ошого чаптап жоголгон
Дүнүйөнүн далайы.
Ал сарайдын ичинде
Карк алтындан куйдурган,
Кабарын шайтан туйдурган,
Көөкар таштан көздөгөн,
Көкүрөгүндө тешиги
Шайтан кирип сөздөгөн,
Кол-аягы адамдай,
Кокус көргөн адамдар
Адам экен бу да – деп,
Коркуп чочуп калгандай.
Сакалын жубар тараган,
Көзүн кыйгач караган
Эрини жакут, инжуу тиш,
Эзелден болгон бу бир иш.
Карап турса мунусун
Ичик кылып кийгизип
Кара кемчет кундузун,
Жубарлаган дейилде
Ичиктин тышы дегени,
Кырмызыга ороткон
Ар түрлүү алтын келеби.
Агы да алтын, кара алтын,
Андап көрсөң баары алтын,
Кызыл алтын, сары алтын,
Боростойдон бири жок,
Болжоп турса баары алтын.
Базар билсе баасын
Жети миң дилде алгандай,
Эл байы көрсө ал тонду
Эки миң, үч миң чар койго
Баасы тынып калгандай,
Кийгизген экен ичикти,
Колунан кылып, кудай – деп,
Ким көргөн мындай күчүктү.
Башындагы таажысы
Лагыл, жакут, зумурут,
Аңдап көрсө көз салып
Алтымыш түрлүү кубулат.
Төбөсүнө сайылган,
Төрт тарапка жайылган
Тоту куштун куйругу,
Каапырды мындай көндүргөн
Кадыр Алла буйругу.
Алтайдан барган мусулман,
Айран болду канча жан,
Көкөтөй менен Айдаркан,
Көтүнө ээрчип канча жан,
Көргөндөр болду айран таң.
Көкчө баатыр, Манасы,
Көт жагынан жүрүштү
Көңкү алаштын баласы.
Сонун экен дүйнөсү,
Сонуну-сонун экен – деп,
Көп адамдар сүйлөдү.
Кандын үйүн карады,
Көрүп-көрүп кыйласы
Кайра басып тарады.
Баарын жүктөп олтурса
Миң төө болор көлүгү,
Жыйылып жатыр бир жерде
Үч жүздөн ашык өлүгү.
Өзүн өзү каапыр – деп,
Өлтүргөн экен акыр – деп,
Өрттөп ийбей дүйнөнү
Таштаган экен такыр – деп,

Качты бекен каны – деп,
Качкан менен аярлар
Куткарбайт эле аны – деп,
Бир казына толор – деп,
Жалаң алтын жарагы
Миң төөгө жүк болор – деп,
Көргөндөр айтып салганы,
Ушу экен дүйнө жалганы.
Ушунчанын ээси,
Түркстандын дөөсү
Кебек таппай кеңгиреп,
Келдербектен таяк жеп,
Жасаган мени кимсиң – деп,
Жалган экен кур сүрөт,
Жайын эми билдим – деп,
Сыр боюна кеткени,
Жалган дүйнө чиркиндин
Жамандык эмей неткени.
Кандын көрүп сарайын,
Каран дүйнө далайын,
Ашыкпаңар адамдар,
Артын айтып карайын.
Көкөтөйдүн эли экен,
Көгөй уста дээр экен,
Турган жери Чыйырчык,
Асана кыштак калаасы,
Ал Көгөйдүн бар экен
Айдар аттуу баласы,
Он сегизде жашы бар,
Ал кезде баары калмакча,
Маңдайда көкүл чачы бар,
Көкүлүн эки бөлүптүр,
Көрктүү, сулуу неме экен,
Кыз бала бекен ушу – деп,
Көп кызыгып өлүптүр,
Алиги келген жаш Айдар
Албан түрдүү кеп айтар:
«Ак жолунан дин ачкан
Байгамбар ак – деп, айтат,
Асили бар Курайыш,
Аркы түбү араптан,
Жалган дүйнө жүзүнө
Шариятын тараткан,
Таажы-такты талкалап,
Каапырдын баарын караткан,
Казак-кыргыз көп алаш
Мурунтан өзгөн муздакта,
Аманат кылыч тапшырган
Ак байгамбар Мустапа,
Артында жүргөн көп алаш,
Ата-бабаң белгилүү,
Амансыңбы эр Манас?!
Айбатың журттан бөлөкчө,
Амансыңбы сен дагы
Айдаркан уулу эр Көкчө?!
Алтайдан келген туугандар,
Алтын такта кандарды
Акыретке куугандар!
Кыргын салдың кылымга,
Кылган ишиң угулду
Кызылбаш, урум-кырымга.
Ак ислам сиздин диниңиз,
Амансыңбы алашта
Жүк көтөрөр билиңиз,
Ак байгамбар кашында
Кызмат кылып, кол берген
Абунасыр пириңиз!
Айтканы келдим көп макал,
Азыр аман турабы
Абунасыр аксакал!
Ак байгамбар Мукамбет
Абалы болдуң сиз үмөт,
Азыр болдук биз үмөт.
Садагасы кетели
Шарияты түз экен.
Саясы жерге түшпөгөн.

Байгамбарга ынанып
Дин бердиңер өзүңөр,
Бабаңдан калган Ташкенди
Жаңы көрдү көзүңөр.
Казак, кыргыз журт болсун,
Кадамыңыз кут болсун!»
Домбура комуз алыптыр,
Добушун бийик салыптыр,
Жайма көкүл жаш Айдар,
Айткан сөзү кыйла бар.
Көп сөз айтып акыры,
Көтөрдү далай баатырды.
Айтканын алар угушту,
Алтын бут койгон сарайын,
Көрдүң эле жанагы
Салтанаты далайын,
Ынгам кылып ырчыга
Берип алып чыгышты,.
Баары келип көп аскер
Баңдулуну жыгышты.
Казак, кыргыз алашы
Анда бирге арасы,
Көзүн салып караштты,
Панустун дүнүйөсүнөн
Акылынан адашты.
Кызыл дилде зар алды,
Кызыл куйрук нар алды,
Кырк төөгө жүктөгөн
Кыйбат баа мал алды.
Көкөтөй экен карысы,
Көкөтөйгө токтолду
Көп дүйнөнүн баарысы.
Миң төөгө артып жамбы алды,
Жыйган экен жылас – деп,
Билимдүүлөр таң калды.
Торгун, тубар, буулумду,
Тоодой жыйды булуну.
Доолон, чүчтө, дүрүйө,
Ошолор опо кылбастан
Ойрон болсун дүнүйө.
Инжуу, маржан, зумурут,
Анык тиктеп караса
Адамдын көзү жумулат.
Ылгый жакут шам чырак,
Көз уялтат жаркылдап.
Ар сонундан алышты,
Кыймылдабай көп аскер
Кырк күн жатып калышты,
Кыраан Манас барында
Кыргынды жоого салышты.
Жаткырып коюп колуну,
Чыгып барып көрөм – деп,
Тянь-Шандын жонуну,
Улуу тоону көрмөккө
Уу кылам – деп, эрмекке
Ак-Суу тоосун бет алып,
Арстан Манас аттанып,
Барды Чыйырчык башына,
Көзүн салып көкжал эр
Көз учкан зоока ташына.
Кайың менен талы бар,
Карап турса жыгачын
Каалагандын баары бар,
Бурушунда бугу бар,
Көрбөгөндүн муңу бар,
Курбусунда кулжа бар
Кайыптын баары мында бар.
Алтыгана, Чаткалды,
Чанач ашуу баткалды
Көрүп көзүн салыптыр,
Тоосу бийик, жолу тар,
Малдын жери экен – деп,
Көңүлүнө алыптыр.
Жеркендин башы бийик төр,
Жеткире баарын чалыптыр,
Чычкандын башы Карлыны,

Батыра чалып баарыны,
Жерин көрүп Тулустун,
Эми жайы болбос – деп,
Көп бу жерге туруштун,
Кайра тартып калыптыр,
Алты күнү жол жүрүп
Айланасын чалыптыр,
Ара шаар үстүнө –
Чанач, Киндик дегенге
Жетинчи күндө барыптыр.
Чапканда түшкөн Манаска
Чаркуруштун шаарынан,
Дүнүйө жүзүн караса
Дүрбүнүн артык баарынан,
Дүрбүнү көзгө салыптыр,
Жондо олтуруп эр Манас
Көрүп айран калыптыр.
Түнөрүп жаткан багы бар,
Дүңкүйүп жаткан тамы бар,
Түмөндөп жаткан шаары бар,
Азып-тозуп качкандар,
Каалагандын баары бар.
Карарып жаткан багы бар,
Калдайып жаткан тамы бар,
Канча бөлөк шаары бар,
Качкан-тозгон жыйылып,
Каалагандын баары бар.
Ордо шаар Тунарык,
Ойдуң талаа мунарык,
Чырпыгы бар чынардай,
Чынарлары мунардай,
Жапанга чыккан бадамы,
Жайнап жатыр адамы.
Тунарык чыккан буусу бар,
Күн батыш жакты четинде
Тунук дайра суусу бар,
Көрүп турса көп аскер
Көтөрүп жүргөн туусу бар.
Көзгө дүрбү салыптыр,
Көк жал Манас баатырың
Көрүп айран калыптыр.
Андан ары караса
Булуңдап жаткан мунарык,
Бурчтанып жаткан тунарык,
Калдайган кара талаасы,
Кайнап жатыр калаасы,
Улуу Анжиян, Маргалаң
Ушу го – деп, таң калган.
Калмак, кытай каапыр – деп,
Кайнаган экен акыр – деп,
Атамдан калган Нааманды
Алган экен такыр – деп,
Дүрбү салып болтурду,
Шашкеде дүрбү салыптыр,
Түшкө жакын олтурду.
Аягыма салып кишенди,
Белиме салып кисемди,
Колума салып күндөнү,
Кош көрбөй жалган дүйнөнү,
Кырда олтуруп кыраан эр
Ошо кепти сүйлөдү.
Канжыгага байлап башымды,
Кадыр Алла жар болуп
Кар кылдым далай касымды.
Көөкөргө куюп канымды,
Тириликке санабай
Чымын кара жанымды,
Чындап Аллам жар болсо
Кетирермин саныңды,
Кемшиңдетип ыйлатып
Кемпир менен чалыңды.
Намаандын кени мында экен,
Аманат жаным байлалуу
Алса кара кылда экен.
Жашым жыйырма тогузда,
Салышпай кантип кетейин

Жайнап жаткан доңузга.
Ара деген шаар деген,
Ар жагында эл жайы
Алоокеси бар деген.
Тулустан качып тумшуксуз,
Акунбешим баашадан,
Аша качып ошондон
Ашкандын баары мында экен,
Наамандыктан сүрдүгүп
Качкандын баары мында экен,
Акылынан адашып
Шашкандын баары мында экен,
Ата-энеден айрылып
Жазгандын баары мында экен,
Тарлыкка салдым башка элди,
Талкаладым Ташкенди,
Кордукка салдым башка элди,
Койбой алдым Ташкенди,
Кол жыйылган, туусу бар,
Кабар угуп биздерден
Козголгон белем ушулар.
Кара башыл туусу бар,
Кабар угуп биздерден
Камданган белем ушулар.
Кадыр Алла буюрса
Камдансаң каның төгөрмүн,
Козголсоң колуң сөгөрмүн,
Кошунуң келсе көрөрмүн!
Ушуну айтып алганы,
Октой болгон кула атка
Оңдоп ээр салганы.
Ойду көздөй бет алып
Оён Манас аттанып,
Жети бугу, үч аркар
Кийик атып алыптыр,
Мүйүздөрүн байланып,
Аблатундун сыртынан,
Улар тоодон айланып,
Алтыгана, Келделик
Ашып кетип баратыр.
Аскер көрүп, кол көрүп
Шашып кетип баратыр,
Чыйырчыктын кара адыр
Басып кетип баратыр,
Эңкейиштен элигин
Атып кетип баратыр,
Ашыкпай жүрүп ар жерге
Жатып кетип баратыр.
Тоорулуп тоодон келгени,
Токсон экен мергени,
Жыйырма беш балбаны,
Жаа тартканын алганы,
Алтымыш беш мылтыктуу,
Жолдоштору мына бу –
Саадак тарткан, жаа аткан,
Жанчышкан жоосун жадаткан.
Баянды деген бир жерге-
Барды кыргыз бир элге.
Көкөтөйдүн тобу экен,
Көкжал Манас баатырды
Көргөндөрү жок экен.
Үч койчу, бир жылкычы,
Малчыны көрүп алганы,
Малчы көрүп баатырың
Салам айтып салганы.
Ал кезде салам эмине,
Мөндү пайна – деди эле.
Кодоюп койчу турганы,
Баланы кудай урганы:
«Айтпайбыз мөндү пайнаны,
Алым келсе шу жерде
Кетирер элем айлаңды.
Андай тилди таштадык,
Өрнөктү жаңы баштадык.
Аңдап билдик жаңыдан
Алаш экен уругу,

Калмак менен кытайдын
Сөзүн айтып куруду,
Казак-кыргыз калайык
Түрк уулунун тунугу!»
Анда Манас күлдү да,
Баланын бейлин билди да:
«Коома, кандай, балам?» – деп,
Дагы сүйлөп салганы.
«Койчу, аке, андай сөздү» – деп,
Бала мөңкүп калганы.
«Эми эмине дейли?» – деп,
Манас айтып салганы.
«Аскерге атам барды – деп,
Алтайда жаткан көп tууган
Азыр келип калды – деп,
Абунасыр заманы
Ак динине салды – деп,
Көрүшкөн жерде айтары
Бөлөк бир сөз айтты эле,
Көөнүмөн чыгып калды – деп,
Койчудан Манас кеп сурайт:
«Алтайдан келген туугандЫ
Не деди атаң? – деп сурайт.
Жаман экен дедиби?
Жайын айтып бердиби?
Жакшы эле экен дедиби,
Айтып бер, балам, сырыңды,
Анык айтып бердиби.
Алтайдан келген тууганы,
Ташкенге келип турганы,
Алып көнгөн элге окшойт,
Арам-адал ылгабай,
Арам жемсөө кемге окшойт.
Манас кандай – деди деп,
Башкасы кандай – деди деп,
Саналуу саадак огубуз,
Сага да жайым айтайын
Баймырза аке тобубуз,
Не деп келди атаң – деп,
Алтайлык алаш келгенде
Кеттик эле уу кылып,
Эми келе жатам – деп,
Жаңы келген тууганДын
Жайын айтчы, атам» – деп,
Сурады Манас баладан.
Сураганда бу бала
Манасты тике караган.
Аңдабай турган шумурай
Арстанга көзүн салылтыр,
Аттан кулап жыгылып,
Атакелеп калыптыр.
«Кирпигиң жазы, көзүң чок,
Кишиде сендей шумдук жок!
Атам айтып берген – деп,
Айбатын сендей деген – деп,
Айбатыңды болжоймун,
Алуучубу – деп, ойлоймун.
Берисиңби, дөөсүңбү,
Бенде сендей болобу,
Бет алышкан оңобу?
Ажыдаарсыңбы, жолборспу,
Жандуу кантип жүргөн эл
Жанындагы жолдошу?!
Жолоочу болсоң жол алгын,
Жолтуулчу болсоң койду алгын,
Сүйлөшпөймүн өзүм – деп,
Окус өлө жастадым,
От экен эки көзүң!» – деп,
Манаска айтты бу бала,
Ал баланы сооротуп
Баарысы болуп убара.
Эркелетип, сооротуп
Энди турду баланы,
Бала менен турганда
Асты жагы сеңирден
Айгай чыгып калганы.

Айгайын угуп, нетти – деп,
Не балаа болуп кетти? – деп,
Көзүн Манас салыптыр.
Көрсө карап эр Манас
Көк желек найза алыптыр,
Көкөтөйдүн айлынын
Кыйтуу чага дегени
Байкамакка Ташкенди
Аскери бир миң барыптыр,
Ара шаар шаарынан
Атайын чыгып алыптыр.
Алоокенин буйругу
Кыйтуу чага дегени
Бир миң киши жолдошу,
Бир уруунун жолборсу,
Көсөмү чалгын чалыптыр,
Көкөтөй карап кетти – деп,
Кан Панустун түбүнө
Казак, кыргыз жетти – деп,
Ташкендин жаткан алашы
Алтайдан келген Манасты...
Камбардын уулу Айдаркан,
Кашында бар канча жан,
Түркстандын алашы
Түпкө жетер Манасы,
Алтайдан келген алашы,
Арстан экен Манасы,
Алыптыр Акунбешимди,
Наамандыктын көп журту
Ташкенди көздөп эшилди,
Ташкенде казак, кыргызы
Абыдан кылды кесирди.
Кесир болбой неткени,
Тууганстынып бадирек
Манаска кирип кеткени,
Көңкү журтун көңтөрүп
Көкөтөй түпкө жеткени.
Ташкенден неме калбады,
Талкалап кыргыз алганы,
Кытай, маңгул, калмакка
Талоон коюп салганы.
Билинбейт өлүү-тирүүсү
Такта олтурчу Панус кан.
Ташкенден барган кербени
Көргөн-билген жумушун
Көбүрөөк айтып бергени.
Кыйтуучасы кеп айтып:
«Кыйын жумуш экен го,
Кызык экен – деп, айтып,
Көк-Жон, Каңдак жер экен,
Көңкү кыргыз эл экен,
Көкөтөй деген бу да бир
Көөп жүргөн кем экен,
Көбүл, Сыра, Бээжинди
Көрбөй жүргөн неме экен,
Кайнап жаткан Каканчын,
Кара шаар Бээжинди
Кантип жеңет – деди экен.
Алтайда жаткан аз Кыргыз,
Байлыгына мактанып,
Дөөлөтүнө мас кыргыз
Билбептир бир күн өлөрүн,
Азабын тартып бир күнү
Акыретке жөнөөрүн.
Көкөтөй деген кедейдин,
Кедей дебей не дейин,
Көңтөрүп алып жылкысын
Тийип алып кетейин,
Көпөңсүгөн кыргыздын
Көңтөрө тийип жылкысын,
Ашарсуу деген эр эле,
Ачала кытай эл эле,
Ара шаардын улугу,
Панус кандын жээни эле,
Баатырлыгы башкача,
Барып чалып келгин – деп,

Буйрук айткан мен өзүм,
Бу дүнүйө жарыгын
Карартайын көзүнө!»
Манастын тоодо жүргөнүн
Байкабай келип калыптыр,
Жайытта жаткан жылкыга
Барабан кагып салыптыр.
Барабан үнү күңгүрөп,
Үркүп жылкы дүңгүрөп,
Жабуулашып кыйкырып,
Жабыла каапыр кириптир,
Барлык жылкы жети миң,
Жалпы баарын тийиптир,
Айгайлаган каапырга
Арстан Манас кириптир.
Токсон экен жолдошу,
Төрө Манас баатыры,
Төгүлө баары качырды.
Кытай, маңгул, калмагы
Бир миң экен барганы,
Жылкы тийген кимсиң? – деп,
Эр Манас айгай салганы.
Айдаган жылкы жапырып,
Асманга чаңын сапырып:
«Кыйтууча деген менмин – деп,
Кыргын көрөр жериңе
Кызыталак эми келдиң – деп,
Ара шаар адамы,
Кыйтууча деген эрмин – деп,
Табылган экен тууганың,
Талаадагы кыргызга
Ишенип белиң бууганың,
Чыйырчык, кара Чаткалга
Көрөрмүн сенин турганың,
Панус канды бас кылып,
Баатырсынып тургансың,
Байкабайсың сен бурут
Башынан кудай урганын,
Алтайда жаткан кыргызга
Абыдан белиң бууганың,
Чыйырчыкты жер кылып
Жыргап жердеп турганың
Көп көрүнгөн экен» – деп,
Көк чолок менен тепеңдеп,
Миң кишисин көпсүнүп
Минтип айгай салыптыр.
Отуз алты бөлүнүп,
Ойдон-тоодон көрүнүп,
Найзалары короктоп,
Адамдары сороктоп,
Каңгайлаган калмактар,
Айдаган жылкы тороктоп,
Болбой калган аттар бар
Жылууга келбей болоктоп,
Айгайлашып калмактар
Аяктары солоктоп.
Малакайын колго алып,
Бакырып жүргөн калмак бар,
Башын айдап жылкынын,
Тебетейин колго алып,
Теминип жүргөн калмак бар,
Барабанга күү кагып,
Чертип жүргөн калмак бар,
Тарсылдатып мылтыгын
Атып жүргөн калмак бар,
Кыркыратып жааларын
Тартып жүргөн калмак бар,
Мөндү, жабуу ураанын
Айтып жүргөн калмак бар.
Баатыр да өзү болгонсуп,
Бар кайраты толгонсуп,
Балбан да өзү болгонсуп,
Бар кайраты толгонсуп,
Кыйкырып жылкы тийиптир,
Кыйгуулашып кириптир.
Көрө салып эр Манас

Кыр ылдый чаап кириптир,
Айылдагы адамдар
Ара шаарлык экен – деп,
Айтпаса да билиптир.
Көбү кеткен Ташкенге
Көнөбүз – деп, башка элге.
Айкожого барышып,
Ара конуп калышып,
Сап-сап болуп чуулашып,
Шариятты сурашып,
Аманат жанга залалды,
Айра сурап билмекке
Арам менен адалды.
Тоодо болгон мал-жайы,
Тогузак аттуу бир байы
Абунасыр заманы
Чакырыптыр бай аны,
Абунасыр кожону
Ызат кылып ошону,
Үйү-жайы окчомду.
Алты айлык чочко баласын
Куйкалатып союптур,
Куп бышырып коюптур,
Баштагы эл жолдон азыптыр,
Палоого кошо басыптыр,
Дасторкону тубардан,
Боло албады кожоңуз
Барбай коюп турардан.
Дасторконун салыптыр,
Алтындан кылган табакка
Аш көтөрүп алыптыр,
Кожо колун жуубаган,
Хынсыр эти бар го – деп,
Кооптуу экен булар – деп,
Аят түшкөн арам – деп,
Аманат жанга залал – деп,
Мусулман болдум дебеңер,
Болгон болсоң мусулман
Хынсыр этин жебеңер,
Жемек түгүл эттерин
Көрбөңөр – деп, – беттерин
Айтканы он үч күн болгон,
Доңуз арам экен – деп,
Алашка бүтүн дүң болгон.
Байларда доңуз бар эле,
Өзгө айбандан артыкча
Жакшы көргөн мал эле,
Эти таттуу, сүтү көп,
Эсепсиз жакшы жан эле.
Баарыбыз барып кирели,
Колдо урунган дүйнөдөн
Арам менен адалын
Кожодон сурап билели.
Айтып азыр көпчүлүк,
Алашка түшүп көп түлүк,
Көкөтөй баштап карысы,
Казак, кыргыз баарысы
Абунасыр кожого
Алар кеткен ошого.
Айылда киши аз калган,
Адамдын жок чагында
Араник шаар калмагы
Кыйтууча келип чаң салган.
Айылдагы калгандар,
Агытып атын салгандар
Аңкайган бойдон жөө калды,
Араник шаар калмагы
Айылды аралап чаң салды.
Кыйкырып калмак чуулашып,
Койнотко жылкы койбостон
Айдап тийип уулашып,
Катын-бала, кары-жаш
Аркасынан жылкынын
Жетпей келет чуулашып,
Жылкычы, койчу баарысы
Жылкысынан айрылып

Жыла алышпай калышты.
Сырттан Манас акырып,
Башынан ылдый жапырып,
Бара жатыр калмакка
Каарданып качырып.
Манасты билбей калмак – деп,
Кыргыздар карап туруптур,
Араник шаар Кыйтууча
Каапырды кудай уруптур.
Урбаганда неткени,
Капилет жерден качырып
Канкор Манас жеткени.
Качырып Манас баатырга,
Кыйынсынып Кыйтууча
Кыраан эрге жеткени,
Найза менен койгондо
Тебетейдин ордуна
Тегеренип кеткени.
Кыйтууча калды жыгылып,
Жата турсун жан тынып.
Боордон найза салыптыр,
Манастын сайган найзасы
Аркасынан короюп,
Алты сөөм найзанын
Учу чыгып сороюп,
Кыйынсып келип Кыйтууча
Өлүп жатсын тороюп.
Кыйгактуу найза майлады,
Кыйтууччаны жайлады.
Кыраан Манас баатыры
Кыйкырып кирди акыры,
Жана жетип да жыкты
Солоон башы Данайды,
Сонун кылды далайды.
Эр Манастын жолдошу
Токсон экен мергени,
Тополоң кылып келгени.
Каапыр качып сыйлыгып
Дүргүп кетип баратыр,
Аты жүрбөй кыйласы
Мүргүп кетип баратыр,
Астынан Манас чыкканда
Кайра качып жылкысы
Үркүп кетип баратыр.
Кыйгактуу найза, көк түпөк
Кыр аркага мылтыгып,
Малып кетип баратыр,
Кызыл кыргын каапырга
Салып кетип баратыр.
Эли кайсы биле албай,
Эрегишип кире албай,
Жоосу кайсы биле албай,
Жолдош болуп кире албай
Казагы калды каңкайып,
Кыргызы калды аңкайып,
Жылкы тийген каапырлар
Жыгылып жатыр даңкайып,
Жарадары андан көп,
Тура албай жатат тамтайып.
Миң кишиге жүз киши,
Бир жерде жатат экөөсү,
Бир жерде жатат бешөөсү,
Бир жерде жатат үч киши,
Жылкы алуучу калмактар
Куруп кетип баратыр,
Ар жылгага ат башын
Буруп кетип баратыр,
Бири менен бирини
Өткүр Манас көк жалың
Өлүгүн алып, тирүүнү
Уруп кетип баратыр.
Дарыяны бойлотуп,
Таталатып сойлотуп,
Жүрүп кетип баратыр,
Этектерин башына
Түрүп кетип баратыр,

Түштүк жакка бет алып
Сүрүп кетип баратыр.
Токсон экен жолдошу,
Астында Манас жолборсу,
Ителги тийген таандай
Айдап кетип баратыр,
Каапыр качып туш-тушка
Сайлап кетип баратыр,
Иттей кылып ар жерге
Жайлап кетип баратыр,
Он чактыдан аттарды
Орой чалып чылбырын
Байлап кетип баратыр,
Чагалалап калмактар
Кайлап кетип баратыр.
Аккула атты чуратып,
Найза жанчып сулатып,
Астына кирген каапырды
Аткан таштай кулатып,
Бөрү кирген кой өңдүү
Бөлүп кетип баратыр,
Мөндүлөгөн калмактар
Өлүп кетип баратыр,
Өкүмүнө төрөңдүн
Көнүп кетип баратыр.
Он үчү аман калыптыр,
Тогуз жүз сексен жетисин
Ойрон кылып салыптыр.
Үч жүз элүү алтысы,
Үшү кеткен жалпысы,
Үшү кетпей нетиптир,
Кыргын таап Манастан
Акыретке кетиптир.
Калгандын баары жарадар,
Канчасы экен жаралуу
Эсеп кылып караңар.
Үч жүз отуз жетиси,
Кыйынсып келип Кыйтууча
Ташка тийди мээси.
Аркасынан ат коюп,
Ат койсо да бат коюп,
Куралып атка минишип,
Кужулдап жолго киришип,
Колго түшкөн каапырдын
Куйкаларын тилишип,
Куралган кыргыз, казагың
Колго түшкөн каапырды
Куп жедирип азабын,
Агала калпак, көк күрмө
Тоноп тонун алышып,
Албыратып атына
Соорусуна салышып,
Чыбырткылуу камчыны
Орой кармап алышып,
Жылаңач турган каапырды
Куйруктан ары салышып,
Кууп айдап алышып,
Кыргыз, казак болгону
Кубанышып калышып,
Бир биринен кёп сурап,
Билдиңерби, акелер,
Айдаган калмак айрыган ким,
Билдиңерби аны тим?
Жерден чыга калгандай,
Жер дүйнөгө кол толсо
Жеке сайып алгандай,
Суудан чыга калгандай,
Суру катуу ар кандай,
Журттун баары жооласа
Жуда кырып салгандай,
Миниптир кула ат астына,
Бир топ киши кашында,
Кайдан келип жүргөн жан,
Абылатун аркасы
Чыйырчыктын башына.
Жаңы келген тууганбы,

Араник журту келер – деп,
Аңдып келип турганбы,
Аты-жөнүн бир сурап
Билсек дешип буларды
Жыйырма-отуздан топтошуп,
Жылкыларын жоктошуп,
Кур аттарын карашып,
Кулун-тайын санашып,
Калмактан түшкөн аттарын
Кужулдашып талашып,
Булардын минткен кезинде
Булаан кылып каапырды
Манас келди кечинде.
Кытай, калмак, маңгулун
Кырк-элүүсүн байлатып,
Токсон мерген жолдошко
Үч жүз төрт ат айдатып,
Келип Манас калганы,
Кыргыз, казак жыйылып
Кез алдынан барганы.
Миң жети жүз болуптур,
Кош-Артуу деген түзүнө
Колдун баары толуптур.
Отор башчы Жабагы
Оён эрге барганы,
Манасты баары карабай,
Караганга жарабай,
Абунасыр пири бар,
Ажыдаар түрү бар,
Арстандай сүрү бар,
Капталдан кара кан болуп,
Караган бенде таң болуп,
Качкан жоону кубалап
Кара бою чаң болуп,
Мурду кырдач, көзү үңкүр,
Мурун көргөн эл эмес,
Бу дүйнөгө кол толсо
Бура тартар неме эмес,
Жалаяк ооз, жар кабак,
Жаалына карап бак,
Жылма жаак, жылдыз көз,
Катуу доош, каар сөз
Канкорду көрүп алышты,
Казак, кыргыз бу турган
Адам эмес, дөө го! – деп,
Айран-азыр калышты.
Жүргөнүн бенде көргөндөй,
Жүр деген жакка көнгөндөй,
Белестен чыгып бет алса
Түрүн көргөн адамдар
Жүрөгү чыгып өлгөндөй.
Көрүп көзүн салышып,
Көргөндөрдүн баарысы
Арт жакка тартып калышып,
Айылга түш – деп, айта албай,
Алла кандай адам – деп,
Кеп суроого бата албай
Кеңгирешип келе атыр,
Эстен танып коркогу
Зеңгирешип келе атыр.
«Жылкыны тийген калмакты
Жылас кылып жалмады,
Бир кишиден миң киши
Бир немеси калбады.
Миңи жүрүп жабылып
Деги ушу жигитти
Бирдеме кылып салбады.
Жылкыны тийди эрге окшоп,
Бу жогортон келгенде
Жыгылды баары жерге окшоп.
Айылга кирди баатырдай,
Айгайлап жылкы тийгенде
Кире качтык үй-үйгө
Урушууга батынбай.
Көк-Сайдан булар киргенде,
Көлдөлөң тартып тийгенде

Калмактар болду катындай,
Булар бөрү, калмак кой,
Билсек экен жөн сурап,
Бизге болду улуу той.
Акыр болду-болбоду
Алтайлык тууган элден го,
Аң уулоого келген го,
Кийинки келген элден го,
Кийик издеп келген го,
Араник шаар адамы
Оторчу бар мында – деп,
Ортолуктан көргөн го,
Ак-Суунун аркы өйүзүндө
Бизди көздөй өргөн го,
Бизди келип чабарын
Билип анык көргөн го,
Кантер экен – деп, ойлоп,
Карап көрүп турган го,
Калмактар келип капталдан
Катуу доол урган го,
Калдайтып жылкы бууган го,
Кол салганын билген го,
Кокту ылдый бу да кирген го,
Кожураган кытайды
Койдой кырып ийген го.
Отор башы Жабагы
Ол сөздү айтып салганы.
Агала сакал Атайбек
Атаа, аты-жөнүн билсек! – деп,
А да сүйлөп калганы.
Койчу бала кеп айтат:
«Коюңар аке – деп, айтат.
Жондо жүргөн жеримде,
Жоон темир белинде,
Жолугуп мага сүйлөшкөн.
Өңүн көрүп алгамын,
Өлө жасып калгамын.
Келди эле койдун четине,
Бир далай сөз сүйлөшүп
Карабадым бетине,
Кашыма менин келди эле,
Калмакча салам берди эле,
Кой калмактын тилин – деп,
Которулган бул элдин
Башка динге дини – деп,
Үндөбөй туруп калгамын.
Эмесе, балам, коома – деп,
Кытайча айтып салганы,
Жаңкыңдан жаман мунуң – деп,
Карап алдым түсүнө,
Көзүм түштү жүзүнө,
Айбаты зор, каар сөзү,
Алуучунун нак өзү!
Өлүп кете жаздадым,
Жаным денден бөлүндү,
Жан алгыч деген бар деген,
Так ошондой көрүндү!
Качтым көрүп бакырып,
Токтот – деди-баланы,
Жолдошторун чакырып.
Жолдоштору токтотуп,
Ыйлаба – деп, калганы,
Ал аңгыча төмөнтөн
Калмактар айгай салганы,
Капталдагы жылкыны
Тийип жүрүп калганы.
Мөндүлөп калмак тийди эле,
Мөндүлөгөн калмактын
Жолдошу экен – деп, турдум,
Бөйрөгүнөн кирди эле,
Кыргын кылды баргандан,
Кайратына карасам
Каары катуу бу бир жан,
Кара аламан киши эмес,
Нускасы турат улуктан,
Үлкөн эрдин бири окшойт

Урушканын куруткан.
Ушу жердин эли эмес,
Нуска билбес неме эмес,
Дүңкүлдөк өскөн бу жерде
Түркстандык кем эмес,
Башка журттун түрү бар,
Маңдайынан байкасам
Бала жолборс сүрү бар,
А дегенде карасам
Ак шумкар куштун үнү бар.
Карабай туруп бетине
Кабарын сурап билиңер,
Караймын – деп, кокустан
Капилет өлбө бириңер».
Баланын сөзү басылды,
Чогулган жыйын жазылды,
Суу боюна кош тигип,
Султаның тикти чатырды.
Чатыр тигип салганы,
Айдап барган калмагы
Көк жорудай уңкуюп,
Көк кытандай зуңкуюп,
Кырка олтуруп калганы.
Жолдош токсон мергени
Чогулушуп келгени,
Жондо турган буларды
Бери келгиле! – дегени.
Айыл башы Жабагы,
Атайбеги жанагы,
Кызыл-Ойлук Куламбай,
Кыпчактардын Мунары,
Кыргызбайдын Алапай
Кырдан булар барганы.
Жаңы үйрөнгөн саламды
Кээ бирөөсү так айтып,
Кээ бирөө сылаа – деп,
Саламды билбей чала айтып,
Амандашып алышты,
Өңкөй алаш балдары
Аралашып калышты.
Алар сурап ар ишти,
Жакшы кылды жакшылык,
Жыпжылмакай алдырып,
Жылкыбыздан какшыдык,
Кыруу дээр мал калбай,
Кыл куйруктан жан калбай,
Айрылдык эле анык – деп,
Араниктин калмагы
Кетмек эле алып – деп,
Кыргын кылып кытайын,
Кыргыздын бербей бир тайын,
Балаага салып маңгулун,
Баарын колго түшүргөн
Мал алуучу камбылын,
Жакшылык кылды акыр – деп,
Жаңы тууган окшойсуз,
Ким деген бала баатыр? – деп,
Сурап турду кыргыздар.
А да кыргыз баласы,
Абылгазы деген бар:
«Урматы ашык бу бир жан,
Уругун уксаңкыргыздан,
Улуу черүү кол алып
Ушу жерге келген Жылдыздан,
Башы Бабыр, Ногой кан,
Манас деген бу бала
Бай Жакыптан туулган,
Башын ачып алаштын
Маңгулга салган чуулган.
Жакып куу баш өтөт – деп,
Щакан туубай кетет – деп,
Кыйналганда туулган,
Кыйырын бөлүп кыргыздын,
Кыгайга салган чуулган.
Өлтүрүп Акунбешимди,
Чынмачындын кытайын

Чын жедирген кешигин.
Мазасын алып Панустун
Кабары жок качырган,
Сыр боюнда калмагы
Сыңар неме калбады,
Кара деңиз чачылган,
Саятка тиккен чатыр – деп,
Сап болгон кыйла каапыр – деп,
Ушу жерге келгени
Отуз алты күн болду,
Уктуңуз бекен мурунтан
Улук Манас баатыр» – деп,
Абылгазы сүйлөдү,
Манас деген бубу? – деп,
Анык тиктеп көрө албай,
Айбатынан жүдөдү.
Сыйыр, жылкы, төө бар,
Кой деген мал бирөө бар,
Эшектен жаман ушу бар ;
Эти жакшы доңуз бар,
Биз берүүчү союш бар,
Камдайлык – деп, союшту,
Анык сыйлаар конок – деп,
Камдоого какай доңузду
Көңүлүнө алыптыр.
Доңуз арам деген – деп,
Отордогу ошолор
Кулактары чалыптыр,
Кужулдашып турады,
Какайдан камдасакпы? – деп,
Жолдошунан сурады.
Жолдоштору кеп айтат,
Жолуң болгон туугандар,
Жолотпоңор – деп, айтат.
Жемек түгүл эттерин,
Көрбөңөр анын беттерин.
Шарияттын буйругун
Ката дебей кылыңар,
Андай арам нерсени
Тирүү койбой кырыңар!
Булардан угуп алышты,
Мегежиндин баарысын
Бел ашырып салышты.
Билет экен өздөрү
Өлтүрбөстөн, өз – деди,
Качып кетип калышты,
Торопоюн тостуруп
Тоого сүрүп салышты.
Тоодо жаткан оторчу
Кош башына бир семиз
Тай жетелеп алышты,
Эки-үч койду жетелеп,
Энтелешип барышты.
Колго түшкөн калмакты
Кошоктоп байлап коюшуп,
Алты койдон, бир тайдан
Ар кошуна союшуп,
Колго түшкөн калмагы
Кошо этине тоюшуп.
Айылдан киши чаптырды,
Кошуун ылдам келсин! – деп,
Арстан Манас чакырды.
Чакырыкчы жетиптир,
Он жети күн болуптур
Ууга Манас кетиптир.
Бу Манаска нетти? – деп,
Жоголуп кайда кетти? – деп,
Акылмандар кеп айтат,
Акыры Манас соо келбейт,
Көрөрсүң бирди – деп, айтат.
Манастан бизге кеп келди,
Балан жерден жоо көрдүм,
Бачым келсин – деп, келди.
Шаштырып бизге кеп келди,
Шаар көрдүм – деп, келди.
Кылычтын салып мизине,

Тулпардын салып изине,
Адам айран калгандай
Манастын ар бир ишине.
Найзанын салып учуна,
Билектин салып күчүнө,
Дагы бир чыктык десеңер
Бир калбанын ичине.
Калбасыз Манас жүрбөс – деп,
Дагы бир бар десеңчи
Калабалуу дүрбөш – деп,
Куп сыйынып баарысы,
Кужурашып карысы,
Күлүктүн баарын байлашып,
Күрөөкө тонун жайлашып,
Күлазыгын шайлашып,
Аскер антип жатыптыр.
Абунасыр кожого
Кабарчы барды ошого,
Көкөтөй баштап карыга,
Көп аскердин баарына.
Айтып кабар салыптыр,
Абыр-шабыр ат минип,
Ат минсе да бат минип,
Аскер дүрбөп калыптыр.
Оор кошту таштаңар,
Бара турган жолуңду
Баймырза, Жанай баштаңар,
Урунуучу тоо кайда,
Урушуучу жоо кайда,
Аша турган бел кайда,
Атыша турган эл кайда?
Айдаркан, Бакай барыптыр
Калкына барган кабарчы.
Отордо жаткан малчыдан,
Мал караган жалчыдан
Барган экен бир адам.
Араник колу киргенин,
Айдап жылкы тийгенин,
Биз көрдүк Манас баатырды
Миң кишини токсону
Тoподоюн сапырды,
Канчасын кырып өлтүрдү
Кажылдаган каапырды,
Миң ат болду олжобуз,
Кыраан Манас баатырдын
Кылган иши болжолсуз.
Октой кула ат астында,
Каапырдын жүргөн кастында,
Байланган бугу бүйүзү,
Баарыбызга дайын жер
Дайранын бул бүйүзү.
«Азат-Бел, Ак-Сай» деген бар
Анда да биздин элден бар,
Кара-Жаңгак, Жийдели,
А да биздин жер эле,
Куйдум-Салаа, Үч-Жыгач,
Башы Чанач бел эле,
Ар жагына караган
Алоокенин эли эле,
Араник деген шаар эле,
Араникти бийлеген
Бир калдайы бар эле,
Атын айтат Ашарсуу
Панус кандын жээни эле,
Ушу жерден жүргөндө
Үч күнчүлүк жер эле,
Алоокенин буйругун
Кыла турган неме эле,
Алоокеден кол келип,
Кол келсе да мол келип,
Ашарсуу тутуп жаткандыр
Алоокенин буйругун,
Белге таңып Манасты
Анык баскан окшойбуз
Ажыдаардын куйругун.
Ордо шайы, көк жеке

Орчун Кокон, Маргалаң,
Ыспараны, Алай бар,
Ыксыз арбын эли көп,
Ырасын айтсак жери көп,
Биздин элдин кабарын
Каттагандан уккан го,
Казатка калың кол жыйып,
Чалгын чалып чыккан го,
Калмак экен биздин эл
Бөөдө жерден чабылып,
Бөрү жолдуу эр Манас
Издегени табылып,
Жылкысын айрып алган го,
Бу келгендин сөзүнө
Айтканына карасак
Ашарсуу элин кыйратып
Аябай кыргын салган го,
Араниктин шаарына
Арстан Манас баатырың
Бармак болуп калган го».
Баштап сөзүн Көкөтөй
Баарына айтып салганы,
Бай аба, токтой турчу – деп,
Бакай сүйлөп калганы:
«Коңшу болуп каапырга,
Короолош жүрүп жакырга
Коркуп калган кепти айтып,
Аралаш жүрүп каапырга,
Анжыянда жакырга
Азып калган белемсиз,
Алдырып коюп Ташкенди
Шашып калган белемсиз,
Алооке менен Ашарды
Ажыдаарга теңейсиз,
Айдаркан менен Манасты
Адам дебей не дейсиз?
Оюңду терең ойлоп бол,
Үстүңүздө жатыптыр
Он бир жүз миң калың кол.
Көрүп турат көзүңүз,
Көбүн-азын ылгаарсың
Не да болсо өзүңүз,
Адамдын ачуу келгидей
Арбын – деп, айткан сөзүңүз.
Анжыяндын журтуна
Алооке каны баш бекен,
Артыкча дөөлөт мас бекен,
Алаш урук болгону
Ант ургандан аз бекен?!
Алла Таала жар берип
Азыр алдык Ташкенди,
Алып келдик жогортон
Албан түрлүү башка элди,
Илебин менен Кашкелди,
Текес менен Куясты,
Тейиш болду мурасчы,
Кан көтөрдүк Тейишин,
Калкы койду кейишин.
Кер-Көлдөн алдык Оргону,
Лаңги-Таба, Суңшоону
Мунар, Кайып торгоду.
Бойгутта жаткан Кубанды,
Бой-боздотуп буларды,
Арсыны алдык Кочкордон,
Аман турса бул иниң
Ааламга салат козголоң.
Даңгүдөн алды Неминди,
Талкалап кыйла элини,
Буздук Булагасынды,
Өлтүрүп Акунбешимди
Аңкайттык алтын тагыны,
Далакүшөң талаңды,
Талкаладык Чуудагы
Далай мыкты калааңды.
Шамың шаа кентти –
Алды калаа Чудуңду,

Алып келди бул иниң
Аман койбой бирини,
Алапудуң калдайды,
Аман жүрсө бул иниң
Алдыратар далайды.
Амбал экен Сокулук,
Алла Таала жар берип,
Анын да мээсин чокудук,
Калкы калың ит экен,
Адамына сан жеткис,
Карап Акунбешимге,
Аскери жүз миң бүт экен.
Каар булта сүрөтү,
Канчалык калкы дүрбөдү,
Канкор иниң өзүнө
Кармаша албай жүдөдү.
Үч-Турпанда коюптур
Бир батмандай чоюнду,
Аа кылган жасалгасына
Алаштын көбү тоюнду.
Кетелик шаарын кемирдик,
Кеше-Камшы, Канарды,
Кыргыз кылдык аларды,
Колунан келсе бул кытай
Аяп бизди каларбы,
Чырмапчымын кентини,
Чыгарбай алдык биз аны,
Кетеликтин калаадан,
Кейишин тартты алардан,
Тулус жан-жуң, Мерки дөө,
Кетеликтен жол бербей
Уруш кылып жүз миң жоо,
Алып каапыр колунан,
Угуп көрсөк Алаш кан
Шо жерде өлгөн жолунан,
Атадык Олуя-Ата – деп,
Алооке арбын дегениң
Аңдап турсам кандай кеп?
Атабыз салган Ташкенге
Азып калган экенсиң,
Алдырып коюп башка элге
Жашып калган экенсиң,
Кошоматты көп кылып
Тасып калган экенсиң,
Бабабыз салган Ташкенди
Басып калган экенсиң,
Башкадан улук көп келип
Азып калган экенсиң,
Букара сөзүн айтууга
Тасып калган экенсиң,
Өлбөй туруп өз көрүң
Казып калган экенсиң.
Өлбөй калган жан барбы
Өкүматта турганда,
Өлгөнүңдү билбейсиң
Өзүңдү жаңы тууганда.
Туулдуң, өлдүң-муну бил,
Тунук түрктөн биздин зил,
Түрк уругу алашсың,
Түгөтөм деген душман көп,
Тирүү жүрөт Манасың!
Дүбүрө кан, Кырмуз шаа,
Түгөнүп болду алар да.
Алла жар берип алашка,
Ар канча кандар асылды
Азыркы турган Манаска.
Айылы жакын кытайга
Алтайдын жерин жердедик,
Арбак урган каапырга
Намысты колдон бербедик!
Нааман атаң жеридир,
Айланаңдын баарысы
Алты уруу алаш элидир,
Алоокеден корккон соң
Бу бир алжыгандын кебидир.
Аксакал сени не дейлик,

Алооке жакын турат – деп,
Аны не үчүн элейлик».
Бакай айтып салганы,
Бакайдын сөзү макул – деп,
Баары журт кабыл алганы,
Баатыр Манас үстүнө
Бармак болуп калганы.
Жанадил кандын кызыл туу
Жалтылдатып аштаган,
Жүз токсон төрт жыл болгон,
Көбөйүп кытай келген соң
Аштамак түгүл ал тууну
Көргөзбөй катып таштаган,
Жанадил уулу Абытка,
Кытайлар тарткан табытка,
Көкөтөйгө жеткенче
Көрсөтпөстөн катыптыр,
Көп жылдан бери жатыптыр,
Курун салып мойнуна,
Жашын төгүп койнуна,
Бабам Угуз арбагы,
Балдардын кетпей арманы
Бабамдан калган чоң Ташкен
Ыраспы колдо калганы,
Тоо таянган угузду,
Кырдагы угуз уулу – деп,
Кыр угуз атка жугузду,
Бас болуп кетип баштаган,
Мына ушунум ыраспы
Бабамдын туусун аштаткан,
Жамандык көрдүк баштатан,
Жаратканым кут кылсын
Жанадил туусун аштаткан.
Алаштан берки балдары
Арман менен калганы,
Алланын берген жардамы –
Арбактар колдоп калганы,
Асты болуп алты ата,
Алаштын калган уругу
Ар тарапка чачылып,
Алсырашып куруду,
Аяк-башы жыйылып
Азыр келип туруубу,
Алла Таалам кут кылып
Кабыл кылгай мунуму,
Угуз кандын тунугу,
Ушу Нааман туругу,
Түрктөн мурун Наамандыр,
Түрк уулу жерин алган соң
Түркстан атка калгандыр,
Бирден бирге көчүргөн
Бир жараткан Алдамдыр,
Миң жашаган бир жан жок,
Ойрон болгон дүнүйө,
Опасы жок жалгандыр!
Кылганым калсын кылымга,
Кылычым калсын кынымда,
Айтканым калсын ааламга,
Ак таала сенден тилеймин,
Атагым калсын көп жанга!
Кылганым калсын алашка,
Жашыганда сугарган
Жар берсин Алдам Манаска!»
Көкөтөй туусун аштады,
Көңкү аскерди баштады,
Бир кудайга жалбарып,
Көзүн ыйлап жаштады.
Көтөрүп алтын туусуну,
Көзүнөн төгүп суусуну,
Көк жаңыртып чуусуну,
Жүз миңдени он сегиз,
Жүрдү баары тептегиз.
Ата уулу ар бир берендер,
Найзакерден эрендер
Карыга салып найзасын,
Кармашканда бабаңар

Каапырдын алган айласын,
Көрсөк – деп, уруш, душманды
Көбүрөөк самап жүрүүчү
Көй кашкалар кайдасың?!
Кылычты белге чалышты,
Карыга найза салышты,
Калың аскер дүңгүрөп,
Араник шаар кайда? – деп,
Жолго кирип калышты.
Мылтыктуу мылтык асынып,
Быякка бери жүргүн – деп,
Былкылдата бастырып,
Тулпардын тийип туягы,
Жердин баарын каздырып,
Күчүн айтып сүйлөшүп,
Кебээ курсак чалдарын,
Кетти таштап кошуна
Кейпи жаман балдарын.
Бели катуу, бек айбат,
Бейили катуу, кара нээт,
Өлөрүн билбес өктөмдөр,
Өкүмат менен өскөндөр,
Кайраты толук камбылдар,
Кармашкан жоого даңгылдар,
Бетке алса атып жыккандар,
Белсенип жеке чыккандар,
Капкага керней коюлуп,
Караса көңүл тоюнуп,
Кара жер жүзү жоюлуп,
Ташкенди басып тозоңу,
Жандуудан жүрөк калгысыз
Дабыртын укса ошонун,
Ордодо доол согулган,
Оёндун баары чогулган,
Көчөсү чаңга көмүлүп,
Көккө тозоң бөлүнүп,
Көпкөк темир көрүнүп,
Душмандын каны төгүлүп,
Туш-туштан туулар көтөрүп,
Сурнай көгөн учкандай,
Көпчүлүгүн караса
Көйкаптын шаарын бузгандай,
Тоолуу-таштуу жер менен,
Толкуган дайра сел менен,
Токсон уруу эл менен,
Токсон уруу өзүбек,
Түмөн түрк өзү – деп,
Ара кенттин шаары – деп,
Наамандын азып-тозгону
Алган экен аны – деп,
Алла Таала жар берсе
Аман калбас жаны – деп,
Агар суудай каны – деп,
Өзү келип катылды,
Өзү келген каапырга
Өткүр Манас татыды,
Каалаган экен калбаны,
Калба сүйгөн каапырдын-
Араниктин шаарынын
Чыгарбы – деп, далдалы
Алаш уулу болгону
Алууга жөнөп калганы.
Эки түнү, үч күнү
Жолдо жүрдү бүтүнү,
Араниктин шаарында
Болгон экен күтүүнү.
Күтүнүп ал да болуптур,
Күкүрттөй аскер толуптур,
Кыйтууча келип кутуруп,
Кыргынга баары тутулуп,
Кыйтуучанын колунан
Миң кыягаден он үчү
Араң барып кутулуп,
Көрбөгөндү көрдүк – деп,
Көнбөгөнгө көндүк – деп,
Көбүбүз анда өлдүк – деп,

Тоосунан жылкы алдык – деп,
Тобунан киши чыкпады,
Токсон киши бир келип
Токтолбостон кол салды,
Тополоңго калдык – деп,
Алар токсон, биз бир миң,
Бири миңдик билинди,
Билбейбиз кайдан чыкканын,
Тоодон келип илинди.
Жүзгө бири жүдөгүс,
Элүүнү бирөө эске албас,
Беттешип ага жоо калбас,
Бетине келген бендеси
Бери багып, соо калбас,
Тоодой кула ат астында,
Токсон жигит кашында,
Адам эмес, бериби,
Эрендердин илгерки
Эр Үрүстөм эриби,
Же араптардын илгерки
Азирет Аалы шериби,
Дагы да өлбөй тирүүбү,
Самнаармандын бириби,
Укканда мындай улук жок,
Пери, дөөдөн болбосо
Бендеден мындай урук жок,
Үшүн алган урушту,
Угуп адам көрбөстүр
Ушу түрлүү жумушту,
Миң киши менен бир өзү
Бир ийменбей урушту.
Сайса найза тешпеди,
Чапса кылыч кеспеди,
Анын колу тийгенден
Аман киши кетпеди.
Кыйтууча мурун бет болду,
Анын бою таш болуп,
Биздики эндей эт болду,
Бир кишиге миң киши
Алы келбей кырылган
Абыдан азап кеп болду.
Кызыталактын денеси
Темир беле, таш беле,
Миң кишилер жабылып
Бир канча найза жанчты эле,
Атып, чаптык туш-туштан,
Ал келип уруш кылганда
Алек болдук бир муштан.
Бөрү тийген кой болдук,
Бөлөгүңдү билбедик,
Оторчуга той болдук.
Токсону келип калганы,
Кыйынсынып Кыйтууча
Тосуп урушсалганы,
Барган жерде Кыйтууну
Топ кылып атып алганы,
Кыйтууң качкан деген сөз
Кылымга макал калганы.
Көрдү барган он үчүн,
Манастын айтып бар күчүн,
Аны уккан соң Ашарсуу
Аскерин жыйды бүпбүтүн.
Алооке кандан алыптыр,
Азырланып калыптыр,
Аскери кумдай толуптур,
Баргананын тарабы
Баарын азыр санады.
Сегиз жүз миң кол болуп,
Селдей аскер мол болуп,
Качкан Нааман баарысы
Жыйылган экен торголуп,
Кара шаар, Камбылдан
Качкандын баары барыптыр,
Даңгү шаар, Кырмуздан
Шашкандын баары барыптыр,
Куяс аяр, Текестен

Куугандын баары барыптыр,
Шаарын тамам алдырып
Кургандын баары барыптыр.
Булагасын, Даңгүдөн
Бузулгандар барыптыр,
Дала, Үкшөң шаарынан
Кысылгандар барыптыр.
Мергендик кылып бетке алса
Жазбагандар барыптыр,
Ата динин кубалап,
Азбагандар барыптыр,
Бала-катын баарысын
Таштагандар барыптыр,
Каар булта, Кетелик
Качкандары барыптыр,
Кара-Буура, Чаткалдан
Ашкандары барыптыр,
Лаңги-Таба, Суңшоодон
Шашкандары барыптыр.
Эки жүз миң кол болуп,
Эки жактан барганы
Эсебине карк толуп,
Кетмен-Төбө, Аксыдан
Келген экен канча жан,
Төрт жүз миңге толуптур,
Ашарсуу колу жыйылып,
Азар түмөн болуптур.
Кеселик деген балбаны
Кездешмекке барганы.
Алтымыш аяр, жүз балбан,
Айбатын көргөн таң калган,
Алардын баары нак каапыр
Лаанатка жалбарган,
Алоокеден тил алган,
Урушка кирчү бу дагы
Сегиз кумпар бил алган,
Он беш жүз миң кол болуп,
Ой менен тоого карк толуп.
Күрсүсү бар колунда
Бүтүн тыттан сабы бар,
Төө ордуна жүк арткан
Төрт кериги дагы бар,
Төгөрөктү чайкайм – деп,
Кеселик келген чагы бар.
Калмак, кытай, маңгулду
Шол аскерди сен бил – деп,
Кеселик дөөнү кан кылды,
Көпкөк темир кийинип,
Көргөндөрдү таң кылды.
Ишинин жок кынтыгы,
Ийниндеги мылтыгы
Алты таш жерден атканын
Ар кандай болсо жыккандай,
Азаматтар ичине
Жөргөлөп кирип, чыккандай.
Азыркыга калганда
Жарым арба дарысын,
Бир дүрмөттөп баарысын ...
Даш казандай огу бар,
Жоого атуучу тобу бар,
Жолукса бенде ошого
Не деп айтар жообу бар,
Айбалтасы жүз батман,
Шилтеген жоосу тим жаткан,
Кылычы бар белинде
Кырк батман темир кылдырган,
Кырылышкан жоо болсо
Кыйкырык менен тындырган,
Беш жүз батман күрсүсү
Чапса ташты сындырган,
Үч жүз кулач сүңгүсү,
Бул каапырда бар экен
Мурунку элдин үлгүсү.
Ата турган жаасы бар
Атан төөнүн белиндей,
Астындагы карала ат

Басканы сырттын желиндей,
Сүрөтү жылкы чалыштан,
Керик менен алышкан,
Чала керик тукуму,
Жан өлчөбөйт ушуну.
Канча күн жатып камданып,
Кайратын көргөн таңданып,
Жеке башы саадакка
Жети жүз ок байланып,
Аскер айдап, кол баштап
Жел кушундай айланып,
Лайламалуу! – деп,
Лаанатка жалбарып,
Ташкенди чантуу алды – деп,
Ырас жаман арданып,
Алоокенин ала туу
Байрагы учуп жалпылдап,
Баары каапыр жер көчүп
Барабан согуп даңкылдап,
Ташкенге талкан чалбасам,
Пануска тийген ким болсо
Башын үзүп албасам,
Кез келгенин жутпасам
Кеселик болбой калбасам,
Айбаты менен туу тигип
Араниктин шаарына,
Атасы ынды тарабы,
Энеси кытай жалабы,
Аты ушунун Кеселик,
Адам жеңип алабы.
Анын бар бир жолдошу,
Аты Талап, маңгулдан,
Алышкан жоосун нан кылган.
Экинчи болгон жолдошу
Эч адам беттеп баргысыз
Эмикинин жолборсу,
Аты-Соксок, манжулук,
Анжыянга зор улук.
Кетеник деген бири бар,
Кетпеген кара жини бар,
Лайламага жалбарган
Дап кытайдан дини бар,
Шакур шаа аттуу баатыры,
Шаарына түк койбой
Айдаган экен акыры.
Кеңди-Бадам тоосу бар,
Кенди-Бадам тоосунда
Күрөңдү деген баатыр бар
Кере карыш оозу бар.
Качалык аттуу калдай бар,
Кайраты анын далай бар.
Үкирия, Будабил,
Үлкөндөрдүн аты ушул,
Окусаң ойлоп жуда бил.
Санамар деген бири бар,
Санап атын билип ал,
Дагстанга урушуп,
Талкалатып аскерин,
Тилмеч кылган тили бар,
Сезбеген сегиз били бар.
Атактуу он балбаны,
Ар бирөө он балбан
Өзүнө нөкөр алганы,
Түтөр эмес урушса
Бу дүнүйө жалганы.
Чыныш, Күнөм, Тобукбаяры,
Алоокенин өзүнүн
Жанын багар аяры.
Заңги деген бири бар,
Санап атын билип ал,
Кемелек, Атак аярлар,
Ар бир түрлүү өнөр бар.
Алты аяр анык жараган,
Ар бирөөнө он аяр
Кызмат кылып караган.
Аярлыкты алардан

Үйрөнгөнү дагы бар,
Үйрөнө албай кем тартып
Сүйрөлгөнү дагы бар,
Уруш көрбөй, жоо көрбөй,
Урушар жан барбы? – деп,
Күүлөнгөнү дагы бар.
Сап-сап кылып аскерин,
Санап айдап көп элин,
Алоокенин алтын туу,
Айчыгы алтын жаркылдап,
Ала байрак желеги
Асабасы жалпылдап,
Арбындык эмей эмине,
Алты жүз керней бапылдап.
Дагыра чалып, дап кагып,
Даңканына атынын
Араник жери тапталып,
Аскерин көрүп көпсүнүп,
Кеселик кедей мактанып,
Дүйшөмбүнүн күнүндө
Калаадан чыгып аттанып,
Добулун согуп күңгүрөп,
Тоо көчкөндөй дүңгүрөп,
Таралык тоонун оюна,
Аскердин чети курт кайнап
Кара-Суунун боюна.
Аларды таштап коюңуз,
Алаш уулу кол чыккан,
Ташкенден тарап жол чыккан,
Жүз миңдени он алты,
Жүрүп алаш көп калкы,
Түрк уулунун түбүндө
Уруштан коркпос өз салты,
Кайсысы кечип өйүзгө,
Каапыр менен кармашса
Кайыл болуп ол ишке,
Кайсысы калып бүйүзгө,
Арттан келер черүүгө
Ашыгышып ынабайт
Аш кайнамга күйүшкө,
Чыгып Чыйырчык тоосунан,
Чырмалып сеңир коосунан,
Чаткалдын кара тоосу бар,
Кара-Буура сайынын
Кең өзөн талаа коосу бар,
Түрлүү кие, талы бар,
Дүнүйө жыгач баары бар,
Адырга салып бел ашып,
Адырмак-адыр жер басып,
Улуу дайра бойлошуп,
Урушту оюндай ойлошуп,
Ычкырдык өзөн четине,
Араниктин шаарына
Карай турган бетине,
Аскер келип калыптыр,
Араниктин четине.
Жата турсун колуңуз,
Жайдары Манас не болду
Кабарынан болуңуз.
Отордон орун алыптыр.
Эки күнү, эки түн
Эр Манас жатып бүпбүтүн,
Улуу жолго бет алып,
Ушу жерден аттанып,
Ак-Сай менен салыптыр,
Айдаркан, Бакай, эр Көкчө
Астынан чыгып калыптыр.
«Эринбедиң шашпадың
Кеттиңэле уу кылып,
Эмне калба баштадың
Көрсөң адам баласын
Көп асылып каласың,
Көрүнгөн жандын баары жоо,
Карыш тышка бастырсаң
Бир келбейсиң аман-соо,
Карагандын баары жоо,

Карыш тышка бастырсаң
Кагышпай жүрбөй аман-соо.
Алган болдук Ташкенди,
Азыр кайдан таптыңыз
Атыша турган башка элди?
Эми ушу жалган дүйнөдө
Уучтасам дейсиң учканды,
Дагы кайдан таптыңыз
Уруша турган душманды,
Күрөшө турган балбанды,
Күндө урушуп, коогада
Күлдү журт көрбөй байданды.
Катынды көрбөй, казат – деп,
Калктын баары да жүрөт
Кара жан тынбай азап жеп.
Бала көрбөй казат – деп,
Баары кыргыз, алашың
Басып жүрөт азап жеп.
Алайдан чыктык аттанып,
Акыры тынчып өлбөдүк
Ар тарапка чаң салып.
Баштап чыктың кыргызды,
Басып келдик Жылдызды.
Аккелтең аттың, түздөдүң,
Ак болот чаап миздедиң,
Наамандыкпыз биз – дедиң,
Алгандан соң Ташкенди
Анжыян деген балааны
Азыр кайдан издедиң?!
Калк эсинен жаңылып,
Камоодо жүрөт сабылып,
Катын менен баланы
Капаланып, сагынып,
Карагандан көрүнсө
Катылам – деп, койбойсуң,
Кабыландай чамынып.
Үшүнтүп жүрүп талаада
Уруулу кыргыз көп журтуң
Үй көрбөй өлүп калар да
Арзып жүрүп талаада
Атпай алаш баласы
Арманда өлүп калар да.
Жамандын мойну кыл болду,
Үйдөн чыкканыңызга
Үч жарым артык жыл болду.
Көргөзбөй үйдү өлтүрүп,
Көмүүсүз таштаар бекенсиң,
Кетирбей үйгө өлтүрүп,
Кепинсиз таштаар бекенсиң!»
Ачууланып эр Бакай,
Айтты сөзүн бир далай.
Кабылан Манас кеп айтып:
«Кандайсың аба, – деп, айтып,
Кырдуусунган душманга
Кыңкайып кантип калайын,
Кыңкайып жата бергенче
Кыргызды кырып салайын!
Катылып келген душмандан
Качып кантип калайын,
Качып андан калганча
Кармашып жүрүп а көрө,
Казакты кырып салайын!
Өөдөсүп келген душманга
Өлүшпөй кантип калайын,
Өлүп алып дүйнөдөн,
Алым келбей, өлдүм – деп,
Өкүнчү жок барайын.
Кырдуусунган душманга
Кыргынды кызык салайын,
Кырылышып өлдүм – деп,
Кыяматка барайын!
Кызыталак Кыйтууча
Өзү келип кол салды,
Өкүмсүп келип жылкы алды.
Айылга келип кол салды,
Араниктин шаарынан

Аттаныптыр атайлап,
Айдады жылкы айгайлап,
Айылдагы туугандар
Аттарынан айрылып
Карап калды көз жайнап.
Кыргыздын көзү жайнады,
Кыйкырып жылкы айдады,
Кыжырым жаман кайнады,
Кайнаган соң кыжырым
Кыйласын бакыр жайлады.
Казактын көзү жайнады,
Каңгайлап жылкы айдады,
Каңгайын угуп алган соң
Калмактан экен бу да – деп,
Кайратым жаман кайнады,
Кайратым ташып толгон соң
Канчасын Манас жайлады.
Комсунсаңыз көрүңүз
Жети жүз жерге киргири
Колдо жатыр байланып.
Чалгынчысы бул экен,
Аранikте Ашарсуу
Бар аскерин даярлап,
Ташкендеги алашка
Жүргөнү жаткан кул экен,
Дугул калмак уругу,
Душмандын бири бул экен,
Панус кандын жээни экен,
Баатырсыган кем экен.
Ааламдан бийик тоо таппай,
Анжыяндын улугу
Алооке каапыр соо жатпай,
Ташкенди кыргыз алды – деп,
Тамашаны салды – деп,
Аскер алып саны жок,
Азыр сизден, абаке,
Аянып калар жаны жок,
Кошуун жыйды саны жок,
Азыр сизден, абаке,
Коркуп калар жаны жок.
Жылдызга жыргап кетебиз,
Наамандагы кыргызды
Жылас кылса нетебиз?
Алтайга жыргап кетебиз,
Аман койсо кудайым
Бар-Көлгө барып жетебиз,
Түркстанда алаштан
Түк койбой кырса нетебиз?
Упалуу беттен кан акса
Убалы кимдин мойнуна,
Сурмалуу көздөн суу акса
Жашы кимдин койнуна?
Биз кеткен соң бу жерден
Бирин койбой бул элдин
Кыргызга кыргын салбайбы,
Кыяматта Манаска
Кызыл кан түшүп мойнуна,
Кыстоосуна калбайбы.
Алашка азап салбайбы,
Акыретте Манаска
Азабы түшүп калбайбы.
Эркек козу туулуптур,
Не жумушка туруптур,
Курмандыкка караткан,
Эр азамат туулуптур.
Эмине ишке туруптур,
Намыс үчүн жараткан,
Ак жазганын көрөмүн,
Намысым үчүн өлөмүн!
Кыргызга Манас болгонум,
Кылайып деги жарайбы
Кырдырып элди койгонум?!
Алашка Манас болгонум,
Алдырып элди койгонум
Анан кайдан оңгонум?!
Бекер келип албайбы

Мээнет кылган Ташкенди,
Ташкенди бүгүн алган соң
Мээнетке салар башка элди.
Бүгүнкү күндө албайбы
Түркстанды жүдөтүп,
Эртеңки күндө албайбы
Чүй, Илени түгөтүп.
Бүрсүгүнү албайбы,
Алтайга аскер барбайбы,
Куралып каапыр калган соң
Алың келбей калбайбы.
Азапка салып Алтайды,
Алтайга койбой бир тайды,
Айылыңа алып келбейби
Аким кылып калдайды.
Өзүң кылган кылмыш – деп,
Өтөрүң сенин кылыч – деп,
Өкүматын кылбайбы,
Өткүрлөрдүн баарысын
Өкүнүч менен кырбайбы.
Кеттекендик кылбайбы,
Кеңешмендин баарысын
Кекенич менен кырбайбы.
Кыйын болуп калбайбы
Кызыл ээк чалдарга,
Кыямат күнү түшпөйбү
Кызыл муштум балдарга.
Абыдан жаман болбойбу
Ак сакалдуу чалдарга,
Акыр заман болбойбу
Акылга чала балдарга.
Алдыратып койбойбу
Ак чач болгон кемпирди,
Алтайдан айдап Нааманга
Алла Таала келтирди,
Өткүрү калсын алаштын
Өзүңө намыс талаштым,
Алаштан чака бул чыкса
Өлгөнү жакшы Манастын.
Кыргызга намыс талаштым,
Кылыктан Бакай адаштың,
Кызыл чака чыкканча
Кыямат кетсин Манасың!»
Ачууланып муну айтып,
Абакеси Бакайды
Азыркысын муңайтып,
Токтолуша калыптыр,
Токойлуу Кендир тоосунан
Толкуп жаткан көп аскер
Жайнап чыгып алыптыр.
Жаа Аллалап буркурап,
Жар чакырып чуркурап,
Туусу тууга урунуп,
Туташып тозоң бурулуп,
Ала байрак, ак найза
Колдорунда зыңкыйып,
Алаштан чыккан көй кашка
Алгыр куштай кымпыйып,
Астындагы мингени
Аргымак аттар кындыйып,
Айдаркан, Көкчө, эр Үмөт,
Азар түмөн кол келет.
Аргын Каракожосу,
Айкымдардын Шаабеги,
Алчындардын Бообеги,
Окчулардын Шүкүрү,
Нойгуттардын Чубагы,
Орчун улуу кол менен
Келип турду бу дагы.
Кыпчактардын Үрбүсү,
Кыргыздардын Байжигит,
Кыйындардын баарысы,
Кыргыл чал баштап карысы,
Ташкендиктен Көкөтөй,
Таттыбайдын Баймырза,
Жанадилдин Жанайы,

Жайнап келди көп аскер
Мусулмандын далайы.
Араникке бет алып,
Аттанган жагын өрт салып,
Ак асаба, кызыл туу,
Айгайлаган ызы-чуу,
Көк асаба, кызыл туу,
Көк жаңырган улуу чуу,
Добул согуп күңгүрөп,
Тоо көчкөндөй дүңгүрөп,
Жаракты белге чалынып,
Жаратканга жалынып,
Баянды деген талаага
Бара жатыр көп алаш,
Баштаганы эр Манас.
Боз ала тоонун учунан
Болжолу жок көп аскер
Чыга түшсө ушундан
Араниктин талаасы,
Ат чабым жакын калыптыр
Карарып жаткан калаасы,
Аскер менен жык толуп
Дарыя, тоонун арасы,
Найзанын учу жылтылдап,
Аскердин башы кылкылдап,
Дүнүйө толуп былкылдап,
Калаасында каңгырап
Баңдулусу кагылып,
Байкаган эстен жаңылып,
Найзага найза чабылып,
Калаадан чыгып көп аскер
Мусулман жакка жабылып.
Күңгүрөгөн добушу
Күнчүлүк жерге угулуп,
Араниктин калаага
Аскер батпай тыгылып,
Баштаганы Кеселик,
Баянын айтып кетелик,
Талап, Соксо жолборсу,
Талапташ жүргөн жолдошу
Айчаң уулу Кетеник,
Аскер башчы эрлерин
Айтып өтүп кетелик.
Шакур шаа, Күрөңдү,
Шапкер тартып көп эли,
Аскерге салып сүрөөндү,
Азгыргандай дүйнөнү
Лайламалуу! – деп,
Айгай менен жүргөнү,
Айбатын көргөн адамдар
Айгайын көрүп жүдөдү.
Качалык, Үкүриясы,
Каран дүйнө жалганды
Жок кылчуудай кыясы.
Баатырдын бири Будабил,
Баштагыңдын сөзүнү
Байкап угуп, жуда бил.
Келди чаңы созулуп,
Кетте черүү кол менен
Кеселикке кошулуп.
Санамар менен Байманы,
Сансып аскер барганы.
Жана сегиз били бар
Урушка кирер айбаны.
Ашай аттуу баатыры,
Азар түмөн кол алып
Аскер келген акыры,
Алоокенин колунда
Албан түрлүү баатыры,
Айбатын көргөн адамдын
Калар эмес акылы.
Төрт керикке жүк артып,
Төрт жүз бөлөк туу тартып,
Коомалашып чуу тартып,
Каапыр менен мусулман,
Калкылдашып баары жан,

Дап, добулбас урушту,
Сап байлашып турушту,
Так ошо жерде көрөрсүз
Тамашалуу жумушту.
Туу көтөрүп, кан жайып,
Туташып аскер калдайып,
Үшү кетип жамандар
Уруш көрбөй далдайып,
Мууну кетип шалдайып,
Астыңкы эрди албайып,
Үстүңкү эрди калбайып,
Үшү кетип далдайып,
Үшкүрүгү көп болуп,
Өңү сары чөп болуп,
Баатырлардын баарысы
Майдандан жоктур калгысы,
Өрттөй көзү кызарып,
Өрдөктөй мойну узарып,
Караса көзү чачырап,
Кайраса тиши качырап,
Эликтей көзү жайнашып,
Эринин кесе чайнашып,
Токтоп тура калганы,
Токтолгон жерде каапырдан
Тобунан ашык баатыр жан,
Талап аттуу балбаны
Аскеринен бөлүнүп,
Айгайлап чыга калганы,
Нак ушу жерде көрүндү
Азыркынын айбаны.
Найзасын алып колуна,
Аңдаңар сөздүн соңуна,
Алты сайлуу ак бараң
Асынып мылтык жонуна,
Кылычын байлап белине,
Кыргын салып келем – деп,
Кыргыз, казак элине,
Туяк темир туулга
Кийип алып башына,
Кесенген бойдон келиптир
Мусулмандын кашына.
Көбүнөн чыгып бөлүнүп,
Көрөр болсоң башыны
Көк сырдаган күмбөздүн
Төбөсүндөй көрүнүп,
Мунарадай бою бар,
Бу дүнүйө жалганды
Бузам деген ою бар,
Мусулмандан мунун да
Боло турган тою бар,
Кыргыз менен казагың,
Берейин – деп, азабың,
Айгай салып акырып,
Ажалың жеткен келгин, – деп,
Аман калбас элиң – деп,
Коркогуң эмес, эриң – деп,
Тыгылар саман териң – деп,
Бири менден кутулбас
Бу жерге келген элиң – деп,
Жалгызың эмес, жамың – деп,
Жалпы баарың өлөрсүң,
Аман калбас жаның – деп,
Караң менен каның – деп,
Кас ажалың жеткениң
Камданып чыга калың – деп,
Бар аскериң жыйылып
Мага келбес алың – деп,
Баатырың болсо, бат кел – деп,
Балбаның болсо, тез кел – деп,
Так ажалың жеткениң
Талап дөөгө кез кел! – деп,
Барабан добул урганы,
Бадыректи карасаң,
Майданга кирип турганы.
Көпчүлүк сөзүн угуптур,
Көтөрүлүп бу каапыр,

Майдан тартып туруптур.
Кыпчактын Көчөк баатыры
Кыйкырып чыгып акыры,
Желегин шамал жапырып,
Жетип барды акырып.
Акырып найза салганы,
Найза экен – деп, элебей,
Каапырдын Талап балбаны
Кагып ийип найзасын,
Күч менен күрсү салганы,
Барган Көчөң баатырың
Күл-күл болуп калганы.
Көмө чаап Көчөктү,
Каапырдын сөзү күчөптүр:
«Чымчыкча чыдап калбадың,
Чыкпай калды арманым,
Бачым кел – деп, баатырың,
Талкалаар Талап бакырың!
Караң коюп, каның кел,
Миңиң коюп, саның кел,
Өлүмүңдү сагынсаң
Өңкөй алаш баарың кел!»
Талап муну сөздөдү,
Кыргыздардын Талыппай
Бу каапырга көздөдү.
Ачууланып акырды,
Желге желек жапырды,
Жекеге чыккан каапырды
Талыппай турбай качырды.
Талаптан найза жеткени,
Кылыч менен бу каапыр
Кыя чаап кеткени.
Кыя чаап найзасын,
Кылды каапыр айласын,
Талыппай кайра качыптыр,
Найзасы сынып шашыптыр,
Азыркысын ал каапыр
Ал кайраты ашыптыр.
Ашпаганда неткени,
Талыппайдын артынан
Дагы каапыр жеткени,
Аты менен өзүнү
Жара чаап кеткени.
Ат-маты менен бөлүндү,
Алиги келген каапырдын
Айбаты катуу көрүндү.
Талыппайды талкалап,
Тазкүрөң минип чалкалап:
«Азыр мага келе бер,
Алтайдан келген төрт чантуу
Кимди жүрсүң аркалап?
Кайнатайын шоруңду,
Кара жер кылып ордуңду,
Кейитермин жаныңды,
Кетирермин саныңды,
Келе бергин, соёюн
Бириң эмес, баарыңды!»
Муну айтып айгай салганы,
Казактын Соорун баатыры
Канетет – деп, бу каапыр,
Каршы барды акыры.
Найза салды Талабы,
Талаптын жанчкан найзадан
Соорун тирүү калабы.
Боордон найза салыптыр,
Сыртынан чыга калыптыр.
Жыгылды Соорун шол жерге,
Карап турган калың журт
Эси келбей ээ дээрге,
Кантет ушу каапыр – деп,
Катылганды соо койбой,
Канын төктү акыр – деп,
Бар жарагын байланып,
Жоо жарагын шайланып,
Кайра жаачу булуттай
Каары жүзүнө айланып,

Кадыр Алла колдо! – деп,
Жаратканга жалбарып,
Улар бозду моюндап,
Кара сакал коюндап,
Абакеси эр Бакай
Атка минсе акжолтой,
Атышкан жоодо сан колдой,
Жортуп жүрсө акжолтой,
Жоого тийсе сан колдой
Абакеңиз эр Бакай
Уларбозду аргытып,
Артынан чаңын баргытып,
Талапка каршы жеткени,
Талкалайын муну – деп,
Көргөн жерден эр Талап
Көңүлүнө кеткени,
Көк найзаны көтөрүп,
Көсөл бакай жеткени.
Кытайлардын Талабы
Кыйкырган бойдон а дагы,
Күрсүсүн күүлөп алыптыр,
Шыпыра чапсам – деп, найзасын
Чын кетер – деп, айласын,
Найзага күрсү салганы,
Күрсү тие элегинде
Найзасын буруп алганы.
Найзасын Бакай буруптур,
Жаздым чаап найзаны,
Күрсүнү жерге уруптур,
Эми Талап куруптур.
Курубаса неткени
Кекиртекке жанчканда
Асаба төшкө жабылды,
Астындагы Тазкүрөң
Сооруга башы чабылды.
Кызыл каны шыркырып,
Тамагынан жел чыгып,
Найза тийип кыркырап,
Бөрү тилдүү сыр найза
Тамактан ары мылгыптыр,
Чыпалактай кара кан
Чоргодоюн ыргыптыр.
Кылычты Бакай алганы,
Оң тарапка салганы,
Карысынан оң колу
Жерге түшүп калганы.
Сол колу менен калыптыр,
Бура тарта бергенче
Бакай кылыч салыптыр,
Бакайдын көргүн ойнуна,
Кылыч тийип мойнуна
Башы жерге калыптыр.
Уларбоз башын буруптур,
Урушта Бакай туруптур,
Каапырды кудай уруптур.
Суксак аттуу баатыры
Майданга кирди акыры.
Өнөрдү бөлөк баштаптыр,
Үч тегирмен ташыны
Катуу кара жыгачка
Шынаа кагып аштаптыр,
Күрсүсүн көрсөң мына бул,
Күчү толук каапыр кул.
Күркүрөшү күн болуп,
Бетиндеги ызгаары,
Бери болсо каапырай,
Бир байпактык жүн болуп,
Келди Суксак күркүрөп,
Көргөндүн бою дүркүрөп.
«Өлтүрдүң Талап эрди – деп,
Кыйырын бузуп сен алдың
Кыргыз, казак элди – деп,
Сенин кылган ишиңе
Менин жиним келди – деп,
Энең-атаң барган жерине
Жиберейин сени» – деп,

Колго найза алыптыр,
Коржоңдогон бу каапыр
Сур атка камчы салыптыр,
Мелтиретип найзаны
Бет алышып калыптыр.
Калмак ээр кашына,
Как жүрөктүн башына
Кан Бакай найза салыптыр,
Алтын кемер четине,
Ай балканын бетине
Суксак шилтеп калыптыр.
Найзалар төшкө така-так,
Найзадан алы келе албай,
Бир бирин азыр жеңе албай,
Айбалта башка шака-шак.
Имерилип турушуп,
Элүү-кырктай урушуп.
Аркы-терки чабышып,
Арманы жок салышып,
Урушта жүрүп токтолуп,
Бакай кандын Көкчыбык
Жонунда жүргөн октолуп,
Коросон оттук бир чагып,
Көк милте калды чоктолуп,
Абакеңиз Бакайдын
Көңүлү тынып токтолуп.
Оңдоп найза алганы,
Карысына салганы,
Кароолго башын келтирип,
Маша тартып калганы.
Көкчыбык үнү тарс этти,
Көз ачырбай ок жетти,
Башын жарып ок кетти.
Суксактын башы жарылды,
Мээси жерге жабылды.
Аны көрө салганы,
Кетелик аттуу балбаны
Мусулманды кырам – деп,
Кекенип жетип барганы.
Абакеңиз эр Бакай
Кабыргасы кайышты,
Кенебей турган эр Бакай
Кетелик менен сайышты,
Найзалашып ал экөө
Аш бышымдай калышты.
Абакеңиз эр Бакай
Ачууланып акырып,
Кары жинин чакырып,
Кетеликке жеткени,
Кемерден кармап каапырды,
Алты жашар баладай
Атынан жулуп кеткени.
Көрүп аскер турганы,
Көтөрүп туруп эр Бакай,
Жерди көздөй урганы.
Жерге тийип алыптыр,
Тийген жагы быркырап,
Немеси калбай калыптыр.
Уларбозду ойнотуп,
Кетелик дөөнү сойлотуп,
Майданда уруш салыптыр,
Байкап көрсө кеч болуп
Уруш таркаар кез келип,
Кайра тартып калыптыр,
Кан Бакай кошко барыптыр.
Кароолду катуу коюшуп,
Эки колдун баарысы
Карыны ашка тоюшуп,
Чыңоолдорун чыңдашып,
Чың эткен үнүн тыңдашып,
Конуп аскер жатыптыр,
Эртеңки таң атыптыр.
Тоолорго күн чалыптыр,
Толкуган дайра көп аскер
Камданышып калыптыр,
Каапыр менен мусулман

Эки уруу болгон калыктыр.
Шакур шаа деген баатыры
Майданга кел! – деп, бакырды,
Бат жүргүн! – деп, чакырды,
Карагандар таң калып
Каары катуу каапырды.
Жаркөк деген аты бар,
Дажаалдайын заты бар.
Астындагы Жаркөктүн
Жаадай бели ийилип,
Жаалданып бу каапыр
Жалаң темир кийинип,
Лайлама колдо! – деп,
Лаанатка сыйынып,
Майданга кирип алыптыр,
Бачым келгин мында! – деп,
Бакырыгын салыптыр,
Аны көрүп күүлөнүп,
Ачууланып сүйлөнүп,
Арстан Үрбү барыптыр.
Кыйкырып каапыр жеткени,
Кылычын сууруп чабарда
Кыраан Үрбү каапырды
Кыйык атып кеткени,
Беттешкенин мерт кылган
Арстан Үрбү баатырдын
Андистиги эмей неткени,
Мактанып келген каапырың
Жалгыз жерге тык салбай
Жааннамга кеткени.
Аны көрүп акырып,
Лайлама колдо! – деп,
Маа келген жан өлөрсүң,
Тирүү жаным калат – деп,
Бөөдө кам-күм болбо! – деп,
Күрөңдү келди күркүрөп,
Көргөндүн бою дүркүрөп,
Ооздон оту буркурап,
Көздөн жалын шыркырап,
Найзаны колго алыптыр,
Алиги Үрбү баатырга
Айкырып найза салыптыр,
Кагып ийип найзасын,
Кан Үрбү шилтеп калыптыр,
А да кагып салыптыр.
Он беш кайра беттешип,
Жыгыша албай калышып,
Кылыч сууруп алышып,
Кырк-элүүдөй чабышып,
Башта калкан, туулган,
Басылбаган чуулган.
Кыйкырып кылыч чабышып,
Алсак дешип бир-бирин
Асылышып жабышып,
Айбалта бар белинде,
Ак тасма боо тагышып,
Төңөлүктөн алышып,
Төбөдөн ары салышып,
Башка калкан жабышып,
Калканынын үстүнө
Балта менен чабышып,
Балта катуу чабылып,
Болотко болот чагылып,
Күркүрөгөн көк жалын
Туш-тушуна жабылып.
Алеңгир жаа, сыр жебе
Керип тасма чоюшуп,
Көргөндөр жандан тоюшуп,
Саадак менен бир-бирин
Отуз-кырк атып коюшуп,
Жаанын огу короюп,
Кирпи чечен огундай
Сайылган бойдон сороюп,
Ок боюна кадалып,
Батып-батып мадалып,
Зоот менен кыягы,

Кийген тону көк темир,
Сонун болуп сыягы.
Мылтык октоп атышып,
Мыктап жаа тартышып,
Жадаганда бул экөө
Жанып колго кайтышып.
Коркоктор турду нес болуп,
Эки баатыр кез болуп,
Эл-элине кайтышты
Уруш менен кеч болуп.
Даамдарын татышты,
Эки аскердин баарысы
Кароол коюп жатышты.
Кароолду катуу коюшуп,
Кайгыланып кай бири
Кандай заман болот? – деп,
Кара жандан тоюшуп,
Ал күнү антип жатыптыр,
Эртеңки таң атыптыр.
Качалык деген каапыры
Каарданып акырды,
Кайдасың чантуу, келгин! – деп,
Талапкерден чакырды.
Даш казандай башы бар,
Комдонуп жаткан кара иттей
Эки кара кашы бар,
Эрлиги ашкан элинен,
Элүүгө жакын жашы бар,
Тоту куштун куйругу
Төбөсүнө сайылган,
Көк отого ташы бар.
Качалык кирди майданга,
Лайлама колдо! – деп,
Кыйкырыгы баш жарат,
Мусулмандан ким барсын
Бул өңдөнгөн айбанга.
Кабайбай уулу Ашанбай
Казактардан акырып,
Каарданып бакырып,
Каршы барды каапырга –
Качалык сындуу баатырга.
Качалык каршы турганы,
Кара найза сүңгүнү
Ашанбай барып урганы.
Качалык турган жолуна,
Айбалта кармап колуна.
Айбалта катуу чабылып,
Найзага келип чагылып,
Сынды найза качырап,
Найзанын сынган сыныгы
Ар тарапка чачырап.
Ашанбайдын өзүнө,
Аңдап көргүн азамат
Эртеги элдин сөзүнө,
Найзадан сынган бир сынык
Кадала түшүп көзүнө,
Ашанбай көздөн айрылды,
Аскерди көздөй кайрылды.
Ашамдын көзү чыгыптыр,
Алиги каапыр Качалык
Артынан жетип Ашамды
Айбалталап жыгыптыр.
Айбалта тийген башына,
Ашанбай келип жыгылды
Калың аскер кашына.
Өлтүрдүм – деп, чантууну
Кайра тартып кеткени,
Жарадар болуп, жан калып,
Жарым эс болуп сандалып,
Бир көзүнөн айрылып,
Билбей эстен кайгырып,
Колуна кирди кайрылып.
Көрүп аны калганы,
Көгала ат менен салганы,
Көт жагынан Качаңдын
Көкчө жетип барганы.

Чарайна жонго тартынып,
Кылыч, мылтык, бар жарак
Көпкөк темир артынып,
Жетип Көкчө барганы,
Көкчөнү көрүп Качалык
Алеңгир жааны кармады.
Күчүгөн жүндүү ок алып,
Күчү менен бек атты,
Оң кылбаймын – деп, атты.
Калканды Көкчө тутуптур,
Кабаттын бешөөн бузуптур,
Ок өтпөдү токтолду,
Оңдурбасмын каапыр – деп,
Оён Көкчө октолду.
Көкчө баатыр жеткени,
Көөдөнгө найза неткени,
Көпкөк болот чарайна,
Учу батпай найзанын
Тайгылган бойдон кеткени.
Найзадан аман калганы,
Айдаркан уулу Көкчөнү
Айбалта менен салганы,
Айбалтага чаптырбай
Сабынан Көкчө кармады.
Айбалтаны тартышып,
Амалы элден артышып,
Кармаган колу карышып.
Бир-бирине жабышып,
Талашкан бойдон жарышып
Талаага чыгып кеткени.
Тоо таянып алыптыр,
Токмоктошуп бир-бирин,
Токтолбой уруш салыптыр.
«Элден элким, журттан так,
Уруш кылдык ушул чак.
Ит ө .дөнүп кабышпай,
Азыр кайтып кетпейбиз
Бирибиз жерге жабышпай,
Ушунубуз жарабас,
Уурулардай чабышпай,
Сен туруп бер, мен атам,
Мына ушу жерде өлтүрсөм
Мааракеге мен батам,
Мен туруп берсем, сен атып,
Мажилиске сен батып,
Эрлердей, уруш салалы,
Алдуубуз жеңип алалы,
Нак ушундай иш кылып,
Арманы жок калалы».
Аны айтып Качалык,
Атынын башын бурганы.
Кезек берип каапырга,
Кебелбей Көкчө турганы.
Көтөн ооз көк бараң,
Огум өкүм тийсин – деп,
Көнөктөй болгон көк куту
Көтөрүп колуна алыптыр,
Кылабынан ашырып,
Кытайдын кызыл кырымын
Мылтыгына салыптыр.
Кызыл кырым дарысы,
Кыйла күчтүү баарысы,
Колодон сүмбө алыптыр,
Кой боорундай коргошун
Көк бараңга салыптыр,
Коросон оттук колго алып,
Кой боорундай куу кармап,
Жарк дедире чагыптыр,
Милтеге чокту салыптыр,
Милте чоктоп Качалык,
Бетине мылтык алыптыр.
Аллам өзүң сакта! – деп,
Айдаркан уулу эр Көкчө
Жүзүнө калкан уштады,
Каапырлардын Качалык
Как маңдайга туштады,

Төбөсүн жулуп өтөр – деп,
Дөөкүрсүгөн куу казак
Чын ажалы жетер – деп,
Калкандын чети-кашында,
Туулга бар башында,
Калкан менен туулга
Как экөөнүн ортосун,
Карап көргүн болжошун,
Эки каштын ортосун
Кароолго карап келтирип,
Калыбына жеткирип,
Машааны ирмеп ийгени,
Чоргодой болгон кызыл чок
Казанчыкка киргени.
Ооз оту жарк этип,
Көк бараң үнү тарс этип,
Төрө баатыр Көкчөнүн
Төбөсүнөн төрт эли
Алыс бойдон ок кетип,
Кылабынан ашырып
Кырма дары салыптыр,
Аткан жерден төрт эли
Арбындык кылып дарысы
Алыс кетип калыптыр.
Аман калып эр Көкчө
Алмабаш мылтык алганы,
Аябай дары салганы,
Атайын – деп, эр Көкчө
Бетине мылтык алганы,
Карап чыдап тура албай,
Каапырлардын Качалык
Кайра качып калганы.
Оно бою көк темир,
Ок өтөргө жери жок,
Сөзүн бузуп бу каапыр
Качышынын эби жок.
Качканга кантип коёюн,
Калың колго жеткенче
Алла берсе соёюн,
Аны ойлоно калганы,
Мылтыкты бетке алганы.
Качкандыгы билинди,
Камчыланам дегенде
Кароолго оң кол илинди.
Илингенде оң колу,
Итиңдин чыгар ойрону,
Машааны ирмеп салыптыр,
Оң колунун билегин
Ок үзүп кетип калыптыр.
Сол колдо тизгин, чылбыры,
Сагырадагы сай менен,
Талаа булуң жай менен
Аскерин көздөй бет алып
Азыр качып алыптыр,
Жалгыз калган сол колу,
Жайыл каапыр оңбоду,
Атына камчы салыптыр,
Камчыланам дегенде
Тизгин менен чылбыры
Колунан түшүп калыптыр,
Аргып бара жатканда
Тизгинге колун салыптыр,
Тушап койгон немедей
Аты кетип кырданып,
Акылы кетип сурданып,
Аты кетип мүдүрүлүп,
Өзү кетип сүрүлүп,
Этеги башка түрүлүп,
Жыгылып калган Качалык
Кайтадан өөдө туруптур,
Көтөрүлүп турганда
Артынан жетип эр Көкчө
Көөдөнгө найза уруптур.
Чалкасынан жыгылды,
Чаңга башы тыгылды.
Сол колу менен таянып,

Көтөрүлүп турганы,
Көтөрүлө бергенде
Көкчө кылыч урганы.
Керденге кылыч салыптыр,
Тамдан түшкөн кабактай
Башы жерде калыптыр.
Атын коштоп алганы,
Айдаркан уулу эр Көкчө
Аскерди көздөй салганы,
Аскерге Көкчө барганы.
Каапыр жактан акырып,
Каарданып бакырып,
Үкүрия дегени
Үч жүз батман күрсү алып,
Тулгара деген аты бар,
Дажаалдайын заты бар,
Жүз кез найза колунда,
Майдандын чыкты жолуна.
Эрегишкен эр Көкчө
Атты мылтык каапырга.
Алыс огу кыркырап
Аскерине жеткени,
Эки киши төбөсүн
Жарган бойдон кеткени.
Айдаркан уулу эр Көкчө
Алыс атып салганы,
Үкүрия чоң балбан
Октон аман калганы,
Атмак үчүн бу каапыр
Мылтык бетине алганы,
Ортодогу атышкан
Эки журттун балбаны,
Качырышып сайышып,
Тонунун чыкты далдалы.
Айбалта, кылыч чабышып,
Аянбастан салышып,
Урушуп жүрүп кеч кирип
Ушул экөө кайтышты,
Көргөн-билген жумушун
Көпчүлүккө айтышты.
Ал экөө тартты көп түлүк,
Аларды көрүп турганда
Айран болду көпчүлүк.
Чыңоол, кароол коюшуп,
Эки журттун баарысы
Чымындай жандан тоюшуп,
А күнү жатып таң атып,
Чатыр тигип саяттап,
Жолду кармап танаптап,
Эртесинде шашкеде
Эр Санамар каапырдан
Эми чыкты шарактап.
Кайнатасы Кошойдун
Кабарын уксаң ошонун,
Данаңгири шаар деген,
Далай бенде жеңбеген,
Мусулмандын колунан
Мунар чыкты буластап
Санамардын жолунан.
Санамар аяр киши экен,
Ар качан кылар иши экен,
Колго найза алыптыр,
Коржоңбоз деген атына
Санамар камчы салыптыр.
Жаалданып бу каапыр
Мунар канга келатыр.
Бура тартар эр эмес,
Мындай иштен Мунар кан
Коркуп калар неме эмес,
Алкүрөң деген күлүккө
Мунар камчы салганы,
Качырышып бир бирин,
Найза шилтеп калганы.
Эрдемсиген Санамар
Ээрден көтү кылтайып,
Үзөңгүдөн бут тайып,

Жыгылар жерге жеткени,
Жыгыларда бу жылас
Аярлык кыла кеткени.
Апсун окуп алыптыр,
Жалгыз келген Санамар
Алтоо боло калыптыр.
Алтоон бирдей караса,
Азыр болду каргаша,
Ээрден көтү кылтайып,
Үзөңгүдөн бут тайып,
Алты болду Санамар,
Аңгемесин караңар.
Мусулман көзүн салыптыр,
Каапыр аяр экен! – деп,
Муңайып айран калыптыр.
Алтоо болуп Санамар,
Ар тараптан Мунарга
Найза, кылыч салыптыр.
Аярлык кылды каапыр – деп
Мусулмандын аяры
Жоголгонбу такыр? – деп,
Эр Бакай айгай салыптыр,
Айтканын угуп алыптыр,
Абакеси эр Бакай
Аскерге айгай салыптыр,
Аскерден Көйүш аяры
Алиги барган Мунардын
Аркасынан барыптыр.
Көйүш үйлөп, дем салып,
Кайраты каркап толуптур,
Ушу барган Мунары
Сексен Мунар болуптур.
Санамга кирди жабылып,
Майдандагы Санамдын
Башына кылыч чабылып,
Сексен Мунар токмоктоп,
Санамарга жабылып.
Кайсыга уруш кыларын
Санамар билбей калыптыр.
Аярдын ишин биле албай,
Кой дегенге тил албай,
Аярдын ишин биле албай,
Көптөсө көзүн оёр – деп,
Көптөп кетти олор – деп,
Жалгыз барып Санамар
Арманда өлүм болор – деп,
Араниктин талаадан
Аскер чыккан калаадан
Жекеге барган Санамар
Айрамын – деп, балаадан
Күрөңдү буйруп ийгени,
Алты жүз миң аскери
Урушуп жаткан Мунарга
Пайналашып киргени.
Төрт жүз миң аскер каптады,
Төрө Манас баш болуп
Мусулман жуда аттанды.
Он миң аскер күңгүрөп,
Ойдон-тоодон дүңкүрөп,
Алаш – деп, салган урааны,
Аны көрүп каапырдан
Аламан койду бу дагы.
Каапыр менен мусулман
Кайра тартпай ушундан,
Дүңгүрөгөн дүбүртү
Дүнүйө жүзү бузулган.
Бузулбаса неткени,
Карап турган мусулман
Чабуул коё кеткени.
Эки аскер бүтүн каптады,
Ажалы жок бендени
Алла Таала сактады,
Жыгылганды тургузбай
Кара жерге таптады.
Айбалта башка шака-шак,
Найза төшкө така-так,

Кылычты колго алышып,
Кыйкырып кирип калышып,
Кылды булар намысты.
Намыс эмей неткени,
Алиги барган эки аскер
Аралашып кеткени,
Жарак салып бир-бирин
Жаралашып кеткени.
Айбалта башка шак этип,
Найза төшкө так этип,
Оройго күрсү тийгенде
От көзүнөн жарк этип,
Каапыр менен мусулман
Карсылдашкан канча жан,
Тууга карап турушуп,
Туу таянып урушуп,
Байрак булгап бакырып,
Баланды көптөп кетти! – деп,
Бирин бири чакырып,
Кыйкырып кирип бет алып,
Бир чекесин жапырып,
Мылтыктын үнү бадырап,
Доолдун үнү дабырап,
Миңге бири тийишип,
Качпалашып жабырап,
Найзанын баарын чабышып,
Адамдын башы кагышып,
Арманы жок салышып,
Күндүзгү күнү түн болду,
Кулак тунган дүң болду,
Таш, топурак асманда
Сапырылып жүн болду,
Ак бараң мылтык чаңырып,
Ач кыйкырык жаңырып,
Каапыр менен мусулман
Уруш кылып жабылып,
Жал-куйругу жайылып
Ат жыгылып булайып,
Сакалдары жайылып
Адамдар өлүп сулайып,
Кай бирөөдө кулак жок
Кылыч тийип чунайып,
Шоркураган кан чыгып,
Коркурай түшүп жан чыгып.
Көзү чыгып, көр болуп,
Олойгону дагы бар,
Колу-бутун ок алып,
Чолойгону дагы бар,
Эбак өлүп жан чыгып,
Солойгону дагы бар.
Чаң уюду обого,
Ошо күнкү мусулман
Оозу келди тобого.
Лайламалуу! – деп,
Ыксыз уруш бу бир кеп,
Замбирек жерди көчүрүп,
Самсып жаткан көпчүлүк.
Колтуктун баары чоюлуп,
Койгулашып чабышып,
Колдун баары жоюлуп,
Канаттын баары кайрылып,
Чапандын баары айрылып,
Этектин баары түгөнүп,
Эриндин баары кесилип,
Эмчектин баары эзилип,
Эринин кесе чайнашып,
Өрттөй көзү жайнашып,
Чалабын жанга байлашып,
Кыраандардын кыйласы
Кышкы кирген буурадай
Кычырап тишин кайрашып,
Өрттөй көзү кызарып,
Өрдөктөй мойну узарып,
Айкырып найза салышып,
Аркы-терки чабышып,
Адашып кеткен кай бирөө

Нак ошо жерде табышып.
Кайда кеттиң, сен? – дешип,
Кайратты мага бер – дешип,
Кансырап барам мен – дешип,
Жебенин огу кыркырап,
Чарайнага тийгени
Огу сынып быркырап,
Денесине ок тийсе
Кан төгүлүп шыркырап,
Кылычтуу кылыч чечишип,
Кызылдай жандан кечишип,
Кыжылдаган көпчүлүк
Аралашып кетишип,
Айбалта жандан чечишип,
Аманат жандан кечишип,
Айгайлашып эки кол,
Аралашып кетишип,
Аламан уруш салыптыр,
Арстан Манас баатырга
Кеселик келип калыптыр.
Мажусу дин дини бар,
Суң кытайдан зили бар,
Урушууга маш кылган
Кашында сегиз били бар,
Ата турган мылтыгы
Ал кезекте замбирек,
Арстан Манас баатырга
Айгай салып бадирек,
Билдин баары күңгүрлөп,
Бир тоо көчкөн немедей
Жер бузулуп дүңгүрлөп,
Бил баштарын жиберип,
Буудан Манас баатырды
Мурду менен имерип,
Аттан алып салууга,
Агер жерге жыгылса
Талкалап жанын алууга
Күңгүрлөп били жеткени,
Баатыр Манас төрөнүн
Баатырлыгы эмей неткени,
Билдин чабар мурдуна
Кылычты шилтеп кеткени.
Кылды баатыр бул ишти,
Шилтегенде кылычты
Билдин мурду каарылып,
Так түбүнөн таарылып,
Баатыр кылыч салыптыр,
Мурунунан айрылып,
Мурунку келген ушу бил
Аскерин көздөй бет алып
Кайра качып калыптыр.
Бил үйрөткөн кишиси
Чоюн чокмор алыптыр,
Чокусуна койгулап,
Бура тартып калыптыр.
Тартканына болбоду,
Артында келген Кеселик
Ат-маты менен бил барып
Азыр көмө койгону.
Бил үйрөткөн кишини
Найза менен бир коюп,
Бүтүрдү Манас ишини.
Түн ичинде суурса
Өрт өңдөнүп кызарган,
Уруштуу күндө узарган,
Арстан Манас баатыры
Албарс кылыч алыптыр,
Алты билди шол жерде
Он эки бөлүп салыптыр
Мурдунан бир бил айрылып,
Токтобостон кайрылып,
Калааны көздөй бет алып
Качып бу бил калыптыр.
Алты бил азыр өлүптүр
Он экиге бөлүнүп,
Билдердин каны төгүлүп,

Келгени сегиз бил эле,
Азыр аман бир били,
Качты бирөө мурду жок,
Кан Манаска бет алып
Кайрат кылар журту жок.
Алты били өлүптүр,
Айтканына көнүптүр,
Арстан Манас журуту
Айгайлап алып каапырды
Ары-бери сүрүптүр.
Карыдан колун сөгүлтүп,
Карадан канын төгүлтүп,
Кайгайлатып каапырды,
Туш-тушка кууп бөлүнтүп,
Бөрү тийген кой өңдүү
Бөлүп-бөлүп жүрүптүр,
Мөндүлөтүп сүрүптүр.
Ителги тийген таандай
Элүүдөн-жүздөн бөлүнүп,
Эр Манас кирип барганда
Каапырдын каны төгүлүп,
Билинин бирөө калыптыр,
Ак келте менен бир атып,
Бил үйрөткөн тилчисин
Бил үстүнө сулатып,
Били кетти карабай,
Караганга жарабай.
Кабылан Манас акырды,
Кыжылдаган каапырды
Кырып салды бир далай,
Кырганына чыдабай
Кеселик келди акырып,
Кезиккен жерде баатырга
Ачууланып бакырып.
Оолактан найза салганы,
Манас кылды айласын,
Түшүрө чапты найзасын.
Асабасы жайылды,
Алиги келген Кеселик
Заманасы тарылды,
Найзакерден Кеселик
Акылынан жаңылды.
Жаңылбаса неткени,
Каарын көрүп баатырдын
Кайра качып кеткени,
Астындагы чоң кула ат
Шамалдай учуп жеткени.
Сыртынан найза салыптыр,
Айдалынын этек – деп,
Сырнайза менен сайыптыр,
Ээрден көтү кылтайып,
Үзөңгүдөн бут тайып,
Шайманы кетип алыптыр,
Каршы алдынан караса
Күрөндү жетип калыптыр,
Күркүрөшү күндөй бар,
Сандыргалуу Манаска
Келип найза салыптыр.
Кез алдынан келген соң,
Душманын кудай берген соң,
Тура турган Манаспы.
Мубакүлдүү найзаны
Булгап колго алганы,
Күрөндүгө салганы.
Саадак менен атам – деп,
Огун кездеп алыптыр,
Киричтен огу чыкканча
Эр Манас найза салыптыр,
Ооздон тийип найзасы
Шилиден чыга калыптыр.
Күмжам болду Күрөндү,
Кара аламан көп уруш,
Канкоруң жанын үрөдү,
Күрөндүнү өлтүрүп,
Кеселиктин артынан
Кууган бойдон жөнөдү.

Кеселик качып алыптыр,
Аккула менен эр Манас
Артынан найза салыптыр,
Даңгара атка өбөктөп,
Кеселик качып калыптыр,
Бара жатып Кеселик
Найзанын учун кармады
Манастан тартып алууга
Балбан күчүн салганы,
Салган менен Манастан –
Найзаны сууруп албады.
Аскеринин ичине
Аралап качып алыптыр,
Ар тараптан Манаска
Айбалта, кылыч салыптыр,
Жалпы каапыр ичинде
Жалгыз Манас калыптыр.
Мөндүрдөн бетер ок атып,
Мөндүлөшүп топ атып,
Жамгырдай кылып жаа тартып,
Жабуулашып ок атып,
Жазайыл менен топ атып,
Жалпы каапыр көптөдү,
Жаалданып эр Манас
Жалгыздык зарпын өткөнү,
Аккелте мылтык чаңырды,
Арстан эрдин шу жерде
Ач кыйкырык жаңырды.
Үнүн угуп шо жерден
Абасы Бакай табылды.
Канжыганы катырып,
Карысын канга матырып,
Койго тийген бөрүдөй,
Жан көзүнө көрүнбөй,
Эр Бакай келип калганы,
Эринбей уруш салганы.
Шол жерде каапыр колу экен,
Аскери арбын мол экен,
Туунун турган жери экен,
Туташкан каапыр эл экен,
Арасында каапырдын
Арстан Манас, эр Бакай,
Азап тартып бир далай,
Тон тозулуп электей,
Томуктай болгон кара баш
Жошолоп салган челектей,
Арасында кытайдын
Аянбай уруш салыптыр.
Ал аңгыча караса
Акбалтанын Чубагы
Алты миң аскер кол менен
Аралашты бу дагы.
Ордодогу он миң кол
Ошону баштап алыптыр,
Ойрон Сыргак акырып,
Ойбойлотуп жапырып,
Обого чаңын сапырып,
Алсырап турган Манаска
Алар келип калганы,
Ал жердеги каапырды
Астын-үстүн салганы.
Кыйгактуу найза көк түпөк
Кыр аркага мылгытып,
Кыжылдаган кытайды
Дайраны көздөй дыргытып,
Кыргыл чал жетип барганы,
Кара күрмө, жеңи жок,
Кара топу, карыш чок,
Карсылдашып келгенде
Кайратынын эби жок,
Кызыл күрмө, жеңи жок,
Кыл такыя, кызыл чок,
Кыйкырып кыргыз киргенде
Кырылышар эби жок.
Аскери сап-сап болуптур,
Адамдын каны төгүлдү,

Туу түбүндө туташкан,
Турган кытай аскери
Туш-тушка качып сөгүлдү.
Кеселик сындуу баатыры
Манас менен экөөсү
Бир найзаны талашып
Турбады беле акыры.
Чыншыкүнөм аяры
Кеселикке барганы,
Кеселиктин жайы жок,
Тирүү чыгар шайы жок,
Найзасын кармап Манастын
Ары-бери талашкан,
Айбатынан Манастын
Акылынан адашкан.
Аяры аны көрүптүр,
Алсырап каны туруптур,
Чыншыкүнөм аярды
Аныктап арбак уруптур.
Урбаганда неткени,
Апсун окуп, дем салып
Арстан боло кеткени.
Караганы соо болбос,
Качырганы оңолбос,
Кара чаар бир жолборс,
Азыр болуп алыптыр,
Алып таштап иймекке
Эр Манаска барыптыр,
Аты менен өзүнө
Асылып кучак салыптыр.
Атаңдын көрү каапыр – деп,
Аяр экен акыр – деп,
Айбалта белден алыптыр,
Алиги жолборс болгонду
Тас төбөдөн салыптыр.
Жолборстун тийди башына,
Кан жайылды кашына.
Кан акты булак суусундай,
Кадимден аяр ушундай.
Кан дарыя көл болду,
Кызыл канга чөмүлттү
Кызыталак аяр көп колду.
Жолборстун башын жарыптыр,
Карк боломун канга – деп,
Кабылан Манас баатыры
Жогорулап акыры
Өөдө көздөй салыптыр,
Өчтөшкөнү Кеселик
Өз ордунда калыптыр,
Кара канга чалпылдап,
Ат аябай чапкылап,
Арстан Сыргак жеткени,
Кеселиктей баатырды
Төшүнө найза неткени.
Эр Сыргак найза салыптыр,
Кагып ийип найзаны,
Кеселик саадак алыптыр,
Сыргакты аткан жатканда
Бакай кан жетип калыптыр,
Кабырганын тушу – деп,
Как жүрөгү ушу – деп,
Капталдан найза салыптыр.
Бакайдан найза жетиптир,
Вадирегиң Кеселик
Атынан кулап кетиптир.
Жыгылды жерге далк этип,
Кызыл канга чалп этип,
Канга башы чөмүлдү,
Жолборс болгон аяры
Бир үшкүрүп ийгенде
Кеселик кайта көрүндү.
Айрылган аттан жөө болуп,
Апсундун азыр күчүн көр,
Жалаң бою жүз кулач,
Кеселик турду дөө болуп.
Дүнүйө жүзү кан болуп,

Кан токтоду кызарып,
Карап турса Кеселик
Бара жатыр узарып.
Көлкүлдөгөн кызыл кан,
Көп адамдар болгон таң.
Көл тизеге жеткени,
Аярлык эмей неткени,
Аскер-колдун баарысы
Ар тарапка качышып,
Кырга чыгып кеткени.
Алиги жолборс туруптур,
Аярды кудай уруптур,
Апсун окуп алыптыр,
Мусулмандын аскери
Айбанат болуп калыптыр.
Бири-жылкы, бири-төө,
Кеселик болгон бу бир дөө,
Бири сыйыр, бири кой,
Араниктин калаада
Абыдан болду улуу той.
Аярдын ишин билгени,
Бегүш, Көйүш, эр Таскыл
Апсун окуп ийгени,
Апсун окуп, дем салып,
Ачуу менен акырды,
Айбан кылып жиберди
Курт кайнаган каапырды.
Чүкүрүк аяр үшкүрүп,
Үйдөй болгон туманын,
Урматын көргүн дубанын,
Мусулмандын колуна
Туман жылып жетиптир,
Айбанат болгон мусулман
Азуулуу боло кетиптир.
Бөрү болду, чөө болду
Каапырлардын аскери
Сыйыр болду, төө болду.
Мусулмандын аскери
Болду жолборс, кабылан,
Каапырлардын аскери
Жылкы болду, кой болду.
Чын балаага калыптыр,
Койго бөрү кириптир,
Бөлүп-бөлүп ийиптир.
Төөгө кирди кабылан,
Бири жүзгө камынган,
Байкап көрсөң бул элге
Балаанын чоңу табылган.
Ал ишти көрүп алыптыр,
Туюк аят заңгини
Токтолбостон туруптур,
Топуракка дем салып,
Уучтап алып уруптур
Топурак колдон кеткени,
Тополоң шамал жеткени,
Каапырдын калың аскери
Карчыга, шумкар, куш болуп,
Айланып учуп кеткени,
Өнөрү эмей неткени,
Мусулмандын аскери
Көгүчкөн, карга, таан болуп,
Чукулдаша кеткени.
Ардалык, Ырдык туруптур,
Уучтап алып топурак,
Апсун демин уруптур.
Топурак учуп созулду,
Айдарым желге кошулду,
Канаттуу болгон адамы
Кайта баштан баарысы
Адам болуп алышты,
Алигиден бешбетер
Аянышпай салышты.
Өнөрүн көргүн булардын
Кайнатасы Кошойдун
Артык аяр Мунардын –
Ак бараң мылтык алыптыр,

Дүрмөттөп алып мылтыгын
Кеселге көзүн салыптыр.
Кеселик турган дөө болуп,
Аты өлгөн, өзү жөө болуп,
Казандай кара башы – деп,
Эки көздүн ортосу,
Ийилген кара кашы – деп,
Аткан экен Мунар кан,
Бараңдын огу жетиптир,
Барган бойдон Кеселдин
Башын жарып кетиптир.
Туусун жыкты, кан өлдү,
Тура албады каапырлар,
Туш-тушка качып жөнөлдү.
Алты күнү, алты түн
Уруш кылып бүпбүтүн,
Кеселикти өлтүрүп,
Кесип башын алыптыр,
Келген аскер баарысы
Кестеше албай калыптыр.
Уруш менен кеч болуп,
Көз байланган кез болуп,
Мусулмандын тиккени
Төрт дөбөлүү көк чатыр,
Бири миңден качпаган
Билими артык көй баатыр,
Олтуруп орун алышты,
Оңдонушуп калышты,
Оңдонушпай канетсин
Үч күн, үч түн басылбай,
Тынч албай уруш салышты.
Айрылбаган башы жок,
Алжайбаган кашы жок,
Сындырбаган колу жок,
Жыртылбаган тону жок,
Эшилбеген жону жок,
Ооздо бүтүн тиши жок,
Бою бүтүн киши жок.

Кош-кошуна барышып,
Колу-буту сынганга
Шакшак жонуп алышып,
Таңып жаткан андан көп,
Кызыл каны шоркурап,
Байлаганга басылбай
Агып жаткан сандан көп.
Токтогон окту наштарлап
Тилип жаткан дагы бар,
Кыйшык бүтүп калат – деп,
Колу-буту сынганды
Козголбостон жаткын – деп,
Минип жаткан дагы бар.
Токтободу каны – деп,
Дарысын тапкын аны – деп,
Дарысын табам акыр – деп,
Эптеп ичир баатыр – деп,
Чөйчөккө сийип алышып,
Суу – деп, келип калышып,
Эки колдоп туттуруп,
Суу – деп берип жуткуруп,
Ачышканы жазылып,
Аккан каны басылып,
Үшкүрүгү баш жарып,
Үшүнө келип калышып,
Эсин жыйып алышып,
Жанымдан үмүт кылдым – деп,
Айтып жаткан дагы бар.
Жакшы экен – деп, жарасы,
Эч-эчтеме болбойт – деп,
Кайтып жаткан дагы бар.
Октун зары кетер – деп,
Ошентпесең бекер – деп,
Кажырдын этин алышып,
Кашкулак өтүн табышып,
Аюунун өтү барбы? – деп,
Аркы-терки чабышып,
Сурап жүргөн дагы бар.

Жакын тууганы өлгөндөр
Күйөрүм! – деп, өкүрүп,
Чуулап жүргөн дагы бар,
Боору бүтүн, башы эсен
Аман калган аскерлер
Калмактын малы кайда? – деп,
Уулап жүргөн дагы бар,
Мусулмандын аскери
Бүгүн тынчтык алышып,
Жатып калган чагы бар.
Алты күн болгон урушта,
Айгайдашкан жулушта
Он бир миң өлүп калыптыр,
О дүйнөгө барыптыр,
Орунун жерден алыптыр.
Бурак атын токутуп,
Жаназасын окутуп,
Мусулман көмдү өлүгүн,
Тыныктырып көлүгүн,
Жатып тынчтык алыптыр.
Каапырдын кылган ишин көр,
Кыргын тапкан кишин көр.
Он тогуз миң өлүптүр,
О дүйнөнү көрүптүр.
Өмөлүп каапыр кириптир,
Өлүгүнүн канчасын
Отко жагып ийиптир,
Канчасын итке салыптыр,
Типтик казып, ор кылып,
Таманын көккө каратып,
Башын жерге каратып,
Көмгөн болуп алыптыр.
Анжыяндан, Кокондон
Аскерге келген каапырлар
Качып алып жөнөлүп,
Араниктин адамы
Астынан тозуп өмөлүп,
Же мыктап уруш кылып кет,
Же Араниктин шаарынан
Адам койбой кырып кет,
Калтырба казак, кыргызга,
Кан Алооке аман – деп,
Кайрылбай таштап кетишиң
Калган бизге жаман – деп,
Дарыянын жээгинде,
Тарап барган жеринде
Арыздашып чуркурап,
Ала кет! – деп буркурап,
Асылышып коё бербей,
Алоокенин аскерин
Араник журту токтотуп,
Кетирбей тосуп турушту,
Түн боюнча өздөрү
Калган менен кетери
Карсылдашып урушту.
Кызылдай кыргын салышып,
Кырылышып алышып,
Кеселик өлгөн башчысы,
Кеселиктен кийинки
Үкүрия, Будабил,
Байман шаа калган жакшысы.
Отуз миңи жарадар,
Он тогуз миңи өлүптүр
Соо дегендин баарысы
Жарадарга барабар.
Астыңкы эрди албайып,
Үстүңкү эрди далбайып,
Кыргыз, казак кырат – деп,
Кылбаганды кылат – деп,
Жан канткенде тынат – деп,
Жамандын баары бүгүлүп,
Жакшысы жандан түңүлүп,
Жаш-карысы буркурап,
Жаман-жакшы чуркурап,
Жетимиште чалдары,
Жети жашар балдары

Жер кучактап зарлады.
Ашарсуу болгон жарадар,
Акылына караңар:
«Жалпы баарың ыйлайсың,
Жаныңдан ибеп жейсиңби,
Жалмап-жутуп кеткендей
Алаткактан дейсиңби?!
Жезтумшук менен чыңыроо,
Желмогуздан дейсиңби?
Убара чаркөө, адам ноо
Кансоргучтан дейсиңби?
Кара жандын кайгысын
Калк ушунча жейсиңби?!
Ар жагы турат маңгулдар,
Аким болду Кара кан,
Кыр угуз – деп аталып,
Бир атадан тараган.
Маңгул, калмак болгону
Бир арышка толгону,
Казак, кыргыз болгону
Айылын бөлүп конгону.
Акылдан билбей адаштык,
Аңдабай намыс талаштык,
Ишенгеним Алооке,
Иштетери Кеселик,
Эне-атанын дини – деп,
Эби жок кыргын болбостон
Эски динден безелик.
Эмине десе, шол болуп,
Калган алаш уулуна
Катарына кетелик.
Алтайдын журтун аралап,
Каңгайдын калкын каралап,
Түк чыгарбай алыптыр
Түркстанды саралап,
Көп ыйладың баарыңар
Көңүлүңдү жаралап,
Айныбайлык – деп, жүрдүк
Алоокеге каралап.
Алоокеден айла жок,
Акырет кетти Кеселик,
Андан бизге пайда жок.
Алтымышта чалдардан,
Алты жашар балдардан
Наалып ыйлап кайгырып,
Акылыңдан айрылып,
Наалып ыйлап, кайгырып
Олтурган менен пайда жок,
Бир алдырмак, бир алмак
Мурункунун нускасы,
Жедеп жаман кылганда
Мусулман кылат экен го
Болор иштин кыскасы.
Алар да бир неме билгендир,
Акыреттин камы – деп,
Ата жолун ташташып,
Бөлөк өрнөк башташып,
Анан динге киргендир.
Жайы-көйүн билбесе,
Жакшы жол – деп, кирбесе
Жигин билбей киргендей
Жинди болду дейсиңби,
Куруган жолго жүргөндөй
Кутуруп кетти дейсиңби?!
Кара десе карайлык,
Качкан элге кошулуп
Кайсы жакка тарайлык.
Шалпылдатып чалдарды,
Зыркыратып балдарды
Үркүп кайда барабыз,
Үйүптүн баарын жоготуп,
Үмүт үзүп дүйнөдөн
Кайда качып тарайбыз?
Ай-ааламдын баарысын
Алаш уулу алыптыр,
Алакандай Анжиян,

Агала сакал Алооке
Араң ушу калыптыр.
Качыш-үркүш бекер дейм,
Бу Манас бар турса
Казак, кыргыз биригип,
Аз-маз күндүн ичинде
Алоокеге жетер дейм.
Алооке элдин каны да,
Арстан Манас бар болсо
Албай койбос аны да,
Араник шаарын алдырды
Айыл отуруп жанында.
Семиздин баарын сойдурбай,
Зелдей болгон алашты
Жергеге чабуул койдурбай,
Аялуу малды сойдурбай,
Алтайдан келген алашты
Айылга чабуул койдурбай,
Көчөнүн ичин чаң кылбай,
Көсөмсүгөн калмакты
Көчөгө союп кор кылбай,
Калаанын ичин чаң кылбай,
Капканын оозун кан кылбай,
Кайраты бар калдайды
Калаага союп кор кылбай,
Калаага соёр калдайды,
Кансыратар далайды,
Катып койгон мүлкүңдү
Казып сууруп албайбы.
Жаң-жуңду союп көчөгө,
Чабуулду коюп нечеге,
Айдап алып малыңды,
Алсыратып алыңды,
Кемшиңдетип ыйлатып
Кемпир менен чалыңды,
Кейишке салар баарыңды,
Кетирер минтип саныңды,
Уруштан кытай качкан соң
Жамы журт жаман көрбөсөң
Жаткан менин өзүмө
Жаңы бир акыл табылды.
Кыштагың кырк миң үй эле,
Ар короодо алты-беш
Адамдар боштон жүр эле,
Чоң базарың токсон миң,
Короо салбай канчасы
Батирге кирип калган тим,
Аз эмеспиз элибиз,
Атышам – деп, алашка
Абыдан сынды белибиз.
Алоокеге таяндык,
Атыштан кайдан аяндык,
Аскери качты каныңдын,
Азыр кайдан жай алдык,
Качып кайда тарайлык,
Качып жүрүп кор болбой
Казак да болсо карайлык.
Кырылып кайда тарайлык,
Кыйырыңдан азып бөлүнбөй
Кыргыз да болсо карайлык.
Түбүбүз анык туранды,
Дүүлүктүрүп кытайлар
Түн неме калбай жөнөлдү.
Алооке кан экен – деп,
Уруш кылдык тепеңдеп,
Бээжинде жатыр Эсенкан,
Эсенканды бел байлап,
Бекерге өлдү канча жан.
Бакбурчунда Какан кан,
Алооке айрып алат – деп,
Арманда өлдү канча жан.
Чын-чынына келгенде
Чынмачын тууган боло албайт,
Казак менен кыргыздын
Кайраты каркап толгондо
Каканчын тууган боло албайт.

Адам ата баласы
Алыстыр бизден арасы.
Карыядан угамын,
Как ушуну эске алып
Капаланып турамын.
Адамдын уулу Абылды,
Абылды Кабыл өлтүрүп,
Бетине кара жабылды.
Атасы, ага-тууганы
Жакындашпай Кабылды
Жакшы жайдан кууганы.
Бир тууган кызын алыптыр,
Минтип кетип калыптыр,
Ата тилин албаган
Башынан макоо калыктыр.
Качкан бойдон барыптыр
Күн чыгыштын жагына,
Күймөлбөй качып кетиптир
Дарыянын жээгине,
Жайлуу жакшы жерине
Байкап орун алыптыр,
Паад деген жакшы сөз экен,
Жайы жакшы деген сөз
Пажин атка калыптыр.
Калган катын экөөсү,
Балдары кытай болуптур,
Жүрө-жүрө көбөйүп
Дүнүйө жүзү толуптур.
Андан кийин биздерге
Онунчу ата Ном болду,
Ойлонгон сөзүм бул болду,
Абаага жакын суу болду,
Залимдер өлүп сап болду,
Номдон калган үч бала
Да көбөйүп олтуруп
Дүнүйө жүзү карк толду.
Качкан Кабыл баласы,
Каканчын болуп калаасы,
Топондун суусу жетиптир,
Токсон бөлүп кетиптир,
Сексен короо калыптыр,
Зелдей болгон калыктыр,
Үч киши мынча жан болду,
Алаамат топон суусунан
Аман-эсен калгандан
Атагы Эсенкан болду,
Абылды Кабыл өлтүргөн
Ай-ааламга даң болду,
Кытайдын түбү ал болду.
Кытайдын түбү Кабылдан,
Өсүп кетип көбөйүп,
Кылымга жуда жабылган.
Кыямат десе билбеген,
Кылайып динге кирбеген.
Жанын кыят дин үчүн,
Жайылдыгы белгилүү,
Атасы Кабыл жайылдыр,
Өзүнө тууган кызды алып,
Өз инисин өлтүргөн
Жайылдыгы дайындыр.
Он биринчи атабыз,
Ойлоп көргүн калайык,
Ордун айткан жатабыз,
Нук баласы Жапастыр,
Азыркы жүргөн жериң кыр.
Жапастын уулу Туранды,
Турандын өсүп тукуму
Тарап-тарап жөнөлдү.
Кабардар адам баласы
Кулакка сөзүн жугузган,
Баары Маңгул уругу,
Кара кан уулу Угуз кан.
Он баласы алыптыр,
Ой биябан чөл жерде
Калаа тутуп калыптыр,
Кыргыз чыгып кыр жакка

Кыр Угуз – деп, калыптыр.
Казак, калмак бөлүнүп,
Кыргызды таштап салыптыр,
Кыргын салган Манасың
Кыргыздан чыгып алыптыр.
Кыргыз деген бу да бир
Кылымды баскан калыктыр,
Кыраан Манас баш болуп,
Алаш уулу биригип,
Азыр келин калыптыр.
Анжиянда Алооке
Таңшуу кытай уругу,
Азыркысын бу болгон
Наамандыктын улугу.
Нукдан кийин шу жерди
Кытай келип жердеген,
Кылым аны жеңбеген,
Нааман – деп жерин атаган,
Жапас уулу көбөйүп,
Түрк баласы чаң салган,
Сүрүп ийип кытайды,
Түрк балдары кайта алган,
Түркстан – деп атаган.
Түгөнүп калган кытайдын
Түп Бээжин түпкү калаасы,
Азыркы дүмөк салганың
Кыргыздын кыраан Манасы,
Түп атасы Түтүк кан,
Түрк уулунун баласы.
Азыр Манас талашты
Айдап келип алашты
Арагенттин калаасы,
Азыр турган кары, жаш
Алаш кырып кетет – деп,
Басылбады санаасы,
Карап турган Алоокең
Он жети ата ар жакта
Таңшуу кытай баласы.
Жакындыгын караса
Манас жакын биздерге,
Эсиңди жыйбай ыйлайсың
Не болду элим сиздерге?
Эми каруун келерби
Каканды барып издээрге.
Азыр жердеп турганың
Түрк уулунун арасы,
Түгөнүп калган түп Бээжин
Түк көрүнбөйт карасы.
Жылчылык ыраак кытайга
Кытайдын дини жакшы – деп,
Жылас болсок не пайда?
Алты айлык жаткан кытайга
Атабыздын дини – деп,
Арманда өлсөк не пайда?
Алоокеден айла жок,
Алакандай Анжыян
Андан бизге пайда жок,
Аңдап турсам көпчүлүк
Алаш уулу болгондон
Кутулар жайың калган жок,
Куп айтамын жалган жок.
Азыр биздин колдо бар
Алоокеге казына,
Алдуу-күчтүү азамат
Азыр жүрсөң баарыңар
Казынанын кашына.
Ак жамбынын баары бар,
Кырк атанга жүк чыгар
Кызыл алтын зары бар,
Кырк төөгө зар артып,
Алтымыш төөгө жамбы артып,
Арстан Манас баатырдын
Астына азыр барыңар,
Кызыл жакут жүздөнгөн
Кырк сулуу кыз алыңар,
Ат уяты сатуу – деп,

Кыз уяты тартуу – деп,
Кыраан Манас баатырдын
Астына тартуу барыңар.
Торгун, тубар, доолонду,
Арбын алып олорду,
Буулум, бута, чүчтөнү-
Булдан арбын алыңар,
Кыраан Манас баатырдын
Кызматына барыңар.
Түбүбүз бирге Туран – деп,
Кыйбасаң бизге Туранды
Кырып салып жөнөл – деп,
Кыргыз уулу болгонуң
Кызыл канга бөлөн – деп,
Калкыбыз угуз, туран – деп,
Катарыңа албасаң
Калмакты кырып жөнөл – деп,
Казакка уруу болгонуң
Кара канга бөлөн – деп,
Башкы атаң Маңгул, Татар – деп
Маңгул менен калмакка
Баатыр Манас чаң салдың
Башка бир келген катар – деп,
Улугубуз кытай – деп,
Урушту көрдүк мындай – деп,
Кытай болсо душманың
Маңгул менен калмактын
Баарын кырып таштасаң
Басылбас – деп, бушманың,
Таң атырбай баатырга,
Караламан букара
Калтырбай заман акырга,
Алтын, күмүш жүк жүктөп,
Астыңа тартуу жүрдүк – деп,
Секилик баштап калдайы,
Сестейип турат далайы,
Сексен адам барыңар,
Жүз төөдө болсун малыңар,
Тартуу тартып кайтыңар,
Жан соогат! – деп, айтыңар».
Ашарсуу сүйлөп салганы,
Алдырап турган көпчүлүк,
Алардын нурку көп түрк
Ашыгышып калганы.
Атышкан менен ал келбейт,
Айдалбай басып мал келбейт,
Чанчышкан менен чак келбейт,
Басташкан менен бап келбейт,
Барбай кантип коёбуз,
Басташсак кайдан оңобуз,
Баарыбыз кыргын болобуз.
Ашарсуу сөзүн акыл – деп,
Айткан кеби макул – деп,
Жүр, баралы баатыр – деп,
Билимдүүсү сүйлөшүп,
Бирин бири күүлөшүп,
Кең көкүрөк, жайык төш
Келбети артык балбанын
Жүзүн санап алганы,
Казынага бет алып
Жүрүп булар барганы.
Айры менен нарынан –
Казыналык төөсүнөн
Тандап алып баарынан,
Семизинен жактырып,
Мынабу төө жакпайт – деп,
Байларына чаптырып,
Машаты килем жаптырып,
Жибектен буйла тактырып,
Казынада алтынын
Кагып-согуп арттырып,
Жамбыны капка жүктөшүп,
Жаныбыз калса шүк дешип,
Буулум-бута булдарын
Ак куржундап жүктөшүп,
Ата уулунан-кызынан

Акылга толук узунан,
Акак тиштүү, кыйгач каш,
Алма моюн, түймө баш,
Кобул колдуу, колоң чач,
Короз моюн, керме каш...
Торгун, тубар, чүчтөнү
Шол кыздарга кийинтип,
Дейилде, кымкап, буулумду
Жеткен сонун булуну
Жасалга кылып кыздарга,
Кара кемчет кундуз бөрк,
Кандай жакшы ушул көрк,
Кыздардын ондоп көркүнү,
Кара жандын зарпынан
Ыраазы болуп төркүнү,
Отого диңсе сайынтып,
Тоту куштун куйругун
Төбөсүнө жайылтып,
Берметтен кылып беттигин,
Көөкар таштан көз кылып,
Зери забар асыл таш
Чекеге кылып четтигин,
Алтындан айдар тактырып,
Катеп байлап көкүлгө,
Атына коюп шөкүлө,
«Шөкүл» деген калмак тил,
Жасоо деген сөз экен,
Алаш уулу баарың бил.
Кечинде уруш тарашып,
Жатпады беле көп аскер
Жай-жайына карашып,
Төрт төбөлүү чатырын,
Төгөрөктөп кол конуп
Төрө менен баатырын,
Урушту эртең кылабыз,
Уруштуруп олтурбай
Араник шаарын кырабыз,
Атышууга тың да экен,
Азып-тозуп качкандан
Наамандык баары мында экен,
Аз гана арал жер экен,
Аз да болсо, каапырай,
Наамандыктын кени экен.
Алооке менен Ашарсуу
Акыры түбү соёрбуз,
Алган болсок Араник,
Арбын экен аскери,
Наманген – деп, коёрбуз.
Наамандын анык кени экен,
Алты күнү атыштык,
Абыдан арбын эл экен.
Аны айтышып кожурап,
Мусулмандын аскери
Сөз сүйлөшүп божурап,
Чыканак жерге салышып,
Чырым уйку алышып,
Байлаган белин чечпеген,
Башы жерге жетпеген,
Магдырап уктап кетпеген,
Куш уйкусун салышып,
Курду белге чалышып,
Көз илинип кеткенде
Кудай өзүң сакта! – деп,
Чочуп тура калышып,
Түшүндө уруш салышып,
Чочуп кетип түшүнөн,
Түйүлүп тура калышып,
Каапырга уруш салдым – деп,
Капилет уйку ичинде
Катуу чочуп калдым – деп,
Калкына айтып салышып,
Каткырып күлүп калышып,
Аларбыз – деп, каапырды,
Аман болсок Алтайды
Көрөрбүз – деп, акыры,
Аскер антип жатыптыр,

Таң саргарып атыптыр.
Таңашкан атын чалдырып,
Аманбы – деп, аркасы
Ээр-токум алдырып,
Аш кайнамдай олтуруп,
Сай тулпардын баарынын
Тазкардын чөпкө толтуруп,
Кырып-жышып, ат токуп,
Ат токушса бат токуп,
Жебелеп коштон чыгарып,
Жетелеп суудан сугарып,
Кылымга кытай толор – деп,
Кыпкызылдай чабышып,
Кыргындын күнү болор – деп,
Маңгул, калмак болбосо
Бар келер кытай жок экен,
Түрк уругу болбосо,
Түгөнүп калсын кытай – деп,
Түк каруусу жок экен
Түртүшүп көрсөк кылдай – деп,
Маңгулдардан болбосо
Бар келбейт экен кытай – деп,
Баары олтурган алаштар
Баш жутмактын камын жеп,
Бабыраша сүйлөшүп,
Баатырларын күүлөшүп,
Таң менен намаз окушуп,
Тазалап атын токушуп,
Калаага көзүн салыптыр,
Карарган аскер көрүнбөйт,
Кара журт айран калыптыр.
Каапырлар кайда кеткен? – деп,
Кайнаган кытай неткен? – деп,
Атпай алаш баарысы,
Айдаркан, Бакай карысы.
Күндүн мурду чалганда,
Шашке болуп калганда
Төөдөн жүзүн жетелеп,
Жаңжуң, амбал, доотайы
Төрөлөрү энтелеп,
Төөгө таккан жекесан
Коңгуроосу шаңгырап,
Кол баштоосу улуктар
Коркуп-үркүп жалдырап,
Түркү тилди түк билбейт,
Маңгул, калмак балдырап,
Эси чыгып баарынын,
Эки көзү жалдырап,
Бурут Манас кайда? – деп,
Булардан сурайт булдурап.
Калмакча тилди билген бар
Манастын туусун көргөздү
Өздөрүнчө кулдурлап.
Секилек баштап карысы,
Сексен экен илимдүү,
Сегиз жүз киши барышты.
Жүк арткан төөнүн артынан
Жүзүн көргөн адамдар
Өз боюн өзү тартынган,
Дастандын сөзү кыскарды,
Турна моюн, тасма бел
Кырк бир сулуу кыз барды.
Жыты жыпар бураган,
Бул эмине кыздар? – деп,
Жыйылган кыргыз сураган.
Бир-бирине жөлөнгөн,
Билериги зумурут,
Карк алтынга бөлөнгөн,
Көргөн жан көзүн салгандай,
Ашкере бетин көргөндөр
Ашыктыктын зарпынан
Ал кыздардын артынан
Арманда өлүп калгандай,
Мингендери тобурчак,
Жал куйругу бир кучак,
Абайы үртүк, ат жабдык,

Кызыл кымкап ат жалдык,
Кызды көрүп таңданып,
Кыргыз, казак кара журт
Карап турду жарданып.
Кыздардын минген атына
Дилдеден жүгөн каттырган,
Торгун, тубар, too кежим
Аземдетип жаптырган,
Жал куйругу төгүлгөн,
Жаадай шаңы көрүнгөн
Аттарды минип кымпайып,
Айдай бети жаркырап,
Алиги кыздар зыңкыйып,
Ат боруму жарашып,
Кынап белин байлашып,
Кыйгачынан карашып.
Кыргыз, казак өлгүндөй
Мен алам – деп, талашып.
Кырк бир кыз кырка турушту,
Кыраанын Манас барында
Кылган сонун жумушту.
Сонун эмей неткени,
Алардын арка жагынан
Аксай басып Ашарсуу
Жарадар болгон жаны бар,
Башынан аккан каны бар,
Мойнуна бото салынып,
Туйгун Манас баатырга
Тууганбыз – деп, жалынып:
«Араник жердеп турганбыз,
Атабыз Туран, тууганбыз,
Айрылып кетип, алыстап,
Арманда болуп курганбыз,
Кытай алыс, сиз жакын,
Кара чоктуу ойротто
Бардыр деймин көп акың,
Дүнүйө жүзү кең экен,
Түбүбүздү карасам
Түмөн маңгул эл экен,
Атамдан калган Нааман – деп,
Түркстанды бет алып
Келгендигиң эп экен.
Кайнагаң калмак журт болсун,
Кадамыңыз кут болсун!
Кесир кылдык башка элге,
Келиптирсиз Ташкенге,
Ташкенде Панус тагабыз,
Өлгөнбү, кайдан табабыз,
Өчүн анын алууга
Өжөрлөнүп урушуп,
Келбеди сизге чамабыз.
Кырк бир мырза кыз тартуу,
Көңүлүңө толбосо,
Араник каны биз тартуу.
Азап салдың башка элге,
Анжияндык Алооке
Аласың барсаң, аз жерде.
Кармашпай качтык, тарадык,
Кандай кылсаң андай кыл,
Как өзүңө карадык!
Багындык баатыр өзүңө,
Байкагын айткан сөзүмө.
Корктук баатыр сизден – деп,
Колуңду тарткын бизден – деп,
Тирүүдө корктук сизден – деп,
Тилиңди тарткын бизден – деп,
Кара кыргыз тууган – деп,
Казак кошо турган – деп,
Камсыктык эле биз мурун
Кай жакка динин бурган – деп,
Атадан калган динибиз,
Аны үчүн келген жинибиз,
Атыша кетип кырылдык,
Артын өзүң билиңиз,
Аланча кан, Кийик кан
Аркы түбү зилибиз.

Түп атабыз Түрүктүр,
Түрк уулу мында түк калбай,
Анжиянга, Нааманга
Түгөнгөн кытай бүтүптүр.
Букара болдук түрк уулу,
Түбүнөн билем мен муну.
Атаңыз болуп Алаш кан,
Айтамын сага ыракмат
Намысыңа талашкан
Арбытканы түрк уулу,
Асилин куба келгенде
Ант урган кытай канча жан,
Анжиянда Алооке,
Нааманга болду бу бир кан.
Кошун берди, кол берди,
Аскерин айдап мол берди,
Таятаңдын өчүн ал,
Талкала – деп, урушуп,
Казат үчүн жол берди.
Арманда бойдон калбадым,
Аттанбай жатып албадым,
Арстан Манас өзүңө
Аянбай уруш салганым.
Күндөдө болсом чечер – деп,
Күнөйүм болсо кечер – деп,
Эми урушсам бекер – деп,
Түрк уругу көп алаш
Сүрүшсөм түпкө жетер – деп,
Дүмүрүм казып кетер – деп,
Ошону алып оюма,
Ишене албай боюма
Тартуу келдим өзүңө.
Кабыл кылсаң тартууну
Калкың билсин как муну:
Аламан чабуул койбосун,
Акылмандар ойлосун,
Аларын алып колумдан,
Адамымдан сойбосун.
Жан албасын, мал алсын,
Арыгы болсо бизерден
Кабырга жаап, жал алсын.
Ачкасы болсо дан алсын,
Ар жагы Туран тукуму,
Атабыз бирге тууган – деп,
Андайын ойлоп санасын!»
Айткан муну Ашарсуу,
Акылдын сөзү мына бу.
Арстан Манас кеп айтат:
«Айтканыңырас – деп, айтат.
Алоокеңкытай уругу,
Азыр болуп туруптур
Анжияндын улугу,
Анжиянды жердеген
Кыргыздын кыйла тунугу.
Анжиян болбос – деп, ойлойм
Алоокенин турагы,
Ашып-шашып өлүмгө
Жүргөн экен бу дагы.
Түбүңүздү билипсиз,
Түрк уулунун бирисиз,
Алла берген арбагым,
Алооке түшөр салмагым,
Аягын айтып коёюн
Анжиян болор чарбагым.
Самаркан болор сапарым,
Сайып ала коюуга
Санаасы жүргөн экен го
Салпылдаган каапырың.
Анжиян азыр анда экен,
Атабызга болгон тең,
Кыр Угуз – деп элимдир,
Кыр Анжиян жеримдир,
Алоокеден албасам
Айыкпас жүрөк черимдир.
Ыраазы болдум өзүңө,
Аманат жаным бар болсом

Түркстандык алашты
Каратармын көзүңө!»
Ашарсууга жол берди,
Алтындуу айчык тон берди,
«Алгын эми тил – деди,
Ак ислам дин – деди,
Ата жолу мажусу,
Ислам динге кир» – деди.
Муну айткан соң эр Манас
Ашарсуу калды далдайып,
Акылы кетип шалдайып.
Чочуганын билгени,
Ашарсууну жүргүн – деп,
Баштап алып эр Манас,
Абунасыр кожого,
Барып кирди ошого.
Абунасыр заманы
Сөөлөт берген кудайым,
Сүйлөгөнү мунайым,
Ыйман нуру жүзүндө,
Ыкыласы түзүндө,
Бал шекери сөзүндө,
Башта кызмат кылган эр
Байгамбардын өзүнө.
Динге киргин дегенде
Ашарсуу чочуп шашканы,
Абунасыр заманы
Айтып сөздү баштады:
«Көргөн көгүң суу – деди,
Куюлуп бери не келбейт
Кудайдын күчү бу! – деди.
Көөнүңдү акка бур – деди,
Төгүлүп бери келбестен
Кудурет тосуп тур – деди.
Кудурет деген күч – деди,
Балам, байкап сөзүмдүн
Маанисине түш – деди.
Туудурган анда ата жок,
Турат колдоп ката жок,
Тууй турган эне жок,
Тушташ келер неме жок,
Кирпик ирмем кидирген
Капилети болбогон,
Макулуктун баарысын
Көрүнбөй туруп колдогон,
Батырам десе бар кудай
Бир өрүктүн ичине
Асман-жериң толбогон,
Өкүм кылса чара жок,
Өзү бар да, бала жок,
Көрөмүн десең кудайды
Көзгө илинер караан жок,
Өзүнчөлүк даана жок,
Курт-кумурска жаныбар
Баарысына себепкер
Кудайдан башка паана жок!
Оттон ысык күндү көр,
Олуту кара түндү көр,
Эсиң болсо Ашарсуу
Эттен чыккан жүндү көр.
Жаннат бейиш жайы бар,
Суу болуп аккан майы бар,
Төрт бөлүнгөн суусу бар,
Төгүн дебе ушулар.
Бейиш деген жакшы жай,
Төрт бөлүнгөн суусунун
Бири бал да, бири май,
Барың балам, сонун жай.
Жозин көжүр шарабын
Ойлоп балам карагын,
Насип кылса кудурет,
Айтмак бизге чоң милдет,
Ууртайсың да, татасың,
Бир уурталган аш үчүн
Бери болсо беш жылы
Бегүш болуп жатасың.

Акыл кетип аз болуп,
Аз болгондо алты жыл
Алдырайсың мас болуп.
Бир арыгы сүт болор,
Каалагандын баарысы
Кемтиги жок, бүт болор.
Зумурут, бермет, көөкардан,
Ага кирген бендеси
Абыдан чыгар кумардан.
Лагыл, жакут таштары,
Карымактык анда жок,
Жыйырма беш жаштары.
Зумурут, көөкар жыгачы,
Нур жемиши бар ашы.
Зеру забар, инжуудан,
Алы келбес адамдын
Сыпатын өлчөп айтуудан,
Элесин көрсөң бейиштин
Немесин көрбөй кейиштин
Калар элеңкайтуудан.
Көз көргөндөн айтайын,
Көөкардан болгон сарай бар,
Көркү күндөй жаркыган
Нур кызынан далай бар.
Жетсең балам көрөсүң,
Ушу жалган дүйнөдө
Бет ажарын бир көрсөң
Бегүш болуп өлөсүң.
Өлбөй турган арга жок, Өкүмү
артык Алланын
Ар ишине дабаа жок.
Нурзулман деген байталман,
Алардын турган сыпатын
Ооз менен кеп кылып
Миңдин бирин айталман.
Бейиштин болгон зыйнаты
Бу жерде жүргөн кыйласы
Миңинин бири боло албас,
Нур сыпатын бир көрсөң
Асмандагы ай-күнүң
Көңүлүңө толо албас.
Бейиш шондой, балам – деп,
Айтканыма куп десең
Ак динине салам – деп,
Дозок деген бир жай бар,
Агузу билла, балам – деп,
Дозок түрү жаман – деп,
Ачка жылан, чаян – деп
Эгер барып бир кирсең
Асыла турар саган – деп.
Кырк эсе артык бул оттон
Ысык кыйын наары бар,
Оттон бүткөн ичинде
Жылан, чаян баары бар,
Бөйөн деген бири бар,
Бөтөнчө узун тили бар.
Башы миң кез жылан бар,
Күнөө кылган бендеге
Күчөтүп каар кылган бар.
Жарыгы жок караңгы,
Жатарсың жыланга аралаш,
Сорор жылан денеңди,
Чыңырарсың чыдабай
Заар салып келгенде,
Чаян, бөйөн жабылып
Талап этиң жегенде.
Жарык дейсиң заркырап,
Ар тушуңдан ажыдаар
Оозун ачып аркырап,
Олор да тилиңди алуучу,
Жарык десең мына – деп,
Жанган отко салуучу.
Ысыгын оттун көрөрсүң
Кырк эсе күчтүү бул оттон,
Төрт аяктын бирөөнү
Ушул отко маласың,

Чыңырып тартып аласың,
Акыры шонун заарынан
Жашабай өлүп каласың,
Бир өлгөн соң өлмөк жок,
Кызыл чок болуп жанасың,
Кыйналасың каласың.
Оттон таажы башында,
Берииште келер кашыңа.
Оттон күрсү колунда,
Чылгый отту кийинген
Үстүндө кийген тонуна
Каар берииште деген бар
Адам уулу деген жан
Түшпөсүн анын колуна.
Күрсү менен урар да,
Күнөйүңдөн сураар да,
Азыр келип бир чапса
Аркайган тоо буларды
Тозоң болуп кеткенде
Зардабынан дүнүйө
Дүр-дүр этип турар да.
Ак тааланын каары бар,
Азап бериштелердин
Ар сүрөттө баары бар.
Тилиң жетер тизеңе,
Жалган дүйнө чиркинден
Өлбөймүн – деп, ишенбе.
Ташыналап чөлдөөрсүң,
Кылайган суу көрбөйсүң.
Суу дээрсиң, тилээрсиң,
Суудан ичип бир жутсаң
Сууну ошондо билерсиң.
Бу муздан кыйын музу бар,
Муздак заар суусу бар,
Баштагы көргөн азаптан
Башкача кыйын ушулар.
Ашарсуу балам, аңдап ук,
Алла Таала жараткан
Албан түрлүү жайы бар,
Акыбаты-азабы
Андан кыйын дагы бар.
Дозоктун жанган өртү бар,
Дозоктон келген жигиттен
Өз боюнда төртү бар,
Ак кашында актангың,
Нак ошондон сактангын.
Айтканымды билип ал,
Ачуу деген бири бар,
Айттым, балам, тилимди ал.
Асили оттон зили бар,
Напси деген бири бар.
Моюнга арткан өлүмдү,
Болжобой эсиң бөлүндү,
Өле турган болгон соң
Текеберлик деген бар,
Көтөрүлтөр көөнүңдү.
Күчтүүмүн – деп, эрмин – деп,
Дүнүйөнүн жүзүндө
Жеке жакшы менмин – деп,
Көрүп турсуң өлүмдү,
Көтөрбөгүн көөнүңдү,
Сийип-чычып жатабыз,
Тербелбестен жер турат,
Текебер болсо не турат,
Текебери жоктугу
Кара жердин көрүндү,
Канча түрлүү текебер
Кайтып жерге көмүлдү.
Төрттүн бири эриндик,
Акырет камын кылбастан
Ашка тоюп, керилдик.
Эринсең эсиң жоктугу,
Азезилдин Каннасы,
Каннас шайтан баласы,
Эринткен анын шоктугу.
Өлгөндө болор бушманың,

Каннас менен беш болду,
Карасаң, балам, душманың.
Бейли жакшы тууган бар,
Бейиштен келип турган бар.
Туугандан артык тууганың,
Өз денеңде турганың,
Билбесең, балам, курганың,
Биринин аты сабырдыр,
Сабырлык кылсаң табырдыр,
Биринин аты нысаптыр,
Нысап кылган бендеси
Азыраак берер кысапты.
Биринин аты уяттыр,
А уят болгон соң
Абыдан жанга мыяттыр.
Уяларсыңжамандан,
Ушуну билбес кээ наадан.
Биринин аты акылдыр,
Акыл болсо оюңда
Ал бейишке жакындыр.
Акылым бар – деп, туруп,
Ар жамандык иш кылган
Акыреттен капылдыр.
Акылдуусун жиберип,
Алланын анык барлыгы
Алып келер имерип,
Ыйман болор билгенге,
Акыретте бейиш бар
Ак жолуна киргенге,
Бешөө тууган, беш душман
Жыйылыптыр бир денге.
Байгамбар бар кабарчы,
Бенделиктин ишине
Беришге бар чабарчы.
Беришге айтып келтирген
Куран китеп сөзү бар,
Санааңа кошо аралаш
Кудуреттин өзү бар».
Абунасыр заманы
Айтып болду тамамы,
Айран азыр дал кылды
Ашарсуудай баланы.
Ашарсуу шондо билгени,
Нагыра тартып, айкырып
Ак динине киргени,
Наалып ыйлап ийгени.
Келмеге тилин жаттады,
Көөдөнгө жүрөк батпады.
Келме келди тилине,
Ыйман кирди дилине,
Ыклас менен баш койду
Абунасыр пирине.
«Кө .нүүдүкылба алаң–деп,
Көп ыйлаба балам – деп,
Эшек болуп саламат,
Бадыша Панус таган – деп,
Абийирди арттырып
Алла берди саган – деп,
Караган калың журтуңду
Ислам динге салууга
Келер бекен чамаң!» – деп,
Алаканы жазылды
баТа берип, басылды,
Кайтып чыгып Ашарсуу
Деп атына асылды.
Сегиз жүз киши барганы,
Көчөсүнүн баарына,
Араниктин шаарына
Аралап айгай салганы,
Мейли ургаачы, мейли эркек
Адамын жыйып алганы,
Абунасыр заманы
Айдап баарын тамамы,
Азыр алып барганы.
Мейли кары, мейли жаш
Миң кишиге бирөө баш.

Келмени айтып күңгүрөп,
Келме шаадат келтирип,
Жер көчүрдү дүңгүрөп.
Мусулман болду мынча көп
Кубангандай жер мен көк.
Кылайтып хынсыр койбо – деп,
Аят келген арам – деп,
Кыямат күнүн ойлон – деп,
Какайдан жалгыз калбасын,
Кадимден берки малым – деп,
Катып бир адам албасын,
Барсыда аты кук – деди,
Баарың муну ук – деди,
Базардан айдап доңузду
Барын сүрүп чык – деди,
Баспаганын балталап,
Мына ушу жерге жык – деди.
Маңгулдан бар, калмак бар,
Балдырашты калмактар.
Алаш уулу түрктүр,
Кыргыз менен казактан
Кыйласы кошо жүрүптүр,
Торопоюн тоздуруп
Доңузун тоого сүрүптүр.
Качыр, эшек арам – деп,
Кара жанга бу дагы
Көшүн жесең залал – деп,
Билдирип арам, адалын,
Бирөөнө кылбай залалды,
Ашарсууга кеп айтат,
Арстан Манас бек айтат:
«Анча-мынча киши өлдү
Алоокенин чатагы,
Араниктин шаарынын
Акыр заман журтуна
Наманген болсун атагы.
Арагент атын жоёлу,
Ашарсуу сага эп болсо
Наманген – деп, коёлу».
Мусулман кылып элини,
Буруп атын жерини,
Казак, кыргыз көп алаш
Калкын баштап жүргөнү.
Кан Айдаркан, эр Манас,
Кашында канча жыйыны,
Күлайым деген кыз экен
Кырк бир кыздын кыйыны,
Акылы зирек сонуну,
Айткан кеби орундуу,
Көкөтөй ага, кел – деди,
Көзүң түшкөн бир кызды
Тандап алгын сен – деди.
Көкөтөй көзүн салыптыр,
Көп кыздардан жактырып,
Күлайымды алыптыр.
Тартуу келген кызды алып
Тартып алган болбоюн,
Ата-энесин кыздын да
Най үмүт бойдон койбоюн.
Калдар амбал дээр экен,
Кара калмак журтунда
Кайраты бар эр экен,
Кайната мага болор – деп,
Мал берсең көөнү толор – деп,
Байлыгына мактанып,
Бай Көкөтөй аттанып,
Чыйырчыкка барыптыр,
Чыгарган отор малына
Тогуз жүз жылкы, токсон нар,
Айдатып келип калыптыр,
Калың малды карартып
Короосуна салыптыр,
Калдар амбал алыптыр,
Казак, кыргыз мал бермек
Как ушу жерден калыптыр,
Катын алса мал бермек

Калгандардын баарына
Үлгү кылып салыптыр.
Тогуз жүз жылкы, токсон нар,
Үч жүз жамбы кошо бар,
Күрөп берип дүнүйөнү
Күлайым кызды сүйгөнү,
Калгандардын баарысы
Үч-төрт кара берсе да
Калың мал – деп, сүйлөдү.
Байдын уулу Баймырза
Байкап бирин алыңыз,
Арбын дүйнө малыңыз,
Агаң кылган жумушун
Сиз да кылып салыңыз.
Баймырза бирин алыптыр,
Алтымыш жылкы, алты төө,
Токсон жамбы бериптир,
Ал кыздардын бирөөбү
Баймырзаны эриптир.
Ошо келген кыздардын
Он алты менен он жети
Арасында жаштары,
Карап турсак жаман жок,
Кара жибек чачтары,
Калем каттай каштары,
Канга ылайык баштары.
Жаңы болгон тууган – деп,
Жай айталык буга – деп,
Дагы келди чакыртып
Жанадил уулу Жанайын,
Ташкендик алып он кызын
Сулуулардын далайын,
Сексен жылкы, тогуз төө,
Он бир жамбы бул берди.
Орустан кармап келдим – деп,
Он төрт жашар кул берди.
Ташкендик алып тарады,
Отуз кызы калганы,
Орчун казак, кыргызы
Ата уулулашып алганы,
Кыз атасын кур койбой
Кыйла мал берип салганы,
Катын алса мал бермек
Наркы болуп калганы,
Алла билер бул сөздүн
Чыны канча, жалганы.
Кыраан Манас барында
Кытайга кыргын салганы,
Кылымдын баарын алганы,
Кыймылдабай ал жерге
Кырк күн жатып калганы.
Намангенге, Ташкенге
Ары-бери катышып,
Аң уулап кийик атышып,
Аңгемеге батышып,
Алган олжо малдарын
Базарына сатышып,
Мааракеге батышып,
Бал-шекерин татышып,
Мамырлашып жатышып,
Буурукса бугу атышып,
Буюрган даамын татышып,
Буурукпаса жатышып,
Кутурса кулан атышып,
Кубанычка минтип батышып,
Кутурбаса жатышып,
Жата турсун колуңуз,
Катын аяр Атыла
Кабарынан болуңуз.
Беш миңди кылган эшеги,
Панус кан ага кошулуп
Эшекте болгон эсеби.
Беш миңчеси ит болгон,
Бекер кыйын иш болгон.
Качыр болгон канчасы,
Жетимиш күн болуптур

Карып болгон барчасы.
Ит болгон жүргөн талашып,
Эшек болгон кетиптир
Бет-бетинен адашып.
Бир канчасы кой болгон,
Кой болгон калмак тукуму
Акыр заман болгончо
Бөрүлөргө той болгон.
Төрт түлүктүү малы бар,
Алыша кетсе адамзат
Бир кишилик алы бар,
Мылтык, кылыч, бар жарак
Шайманынын баары бар,
Карышкыр келсе бөрү – дейт,
Эгер келсе карышкыр
Коюн таштап, өзүн жейт.
Бөрү жеген кишисин
Бейишке чыгып кетти – дейт,
Койдон мурун бөрүсү
Адамын басып лсөп ковт,
Карышкыр жеген кишисин
Катасы жок бейишке
Чыгып кетти – деп, коёт.
Калмак сөзүн коюңуз,
Эшек болгон, ит болгон
Кабарынан болуңуз.
Жетимиш күн толуптур,
Жети күн артык болуптур,
Жетимиш жети күн болуп,
Айбан болгон булардын
Күндүзгү күнү түн болуп,
Панус кан ыйлап зарланып,
Тириликтен арданып,
Сүрөт кудай эмес – деп,
Эшек болуп айкырып,
Сүйлөсө келбейт жакшы кеп,
Көңүлү менен зарланып,
Көрүнбөгөн Алла – деп,
Көп сыйынып жалбарып,
Катыны менен баласын
Көрбөгөндөн арданып:
«Карасы жок кан барбы,
Калыңаскер чантууда
Касиеттүү жан барбы,
Бир касиет болбосо
Калбаны катуу саларбы,
Орто Азия журтуну
Ойрон кылып аларбы.
Ойрон болгон Атыла
Болжоду эле жети айды,
Жети айга аман жетемби,
Арман менен арада
Арыктап өлүп кетемби?
Карап турсам мүнөзүм
Кабыгым калып, этим жок,
Кара чоюн ит бутка
Кайра жанар нээтим жок.
Бала күндөн баш урдум,
Кабарын угуп буруттун
Жамандыкты кылба – деп,
Жалынып карап турупмун,
Кол менен кылып, кудай – деп
Кор болуп жүрүп курупмун.
Эч башарат көрө албай,
Эң аягы кор болуп
Эшек болуп турумун.
Чабарчыдан кеп угуп,
Чантуу келет – деп, угуп,
Жалынып жаным калбадым,
Бурканга барып буркурап,
Нечен күнү, нечен түн
Келе жаткан чантууну
Келтирбе – деп, чуркурап,
Астыңа бардык чогулуп
Алдырба – деп, чантуугa,
Арза кылып чокунуп.

Казынадан зарымды,
Катардагы нарымды,
Баарын айттым жолуна
Колумдагы барымды.
Бурутту кыргын салам – деп,
Өлгөнүңдүн баарысын
Бейиш кылып алам – деп,
Тирүүмдө калып кейишке,
Өлүп барып барам – деп,
Жайы жакшы бейишке,
Өлтүрбөгүн, колдо – деп,
Келтирбегин чантууну,
Тилендим ушу жолдо – деп,
Бейишиңден кечтим – деп,
Мусулман журту келген соң
Мурдарлыкка кеттим – деп,
Буркурадым, табындым,
Мурунтадан жалындым,
Жалынсам жайым болбоду,
Жаратканым деп жүрсөм
Жай билип колдоп койбоду,
Не таарынды мага – деп,
Таарынычка кандай даба – деп
Казак, кыргыз алганда,
Каран шаар Ташкенди
Камап түшүп калганда
Зарланып бардым жалынып,
Колдогун – деп, сабылып,
Эч жакшылык болбоду,
Эшек болуп алган соң,
Эчким билбей калган соң
Эми келген мусулман
Кудайга кастык кылар – деп,
Маа таарынып турса да
Кол салган соң чантууну
Бирин койбой кырар – деп,
Карап турдум кашында,
Казак, кыргыз барды да,
Балта чапты башына.
Көзү көөкар таш эле,
Оболу алды көзүнү,
Андан кийин түк койбой
Ойрон салды өзүнү.
Колу-бутун кыйратып,
Койбой алды асылды,
Зумурут, көөкар, шам чырак
Баарын бузуп алган соң
Менин демим басылды.
Эшек болуп башында
Карап турдум кашында,
Кудай бөлөк экен – деп,
Бетим жуулду жашыма.
Алтын, күмүш, темир – деп,
Азып жүргөн экенмин
Ант ургурду теңир – деп.
Темир, чоюн, коло экен,
Теңир ургур бул өзү
Чочойтуп койгон моло экен.
Адамга окшош баш кылып,
Көзүн көөкар таш кылып
Кишидей кирпик, каш кылып,
Кол менен койдук коборуп,
Кудай болсо урбайбы
Мусулман жатыр кас кылып.
Кыйратып баарын сындырды,
Көргөндөн көөнүм тыңдырды,
Колдобой турган бул итти,
Оболкулар оңбосун,
Кудай деп не үчүн кылдырды?!
Үмүтүн үзүп бу жайдан,
Сындырып баарын салган соң
Чыным менен түңүлдүм
Колдон кылган кудайдан,
Колу менен кылат да
Колдо мени кудай – деп,
Келжиреп жүрөт кээ айбан.

Жердин ээси барсыңбы,
Жер жараткан сен кимсиң,
Жеткире көр арзымды,
Өзүң билип чыгаргын
Ичимдеги дартымды.
Көктүн ээси барсыңбы,
Көрөгөр айткан арзымды,
Көк жараткан сен колдоп,
Көңүлдөн ачкын дартымды.
Суу агызып, кар байлап,
Чөл биябан жер жайлап,
Көк жараткан сен кимсиң?
Баранды менен чаранды
Көп жараткан сен кимсиң?
Адаштырбай ай-күндү
Төп жараткан сен кимсиң?
Албан түрлүү кие бар,
Чөп жараткан сен кимсиң?
Сүрөткө кадам басыпмын,
Азгырган экен азезил,
Азыр кайттым бейлимден,
Баш күнүнөн азыпмын,
Анык билбей өзүңдү,
Ата-эненин жолу – деп,
Абыдан сага жазыпмын.
Жазгандыгым билинди,
Жаңы жетип өлүмгө,
Жар мойнума илинди.
Мусулман бузду бутумду,
Мурунтадан табынып
Куюп алган кутумду.
Бура сүйлөп, тил билбей,
Мурунтадан дин билбей,
Калкым калды мээнетке,
Калмак, маңгул журтумду
Мурунтан айтты мусулман,
Баашалыктан батынып
Катуураак айтпай канча жан,
Бутуң кудай эмес – деп,
Угуп жүргөн ушу кеп.
Ошонун кеби чын экен,
Ойлосом кыйын сыр экен.
Алла Таала барсың – деп,
Аңдай көр айткан арзым – деп,
Жакпады сага бейлим – деп,
Сарысан болду элим – деп,
Табынып жүргөн сүрөтүм
Талкалап кыргыз алган соң
Таптаса болду кебим – деп,
Адашканды жолго сал,
Арылсын бизден кегиң» – деп,
Азим шаар Ташкендин
Күн батар жаккы бетинде,
Дарыянын четинде
Зарланып жүрдү муңайып,
Жаратканга жалбарып,
Зар ыйлады муну айтып.
Агып жашы суу болуп,
Арза сөзү бу болуп,
Көздөн аккан жашынан
Жалпак ташка суу толуп,
Зарылдады, ыйлады,
Жашын көздөн тыйбады.
Миңче чиркей, миң чымын
Базардын жүрүп четинде
Баары чөлдөп аңкашып,
Тили оозуна сыйбады,
Бурчактаган жашынан
Чымындар ичип жанышып,
Суусундары канышып
Чымын-чиркей жанганы,
Ушу түрлүү жандарды
Жараткан өзүң жалга – деп,
Учуп кетип калганы.
Кабыл болуп батасы,
Кадыр Алла бир билер

Калса сөздүн катасы,
Чымындар кайра жанганы,
Кабыл болуп тилеги
Эшек болгон Панустун
Эсине кудай салганы.
Араниктин шаарына
Аскер кеткен мусулман,
Айдаганы Манас кан,
Аркасынан барайын,
Аярлар бардыр анда – деп,
Болуучу себеп бар бекен
Мендей курган жанга – деп,
Касиеттүү калк барбы,
Карып болгон эшекке
Кандай жүрсөм барк барбы,
Аралайын элин – деп,
Алардын көрүп бейлин – деп,
Табынат экен кандайга,
Мусулман уулу деген эл
Тарап жүрөт ар жайда,
Кетте-кичик байкабай
Кеңгиреп жүрүш не пайда.
Алла салып эсине,
Кең дүнүйө тар болуп
Көрүнбөдү көзүнө,
Бармак болду артынан
Көп аскердин өзүнө.
Карышкыр бар, бөрү бар,
Кайсынысы жейт ко – деп,
Панус кандын көөнү бар.
Келе жатыр Панус кан
Керстен коонун оозуна,
Келгенинде жакындап
Кенди-Бадам тоосуна
Ак амырын алыптыр,
Аты Кызыр байгамбар
Азыр болуп калыптыр,
Ала куржун сарт болуп
Айдап жолго салыптыр,
Ачып көздү жумганча
Талабы эрдин артылып,
Танабы жердин тартылып,
Аскерге келип калыптыр.
Араник журту мусулман,
Абайлап Панус караса
Бутканалар бузулган.
Аранikte арбын калмактыр,
Маңгул, калмак барчасы
Мусулман болбой калбаптыр,
Болгон экен мусулман,
Булардай мурун болбой – деп,
Панус кан көөнү бузулган.
Ала куржун сарт болуп
Алып келген Кызырды,
Кызыр менен кошулуп
Ар тарабын кыдырды.
Тил үйрөнүп, дин айтып
Кары-жашы калыптыр,
Байкамакка Панус кан
Баарына көзүн салыптыр.
Кызык болор кеп билсе,
Куржун салган бу сартты
Кызыр экен деп билсе.
Көрүнгөн соң көзүнө,
Жолуккан соң жолдогу
Жолдош Кызыр өзүнө
Акылын ойлоп бөлбөйбү,
Адам кылып койгун – деп,
Асылып жатып өлбөйбү.
Билбестиктен тим калды,
Адам кезде ынабай,
Эшек болуп кеңгиреп
Элким жүрүп динди алды.
Суң кытайдын тукуму,
Башында берип кудурет
Бадыша кылып өндүрдү,

Бар мээнетке көндүрдү,
Адам болуп жүргөндө
Аңдабаган каныңды
Эшек болуп жүргөндө
Ислам динге көндүрдү.
Өкүмү кыйын кудурет,
Кандай күнгө салышын
Өзүнөн бөлөк ким билет!
Ар кимди айтат калыс – деп,
Напсисине ким тартса
Аны биле бериңиз
Ак тааладан алыс – деп,
Кай бирөөнүн напси өлүктүр,
Ар канча жетсе жамандык
Ак тааладан көрүптүр,
Арам менен адалды
Ажыратып бөлүптүр.
Мусулманы, каапыры
Калыстыкка карышкан
Жамандык көрбөс акыры,
Эшек болуп арыз айтты
Панус кандай бакыры,
Куруп калган Панус кан
Эшек болуп алган соң
Энди кирди акылы,
Көңүлүнө көп түштү
Мурунку кылган капылы:
«Капилеттен калдым – деп,
Каталыкты канчалык
Кыйла кылып салдым – деп,
Өзүмө кылып кыянат
Өкүмүндөн чыга албай
Мээнет басып калдым – деп,
Калкым менен кар болдум,
Кайтып адам болууга
Какшап жүрүп зар болдум.
Өлөмүн – деп, шекиндим,
Өз жаныма бекиндим,’
Өлбөй калдым, өкүндүм,
Карлык тартып өлдүм – деп,
Кайта баштан өкүрдүм,
Башыма салган мүшкүл иш
Бар кудай сенин өкүмүң!»
Мунун айтып Панус зарланды,
Мусулмандын аскери
Табынары барбы – деп,
Дагы Панус карады.
Карап турса мусулман
Калың аскер канча жан
Колун суугa салышып,
Суудан даарат алышып,
Сакал-мурут тарашып,
Күн батышка карашып,
Бир талаага чогулду,
Башын ийип чокунду.
Табынары кайсы – деп,
Дагы Панус карады,
Намаз окуп баарысы
Мусулмандар тарады.
Башчы болгон Айкожо,
Кандайга сыйынды экен – деп,
Панус барып карады.
Бетине койгон белги жок,
Тетиги – деп, ойлонуп
Шек кылар жери деги жок.
Кашына койгон кара жок,
Маңдайга койгон паана жок,
Калкынын баары жыйылган,
Кайдан ага сыйынган.
Элинин баары жыйылган,
Эчтеме жок бетинде,
Эгесине сыйынган.
Мусулман дини аппак – деп,
Сүрөт коюп чокундук
Мурунтан болуп акмак – деп,
Ээн талаада чокунду,

Элинин баары чогулду,
Как талаада чокунду,
Калкынын баары чогулду,
Кандай сөз айтып окуду,
Катар-катар чөк түшүп
Канчалыкка олтурду,
Колун сыйпап бетине,
Намаздарын болтурду.
Мусулман дини дин экен,
Бу дүйнөдө калыс – деп,
Жаратнандын өзүнөн
Биз жүрүппүз алыс – деп,
Мекен кылып жүрүү жок,
Бу жерде менин жайым – деп,
Белги кылган үйү жок.
Асман, жердин баарысы
Күчү менен жаралган,
Жан-жаныбар баарысы
Кубатынан тараган,
Паана болуп баарына
Дүнүйө жүзүн караган
Жараткан өзү бөлөк ко,
Жан-жаныбар баарына
Жалгай турган жөлөк ко.
Мусулмандар жабылды,
Калыс куру талаада
Кай паанага табынды?
Көрүнбөс кудай кайып – деп,
Сүрөттөн кылып табындык,
Көп экен бизде айып – деп,
Кай абалда болду экен
Бизден мурун баргандар,
Эки жүз элүү жыл болуп
Өткөн экен байгамбар.
Калкка берген сыр экен,
Акыр заман Мукамбет
Ал байгамбар экени
Катасы жок чын экен.
Жерде-көктө жепжеке
Кудайыңын бардыгын,
Тараткан экен байгамбар
Ак тааланын жарлыгын.
Көз жетпеген чалкыган
Көлдө дагы мен бар – деп,
Куш учпас куру биябан
Чөлдө дагы мен бар – деп,
Көйкап кара капчыгай
Коодо дагы мен бар – деп,
Көз учкан мөңгү аска таш
Тоодо дагы мен бар – деп,
Туугандашып турушкан,
Душмандашып урушкан
Кармашкан каапыр, мусулман
Жоодо дагы мен бар – деп,
Алладан кабар алган го,
Ак байгамбар мустапа
Айылына кабар салган го,
Кайбана табынмак үчүн
Адат кылып алган го,
Абунасыр заманы
Аның үчүн көп жашап
Өлбөй келип калган го,
Кирген үчүн тилине
Түркстан журтун салган го
Ак исламдын динине,
Башта билбей тийипмин
Байгамбардын жинине.
Актан келген кабарчы,
Ким экенин билбеймин
Байгамбар менен кудайдын
Арасында чабарчы.
Жараткандын өкүмү
Жаштай алган энесин,
Эне сүтүн таттырбай,
Уктум эле бирөөдөн,
Нурдан салган денесин,

Ак байгамбар Мустапа
Саа сыйынбай бу чакка,
Көңүлгө алып жаттаган
Кудаанын сөзү куранды,
Куру жүргөн бендеге
Куп тараткан буларды,
Калганынын баарысы
Карып болуп буралды
Кадыр Алла өкүмү
Каапыр болуп канча жан,
Курайыштар куралды,
Кадыр Алла буйругу
Калкка чачты ураанды,
Ишенбеген куранга
Кадыр Алла өзүндөн
Капилет бойдон кур калды.
Ак байгамбар өзүңсүң,
Азирет уккун сөзүмдү,
Көлөкөң жерди көрбөгөн,
Аршы-күрсү кыдырып,
Тогуз кабат балекти
Кадам басып өрдөгөн
Байгамбарсың сен – деди,
Көңүлүндө муну айтып
Бакырып эшек ийгени.
Эшек болуп бакырып,
Нечен кайта акырып,
Баспады үнүн Панус кан,
Байкуш кандай эшек – деп,
Байкап турат канча жан.
Аңгырап туруп алды – деп,
Аңылдаган куу эшек
Кайдан келип калды – деп,
Адамдар айтып калыптыр,
Ат багуучу бир жигит
Алды союл колуна,
Акырып турган Панустун
Союл тийди жонуна,
Али арылбайт караңыз
Панус кандын шоруна,
Бакырган бойдон барыптыр
Айкожонун тобуна.
Абунасыр заманы
Баштан өткөн мээнетин
Баарын билет тамамы.
Абунасыр билиптир,
Ак тааланын буйругу
Абунасыр кошуна
Аты Кызыр кириптир.
Мурут сизге бул –деди,
Акка болду кул –деди,
Азыр чыгып ыйман айт,
Орунуңдан тур – деди,
Урку келип тышта тур
Байгамбар расул – деди.
Учуп туруп кожоңуз,
Көз көрбөгөн көп сөздү
Көңүл менен кошобуз,
Чыгып барды заманы,
Ак байгамбар баш болуп
Турган экен тамамы.
Абунасыр олуя
Аларга айтып саламды,
Кадамын өөп калганы.
Башка журт баары көрбөдү,
Жандыр – деп, апсун дубасын
Ак пайгамбар жөнөдү.
Эшектин келди кашына,
Абунасыр заманы
Ырайым кылып жашына,
Корктуң актан каным – деп,
Кол тийгизди башына.
Ыкластын дубасын
Үч кайтарып окуду,
Эстен танып Айкожо
Маңдайында олтурду.

Дуба окуду, дем салды,
Адамдар ага таң калды.
Атыла каапыр келсе – деп,
Абунасыр заманы
Ак таалага жалбарды.
Ачып көздү жумганча
Алиги турган көк эшек
Адам болуп калганы,
Айбан адам болгон соң
Адамдын баары таңданды.
Көзү көрдү көпчүлүк –
Казатта жүргөн көп түрүк
Айкожо дуба салыптыр,
Эшек болгон Панус кан
Адамдыкка жаныптыр,
Сүйлөөр тили байланып
Бул мүшкүлгө калыптыр.
Аярдын башы Атыла.
Келген экен ошондо
Араниктин калкына,
Чыгарабыз журтка айтып,
Адам көзү эч жетпейт
Чыны менен калпына.
Түлкү болуп Атыла
Чыгыптыр Чанач белине,
Дагы айтайын өнөрүн
Чанач деген жерине.
Мөңгүлүү кар бели бар,
Ашуусунан кар кетпес
Андай кыйын жери бар,
Ошо жерди жердеген
Түрлүү кыргыз эли бар.
Жердеген кыргыз журт болот,
Кары жатып белдеги
Камчы саптай курт болот.
Кар ашайды жабылып,
Кабыгы калат суу болуп,
Өзү туруп ошо курт
Өлүп калат жарылып.
Көрбөгөндү көп айттык
Жөңүл менен табылып,
Көп аскерге кире албай
Атыла жүрүп сабылып,
Белде жаткан карыны
Жылан кылып, курт кылып
Салдырсам – деп зарыны,
Жаадырып көктөн ийсем – деп,
Кыргыздын колун кырдырып,
Казактын шорун катырып,
Өнөрдү өкүм кылсам – деп,
Өчмөндүү журтту кырсам – деп,
Белге келип туруптур.
Беш ооз апсун уруптур,
Карга дуба салганда
Карды жылан кылууга,
Калың колду кырууга
Аракет кылып калыптыр.
Манаста сегиз аяр бар,
Аярлыкка жетишке
Баары кыйын адамдар.
Таскыл менен Чүкүрүк,
Аярлар келсе тутууга
Ар жолду тосуп жүгүрүп,
Ырдык менен Ардалык
Караганы көп калк.
Арсанкул менен Танабул
Танаптап жолун тоскон ул.
Бегүш, Көйүш аяры,
Бенде билбес аларды.
Кемпир катын Атыла
Келип дуба салганын,
Ашуунун кары буркурап
Асманга чыгып калганын
Ардалык, Таскыл көрүптүр,
Апсун окуп өңүптүр.
Учура албай карыны,

Жылан кылып ие албай
Белдеги кардын баарыны
Апсунума нетти? – деп,
Ташты эритип суу кылган
Күчү кайда кетти? – деп,
Сууну окусам таш кылган
Атыла мага нетти? – деп,
Чымырканып, чыңданып,
Атыла калмак тыңданып
Окуганы калыптыр.
Оң жагынан Ардалык,
Сол тараптан Таскылы
Белде олтурган катын – деп,
Карды көздөй дем салган
Кандай жансың каапыр? – деп,
Ардалык, Таскыл барганы.
Аярлыгын биле албай,
Айткан кепке тил албай,
Атыла анда кеп айтат,
Ачууланып бек айтат:
«Караламан адам – деп,
Карга демди салганды
Кантет элеңнаадан» – деп,
Катын сүйлөп калганы,
Байкап сүйлө, жеңе – деп,
Ардалык жакын барганы.
Аны да эшек кылууну
Атыла ойлоп алганы,
Апсун окуп Атыла,
Ардалыкка салганы.
Апсун окуп Ардалык,
Алтын каргы тагылган
Тазы боло калганы.
Аярлыгын билгени,
Апсун окуп, силкинип,
Түлкү болуп алганы,
Төмөн жагы калың чер,
Түмөндү көздөй салганы,
Тазы болгон Ардалык
Артынан кууп калганы.
Көргөн экен эр Таскыл
Түлкү жүрбөс түмөнгө
Атыла кирип бекинди.
Аяр экен, көрөт – деп,
Токойдун түбүн күрөктөп,
Издетип таштап кетсем – деп,
Ийиндүү жерге жетсем – деп,
Оюна шону алыптыр,
Орчун түмөн токойго
Атыла кирип калыптыр.
Аярлык сырын билүүчү
Аяр да сонун калыктыр.
Андан мурун осунуп,
Ак шумкар болуп созулуп
Таскыл буга жетиптир,
Шамал кылып, от жагып,
Жылчыксыз токой баарысы
Чатырлап күйүп кетиптир.
Таскылдын көрдү өнөрүн,
Жанган отко киргенде
Атыла билди өлөрүн.
Кырды көздөй салыптыр,
Тайган болгон Ардалык
Атыланын астынан
Чукул чыгып калыптыр.
Алдырбастын амалын
Атыла кыла салыптыр,
Кызыл моюн көк кептер
Көгүчкөн болуп алыптыр.
Көтөрүлүп учканда
Ак шумкар болгон Таскылың
Узатпай кууп жеткени,
Арып дуба апсундун
Өнөрү эмей неткени,
Жетип Таскыл илерде
Жар боорунда тешикке

Кире качып кеткени.
Ак шумкар Таскыл болгону,
Дагы чыкса алууга
Жар башынаконгону.
Жан жолдошу Ардалык
Олтурган жерде Таскылды
Оолактан көрө койгону,
Апсун окуп, дем салып
Ардалык адам болгону.
Атыла каапыр нетти – деп,
Кайда кирип кетти? – деп,
Ардалык келип сурады,
Тешик жерди көрсөтүп,
Ак шумкар болгон Таскылы
Жаңдап берип турады.
Куш болгон бойдон калба – деп,
Жарга камап салдым – деп,
Кубанып туруп алба – деп,
Жылан кылып иейин,
Сойлоп барып жалма – деп,
Апсун окуп Ардалык,
Миң жылдан мурун болуптур
Дубага кыйын аркалык,
Ардалык демди салганы,
Таза бою беш карыш
Жылан болуп алганы.
Кептер болгон Атыла
Үңкүрдүн түбүн таянып,
Олтурган экен жай алып,
Кутулдум – деп ойлогон,
Кутулдум – деп, олтурса
Куба чаар бир жылан
Үңкүргө кирди сойлогон.
Жылан болгон аяр – деп,
Атыла биле салганы,
Апсун окуп демденип,
Жалаң бою бир карыш
Жаачы боло калганы.
Жакын жетсе өзүнө,
Ок жиберип көзүнө
Эки көзүн алгандай,
Билди муну Таскыл да
Бир балаага салгандай.
Жылан болуп бата албай,
Атыла калды ата албай,
Ар бир акыл ойлоду,
Жылан болгон Таскылың
Ийинден кайра сойлоду.
Таскыл кайра чыкты эле,
Ардалык ашык мыкты эле.
Апсун окуп салганы,
Жылан болгон Таскылды
Адам кылып алганы,
Аргасын кандай кылсак? деп
Акылдаша калганы.
Жаачы болду каапыр – деп,
Жагалык отту акыр – деп,
Түтүндөн бөлөк даба жок,
Эми чыкса тешиктен
Атыла каапыр сага жок.
Аны айтып Ардалык,
Ал заманда өтүптүр
Албан түрлүү көп калык,
Ак тикенден алганы,
Жагып отту салганы.
Отко күйдү бүтүнү,
Ак тикендин түтүнү
Киргени жердин тешиги,
Жаачы болгон Атыла
Куурады эми кешиги.
Апсун окуп ириптир,
Жылан болуп Атыла
Жерди көздөй кириптир.
Атыла жылан болгонун
Ардалык аяр билиптир,
Апсун окуп ириптир,

Кирпи болуп Ардалык
Арт жагынан кириптир,
Жылан болуп Атыла
Жерге башын катыптыр,
Жарымы жерге батыптыр,
Аярлык кылып Атыла
Азаптын даамын татыптыр.
Татпаганда неткени,
Кирпи болуп Ардалык
Куйругуна жеткени.
Өнөрдү булар иштеди,
Кууп жетип Ардалык,
Куйругунан тиштеди.
Жылан болгон Атыла
Кутулбасын билгени,
Ардалыктын оозуна
Куйруктун көбү киргени.
Жылан болсом жутту – деп,
Кирпи болуп тутту – деп,
Атыла аны ойлоду,
Ийинден кайта сойлоду.
Башы чыгып тешиктен,
Мар болуп жүргөн Атыла,
Мишхор экен шондо да
Бир биринин атына,
Айланайын Таскыл – деп,
Көбүмдү жеп баратыр
Ардалыкты баскын – деп,
Жылан болгон Атыла
Амбар алып кармады,
Таскыл суурул алганы,
Куйругунан үч муунун
Ардалык акең жалмады.
Атыла дуба жандырды,
Ал экөөн айран калтырды,
Түтүн болуп созулду,
Алачык үйдөй ак булут
Абага чыгып кошулду,
Бул экөөнүн илеси
Буга жетпей тосулду.
Кендирдин жолун кармаган,
Кез келген аман калбаган,
Алардан түштүк бир бөтөн,
Алысты карап жол күткөн,
Алаш урук кол күткөн
Байгүш менен Чүкүрүк
Булут болуп кеткенин
Булар дагы билиптир,
Чүкүрүк аяр бир үйлөп
Кашындагы Байгүштү
Куюн кылып ириптир,
Куюн айдап куушуруп,
Шамал болуп учуруп,
Байгүш акең кириптир.
Шамал, куюн, жел болуп,
Чыкканы улуу бел болуп,
Обологон катынды
Ойду көздөй жапырды,
Эки күндүк Ташкенде
Эшек болгон Матуштук
Энекелеп бакырды.
Ар канча апсун окуса
Эшегинен жана албайт,
Адам уулу ким көрсүн
Атыладай каапырды.
Эшек бойдон бүгүлүп,
Энекемди жутар – деп,
Матуштук келет жүгүрүп.
Арага аяр алды – деп,
Азапка энем калды – деп,
Матуштук жолго салыптыр,
Кокондун жолун кармаган
Аяр Ырдык, Көйүштүн
Астынан чыгып калыптыр.
Үстүнө Байгүш чыгыптыр,
Дарыянын боюна

Туман болгон катынды
Айдап келип тыгыптыр.
Көйүш окуп апсунду,
Ырдык, Көйүш ал экөө
Көк жал бөрү болушуп,
Бакыртып келип баласын
Жол боюна жыгыптыр.
Чандырынан бири алып,
Алкымынан бири алып,
Жегени калды баласын,
Карап көргүн шондо да
Атыланын калбасын.
Баласын көрө салганы,
Көк тал союл колунда
Кара сакал, кер мурут,
Азамат боло калганы,
Айрымак үчүн баланы
Айкырып жетип барганы.
Аяр Таскыл, Ардалык
Аңдып барган артынан.
Бөрү болгон ал экөө
Эшектен чыга бергени,
Адам болуп Ардалык,
Таскыл экөө келгени.
Азамат болгон Атыла
Ардалык келди кашына,
Дубадан болгон таякты
Ардалык келип салганы
Атыланын башына.
Жарадар болуп, жайы жок,
Өөдө болор шайы жок
Матуштук жатып калганы.
Баласынан кече албай,
Башка жакка кете албай,
Так үшкүрдү Атыла
Талабына жете албай.
Эми жанды дубасы,
Баласынын дартынан
Не көрбөдү бу башы,
Бетин жууду көз жашы.
«Арманда өттүм ааламдан,
Айрыла албай баламдан,
Келип түштүм колуңа,
Кебимин кара соңуна,
Мага уруксат берсеңер
Жоголоюн бу жерден
Кешмирдин кирип жолуна,
Арнап алган байым жок,
Азыр турар жайым жок».
Ал сөздү айтып Атыла,
Ардалык, Таскыл, Чүкүрүк,
Байгүш, Көйүш, Ырдыкка
Азыр турду асыла.
Атыла аяр катындыр,
Апсуну кыйын каапырдыр.
Алты аяр тутту камалап,
Атыла көрдү чамалап.
Биринин билген өнөрү,
Экөө, бирөө ал болсо
Белгилүү турат караса
Атыла кетип жөнөөрү,
Биринин билбегенини
Бири билип алгындай,
Карап турса куткарбай
Бир балаага салгындай.
Аярдан алтоо камалап,
Атыла турду чамалап.
Апсунда дүйнө тетиги,
Алтоолоп жүрүп тутуптур
Аярлардын жетигин.
Кете албады кутулуп,
Арман кылып олтурду
Аярларга тутулуп.
Аярлар түпкө жеткени,
Алиги көргөн Атылаң
Кыйындык эмей неткени,

Камалап алтоо калыптыр,
Ошондо да Атыла
Кара сакал, кыр мурут
Жигит болуп алыптыр,
Келген жерде Ардалык
Апсундан союл салыптыр.
Апсун тийип башына,
Ар айладан токтолуп,
Атыла турду кашына.
«Байбиче азыр кой – деди,
Эрегишсең биздерге
Калкыңдын баары карайлап,
Мусулман кылар той – деди,
Панус экен каныңыз,
Баары болду мусулман
Байкап көрүп алыңыз,
Эшек болуп сени издеп,
Жарадар болду балаңыз,
Жайы-көйүн караңыз,
Жандырбасаң дубасын
Жалгызын тирүү койбоспуз,
Айбан болгон боюнча
Айдап кырып салабыз.
Биле албайбыз Атыла
Биз да сенин айлаңды,
Колго түшүп каныңыз,
Балаң экөө байланды.
Кутулуп кетер зилиң жок,
Каның колдун ичинде,
Адам болду тили жок.
Эшек кылган балаңды
Көзүң көрүп олтурсуң
Эки бөрү алганды,
Апсунуң менен айлантып
Жиберүүчү кейпиң бар
Бу дүнүйө жалганды.
Аярлык өнөр сизде бар,
Алтоо турбуз бу жерде,
Алтоо тоскон ар жолду,
Он эки аяр бизде бар,
Ойлоп өзүң билип ал.
Сый тондон сылап кийиңиз,
Ал он эки аярдын
Сынап туруп кай бирөөн,
Сүйгөнүңө тийиңиз.
Душмандык кылсаң бекерсиң,
Тута албайбыз илеңден,
Кутуларсың, кетерсиң,
Өз балаңдын түбүнө
Өзүң бекер жетерсиң.
Жаралуу жатыр балаңыз.
Жайын өзүң караңыз,
Байлабадык тилиңди,
Не болсо өзүң каалаңыз,
Өзүң кылып өзүңө
Өкүнүчтө болуп калбаңыз.
Эшек кылдың каныңды,
Эсер кылдың баарыңды,
Эми апсунду жандырып,
Адам кылгын аныңды».
Анда Атыла кеп айтат:
«Азаматтар – деп, айтат,
Кара жандын айынан
Канча сүрөт бузулган.
Өлтүрөт – деп, коркушуп
Өрттөй күйгөн сиздерден,
Өлбөй тирүү калууга
Өтүнүп тилеп биздерден,
Казак, кыргыз алаштан,
Каары катуу Манастан
Камалышып коркушуп,
Кара жандан чочушуп,
Кан сарайга тыгылды,
Кара жан тирүү калса – деп,
Каны баштап чуулашып,
Аягыма жыгылды.

Жыйырма эки миң жан экен,
Башчысы Панус кан экен,
Канчасы катын-бала экен,
Көзгө толук чоңдору
Он беш миңче бар экен.
Кан өлтүрттү калганын,
Кемпир менен чалдарын,
Жаштын жанын кыйба – деп,
Айбан кыл – деди, калганын.
Өгүз, төө кылбадым,
Мал – деп, байлап алар – деп,
Балакетке калар – деп,
Жылкы кылсам нетер – деп,
Минип түпкө жетер – деп,
Эшек кылсам эндээлеп
Бет-бетинен кетер – деп,
Нечен түрдүү иш кылдым,
Эшек кылдым, ит кылдым.
Доңуз кылсам соёр – деп
Кырып-жоюп доңузду
Кызыгып жеп коёр – деп,
Ушу менин арманым,
Доңуз кылбай калганым.
Арамдан жаман арам – деп,
Жебейт экен мусулман,
Жер дүйнөнү курутуп
Бейкабар калган экемин
Бекер билбей ушундан.
Ит кылдым, эшек, кой кылдым,
Куткарам – деп, ой кылдым,
Кой болгондун баарысын
Кыяматка жеткенче
Бөрүлөргө той кылдын.
Жети айлык эле токтому,
Сексен күнгө жеткенче
Айбан бойдон токтоду.
Ал жети айга жеткенче
Кылайып бири калбастан
Кырыла турган окшоду.
Карабас элем каныңа,
Кайгырбас элем аныңа,
Баламды бөрү баскан соң
Жаман тийди жаныма.
Көйүш, Ырдык эки аяр
Жолун тосуп дапдаяр,
Бөрү болуп чыктыңар,
Эшек болгон баламды
Жолго басып жыктыңар.
Энекем – деп, акырып,
Басылбайт ыйлап бакырып,
Мага келип калганы,
Байкасам дүйнө жалганы.
Алтымыш аяр келсең да
Уштатпайт элем сизге – деп,
Ушу бала шумурай
Кылып салды бизге – деп,
Аярлыкка калганда
Мага жок эле даба – деп,
Алтымыш аяр бир келсең
Алдырбайт элем сага – деп,
Акыры бала шумурай
Азыр кылды мага» – деп,
Агып жашы суу болду,
Апсун окуп Атыла
Кара туман буу болду,
Атыла учту көк жакка,
Аярлар күттү көп чакка.
Асмандан кетип жок болду,
Аш кайнамдай токтолду.
Оромол салып башына,
Келиптир кырк төрт жашына,
Оолжуган бир катын
Азыр келип олтурду
Алты аярдын кашына.
Аярлар көзүн салыптыр,
Адам сөгөр неме эмес,

Ар боруму дагы да
Бир катындан кем эмес.
Айран азыр калыптыр,
Чылк жибекке чырмалган,
Жыгылчуудай ыргалган,
Өңдүү, сулуу киши экен,
Кемпир болгон ар жерде
Өнөр апсун иши экен.
Кара бойдон мууну жок,
Кандар алган айымдай,
Ургаачыдан боруму,
Үстүндөгү кийгени
Ындыстандын байындай,
Ыңгыранат Атыла
Бадышанан зайыбындай.
Аны көрүп алты аяр
Айран-азыр калганы,
Апсун окуп, дем салып,
Эшек болгон баласын
Адам кылып алганы.
Беш миң экен эшеги,
Эки жүз он төрт өлүптүр,
Адам болду эсени,
Төрт миң жети жүз сексен
алты экен
Калганынын эсеби.
Беш миң экен ит болгон,
Үч жүз отуз өлүптүр,
Төрт миң алты жүз жетимиш
Адамдыкка көнүптүр.
Канчасы качыр болуптур
Кайта баштан жандырып
Адам кылып коюптур.
Атыла катын апсуну,
Акыр заман адамы
Аңдап көргүн сен муну,
Акылынын жетиги,
Алты жарым сөз экен
Айбан кылган тетиги.
Ойдо да бар, тоодо бар,
Чукур терең коодо бар,
Талаада бар, тамда бар,
Тарап кеткен көп жандар,
Аманат жандын айынан
Айбан болгон адамдар,
Абалкы өткөн бабаңар
Аңгемесин караңар,
Жанып адам болуптур,
Жаркырап көөнү толуптур.
Апсундан кыйын иш болгон,
Адамдар кыйла ит болгон,
Адам болду аманы,
Айбандардын баарынын
Ит болгон экен жаманы.
Ит бейлинде жүрүптүр,
Иттер үрсө абалап
Алар да кошо үрүптүр,
Алдуулары талашып
Алсыздарын сүрүптүр,
Арбыны өлүп аны үчүн
Ит болгондор бүлүптүр.
Эшек болгон адамды,
Атыланын апсуну
Алдыраткан көп жанды,
Кыянатчы адамдар
Кайдан келген эшек – деп,
Кандай ээси жоктобойт
Эмдигиче эсептеп,
Ээси көрсө алар – деп,
Эгер ээси көрбөсө
Эшек болуп калар – деп,
Кызматына салыптыр,
Кыржыңдап жүрүп арыктап
Кыш келгенде жакындап
Кыйласы өлүп калыптыр.
Ташкен шаар бүпбүтүн

Кыргыз, казак калыктыр,
Алаштан бөлөк уругун
Азапка далай салыптыр,
Аңдап көрсөң артына
Кыянатчы калыктыр,
Тарыгы жоктон сарт болуп
Далайлары калыптыр.
Бөлөк эмес алаштан,
Далай алаш сарт болуп
Жураатынан адашкан,
Казак-кыргыз урушса
Задисин билбей сарт болуп
Сарт намысын талашкан,
Сабын карап олтурсаң
Ташкендин көбү алаштан.
Кызылбаш бар, тарса бар,
Жүүт, ынды канча бар,
Сарт болгон казак, кыргыздан,
Аталары башында
Шаар кылып тургузган
Өзүбек – деп, атанган,
Өз уругун биле албай
Сарт атанып жадаткан,
Башка журттан катышып
Бузулган мурунку адаттан,
Маңгул менен калмагы
Манжурия тыргооттон
Бабалары барганы,
Панус кандын тушунда
Кытайлардан калганы,
Эшек болгон, ит болгон
Өлбөй тирүү барганы,
Мусулман болуп булар да
Сартпыз дешип калганы,
Аңдап көрсө бу сөздү
Алаштардын зардалы.
Алыңар сөздүн эсебин,
Келген жерде айталык
Келдербектин кезегин.
Жунгарлык Келдербек экен,
Жураты кыргыз эл экен.
Балалуу качыр багыптыр,
Бар жоругу качырдын,
Баскан-турган мүнөзү
Келдербекке жагыптыр,
Арпа-буудай жем берип
Ал качырды багыптыр.
Акырга жемин салыптыр,
Бармак үчүн базарга
Колуна ээр алыптыр.
Эртеси жок, кеч экен,
Кечки бешим кези экен.
Энди базар барам – деп,
Али түндүк тамагын
Базардан камдап алам – деп,
Ээр алып Келдербек
Эшикке чыгып калыптыр.
Дарбаза салып бетини,
Акырынын кырына
Коюп алып көтүнү,
Качырынын орунун
Кара көз катын алыптыр.
Жаш баласы жанында,
Адамдын көзү уялат
Ал катындын шаңына.
Аркардай көзү коюлган,
Ак тасмадай чоюлган,
Ар сыпатын караган
Адамдын көөнү тоюнган,
Жазык маңдай, калем каш,
Короз моюн, түймө баш,
Мисте мурун, колоң чач,
Олтурган катын шаңкайып,
Качырым кайда кетти? – деп,
Бу катын кайдан жетти? – деп,
Келдербек калды аңкайып.

Келдербек карап турады,
Качырым кайда кетти? – деп,
Келдербек кебин сурады.
Сулуусунган сен катын
Сурабай качыр мингизип,
Журт бүлүнүп жатканда
Шумдугуңду билгизип,
Катынысың кимдин? – деп,
Кас өзүңсүң билдим – деп,
Каргашалуу каапырсың
Кайсы жакка жибердиң
Качырымды мингизип,
Катын да болсоң уурусуң,
Кайдан келип турусуң?
Катын менен кагышып,
Качырын көрүп катындан
Калды Келдер жабышып.
Катын тилин билбеди,
Чаңыр-маңыр кааны – деп,
Кытайынча тилдеди.
Тил билүүчү дуңчуну
Алып келди ушуну.
Келдербек келип турады,
Катындын кебин сурады.
Не болгонсуң сен деди?
«Эшек болгон мен –деди,
Кармап минген сен –деди,
Кара жандын зарпынан
Качыр болгон мен –деди.
Панус кандын катыны
Кайынсуу дээр атымды.
Каптап келди көп алаш,
Кыргыздан кыраан эр Манас.
Каныбыз баштап камалып,
Өлдүк ко деп чамалап,
Дубалдын сырткы жагынан
Өтүп турду кыргыздар
Ар көчөгө сабаалап.
Өлөбүз – деп, шекиндик,
Кан ордосу капкага
Баары мажус бекиндик.
Замбирек атса бузгусуз
Дарбазаны бек кылып,
Бузабы – деп ойлодук
Мусулмандан шек кылып.
Маңгул, кытай, калмагы
Мусулмандын колуна
Мурун тийбей калганы
Капкасына Панустун
Камалышып барганы.
Жаның менен куру – деп,
Жайла, өлтүр муну – деп,
Абышка менен кемпирди,
Төрт жүзгө толду санаты,
Ишин оңдоп келтирди –
Меңкээриген карынын
Беш жүзчөсүн өлтүрдү.
Өрүшү жайык, кең этек
Өлчөөсү жакшы эл экен,
Өткүр баары эр экен,
Кан кайда? – деп, карабай,
Кас душман – деп, санабай,
Узундан найза миздебей,
Улугу кайда элдин – деп,
Убара кылып издебей
Эки күнү, эки түн
Эсеби өттү бүпбүтүн.
Кутулар бизде айла жок,
Айланып алаш курчады,
Калктан болор пайда жок,
Баатыр менен балбаны
Башта кетип жоголуп,
Пайда көрбөй калганы.
Мусулман издеп алар – деп,
Бузуп гүлбак сепилди
Бизге келип калар – деп,

Миздеп кылыч курчутуп
Бир-бирден чаап салар – деп,
Мүсүрөт кетип канымдан,
Капкадагы баарысы
Үмүтүн үзүп жанынан,
Панус кан бааша кан эле,
Ишке жараар кишиси
Он беш миңче бар эле,
Катын-кызы калганы,
Мусулман колу келгенде
Кырк миң эле барганы,
Самарканга бел байлап,
Аскер арбын келер – деп,
Санаа санап, дем байлап
Беш-алты кайра чакырып,
Сүлөтү деген аярды
Жиберген экен чаптырып.
Сүлөтү келди кечинде,
Мажусу диндин баарысы
Жүдөп турган кезинде
Аяк-башын Ташкендин
Аскер басып кетиптир,
Аярлык менен Сүлөтү
Өлдүм-талдым дегенде
Өзүбүзгө жетиптир.
Сүлөтү келип сүйлөдү,
Коркконунан Панус кан
Козголо албай сүйрөлдү.
Самарканды сап кылып
Дагы кыргыз алды – деп,
Кабылыстан, Банжыдан
Келип аскер калды – деп,
Кундуз, Талкан жайлаган,
Кундуздай кара ат байлаган,
Ар жагында Ындыстан,
Бул дүйнөнүн жүзүнөн
Кутулбадык кыргыздан,
Катаган, тейит калк экен,
Каарман Кошой алп экен,
Сап болуп эли калды – деп,
Каны качып жогорку
Алоокеге барды – деп,
Арбын экен аяры,
Кыйын экен кыяры,
Уштап алды өзүмдү,
Ук – деп, каным сөзүмдү,
Аярына тутулуп,
Алыстан келген жолоочу,
Жолоочумун-дёп, жүрүп,
Араң чыктым кутулуп.
Сүлөтүдөн кеп келди,
Сүйөнөрүң Күңкөшпү,
Сүрдү айдап – деп, келди.
Сүйлөөдөн калды каныбыз,
Таң ата келип талкалайт,
Кутулбайт – деп, жаныбыз,
Сабыркады көпчүлүк,
Санаага түштү көп түлүк.
Алдырап турган ал чакта
Абыдан калып азапка
Матуштук аяр бала экен,
Матуштуктун энеси
Атыла деген бар экен,
Кайгырбаңыз каным – деп,
Калар аман жаның – деп,
Катын-бала, кыз-кыркын
Айдап чыгар баарын – деп,
Мусулман кырып не кылсын
Буралган келин, жаш кызын,
Алса алар алаштар
Ташкениңин калаасын,
Кытай да болсо кыргыздар
Кырып ийбес өлтүрүп
Он беш жаш, он жаш баласын.
Чыгарып ийип капкадан,
Кан кашында биз калдык

Он беш миңден артык жан,
Өлгөнчө айбан болсок – деп,
Кыйбай жанды койсок – деп,
Кыргыз менен казакка
Кызматкери болсок – деп,
Боздоп ыйлап калганбыз,
Ар түрлүү айбан болмокту
Мойнубузга алганбыз.
Канымдан кийин калбадым,
Качырлыкты кааладым.
Аярлык менен Атыла
Албан түрлүү иш кылды,
Эшек кылды, ит кылды,
Эсептен чыккан иш кылды.
Кай бирөөнү кой кылды.
Капкадан айдап түн бою,
Куткарууга ой кылды.
Качыр болуп өз башым,
Катарлап агып көз жашым,
Балам да качыр болгону,
Тогуздагы баламды,
Апсун менен Атыла
Тоздурду минтип ааламды,
Топоңдотуп ээрчитип,
Өлүмдөн тирүү калдым – деп,
Өз жанымдын камын жеп,
Эшек болгон эримди,
Араладым Ташкенди,
Үйдөн чыгып көрбөгөн
Көрдүм кыйла жеримди.
Аягын ара чөл көрдүм,
Күн батышка бет алып
Аккан дайра көл көрдүм.
Күн чыгышка бет алып
Адыр-адыр бел көрдүм,
Алаш уул эл көрдүм.
Жетигенге бет алып
Желип-жортуп барганым,
Казы курт – деп, дөбөнү
Карып башым көргөнү, Көбүңө
айтам сөзүмдү,
Көрө салып өзүмдү
Бир карышкыр жөнөдү.
Баламды жээдө сыягы,
Бадиректи байкасам
Тикирейип кулагы.
Баламды жетип чыңыртып,
Такымынан тиштеди,
Артымды салып бир тептим,
Тийген экен тумшукка
Мен бакырдын туягы,
Эсинен бөрү танганы,
Балам бошоп калганы.
Ээрчитип алып баламды
Аягында аксага,
Эгин эккен бакчага
Адам жакка бой урдум,
Коон, дарбыз калганын
Жеп курсагым тоюндум.
Не үчүн чыктым калаамдан,
Ээн жерге барам – деп,
Айрыла жаздым баламдан,
Миң шүгүрлүк бир кылдым
Балам эсен калгандан.
Артымдан алдым баламды,
Аралап жүрдүм кең Ташкен
Азим шаар калаамды,
Карып болгон качыр – деп,
Кайыр кылып чөп салган
Көрбөдүм жалгыз адамды,
Кашымда жалгыз балам бар
Өзүмө болгон каралды,
Базардагы жалдаптан
Башкача көрдүм залалды.
Уруп-сүрүп кубалайт,
Ушунда да мен бакыр

Тамак артар бекен – деп,
Ашпоздорду кыбалайт.
Көчөдө тентип көп жүрдүм,
Бу көрөкчө эрте өлүп,
Көмүлсөмбү – деп, жүрдүм,
Коондордун бочогун,
Анделек, дарбыз кабыгын
Көрүнгөнүн жеп жүрдүм.
Атыла башта кеп айткан,
Анык жети ай болгончо
Айныбайсың – деп, айткан.
Айтканы качан толот – деп,
Жети айы качан болот – деп,
Качыр болуп өз башым.
Катарлап агып көз жашым,
Тамагымдан чөп өтпөйт,
Чөп өтсө да көп өтпөйт,
Алма, айба, алмурут,
Арбыды эшек, качыр – деп,
Аңдабады бу журут,
Казан болгон жемиши,
Кагып-күбүп эл алды
Телегейи тегизи,
Бир нечече күн болду
Күндүзгү күнүм түн болду,
Мөмө-чөмө тозулуп,
Кайынсуу аты ким болду?!
Көчөмө-көчө сыдырып,
Короодон короо кыдырып,
Акырында бир күнү,
Ачка болуп бу түнү,
Эки күнү, эки түн
Ачка болуп бүтүнү
Ачылуу экен эшиги,
Аңырайган тешиги,
Эл жатар маал болду эле,
Коргонго кирип калганым,
Аткана жагына
Аяндап басып барганым,
Бар бекен – деп, дан-дуну
Акырына карадым.
Арпа-буудай аралаш
Үч чексе жем салыптыр,
Акырга коюп ал жемин,
Атын минип Келдербек
Айылга кетип калыптыр,
Чакырган бирөө конокко,
Кайтып келип атыны
Акырда жемге коймокко.
Акырдан жемин ашадым,
Акыл ойлоп шашпадым,
Ошо жеми болбосо
Окус боло жаздадым.
Балам жеди, мен жедим,
Балкып боюм тердедим.
Жеп алып чыктым тыш жакка,
Басып барып мен жаттым
Чар базардын кыштакка.
Жер-жемиши тосулуп,
Арыктадым абыдан
Ак куудай мойнум созулуп,
Аркамда балам да жүрөт
Өзүм менен кошулуп.
Ачка өлөрдө бир кезде
Албадым беле тоюнуп,
Келдербектин үйүнө
Келдим басып чоюлуп.
Атына жем салар – деп,
Артканы болсо мен бакыр
Анча-мынча калар – деп,
Жалмасам жаным тынар – деп,
Ыраак кетпей талаалап,
Эртели-кечти кетпедим
Эшигинен пааналап.
Калган экен аты жок
Келдербегим жөө болуп,

Келип турдум капкага
Ачкалыктан толгонуп,
Минген экен Келдербек
Базарга барып келүүгө
Турган экен ойлонуп.
Астына бир кап салганы,
Минип алып өзүмдү
Базарга жөнөп калганы.
Башка келсе Кайынсуу,
Бакырдын иши мына бу,
Жорголоп жолго салгамын,
Жактырса тамак берер – деп,
Жагынып жаным калбадым,
Байкабадым, билбедим
Базардан нени алганын.
Карыпчылык, ачкалык,
Канча тарттым ааламды,
Ошондо да таштабай
Ары-бери ээрчитип,
Ала жүрдүм баламды.
Жем салыптыр атына,
Атын минип кеткен соң
Азыраак экен калганы,
Ачка жүргөн мен бакыр
Анын баарын жалмады.
Агытып ийип, айдады,
Ачкадан эми өлдүм – деп,
Абыдан шорум кайнады.
Кайнабаса неткеним,
Келдербектен корккондон
Алыс жакка кетпедим,
Атына салган жеминен
Антип-минтип эптедим,
Аттын көрдүм баламды
Акырекке тепкенин,
Балам кулап кеткен соң
Акылым баштан кеткеним.
Балам үчүн зарландым,
Муну көрбөй өлбөй – деп,
Акырып ыйлап ардандым.
Акырган үнүм укканы,
Келдербек үйдөн чыкканы.
Ачка калган белем – деп,
Ары-бери элеңдеп,
Ак жүгөрү алганы,
Акырыма салганы,
Баласы менен Кайынсуу
Бакырың тоюп алганы.
Базарга минип ал күнү
Мен кургурду барганы,
Көчөдө турган көп киши
Жорго качыр экен – деп,
Көзүн мага салганы.
Ак сакалдуу бир адам
Башка мээнет толбойбу,
Башына келсе акыры
Байтал жорго болбойбу,
Бу сөздү айтып салганы,
Кулагым кебин чалганы.
Адамдыгым билген бу
Алла кандай адам – деп,
Кулагым уккан бу сөзү
Курсагыма барганы.
Аярданбы ушу – деп,
Алла кандай киши – деп,
Кыярданбы ушу – деп,
Кыйын кандай киши – деп,
Лайламага жетишкен
Ырас жакшы адамбы,
Көк теңирге жетишкен
Көзү ачылган адамбы?!
Катындан качыр болгонум
Көрүп мени калганы,
Короосуна Келдербек
Коюп мени салганы.
Эки-үч чексе жем алып,

Турганымда дем алып,
Акырыма салганы,
Анча-мынча жегенде
Арт жагымдан алдырап,
Ачкалыктан жалдырап
Эрим келип калганы.
Балам таанып бакырып,
Атакелеп акырып,
Акырдагы жемимден
Анча-мынча жалмады,
Азыраагы калганы,
Акырган бала үнүнөн
Келдербек чыга салганы.
Эрим жемге тоюнду,
Тоюнганы курусун,
Келдерден жеди союлду.
Эрим Панус кан эле,
Эшикке чыкпас жан эле,
Маа каралап үч келди,
Келдербек урду таякты,
Кара жанга күч келди.
Эшигинде бакырып,
Кайынсуу бери келгин – деп,
Кайта-кайта чакырып.
Келдербек шондо кеп айтты,
Келсе өлтүрөм – деп, айтты.
Кулагы кебин укканы,
Кууган бойдон чыкканы,
Үчүнчү күндө жоголду,
Панус байкуш не болду?
Акылын нече бөлгөндүр,
Аңдап турсам Панус кан
Ардангандан өлгөндүр.
Дарыя барбы, суу барбы,
Дабаан барбы, тоо барбы,
Бадыша Панус соо барбы,
Жуумп эки көзүнү,
Кулатып таштан өзүнү,
Таш нечеге бөлгөндүр,
Байкуш болуп бадыша,
Ардыгынан өлгөндүр,
Талкаланып калгандыр,
Же болбосо Панус кан
Дайрага өзүн салгандыр,
Суудан өлүп калгандыр,
Барса өлүп денесин
Балык жутуп алгандыр,
Баянсыз дүйнө жалгандыр».
Кайынсуу катын ыйлады,
Баласы жашын тыйбады.
Аярдын кыйын иши – деп,
Алла кандай киши – деп,
Аңырайып ал жерде
Айран болду Келдербек.
Арманда өлдүң каным – деп,
Аман калбай жаның – деп,
Кандайлыктан бу күндө
Кайтып жанып калдым – деп,
Кайынсуу салды айгайды,
Калтырды таңга далайды,
Кашында туруп Келдербек
Не дээрин билбей шалдайды.
Качыры катын болуптур,
Кайгыга Келдер толуптур.
Кандай күнгө калдым – деп,
Калабалуу качырды
Кайдан күтүп алдым – деп,
Баланын аты Тотубек,
Тогуздагы жашы экен,
Топчудай кара башы экен,
Толгон айдай жүзү бар,
Качыр болуп көп жүрүп
Тотугуп калган түзү бар,
Бал шекердей сөзү бар,
Бадышанын сыпаты,
Канга ылайык өзү бар.

Карагандар таң калар,
Кандай иш кылар экенин
Келдербек билбей сандалар.
Кайынсуу жашын тыйбады,
Келдербек кейип ыйлады.
Ыйы-чыйы көп болду,
Келдерге кыйын кеп болду.
Катынды үйгө баштады,
Ар жемиштен аралаш
Дасторконго таштады.
Аш бышырып, чай сунуп,
Антип Келдер сыйлады,
Эрин эстеп Кайынсуу
Эгер жашын тыйбады.
Эртең эле, кеч болду,
Бешим окуур кез болду.
Келдербек намаз окуду,
Кейиште катын олтурду.
«Бет алдыңдан жыгылып
Бетиңди жерге бурдуң – деп,
Коюп-коюп башыңды,
Кайтып өөдө турдуң, – деп,
Кашыңа койгон сүрөт жок,
Кандай жумуш мунуң?» – деп,
Кайынсуу кебин сурады,
Келдербек сөзүн улады,
Үшкүргөндө катындын
Оозунан түтүн бурады.
Куп сүйлөдү Келдербек
Кудайга даат кылдым – деп,
Диндеш элек сиздерге,
Эми бизге бек жаман
Буркандан жардам издээрге,
Алтайдан келген туугандар
Дин үйрөттү биздерге.
Бурканыңыз бут – деди,
Кимде ким бутка табынса
Мунун башын жут – деди.
Калмактарда бар эле
Куюп алган кут – деди,
Кутка көңүл ким берсе
Куп ошону жут – деди.
Асман-жердин ээсин
Азыр билдик жаңыдан,
Арам экен бут кылып,
Ага барып табынган.
Кудай деген бар экен,
Көрүүгө адам зар экен.
Көрүнбөйт экен көзгө – деп,
Күчү жетип көк-жерди
Жарата албайт өзгө – деп,
Таамай сексен күн болду
Жаңыдан болду ушу кеп.
Көктүн-жердин баарында
Көрүп турат кудай – деп,
Жаңыдан келген туугандар
Жайын айтты мындай – деп.
Адамга айтты көп макал
Төрт жүз нече жашаган
Абунасыр аксакал.
Баарыга айтты сөзүнү,
Кызмат кылып башынан
Көргөн экен жашында
Байгамбардын өзүнү.
Азыр көрүп турабыз
Азиреттин куйругун,
Алып мында жеткирген
Ак тааланын буйругун.
Байгамбарга келиптир,
Жебирейил дегени
Аят кылып бериптир.
Эки жүз нече жылында,
Түркстандын кырында
Башайым султан коёт – деп,
Манас деген болот – деп,
Аманатын бергин – деп,

Мылтык, кылыч бериптир,
Төрт жүз нече жаш жашап
Мында бу киши келиптир.
Алтайда жаткан кыргызды,
Ашып өтүп Жылдызды,
Аралап жүрүп алашты,
Алтайдан таап Манасты
Бар-Көлдүн бери четинен,
Айырма талаа бетинен
Манасты андан көрүптүр,
Аманат кылыч, мылтыгын
Алып барып бериптир,
Анын үчүн бу Манас
Айдап алып алашын
Түркстанга келиптир.
Ташкенге салды бүлүктү,
Жалаң эле бул эмес
Далайга салды түлүктү.
Алты-Шаар жеринен
Албаганы калбады,
Уйгурдун журтун ушалап,
Убарага салганы.
Уйгур түгүл ар жактан
Басып алды маңгытты,
Басташкандын баарысын
Мал-башынан каңгытты,
Алар түгүл ар жактан
Талкалады даңгытты.
Даңгыттын каны Дүбүрө,
Даңгу кытай журтунан
Калбаптыр аман эч бирөө.
Даңгыттан ары Ымалай
Ыксыз калмак бир далай.
Ындыстандын үстүнөн
Ымалайдын жүзүнөн
Тоо Ымалай жердеген,
Тобунан намыз бербеген
Кубандар калмак эл деген,
Аты Кайып эр деген,
Кызын Манас алыптыр,
Кызматкер болуп Кайып кан
Аскерге келип калыптыр,
Коңшу болуп алашка
Кошо жүрөт Манаска.
Дагалакта Мунарды
Таамайлап көрдүк буларды.
Жаркенттиктен Агыдай,
Жетик аяр жан экен,
Кара-Курдун каны экен
Көйүш аттуу жан экен,
Көз көргөндөн өнөрү
Аярлыгы бар экен.
Күчөң шаар Төлөгү,
Толуп жатыр андан да
Өнөр билген бөлөгү.
Кайрып алып Кашкарды,
Котон, Жаркен журтуну
Койдой айдап башкарды.
Түркстан журтун түзөтүп,
Алууга турат азыр да
Анжиян журтун күзөтүп.
Алып өттү Ташкенди,
Ар канча кыйын болсо да
Адам дебейт башка элди».
Келдербек айтып билдирди.
Кейиштеги катынды
Кеби менен күлдүрдү
Кайынсуу катын кеп айтат:
«Келдербек бай – деп, айтат.
Куп сүйлөдүң өзүңүз,
Кулакка түштү сөзүңүз.
Манасың башка кан экен,
Байкап турсам сөзүңдөн
Бышараттуу жан экен,
Байгамбарың жар экен,
Карап турсам сөзүңдү

Касиети бар экен,
Абунасыр дегениң
Акыр болду-болбоду
Байтал жорго болот – деп,
Маа сүйлөгөн жан экен,
Олуянын өзү экен,
Адамдыгым билген соң
Аны үчүн айткан сөзү экен.
Кыдырып көрдүм талааны,
Кыйладан бери аралап
Абыдан көрдүм калааны,
Дүнүйөнүн баарысын
Түгөтүп кыргыз алыптыр.
Биз сыйынган кудай – деп,
Сүрөттөн бири калбаптыр,
Сүйрөгөн экен талкалап,
Бирин уруп салбаптыр.
Кудай эмес турбайбы,
Кудай болсо кыргыздын
Бирин да койбой урбайбы?!
Алашка азап салбайбы,
Жамандык кылган алаштан
Жалгызы калбай калбайбы.
Аскерге келген мусулман
Аттанган экен ушундан.
Караткан экен калааны,
Калаа түгүл алыптыр
Калдайган канча талааны.
Калгандарды кыйратып
Көп кылбаптыр залалды,
Келдербек сага эп болсо
Абунасыр кожонун
Арт жагынан баралы.
Аманын сурайм жаныңдын,
Айымы элем каныңдын,
Абунасыр кожого,
Алып барып ошого
Айттырып угуп жөнүмдү,
Алсаң деймин сообумду,
Араникке кетиптир,
Алыспы, билбейм жолуну.
Панус кан бааша кан экен,
Баштатадан кытайдын
Кызынын бутун ширилеп
Тейтей кылган заңы экен,
Аман болсо аягым,
Алып колго таягым,
Жетелеп алып баламды,
Жерге салып кадамды
Абунасыр кожого,
Арзымды айтып ошого,
Канымдын өлүү-тирүүсүн
Карайладым биле албай,
Кабар сурап бирөөдөн
Канык угуп тил албай,
Мен үчүн мээнет тартты – деп,
Карап турам карайлап
Казбай көргө кире албай».
Кайынсууң кеп айтып,
Канды карып кылбасын
Дүнүйөдө – деп, айтып,
Бурчактап жашы төгүлдү,
Карап туруп Келдербек
Кабыргасы сөгүлдү.
Араникке бармакка,
Абунасыр кашына
Жеткизип муну салмакка
Көңүлүнө алганы,
Алып чыгып үч атты
Азыр токуй салганы.
Ыйлаба – деп, сооротуп
Тотубектей баланы,
Абунасыр кожого
Алып жүрүп калганы.
Бара турсун Кайынсуу,
Баштагы элдин сөзү бу.

Атыла апсун чечиптир,
Акыл толуп Панус кан
Тилин сүйлөй кетиптир.
Сүйлөдү өзү тилини,
Башта макул көргөн ал
Ак исламдын динини,
Азыр кылды зыярат
Абунасыр пирини.
Баласын айтып бакырды,
Катынын айтып кайышты,
Карап турган көпчүлүк
Панус кан үчүн майышты.
Көрдүм эле бир тамдан,
Көргөндө көздөн жаш тамган,
Аралап жүрсө куба куп
Азим шаар калаамды
Алла эмне болду – дейм,
Арманда калган баламды.
Табамын – деп, мени издеп
Сахырага чыгып кеттиби,
Как талаада жүргөндө
Карышкыр түпкө жеттиби?
Артымдан жүрүп мени издеп
Адырга чыгып кеттиби,
Ай талаада жүргөндө
Алаткак түпкө жеттиби?
Өлгөнү болсо көрсөм – дейм,
Өз колумдан көмсөм – дейм,
Айрылсам катын, баламдан
Аркасынан өлсөм – дейм,
Акыретти көрсөм – дейм.
Руксат барбы сизден – деп,
Канча түрлүү каталык
Өткөн экен бизден – деп,
Байкуш болгон баламды,
Балам кылды аланды,
Энесин ээрчип эрбейип,
Не болом – деп, темтейип,
Апасын ээрчип алдырап,
Агызып жашын жалдырап,
Атасынан түңүлүп,
Наалыш кылып бүгүлүп,
Аргасы жок табарга,
Атакелеп акырып,
Ары-бери жүгүрүп,
Тирүү болсо балам – деп,
Каралды кылган карам – деп,
Өлгөн болсо балам – деп,
Кара тоодой арман – деп,
Каныңдан кетти дарман – деп,
Айрылып катын-баламдан
Дүйнөдө тирүү калбайм» – деп,
Абунасыр кожонун
Аягын келип кучактап,
Агып жашы бурчактап,
Аягына жыгылды,
Акырганы Панустун
Алты таш жерге угулду.
Абунасыр олуя
Жумуп көзүн алганы,
Байкамакка баланы
Батын көзүн салганы.
Келдербек берген атыны,
Тотубегин ээрчитип,
Келе жатыр катыны.
Баштаганы Келдербек,
Баянын айтты Айкожо,
Панус кан башың көтөр – деп.
Көтөргүн – деди-башыңды,
Алла Таала кудурет
Ыракым кылды жашыңды,
Ак байгамбар Мустапа
Арбагы келип тапшырды.
Аты Кызыр байгамбар,
Ал да сизге болду жар,
Бадыша болдуң жалганда

Акыретиң дапдаяр,
Көңүлгө алба мылалды,
Көрөсүң катын-балаңы.
Алла Таала бул ишти
Жазган чыгар калемде,
Бадыша болуп Панус кан
Атагың чыккан ааламга,
Зарлыгың жетти Аллага
Жамандык көргөн чагында,
Барча журт кылган урматың
Башта дөөлөт барында,
Бар кудайым буйруса
Олтурарсың тагында.
Көздөн төктү жашыны,
Көтөрдү Панус башыны.
Абунасыр үйрөтүп
Аят калем сөздөрүн,
Ачылган соң батыны
Акыретин көздөдү.
Аят окуп бадыша
Көз пардасы ачылды,
Көрүп бейиш-дозокту
Көңүлү кыйла чачылды.
Батыны көрдү бейишти,
Бала үчүн кылган кейишти.
Кейишинен токтолду.
Түрүн көрүп дозоктун
Акылы башта жок болду.
Кара жандын камын жеп,
Кадыр Алла колдо! – деп,
Алдырап токтоп алыптыр,
Наалыш кылып калыптыр,
Алар антип турганда
Катын менен баласы
Кашына жетип барыптыр.
Эки күнү жол жүрүп,
Эс албастан мол жүрүп,
Эл четине барыптыр.
Абунасыр заманы
Аскер колдун баарысы
А кызматкер тамамы.
Эл четинен кеп сурап,
Кошу кайда кожонун,
Кошун көрсөт ошонун.
Кошуна бирөө баштады,
Бара жатып байбиче
Эки көзүн жаштады.
Эшиктеги тургандар
Катынды карап алышып,
Кандай жүргөн катын? – деп,
Катындын алгын атын – деп,
Атын желдет алганы.
Үйдө отурган кожоңуз:
Кейип-күйүп бышпа – деп,
Панус кан ылдам чыгыңыз,
Зайыбың келди тышка – деп.
Айтканын макул алыптыр,
Аста басып Панус кан
Тышка чыгып калыптыр.
Караса көрдү Кайынсуу
Аман турган Панус кан,
Кашында турган канча жан.
Аман көрүп, аа! – деди,
Атакем мында жүрөт – деп,
Баласы ыйлап, баа! – деди.
Баласы ыйлап бүгүлүп,
Баласын көрүп токтолбой
Панус кан жетти жүгүрүп,
Адамдардын кыйласы
Аманат жандан түңүлүп.
Эсинен танды энеси,
Эгер бенде сыйынса
Кудайдын барбы бербеси!
Бендесин өзү жараткан,
Дүнүйөгө тараткан.
Баранды менен чаранды

Баары болуп тараган,
Ырас өзү жаратып
Ыкыласын караган.
Чындап кылса ыкылас
Берерлиги ыпырас.
Кудай – деди, тилинде,
Береби – деп, жокпу – деп,
Себеп издейт дилинде.
Бере турган бир өзү,
Бендеден себеп кылам – деп,
Айтылган аят бир сөзү.
Себепсиз өзүң бергин – деп,
Өзүңдөн себеп тилөөчү
Бендеңдирмин менмин – деп,
Дилиңде кылсаң ыкылас
Берерлиги ыпырас.
Көрүнбөй туруп көзүңө,
Алла Таала кубаты
Аралаш жүрөт өзүңө,
Аңдадыңбы калайык,
Панус кандын зарланып,
Баштагы айткан сөзүнө.
Мажусу динде токтолуп,
Баяндап айтып Алланы
Билдирген адам жок болуп,
Кашында болгон жолдошу
Каапырдан болуп молдосу,
Мурунтан жолдон жаңылып,
Бутка жүрүп табынып,
Мусулман бутун бузган соң,
Кыргыз, казак кызган соң
Жаратканым кимсиң? – деп,
Жараткан бөлөк экенин
Жаңы ойлонуп билдим – деп,
Эшек болуп кеңгиреп,
Эстен танып кейбиреп,
Көрдүң эле кеткенин,
Жараткан – деп, жалынып,
Жаңы көрүп турасың
Талабына жеткенин.
Дагы айталык, калайык,
Атыланын неткенин.
Адам болду баласы,
Ар түрлүү жандын баарынын
Алла болор паанасы.
Паана болбой неткени,
Бөрү болуп эки аяр
Бакыртып келип басканда
Союл алып Атыла,
Кара сакал кер мурут
Жигит болуп жеткени,
Себеп болуп баласы,
Мейли жакын, мейли ыраак
Апсундагы адамдар
Адам болуп кеткени.
Эшек болгон, ит болгон,
Эсинен кеткис иш болгон.
Өлгөндөр кеткен арманда,
Бир баланын пайдасы
Себепкер болду дүйнөдөн
Өлбөй тирүү калганга,
Апсундун иши кыйын го
Акыры дүйнө жалганда.
Апсун жанды бала үчүн,
Апсун үчүн чакырган
Атыла катын бар күчүн.
Баласы болгон жарадар,
Байкап ишин караңар,
Атыла билген апсуну
Дарыя Шорго барабар.
Азыркысын көрдүңөр
Алты аярга тутулду,
Өлбөймүн дечү Атыла
Өлмөк түгүл көрүңөр
Азаптан кайда кутулду.
Аярлар кылды мазакты,

Ар сүрөткө көп кирип,
Аябай тартты азапты.
Ардалык салды таякты,
Өнөр билип Атыла
Кутулганы каякта.
Өнөр билген көп адам,
Өлбөй калчу немедей
Өкүм сүйлөйт кей наадан,
Артык өнөр билгенден
Аблатун Атыла,
Адамдар маашыр атына.
Алар кана, тирүү жок,
Шүмшөк аяр, Ардалык,
Ал адамдар бири жок.
Өлбөс болсо баатыры
Азирет Аалы, Үрүстөм
Жүрбөйт беле акыры.
Нуска сөзү элде бар,
Алла Таала жараткан
Нече түрлүү бенде бар,
Өлбөс болсо улугу,
Өзгөчө ойло эл муну,
Искендер менен Сулайман,
Токтолуп мында кидирбей
Шолор да кетти бу жайдан,
Башында батыл дин күтүп,
Панус кан коркту кудайдан.
Нумород менен Шыраткан
Артыкпыз – деди-бадышадан,
Алар тирүү жүргөнүн,
Аман жүрөт, көрдүк – деп,
Айтканы барбы жалгыз жан.
Жеңерин билди өлүмдү,
Ойлоп-ойлоп олтуруп
Атыла бузду көңүлдү.
Алты аяр турду кашында,
Алды толду Атыла
Көзүнөн аккан жашына.
Баласы турду кыркырап,
Жарадар болгон жан үчүн,
Жанында жалгыз бала үчүн
Атыла турду зыркырап.
Аяр Көйүш, Ырдыкка
Баламды көрө салдыңар,
Апсун окуп экөөңөр
Бөрү боло калдыңар,
Тамагын тиштеп, баламды
Жарадар кылып салдыңар.
Айрылып калсам баламдан
Азыр кыргын кылармын
Аскериңдин баарысын,
Алдырап турам бала үчүн,
Табыңар – деп, дарысын
Атыла айтып салганы.
Айтканын угуп Бегүш шаа
Алдырабай туруң – деп,
Аман болор уулуң – деп,
Эчтеме эмес мунуң – деп,
Нур жемил улук дарысы,
Бегүш шаада бар экен
Ар дарынын баарысы,
Ушундан эзип бергени,
Үшүнө бала келгени,
Эзип дары бергени,
Эсине бала келгени,
Энеке, турган киши ким,
Кай адамдар? – дегени.
Атыла анда кеп айтат:
«Карышкыр келди, каралдым,
Как өзүңдү жегени,
Өзүңдү жеген ким болсо,
Ошол адам» – дегени.
«Аярлыктан көрбөдүм
Акыры, эне, пайда – деп,
Асылып бөрү киргенде
Кетти менден айла – деп,

Жаным болсо тенимде
Кетет эле кыйналбай,
Энеке, жаным кайда?» – деп,
Сурады бала жаныны,
Алты аяр кылды дарыны,
Апсун окуп, Атыла
Келтирди бала жаныны.
Кыр ылдый келди бүгүлүп,
Узун куйрук, тик кулак
Кызыл түлкү жүгүрүп.
Оболкунун сөздөрүн
Ойлосо келет күлкүсү,
Атыланын кашына
Оозун ачып окшуду
Ошо келген түлкүсү,
Ол түлкүнүн оозунан
Балыктын чыкты түрпүсү.
Түлкү кайра салганы,
Атыланын колунда
Түрпү чабак калганы.
Оозуңа балам ал – деди,
Он чайнап жутуп сал – деди.
Чабакты бала алыптыр.
Чайнап жутуп салыптыр.
Жаны кирди денеге,
Жалбарды бала энеге.
Жаман экен аярлык,
Кандардан калат алтын так,
Карасам, эне, өлүм ак.
Кылымдар өлөт бир эсе,
Кыйналып аяр миң эсе.
Адамдар өлөт бир эсе,
Аярлар өлөт экен го
Азап тартып миң эсе.
Апеке мени баштагын,
Аярлыгың таштагын,
Ажалдын күнү келгенде
Жан таба албай шашпагын.
Баласы муну сүйлөдү,
Жалын болуп Атыла
Эт бышымдай күйгөнү.
Жалын учуп түтөдү,
Түтөгөн сайын күчөдү.
Түтүн болуп созулду,
Жерге түшүп Атыла
Жетөөсүнө кошулду.
Алтоо аяр, бир бала,
Атыладай катынга
Акыл берген бир Алла,
Айтпай-дебей шо жерде
Аярлык арам, билдим – деп,
Ак ислам динине
Аянбастан кирдим – деп,
Кудай жалгыз, куран чын,
Айтпасаң да билдим – деп,
Ак динине кирдим! – деп,
Байгамбар бары ак, көрдүм – деп
Ак динине көндүм – деп,
Келме айтып,
болду мусулман,
Матуштук бала себепкер,
Мээнеттен чыкты канча жан
Айкожо аны билиптир,
Аярды алып келгин – деп,
Алтындууээр аргымак
Сегиз ат буйруп ийиптир.
Сегиз атты жетелеп,
Эки желдет энтелеп,
Самаркандын, Кокондун
Жолун көздөй чапканы,
Атыла катын, алты аяр
Жол боюнан тапканы.
Аттарды барып бергени,
Аярлар аны көргөнү.
Баланын каны басылып,
Абалкыдай болуптур

Жарасынан жазылып,
Кожом берди атты – деп,
Жигиттер берди тапшырып.
Минүүгө тийди семизи,
Матуштук менен сегизи
Шарактап жолго салганы,
Атыла катын баш болуп,
Аярлар жүрүп калганы.
Аңдап билди буларды,
Ары аяр, ары кан
Алдырып келди Мунарды.
Мурашкорлук кал – деди.
Аяр катын Атыла
Азыр келет кашыңа,
Душман эле башында,
Азыр кырк төрт жашында
Туура келет жашыңа.
Киши айтпай динге кирди – деп,
Кудай жалгыз, куран чын,
Ак бирлигин билди – деп,
Никейиңе ал – деди,
Билбегенин билдирип,
Жол көрсөтүп сал – деди.
Калганы болсо кирлиги
Кагайын – деп, шайтанын,
Кабыл кылды Мунар кан
Айкожонун айтканын.
Катынды Мунар алыптыр,
Байлап нике кожосу,
Бар – деп, жолго салыптыр,
Алган үчүн катынды
Алты шаар журтунда
Апсундун кээри калыптыр.
Баш имермек жин окуп,
Илим унжум издемек
Ошо күндөн ушу күн
Адат болуп калыптыр.
Алардын арка жагынан
Жаңы динди издешип,
Жаңылып жүргөн экенбиз
Мурун билбей биз – дешип,
Эшек болгон, ит болгон
Элдин көбү барыптыр,
Алла насип кылбаган
Он чактысы калыптыр,
Ошо күндөн ушу күн
Ортосуна бут сактап
Чокунушуп алыптыр.
Катылып жаткан сүрөтү,
Ал адамдар тукуму
Каапыр бойдон түп өттү,
Казак, кыргыз, сартка окшоп
Кийим кийген сүрөтү,
Селде чалып башына,
Сүрөттүн барып кашына,
Табына берет жашыноо.
Ак ислам дини – деп,
Айткан менен тил албай,
Аралаш жүрөт ичинде
Аларды эч ким биле албай.
Казаттын жолу катуу жол,
Казак, кыргыз канча кол,
Канкор Манас баштаган,
Абунасыр заманы
Батында байкап дагы аны
Болбосун билип таштаган.
Кыяматка калар – деп,
Калып анын уругу
Каапыр бойдон барар – деп,
Айткан экен заманы,
Бул экинчи казаттын
Аягы болсун тамамы.
Алты күнү той кылып
Жакын болду аскердин
Жалпы кайтып тараары,
Айрылбаймын сизден – деп,

Бадыша Панус зарлады.
Баашалыкты-кандыкты,
Баарын айтып наалыды
Башынан өткөн карлыкты.
Ала кеткин дегени,
Айрылбай Абунасырдан
Акырет камын жегени,
Андан артык болобу
Ак тааланын бергени.
Насирге айтты баласын,
Касам кылган башында
Кайта барып көрбөскө
Кең Ташкендин калаасын.
Көкөтөйдү алдырып,
Көзүн ыйлап жаш кылды,
Калган калмак, кытайын
Көкөтөйгө тапшырды.
Баймырза, Жанай, Торумду,
Басып калды Көкөтөй
Бадышалык орунду,
Бабаңардын сөзү экен
Байкаганга борумдуу,
Түбүнөн алган көп алаш
Түркстандан орунду.
Самарканды, Ташкенди
Санаса көздөн жаш келди,
Акыреттин камы үчүн
Самады Панус башка элди.
Башка эл болбой неткени,
Кошулуп Абунасырга
Даярланды кеткени,
Эртеңки күндө кетер – деп,
Элдин көзү жеткени.
Казатта жүргөн көпчүлүк,
Кайтмак үчүн баарысы
Камданып жатыр көп түрүк.
Кайтканы жаткан алашка,
Кан жутушкан калкыңыз
Карап турсаң бу күндө
Каалаганы тамаша,
Көчө кылып баарысы
Чатыр тиккен жанаша,
Эртең кетет дегенде
Ашарсуу келди Манаска.
«Карга учпаган мө .гүэлек,
Кайкы, жалпак бел болдук,
Каапыр элек кан төккөн,
Ага-инидей эл болдук.
Эл болбосок не болдук,
Жараткан Алла бирибиз,
Куттугун кубаныч кылыңар,
Жаңыдан тапкан динибиз,
Түп атаң Түтүк, Турандан
Бир атадан зилибиз.
Алооке деген кан бар – деп,
Наркы башка заңгар – деп,
Аркы чети Бээжинде
Эсеби жок жан бар – деп,
Эзелден бери эл билип,
Жоо дегенде элирип
Баатырсыган эр эле,
Башынан кектүү неме эле.
Айылында калдык аралаш,
Катарында каралаш,
Калкында калдык каралдаш.
Кум кайнаган каапырдан
Куралып калган эски кан,
Жыямын бойду бу күндө
Жык жайнаган каапырдан,
Жыйылып калган эски кан.
Жоголгонун табар – деп,
Жооласа бизди чабар – деп,
Жок болсо сизден кабар – деп,
Аргабыз кандай болор» – деп,
Арстанга айтып мындай кеп.
«Алооке туруп жооласа

Азганакай калганың
Арманда болор бекен? – деп,
Кызыл ээк чалдар бар,
Кызыл муштум балдар бар,
Кырып салар бекен – деп,
Кыйналып айткан бу бир кеп,
Кандай кылсак, баатыр?» – деп,
Манаска айтып турганы.
Анда Манас кеп айтат,
Ачуусу келип бек айтат:
«Жазуудан артык жан өлбөс,
Такты үстүндө кан өлбөс,
Ашарсуу кандай кутурдуң,
Алганы келсе жан алгыч
Андан кантип кутулдуң?
Алооке кырып салар – деп,
Абыдан жаман ушунуң.
Асмандан булут тутулсун,
Астында турган Манастан
Обол Алоокең өзү кутулсун.
Алооке келип сиздерди
Ала коёт турбайбы,
Башына балаа салбаса
Манасты кудай урбайбы!
Чырпыгың башын ие албас,
Өзүң түгүл Ашарсуу
Чымының десе тие албас.
Дарысыз мылтык атылбас,
Кан Көкөтөй ал түгүл
Каргасы десе катылбас.
Кар токтобой тоо калбас,
Катылбаган жоо калбас,
Канча кыйын болсо да
Катылган бенде соо калбас!
Дөбө түгүл, тоо калбас,
Төмөндөбөй жоо калбас,
Жөөлөшкөн бенде соо калбас,
Куралган журтум көп алаш,
Кудай кылган мен Манас,
Кутурган душман соо калбас!
Айткан сөзүң-артык сөз,
Аскери келип бу жерде
Кыргын таап кеткенин
Өзүң көрдүң көзмө-көз.
Көрүп туруп көзүңүз,
Коргогон кандай сөзүңүз.
Кыргынды көрдү кыйналып,
Кызыталак Алоокең
Араң эсин жыяр да
Жыл маалында жыйналып.
Кыш туманы бубакта,
Араң эсин жыяр да
Келерки ушул убакта.
Аңгычакты Манастын
Бар кудай жанын албаса,
Байланып багы калбаса
Акимсинген жаныңдын
Манасты көргүн үстүнөн
Алоокедей каныңдын.
Катар кылган каныңдан,
Канкорду көрүп аларсың
Как өзүңүн жаныңдан.
Бирок менин айтарым
Алланын корккун каарынан,
Ар жаккы жаздын баарынан,
Аман койсо кудайым,
Манасты көрүп аларсыз
Анжияндын шаарынан.
Кырк уруу кыргыз баласы,
Кең Анжиян жери экен
Кыргыздын салган калаасы.
Кызыр Илияс жар берип,
Паана болсо Алласы
Манастын барбы албасы,
Баары жерде өтүптүр
Самардан берки бабасы.

Жалпы көрүп олтурсуң
Жаңыдан кытай алганын,
Аяк жагы Самаркан,
Алаштан чыгып бөлүнүп
Анжиян шаар салганын,
Эки жүз жылга толуптур
Элиңди кытай алганы.
Түрк уулунан маңгулду,
Түбүн билбей, бадирек,
Кытайды баштап кан кылды,
Кыргызды басып нан кылды,
Касы болуп Аллага,
Атаңар изден жаңылды.
Алаштан казак бөлүнгөн,
Атышып жүрүп кытайга
Адамдар каны төгүлгөн.
Кыргыздан калмак калганы,
Тыргоот байдын балдары
Кытайларга болушуп,
Кылчайбай жатып алганы,
Маңгул, кытай экөөлөп
Кыргызга кыргын салганы,
Кызыталак куу дүйнө
Бир ордунда турбаган
Ушунчалык жалганы.
Эки жүз жыл болуптур
Элиңди кытай алганы,
Канчалык тууган бөлүнүп
Калмак болуп калганы,
Нурку-тегин биле албай,
Уруп кудай салганы.
Акыл айтам Ашарсуу
Атаңдан калган жолуң куу.
Алоокеде алаш бар,
Намысына талашар,
Ал талашпай баратса
Алтайда жаткан Манас бар.
Күңкөштө толгон алаш бар,
Күлпөңүңө карашар,
Күйүкпөсө тууган – деп,
Күйө турган Манас бар.
Кытайга кылып далайды,
Атамдан калган Анжиян
Алым келсе жердетем
Ыспара менен Алайды.
Аман болсо кыргызым,
Атасынын көрү кытайдын,
Алла Таала буюрса
Санатармын жылдызын!
Алооке түгүл алардын,
Эсен Манас бар болсо,
Алла билер акыры
Эсенкан аман каларын.
Эске албагын мындайды,
Эгем Таала буюрса
Эч койбосмун кытайды!
Саадакты белге бууймун,
Сапар үчүн тууймун,
Казатка чыктым бел байлап,
Казак, кыргыз элди айдап,
Ачкан кудай жолумду,
Айкожо туткан колумду,
Кадимден сурап Алооке
Кайнаткан экен шоруңду,
Таманга басып зоруңду,
Тартып алып ордуңду
Тараткан окшойт боруму.
Каяша кылбай өзүнө,
Карап турсам мүнөзүң,
Караткан окшойт көзүнө,
Капа болуп айтамын
Ашардын айткан сөзүнө.
Анжуудан алаш кем эмес,
Арзан Манас мен эмес,
Акылы бар адамга
Азыр айтып турганың

Адам угар кеп эмес.
Кытайдан кыргыз кем эмес,
Кылып турган кылыгың
Кылымга жагар кеп эмес,
Кылчайбай таштап койгондой
Кыянат Манас мен эмес.
Кырдуусунат кытай – деп,
Эми айтышың эп эмес,
Эстебей сени койгондой
Эсер Манас мен эмес.
Мурдардык сөздөн не пайда,
Бул Анжиян жер түгүл
Букар деген жер кайда?
Буюрган болсо кудайым
Букарды алып жудайын,
Кейипти кечип алармын,
Кесир болуп кетпесе
Кесалбага барармын,
Бетпактын чөлүн басармын,
Бар кудайым буюрса
Маңгул-кытай дүмүрүп
Кайда да болсо казармын.
Кыянатым кармаса
Кырымга кыргын салармын,
Узарса колум уруштан
Урумдун журтун алармын,
Убайым кылба Ашарым,
Өлтүрбөсө кудурет
Өчтөшкөндү басармын!
Алооке алса өзүңдү,
Алооке чаап кетти – деп,
Аяйсыңбы бизден
Бир ооз айтар сөзүңдү.
Жалдуу байтал атыңды,
Аяйсыңбы бизден
Алакандай катыңды,
Аманат жаны бар болсо
Угар Манас датыңды,
Ушуну билип акыры
Урсаң да кол кайра албас
Алоокедей каапыры.
Урушсуз аскер куралбас,
Үйүндө арбын кишини
Талаада киши ура албас,
Асмандагы чыккан ак терек
Айлантып шамал бура албас,
Айылында арбын адамды
Алыста киши ура албас.
Уругуң кыргыз, түбү кырк,
Казак турат каралаш,
Ар жагың арбын чоң алаш,
Алла Таала буюрса
Аман турган мен Манас,
Намысың кетпес көп алаш».
Аны айтып Манас күүлөнүп,
Ачууланып сүйлөнүп:
«Бадакшан бар, Балык бар,
Бабабыз түрктөн калык бар,
Алаштын болгон нуркунан
Алты түмөн калк бар.
Үргөнч үстү Кыйба бар,
Урматтуу кыргыз кыйла бар.
Кабылыстан шаары бар,
Байса дугул чайы бар,
Сан койдон күткөн байы бар,
Ыжырат, Далаа, Чырышты
Берген кудай ырысты,
Ооган кылып бир элди
Оодарган кудай кыргызды.
Кыпчак, Шыйба кыргызы,
Жайын билбей катылса
Саналар душман жылдызы.
Думара бар, Окчу бар,
Жуда кыргыз ушулар.
Катаган бар, тейит бар,
Кармаша кетсең кытайга

Кайдан сени кейитер.
Катаган, тейит калкы бар,
Кадимки Кошой алпы бар,
Карап турсам мүнөзү
Каапырдын баары бириксе
Канын төгөр салты бар.
Камсыгасың мында – деп,
Катындардай жалпайбай
Кара боюң чында – деп,
Кан Алооке каапырдын
Кабарын угуп тында – деп,
Жерге кирсин Алоокең,
Жергесинде маңгулдан
Жети катын алыптыр,
Азыркысын балдары
Алтымыш болуп калыптыр.
Алтымышы өспөйбү,
Алаш уулу болгондун
Толорсугун кеспейби,
Түркстанга түк койбой
Келжиретпей кытайды
Кетирүүнү издейли,
Калгандарга калдайтып
Жер калууну издейли.
Анжиян болуп калаасы,
Алтымыш болуп баласы,
Ал турганда бул жерде
Асты эле Манастын тынбас
санаасы
Бүлүндүрүп көчүрсөм
Бүтөр көңүл жарасы.
Кырк беш эркек, он беш кыз
Алоокенин уругу,
Тамырлатпай куубасак
Алаш уулу куруду.
Ойлонгун айткан сөзүмдөн,
Азыраак кичүү өзүмдөн,
Төрт уулунан кичүү – дейт,
Төрө заада киши – дейт,
Алооке уулу Аты Коң,
Ар кылган иши анын оң,
Баң атакка конду – дейт,
Азыр жүргөн салтына
Адамдар көөнү толду – дейт.
Курдашы – дейт, – Кур аттуу,
Түк койбостон чантууну
Түгөтсөк деген мурады,
Аны уккан соң Алтайга
Манастын бекер турары.
Элимди алып эңшерип,
Калкымды алып камданып,
Баса конуп жерини,
Башын ачып алармын
Байман кыргыз элини,
Бар кудайым буюрса
Акыр түбү табармын
Алоокенин эбини.
Алооке анык зор болгон,
Орто Азия адамы
Жолтаба албай торголгон,
Шыпкалып алаш күтпөсө
Сындырармын белини,
Кара жаным бар болсом
Калкы менен көргөзөм
Капкалуу Бээжин жерини.
Анжиянды, Коконду
Алооке кан които рду,
Кыштоо кылып малына
Алай менен Ополду.
Кысылса барып Сар-Колго,
Кызыталак кытайлар
Өкүнөт айтып оң-солго.
Кыдырата бак кылып,
Талды ким койду кытайга,
Кыңшытып бээ байлатып,
Малды ким койду кытайга,

Түп Бээжиндик түгөнгүр
Түркстанды жердөөгө
Алды ким койду кытайга?!
Башына салып балааны,
Байкатып Бээжин калааны,
Манжуусуна кошпосом
Манастыгым не пайда!
Төрт булуңдап там күтүп,
Төрт түлүктөн мал күтүп,
Дөөкүрсүп жаткан кан экен,
Орто Азия журтуна
Олуя болгон жан экен.
Калган менин казатым.
Как ушуга тигилер,
Калсам өлүп кокустан
Казак, кыргыз уругу
Табылбай калар жигиңер.
Катарлаш болуп калмакка,
Касы болуп арбакка,
Кызыңы берип кытайга,
Кыяматтын күнүндө
Кылайып таппай эч пайда,
Түгөнөрсүң көп алаш
Түгүң калбай тентиреп
Түркстандын кең жайда,
Адамың калбай Нааманга,
Артыңда калбай эч пайда
Алдырарсың кытайга,
Алдырып жерди койгон соң
Адамдыктан не пайда!»
Аны айтып Манас калганы,
Айдаркан туруп сүйлөдү,
Аныгын айтты Манас – деп,
Ал андан бетер күүлөндү.
«Баатырдын сөзү макул – деп,
Адам угар акыл – деп,
Анжиянга зор болгон
Алоокедей каапыр – деп,
Ар канча кылып жүрчү элек
Алоокенин буйругун,
Аянбадык, бек бастык
Ажыдаардын куйругун,
Кылычын чечпей белинен,
Бүлдүргү бербей элинен,
Канжарын чечпей белинен,
Канжыга бербей элинен.
Салылуу төшөк үстүнө
Даңкайып жатып уктабай,
Жайдын күнү болгондо
Салаасы сасып курттабай,
Кырмызы төшөк үстүндө
Кырданып жатып уктабай,
Кыштын күнү болгондо
Кыр жаны катып муздабай,
Бая сасып жатар заман жок,
Алдырып ийип малыны
Алоокеге кор болсок
Нак ошондон жаман жок.
Кылычты кындан чечиңер,
Кыябы толук боз балдар
Кызылдай жандан кечиңер.
Канжарды белден чечиңер,
Кармашса каапыр кол салып
Кара жандан кечиңер,
Катындан бир жыл безиңер.
Бийиктен кароол салыңар,
Манастын айтып турганын
Билдиңерби баарыңар?
Көтөргөн болдуң – кан – дедиң,
Бу жерде турган алашта
Мен окшоймун карыңар».
Көпчүлүккө бек айтты,
Көкөтөй шондо кеп айтты:
«Жараткан бизди кудайбы,
Жараткан кудай жар берсе
Жамандык болбойт турбайбы,

Ачпаса кудай багыңды
Алашты мынча курайбы.
Алтайда жаткан Манастан
Алооке бизди кырар – деп,
Ашыгып жардам сурайбы,
Алыстан келген жолоочу
Алын билбей буларды
Алооке мында жатыр – деп,
Алдырап коркуп турарбы,
Арзан эле бир жылда
Алдыра койсом оңомбу,
Атаа, мындай кудай урарбы?!
Үйүнөн булар чыкканы
Үч жарым жыл болуптур,
Үй сагынган кай бирөө
Үшкүрүгү толуптур.
Элинен булар чыкканы
Эки-үч жыл артык болуптур,
Эси жоктон кай бирөө
Эси ооп жедеп болуптур.
Калабага жармашып,
Каапырлар менен кармашып,
Кара шаар калаа үчүн,
Карсылдашып жүргөнү
Катын менен бала үчүн,
Калдайган кара жер үчүн,
Казак, кыргыз эл үчүн,
Казатка башын байламак
Каапырдын өктөм кеби үчүн,
Катын-балаңды унутуп,
Кайтарып бизди жүргүн – деп,
Калкка айтасың не үчүн?
Алооке бар – деп, токтоткон
Ашарсуу балам не күчүң?
Кайтсаңар – деп, уруксат».
Кан Көкөтөй муну айтат,
Калганынын баарысын
Кары-жашын муңайтат.
Агып суу бара албас
Казылбаган арыкка,
Көөнү тынбас ээсинин
Көмүлбөгөн салыкка,
Орун болбос кургак жер
Оозу бүйрө балыкка,
Алдырабай алаштар
Азыр жооп берелик
Алтайдан келген калыкка.
Аш жылыбас аразга,
Издеген бизди алашка,
Ыракмат айтып ырастап
Бериңер жооп Манаска.
Кудай салса көрүүчү,
Жакшылык жамандыгына
Кандай да болсо көнүүчү,
Он чакалык бул тапса
Ошол бенде көбүүчү,
Табын таап эритсе
Таш да болсо эрүүчү,
Тартынчыктап отурбай
Буларга жооп берүүчү».
Көпчүлүккө Көкөтөй
Бул сөздү айтып салганы,
Көтөрүлө дүңгүрөп
Баарысы макул алганы.
Айдаркан, Ошпур карысы,
Алаш уулу баарысы,
Көкөтөй болуп калысы,
Көңкү журттун баарысы
Көк жал Манас баатырга
Акылдашып барышты.
Кай жол менен кайтабыз?
Калгандардын баарына
Насият кеңеш айтабыз.
Кайтыштын камын кылалык,
Наманген менен Ташкенди
Көкөтөйгө кынадык.

Дарыясын чек кылдык,
Таза жакшы кеп кылдык,
Тарамакты эп кылдык.
Бу сөздү айтып салганы.
Эп келгенин кылыңар,
Аны эр Манас сүйлөп калганы.
Тышка чыгып айгайлап
Ырамандын Ырчы уул
Ычкыры бапик кырк муун,
Тебетейи чоктуу кул,
Айтар оозу шоктуу кул
Алтайлык алаш бөлүн – деп,
Араңды ачып көрүн – деп,
Айгайды колго салганы
Талаа-түздөн дарбышып,
Адырдан түшүп арбышып,
Кыйкырып кабар салыптыр,
Кыйласы кыштактан келип
калыптыр.
Калаадан чыкты канчасы,
Кайтмакчы болду барчасы.
Алты шаар уйгурлук,
Кайып кан менен Мунарды,
Агыдай, Төлөк буларды
Аз гана эмес мол эле,
Эл-жеринен чыкканда
Эки жүз миң кол эле,
Он миңче опат болуптур,
Жүз токсон миңге толуптур.
Карадан тандап лөк алып,
Кара малды көп алып,
Алтын, күмүш бул алып,
Алты жүзчө кул алып,
Анын колу бөлүндү.
Суңшоонун суусун бойлойбуз,
Жоо жолукса тойлойбуз,
Кашкар менен кетсек – деп,
Как ушуну ойлойбуз.
Макул болду баатырга,
Келди кеңеш-акылга.
Айдаркан, Көкчө, эр Үмөт,
Элден жаңы чыкканда
Эки жүз миң, элүү миң,
Ошончолук кол экен,
Орчун аскер мол экен,
Келгени Иле жол экен.
Он үч миң опат болуптур,
Эки жүз миңден артыгы
Отуз жетиге толуптур.
Кызыл куйрук нар алган,
Кызыл дилде зар алган,
Кыйла сонун мал алган,
Миң эки жүз кул алган,
Билге жүктөп бул алган.
Кыраанын Манас барында
Кыргыз, казак кубанган,
Эртегиңдин жомогу
Кыйындык менен куралган,
Кытай, калмак маңгулдан
Кыз кармаган буралган.
Кыпчак Үрбү, эр Манас
Каапырга казат кылууга,
Каршы чыкса кырууга
Алтай, Бар-Көл, Жылдыздан
Аскер жыйып кыргыздан
Энесей, Уркун дайрадан,
Калмактан болуп мусулман
Казатка кирген канча жан,
Баштап жүргөн Бакай кан,
Үч жүз кырк миң кол экен,
Калмак, кыргыз үйрүнөн
Казатка чыгып үйүнөн
Келгендери шол экен.
Он жети миң өлүптүр,
Өлгөндөрдүн куну – деп,
Орчун дүйнө бөлүптүр.

Эсебин элдин алыптыр,
Жыйырма үч миңи калыптыр
Кызыл дилде, ак жамбы
Кырк миң төөгө бул артты,
Кылымдын баары таң калды.
Эки миң токсон кол менен,
Кештене алтын кур менен,
Он төрт миң сулуу кыз менен,
Оймоктуудан уз менен,
Күз аркасы кыш менен,
Чечен Үрбү, эр Манас,
Ченсиз калың көп алаш,
Шексиз баатыр эр Манас
Чаңы аскерди жашырып,
Чаткал, Чанач ашырып,
Тулустун элин тууралап,
Туташып жолго салыптыр,
Кыраан Манас жеке өзү
Кырк жигит менен калыптыр
Калмактан бу жер жат экен,
Тулус калмак аты экен,
Алды муну алаш – деп,
Калмак, кыргыз муруntан
Бирде алдырып, бирде алып
Жүргөн экен талаш – деп,
Мындан кийин айтыңар
Тулус эмес, Талас – деп,
Тулус атын өчүрүп,
Талас атка көчүрүп,
Чүй бойлоп жүрө бериңер,
Акунбешим калкынын
Кылса урматын көрүңөр.
Душмандык кылса тушунда
Чекке салып бөлүңөр.
Ошпур баштап карысы,
Үрбү баштап баарысы
Көчкөн элдей көп аскер
Талабына жетиптир,
Таласты көздөй кетиптир,
Атагана биз дагы
Ошондо болсок нетиптир.
Ыраатка ырас толбодук,
Бири миңге баш болгон
Биз да ошондо болбодук.
Тараган аскер баарысы,
Кошулуп Кайып канына
Кашкар жакка бет алып,
Абунасыр карысы
Суңшоо өөдө салыптыр,
Ашуусу бийик тоо менен,
Аскасы бийик зоо менен,
Капчал терең коо менен,
Кайып кан менен Мунары
Карлуу кара тоо менен,
Ормон-токой чытырман
Орчун аскер чубашып,
Ой, дат! – дешип, чуулашып,
Кайда мунун жолу? – деп,
Билбегендин баарысы
Бир-биринен сурашып,
Алар жолго салыптыр,
Кыраан Манас, кырк жигит
Бир күнү кийин калыптыр.
Талаасы жок, тоосу көп,
Тар капчыгай коосу көп,
Өөдө жакка карасаң
Көрүнөт көзгө асман-көк.
Кадам басар жери бар,
Ойду-тоонун баарында
Ормон-токой, чери бар,
Ак жазууна көнсөм – деп,
Тоосун-оюн аралап
Сонундукка көрсөм – деп,
Манас баатыр өзү бар,
Баштагы элдин ушундай
Баяндап айткан сөзү бар,

Азыркы калган кырк киши
Ак амыры бар иши,
Башчысы Бакай кары бар,
Баатырлардын баары бар,
Күлдүрдүн уулу Чалыбай,
Күлдүргүчү Ажыбай,
Кыргыздан чыккан Кутунай,
Карйтоко Мажик бар,
Камбар уулу Чалик бар,
Саргыл минген Сатайы,
Сапар шаанын Уругу,
Жайсаң башчы Атайы,
Үйшүндөрдүн Үмөтү,
Үмөт уулу Жайсаңы,
Урматы артык эрлердин
Аттарын бөлүп айталы.
Аргын Каракожо бар,
Алчындан Бообек кошо бар,
Шаабек, Шүкүр эри бар,
Салышкан жоодо эби бар,
Ар кайсысы алардын
Он миң, он миң эли бар.
Арбаңдардын Алтайы,
Дөрбөн уулу Төртайы,
Төлгөчү кара Төлөгү
Аярлыгы бөлөгү,
Агыдай далы көрүүчү
Акыр заман оодарып
Ашкере айтып берүүчү,
Топ башчысы Токотой,
Калк башкарчу Калкаман,
Эл башкарчу Элеман,
Алардын баарын карачу
Аксакалы мына бул
А да кыргыз Айнакул,
Кыраандар сөзүн тыңдап ал,
Кырк жигит башы Кыргыл чал
Сундуруп найза тартпаган,
Сумсайып жоодон кайтпаган,
Азыр башын кессе да
Адамга сырын айтпаган
Көрөгөч Серек, эр Сыргак,
Атагы чыккан кырк баатыр,
Аттанып алып кесек дөө
Аралап тоону келе атыр.
Ардайлардын Алакен
Атканын жазбас жан экен,
Баяндар калмак уругу,
Баатыр Мажик бар экен.
Нойгуттардын Чубагы,
Оёндун бири бу дагы.
Казактардын Жоорунчу,
Кайгыл, Бөгөл, Тоорулчу,
Шыңгынын уулу Кербени,
Шыпты кашка Дөрбөнү,
Бөрү жолдуу Бөгөлү.
Каратүлөө Кабыке,
Жаңгерлерден Жабыке,
Көй төрөсүн алыптыр,
Көңкү колдун баарысы
Чүйдү көздөй салыптыр.
Тар капчыгай коо менен,
Карга учпас кара тоо менен,
Мылтыктан түтүн булатып,
Будурдан бугу сулатып,
Адырдан аркар атышып,
Аңгемеге батышып,
Ар бир жерде эс алып
Ат өргүтүп жатышып,
Курбудан кулжа атышып,
Кубанычка минтип батышып,
Суусардын алып терисин,
Кызыгышып аң уулап
Суусамырдын керисин,
Эригип элик атышып,
Эликтин этин татышып,

Эс алган жерге жатышып,
Сары-Жыгач, Төр-Жайлак,
Жаткан экен шо жерде
Дугул калмак журтунан
Беш-алты жүз эл жайлап,
Үркүн келип жайлаптыр,
Ушу кезде кыш болуп
Үшүп шору кайнаптыр.
Кырк жигит менен шоодурап,
Кыраан Манас барганы,
Калмактын көзү жоодурап,
Кудай уруп салды – деп,
Оңой бурут көрүнбөйт,
Мында келип калды – деп,
Кетечи деген башчысы,
Тулус Каар-Бултадан
Үрккөн элдин жакшысы
Чүйдүн боюн жапырып,
Түк койбой сүрүп сапырып,
Каткал калдай Дугулду
Кыргын салып кууганы
Катасы жок угулду,
Кетелик шаарын алды – деп,
Чымкентти чырмап калды – деп,
Аскер келген кытайды
Айдап жолго салды – деп,
Таратпай Ташкен алды – деп,
Ташкендин казак, кыргызы
Манаска кирип калды – деп,
Маңгентке элчи барды – деп,
Чыйырчыктан чык чыкпай
Манаска карап калды – деп,
Түпкө кыргыз жетти – деп,
Ташкендеги Панус кан
Билинбей өлүү-тирүүсү
Жоголгон бойдон кетти – деп,
Араниктин Ашарсуу
Манаска карап калды – деп,
Алоокенин аскерин
Кыйратып кырып, кууду – деп,
Кылым кыргыз кыңк этпей
Манаска карап турду – деп,
Уккан экен ушуну,
Аңдап кел – деп, аларды
Аткарган экен кишини,
Аңдап көргүн дагы да
Алооке кылган ипгани.
Арка жолун тозгун – деп,
Аткарган экен мурунтан
Алты жүз миң кингани,
Суңшоодогу Култка
Бүтүрдү чантуу ишини.
Калганын жыйгын элдин – деп,
Кайратты мыктап бергин – деп,
Селбигине мал берип,
Сексен миң батман дан берип,
Төрт жүз миң аскер кол берип,
Казат кыл – деп, чантууга
Тасыла деген жаң-жуңга
Аткарган экен жол берип.
Чабылгандан, чачкандан,
Кер-Көлдөн берки качкандан,
Уруш көрүп Чүйүнөн,
Көчө качып үйүнөн,
Лаңгү-Таба, Суңшоодон
Ыктап качып ошондон,
Ашкере качып Манастан,
Айбатынан алаштан
Чаткал менен Таластан
Качкандын баары толуптур,
Эл-журтунан азганы
Эки жүз миң болуптур.
Тар капчыгай жол менен,
Жүз токсон миң кол менен
Абунасыр карысы,
Кайып кан, Мунар баарысы

Суңшоонун суусун бойлошуп,
Кийик атып ойношуп,
Каапырдан чыккан кар – дешип,
Капчыгай экен тар – дешип,
Көзүңдү буга сал – дешип,
Көп экен кайың, тал – дешип,
Тууларды туура бүктөшүп,
Тулпарга кошун жүктөшүп,
Камканы кайра бүктөшүп,
Качырга кошун жүктөшүп,
Жез казанды байланып,
Сеңир тоодон айланып,
Бет алып Кашкар журтуна
Бейкабар жолго салыптыр.
Ача кайкаң бел экен,
Андагы аты Чуңкур-Суу,
Азыр болгон атагы
Тогуз-Торо дээр экен,
Чуңкур-Суунун боюнда
Толуп жаткан эл экен,
Качкандардын башчысы
Дагыра-Даңгыр дээр экен.
Капчыгайдан жоо чыкты,
Каргашалуу тоо чыкты.
Ач кайкалаң бел экен,
Жалгыз ат басып жүрбөгөн
Тар капчыгай жер экен.
Астынан чыкты Дагыра,
Алардын кара багына.
Көздөрүн салган кийикке,
Кийик издеп, куш издеп,
Көбү чыккан бийикке.
Чукур-Сууда кол жатыр,
Чукулдан көрдү көй баатыр.
Атасынын көрү аны – деп,
Эгер бизге катылса
Аман калбас жаны – деп,
Көрүп көзүн салыптыр.
Көт жагынан караса
Кара-Кырдан кайнаган,
Калың аскер жайнаган,
Жолдун чаңы бурулуп,
Жоон-Теректен куюлуп,
Суңшоо суудан кечишип,
Аскердин көрүп карaанын
Аркасынан жетишип,
Убара кылды буларды
Уруш кыла кетишип.
Тасыла келди баатыры
Тарсылдашып атышып,
Тамашага батышып,
Кайып менен Мунарды
Камалашып буларды,
Аяк ө .дөтүрүшүп,
Айгайлап тоого сүрүшүп,
Карагай экен, арча экен,
Кайнаган аскер канча экен,
Үч жүз миңче кол экен,
Терс-Сууга бет алып
Чыгып келген ол экен,
Кайнап жаткан каапырлар
Кара-Алма конуп калыптыр.
Калың аскер кол тарап,
Кайып кан жолго салды – деп,
Кашкар журтун бет алып
Азыр жүрүп калды – деп,
Кара-Алмадан чыгышып,
Качкындан кабар угушуп,
Катуу жүрүп шашышып,
Кара-Кырдан ашышып,
Мусулмандын аскерин
Булар көрүп алыптыр,
Артынан уруш салыптыр,
Асты жагын көрдүңүз,
Дагыра-Даңгыл каапырың
Астын тосуп калыптыр.

Бойгуттагы Кубанды
Мусулман болуп кетти – деп,
Алооке угуп буларды,
Будаң шааны баш кылып
Кубандын өзүн тапкын – деп,
Неме койбой эл-журтун
Куп түзөтүп чапкын – деп,
Түркүгүн жонуп, шиш кыл – деп,
Түк унуткус иш кыл – деп,
Эринин чагып, тиш кыл – деп,
Эсинен кеткис иш кыл – деп,
Элин чаап, түз кыл – деп,
Эригисиз муз кыл – деп,
Кубандын өзүн сойгун – деп,
Кара жерге тамбасын
Канын ичип, тойгун – деп
Аткарган экен Будаңды,
Себен баатыр балбаны,
Сексен миң экен алганы,
Маргалаңдан аттанып
Жүргөн экен бу дагы.
Тасыладан бир күнү
Мурун чыгып алыптыр,
Ат аябай жол жүрүп,
Арасына бир конуп,
Эртеңки күнү түш болуп,
Не бир түрлүү иш болуп,
Жол Кабакка салыптыр,
Жоо келе атат сага – деп,
Жоктур ага даба – деп,
Калмактан кабар алыптыр.
Шаарчысы шашышып,
Себен, Будаң келет – деп,
Эки күн мурун качышып,
Элине кабар салыптыр,
Кубандын эли жыйылып,
Кудайына сыйынып,
Көпчүлүгү тура албай
Көлмөнү көздөй үркүшүп,
Көй кашканын баарысы
Атка минип дүргүшүп,
Кочкорго киши чаптырып,
Колго кел! – деп, чакырып,
Суусамырга чаптырып,
Мусулман болгон буларды
Жуда кел! – деп, чакырып,
Сонун-Көл менен Суңшоону,
Кабар салып ошону
Калк дүрбөшүп калыптыр,
Калк бүлүнүп жатканда
Ташкендеги Кубан кан
Таластан чыккан жол менен,
Таамай кырк миң кол менен
Элине жетип барыптыр.
Эмине болгон дүрбөөн? – деп,
Элинен сурап калыптыр,
Кызык кепти уктук – деп,
Калгандар кабар салыптыр.
Мусулман болуп кетти – деп,
Кубан канга нетти? – деп,
Кубандын башын алгын – деп,
Ташын кумдай талкалап,
Түптүз кылып салгын – деп,
Алооке аскер буйруптур,
Будаң баатыр, Себенди
Аларды арбак уруптур.
Баашалыктан кол алып,
Бизди көздөй жол алып,
Келет экен мында – деп,
Кебибиз ушу тыңда – деп,
Кенебей жатпа каныбыз,
Кутүнүп боюң чыңда – деп,
Кара журт айтты Кубанды,
Кандан черүү келерин
Кубан билди буларды.
Жүз отуз миң кол алып,

Кубан каның аттанды
Анжиян көздөй жол алып.
Канат жасап каапырлар
Асманга учуп албаса,
Астыбыздан жер казып,
Анан келип калбаса
Жалгыз аттын жолу – деп,
Бери өткөрө койбоспуз
Беш жүз миң аскер болсо да
Бекерге калар колу – деп,
Келер болсо бизге – деп,
Суңшоонун жолун издээр – деп,
Лаңгү-Таба, Суңшоону
Алып келер аны – деп,
Эгер келсе бу жолдон
Аман калбас биринин...
Кан Кубаның күүлөнүп,
Кайраттанып сүйлөнүп,
Жүз отуз миң колуну
Тостуруп Кабак жолуну
Кубан жатсын камданып,
Кудайына жалбарып.
Будаң, Себен сексен миң
Кечип өттү Суңшоону,
Кайып кандын колуна
Сактоочу жапар кудурет
Кез келтирген ошону.
Кайып менен Мунарды,
Камалашып буларды,
Үч тарабы жоо болду,
Жылаңач – деп, атагын,
Чыкканы бийик тоо болду.
Тоо башына жатышып,
Топ-замбирек атышып,
Тоону курчап каапырлар,
Токтоп алар жатышып,
Курутабыз суудан – деп,
Кутула албас бири да
Мусулман журту мындан – деп,
Айлана курчап алышты,
Атка минип ар күнү
Жекелеп уруш салышты.
Баш ылдый кууп жапырды.
Камалып калган мусулман,
Жекеме-жеке келгендер
Каапырдын келген баатыры,
Каттам болуп акыры,
Кутулбады ушундан.
Тоо башында жатышты,
Алты күнү атышты,
Аңкап-чөлдөп мусулман
Абыдан шору катышты.
Адамдын көбү ыржыйып,
Аттар суудан кындыйып,
Адам наар албады,
Айбандар кие чалбады,
Арман менен өлдүк – деп,
Айкожого зарлады.
Абунасыр заманы
Аса таяк алганы,
Алланын мүлкү суу бер! – деп,
Аскердин арасындагы
Аска ташка салганы.
Улуу тоонун башынан
Урган аска ташынан
Атырылып суу чыгып,
Аша коюп кетиптир
Айкожонун башынан.
Алла Таала кудаанын
Өкүматын көрүңөр,
Кайдан андай болсун – деп,
Айныбасын көөнүңөр,
Башы Жумгал суусунун
Арасында ушунун
Аккан таштын булагын
Азыр да барып көрүңөр –

Кара тоонун башы бар,
Октон болгон ташы бар.
Алты күн жатып токтолуп,
Атышып жатып ал жерде
Ат чачыдан ок болуп,
Дагы каапыр алар – деп,
Таш бол! – дептир Айкожо,
Таш болгон бойдон токтолуп,
Коргошун болбой, таш болгон,
Мурунку өткөн бабаңар
Урушка шондой маш болгон.
Жылаңач деген жайы бар,
Ар огунун өзүндө
Алты-жети сайы бар,
Каранын огу канча көп,
Кайсы экенин ким билет
Канчасы жаздым, канча төп?
Алты жүз миң каапыр бар,
Курчап алды канча көп.
Аты суудан канышып,
Аябай чөптү чалышып,
Адамы сууга канышып,
Белин бууп алышып,
Бербердигер бир өзү
Берерине келгенде
Бергендиги бу болду
Белгисиз кара ташынан
Жарым кулак суу болду,
Жата турсун атышып
Камаган каапыр көп колду.
Аны таштап салыңар,
Жол кармап Кубан каныңар,
Жүз отуз миң аскери
Ою-тоосун алыптыр,
Ар тарапка камданып,
Кубан кабар салыптыр,
Бир жүз элүү миң болуп
Жүндөй аскер барыптыр.
Аны да таштап коюңуз,
Арстан Манас баатырдын
Алла эмине сөзү бар,
Кабарынан болуңуз.
Кырк нөкөрү кашында,
Дөөлөт кушу башында,
Аң уулап, кийик атышып,
Аңгемеге батышып,
Алты жүз дугул калмакка
Калбады беле жатышып.
Кыйын окшойт бар иши,
Айылына келиптир
Айбаты бар кырк киши.
Бир-биринен кеп сурап,
Билдиңерби жөн-жайын
Аралап келген айылга
Алла кандай бурут? – деп,
Каарлары түсүндө,
Кайдан келген журут? – деп
Атынын мойну бир кучак,
Аркар сындуу тобурчак,
Саадагынын түбү бир кучак,
Жалпы бедөө тобурчак.
Саадагы терек ийгендей,
Жалгызы санга тийгендей,
Ырасы түрүн көргөндөр
Ыштанына сийгендей,
Кайдан келген адамдар,
Дүнүйөнүн жүзүндө
Албан түрлүү адам бар.
Муруту чөлдүн камыштай,
Муруну тоонун кырдачтай,
Көздөрү көлдүн буткулдай,
Көрүнгөнүн жуткудай,
Күүлөнүшөт мүнөзү
Күрсүгө калкан туткундай.
Сурасак – деп, жайын – деп,
Кары-жашы жыйылып,

Сурай албай дайындап,
Астыртан көзүн салышып,
Айран-азыр калышып,
Чатырды тиккен дөбөгө,
Таңыркап Манас төрөгө,
Камалап калмак караштты,
Айбатынан баатырдын
Сураша албай тараштты.
Ат жетелеп Бозуул,
Аркасынан Жайнагы,
Аттарынын баарысын
Алты желдет жетелеп,
Сугарганы барганы.
Дугулдардын зардалы
Канарбай деген кеп сурап,
Кайдан келе жатасыз,
Кайсы элсиңер? – деп, сурап,
Кересен көрсөң аттыңар,
Чатыр тигип бу жерге
Кайдан келип жаттыңар?
Баянын айткын тим – деди,
Башчыңар аты ким? – деди.
Калмакча билген Бозуул
Кабарын берди Канарга:
Узакта жери Жылдыз – деп,
Уругу кара кыргыз – деп,
Атасы Жакып, Манас – деп,
Аскери тамам алаш – деп,
Айтып жөнүн бергени,
Алиги турган Канарбек
Айтканда жүрөк дегдеди.
Манас ушул деген сөз
Желдеттерден угулуп,
Атын угуп Манастын
Алкымына жүрөгү
Азыр келди тыгылып.
Канарбай айылга барганы,
Айгайды бийик салганы,
Алты жүз үйлүү кишиден
Беш жүзүн жыйып алганы:
«Калыңмалды чачышып,
Караанын көрбөй качышып,
Токойлуу тоонун чери – деп,
Адам коюп кадамын
Киши келбес жери – деп,
Манастан качып шекшинип,
Жаткан жериң бул эле
Жан келбейт – деп, бекинип,
Качып жүргөн Манасың
Как үстүңө конуптур,
Карап турсам биздерге
Каркап мээнет толуптур.
Безип жүргөн Манасың
Бу жерге келип конуптур,
Бейлеп турсам биздерге
Бейажал өлүм толуптур.
Дүнүйө жүзү кол болсо,
Алды-артынан торгосо
Тутулуучу көрүнбөйт,
Качырганы соо болуп
Кутулуучу көрүнбөйт,
Алгыр арстан жолборстон
Айбаты азыр бөлүнбөйт.
Жүрөгү таш эрге окшойт,
Жүнү тайкы шерге окшойт.
Көрөсөн уулап, аң издеп,
Келген окшойт бу жерге
Көмүлгөн биздей жан издеп.
Атышар бизде ал барбы,
Атыша кетсек кокустан
Адамдын бири каларбы?!
Урушар бизде ал барбы,
Уруша кетип алдырсак
Ушу турган беш жүздөн
Беш адам тирүү каларбы?!
Баарың келдиң жыйылып,

Баатыр өзүң билгин – деп,
Барсак кантет сыйынып.
Жалпы келдиң жабылып,
Жаныбызды кыйба – деп,
Барсак кантет жалынып?
Мылтыгыңа боо койбос,
Мынча үстүңдөн чыккан соң
Бизди Манас соо койбос.
Качканыңа тоо койбос,
Канкор Манас соо койбос.
Манас кырк төрт, биз беш жүз,
Урушсаң жандан күдөр үз,
Кыргын кылып баарыңды,
Кырыңды чаап, кылар түз.
Үркүп келдик эрте күз,
Урматтуу жандан күдөр үз,
Дөбөңдү чаап, кылар түз.
Кордукка башты салбайлык.
Кокус өлүп калбайлык.
Тиленип жанды коюшун,
Тим берелик союшун.
Союшка семиз иргелип,
Тигерине үй берип,
Кол куушуруп калалык,
Конок кылып алалык,
Карарган малдын баарысын
Тартуу кылып салалык,
Кара жанды кыйба – деп,
Жан соогаттап баралык.
Соогатка берсе жаныңды,
Төрөлүгү билинет
Төкпөсө кызыл каныңды.
Чабылып калган чачкынбыз,
Уруштан качкан качкынбыз,
Нускалуу жок – деп, карыбыз,
Өлгөн Тулус каныбыз,
Бечарабыз баарыбыз,
Эмине кылсаң биз турдук,
Өзүңүз кылып салыңыз,
Чапчышар жок чагыбыз,
Атышар жок алыбыз,
Алсаңыз бу – деп, малыбыз
Айбанды айдап берели,
Астына барып бир сапар
Амандык тилеп көрөлү.
Урматың баатыр ушул деп,
Кутулбадык качсак да,
Укуругуң узун деп
Алты жүз үйлүү мүлкү экен,
Ошо жерде айдап жүргөнү.
Он үч миң жарым жылкы экен
Жылкынын баарын айдатып,
Төр-Жайлакка жайнатып,
Төөнүн баарын боздотуп,
Төрт түлүктүү малдарын
Төрө Манас үстүнө
Айдап барды топтотуп.
Уйдун баарын мөөрөтүп,
Кой-козусун мааратып,
Арстан Манас үстүнө
Малдын баарын жайнатып,
Айдап келип туруптур,
Калмакты кудай уруптур.
Кырк чоронун баары бар,
Кыргыл, Бакай кары бар,
Үстүбүзгө мал айдап,
Бири айдабай, баары айдап,
Көптүгүнөн малынын
Кырк чоро турду карайлап,
Ат оттоорго чөп койбой,
Чөп койсо да, көп койбой,
Калмактар нени билди – деп,
Кандай баары жинди – деп,
Чапкылап атка минди – деп,
Калмактар бирди билди – деп,
Калкына айтып көрөлүк

Каалаар бекен динди – деп,
Кырк чоро сүйлөп калыптыр.
Айтып оозун жыйганча,
Аны-муну кылганча,
Меңкээрип калган карысы,
Он жаштагы баласы,
Беш жүз экен баарысы,
Аттан жөөлөп алышты,
Арстан Манас баатырдын
Үзүрүнө барышты,
Кужулдашып калышты.
Маанайына барышты,
Балдырашып калышты
Маңдайына бүгүлүп,
Башын ийип жүгүнүп.
Эр Манас көзүн салыптыр,
Не жүгүнөт булар? – деп,
Эчкирип күлүп калыптыр.
Калмакка көзүн салыптыр,
Канетет акыр булар? – деп,
Каткырып күлүп калыптыр.
Карарып жаткан малын – деп,
Малынын айдап баарын – деп,
Бизди көздөй сүрдү – деп,
Не үчүн мынча бүлдү – деп,
Кажылдаган калмактар
Эмнени билди? – деп,
Сурап Манас калганы,
Он алты төөгө жүктөтүп
Сегиз үй алып барганы.
Төрт жашка толгон камандан
Он экисин кармаган,
Союш үчүн камдаган.
Отоодон сегиз үй менен,
Отоголуу Канарбай
Башчысы Байгап бий менен.
Байгап келди кеп баштап,
Ландыла – деп, баштап,
Дарыя чалкар көлүбүз,
Көл ичинде нелер жок
Өзүңүз ойлоп көрүңүз.
Калың дүйнө чачканбыз,
Кабылан Манас баатыр – деп,
Кан жүргүзүп калмакка
Кырып келе жатыр – деп,
Өзүңүздөн качканбыз.
Алдырып Тулус элини,
Ашып Ала-Белини,
Адам уулу таппас – деп,
Кара тоо Кабак жерини,
Какай басып жүрбөгөн
Караңгы ормон черини
Качкын элек күнөөкөр,
Камалыппыз тим бекер.
Көк теңири айдаптыр,
Кутулат – деп, качкан жан
Шорубуз билбей кайнаптыр.
Кутула албай өзүбүз,
Качып жүргөн камалып
Кулдарды көрдү көзүңүз,
Карарган малды тартуу – деп,
Алып келдик өзүбүз.
Кырып салсам баарысын
Мал кимдики болот – деп,
Ойлонсоң ойрон кыларсың,
Ушунун баарын кырарсың.
Ойлоп көр баатыр өзүңүз,
Басташканды жок кылган
Баатырлыгың белгилүү,
Балтырлашса сойлоткон
Балбандыгың белгилүү,
Акунбешим зор бааша
Алгандыгың белгилүү,
Качырганды камандай
Чалгандыгың белгилүү,
Талкалап Ташкен шаарыны

Талкуу калмак, зуңкытай
Алгандыгыңбелгилүү.
Түп атаң Туран, алашсың,
Түрк уулунун түркүгү
Дүйнөнү алган Манассың.
Ажалдын тиер огусуң,
Алаштын жанган чогусуң,
Кыргыздын Манас эрисиң,
Кыйкырсаң кыйла жан өлгөн
Кызыр чаар шерисиң.
Сайып куруш эрлердин
Санап турсам бирисиң,
Жүргөн алаш уулунун
Жүк көтөрөр билисиң,
Жалпы кыргыз уулунда
Жалганы жок, төбүсүң,
Төгүнү жок, Турандын
Жүк көтөрөр лөгүсүң!
Жооладык сизди, кутурдук,
Акыры укуругуңдан
Алты айга араң кутулдук,
Душман болуп жүрсөк да
Тузагыңа тутулдук.
Тартуу малы-башыбыз,
Ырайым кылсаң коёрсуң,
Көздөн аккан жашыбыз.
Манас келген бешимде,
Тартуу келди калмактан
Кечки дигер кезинде.
Кандай айтсаң көтөрдүк,
Өкүмүңө көнөбүз,
Каардансаң кырып кет,
Каза жетсе өлөбүз.
Алдыңа келдик жыгылып,
Арстан Манас төрөбүз,
Арпа өнбөс жерде таруу жок,
Ажалсыз өлүм чаруу жок,
Ар канча кылсаң биз турдук,
Атыша кетер каруу жок.
Уйкусуз жерде түш да жок,
Урушар бизде күч да жок.
Букарабыз, карайбыз,
Бузук кылар ал да жок,
Муңубузду айтып зарлайбыз,
Айдыңыңа карайбыз,
Ак күмүш эмес, калайбыз,
Арзыбызды айтып зарлайбыз.
Аргымакпыз басык жок,
Алган эрге катынбыз,
Андан бөлөк жазык жок.
Канарбай, Байгап аны айтып,
Калмактардын коркогу
Карап көзүн алайтып,
Коркогунун баарысы,
Жашы менен карысы
Үшкүрүгү көп болуп,
Өңдөрү сары чөп болуп,
Түркүчө тилди биле албай,
Түктөйүшүп турганы,
Калмактар карап турганда
Кан Манас кебин урганы:
«Байгап экен атыңыз,
Манжурия, тыргоот бар,
Кай уруудан затыңыз?
Канар экен байыңыз,
Айылга Манас келди – деп,
Абыдан кетип жайыңыз,
Болжоп турсам боздойсуз
Бошогондой шайыңыз.
Дүнүйөнү кубасыз,
Тууганыңда энеден
Жыпжылаңач тубасыз.
Жылас болгон дүнүйө
Жыргатат – деп турасыз,
Жыйып-терип мал айдап
Бизди көздөй кубасыз,

Мал тартсак жанды коёр – деп,
Тартпасак жалпы соёр деп,
Көңүлгө алып турасыз,
Эсирткен эски жалгандыр,
Сиздер эмес, биз эмес
Нечен жандан калгандыр.
Эскиден жаңы чыкты – деп,
Эне-атаңды алгандыр,
Эсепсиз эски бу дүйнө
Нечен бир жандан калгандыр.
Эсепсиз эски дүйнөсүң,
Несине Байгап сүйүнөсүң?
Акбешим улук каныңыз,
Ашташ болуп жүрбөдүң,
Ар кайсың бир-бир үйдөсүң,
Аңдасаң Байгап, Канарым
Баянын Манас сүйлөсүн.
Турсаң дүйнө кызыктыр,
Тун балаңдан ысыктыр,
Турганын ар кез көрбөдүм,
Туура эместир, кыйшыктыр.
Кетсе дүйнө кейиштир,
Кейите турган не иштир.
Кейитерин айтайын,
Кетсин качып шайтаның,
Дүнүйө деген аты бар,
Түбү-жайы дозоктон,
Дүнүйөлүү бенденин
Жатарын билбей бир күндө
Жалган жайда шады бар.
Сүйлөгөн кепти угуңуз,
Дүнүйө деген сулуу кыз,
Кошулбаган топурак,
Осол дебей ойлоп бак.
Кошулган болсо топурак
Кыйла кыйын көп болмок
Дүнүйө чиркин тосулмак.
Токтому жок чиркинди
Токтотуп калчуу немедей
Далай жанда зар келди.
Бул дүйнөдө сулуу кыз,
Дүнүйө жайын угуңуз,
Атасы анын суу – деди,
Сулуулугу бу – деди,
Энеси анын от – деди,
Өзү менен туушкан
Эсеп, акыл, чот – деди,
Тутмак менен бендеге
Туура опасы жок – деди.
Амыйрам деген акылды
Алган эриң ким десе
Көргөзгөн экен бакылды,
Куп сүйөбүз Байгап жан
Опасы жок каапырды.
Акырет күнү көрөсүз
Адамзат бенденин
Жүрөгү чыгып өлгөндөй
Доңуз баштуу катынды.
Көрүүгө доңуз башы бар,
Көгала болгон чачы бар,
Сексенге жакын жашы бар.
Эшек кулак, доңуз баш,
Керек ооз, аюу каш,
Көзү маймыл, каман тиш,
Көрүүгө кыйын ушул иш.
Адам сүрөт, аягы бил,
Айтууга болбойт аны тил,
Аты болор дүнүйө,
Мени менен кошулуп
Жүрүңүз – деп, дозокко
Азап болор күнүгө,
Азат боюң дүркүрөп
Денесинде түгүнө.
Жалган жайда сүйдүң – деп,
Жаның-тениң күйдүң – деп,
Жакшы көрүп жүрдүң – деп,

Камымды кылдың менин – деп,
Жалган жайда дүйнөңмүн
Жакшы көргөн сенин – деп,
Бейопо дүйнө бекердир,
Бейэсеп ширин шекердир,
Келген болсо дүнүйө
Келинчек кыз-нөкөрдүр,
Кетмен, балта көтөргөн,
Бүлүнгөндү бүтүргөн
Кердени жоон чекердир,
Кетерине алганда
Апсун окуп, дем салган,
Чарк имерип бакта алган
Мастан кемпир экендир.
Байгап, Канар баарыңар,
Жашың менен карыңар
Өзүңөргө буюрсун малыңар,
Өбөктөбө, жүгүнбө,
Тек туруңар баарыңар.
Астыңда баскан жер – деди,
Көтөрүп турган кандай жан,
Билсеңер айтып бер – деди.
Токой көрдүң, тоо көрдүң,
Ушунчаны көтөрүп
Сурап акын албаган
Ушу кандай эр?! – деди,
Жер үстүнө сыйбайсың
Түрлүү түмөн эл – деди,
Мен көтөрүп турам – деп,
Акымды алам мындан – деп,
Доолаган барбы сиздерден?
Бере албасаң жообун
Соболун сура биздерден.
Кол менен куюп кут кылып,
Койкойтуп жасап бут кылып,
Уялыңар эмесе
Буттан жардам издээрден.
Алты жүз экен түтүнүң,
Куюп алган кут болсо,
Баарын алып келиңер
Үйүңөрдө бут болсо.
Башаратын көрөлүк,
Кудай болсо биз дагы
Өкүмүнө көнөлүк,
Алып баарын келиңер
Өнөрүн биз да көрөлүк».
Бу сөздү айтып салганы,
Шам намазын заңгырап
Ажыбай айтып калганы.
Азан үнүн угуптур,
Алламын – деп, азгырчу
Алтын буттун шайтаны
Азыр качып чыгыптыр.
Беш жүз токсон тогуз кут,
Бай Канарда бар экен
Эки тилдүү алтын бут,
Алып келди баарысын,
Тарагын – деди, көбүнү,
Карагын – деди, көгөргөн
Жайнаган жылдыз көгүнү.
Калмактар көзүн салышып,
Жылтырап жылдыз турат – деп,
Атын көздөй барышып,
Ат-атына миништи,
Акылы бардын баарысы
Акыры кудай бөлөк – деп,
Айткан сөздөн билишти.
Көк каратты кыргыз – деп,
Көп турат көктө жылдыз – деп,
Акыры буттан айрат го
Ушу келген кыргыз – деп,
Кужулдашып алганы.
Ашкан кезде бир кырды
Кайта келгин баарың – деп,
Бакай баатыр кыйкырды.
Үйүп салган кутуну,

Үстүнө таштап бутуну,
Ай караңгы, түн бүркөк,
Азыр талап ал – деди
Өз-өзүңдүн кутуңду.
Бириңкин бириң албагын,
Билбей кармап бутуңду
Бир балаага калбагын.
Колдой турган кудайың
Өз-өзүңдүн колуңа
Өзү тиер жудайын.
Жоголбосун-житпесин,
Менин бутум ушу – деп,
Көңүлүндө диттесиң.
Ал – дегенде, жабылып
Аттан түшө калыптыр,
Ай караңгы, түн бүркөк,
Сүрөткө колун сунушту,
Бириникин бири алып,
Биле албастан турушту,
Башканыкын алдым – деп,
Балакетке калдым – деп,
Кайсы бирөө шол жерде
Сарсанаа болуп курушту.
Алып үйдөн келдиңер
Коргошун, чоюн кутунду,
Кол-колуңа туттуңбу?
Коргошун бар, мизде бар,
Котормок акыр бизде бар,
Темир да бар, чоюн бар,
Теңир – деп, жүрдүң оюңар.
Эшиктен үйгө киресиз,
Жарыкка салып көргөн соң
Жайын шондо билесиз.
Колуңдагы алганың,
Кошпоңор сөздүн жалганын,
Караңгы тышта туруңар,
Не жыныстан экенин
Өзүнөн сурап угуңар.
Меники темир экен – деп,
Жарык отко кирерде
Жарыя айтып бекемдеп,
Үйгө бирден кириңер:
Жарыкка салып көргөн соң
Жайын шондо билиңер.
Бири калай, бири мис,
Бири чоюн, бири жез,
Коло да бар, коргошун,
Куюп алган бутуңар
Мен көрөйүн колдошун,
Абыдан азиз көрүпсүз
Азезилдин жолдошун
Азгырган сени азезил
Адашарсың анык бил.
Бирден-бирден кут кармап,
Кут – деп, койгон бут кармап,
Караңгыда турушту,
Канжадан түтүн бурашып,
Куру темир чоюндан
Сен несиң? – деп, сурашып.
Абийирдүүрөөктүр алардан
Азандан качкан азезил,
Темир несин сүйлөсүн,
Чыкпады андан бир ооз тил.
Кутунай, Чубак бул экөө
Эшикти тосуп турады,
Эшикке жакын келгенде
Колуңдагы алганың
Эмине? – деп сурады.
Бирөө кирди, мис – деди,
Канар менен Байгапты
Алып Манас олтуруп,
Абыдан уккун сиз – деди.
Мис дегенин алыптыр,
Жарыкка салып караса
Чоюн чыгып калыптыр.
Бирөө кирди, жез – деди,

Канар менен Байгапты
Алып кара тез – деди.
Жез дегенин алыптыр,
Темир чыгып калыптыр.
Бирөө айтты колону,
Коло деген сүрөтү
Коргошундан болгону.
Бирөө айтты калайды,
Бириники чын чыкпай
Арстан Манас баатыры
Адаштырды далайды.
Калай деген жез болду,
Каапырлар карап нез болду,
Караңгылык кеч болду.
Алты жүз экен бутуңар,
Куюп алган кутуңар.
Кудай болсо кутуңар
Асман толгон көп жылдыз,
Алдырып келип бирини
Азыр жерге тутуңар,
Аны мен да көрөйүн,
Айтканына көнөйүн».
Антип Манас сөздөдү,
Сөзү артынан токтолбой
Байгап сөзүн көздөдү:
«Баатыр, сенин кудайың
Сенден мен да сурайын,
Асмандагы жылдыздын
Азыр бирө .н келтирчи
Андан кийин мен дагы
Айтканыңа турайын».
Ал сөздү айтып салганы,
Арстан Манас баатыры
Абунасыр заманга
Азыр кетти акылы.
Айкожо болсо кашымда
Айтканын кылар элем, – деп,
Көңүлүңө алыптыр,
Кысталган жерде жардамчы
Кырк чилтен келип калыптыр.
Аскери бар кашында,
Улуу тоонун башында,
Абунасыр заманы
Аралаш турган немедей
Манастын такалганына
Мыйыгы күлүп калганы.
Мыйыгынан күлүптүр,
Кыраан Манас баатырдын
Кысталганын билиптир,
Оомийин – деп, кол жайып,
Дуба кылып ийиптир,
Асмандан бир жылдызды
Кырк чилтен алып кириптир,
Караңгы түнү жапжарык,
Келе жатыр баркырап,
Жер дүнүйө көрүндү
Күн тийгендей жаркырап.
Ааламга батар неме эмес,
Асманда келе жатса да
Чоңдугу айдан кем эмес.
Бар кудай башка салгандай,
Эгер жерге бир түшсө
Дүнүйөнү бир жылдыз
Түк койбой басып калгандай.
Калмактар көрүп кайгырып,
Коркуп жүрөк айрылып,
Оюн десек, чынбы – деп,
Ойрон Байгап кылды – деп,
Ойроттун баарын кырды – деп,
Ойбойду калмак салганы.
Өлтүрөт өрттөп бизди – деп,
Калмактын баары өкүнүп,
Кайгайлашып өкүрүп,
Өздөрү жалгыз келчүдөй
Үмүт үздү жанынан,
Жылдыз жерге бир түшсө

Калбас эле кыпындай
Бу дүйнөнүн баарынан.
Калмактын баары чогулуп,
Кайтарар арга барбы? – деп,
Кан Манаска чокунуп,
Кужулдап кудай урганы,
Кабыл кылган ак таала
Айкожо кылган дубаны,
Кайтса экен деп бу жылдыз
Кырк чилтен баары чуулады.
Ал жылдыздын келмеги
Аш башымга жетиптир,
Амыры менен Алланын
Асманга жылдыз кетиптир.
Асманга кайра жөнөдү,
Адам бенде баарысын
Алла Таала жөлөдү.
Жөлөбөсө неткени,
Жөнөп жылдыз кеткени,
Жылдыз барды кайта учуп
Жылдыздардын ичине,
Андан чоң жылдыз ар канча,
Ал жылдыздын жанында
Араң көзгө илинет
Баарысынан кичине.
Манас айткан сөз менен,
Калмактын баары карашып
Көрүп турду көз менен.
Кырк чилтен бири келгени,
Сүрөтүн бок бол! – дегени,
Сүйлөгөн тили жок болуп,
Сүрөттүн баары жыгылды
Былжыраган бок болуп,
Үмүт этип сүрөттөн
Турган калмак токтолуп,
Көрүп турду көз менен
Табынуучу сүрөтү
Жерге кирди жок болуп,
Канча каапыр болсо да
Кантип турсун токтолуп:
Сонунду көрдүк беш жүз жан,
Эрлигиң артык Манас кан,
Не деп айтсак болобуз
Эми биз да мусулман?
Эл жатканча болгону
Беш жүз адам мусулман
Келме жаттап, тил келип,
Мусулман болуп дил эрип,
Карбаластап биздерге,
Бешимден ачка болдуңар
Берсек – деп, тамак сиздерге
Өздөрү жакшы көрүүчү,
Сүйгөнүнө берүүчү
Он эки каман айдашып,
Бая корккон чакта келиптир.
Союшуна жайлашып,
Коркулдатып каманды
Койгон экен байлашып,
Түшүндүк баатыр тилиңе,
Жаңы кирдик диниңе,
Кай малдан болот союшу,
Какай эле биздин эл
Жакшы көрүп коюшу.
Кырк кишиге биз да бир
Кызмат кылып коёлу,
Кыргызга кайсы куш болсо
Ошо малдан соёлу,
Айтып билдириңер – деп,
Өзүбүз да кошо тоёлу.
Доңузуң менен куру – деп,
Токтотпой жогот муну –
деп, Абыдан жаман арам – деп,
Акыреттин күнүндө
Жаныңа болор залал – деп,
Азыр бириң калбастан
Айлыңарга тара – деп,

Алыс-жууктан сөз барбы,
Аны айтыңар мага – деп,
Арстан Манас сурады.
Аскерден келген төрт киши
Кайып кан менен Мунарды,
Кабарын айтты буларды.
Азган-тозгон качкындан,
Үркүп качкан чачкындан
Эки жүз миңге жакын – деп,
Суңшоонун чукур оюнда,
Аркасы суунун боюнда,
Дагыра-Даңгыл башы – деп,
Бизге окшоп качып жүргөндөн
Куралган адам ушу – деп,
Ушу күндө алардын
Камашып жаткан тушу – деп,
Аларга Алла болсун жар,
Алдырбас эле аларга,
Ат жүрө албайт, жолу тар,
Күн батышы жагында
Алоокенин колу бар.
Тасыла, Себен дегени,
Жайнаган кошун келгени.
Күн батыш жагы кол менен,
Кетмен-Төбө, Анжиян
Шол тарабы жол менен
Камап алды буларды,
Кайып менен Мунарды.
Кубанды издеп келиптир,
Куруталы муну – деп,
Себен кабар бериптир.
Артынан киши чаптырып,
Алган экен чакырып,
Жетигендин тарабын,
Жерге сыйбайт көптүгү,
Жергелеп курчап алганы,
Жер жайнаган жоо болуп,
Жеткен жери тоо болуп,
Алар жатты торголуп,
Сизден себеп болбосо
Алар кетпейт соо болуп.
Айтканын баатыр угуптур,
Ачуулана караса
От көзүнөн чыгыптыр.
«Ай, Алооке, сени! – деп,
Алла Таала буюрса
Как үстүңө туу тигип,
Уруштун булаар кени – деп,
Аттанып ылдам желиңер,
Бойгуттагы Кубанга
Айтып кабар бериңер,
Коркогуң эмес, эриңер
Бачымдан кабар бериңер.
Кошуну болсо жыйылган,
Алласына сыйынган
Шашкеден калбай шар коюп,
Бачым алып келиңер!»
Семизден бирди союшуп,
Тамагына тоюшуп,
Ары-бери чалдырып
Аттарын отко коюшуп,
Чыканак жерге салышып,
Чырым этип алышып,
Казаттын туусун аштады,
Кабылан Манас шашканы,
Байгап, Канар баштады.
Канар, Байгап жол баштап,
Алтын айчык туу аштап,
Карап турса көй баатыр
Кайраттанып келатыр.
Өткөнү Көкө-Мерендир,
Өзүңөр уккан эрендер,
Алар жолго салыптыр,
Бара турсун Манасың,
Алардын жүргөн ишине
Аңдасаң айран каласың.

Байгаптан чапкан кишиси
Ашыгып жолго салыптыр,
Кубан жаткан жол тосуп,
Жолдо жаткан Кубанга
Куп кезикти жолгошуп.
Арстан Манас барганын,
Айылга конуп калганын,
Алты жүздөй кишисин
Ак динине салганын,
Алоокеден кол келип,
Кайып менен Мунарды,
Камаганын буларды
Айтып-айтып билдирди,
Аны уккан соң Кубан кан
Аскерди айдап бүлдүрдү.
Жүз токсон миң кол болуп,
Кабактын ичи карк толуп,
Тоо менен ою жол болуп,
Толкуган дайра кол болуп,
Бара турсун Кубан кан,
Балбан-баатыр канча жан.
Бадалдынын тушунан,
Пурам-Жардын учунан
Кечип Манас алыптыр,
Карагайлуу түз менен
Өзөн жолго салыптыр,
Кырк баатыры кашында,
Сыймык кушу башында.
Асты жагын караса
Ат жортпогон калың чөп,
Аскер жатыр кумдан көп.
Кубандан кабар келер – деп,
Мунар менен Кайыпка
Бу да жардам берер – деп,
Оюна баатыр алыптыр,
Сол тарабы капчыгай,
Көк жал эр көзүн салыптыр,
Найзанын учу жылтылдап,
Аскердин башы кылкылдап
Аскер чыгып калыптыр,
Аттанды Киндик бел менен,
Адырмак-артуу жер менен,
Каптаган селдей эл менен
Кан Кубан сындуу эр келген,
Каптаган кара сел келген.
Астын тосуп эр Манас
Амандашып турушту,
Айталыкчы билгенге
Атаңар кылган жумушту.
Амандашып жыйылып,
Алла Таала колдо! – деп,
Шаймерденге сыйынып,
Талаа-Тектир булактан
Жаракты белге чалынып,
Шаймерденге жалынып,
Азирет Аалы шер – дешип,
Шейит кечкен эр – дешип,
Рухуң жардам бер! – дешип,
Үрүстөм-Дастан эр – дешип,
Арбагың азыр кел! – дешип,
Алиги барган мусулман
Жоо дегенде дегдешип,
Оңдоп атын минишип,
Омуроого калкан илишип,
Чарайна төшкө тартышып,
Көпкөк темир артышып,
Өлгөнүбүзгө ыйман! – деп,
Келме шаадат айтышып,
Тобурчактын үстүнө
Мыктылап быштан тартышып,
Жаңыртып жаанын боосуну,
Саадак менен атышып
Табылгыты тоосуну,
Баланча экен күчтүү – деп,
Аткан огу ат чабым
Алыс жерге түштү – деп,

Баланча чабал экен – деп,
Алы-күчү нетти – деп,
Аткан огу саадактын
Тай жарышым жетти – деп,
Чабалга мылтык бериңер,
Чактап күчүн көрүңөр,
Жааны берди күчтүүгө,
Найза берди колуна
Жаалы катуу түстүүгө,
Кылычтарын байлады
Кыябы менен чапчууга,
Калкан берди үстүнө
Өнөр билип чапчууга,
Айбалта берди колуна
Ылдам чабар ыктууга,
Ат күлүгүн мингизип,
Астына чабар мыктыга.
Эки жүз миң кол болду,
Табылгыты бөксөсү
Аскер менен жык толду.
Тоодой кула ат астында,
Туулгасы башында,
Бири миңден коркпогон
Кырк баатыры кашында,
Эки жүз миң аскери,
Ар чорого беш миңден
Аскер бөлүп алыптыр,
Астына түшүп кырк баатыр,
Чыгып ормон токойдон
Аламан коюп калыптыр.
Каптал менен качырып,
Карсылдатып каапырдын
Башын ылдый жапырып.
Аягынан өөдө качырып,
Асманга чаңын сапырып,
Кайып кан менен Мунар кан
Кабар укпай булардан,
Бейкабар жаткан берендер,
Бере көр Алла дегендер,
Абунасыр заманы
Алардын келе жатканын
Билет экен тамамы,
Бүгүн уруш салдырбай,
Кыргын бүгүн болор – деп,
Токтоткон экен аларды.
Кайып сөз айтмак күнөө – деп,
Каран калсын дүйнө – деп,
Азыр келет урушу,
Акыры бүтөр жумушу,
Качкындарык куткарбай
Кара боюң күүлө – деп,
Тоо башында заманы.
Бөксөдөгү аскерге
Манас, Кубан баатырлар
Жаңы жетип каапырга
Тополоңду салганы.
Көрдү тоодон көп аскер,
Баатырлык кылчу бар да эл,
Аны көрүп Айкожо
Ат коюңар баарың – дээр.
Кайып кан менен Мунары,
Камдалуу аскер булары
Төө мылтык атып күпөкүп,
Доол согуп дүпөдүп,
Жаа Аллалап буркурап,
Ак Мустапа колдо! – деп,
Шаймерден! – деп, чуркурап,
Кылкандай найза жапырып,
Кырдын чаңын сапырып,
Карагай кара жыгачты
Каапырлар качып ыйлашты.
Аккула менен чуратып
Арстан Манас жетиптир,
Каны тарткан Будаң шаа
Кайрат кыла кетиптир.
Кайрылып найза салыптыр,

Кагып ийип найзасын,
Канкор найза уруптур,
Чарайна, соот, кыягы
Чапандай болду сыягы.
Төрөңүз төштөн салыптыр,
Аркасынан короюп,
Алты карыш сороюп
Жонунан чыгып калыптыр.
Найза чыкты короюп,
Будаң өлдү тороюп.
Будаң шаа туусу жыгылды,
Качкан колу каапырдын
Карагайга тыгылды,
Жолукканы соо калбай
Тоңкочуктап жыгылды.
Топосун тоонун сапырып,
Тал, кырчынды жапырып,
Кыжылдатып кытайын
Жонуна найза матырып,
Таталатып кытайды,
Тоодон ылдый жапырып,
Мөңдүлөтүп калмагын
Шорун шондой катырып,
Өзүң уккан көй баатыр
Өлүм даамын таттырып,
Бараң мылтык атылып,
Калаба салган каапырлар
Өлүмгө башы чатылып,
Кубан, Манас кол менен
Астын тосуп алыптыр,
Мунар, Кайып тоо алды,
Тополоңду салыптыр,
Ат жүрбөгөн бийикте,
Мусулман, каапыр-эки кол
Аралашты кийикке.
Кытай качып үркүшүп,
Кыйкырыктан, мылтыктан
Эчки-теке дүргүшүп,
Капчалга боюн урганы,
Качып кетер жер таппай,
Камалып каапыр турганы.
Каптап кыргыз киргенде
Теке кеткен зоо менен,
Кылчайып уруш кыла албай
Кыйкырган кыргыз жоо менен,
Таш башында турушуп,
Кыйкырып кирип келгенде
Өлмөк үчүн өздөрү,
Жумулуп эки көздөрү,
Ташка боюн урушуп,
Аралаш качкан кийиги,
Алиги таштын бийиги
Ал жердеги асканын
Аз болгон жери ат чабым,
Нак ошо жерге бүтүптүр
Жыгачтын кени арчанын,
Лайламалуу! – деп,
Кытайдын баары чуркурап,
Кузгундай учуп куркурап,
Таштан кулап кетишип,
Түшкөн жери дарыя,
Ажалдары жетишип,
Ташка тийип жолдогу
Талкаланып кол-буту,
Жалгызы да аман болбоду.
Башы ташка чабылып,
Мээси ташка жабылып,
Ичегиси-карыны
Алды жыгач баарыны.
Куланып сууга жетишип,
Арыкка салган коргоолдой
Дарыяга кетишип,
Суу бөгөлдү өлүгү,
Тоодо калды көлүгү.
Тасыла менен Себени,
Мен баатырмын дегени

Баргандан бери кутулбай
Баатырлар башын жегени.
Эсепсиз кытай өлүптүр,
Кыйынсынган Себениң
Кыраан Манас баатырың
Кылычтап сегиз бөлүптүр.
Баатырсынган бу дагы
Тасыладай каапырды
Акбалтанын Чубагы
Алтын кемер четине,
Ай далынын бетине
Найза сайып бу дагы,
Чубактан найза жетиптир,
Ат-маты менен куланып,
Таштан алыс кетиптир.
Ат-тонунан алган жок,
Учуп кетип бийиктен,
Бир немеси калган жок.
Талкаланып тизеси,
Талга илинип кизеси,
Азат бою бүлүнүп,
Ар жарактын баарысы
Таш-жыгачка илинип,
Суудан көрдү өлүгүн,
Кара жыгач, кайың, тал
Тоодон жыйды көлүгүн.
Үч жүз миң экен келгени,
Үч жүзү калбай өлгөнү.
Кытайдын алды жарагын,
Кыраан Манас барында
Кыр Угуздун балдары
Кылганына карагын,
Чукур-Сууда жол болуп,
Качкандын баарын чогултуп,
Эки жүз миң кол болуп,
Дагыра-Даңгыл туруптур,
Аларды кудай уруптур.
Урбаганда неткени,
Ар тарапка тарашып,
Ат жүрөр жерин карашып,
Кыргыздын баары кеткени.
Жогору жагы Чамынды,
Чамынды жолун бет алып
Отуз миң кыргыз камынды.
Күн батыш жагы Кара-Кыр,
Карагандуу коо менен,
Кайып жүрбөс тоо менен,
Кырга чыгып чуулашып,
Кыйын экен жолу – деп,
Бир-биринен сурашып,
Чөө бөрүдөй чубашып,
Адашканы кайтсын – деп,
Кагаз тилин айтсын – деп,
Мамыдай казык кагышып,
Башына жазуу тагышып,
Кыргыздар жолго салыптыр,
Кырдап жүрүп алыптыр,
Кыяматтын журтуна
Кайткан жердин атагы
Казы-Кыр атка калыптыр,
Кыжылдаган кол болуп,
Кыбыла жагын алыптыр.
Арадан өтүп бир түнү,
Аскер кыргыз баарысы
Эртеңки күнү шашкеде
Урушмакка күтүндү.
Тоо-таштын баары толду – деп,
Жылдыздай болуп от чыкты,
Кандай заман болду? – деп,
Башында уруш салгандар,
Жүрөгү түшүп калгандар
Маңгул менен калмагы
Балдырашып калганы.
Эртесинде шашкеде
Ар тараптан кол чыкты,
Ногойлоп ураан тартышып,

Октоп мылтык атышып,
Оңдоп жаа тартышып,
Туш-тушунан кол чыкты,
Душманга тууган көй мыкты
Табылгыты жол менен,
Таамай кырк миң кол менен,
Азирет! – деп, акырып,
Астын тоскон каапырды
Жаканы көздөй жапырды.
Жылаңач-Бугу башынан,
Айкожонун кашынан
Кайып кан менен Мунарды,
Учуруп тоодон уларды,
Көрөр болсоң буларды,
Кара жыгач, четинди
Жыкылдаган кол басып
Жылаңач-Бугу бетини,
Алар келди акырып,
Тоо таянган каапырды
Ойду көздей жапырды.
Аккула менен чуратып,
Аккелтенин түтүнүн
Асманды көздөй булатып,
Астына келген каапырды
Айбалта менен сулатып,
Баабедин! – деп, бакырып,
Манастап ураан чакырып,
Баатыр Чубак, эр Сыргак
Барган экен ушулар.
Ашкан бели Чамынды,
Аскер чыгып жабылды,
Аякта жаткан калмактар
Качмак үчүн камынды,
Токойду көздөй жамынды.
Кыйратып кыргыз, аламан
Коюп кетип баратыр,
Кыжылдатып кытайды
Союп кетип баратыр,
Айбалталап чокусун
Оюп кетип баратыр,
Алты-бештен ар жерге
Коюп кетип баратыр,
Кызыл канга камбылдар
Тоюп кетип баратыр.
Бөрү тийген кой өңдүү
Бөлүп кетип баратыр,
Мөңдүлөгөн каапырлар
Өлүп кетип баратыр.
Атын алып ар жерден
Алып кетип баратыр,
Акыр заман башына
Салып кетип баратыр,
Колу-буту сынганы,
Чала өлүк болгон калмагы
Калып кетип баратыр.
Салала деген аты бар,
Айбандан башка заты бар,
Салала атты моюндап,
Сал кутуну коюндап,
Дагыра баатыр эр экен,
Даңгуу калмак эл экен,
Токойдон тосуп турушту,
Тополоң салган кыргызга
Токтотом – деп, урушту.
Көтөн ооз көк бараң,
Көчүрүп жерди бул арам,
Башынан түтүн ачылбай,
Бадырап мылтык басылбай,
Атып туруп алыптыр,
Атканын угуп эр Сыргак
Аңдып жетип барыптыр.
Сундуруп найза тартпаган,
Сумсайып жоодон кайтпаган,
Султан Сыргак жетиптир,
Капилет жерден качырып,
Бетине мылтык алганча

Эр Сыргак найза нетиптир,
Салала аттын үстүнөн
Далдайып кулап кетиптир.
Колго кылыч тутуптур,
Дагыраны эр Сыргак
Так ошо жерде жутуптур.
Жанын кыйып салыптыр,
Жарагын бүтүн алыптыр,
Жаалданып баш ылдый
Жапырып уруш салыптыр.
Ажыбай, Чалыбай бу дагы,
Акбалтанын Чубагы
Күн батыш жакка тоо менен,
Салаа-салаа зоо менен
Кыйкырып кыргыз кириптир,
Кыбыла жагын кыйратып,
Кыргын салып ийиптир.
Алакайыр баатыры
Астын тосуп акыры,
Чалыбайга уруш салыптыр.
Кокту менен салыптыр,
Колун баштап Ажы акең
Туура жактан жетиптир,
Чалыбайга карап турганда
Аркадан жетип Ажы акең
Сыр найза менен нетиптир,
Сыртынан салган найзасы
Боорунан чыгып кетиптир.
Алакайыр анда өлдү,
Алтымыш миң кол менен
Ажыбай, Чалыбай жөнөлдү.
Аскалуу деген тоо менен,
Ат жүрбөгөн коо менен
Манас кирип калыптыр,
Даңгы чыкты жолунан,
Не келсин анын колунан,
Аккула менен куткарбай
Азыр жетип, эр Манас
Даңгуунун тутту жонунан.
Даңгы колго түшкөнү,
Аны көргөн каапырлар
Жандан үмүт үзгөнү.
Пайналашып чуркурап,
Баары бирдей буркурап,
Лайлама колдо! – деп,
Лаанатка сыйынып,
Суу боюна чогулуп,
Өлгөнүнөн калганы
Чуулдашып чокунуп,
Баары турду жыйылып.
Баатырлары өлгөнү,
Өлгөнүн көзү көргөнү,
Карыясы Дөрбөнү
Жылчыксыз кылып кол алды,
Кутулар жерин көрбөдү.
Саадак, курун, кылычын,
Дөрбөндүн кара кылышын,
Асып алып мойнуна,
Жашын төгүп койнуна,
Байкады иштин соңуна,
Манастын чыкты жолуна,
Өлтүрсөң мына өлдүм деп,
Туз уучтаптыр колуна.
Жан соогаттап жалынып,
Мойнуна бото салынып,
«Аркы атаң Алаш, тууганбыз,
Намыс жолун кууганбыз,
Азган күнү уруштук,
Ар уруудан кошулуп
Аскер болуп турганбыз,
Качтык сизден, кутулдук,
Алоокеге таянып,
Атышсак – деп, кутурдук,
Арбагың бийик экенсиң,
Колуңузга тутулдук.
Арбагың бийик, атың зор,

Өз жакынын жат көрүп,
Арылбаган биздин шор.
Кара сөздүн соңуна,
Келген ишиң оңуна,
Жаныбызды кыйба! – деп,
Тартуу келдик жолуңа,
Качкындардын баарысы
Кайта түштүк колуңа.
Кырсаң мына өзүбүз,
Жумулар биздин көзүбүз,
Журт керек – деп, бир кезде
Өкүнөрсүз өзүңүз.
Чычканга бөрү тойчу эмес,
Чымчык жүрүп семирип,
Ченесе батман болчу эмес.
Биз чычкан да, сиз бөрү,
Алооке деген кытай кан,
Атасынын куп көрү!
Биз чымчык да, сиз батман,
Эми кайтып жанар – деп,
Кооп кылба биз жактан.
Дагыра, Даңгы, Алакайыр
Баш болгон аскер бир бизге,
Басташпайбыз биз сизге.
Ал үчөөнүн өлгөнүн,
Аларың душман болгон – деп,
Кыйыктасаң биздерди
Кырып салып жөнөгүн.
Башыбыз маңгул Кара кан
Мажусу динди каалаган.
Нуркубуз Туран уулубуз,
Жан соогат! – деп, турубуз,
Эми аныктап багындык,
Жана койбос мунубуз.
Суңшоонун башы Тарагай,
Журтунан келген бир далай,
Саяң-Жайлоо, Үч-Суудан
Жазгандар келген ушундан.
Көбү келген көл жактан,
Качып келген канча бар
Чүйдүн аяк чөл жактан.
Араник шаар, Чыйырчык,
Ары чети Ташкенден,
Илебиден, Кашкелден,
Алоокеге жыйылып
Арбыганбыз башка элден.
Алакайыр, Даңгыны
Аскерине баш кылды,
Ушу колду сен бил – деп,
Дагырага тапшырды,
Кылды Алооке кызыталак,
Кыйланы жерге жапшырды.
Эки жүз миң кол элек,
Жалпы кырып салды – деп,
Калгандары жыйылып,
Чарадай жерде калды» – деп,
Ак калпак кыргыз куп билген
Алоокенин чатагын,
Али ушу күндө дагы бар.
Чарадай жерде калды – деп,
Чарабай болуп атагы.
Ажыбай менен Чалыбай,
Жумгалдыктын Кубаны
Анжиян жаккы тоосуна
Чыгып алып турганы.
Калмактар сүйлөп калдырап,
Көзүн салып жалдырап,
Колу кумдай толду – деп,
Кокту-кырдын баарысы
Мусулман колу болду – деп,
Тоонун бети толуптур,
Чуңкурдун өйүз-бүйүзү
Мусулман колу болуптур,
Колго боор толуптур.
Алоокеге качар – деп,
Анжиян белин ашар – деп,

Алтымыш миң кол барып
Ар жагын тосуп алыптыр,
Кол жыйылган тоо үчүн
Ошо жердин атагы
Колбоор атка калыптыр.
Манас менен Дөрбөнү
Жыйылышып турганда
Кайып менен Мунары
Канча түрлүү олжо алып,
Кашына барды булары.
Жетелешип аттарын,
Жарыктык кандай жер – дешип,
Өз-өзүнө айтып даттарын,
Көтөрүшүп кошторун,
Көт жагына айдай көр
Чубатып аттын бошторун,
Чуңкур-Суунун талаага
Адамдын баары топтошуп,
Аскеринин баарысын
Кайта баштан жоктошуп,
Кайып менен Мунары
Карап турсаң буларды
Келгени чатак жол экен,
Панус кан бар ичинде,
Жүз токсон миң кол экен.
Кубан кан кабар салыптыр,
Суңшоо менен Чүйүнөн,
Эркегин койбой үйүнөн,
Суусамырдан, Таластан
Аскер келип калыптыр.
Эки жүз миң, он беш миң
Эсеп кылып көрүптүр,
Кайып кан тоого камалган,
Алты күнкү урушта
Жети киши өлүптүр.
Бекке боюн салышып,
Тоо башында чуңкурга
Бекинип жатып калышып,
Мергенинин баарысы,
Ушунчалык көп болгон
Огу менен дарысы,
Бетине мылтык алышып,
Беттеп келген каапырды
Мерт таптырып салышып,
Боюн ташка жашырып,
Алмадай болгон кара баш
Анча-мынча ашырып,
Кароолго көзү жеткени
Каршы чапкан каапырдын
Бири да аман кетпеди,
Камалып жаткан жеринде
Канкор Манас, кан Кубан
Угуп-билип көрдүңөр
Калаба салып жеткенин,
Нарын, Көкө-Мерендин
Арасында кырылып,
Аскердин өлүп кеткенин.
Алооке колун жапырып,
Аңдадыңар дагы да
Канкор Манас кашына
Кайып, Мунар жеткенин.
Аскердин баары чогулуп,
Калмактар турат чокунуп,
Тартууга келген Дөрбөндү,
Калкы менен Кайып кан
Калмактарды көргөнү.
Кандай турат булар? – деп,
Кайып кан, Мунар сурайт кеп.
Манас баатыр кеп айтат:
«Жан соогаттап, жалынып,
Мойнуна бото салынып,
Карап турсаңмуну – деп,
Мойнунда бото куру – деп,
Жалынып келип бизderден
Жандарын сурап туру» – деп.
Кайып каны сүйлөдү:

«Өзгөгө несин айтасыз,
Өзүңүз билгин муну» – деп.
Кабакка келген кошундан
Калбады жалгыз ушундан.
Кытай экен, тарса экен,
Каңгай экен, калча экен,
Жөөт экен, ынды экен,
Жөнүн кудай кылды – деп,
Кайып кан, Мунар, Кубан кан
Арманы жок кырды – деп,
Кабактын ичин кан кылдык,
Каапырды жанчып нан кылдык,
Кетти сууга өлүгү
Керүүдө калды көлүгү,
Акты сууга денеси,
Балыктын барбы жебеси,
Канын баштап өлтүрдүк,
Кан Алооке калыгын
Тоюнттук суунун балыгын.
Сууга кетти көй төрө,
Жайык жерге барганда
Өлүктөн болор көп дөбө.
Кеткени дөбө болор – деп,
Эр Бакай айтып мындай кеп,
Кубан кан, Мунар кары бар,
Кайып кан, Бакай баары бар,
Башына селде чалынып,
Бадыша Мунар дагы бар,
Сүкүткө кирди кожосу,
Өткөндөрдүн сөзү бу.
Уругу Туран улуу журт,
Ужудубуз бирге го,
Казатта жүрбүз жол басып,
Калмактарда не жазык.
Каны жок, кара калк экен,
Кан өкүмүн тутунуу
Мурунку элдин салты экен.
Уругу маңгул Кара кан,
Тыргоот аке балдары
Калмак болуп тараган,
Карыя Дөрбөн сен дагы.
Алооке берип уруксат
Урушууга келгениң,
Качкындан канча эл – деди,
Кабарын айтып бер – деди.
Алооке жазган канатын,
Аскерге силер келгенде
Алдыңар беле санатын?
Тогуз-Торо, Чуңкур-Суу,
Өлүк менен толтурдук
Өйүз-бүйүз чуңкурду.
Бу сөздү сурап калганы,
Чарадай жерде турат – деп,
Дөргөсү айтып салганы.
Дөрбөн менен Дөргөсү
Тырмактай жерде турат – деп,
Аскерин алар көргөздү.
Эки жүз миң кол экен,
Эрегиш эрдин шору экен,
Жетимиш миң алты жүз
Адамы өлүп болгон түз,
Атышып адам канча өлгөн,
Аманат жалган дүйнөдөн
Акылың болсо күдөр үз.
Дөрбөн, Дөргө карысы,
Токсону келген кошулуп,
Токтолуп турду баарысы.
Токтолуп турба акыр – деп,
Өлгөндөн калган аскериң
Баарын мында чакыр – деп,
Чакыртты Манас баарысын,
Алардын угуп арызын
Кебим ушу тыңда – деп,
Келсин баары мында – деп,
Анжиян ашам дегениң
Атыңдан үмүт кылба – деп,

Атыңды берип, өзүң кет,
Алоокеге барып жет.
Аты Алооке шайтаның,
Баргандын баарын кырды! – деп,
Маалымдыр барып айтарың.
Даттаарсың барып каныңа,
Эгем таала буюрса,
Ээ боло албас Алоокең
Өзүнүн кара жанына.
Арстан Манас муну айтып,
Атасы өлгөн бала бар,
Ажалга кандай чара бар,
Баласы өлгөн ата бар,
Баарысында капа бар,
Иниси өлүп, ага бар,
Ажалына кудайдын
Издесең кандай дабаа бар,
Агасы өлгөн, ини бар,
Наалыганын билип ал.
Жүз отуз миң кол калган,
Мурунтадан бер жакка
Шарият деген жол калган.
Булар да биздин урук – деп,
Бузуктан өлдү куруп – деп,
Өкүмүнө көндүрдү,
Калмактардын өлүгүн
Казып жерге көмдүрдү.
Анжиянга барганга
Отуз төрт киши бөлүндү.
Үйүбүз бар анда – деп,
Анда Бакай кеп айтат:
«Отуз киши не кылат,
Минген атын алба – деп,
Барсын Алоокесине,
Аман болсо алтайлык
Айланып бир жыл болгондо
Алооке келер эсине.
Чабалдын ишин кылбайлык,
Багынган соң ат алып,
Жамандын ишин кылбайлык.
Азыркы тирүү турганы
Ат-тону менен кетсин – деп,
Өлгөндөрдүн убалы
Алоокеге жетсин!» – деп,
Айтып Бакай салганы,
Алиги турган калмактар
Ыраазы болуп калганы.
Тоо башына токтолуп
Мунар, Кайып бөлүндү,
Тозуп жаткан биз элек,
Шол күнөөнү кечкен соң
Туугандыгы билинди,
Туталы – деп, динини,
Аркасынан эргешип
Акыры жүрүп өлөлүк,
Айтканына көнөлүк,
Бузук сөздү сүйлөбөс
Тили жакшы көрүнөт,
Мусулман деген калктын
Дини жакшы көрүнөт.
Күн батышка карашып
Чокунат экен каймана,
Белги койбой маңдайга.
Бетин жерге салышты,
Өөдө туруп, бир кезде
Өбөктөшүп калышты,
Улугуна жүгүнбөй,
Урматтайт экен кудайын,
Улуу-кичүү тең туруп,
Чокунат экен жудайын.
Көрүнбөгөн кудайга
Көңкү баары жалынды,
Каймана кайып кудайга
Катар туруп жалынды.
Ал жерде турган мусулман
Алып даарат суусунан

Окуган экен бешимди,
Ар мүнөзүн көргөн соң
Калмактар бейли чечилди,
Кайып менен Мунарды
Камап жаткан алты күн,
Ал иштен мурун тууган – деп,
Күнөөлөрү кечилди.
Кечилген соң күнөөсү
Келип элге сүйлөштү:
Тогуз-Торо боюна
Толо конуп алышып,
Токойдон жагып салышып,
Кош башына бир семиз,
Колдун баары тептегиз,
Асый бээден союшуп,
Аппак майга тоюшуп,
Карылуу атын чуратып,
Карды көккө буратып,
Аркы өйүздөн, берки өйүз
Арыштуу аттын баарысын
Агып жаткан дайрасын
Аттанып өтүп алышып,
Адырдан аркар кубалап
Аңгемесин салышып,
Жаңы болгон мусулман
Айкожого барышып,
Насият угуп алышып,
Бирлигин угуп кудайдын
Шариятка канышып,
Ар жагы тууган, тили бир,
Азыр болду дини бир,
Түркү тилдин түбү бар,
Азыр дагы калмакта
Ушу күндө көбү бар.
Аркы түбү түрктүр,
Каапырдын баары бүрүктүр,
Шоодайды кессек экен – деп,
Калмактын көбү бөлүптүр,
Ашыкпай кийин кескин – деп,
Мусулмандын баарысы
Шылдың кылып күлүптүр.
Үйрөнүп намаз билишип,
Мусулмандын баарынын
Урматына киришип,
Ошол жерде беш күн жатышып,
Мергендер кийик атышып,
Мазкилиске батышып,
Кайып кан менен Мунарды,
Касиеттеп буларды,
Мусулман болгон кара калк
Буларды баштап жөнөдү.
Жаканын жолу жаман – деп,
Көчкү жүрөр кар – деди,
Көп катары бар – деди.
Ошо жерден колду төрт бөлдү,
Ал кездеги кыргыздын
Жүргөн жагы өрт болду.
Кубан, Кайып, Канары
Табылгыты жолуна
Кайра салды алары,
Калкы баштап буларды
Айгожо, Кайып, Мунарды.
Кыр ашууга салыптыр,
Кара калык ашкан бел
Каргалык атка калыптыр.
Терс-Маёну бойлошуп,
Не да болсо бир күндө
Элдин чети Кашкарга
Киребиз – деп, ойлошуп,
Өзөлүк суунун боюна
А күнү келип конушуп,
Туз-Тоодогу калмактан
Союшу келди, толушуп,
Андан жөнөп калышып,
Ара-Жайлоо конушуп,
Ат откоруп алышып,

Алда! – деп, жолго салышып,
Бара турсун баатырлар,
Балакети кыйла бар.
Манас баштап кырк бөрү
Бадышанын жөкөрү,
Суңшоо менен салыптыр,
Бөксөсүндө жолу бар,
Бөлүнүп чыккан аскердин
Он бир миң үч жүз колу бар.
Ат бойлогус кары бар,
Аны менен үстүндө
Ар түрлүү аңдын баары бар.
Калың экен кары – деп,
Как ушу жерде бар экен
Кайберендин баары – деп,
Мурунку түрктүн тилинде
Көбүн айткан додо – деп,
Карды калмак мөл – деген,
Манасы бар башында,
Баатырлары кашында,
Суңшоо деген кайда? – деп,
Бөксөдө жолго салыптыр,
Акыр заман журтуна
Дөдөмөл атка калыптыр.
Көңкү аскер келип конуптур,
Көпчүлүк аттын тезеги
Эртеңи туруп караса
Көңдөн калың болуптур.
Көй төрө жолго салыптыр,
Конгон жердин атагы
Көңдүк атка калыптыр.
Эртеңки күндө калкылдап,
Суңшоодон барган калмактар
Баатырды баштап шаркылдап,
Ашып жалгыз кырыны,
Арстан Манас барында
Каапырга салган чырыны,
Калмактар билген сырыны,
Кашындагы биз эмес,
Кайдан билдик бул сөздүн
Калпы менен чынына.
Култканын калмагы
Куп коноктоп салганы,
Бадыша Манас келди – деп,
Баары да дүрбөп калганы.
Тоого бүткөн көл бар – деп,
Ар тарабы баарысы
Аштык бышкан чөл бар – деп,
Тоого бүткөн сонунун,
Кер-Көлгө барчу жолунун
Оңунда болсо жетели,
Ошону басып кетели.
Ал сөздү айтып салыптыр,
Абыр-шабыр ат минип,
Ат минсе да бат минип,
Капчыгайын өрдөшүп,
Калкылдашып жөнөшүп,
Тууну жыгып бүктөшүп,
Тулпарга кошун жүктөшүп,
Калкан, соот бүктөшүп,
Качырга кошун жүктөшүп,
Чатырлап жолго салыптыр.
Күн абага толгондо,
Түш жакындап болгондо
Келди көлдүн бетине,
Жакын келсе четине
Жан тургусуз суук шамал
Жаткан экен кыйкырып.
Аягы менен өтүшүп,
Ач кайкаңга жетишип,
Конуп Кочкор жерине,
Ашып Семиз-Белини,
Өзөндүү жолго салыптыр,
Өзүнө карап калган эл,
Ач кайкалаң кара бел,
Ашып өтүп алыптыр,
Асты жагын караса
Аяк-башы көз жеткис

Көл көрүнүп калыптыр.
Муздабаптыр бу көл – деп,
Кыштын кыраан чилдеде
Муздабас кандай куу көл – деп,
Бара жатыр шартылдап,
Баягы көлгө жакындап,
Карап калган калмактар,
Канча түрлүү элден бар,
Баатыр келди көрөбүз!
Каршы-терши талпылдап,
Бээ-байталын минишип,
Бел ашып жолго киришип,
Ак-Теректин сазына,
Кер-Көл ата кашына
Келип конуп калышып,
Аскер артта көп калды,
Сол тарабы Көтмалды.
Астына киши чаптырып,
Аскерлер мында келер – деп,
Айыл башчысын чакырып,
Чатыр тигип, бээ союп,
Жайын төрө алыптыр,
Өргүп жатып калыптыр,
Үрбү баштап көп аскер
Үчүнчү күндө барыптыр.
Ал аскери келгенче
Кер-Көл ата калмагы,
Мурун каапыр болсо да
Мусулман болуп алганы.
Үй көтөрүп, тай союп,
Урматтап күтүп калганы.
Капчыгайдан чубашып,
Кайгайлашып чуулашып,
Ала-Белден ашышып,
Адырдуу талаа басышып
Көп аскер тамам барганы,
Көрүшүп алар алганы.
Аскердин баары жыйылып,
Алласына сыйынып,
Кер-Көлгө көзүн салышып,
Жылуулугу кандай? – деп,
Кечип көрүп алышып,
Ырыстуу жер ушу – деп,
Ысык экен суусу – деп,
Көпчүлүктүн баары айтып,
Ошпур, Чагоо кары айтып,
Кер-Көл атын өчүрүп,
Аты Ысык-Көл болсун! – деп,
Ылайыктап кыргызга
Ысык-Көл атка көчүрүп,
Жар чакыртып көбүнө,
Жаңы көргөн элден бар,
Таңыркашып көлүнө,
Тескейге теңи салышып,
Күрмөлүп күңгөй жол менен
Күжүлдөп жүрүп калыптыр,
Күлдү баары шыгырлап
Күрмөлүп батпай калыптыр,
Ошо күндөн ушу күн
Ошо жердин атагы
Күрмөнтү атка калыптыр.
Жолдорунун баарына
Үй көтөрүп коюшуп,
Үргүлтүп союш союшуп,
Аты Кер-Көл дайрасын
Ысык-Көл атка коюшуп,
Ашып Кызыл-Кыяны,
Аттангандан аскери
Арбыган окшойт сыягы,
Аңгемесин башташып,
Акыр заман көрсүн деп,
Алып барып аскерлер
Бир-бир таштанташташып,
Каркырага конушуп,
Кара курттай толушуп,
Ашып Төтө белини,
Союшуна байлатып
Тейиш кандын элини,

Айылды аман көрсөк – деп,
Арманы жок өлсөк – деп,
Элди эсен көрсөк – деп,
Эгер өлсө ажалдан
Эне-атаны көмсөк – деп,
Барып үйдү көрсөк – деп,
Башка түшсө көнсөк – деп,
Баладан урмат көрсөк – деп,
Карыядан өлгөнүн
Касиеттеп көмсөк – деп,
Катындан урмат көрсөк – деп,
Кол экиге бөлүнүп,
Эчки-Өлбөстүн учуна,
Тарбагатай тоосуна
Тарачу аскер ушунда.
Эчки-Өлбөс менен салышып,
Кайта-кайта дайрадан
Тепчип кечип алышып,
Бара турсун барары,
Эл-элине бет алып
Терс-Маёодон тарады.
Жер атагы Жылдыз бар,
Жолу Жылдыз, Алтай тоо,
Алтайга барчу кыргыздар
Тай-Ашуудан ашышып,
Үйгө жетсек экен – деп.
Ылдамдашып шашышып,
Өгүз-Ашуу, Тай-Ашуу
Көңүлгө түштү көп шашуу,
Ат чалдырып өтпөстөн,
Айыл үчүн дегдешип
Азык ичип көчпөстөн,
Чыканак жерге салбастан,
Тынчып уйку албастан,
Төрө Манас баш болуп,
Төрт күн удаа жол жүрүп,
Барды Бар-Көл бетине,
Баатыр аман келди! – деп,
Кабар тийди калкына –
Кара кыргыз четине.
Чайыштын уулу Саңсарбай
Чапкылап жолго салыптыр,
Кажыртыда жылкыга
Кан Жакып бай барыптыр,
Башкарып коюп жылкысын,
Акбалта менен Бердике
Ак сакал чалдар кашында,
Алмалуу-Булак башында,
Ат чалдырып откоруп,
Айдатып жылкы которуп,
Жылкыга шибер жайкатып,
Чаначка кымыз чайкатып,
Отурган экен Жакып бай,
Казатка кеткен балдардан
Көңүлү тынып болбой жай.
Үч жарымдан жыл ашты,
Абышкалар сүйлөшүп
Үшүп күтүп жүрөбүз
Ээси кайып жыласты.
Экинин кеткен бири бар,
Эгиздин кеткен сыңары,
Балдар келип баары аман
Болорбуз санаа тынары.

Андагы Ансар Аглан, Кыргыз Манас баатырдын үчүнчү казаты. Башы Кумул, Алты-Шаардан Ымалай тоосуна чейин, жануп тарабы Жазийра чөлүнө жана да Алтай тоолорунан баштап Ташкенге чейин хам Наманген шаарын алып, кайта Алтай тоосуна барганга чейин жазылып өттү.

Манас баатырдын Анжияндагы Алооке канды алганы:

Бар-Көл, Тур-Көл көлү бар,
Баатыр Манас султандын
Аңгемеси көбү бар,
Анжиянда Алооке
Ага салган түйшүгүн,
Аяк жагын көрүп ал.
Аяк жагы кыргыздын
Үч-Аралга жай алып,
Башы жагы кыргыздын
Энесей тоосун таянып,
Уксаң сонун ушу бар,
Ошо күндө колунда
Уркундун дайра суусу бар,
Уккан жериң баары бар,
Улук Манас баатырдын
Манас аттуу шаары бар,
Кыябына келгенде
Кытайга кыйла каары бар.
Үрбү деген тууганы,
Үрүмчүдө турганы.
Үрбүчү болуп атагы,
Шаары турат бу дагы.
Аркасында Ажыбай,
Анык кыргыз баласы,
Аныктап оку кажыбай.
Кутубий деген шаар бар,
Баары кытай колунда,
Кутмандуу калаа баары бар.
Санжы менен Токолу,
Ошо кезде кыргыздын
Шол жерде оор топону.
Калкаман деген бири бар,
Кара кыргыз баласы
Как ушундан билип ал.
Күмөтөй деген шаары бар,
Манас күткөн кырк баатыр
Бээжинге чейин баары бар.
Бакай кан деген кары бар,
Бакай кандын турганы
Бабакары дагы бар.
Түрк уулунан артыкча
Мурунку өткөн кыргыздар
Кытайга кылган чатагы,
Бабакары базары,
Ушу күндө атагы
Кара-Корум четинде,
Энесай дайра бетинде
Чалыбай деген шаары бар,
Айта берсе кырк чоро
Калаасынын баары бар.
Аксы менен Турпандын
Арасында байы бар,
Аталарың жердеген
Алтай жакта жайы бар.
Атойнок менен Көкбөрү
Арстан Манас жөкөрү.
Угасыңар жомоктон,
Адабият жогунан
Аталарын жоготкон
Кара кыргыз баласы,
Кара-Шаар, Кумулда
Калган кыйла калаасы.
Көкбөрү уулу Көккоён,
Мурун өтүп кетиптир
Кыргыздан чыккан көп оён,
Аталарың кылганын
Акылмандар энди ойлон.
Алып Алты шаарыны,
Лоп дайранын жээгинен
Ойрон кылып баарыны,
Түптүз кылып талкалап
Дүбүрө кандын шаарыны,
Саңыроо-Саз, Сура-Тоо,
Самсып жаткан кытай жоо,

Сандыргалуу Манастан
Калган эмес бири соо.
Басып алып маңгытты,
Талкалап алып даңгытты,
Каратып Кара-Куруну,
Кара кыргыз баласы
Катаа ойлобо мунумду.
Котон деген калааңыз,
Көбү кыргыз, аз калмак,
Которуп ишин караңыз,
Жалпы жүрөт сарт болуп,
Алкымдары шишиген
Аккан сууда дарт болуп,
Күчөң шаар эсеттик,
Токсон эки миң Котон,
Толуп жатыр эсепсиз,
Зарапшан дайра суусу бар,
Санатыңда ушу бар.
Жээги толгон калаасы,
Күн батышы жагында
Кар жаабас тоонун карасы,
Анда дагы көп калган
Адабият, тарых жок
Жалаң кыргыз баласы.
Жерин айтам атаңдан,
Жээкке салган шаар үчүн
Жеркент болуп аталган,
Көбү калмак, аз маңгул,
Жетип Манас чаң салган.
Көчүрүп Көөнө-Турпанды,
Көк жалың Манас турганда
Алып келип баарысын,
Алтайга дүкөн курган да.
Башы Сооса көлүнөн,
Басып өтүп, эл алып
Баранда жүрбөс чөлүнөн,
Күчөңдөгү Ороңгу,
Чоң Бээжинге көчүрүп,
Күм-жам кылып олорду.
Бороон канын боздотуп,
Боз биябан чөлдөрүн
Шаар кылып окшотуп,
Кыргынды кыйла салыптыр,
Кытайдын журту корккондон
Тогуз айлык жолуна
Сепил кылып алыптыр.
Түп атасы түрүктүр,
Алты-Шаар кытайын
Түп Бээжинге сүрүптүр,
Эсенкан нечен асылып,
Эгем таала сактаган
Эр Манас эсен жүрүптүр,
Баштан-аяк кыргызың
Манастан калган мүлүктүр,
Бабаң Манас барында
Барча каапыр бөлүптүр,
Алты-Шаар алган соң
Түп атамдын жери – деп,
Түркстан көздөй жүрүптүр.
Терс-Маёнун жеринен
Текес канын алыптыр,
Тейиш канын кан кылып,
Теминишкен душмандын
Баарын жанчып нан кылып,
Каркырадан мал алып,
Калмагына чаң салып,
Кер-Көлдөн алып Оргону,
Нугу турат бу күндө
Оргонун салган коргону.
Калдай Чулу, Кулусун
Каттам кылып мунусун,
Илебин менен Кашкелди,
Издеп алып башка элди,
Нарындын аты Суңшоону,
Абыдан алып ошону.
Лаңгү-Таба, Бойгутту,

Абыдан көзүн каратып,
Улук кылып нойгутту,
Акбалтанын Чубагы
Аким болуп сурады,
Атаңардан калган сөз,
Аңдап көргүн буларды.
Даңгүлдөн алып Keминди,
Шашпай окуп кыргыздар
Даамын таткын кебимди,
Бузуп Булагасынды,
Акунбешим чоң бааша
Мунун деми басылды,
Манас бабаң барында
Баары каапыр журтунун
Дүмүрү калбай казылды.
Канап Каар-Бултаны,
Кара-Балта атанып,
Карап турат бу дагы,
Мүдүнаала жаң-жуңду
Бүлүндүрүп ушуну,
Мерки шаа дегендин
Учуруп сыймык кушуну,
Сыртынан алды Тулусту,
Талас болуп атанып,
Дагы турат мунусу.
Кетелик шаарын алганы,
Олуя-Ата атанып,
Ушу күнчө калганы.
Түлкү-Башы, Сайрамды
Түпкү аттарын которуп
Түзөгөн нечен жайларды.
Казы-Курттун учунан,
Казат кылып ушундан,
Маңгул, кытай, калмагын
Маалым кылдык китепке
Баарын басып алганын.
Камап барып салганын,
Кара-Моор көлүнөн,
Каапырынан түк койбой
Карга учпаган чөлүнөн,
Ополго чейин ойгонун,
Ойдо Кара-Кумунан,
Китебине жазылды
Ойрон кылып койгонун.
Сыр жагында Кызыл-Кум,
Окугандар билесиң
Сырттандар кылган кызыгын.
Апары Сыяп тушунда
Алдырган экен бабаңар
Кейкөөскө ушунда
Ташкенде болгон Сал-Арык,
Баштагы өткөн бабаңдын
Бар нускасын салалык,
Сам арык – деп, бири бар,
Сагымбайдын сөзү – деп,
Заманыңда билип ал.
Кейкөөс арык дагы бар,
Кытайдан мурун эрендер
Ээлеп жүргөн чагы бар.
Эки жүз жылга чамалаш,
Ээ боло албай көп алаш,
Маңгул, кытай алыптыр,
Китебинен көрөсүң,
Панускан бааша турганда
Манас уруш салыптыр,
Көкөтөйүн кан кылып,
Көңкү журтун алыптыр.
Он эки капка Ташкенди,
Оолакка айдап башка элди,
Алып берген алашка,
Арбагына дуба кыл
Акырет кеткен Манаска.
Бу Түркстан жериңиз,
Мурунку аты Нааманды,
Бузукту Манас салган соң,
Араниктин шаарына

Адамы качып камалды.
Наамандыктын баарысы,
Жашы менен карысы
Араникке барганы,
Аранникте Ашарсуу,
Аны да Манас алганы,
Наамандын кени экен – деп,
Наманген атка калганы,
Далил коюп айтайын,
Болжоп көргүн баарысын,
Боло койбос жалганы,
Анжиянда Алооке,
Айтылып катка жазылды
Ал жолу аман калганы,
Алтайдан көчүп эр Манас,
Азырланды бу күндө
Алоокеге барганы.
Алооке деген кыйын кан,
Мажусу динде дини бар,
Лаанатка сыйынган.
Эң башында жазылды,
Эсенкандын балгери
Кыргыздан кыйын чыгат – деп,
Балдан көрүп асылды.
Дөгөн аттуу баатыры
Тогуз жүз аскер кол менен,
Тополоң түштү акыры,
Тогуз жүз төөдө чай менен
Жолукту Жолой каапыры,
Көрүнгөнүн соо койбой,
Жоготту Манас баатыры.
Алты миң аскер кол менен,
Аксыдан чыгып жол менен,
Эрибес кара зоо менен,
Тез-Ашуу деген бел менен,
Челишип Манас эр менен,
Жалгыз башы кутулду,
Жан-жоросу баарысы
Жааннамга тутулду.
Жаш күнүндө Манасты,
Жашатпайм! – деп, алашты
Алты кытай, он маңгул,
Кырып салды дапдаңгыл.
Кырк кызыл нар төө калды,
Кызмат кылып жүргөндөн
Он уйгурлук жөө калды,
Оёнуң Манас барында
Ойротко минтип чаң салды.
Уйгурдан он бир кишини
Улуктары жиберген,
Кесип кулак, мурдуну,
Бүтүргөн Манас ишини,
Китеп болуп жазылды,
Кан Дүбүрө баш болуп,
Кара кыргыз Манаска
Канча каапыр асылды,
Ал асылган каапырлар
Түгү калбай кырылып,
Думүрлөрү казылды.
Бул айткандын баарысы
Мурунку болгон иштери,
Бу сапарда эр Манас
Баргана журтун издеди.
Апары Сыяп бабам – деп,
Атамдан калган Анжыян
Акыры издеп табам – деп,
Алла Таала буюрса,
Алоокени чабам – деп,
Алашым аман бар турса,
Алууга келер чамам – деп,
Атасы башка кытайга
Салайын акыр заман – деп,
Атакеси бай Жакып
Чакыртып алды кашына,
Кызыл кийип үстүнө,
Ороду сары башына.

Сары селде чалынып,
Жаратканга жалынып,
Жар-жоросу баарысы
Жанынан чочуп сабылып,
Алты жыл жүрүп казатта,
Абыдан калып азапка,
Алты айга толук жатпадык,
Арнаган насипти татпадык.
Алла эмине кылат? – деп,
Ачууланса бу канкор
Ата уулудан түк койбой,
Ажалдан мурун кырат! – деп,
Урунарга тоо калбай,
Ушалап келдик далайды
Урушарга жоо калбай,
Түп Бээжиндик болбосо,
Учураган соо калбай.
Калкы кылды бушманды:
Каарданып бу канкор,
Кайдан дагы тапты экен
Кармашуучу душманды?
Каканга кантип барабыз,
Калаасын көргөн бир жан жок
Калбаны кантип салабыз?
Бээжинге кантип барабыз,
Беш айлык жол арабыз,
Мээнетке бекер калабыз,
Белин Манас байлады,
Бет алып кимге барабыз?
Мордун кара көлү бар,
Бөсөктүн жазы чөлү бар,
Орустун орчун эли бар,
Далиги аттуу шаары бар,
Тамашанын баары бар,
Кызылды Манас кийиптир,
Кыргызга кылар каары бар,
Кызылды эндей жамынып,
Кылар иши дагы бар,
Сарыны башка чалган соң
Бир шумдук кылар чагы бар!
Муну айтышып баарысы
Муңайышып калышты.
Кобурашты көпчүлүк,
Кылат экен бирди – деп,
Кыргызга түштү көп түлүк.
Калмактан болгон мусулман,
Кары-жаштын баарысы
Кайгыдан өңү бузулган,
Маңгулдан болгон мусулман,
Балакет эми болду! – деп,
Баарынын өңү бузулган.
Казак, кыргыз алашы,
Карап турса бейкүнөө
Каарданды Манасы.
Сөйкөнөргө тири жан жок,
Эмине болду сага? – деп,
Сөзүн сураар бир жан жок.
Кеңешин билер тири жан жок
Кекенесиң кимге? – деп,
Кебин сураар бир жан жок.
Үшү кетип көпчүлүк,
Ушу күндө кыргызга
Үстүнө түштү көп түлүк.
Акылы калбай көпчүлүк,
Алашка түштү көп түлүк.
Арстан Манас баатыры,
Айбатын салып акыры,
Астыңкы эрди албайып,
Үстүңкү эрди далбайып,
Алмуруту сеңирдей,
Айбаты албарс темирдей,
Муруну тоонун кырдачтай,
Муруту чөлдүн камыштай,
Көзү көлдүн буткулдай,
Каарданып караса,
Көрүнгөндү жуткундай,

Ар мүнөзүн караса,
Ажыдаар болсо туткундай,
Алтын менен күмүштүн
Ширөөсүнөн бүткөндөй,
Асман менен жериңдин
Тирөөсүнөн бүткөндөй,
Айың менен күнүңдүн
Бир өзүнөн бүткөндөй,
Алды калың кара жер
Жерлигинен түткөндөй.
Ай алдында дайранын
Толкунунан бүткөндөй,
Ободогу булуттун
Салкынынан бүткөндөй.
Асмандагы ай-күндүн
Жаркынынан бүткөндөй,
Көркү калча, көзү тик,
Көбүнө айтса сөзү тик.
Жолборс билек, таш жүрөк,
Жооруну калың, жар кабак,
Жоругуна карап бак!
Айкожо берген кылычын,
Аңдагын мунун кылышын,
Атасы Жакып болсо да
Мойнуна койсо кылмышын
Кайсаса канын төгүүчү,
Карагын сурак кылышын,
Жанын калбай аянып,
Жатпай чыкты үч түнү
Жалаң кылыч таянып.
Чыканак жерге салбады,
Чырым уйку албады,
Сырын билген чоролор
Коркуп жаны калбады.
Тилимди билген журт болсо,
Тилим менен келсин! – деп,
Тил билбеген журт болсо,
Тилмечи жооп берсин – деп,
Өзүмдү билген журт болсо,
Өзүмдү билип келсин – деп,
Өзүмдү билбей калгандар
Өкүмөттүү Манас – деп,
Сөзүмдү билип келсин! – деп,
Кабар салды калкына,
Кара кыргыз жалпыга,
Үч уруу болгон казакка,
Жарлыгы жалган болот – деп
Калбаңар – деп, азапка.
Бир жумадан, бир жума,
Алашты жыйып жупжуда,
Атасы Жакып кары бар,
Акылмандын баары бар,
Акбалта, Ошпур дагы бар,
Бердике менен Дамбылда,
Берендердин баары бар.
Байжигит баатыр дагы бар,
Айдаркан, Үмөт ал да бар,
Айдаркан уулу эр Көкчө,
Баары келген чагы бар.
Үмөт уулу Жайсаң бар,
Өлүмдөн коркпос көп жандар
Билдин жүгүн кийгендер,
Бири миңге тийгендер,
Жарагын темир кийгендер,
Жалгызы санга тийгендер,
Башчысы Бакай кары бар,
Баатырлардын баары бар.
Күлдүрдүн уулу Чалыбай,
Күлдүргүчү Ажыбай,
Кыргызда кыраан Кутунай.
Кара токо Мажиги,
Камбар уулу Чалиги,
Сары үйшүндүн Сатайы,
Алчындардан Атайы,
Үйшүндөрдүн Үмөтү,
Үмөт уулу Жайсаңы,

Аргын Каракожосу,
Акылга дыйкан кошосу.
Бообек, Шаабек, Шүкүрү,
Болбогон иште бикири,
Арбаңдардын Алтайы,
Астына келди жыйылып,
Акылмандын далайы.
Дөрбөндөрдүн Төртайы,
Төп сүйлөгөн сөз жайы,
Төлгөчү кара Төлөгү,
Төгүн эмес өнөрү,
Агыдай далы көрүүчү,
Акыр заман оодарып,
Ашкере айтып берүүчү,
Топтун башы Токотой,
Эл белгиси Элеман,
Эр Манастын тушунда
Нечен албан эл алган,
Калк башчысы Калкаман,
Кайратына чыдабай
Кабылан Манас баатырга
Качып барган аркадан.
Сырттан Сыргак, Сереги,
Сырттан Манас баатырга
Кысылса тийген кереги.
Кош башкарган Ыбышы,
Козголбойт ар кез кылышы.
Алымдын уулу Алакен,
Манжурия калмактан
Манжуусуна бек койгон
Баатыр Мажик бар экен.
Караңгыда кол жүрсө,
Казатка ыраак жол жүрсө
Карсактын изин жаңылбас
Кадыр жайнак Шууту –
Калктан чыккан куусу,
Түн ичинде кол жүрсө,
Түмөн алаш жол жүрсө
Түлкүнүн изин жаңылбас
Түмөн жайнак Шууту
Түмөндөн чыккан куусу,
Казактардан Жоорунчу,
Кайгыл, Бөгөл, Тоорулчу,
Шыңгынын уулу Кербени,
Шыпты кашка Дөрбөнү,
Бөрү жолдуу Бөгөлү,
Ыраман уулу ыктуусу,
Эр Тазбаймат мыктуусу,
Казат десе камданып,
Каршы жоого чыкчуусу.
Көй баатырдын баарысын
Көрүңүз жыйып алышын.
Акбалтанын Чубагы,
Арстандын бири бу дагы.
Айкөл Манас баатырдын
Иш кылуучу убагы.
Кырктын башы Кыргылы,
Кылымды жеңген дыңгылы,
Кашына келди жыйылып,
Кадыр Алла колдо! – деп,
Бир кудайга сыйынып,
Набаттардын Калдары,
Мажилиске жыйылган
Атпай кыргыз балдары.
«Нурку түбүң Угуз кан,
Улук журтсуң мурунтан»
Баатыр Манас кеп айтат:
«Мажилиске жыйылдың,
Баарың уккун! – деп, айтат.
Бабаларың баарысы
Бакдатта болгон турагың,
Кырга чыгып, кырк уруу
Кыр угуз болгон убагың,
Кылар ишти ойлонуп,
Кыргыз, казак курадым,
Атамдан калган жер үчүн

Аттанганы турамын,
Акылмандын баарынан
Бабаңардын жоругун
Баштан-аяк сурадым.
Аркы атаңар Алаш кан,
Ал кезекте адамдар
Намысына талашкан,
Тыргоот деген баласы
Ислам динин кош көрбөй,
Катарынан адашкан.
Мурункусу Муса экен,
Алла менен сүйлөшүп,
Талабына бу жеткен,
Момундук сүйүп, дин ачкан,
Болбой турган каапырлар
Фараонду көздөй көп качкан,
Акыр заман дегени,
Анын арка жагынан
Азирети Ыйса келгени,
Ал убакта караган,
Анын асты жагынан
Маңгул, татар тараган.
Татарга тууган дүк болду,
Фараондун динин тутканча
Мурдарлык менен шүк болду.
Канчалык айтса тил албай,
Кадырын диндин биле албай,
Каламын – деп, калганы,
Жашы түгүл карганы,
Тыргоот аке балдары
Калмак болуп алганы.
Башында маңгул калганы,
Алла Таала бир үчүн,
Ак ислам дини үчүн
Акыр бүгүн мен турам
Ааламга түйшүк салганы,
Жыйылдыңар бу топко
Уругуң алаш зардалы,
Бабамдан калган жер үчүн,
Бадирек кытай эл үчүн
Даярландым бу күндө
Банумду көздөй барганы.
Банум шаар Кебилди,
Баарын келди жоктогум
Бабамдан калган элимди.
Кытай айткан Нааман – деп,
Кыйратып түрк алган соң
Түркстан – деп, айткан кеп.
Карыядан кеп уктум
Бабаңдан Багдат калган – деп,
Баатырлардан көп турсуң,
Барсыңбы айтар жалган – деп.
Ширине чөлү Дагстан,
Айныбайм ага барыштан,
Келер тоо Батпакты,
Басып Жокот, Бетпакты
Арчын калаа Күлтике,
Алла Таала буюрса
Алармын аны жепжеке.
Кийип менен Кырымды,
Кечирип кыйла кылымды,
Кызыл башка, тарсага,
Кылармын кыйла чырымды,
Кыргыз уулу болгонуң
Аларсыз акыр сырымды,
Сапардан калган сай кашка
Санатармын жылыңды.
Кебилстан, Бадакшан,
Кенебей жатыр канча жан
Сакалат менен тарсадан,
Айтып, наама жиберип,
Азирет Аалы улааты
Болтура албай чарчаган.
Каапырга каар салбасам,
Анжиянда Алооке,
Кара жаным тынчыбас

Калаасын бузуп албасам.
Чаржуй менен Букарды,
Чамасын көрүп буларды,
Өзүңөр да билесиз,
Өлбөй адам турабы.
Кундуз менен Талканды,
Башы Бабыл, Дарканды,
Басып келдик бу жолу
Барскан менен Сарканды.
Алла Таала жар берсе,
Алармын – деп, далайды,
Атамдан калган жер экен,
Намысты кыргыз санайбы,
Ынтызар болдум алууга
Ыспара менен Алайды.
Жакын ара күн болду
Жайын уктум Кашкардын,
Жарым болуп мусулман,
Жана кайтып бузулган,
Санаам тынбай турамын
Жапаа тартып ушундан.
Бузулганы Кашкардын
Мындан мурун үч болду,
Түмөн суусун жакалап,
Дүүлүккөнү күч болду.
Үч Турпанда Каар аяр,
Ожодунун баары аяр,
Угуп-көрүп биздерди,
Урушка жүрөт дапдаяр.
Түп атаңар түрксүң,
Дүмөк салган душманды
Түк ойлонбой жүрүпсүң.
Атаңдан калган жөриңди,
Алаш уулу болгонуң
Айылыңдан бир кой жедимби,
Алдырып коюп кытайга
Намысың жоктон жүрүпсүң.
Чапкан балта өтөбү
Чакырлоонун ташына,
Нелер келип, не кетпейт
Эр жигиттин башына,
Өлүм жагын ойлонуп,
Өмүр тиле жашыңа,
Өмүр берсе жашыңа,
Бак берсе кудай башыңа
Кеткен душман дос болуп,
Кайта келер кашыңа.
Алты-Шаар уйгурду,
А дегенде аттанып,
Алдык ошо кургурду.
Кайып менен Мунарды,
Ымалайдын журтунан
Ыраатын көрдүң буларды,
Кудай билет мен Манас
Дүйнөдөн өтпөй турарды.
Абунасыр Айкожо,
Аскерде жүрөт ал кошо.
Оолаттык Ороңгусуну,
Ойлонгун журтум ушуну,
Даңгыттын каны Дүбүрө
Учурдук сыймык кушуну.
Бөгүш, Көйүш аярын
Берди кудай аларын,
Агыдай менен Төлөгүн,
Аярларын бир кыйла
Алдыңар андан бөлөгүн.
Таскыл менен Чүкүрүк,
Кылып жүрөт кызматты
Жан аябай жүгүрүп,
Жайын билген душмандар
Жанынан өзү түңүлүп.
Танабул менен Ардалык,
Айбатыңдан түрк уулу
Таланды кытай көп калык,
Анжиянды алууга
Талап кылам көз салып.

Маңгул, татар, түрүктүр,
Бабаңар башын көтөрүп,
Мажусу дин кытайды
Түп Бээжинге сүрүптүр,
Андан мурун кытайлар
Нааманды жердеп жүрүптүр.
Нааман ушу Түркстан,
Намыс үчүн бел байлап,
Атышып өлгөн канча жан,
Ал убакта Туран кан.
Атын уктуң Туранды,
Айбатынан чыдабай
Каканга каапыр жөнөлдү,
Каны суудай төгүлүп,
Кайрат кылган каапырлар
Казатынан көп өлдү.
Кытайдын барган жери жай,
Кылымдан ашык эли бай,
Асаңги деген жери бар,
Алтындын чыккан кени бар,
Шибеңгүү деген чөлү бар,
Шибеңгүү чөлдүн сыртында
Теңир-Ноор көлү бар,
Теңир урган турандын
Анда дагы көбү бар.
Кимсиң десе калмак – дейт,
Түгөнүп калган түрк уулу
Андан ары түк билбейт,
Түрк уулусуң – деп, айтса,
Куруп калсын ушу журт,
Кулагына түк илбейт.
Кытайдын түбү Кабылдан,
Түбүндө кылып терсилик,
Айтканын кылбай адамдын,
Өзү менен тууган кызды алып,
Касы болуп сабылган,
Акыреттен кагылган,
Анжы-манжы Таңшаңга
Арбып алып жабылган,
Ата жерин көрө албай,
Наала кылып зарылган.
Бу кытайдын колунда
Дүнүйөнүн көбү бар,
Түп Бээжинден ары жакта
Түңгүштүн кара көлү бар.
Себендин дайра суусу бар,
Бир булуңу миңден шаар,
Жер сонуну ушулар,
Жеринин аты Салаңгүү,
Жеңип адам аларбы,
Алла Таала буюрса
Жеңбесем да каапырга
Жетип уруш саламбы.
Аспи Искендер паңууну...
Алла Таала буюрса
Албасам да каапырга
Айкын билгин калайык
Аттанып уруш салууну.
Жана кытай колунда
Текши-Арыштын чөлү бар,
Теңир-Ноор көлү бар.
Теги Манас тирүүндө
Тек жатпас – деп, көөнүңө ал,
Көкө-Ноор көлү бар,
Гүбү-Шаму чөлү бар,
Ата тилин албаган
Ант урган кытай көбү бар.
Кабылдын уулу кытайды,
Калайык билбейт мындайды.
Башынан касы күнөкөр,
Бадырек дүйнө бепбекер,
Бара берсек асылып,
Каратууга көз жетер.
Караткан менен нетербиз,
Капылет өлүм кармаса,
Бир күнү өлүп кетербиз.

Алаш уулу болгондун
Арасын ачпай койгон соң,
Абыдан түпкө жетербиз.
Орто Азия, Түркстан,
Ошо жакка баруuга,
Ойдо жаткан каапырга
Оюлтуп ойрон салууга
Башым ооду, калайык,
Бабамдан калган жер үчүн
Багдатка чейин алууга.
Кырк уруу болгон кыргызда,
Казак-кыргыз атанып,
Калкыбыз өстү Жылдызда.
Алтай тоо болду жерибиз,
Алаш урук элибиз,
Алтындын учкан зерибиз!
Орто Азия, Түркстан
Ойлонуп көргүн калкым сен,
Көрүп келдиң көзүңөр,
Көөнүңө салдым Манас мен,
Туулмак бар, өлмөк бар,
Ак жазганын көрмөк бар,
Алла берген аманат,
Ажал келсе бермек бар.
Аттангандан тартынба,
Айтууга калсын артыңда.
Кытайды сүрүп жапыргын,
Кылдайын койбо каапырдын,
Каяша кылган душмандын
Канын суудай сапыргын.
Көптүгүнө ишенген,
Көңкү кытай каапырды
Көрүп турсуң көз менен,
Аягың чыгар кишенден,
Арбынмын – деп, ишенген,
Арбак урган каапырга
Санын бириң өлтүрүп,
Зарыкпай аяк чечиңер,
Санынды чыгар кишенден.
Кайнап жаткан Каканчын,
Каспан, Кирче, Бакбурчун,
Чылабалык Чынмачын,
Башкы шаар Бакбурчун.
Кантун, Күүш калаа бар,
Кудай урган каапырың
Кумурскага барабар.
Туңша шаар, Көңкөшү,
Ар тарапта көп жатыр
Атагы жок өңгөсү.
Ары жагы Маңгүбө,
Ант урган кытай асылбайт
Түрк уулунан өңгөгө.
Түрк уулу түпкү душманы,
Түгөнбөйт – деп, түрк уулун,
Түбүнөн берки бушманы.
Кабылдын уулу кытайды,
Кара журт билбейт мындайды.
Орто Бээжин, чет Бээжин,
Ойлонуп акыл жетпейсиң,
Оболдо кудай буюрса,
Душман болгон каапырды
Тууган кылып алам – деп,
Түрк уулу кайдан эптейсиң.
Номдун уулу Жапасты
Ушу жерде жатышты,
Аралашып, ант урган,
Кабылдын калган тукуму
Кайдан бизге катышты.
Катышып келип турганын,
Калайык көрүп турсуңар
Калмак кылып бурганын.
Жыйырма бир ата болуптур,
Кабыл менен Тыргооттун
Бери болсо арасы
Беш миң жылга толуптур.
Туугансың – деп, биздерге,

Кал – деп, мында азгырып,
Калмактын көзүн оюптур.
Калмак элек биз дагы,
Кайта жеңип иш агы
Түрк уулу болуп бөлүнүп,
Азыр карап турабыз
Түрмөгүң журтка көрүнүп.
Адамдан бери карата,
Алла Таала буйругу,
Азып кетти бир кыйла
Түрк уулунун уругу,
Осол дебей калайык,
Ойлонуп көр мунумду.
Түрк уругу аз эмес,
Кытайдан бөлөк кылымдан
Түбүнөн бери кас эмес.
Бабаң Туран тушунда
Кабыл уулун түк койбой,
Баарын сүрүп ушунда
Бакбурчунга камаган,
Баатырсынган кытайдан
Баш көтөрөр калбаган.
Адамдан кийин он ата,
Азирети Ном болгон,
Ай-ааламдын баарына
Аккан дайра суу толгон,
Акыр жалган дүйнөнүн
Алааматы бу болгон,
Андан мурун бөлүнүп,
Касылыгы көрүнүп
Кабыл деген жоголгон,
Кабылдын уулу кытайдыр,
Арты кайдан оңолгон,
Аа кошулуп түрк уулу
Азганы кыйла жоголгон.
Жоголбосо неткени,
Жолдош болуп кытайга
Башында маңгул кеткени,
Калып алып кытайга,
Тыргоот аке балдары
Калдык – деп, түпкө жеткени,
Каадалап түбүн биле албай,
Калмак болуп кеткени.
Калсак – деди, казактар,
Кала албай кошо жүргөндөн
Калкы бүтүн казак бар,
Намыс кууган жигитке
Албан түрлүү азап бар.
Азабын алып мойнуна,
Агызып жашын койнуна,
Аңдап кулак салыңар
Азыркысын Манастын
Ар түрдүү кылар ойнуна.
Кылымга тиер чатагың,
Кыяматка тим барар
Кыргыз, казак атагың!
Калар калмак тил албай,
Кадырын диндин биле албай.
Билдирип айтам сиздерге,
Миң жалынсак кытайга
Бирлигин бербес биздерге,
Санаам турат бу күндө
Нааманга сапар издээрге.
Башы Уркун, Энесай,
Жапас уулу жаттыңар
Алтайды жердеп жайма-жай,
Араңарда Манасты
Азыркысын чыгарып,
Арбак берген бир кудай.
Алтайда алаш жатыптыр,
Аңдабаган капылдыр,
Азия сенин акыңдыр,
Кашында турган казактан
Калабалуу калмактын
Эсеп кылсаң эки ата,
Биле албасаң бир ата,

Бизге ошондой жакындыр.
Жакын да болсок жоолаштык,
Жайды билбей койгон соң,
Жамандашып доолаштык.
Айтканды билбей койгон соң,
Араны ачып оолаштык.
Аз-масы кирди тил алып,
Ак ислам динди алып,
Ант ургурдун кыйласы
Атышып жүрөт чаң салып.
Нумороддун тушунда,
Тил бөлүнүп ушунда,
Биринин тилин бири албай,
Ар канча айтса тил албай,
Бет-бетинен кетишип,
Тарап кетип көпчүлүк,
Талабына жетишип,
Урук-урук болушуп,
Нурку болуп конушуп,
Тарап алып кетишип,
Талабына жетишип,
Кабылдан калган жер үчүн,
Калкы кытай эл үчүн
Бээжинди кытай алыптыр,
Түрк уулунун кыйласын
Мээнет басып калыптыр.
Маңгул менен калмагы
Бакбурчунга карашып,
Барып жатып алганы,
Байкап турсам түрк уулу
Баш көтөрөр калбады.
Сербия, Италия
Сенделип төмөн барганы.
Орус менен немиси
Ой деңизде калганы,
Ойлоп турсаң бу дүйнө
Опасы жок жалганы,
Оолугуп турам бу күндө
Орчун Кокон, Анжиян,
Ошо жакка барганы.
Кызыл түмөн дайрасын,
Кызыл чоктуу кытайдын
Кетирмек үчүн айласын,
Кыргыздын издеп пайдасын,
Жүр-жүргө алып көчүрүп,
Жүдөтпөсүн майдасын.
Ата уулулар, малдуулар
Алайды барып жайласын,
Башы Жылдыз, Каркыра,
Байкаган жетер баркыма,
Баш тартпагын өлүмдөн
Бабаңдын кылган наркына.
Кер-Көл, Турпан арасы,
Кар жаабас тоонун карасы,
Бура-Талаа, Сары-Арка,
Бу да калсын алашка,
Бузук экен иши – деп,
Букараң айтар Манаска.
Эчки-Такалаган жер,
Оң тарабын Эртиш дээр,
Башы жайлоо Буурул-Түн,
Байкагын барың бүгүн күн,
Аяк жагы Аягүс,
Аңдагын журтум тептегиз.
Арал бою Сары-Арка,
Айттым бүгүн бу калкка,
Эдил, Жайык эки суу,
Эң аягы мына бу.
Аз келбес алаш уулуна,
Азыр турган кара журт
Айтыңар жооп мунума,
Акылыма бул келди
Азиреттин Кара-Тоо,
Ага дүкөн куруугa.
Калганың калгын бу жакка –
Кара деңиз оюна,

Тарбагатай, Ара-Тоо,
Эсил суунун боюна.
Элди баштап баруугa
Не жумуш түштү көңүлүм,
Көчүүгө калды көңүлүм,
Көрүп турсуң баарыңар
Күсарыш менен Көбүлүн.
Күн чыгыш жагың Шиберди,
Көрбөгөн жерге баргын – деп,
Зордобосмун силерди.
Алтай да ата жериңер,
Анжиянга барууга
Бизге уруксат бериңер.
Калганыңар калыңар,
Каалаганың барыңар,
Катаган, дөөлөс, набаттан,
Калың кыргыз баары бар,
Окчу менен думара,
Найман, шаңгай дагы бар.
Калганым калса Алтайда
Кармашар болсом кытайга
Калкыма кийин чоң пайда.
Атаңар өскөн Алай бар,
Анжиянды н боорунда
Ар уруу кыргыз далай бар,
Алооке кандын өзүндө
Алтындан салган сарай бар.
Аламын кудай буюрса,
Акылды кыргыз туюнса,
Басармын Ызар, Көлөптү,
Орто Азия жерине
Түк койбосмун – деп, турам
Түрк уулунан бөлөктү,
Кармашып жүрүп каапырга
Канчалык кылсам көрбөдүм
Казактан бөлөк жөлөктү.
Калмактан болгон мусулман,
Каталдыкты көрбөдүм
Качан да болсо ушундан.
Маңгулдан болгон мусулман,
Байданы көрдүм ушундан.
Кырка келип олтурсуң
Кыргыздан чыккан кыйыным,
Кыйкырып сүйлөп мен турмун,
Кыңк этпейсиң жыйыным.
Жакканың айткын жакты – деп,
Араң турган журт бардыр
Алтайдан бизди какты – деп.
Көчпөдүң – деп, кордобойм,
Көпчүлүгүң өзүң бил,
Көч – деп, сени зордобойм.
Калганың мында калыңар,
Караң түгүл, каныңар,
Каалаганың барыңар.
Башың Амур дарыя,
Алаштан азыр олтурсуң
Аз болгондо бу топто
Алты жүздөй карыя,
Жакканы болсо жакты – деп,
Жакпаганын жакпайт – деп,
Айтыңарчы жарыя.
Алтайдын жери жерге чет,
Ант урган кытай барында
Ар канча десең жоого жок.
Маңгул, кытай калмагын,
Башынан жүрдүк аралаш,
Алдырып динди салбагын.
Алланын аты ак келме
Тилден айрып салбаңар,
Ак ислам дининен
Айрылып куру калбаңар,
Ар ишиңе бек болуп,
Абалыңды караңар.
Абубакир тушунда
Маани деген бир молдо
Азып келип ушунда,

Ыйманына кас болуп,
Дүнүйөгө мас болуп,
Тыргоот аке балдарын
Карап көргүн калайык,
Калмак кылып салганын.
Мусулман болуп мында жок,
Кытай болуп анда жок,
Кылымда мындай жанда жок.
Батыл динге салыптыр,
Шайтан келип азгырып,
Жаман күндө калыптыр.
Как ошондой болбоңор,
Катаалык кылса бирөөңөр
Кайтарып динин оңдоңор,
Тайгылып кетсе бириңер,
Жакыныңар колдоңор,
Алтайда калмак аралаш,
Аңдабай катаал болбоңор.
Каңгайың жатыр каралаш,
Манжурия журту бар,
Баарыдан жакын ушулар.
Өкүмөттү кылбаңар,
Өчмөндүү болор түбүңөр
Өкүмдүк кылып кырбаңар,
Өткөн-кеткен сөзүмдөн
Жаздымы болсо кечирип,
Жакшысы болсо тыңдаңар,
Кадыр Алла бир үчүн
Кара боюң чыңдаңар,
Каапыр бойдон турдуң – деп,
Калмак дагы жакының,
Катаалдыкты кылбаңар!»
Муну айтты Манас көбүнө,
Жайнаган чалкар көлүнө,
Кыргыз алаш элине.
Айдаркан, Жакып карысы,
Акылдашып калышты
Алаш уулу баарысы.
Кыргыздын кыйла башы бар,
Кырка олтурган жакшылар,
Кыпчактын чечен Тазы бар,
Таз сүйлөдү жыйынга:
«Үрбү деген бир уулум
Калтырды – деди, кыйынга,
Кашар-Сууда Даңгүлү,
Арыз айтамын журтум саа.
Даңгүлү калаа Кемин шаа,
Дат айтамын журтум саа.
Ойсалкын кызын алыптыр,
Ошого кылып убада,
Ошо жерге баруугa
Ойротту кылды убара.
Кыргыз-кыпчак уругум,
Кыз үчүн балам кетем – деп,
Кыйналып жаман курудум,
Кыргыз көчпөй койсо да,
Мен көчүүгө турумун,
Кылым кыргыз олтурсуң,
Кыйшыгы барбы мунумун,
Кыз үчүн өзү жоголгон
Кылыгы кандай уулумдун?!»
Таз ушуну сүйлөдү,
Айтканын Үрбү сүйбөдү:
«Кашар-Сууга баргын – деп,
Качан Үрбү сүйрөдү.
Төгүн дебе баарыңыз,
Колуңузда турбайбы
Төрт түлүктүү малыңыз,
Карап турат көзүңдү
Кара-Шаар, Үрбү шаарыңыз,
Кааласаң мында калыңыз».
Эр Үрбү сүйлөп салганы,
Эне-атам калсын – деп,
Көңкү журттун ичинде
Көчмөкчү болуп калганы.
Айдаркан уулу эр Көкчө,

Айбаты журттан бөлөкчө,
Ордунан турду кеп баштап,
Ой, калайык – деп баштап:
«Биринчиси жер пайда,
Билим керек мындайда.
Экинчиси, эл пайда,
Эмгек кылып, баш байлап,
Эл табуучу эр кайда?
Алаш уулу чачылып,
Жүрө берсин ар жайда,
Аркандаган ат өңдүү
Айланып турбай Алтайда,
Аяк жагы Түркстан,
Намыс ойлоп мен турам
Ага барбай жүрүштөн,
Жети-Суу жердин соорусу,
Атынын жеми күрүчтөн.
Терс-Маёо менен Темирдик,
Текес менен Куястын
Барганда башын кемирдик,
Каркыраны көргөндө
Бой аттуу жүрүп семирдик!
Ченедим Челек, Чарыны,
Дарыясын жээктеп,
Көрүп келдим баарыны.
Барганда бардык тоо менен,
Барсылдашып жоо менен,
Келгенде келдик чөл менен,
Кара-Өткөл деңиз көл менен,
Алма-Коюр жердеген,
Адам уулу жеңбеген
Илебинди издедик,
Иришкендин баарысын
Атан төөдөй тиз дедик.
Кайсап түштүк Кашкелди,
Канын төктүк бир кыйла
Калмак уруу башка элди.
Коңгор дөөсүн кор кылдык,
Чуу боюнда калмакка
Корлук ишти зор кылдык.
Бура-Кожур, Ак-Ташты,
Мурун көргөн жер эмес,
Бу сапарда мен көрдүм,
Ал жерди барып жердесек
Алтайыңдан кем эмес.
Уксаңар ушу сөзүм – деп,
Азыркысын сырым шол,
Алма-Коюр жердөөгө
Ашык болдум өзүм – деп,
Калдай Соорун малыны
Каркыранын боюнан
Канап алдык баарыны,
Карап туруп таң калдым
Кайың менен талыны,
Ченсиз жакшы жер экен
Челек менен Чарыны.
Жайсызга көңүл бурабы,
Жаман болсо ал жерге
Шаар болуп турабы?!
Далы, Күшөң, Даңгүлү,
Булагасын калаасын
Мурунтан нечүн курады,
Мүдүн-Ала, Сокулук
Жаман жайлар турабы,
Оргодо ойрон кылдыңар
Чулу калдай, Мерки шаа,
Ойлоп көргөн буларды,
Эл калса да, мен барам,
Ата жолун кууган эр
Алтайга карап турабы!»
Аны айтып Көкчө басылды,
Кужурады кыйла журт
Кубаттап Манас баатырды,
Көрөрсүңөр артында
Көчпөйт Көкчө акыры.
Көт жагында көй кашка,

Көпчүлүк сөзү бир башка,
Күбүрөшүп калышты,
Күүлөп айтат Көкчө – деп,
Күңкүү кылып салышты.
Кайындарын каалайт экен – деп,
Карыянын баарысы
Каткырып күлүп калышты.
Казатка барды – деп, жүрсөк,
Каапырларга кагышып,
Калгандын камын жеп жүрсөк,
Казат – деп, мурун барыптыр,
Калабалуу катын алыптыр,
Кайта келип көрүңөр,
Калбаны калкка салыптыр,
Карыялар муну айтып,
Каткырып күлүп калыптыр.
«Көкчө менен Үрбүсү,
Көпкө маалим үлгүсү,
Каалады, барсын кайнына,
Каратып келген айылына,
Манастын барар кайыны жок,
Барабыз кайда дайыны жок.
Кыз алып келген эли жок,
Кызыгышы эби жок,
Кыргызга кыйын болот го
Кызматы жеткен эли жок».
Бул сөздү айтып салышып,
Муңайбай күлүп калышып,
Көчмөкчү болду көпчүлүк,
Көңүлгө түштү көп түлүк.
Баары журт калды кыйынга,
Байжигит туруп сүйлөдү
Баары олтурган жыйынга:
«Алтайдан көрбөй жазыкты,
Алты атаң өткөн Алтайдан
Суурбайлык казыкты,
Мында киши койбостон,
Букарды көздөй көчүрүп,
Буздуңарбы басыкты.
Орун кылып Алтайды,
Ойрондодуң далайды,
Маңгул менен тыргооттон
Малыңа салдың малайды,
Барып чаап уйгурду,
Балаага салдың далайды.
Алтайың ээн калбайбы,
Артыңардан бир күндө
Ант урган маңгул албайбы.
Айдадым бурут журтту – деп,
Айкалышкан кытайга
Айтып кабар салбайбы,
Калаадан бөлөк күнү жок,
Калабалуу ит кытай
Кара-Шаар, Камбылга
Каптап келип калбайбы,
Башкарып маңгул уругу,
Балакетке салбайбы.
Кайда жүрөт казак – деп,
Калгандын баары азап жеп,
Казакка кылгын казат – деп,
Кайда жүрөт бурут – деп,
Бурутту көрсөң курут – деп,
Бу кандай бузукту сүйгөн
журут – деп.
Кытайы айтар чантуу – деп,
Кылганы бизге катуу – деп,
Кыжылдап кытай келбейби,
Кызыталак чантууну
Кыйратыңар дебейби.
Кысырак бээ, семиз кой
Калмагы кармап жебейби.
Калкылдап турган калмагы
Кайра бекип калбасын,
Калганыңдын баарына
Калбаны катуу салбасын.
Ойлонуңар барың – деп,

Ою тереӊ карыӊ – деп,
Караӊ менен каныӊ – деп,
Кара кыргыз жамыӊ – деп,
Чын ушу жерден көчүүгө
Чыйралдыӊар баарыӊ – деп,
Кыйындык көрүп, тынч албай,
Кыйналар бекен жаныӊ!» – деп,
Байжигит айтып басылды,
Баары журттун баарысы
Байкады Манас баатырды,
Башын кессе тургусуз,
Көчүүгө турат акыры,
Көпчүлүк туруп байкаса
Көрүндү Манас акылы.
Эрини кандал кабындай,
Муруту Букар шабындай,
Көз ызгаары жалындай.
Эл келгени эп болду,
Эртеден-кечке кеп болду,
Баштын көркү чач болду,
Башаламан сөз сүйлөп,
Баары жаман ач болду.
«Көчпөгөндү жүр дебейм,
Көӊүлсүздү сүрөбөйм,
Өзөндүү жайлоо кеӊ Алтай
Өзүм буга турбадым,
Бир жараткан кудайдан
Өтүнүп жардам сурадым,
Калмак болсо тууганыӊ,
Кала бер мында турганыӊ,
Маӊгул болсо тууганыӊ,
Байкаарсыӊ мында турганыӊ.
Кытай болсо душманыӊ,
Азып кетсеӊ диниӊден,
Кыямат күндө болор – дейм,
Кыйынырaак бушманыӊ.
Төмөн жактан угулду
Бадыша Самар бабабыз,
Бар кудайым буюрса,
Башкы ата жерин табабыз.
Жалпы баарыӊ тыӊдап ал,
Жаткандар боюӊ чыӊдап ал,
Калгандар муну тыӊдап ал,
Кара боюӊ чыӊдап ал,
Бир уруктан мында бар,
Билимдүүлөр тыӊдап ал,
Миӊ түтүндү бийлеген
Илимдүүлөр тыӊдап ал.
Биз барар жерде каапыр көп,
Билгенге айтам сонун кеп,
Бир тобокел кыламын,
Бир кудай өзүӊ колдо! – деп,
Жайлоонун аты Алай бар,
Салышчу душман далай бар,
Сакалат бар, тарса бар,
Уругу угуз болсо да,
Шыба менен калча бар,
Кызылбаш бар, ынды бар,
Кыямат десе ишенбес,
Кыпкызылдай жинди бар.
Жакут менен орус бар,
Жөн жүрсөк кайдан олут бар.
Кан Алооке кытай бар,
Катаалдык бизге мындай бар.
Алоокеге караган,
Ар ишине жараган
Маӊгул да бар, калмак бар,
Барсам алам – деп, ойлойм,
Манас деген арбак бар.
Бабамдан калган жер-суу,
Маргалаӊда чарбак бар.
Мар демеги жыландыр,
Башыма салган бул ишти
Бар кудай өкүм кылгандыр.
Эми сөздү коюӊар,
Эт, кымызга тоюӊар».

Сойдурган экен шол күнү
Сегиз жүз кой, сексен бээ,
Жай олтуруп тамак же.
Алып келди кызматкер
Алты миң чанач кымызды,
Аракеч арак ичишип,
Аңгемесин кылышты.
Аксакалдын баарына
Сары казы, кыйма жал,
Шарапка кошкон шекер, бал,
Сандыргалуу төрөңдүн
Ант беришин аңдап ал.
Жал менен жая тарттырып,
Ар канча соргок опкоктор
Алты киши тойгондой
Аш аркасын арттырып,
Атпай алаш көп журтун
Ал күнү антип жаткырып,
Эртең менен нанүштө,
Ар түрлүү даам таттырып,
Ата уулга бир тондон
Аземдүү тондон жаптырып.
Айыл башы аксакал,
Анын үчүн Манастын
Артында калды көп макал,
Дорбалдап тобун билдирди,
Топ башынын баарына
Жоргодон тандап миндирди,
Жоо бөрүсү эр Манас
Жоомарттыгын билдирди.
Аксакалдар ат минди,
Арстандыгы билинди,
Ажыраш аяк деген сөз
Атпай алаш журтуна
Мойнуна куржундай илинди.
Үлгүңүз калган Манастан,
Үмүт этпей журт калбайт
Ушу күнчө алаштан.
Мейли каапыр, мусулман,
Бекерден дүйнө алууга
Үмүт кылат ушундан.
Алаш кыргыз, казагың
Арстандарың барында
Асылышкан душмандын
Абыдан берген азабын,
Аңдап көргүн калайык
Акырет кеткен бабаңдын
Арбагын айтып жатамын.
Той тарады, эл кетти,
Ошондо Манас канетти?
Аземин элден арттырды,
Алтын ооз кернейди
Арылдата тарттырды.
Алтын доол кактырды,
Алтын кежим абайы
Аргымакка жаптырды,
Алты жүз экен атаны,
Ак ордо үйүн арттырды.
Коколору көнөктөй
Коңгуроолуу кара нар,
Колго көчү барабар,
Козголгондо төрөңдүн
Салтанатын караңар!
Жебилгеси жер чийип,
Жекесаны баш жарып,
Кыйбаты көп, арзаны аз,
Кыз-келини кыял мас.
Алтайдын бети жоюлуп,
Аземдүү сулуу чоюлуп,
Алты миң, беш миң аскери
Ашуулуу белге коюлуп,
Арстандын көчүн көргөндөр
Аш ичпей карды тоюнуп,
Жылкынын баарын жыйнатып,
Жыранты менен Аңырты
Жык толтуруп жайнатып,

Жылдырып жылкы айдатып,
Жылкычынын баарына
Сызылтып казы чайнатып,
Чөлгө жылкы салбайлык,
Чөөлүктүрүп кыйратып
Бөөдө кырып албайлык,
Акыл берген кудурет
Ал кезекте кыргызга,
Алтайдан өтсүн Жылдызга,
Жылдыздап сыртка салыңар,
Тянь-Шань тоону кыдырып,
Турпан, Кер-Көл арасын
Тууралап алып барыңар.
Саяң-Жайлак, Үч-Сууну,
Саптап баргын ушуну,
Лаңгү-Таба, Суңшоону,
Ырастап баргын ушуну.
Саламатты баш кылып,
Жылкычыны башкар – деп,
Ыйманга бекем тапшырып,
Көөрүктөн жылкы бөлгөнү,
Бөлгөнүн көзү көргөнү,
Малымдан мен да калбайм – деп,
Бай Жакып кошо жөнөдү.
Атасын ээрчип Абыке,
Ал жөнөдү малына,
Ал кезекте кыргызга
Алла Таала кудурет
Айбат берген баарына.
Бара турсун Манасың,
Барсын Жакып жылкыга
Ээрчитип алып кашына
Эр Абыке баласын.
Аны таштап салыңар,
Айдаркан уулу Көкчөнүн
Кабарын угуп алыңар.
Улуу тоонун оюнан,
Уркун дайра боюнан
Жибек аркан тарттырып,
Аз болгондо көчүнөн
Алтымыш атан арттырып,
Алтындуу доол кактырып,
Кошмок кара нарларга
Коңгуроону тактырып,
Ырастап көчтүн борумун,
Ыспаны килем жаптырып,
Дүңгүрөтүп жылкысын,
Түпөктүү найза боз балдар
Түрмөгү менен бастырып,
Тарбагатай кайда? – деп,
Күрмөлдүн ара талаадан
Күрмөлтпөй жылкы айда – деп,
Күн жүрүш жак Жылдыз – деп,
Алтайда арбын кыргыз – деп,
Каран калган жылкыны
Кагып-согуп айда – деп,
Каркыра менен Терс-Маёо
Текестин жери кайда? – деп,
Айдаркан көчтү күңгүрөп,
Атпай алаш дүңгүрөп.
Аз гана эмес мол көчүп,
Ай жарымына жол көчүп,
Иле көлдүн арасы,
Каркырага жетпесе
Басылбай Көкчө санаасы,
Кан Айдаркан жай алып,
Каптап келип жыгылды
Каркырага таянып.
Калмак, казак аралаш
Каптап консун көп алаш.
Илебин менен Текестин
Эңшерилген эли бар,
Ээн калган жери бар.
Коркуп калган калмагы,
Кой жетелеп, ат алып,
Кошоматка барганы.

Өткөндөрдүн сөөлөтү –
Өрүлүк деген биздерге
Үлгү болуп калганы.
Жата турсун Айдаркан,
Калкы казак канча сан,
Сырттандарың барында
Жыргап өттү канча жан.
Аны таштап салыңар,
Кыпчактардын Үрбүнүн
Кылганын угуп алыңар.
Ар жагы Камбыл, Кумулду,
Атаңардын жомогу
Айтуу менен угулду,
Туурасы Тур-Көл, Керимден,
Турганы азат жеринен
Үрбүчү калды калаасы,
Кыйла калды көчө албай
Кыргыз, кыпчак баласы.
Сапырылды шаарына
Сагалаган калмагы,
Сапырылып барганы,
Калгандардын баарынын
Кардында калды арманы,
Кайтып мында келем – деп,
Кары Таз айтып салганы.
Сапырылып сап кыпчак
Туура басып Тур-Көлдү,
Турбай көчкөн көп эли
Басып өтүп Бар-Көлдү,
Кыңгырдын жолун кыдырып,
Келди-Суу боюн сыдырып,
Баштап кыпчак-кыргызды,
Басып өтүп Жылдызды,
Акыяс башы бел менен,
Айдарым шамал жел менен,
Отоо кылдык үйдү – деп,
Оодук, качан табабыз
Ойрон болгон Чүйдү – деп,
Кыпчактар жолго салыптыр,
Кыйла күнү жол басып,
Кер-Көл келип калыптыр.
Кечип өтүп Көтмалды,
Кетилтпей айдап көп малды,
Чүйдүн башын таянып,
Үрбүң жатсын жай алып.
Ал жердеги турганы
Алтымыш миң үй экен,
Алтымыш киши бий экен,
Алтоо датка бек экен,
Кыпчактардан келгени
Кырк миңге жакын эл экен.
Ысык-Көл, Чүйгө тарашып,
Ырысы каткан калмактар
Кан Үрбү баатыр келди! – деп,
Жалтактап көзүн карашып,
Өлчөлүү малын айдашып,
Өрүлүккө жарашып,
Казак Көкчө, эр Үрбү
Катары бирге болушуп,
Каркыра тоо сабына
Кара курттай толушуп,
Жата турсун жай алып,
Тянь-Шань тоого таянып.
Аны таштап салыңар,
Арстан Манас каныңар,
Алла эмине сөзү бар,
Кабарын угуп алыңар.
Арбын экен көчкөнү,
Алтымыш миң үй экен
Маңгул менен калмактын
Манас жакка өткөнү.
Аңдасаң анда кыргызды
Азыраагы ашып Жылдызды,
Арбыны ашып Куу-Тезди,
Алты-Шаар тарабын
Алла кандай жер дешти,

Атка катар болот – деп,
Акылмандар кеңешти.
Бурбай ашып Муз-Белди,
Баштаган Манас бул элди,
Эсет татар нуркунан,
Эзелден бери чыкпаган
Кара кытай журтунан,
Уруксат алды Манастан,
Нуркунан мурун адашкан,
Татардын четин тапсак – деп,
Талап кылып санашкан.
Башы Кара-Моор – деди,
Аягы Арал деңиз көл,
Татардын жайы шол – деди.
Башы Кара-Курумда,
Аягы Кырым, Урумда,
Баатыр Манас жол берип,
Жөнөтүп ийди муну да.
Марал-Башы, Долонду,
Кечип Аксы, Шаяны,
Басып өтүп аларды,
Өзөндү бойлой салыптыр,
Жакага малы тура албай
Жай-Көлдү көздөй барыптыр.
Жай-Дөбөгө жай алып,
Кашкардан кара чай алып,
Какыраган кара таш
Какшаал тоосун таянып,
Кашкарда болгон Найза кан,
Кан Кошой мурун кайсаган,
Кошой койгон бек кылып
Айтак аттуу баатырды,
Өлтүрүп салып кашкарлык,
Анын шорун катырды.
Алакунун бек кылып,
Алла кандай болор – деп,
Аманат жандан шек кылып
Жаткан экен бу күндө,
Кайып кан менен Мунарды
Камап келип бир түндө,
Канчасын кырып буларды
Уруш кылган жери бар,
Ушу жерге Манас келген соң
Убайым кылган кеби бар.
Жүз миң аскер жыйылып,
Каапырлыкка жангандар
Лаанат! – деп, сыйынып,
Жүз миң аскер чогулуп,
Жүдөө бутка чокунуп,
Лаайламалуу – деп,
Кытайча намаз окунуп,
Баргүрөөс аттуу баатыры
Мактанып сүйлөп акыры,
Кыргыз деген эмине,
Кырып салам дегеле,
Кызыл чака бул берсем,
Кылайтпай мени жемеле,
Казак деген эмине,
Каныңды төгөм тим эле,
Кара чака бул берсем,
Калкым мени жемеле.
Бек атанып алыптыр,
Беттешем! – деп, Манаска
Белин байлап салыптыр,
Пир ургурду аңдасаң,
Мээнет басып калыптыр.
Беш миңчеси кумарчы,
Алты миңи лайраңпоз
Аскер курап алыптыр,
Жүз миң толгон аскери,
Капкайдагы аш таппай,
Жүдөгөндөр барыптыр,
Жүрөмүн – деп, турганда
Жүз миң аскер күч менен
Үстүнө Манас барыптыр.
Көрбөгөндөн көбүргөн,

Көргөн жерде көк жалды
Көңүлү сынып сандалды,
Көркүн көрүп таң калды,
Аңдап кел! – деп, жиберди
Акылокун заңгарды.
Акылокун дегени
Аярдын бири келгени,
Айбатын көрдү таңыркап,
Арстан Манас баатырдын,
Аралаш жүргөн эрлерди.
Аярлыкка салсам – деп,
Аттанган экен элинен –
Алакун сындуу бегинен,
Аркадан келген Манастын
Акыры башын алсам – деп,
Келген экен бакалап,
Жай-Дөбөнү жакалап.
Жай-Дөбөнүн түзү бар,
Сандыргалуу Манаска
Арасында айылдын
Жолугуп калган тушу бар,
Аярлык менен ал айбан
Аңдап көрдү ушулар:
Кайратын көрсө – Кара-Тоо,
Катылган бенде калбайт соо,
Айбатын көрсө – Ала-Тоо,
Асылган калбайт аман-соо.
Болжолуна караса,
Болот өтпөс кара таш,
Күрсү тийсе оюлгус,
Туюк сөөк, чулу баш,
Аз кийгеним дегени
Атан төө жүгү бар,
Адам уулу тик баккыс,
Ажыдаар түгү бар.
Сакалы саадак кабындай,
Мурутун сайса өткөндөй
Букарлыктын шабындай.
Ызгаарлуу айткан сөзү бар,
Шыркыраган ширенди
Кызыл жалын көзү бар,
Акылокун көрүптүр,
Айбатын көрүп ант ургур
Жүрөгү чыгып өлүптүр.
Сын билбеген жолдошу
Зымпыя качып кутулду,
Сыр албастан Манаска
Кусур айтып кутурду.
Жолдошу жолго салыптыр,
Жок экен – деп, арыбыз,
Жообун айтып барыптыр.
Акылокун көрдү – деп,
Айбатынан өлдү – деп,
Кылайып бизге иши жок,
Кылыч чапкан киши жок,
Аңдаган бизге иши жок,
Найза сайган киши жок,
Кандай жүргөн жансың? – деп,
Карап койгон адам жок,
Айбатын көрүп алган соң,
Акылокун аярдын
Аманат жаны калган жок.
Көпкөк темир кийинген
Көсөлдөрү мол экен,
Көргөн адам таң калган
Көчтөн арбын кол экен,
Көрүнгөндү жуткандай,
Көсөмдөрү мол экен,
Көч дегени карарган
Көңкү кыргыз кол экен.
Ааламды жеке алгандай,
Айбатын көрдүм ар кандай,
Эр мүнөзү көрүнөт
Эр Үрүстөм балбандай.
Айтып барды кабарын,
Аны уккан соң Алакун

Ар тарапка чыгарды
Ат мингизип, чабарын.
Калкына кабар салыптыр,
Каны тарткан кыйланы
Кашына жыйып алыптыр.
Жүз сексен миң кол болуп,
Кашкардын ичи карк толуп,
Жай-Дөбөгө бет алып,
Жалпы баары аттанып,
Балбаны күрсү көтөрүп,
Баш-башын санап өткөрүп,
Баатыр жарак байланып,
Кайра жаачу булуттай
Каары жүзүнө айланып,
Ордого керней тарттырып,
Ок-дарынын баарысын
Отуз нарга арттырып,
Калкылдап чыгып калыптыр,
Казатка каапыр келди! – деп,
Кабылан Манас баатырга
Кароолчу кабар салыптыр,
Айтканын угуп эр Манас
Аскерин жыйып алыптыр.
Кырк баатырдын баары бар,
Кыргыл баштык кары бар,
Көчкө кабар салыптыр,
Жүз элүү миң аскерин
Азырлап жыйып алыптыр.
Бу карап берген калкы – деп,
Карады Кашкар жалпы – деп,
Кайтадан жана берүүчү
Кадимден берки наркы – деп,
Кан Кошой айткан мурун кеп.
Кошойдун сөзү чын болду,
Козголуп Кашкар чыр болду,
Караган журту кармашкан
Кандай кыйын сыр болду?
Эр Кошой айткан сак бол! – деп,
Эмне деген шумдук кеп?!
Кана, кайраттанып Кашкардын
Кармашканын көрөйүн,
Калаба сүйүп, бет алып,
Жармашканын көрөйүн,
Казам жетип күн бүтсө,
Как ушундан өлөйүн!
Аны айтып Манас күркүрөп,
Айбатын көргөн адамдын
Азат бою дүркүрөп,
Ак күбө тонун жамынып,
Арстандай чамынып,
Аккула ат минип камынып,
Жай-Дөбөнүн түзүнө,
Жаалы чыгып жүзүнө,
Майданга баатыр барганы,
Бапылдап керней тарттырып,
Бандулу доол кактырып,
Найзанын учу короктоп,
Адамдын башы сороктоп,
Чөл сеңирин айланып,
Балбаны күрсү байланып,
Каршы келип турганы,
Маңдай-тескей болушуп,
Талаага майдан курганы.
Алакун аттуу зору бар,
Ар тарапта жолу бар,
Арбып келди Кашкар журт,
Жүз сексен миң колу бар,
Төш жагында караса,
Күүдүрөп таштуу боору бар,
Талаасы аттын капталдан
Күрпүлдөгөн шору бар.
Көтөргөн Кашкар туусу бар,
Көлчүк кара суусу бар,
Көркүн түзөп кол жасап,
Маңдайлашты ушулар,
Маң! Маң! – деген чуусу бар.

Дагулук аттуу баатыры,
Түлөгөр деген ат минип,
Жекеге чыкты акыры.
Баатыр болсо келсин – деп,
Майданга кирип бакырды,
Кырктын башы Кыргыл чал
Кары жинин чакырды.
Барайын – деп камынып,
Бадана соот жамынып,
Ак жолборстой чамынып,
Чыгууга Кыргыл калыптыр,
Чыкпай токто, Кыргыл – деп,
Эр Бакай айтып салыптыр.
Не токтоттуң мени? – деп,
Кыргыл чал сүйлөп калыптыр.
Кежилдешип турганда
Кезине Манас барыптыр:
«Алышар жооңбул эмес,
Азыр турат туу тартып,
Арбыбасын бу кеңеш,
Астына өзүм барайын,
Ал-абалын карайын,
Манас да арзан уул эмес,
Киргизермин эсине,
Көрүнөрмүн көзүнө,
Барып жооп айтайын
Маңдайлашкан Дагулук
Балбанынын сөзүнө».
Муну айтып Манас күүлөнүп,
Буркан-шаркан сүйлөнүп,
Аккула минип болкоюп,
Накери бутта чойкоюп,
Найзасы колдо койкоюп,
Аскерден чыгып коркоюп,
Арстан Манас жөнөдү,
Арбактар азыр жөлөдү,
Алиги турган Дагулук
Айбатын азыр көргөнү.
Астындагы Түлөгөр
Атка камчы салганы,
Акырган бойдон баатырга
Найза шилтеп калганы.
Тула бою тууш күч,
Кара бою катуу күч,
Ойротту жеңер кезеги,
Ошол өңдүү балбандын
Табылган далай эсеби,
Отуз бир жарым жаш болуп,
Кубаты толгон кезеги.
Аккула менен бет алып,
Каршы карап турганы,
Качырып келип Дагулук,
Төрөңө найза урганы.
Найза салды аянбай,
Токтоп берди баатырың
Ат соорусун таянбай.
Тоо сайгандай токтолду,
Солк этер шайы жок болду.
Адам десем, тообу? – деп,
Алдырбай турган жообу – деп,
Алиги келген Дагулук
Атына салып камчыны,
Кайрат кылып камынып,
Кайра тартып калыптыр,
Былк этпестен эр Манас,
Тосуп туруп алыптыр.
Жарым таш жерден Дагулук,
Атына камчы дагы уруп,
Качырып калды Манасты.
Эки жашар баладай
Эсине Манас албады,
Элеңдеген эсер – деп,
Эгер көзүн салбады,
Калкын көздөй бет алып
Канкор Манас баратыр.
Качырып келип Дагулук,

Кабыргасы-капталы
Качырып найза бөк салды,
Кандай да болсо бу жолу
Жыгамынбы – деп, салды.
Ачуусу келген баатырың,
Ойлонбостон акылын,
Ачуусу чындап келгенде
Көзү көрбөй көр болуп,
Көңүлү кара кир болуп,
Кулагы укпай кер болуп,
Каарданган айбаты
Ак күбө тонго жык толуп,
Аккулага камчы салганы,
Экинчи сайдың каапыр – деп,
Эсебиң ушу акыр – деп,
Бура тарта бергенче
Оң тарапка келгенде,
Чаркын кара бул иштин,
Чаппай ага кылычты,
Белинен кармап алганы,
Жулуп алып атынан,
Шыйрагынан кармады.
Шыйрактан баатыр алган соң,
Тырп этер каруу калбады,
Камчы кылды колуна,
Карагын сөздүн соңуна,
Дагулугун колго алып,
Качырды баатыр колуна.
Камчы болду баатыры,
Балбанын камчы кылган соң
Карап турган кашкарлык
Кайда калсын акылы!
«Атам угуз уругу,
Түрк уулунун тунугу,
Урааным кыргыз баласы,
Урушам деген каапырлар
Табылган эмес дабасы,
Бабам Ногой болгондо
Бай Жакыптын баласы.
Жайымды көр кашкарлык,
Жанчышкандан душманым
Табылган эмес дабасы,
Кылар ишим көп жатыр,
Кырк жолдошум кашымда,
Кылымды жеңген көй баатыр.
Ааламды баскан алашым,
Атым айкөл Манасмын,
Саа окшогон душмандын
Таба жүргөн дабасын.
Алакандай Кашкарды
Арбынсынтып турушуң,
Ачууланып кол салсам
Азыр бүтөр жумушуң.
Мен байгурмун, сен уйгур.
Баркымды билбей сен кургур,
Урушту сонун көрөсүң,
Урушчу жоом сен эмес,
Убайым тартып өлөсүң.
Калбаны жакшы көрөсүң.
Кармашар жоом сен эмес,
Капилеттен өлөсүң!»
Каарданып муну айтып,
Кашкардын журтун муңайтып,
Астындагы чоң Кула ат
Чаткаягы чаткалдай,
Жүрө берсе чатына
Жүктүү төө баткандай,
Жамбашы-арка кошкону
Он бир карыш казанды
Ойноп-күлүп аскандай,
Боорунун жазысы
Момолой ийин казгандай,
Желип кетсе жүрүшү
Жебенин огун аткандай,
Аккула ат менен жеткени,
Аскерине Кашкардын

Аралап кирип кеткени.
Манаска уруш кылгын – деп,
Маа чыгарган балбаның
Байкап иш кыл нааданым,
Кыргызды кырып келгин – деп,
Каалаган кыйын баатырың,
Калбаны сүйгөн не журтсуң,
Кайда кеткен акылың.
Колуңдан келсе койбогун,
Козголуп келген кыргызды
Кор кылууну ойлодуң.
Араңда турам жапжалгыз,
Акылың болсо көтүң кыс,
Атып мылтык, найза сал,
Араңарда мен турам,
Арманың жок болуп кал.
Ал сөздү айтып акырды,
Ат мылтык! – деп, бакырды.
Душманыңар мен турам,
Туш-тушумдан мылтык ат,
Аякбай найза салып кал,
Кетирбей кегиң алып кал.
Балбаның күрсү уруп кал,
Манасты жутуп, тунуп кал.
Калдыратып кол жыйбай,
Кашкарлык болбой куруп кал.
Кынаптууң кылыч салып кал,
Кылайган кегиң бар болсо,
Кыргыздан Манас мен келдим,
Кыпындай койбой алып кал.
Камбылың чапкын айбалта,
Катаалдыкты кылбадым
Кашкар журту бу калкка.
Катылдыңар өзүңөр,
Катыгыңды берейин,
Кашаяр кара көзүңөр.
Кайыпкан менен Мунарды,
Калба салып буларды,
Байгур, уйгур бир тууган,
Силерди кудай урарбы?!
Кыргынды сүйсөң кызыталак,
Кызыл чок ойрот кытай бар,
Кылсаң жумуш мындай бар,
Тарса, жөөт, ынды бар,
Байгур менен уруш – деп,
Башкарган кандай жинди бар?
Араңарда мен турам,
Арманы жок кыймылда,
Ар өнөр кыл, тыйылба,
Кокус кырып иет – деп,
Коркуп менден тыйылып,
Аскер жыйып кол болуп,
Ай-талаага карк толуп,
Келипсиңер өзүңөр,
Көбүңө келдим мен жалгыз,
Көрбөйсүңбү көзүңөр.
Коркутуп колго жыйды – деп,
Кол баштоочу мыктыңды
Көргөзүңөр өзүңөр.
Муну айтып Манас турганы,
Дагулуктун бутунан
Тутуп алып эр Манас,
Булгап-булгап көтөргөн
Канынын туусун урганы.
Чочмордон бетер атыптыр,
Дагулук шору катыптыр.
Туу кармаган кишини,
Бүтүрдү анын ишини.
Дагулук учуп жетиптир,
Атка тийип Дагулук,
Үч бөлүнүп кетиптир.
Кайраты кетти канынан,
Карап турган кашкарлык
Үмүтүн үздү жанынан.
Каны болгон Алакун,
Каза жеткен жапжакын.

Кашындагы көй баатыр,
Калдайып кыргыз аскери
Каптап жакын келатыр.
Аны көрүп алышып,
Жалгыз келген Манаска
Кол сала албай калышып.
Коркконунан тиги – деп,
Көргөзүштү Манаска,
Көзөлдөр иши бир башка,
Жыйырма алты киши көргөздү.
«Кара журт карап туруңар,
Жыйырмаңар жыйылып,
Мага жарак уруңар,
Бейкабар жерден кол курап,
Бекер жумуш мунуңар.
Алакун баштап каныңды,
Алла Таала буюрса,
Аман койбойм жаныңды,
Кел урушка бел байлап,
Кетирермин саныңды.
Сыйынганың немине,
Сырымды айтам деги эле,
Сыйынганың ким болсо,
Так ошого сыйынып,
Жыйырма алты баатыр экенсиң,
Урушуң кылгын жыйылып.
Кылыч, мылтык, бар жарак,
Кайратыңар чамалап,
Карап турбай санталак,
Колуңдан келсе койбогун,
Өзүм жалгыз турамын,
Өлтүрмөктү ойлогун.
Келсе мага дарманың,
Кетпесин ичте арманың.
Алтайды салкын жер кылган,
Атышуучу душманга
Айыкпаган чер кылган,
Атам кыргыз уругу,
Алла Таала шер кылган.
Атым Манас, өзүм эр,
Арманың калат, келе бер.
Туулган жерим Алтайда,
Душманым арбын ар жайда,
Алдырмагым далайда.
Казатка кудай жол берген,
Сегиз жүз сексен жашаган
Жаангерге кол берген,
Ак байгамбар Мустапа,
Ак келте мылтык ал берген.
Сыйынарым билбесең
Азирет Аалы шаймерден,
Алтайдан Алла жай берген,
Абунасыр заманы
Аңдатайын мен аны,
Ак байгамбар тапшырган
Ак болот кылыч ал берген,
Дуба берип казатка,
Душмандарга коё берген,
Түндө арбакты күзөткөн,
Түркстанды түзөткөн,
Атым Манас, арбын түрк,
Аманатка тапшырып,
Акыретте берген мүлк,
Казат кылган каапырга,
Санатым калган билиңер
Айтылып заман акырга,
Алдырсам арбак урганым,
Алакандай Кашкарда
Алакундай жакырга».
Аны айтты Манас күркүрөп,
Эки көздөн от чыгып,
Өчөшкөн өрттөй дүркүрөп.
Арстан эрде не туруш,
Аягы болор көп жумуш,
Аккула атка камчы уруш,
Камчы тийди Кула атка,

Өкүм кылып бул атка,
Октой Кула ат жетиптир,
Ошо келген жыйырма алты
Арманы жок өлүүгө
Асылыша кетиптир.
Салды күрсү, кылычты,
Тамаша дегин бул ишти.
Найза сайды, ок атты,
Ачып көздү жумганча
Алардын баарын жоготту.
Алмадай үзүп башыны,
Агызып көздөн жашыны,
Кызыл канга боёптур
Жай-Дөбөнүн сазыны.
Чогулган аскер көпчүлүк
Көзү көрүп туруптур,
Бирин жулуп, бирини
Бир-бири менен уруптур.
Топ аткандай атыптыр,
Тоголонуп баштары,
Денеден бөлөк жатыптыр.
Балбандарын ок кылды,
Манас атып топ кылды,
Жыйырма алты баатырын
Он үч уруп жок кылды.
Кайратын көрүп акыры,
Карап турган көп аскер,
Калбады башта акылы.
Атынан түштү буркурап,
Амандык тилеп чуркурап.
Оң колун алды обого,
Ооздору келди тобого,
Сол колун басты төбөгө,
Жүгүнүп Манас төрөгө.
Аз-мазы кытай, арбын түрк,
Атасы Туран, биздин мүлк.
«Уюшуп уйгур болгон соң
Ушундай эсиңжогунан
Уруп кудай койгон соң
Урбаганда неткениң
Эки жүз миң кол алып,
Жай-Дөбөгө жеткениң,
Жабыл! – десем кыргызды
Көрөр элем көбүңдөн
Бириң аман кеткенин».
Аны айтып Манас акырды,
Агасы Бакай баатырды
Мында кел! – деп, чакырды.
Кара сакал, киш мурут,
Каруу-жарак көк болот,
Карап тур алаш көп журут,
Кан Бакай андан бөлүнүп,
Кашына келди Манастын
Көмүрдөй кара сакалы
Көкүрөккө төгүлүп,
Көргөндүн көөнү сөгүлүп,
Бакайы келди кашына
Көк жал эрге көрүнүп.
Каарданып камынып,
Карап турган эр Манас
Карт буурадай чамынып,
Кашкардан барган көп аскер
Кантерин билбей сабылып,
Жан соогаттап жабылып,
Бакайга келди баш уруп,
Баатыр Манас туруптур
Кайратын бойдон ашырып.
Караса көзү чок болуп,
Оозунан чыккан илеби
Саадактан чыккан ок болуп,
Астафпуралла келтирип,
Араң бою токтолуп,
Кыжылдаган кашкарлык
Кыңк этсе кыргын салгандай,
Кыялы бузук ар кандай,
Кыйыктыгы кармаса

Кылымды жеке алгандай.
Айбатын салып туруптур.
Абасы Бакай барды да,
Атынын башын буруптур.
Акылы кетип аз болуп,
Айбаты бойго карк толуп,
Ачуута Манас мас болуп,
Күркүрөшү күн өңдүү,
Кубулуп өңү күл өңдүү,
Кыжыры чындап кайнаса,
Кылар иши бир жөндүү.
Мүнөзүн көрдү Манастын,
Көрүп туруп көз менен,
Көтөрбөйлүк балаасын.
Аны ойлонуп акырды,
Айнакул! – деп, чакырды.
Азыр келди Айнакул,
Айтылуу Кыргыл мына бул.
Кыргыл жетип барыптыр,
Кыялын билген баатырдын,
Кыңк эте албай калыптыр.
Айбатын көрүп Манастын
Алиги Кыргыл акырды,
Абдылда! – деп, чакырды.
Абдылда деген Ажыбай,
А да көрдү баатырды.
Адам түрү жоголгон,
Көргөндүн шорун катырды.
Баатырына бата албай,
Батынып сөзүн айта албай,
Ажыбай келип акырды,
Чеге деген баатырды,
Кутман болгон Кутубий
Бу да келип калганы,
Буйрук угуп кырк баатыр,
Жуда келип калганы.
Кара көзү чачырап,
Кайраса тиши качырап,
Муруту шаптай сайылып,
Жүзүнөн заары жайылып,
Күркүрөшү күн болуп,
Күндүз күнү түн болуп
Бетинен чыгып заары,
Беш байпактык жүн болуп,
Турган экен баатыры,
Карап турган көй төрө
Калбады башта акылы.
Кебин сураар бир жан жок,
Кейпин көрүп баатырдын,
Не болдуң? – дээр тир жан жок.
Башкача турат жоругу,
Баатырдын ушу сонуну,
Мас болгон билдей боруму,
Кыңгырашы албарстай,
Кыркырашы жолборстой,
Кыйкырып кирип кол салса,
Кылым журт аман болбостой.
Мүнөзүн мунун билгени,
Бүлүндүрөт кимди? – деп,
Бүлкүлдөп Серек күлгөнү.
Күлкүсүн баатыр угуптур,
Күркүрөп добуш чыгыптыр,
Күчү менен бир муштап,
Серекти аттан жыгыптыр.
Шор болуп оң жак капталы,
Серек сөзүн таптады,
Сүйлөп тилин тартпады:
«Кырааныңар не үчүн
Кыйыгына алган – деп,
Кытайлар уруш салган – деп,
Кылмышы жок мени урат,
Кыргызды кырып иеби,
Эмне болуп калган? – деп.
Кашкарлык уруш салган – деп
Качан кеп айттым жалган – деп,
Кашына келсем мени урат,

Каарданып каапырай,
Кандай болуп калган? – деп.
Казатка келип кол тартып
Кашкарлык карап турбайбы,
Жашында мени минткенче,
Кашкарлыгын урбайбы,
Билгенин ага кылбайбы,
Минте турган болгон соң
Бирин койбой кырбайбы.
Жаалы келсе канкорго
Жакын да тең, жат да тең,
Жайнап турган Кашкарга
Жалгыз кетип калам мен!»
Ушуну айтып салыптыр,
Көкказык атын кындыйтып,
Көк найзасын зыңкыйтып,
Аскерине Кашкардын
Азыр Серек барыптыр,
Аял-уял кылбастан,
Атына камчы салыптыр.
Аскерге барып сыр айтпай,
Сырынын четин кылайтпай,
Аралай түшүп алганы,
Аскерден чыгып эр Серек
Жекеге чыгып калганы.
Байгамбарды айтып бакырып,
Манастап ураан чакырып,
Шорлуу жердин топосун
Асманды көздөй сапырып,
Калкым кашкар, өзүм эр,
Кармашчу болсоң, канкорум,
Как өзүмө каршы кел!
Муну айтып майдан турганы,
Доолун катуу урганы,
Бу кыйкырган ким? – деди,
Бул ишин Манас билбеди,
Майданга кирип бакырган
Маа келгин! – деп, акырган,
Баатыр чыгып калдыбы
Кашкарда кытай каапырдан,
Каары катуу кандай жан,
Кыйкырыгын уккан соң,
Сурады султан Манас кан.
Ажы келип кеп айтат,
Алаксытып бек айтат,
Ал Серегиң – деп айтат.
Майданда турган Серегиң,
Башына жеди бир муштум,
Аны да арзан дебегин.
Каршы турду бизге – деп,
Беттешпейбиз Серекке,
Баатыр болсоң барып көр,
Келди кезек сизге – деп,
Ажы акең сүйлөп салганы,
Келди кезек дегенге
Манасы күлүп калганы.
Беттешип барып, Ажы аке,
Бербейсиңби жоопту? – деп,
Менден бөлөк бет алып,
Серек сындуу баатырга
Серпишериң жокпу? – деп,
Муну айтып Манас күлүптүр,
Бу тургандын баарысы
Буурукканы баатырдын
Жазылганын билиптир,
Күңгүрлөшүп көпчүлүк
Күлдү баары күлүптүр.
Көп адам күлүп ийиптир,
Бай Жакыптап бакырып,
Манастап ураан чакырып,
Аралап колго кириптир.
Алтоо-жетөөн атынан
Ыргыта сайып ийиптир.
Баатыр көзүн салыптыр,
Мага жетпес алың! – деп,
Манаска беттеп калыптыр.

Кутургур канетесиң? – деп,
Кутубий тосуп алыптыр.
Кужурланып жулкунуп,
Кутургандай булкунуп,
Кайнаган Кашкар калкым – деп,
Кан иче жүргөн наркым – деп,
Атым Серек баатырмын,
Ааламга кеткен даңкым – деп,
Батыра сүйлөп булкунуп,
Манасты көздөй жулкунуп,
Күлкүнү Серек салыптыр,
Күлдү журт көрүп Серекти
Күңгүрөп күлүп калыптыр.
Арстан Манас баатыры
Араңда келди акылы,
Ыраңы жүзгө чачылды,
Тунарган көзү ачылды,
Мурунку келип калыбы,
Буурукканы басылды.
Желиккени тыйылып,
Жеңилип бою жыйылып,
Укту кепти кулагы,
Ушундай ачуу бир келсе
Кылымды кырар убагы,
Адамдай болуп мүнөзү,
Ачуусун тыйып турганы.
Кырк чоронун баары бар,
Кыргыл, Бакай кары бар,
Кыйыгына куп тийген
Кылым Кашкар шаары бар.
Кутпудин келип бир алды,
Кудайыңды билгин – деп,
Ак жолуна бир салды,
Андан элиң да жанды.
Быкалдын келип аскери
Ыслам динге бир салды,
Ага болбой тим жанды,
Силерге окшоп ким жанды.
Муслум келип бир алды,
Билгин деп динге бир салды,
Ушу турган кашкарлык
Бир жанбады, миң жанды.
Жаангер кожо, эр Кошой
Найза канын өлтүрүп,
Ак жолуна бир салды,
Анан болбой, да жанды.
Аягында мен келдим,
Аял-уял кылбастан,
Аскер жыйып сенделдиң.
Уругуң уйгур түрүксүң,
Урушту сүйүп жүрүпсүң,
Байгыр, Уйгур бир тууган,
Байкабастан бөлүпсүң.
Атабыз Туран бир урук,
Асылыбыз бир туруп,
Аскер тарттың биз үчүн
Арбак сени чын уруп.
Башчыларын чакырып
Баарысын Манас ныгырып,
Таманы болсун чарадай,
Өркөчү болсун баладай.
Ургаачы эмес, эринен,
Отуз эки миң Кашкар
Он эки аймак жеринен,
Атан төө лөк болсун,
Санаты бир миң көп болсун,
Ар төөнүн үстүнө
Он батман күмүш артылсын,
Ошону берип жан тынсын.
Ар тарабың тоо экен,
Жыбыт-жылга коо экен,
Көп экен жылкы малыңыз,
Көрүндү бизге алыңыз,
Кыл куйруктан түк койбой
Биздин колго салыңыз.
Баланда бир ат бардыр – деп,

Бекитип бербей калды – деп,
Кулагым менин чалбасын,
Чалып калса кулагым
Билип уккун кашкарлык,
Жаныңдын тирүү калбасын.
Кайта-кайта көп жанган
Кара диндик кээриңиз,
Калбасын минер ээриңиз,
Канчадан бери кулакта,
Кашкарлык сенин кебиңиз.
Аяк-башы сегиз күн,
Айтканымды уккун сен бүгүн,
Ката десең айтканым,
Кайта минер шайтаным,
Аманат жандан чын түңүл,
Кайратың болсо катылгын,
Кайра-кайра жангандан
Каарга башың чатылдың,
Кулакка бөркүң жетпесин,
Узарган болсо тумагың
Анык билгин жаныңдын
Аман-эсен кетпесин,
Аскерге келген шаңданып,
Азырлаган көркүңдү,
Алып кел – деп, бөркүңдү,
Жүз сексен миң кишини,
Көргүн кылар ишини,
Көрдүк – деди, көркүңдү,
Көтөрүп кел – деп, бөркүңдү,
Санап баарын алганы,
Тебетейдин этегин
Текши кесип салганы,
Арстан эрге тык тартып
Аскер келген экени
Белги болуп калганы.
Ошо күнү баатыры
Отуз киши чаптырды,
Ымалайдан Кайып кан,
Даңгуштагы Мунарды
Келсин – деди буларды.
Жергентке барган Айкожо,
Панус кан анда бар кошо,
Келсин – деди баарыны,
Кашкарлык кылат экен – деп,
Түшүрдү баатыр каарыны,
Түмөн аскер кол менен
Камап түшүп шаарыны,
Ары чети Сары-Кол,
Арасы кызыл улуу жол,
Элдин баарын таратып,
Эсептеп жанды санатып,
Каптады тоону кыргызы,
Жайына сыйбай жылкысы,
Казынасын ачтырып,
Күмүшү жетпей калганын
Күбүп-кагып шаштырып,
Алды жамбы миң төөлүк,
Арткандары баары лөк,
Кара малдан түк койбой,
Өлүү дүйнө андан көп.
Арызын айтып сабылып,
Наалыганы сандан көп,
Он тогуз күн болуптур,
Ойдон-тоодон адамы
Кара курттай толуптур.
Ымалайдын Кайыбы,
Кашкар менен урушуп,
Канча болгон майыбы,
Даңгүштөгү Мунары,
Жалпы келди булары
Сермус шаар Күчөңү,
Ата уулунун бектери
Алардын баары келгени.
Койнот шаар, Кара-Кур,
Келгендерин карап тур.
Жээкте болгон шаарынан,

Жеткен кабар баарынан,
Аскер алып отуз миң,
Абунасыр заманы
Азыр келип калганы.
Айланасын кол курчап,
Жолун алып коюшту,
Күндүгүнө миң кара
Кашкардан жеди союшту.
Артылбастан там калды,
Айдаса баспас тал калды.
Тигилүү калды тереги,
Элинин чыкты керегги.
Эсирген байлар ал калбай,
Эшектен бөлөк мал калбай.
Бутканасын алдырды,
Мурунку буттун ордуна
Буздуруп мечит салдырды.
Абунасыр заманы
Айтып динге киргизип,
Алты жыл өлчөп калтырды.
Бу дүйнөнү туткан – деп,
Бадышалык өкүмүн
Башка журт башта уккан – деп,
Бар кашкарлык карады
Бадышайым султан – деп,
Байгамбар сөзүн туткан – деп,
Өкүмгө моюн сунуптур,
Өздөрү кылган ишине
Өкүнүп жүрүп куруптур.
Султандыктан танган жок,
Жуда Кашкар уругу
Андан кийин жанган жок.
Байгамбар берген наамасын
Кетменге коюп кагазын,
Жазып жүргөн дининен
Кетирди Манас чамасын.
Абунасыр заманы
Ак шарият жолуна
Адаштырбай салганы,
Акыр заман журтуна
Аалымы арбын калганы,
Алла билер бу сөздө
Чыны канча, жалганы,
Чырмап алып баарысын,
Тегерегин туюктап,
Сегиз ай жатып калганы.
Жети жүз киши өлүптүр
Кайып менен Мунардан,
Канын алды булардан.
Букара болуп карады,
Бурулар алы калбады.
Анжиян, Кашкар арасы,
Адырынан көрүнбөйт
Алакандай талаасы.
Тоолору арбын, жери тик,
Токтолуучу жери жок,
Алооке жатыр чоң душман,
Арстан Манас баатырдын
Ал жерге жатар эби жок.
Сегиз ай алып тынччылык,
Сергитип журтун тынч кылып,
Анжиян менен Кашкардын
Арасында жайланып,
Аркы-берки жүргүнчү
Айбатына байланып,
Айбаты жетип далайга,
Айылы барып Алайга,
Сегиз айга карк толуп,
Эми Манас баатырың
Серпише турган чак болуп,
Отуз эки жашында,
Оёндору кашында,
Себилдүүсү сексен төрт,
Серп салган жагы кызыл өрт,
Капчыгайдын жол менен,
Сексен миң аскер кол менен,

Артыштан ашып бел менен,
Айбаты катуу эр менен,
Ат жүргүс кыйын жер менен,
Анжияндын тарабын,
Арстан Манас баатырдын
Ар борумун карагын,
Анжиян жаккы бетине
Алоокенин элинин
Аралап кирди четине.
Бай Жакып көчүн кондуруп,
Саадактын огун жондуруп,
Отуз-Адыр оюна,
Бөксө жолдун боюна.
Караптыр малдын жайына,
Айдап жылкы сугартып
Кара-Кулжа сайына,
Басып чыгып Кашкарды,
Бай Жакып малын башкарды.
Айыл конуп, үй тигип,
Ар шайданын бүтүрүп,
Адамынын баарысы
Алооке экен душман – деп,
Азырланып күтүнүп,
Алар минтип алыптыр,
Алтымыш жигит кошчу алып,
Манас ууга барыптыр.
Карлуу бийик тоо менен,
Көз учкан бийик зоо менен,
Ташы бийик аскадан
Тамашасын баштаган,
Кашындагы көй мерген
Атканын ар кез жазбаган.
Тоолуу токой чери бар,
Жолборс, илбирс, шери бар
Ар тарабын чуу кылып,
Арстаның жүрдү уу кылып:
Буруштан атып бугусун,
Булардын көргүн жумушун,
Курбудан атып кулжасын,
Кубандырып курдашын,
Эчки-теке кийигин,
Эгиздин издеп бийигин,
Адырдан аркар үркүтүп,
Аяк-колун сындырып,
Артынан кууп мүргүтүп.
Кыйкырып чыгып бийикке,
Кызыгышып кийикке,
Тоого кетип баарысы,
Тогуз күн токтоп калышты.
Аккелте атып түздөшүп,
Адырдан аркар издешип,
Мылтыктан түтүн буратып,
Бугудан атып сулатып.
Олжо дешти мунусун,
Алардын көргүн жүрүшүн.
Тамашага батышып,
Талаага түнөп жатышып,
Тандашып кийик атышып,
Эрлиги эмей неткени,
Эрегишкен Алооке
Эсен-аман жатканда
Элебей ууга кеткени.
Баатырлыгы эмей неткени,
Басташкан жоосу турганда
Байкабай ууга кеткени.
Кыраандар чыгып бийикке,
Кызыгып алып кийикке
Тогуз күн тоого калыптыр,
Алар тоодо жүргөндө
Толкуган аскер барыптыр.
Аларды таштап салыңар,
Алооке деген каны бар,
Андан кабар алыңар.
Беш жүз миң аскер алыптыр,
Беленденип калыптыр.
Туура жагы Коконду,

Журтун тамам которду.
Аяк жагы Маргалаң,
Асты койбой кол жыйып,
Атка токтоор калбаган.
Кыштагы кырк беш болуптур,
Кылымга саны толуптур,
Чоң Анжиян, Сузагы,
Чогулткан экен ошону.
Шаарга толгон өзөнү,
Эсепсиз эли өскөнү,
Арибанты, Күлү шаа,
Анын баары күлдү шаар,
Айта берсе жомогу –
Аңгемеси кыйла бар.
Кара-Алма бар, Кайкы-Бел,
Кытайлар Чыңча дээр экен,
Кыжылдаган каапыр эл.
Көргөнгө сонун ушу бар,
Көк-Арт суунун бою шаар,
Үйдүн үстү үй болгон,
Үйгө жери карк толгон,
Там үстүнө там болгон,
Талаасында чолоо жок,
Даңгыт, маңгул карк толгон.
Каптал, тоо баарынан
Ээсиз жери калбаган,
Кара калмак жайнаган,
Оюнда бар Самаркан,
Ошондо бар канча жан.
Оро-Төбө, Жызагы,
Ойдо-тоодо кыштагы,
Малдуусуна сан жетпейт
Мал откоргон тыштагы.
Кожент менен Тузу бар,
Колго келген ушулар.
Беш жүз миң толуп аскери,
Бери урган кытай өз эли,
Кайнап жатыр калмагы,
Катуу душман келди – деп,
Калкына кабар салганы.
Андагы аты Андаген,
Анда киши калбаптыр
Атасы кыргыз көп элден,
Басып калган кези экен
Маңгул менен калмагы,
Тыргоот менен даңгыты
Тыйпыл баарын алганы.
Өзүбектин нуркунан
Экөө-бирөө калбады,
Өңкөй кытай алганы,
Аркы чети Ыспара
Азмаз кыргыз калганы.
Кыпчак менен тейитти
Кыргызыңа кеткин – деп,
Кебилге сүрүп кейитти.
Окчу менен думара,
Орун бербей буларга,
Нойгут менен дөөлөстү,
Оолак жүр – деп жөөлөттү,
Алтайга кеткен кыйласы,
Аллага жетип ыйлашы.
Катагандан калыптыр,
Кайнаган калмак калыктыр,
Кыргызыңа кеткин – деп,
Катардан сүрүп салыптыр,
Барганадан түк койбой,
Басып кытай калыптыр.
Уйгурдан калган сарты бар,
Үшкүрүгү баш жарып,
Ошончолук дарты бар.
Он алты жылдан бер жакка
Кытай келбей калыптыр,
Ортодон чыгып эр Манас,
Ал кезде ойрон салыптыр.
Мурунку келген мажусу
Букарга чейин алыптыр,

Ортодон Манас чыккан соң
Ал кезде токтоп калыптыр.
Анжияндан чолоо жок
Алмак экен каапырлар,
Алла салса бендеге
Албан түрлүү иши бар,
Алтайдан Манас чыкканы,
Ар тарапта каапырдын
Алтын айчык тууларын
Атышып жүрүп жыкканы,
Ата-баба арбагы
Анын баары козголуп,
Алоокенин колунан
Араңда Манас алганы.
Сарты менен кыргызды
Заман акыр болгончо
Жараткан Алла тургузду.
Калбаны калмак баштады,
Кара кытай кыжылдап,
Кашкар менен Анжиян
Катар ала таштады,
Карк алтын туун көтөрүп,
Кан Алооке аштады,
Беш жүз миң аскер кол жыйып,
Мээнетти минтип баштады.
Баатыр менен балбанды,
Баарын жыйып алганы,
Бар Манаска! – деп, айтып,
Тизелик деген баатырын
Арага киши салганы:
«Кордук кылбай элиме,
Конбосун де жериме.
Болбос иш кылбай элиме,
Боктобосун жерими.
Эсенкандан качкандыр,
Эси чыгып шашкандыр,
Какан кандан качкандыр,
Калк, дүйнөсүн чачкандыр,
Кара жан алып качкандыр,
Каалайт экен кай жерди,
Өткөрөйүн жол менен,
Өзүм баштап кол менен.
Ысар менен Көлөп бар,
Мусулман болгон адамга
Тайгылып кетсе жөлөк бар.
Бадакшан менен Балык бар,
Башка уруу кыйла калк бар,
Маа турам десе Манастын
Башына түшөр салык бар,
Маймун менен Кебил бар,
Мага келсе баш коюп
Башкача сонун кебим бар,
Беттешип мени жеңе албас,
Белен жарак, бедөө ат,
Беш жүз миң аскер эрим бар,
Оолуксам ойрон салармын,
Он жүз миң орчун элим бар.
Сураксыз келип конгондой
Оолугуп кайдан демиң бар?
Азыр берсин жообуну,
Алайын арбын сообуну,
Качканын айтсын жашырбай,
Ачып берип жолуну,
Жайлашып жолго салайын,
Жакшылык кылып калайын,
Жайын айтсын чын сырын,
Жан жолдош кылып алайын,
Бу жерге бекер келген жок,
Азып көчүп жүрүптүр,
Алтайда алаш элден жок.
Тууганынан айрылып,
Турарына жер таппай,
Туташ кыргыз кайгырып,
Жакшылык көргөн эли жок,
Жалгыз ат тоёр жери жок,
Карайлаган бу чантуу

Кашкарда турду эби жок.
Кашкарда турду бир жылы,
Мындай-мындай чантууга
Мурунтадан сынбаган
Мурутумдун бир кылы.
Турам десе жай алып,
Алоокеге таянып,
Баш болуп келип Манасы,
Каралашкан канча экен
Кашында жүргөн алашы,
Куру кайрат баш айрат
Али да менден дагы ыраак
Мусулмандын арасы,
Кашкардан камап өлтүргөн
Алакундай көрбөсүн,
Арманда болуп өлбөсүн,
Алын билип жөнөсүн!
Атанга жүгүн деңкейтип,
Айылын не үчүн кондурат
Анжиянга эңкейтип?
Панусту алып Ташкенден,
Панус деген баш акмак,
Мурунтадан күтүнбөй,
Букара күтүп башка элден,
Алаш уулу болгону,
Ал эсеби белгилүү
Алты санга толгону,
Тууганcып Манас барыптыр,
Туташ алаш кыргызы
Турбай кетип калыптыр,
Душманга ачып колтугун,
Панус деген акмакты
Лаанат уруп салыптыр.
Ташкендин кыргыз-казагы,
Байкаганга аз эмес
Пануска салган азабы,
Эсенкандан качпаса,
Эси чыгып шашпаса,
Жыргалдуу киши бер жакка
Жылдызды ашып качабы?!
Кашкарга каарын салыптыр,
Камап жатып сарттардын
Канча малын алыптыр,
Кынык алып кыйынсып,
Мага келип калыптыр.
Араниктин Ашарсуу,
Алы келбей алдырап,
Арманда жүрөт мына бу.
Аскерим жыйнап арбытып,
Акыр бир күн аламын
Ташкендеги Көкөтөй
Ары-бери чаргытып.
Колумда турган Араник,
Койбой аны албасам,
Компоңдогон душманга
Койдой кыргын салбасам,
Барганага баш болуп
Алооке болбой калбасам!
Тартынбай айткын кебимди,
Ар канча Манас болсо да,
Тайдырармын эбини,
Арзан жоосу менминби,
Же ажал айдап келдиби?
Сураксыз конуп жериме,
Чуулган салып элиме,
Чыдай албай Бээжинге,
Чыр салып алаш элине,
Чыйраксынып келиптир
Кең Баргана жериме.
Көтөрүлгөн кыргыздын
Көрүнөрмүн көзүнө,
Калктан угуп кайгырдым,
Кашкарга айткан сөзүнө.
Эки болсо биримин,
Жүрүшүмө жан жетпес,
Жүк көтөрчү билимин.

Бири болсо өзүмүн,
Угуп, билип тез келсин,
Урматтап айткан сөзүмү!»
Колун жыйып белендеп,
Кокус Манас келер – деп,
Коркуп жүрүп элеңдеп,
Опузалап кеп сүйлөп,
Орунсуз сөздү көп сүйлөп,
Элчини жолго салыптыр,
Элүү киши кошчу алып,
Эрдемсинип Тизелик,
Манасты издеп барыптыр.
Токумдай жер калбастан,
Там талаага салыптыр,
Шаар басып калыптыр.
Малдын карап жайына
Бай Жакып тоодо калыптыр,
Бөксөдө конгон Жакыпка
Бөлөк түрлүү адам барыптыр.
Комасын айтып кобурап,
Тизелик баатыр баш болуп,
Өңкөй баатыр шоодурап,
Бай Жакыпка барыптыр,
Балдар атын алыптыр.
Учурашып бүгүлүп,
Улук киши бу да – деп,
Урмат кылып жүгүнүп,
Ошо кезде дапдаяр
Олтурарга оруну,
Оңдурбастай көрүнөт
Ошолордун боруму.
Конок кылып жаткырды,
Колунан келген даамыны
Конок ашын таттырды,
Айылга душман келди – деп,
Аркасынан Манастын
Алты киши чаптырды.
Кайтамын – деп, ашыгып,
Кабарга келген Тизелик
Ак токунду түзөлүп.
Азыр Манас келер – деп,
А күнү кайра жаткырды.
Барды Манас баатырга
Алты киши чапкылап,
Ала-Тоодо жүрүптүр
Аң, кийигин кубалап.
Ала-Тоого жакындап,
Тоонун издеп бийигин,
Тосмолоп атып кийигин,
Кырга чыгып алыптыр,
Кыйкырып айгай салыптыр.
Тоого чыгып алышып,
Тозгун, бер жак кийик! – деп,
Дооштоп айгай салышып,
Аңга кызып алыптыр,
Айгайды бийик салыптыр,
Арстан Манас баатырга
Атасы Жакып жиберген
Алты азамат барыптыр.
Баатыр келдик мында – деп,
Байкап сөздү тыңда – деп,
Ашыгып келдик мында – деп,
Айткан сөздү тыңда – деп,
Алоокеден кол келип,
Аябай черүү мол келип,
Калааны басып карк толуп,
Калабасы көп болуп,
Караса карап берсин – деп,
Карабас болсо бир жолу
Казат кылып аттанып,
Кармашар жерге келсин – деп,
Элчиси келди элге – деп,
Эндиреп сүйлөп энтелеп,
Жүрүңүз – деп, эртелеп,
Айылга келди арачы,
Алооке буйруп айыпты,

Алып кел – деп, Манасты,
Ашыгып сүйлөп барыптыр,
Ага жообун бергенче
Асты жакта курбудан
Алла канча чубаган
Арышын керип чураган,
Курсактары чалкактап,
Мүйүздөрү калкактап,
Көп бугу чыгып калыптыр.
Булардын сөзүн аңдабай,
Бугуну көздөй ат коюп,
Бууданга камчы салыптыр.
Аккелтенин түтүнүн
Асманды көздөп булатып,
Аккула менен чуратып,
Тосмологон жолунан
Алты бугу сулатып,
Минтип кетип калыптыр,
Бир артылмак бели бар,
Ушу күндө атагы
Миң-Бугу деген жери бар.
Арбыган экен кийиги,
Анжиян, Кашкар арасы
Ала-Тоонун бийиги,
Андагы аты Ара-Туз,
Аңга кызып ушул кез,
Азыркысы атагы
Арпа – деп, айтат анык сөз,
Арасында тоосу көп,
Аска бийик зоосу көп,
Тар капчыгай коосу көп,
Курбусунда кулжа бар,
Кайыптын баары мында бар,
Будурунда бугу бар,
Көрбөгөндүн муңу бар,
Дүйүм жыгач баары бар,
Жабыр баян дагы бар,
Кылыч куйрук, тайбасы,
Кыйындардын баары бар.
Кабылан менен шери бар,
Ал кезекте Анжиян
Калмактын калың эли бар.
Эгин менен малы бар,
Не түрлүү сонун баары бар,
Аң уулаган киши жок,
Алаткак, жезит дагы бар.
Тумшугу жез киши бар –
Убара чаркөө дегени,
Ал кезекте Анжиян
Ар түрлүү сонун иши бар.
Адам ноо, чыңыроон
Айтылгандын баары бар,
Жер жүзүндө кесенде,
Ар сонундар дагы бар.
Азыркы жери ээн экен,
Арстан Манас баатырың
Аңга ышкылуу эр экен,
Күн түштүгү жагында
Ала-Канчык дээр экен.
Аңга кызып алыптыр,
Кароолдунун тоосунан
Көмүрдөй кара кулжадан
Карыя Бакай абасы
Көбүн атып салыптыр,
Акыр заман журтуна
Кара-Кулжа атагы
Как ошого калыптыр,
Карасаң кыргыз уругу
Манастан берки калыктыр.
Марал менен бугу атып,
Бар адамын чуулатып,
Аркар менен кулжа атып,
Ар сонунду мында атып,
Кырк нөкөрү кашында,
Оён Манас баатырың
Отуз эки жашында,

Дөөлөт кушу башында,
Тура турсун аң уулап
Тянь-Шань тоонун кашында.
Тянь-Шань тоонун бөлмөсү,
Мурунтан маалым бу сөзү,
Кытайчасы Баргана,
Кыраан Манас баатырдын
Кылганы маалым ар жанга,
Түркчөсү Андаген,
Түмөндөп түрк жердеген,
Түрлүү сонун табылган
Ар түрлүү башка кен деген.
Адам жүрүп түк болбойт,
Арбын экен доңузу,
Андакен деп айтмагы
Ар түрлүү жандын олуту,
Кыл кыйма кыйын каманы,
Как ошондо бар экен
Кесенденин жаманы,
Кызып алып аңына,
Кыраан Манас калганы.
Күн батыш жагы Кызылды,
Андагы аты Дуңша-Бел,
Анда турган кытай эл,
Азыркы аты Эркеч-Там,
Атагы кыргыз уулуна
Арстан Манас жеди кам.
Арада Терек-Бели бар,
Талаасына батпаган
Ар түрлүү кытай эли бар,
Шымал жагын караса,
Кетмен-Төбө жери бар,
Ага чейин уу кылып,
Арстан Манас баатыры
Жүрө берген чени бар.
Жүрө турсун Манасың,
Анжияндын тоолорго
Жайнап жатсын алашың.
Аны таштап коюңуз,
Алооке деген каны бар
Кабарынан болуңуз.
Тизелик эки конуптур,
Аң уулаган Манастан
Кабар келбей коюптур.
«Келбеди сенин балаң–деп,
Кегимди сенден алам – деп,
Кетте бааша Алооке
Келбей койду Манас – деп,
Кебиңди айтып барам – деп,
Соо калбайсың, өлөрсүң,
Сонунду шондо көрөрсүң,
Кызың катын болгондо,
Кыңк этпестен көнөөрсүң.
Калкыңда болгон катын – деп,
Катының болор отун – деп,
Как ошондо саргарып
Улутунуп олтур – деп,
Укуругуң шиш болор,
Унуткусуз иш болор.
Туурдугуң ичмек кылынып,
Туташкан журтуң кырылып,
Үзүгүң болуп токулга,
Үшкүрүп карап олтурба.
Түндүгүң менен чай кайнап,
Жүрбөгөн жерде көз жайнап,
Темирден кылган очогуң,
Ат така болуп ошонуң,
Тебеленип мончогуң,
Тепсендиде болбогун,
Батарыңа жайың жок,
Баш калкалаар байың жок,
Алоокеге бу күндө
Алышарга шайың жок.
Чамгарагың чагылып,
Чантууңдун баары чабылып,
Журтуңдун баары сабылып,

Көрө элегиң көрөрсүң,
Жакшылыкча жарашбай,
Жамандыкка көнөрсүң!
Эркиң менен иш кылган
Ээн Алтай жериң жок,
Эни алыска жайылган
Калдайган казак элиң жок.
Бизден жакын бир ата
Кара калмак элиң жок.
Катылып коюп Каканга,
Кайрат кылар эбиң жок.
Алооке бааша аз эмес,
Азыркы Какан журтунан
Аскерин жыйса аз келбес.
Орто Азия, Түркстан,
Оңунда жатыр Иркистан,
Алган болдуң жогорку
Акунбешим, Илебин,
Алыңды кийин билемин,
Айдаган малдан үмүт үз,
Аманат жаның тилегин.
Манасың болсо биздики,
Аман калсаң сүйүнгүн
Аманат жаның сиздики.
Калаба салдың Каканга,
Калабаң тийди ар жанга,
Уруш салдың уйгурга,
Талкалаштың Ташкенге,
Асты түбү батпайсың
Алоокеден башка элге.
Каар салдың Кашкарга,
Аты Манас балаңды
Асили көңүл тынчыбайт
Аскерге албай таштаарга,
Манасты аскер бербесең,
Балакети да жугар
Мына бу турган жаштарга!»
Аны айтып Тизелик,
Абыкени көргөздү,
Аксакал болгон Жакыпка
Тизелик айтып көп сөздү,
Кайтмакчы болуп калганы,
Карыясы Жакып бай
Кандай келген элчи – деп,
Тогуз ат токуп салганы.
Элүү желдет, Тизелик,
Эстүүсүнүп түзөлүп,
Алоокеге барууга,
Айтып кабар салууга,
Аскер менен кол келип,
Айылын чаап алууга,
Ногоюн чаап таратып,
Абалтан көзүн каратып,
Кыргызын чаап таратып,
Кытайдын көзүн каратып,
Баарысын алып таратып,
Маңгулдун көзүн каратып,
Алашка азап салмакка,
Ата уулунун баарысын
Аскер кылып алмакка,
Кыргызга кыргын салмакка,
Кыйындардын баарысын
Кызматкер кылып алмакка,
Акунбешим, Оргону,
Алып өчүн олорду,
Алла билер бул иштин
Арты кандай болорду.
Текес менен Илебин,
Кегин алып бул элдин,
Бузулуп булар келгени
Бу кудайдын бергени,
Жеринен азган эл оңбос,
Жергеден качкан эр оңбос,
Жайынан качкан эл оңбос,
Жакындан качкан эр оңбос,
Мурунку кыйын атагы,

Бу дүйнөдө болгон жок
Манастын кылган чатагы,
Баштагы кыйын атагы,
Баары журттан күч болду,
Бадыректин чатагы,
Оболдо кыйын атагы,
Ойротко тийди чатагы.
Орун алган жери Алтай,
Баргана келип, бадырек,
Мүшкүлдүр тынчып жатары.
Баатырлык айтып мактанып,
Бара турсун Тизелик
Алооке канга аттанып.
Беш жүз миң аскер кол жыйып,
Бели катуу балбандан
Беш жүз балбан мол жыйып,
Ордого доол согулуп,
Оёндун баары чогулуп,
Көзгө аткан мерген машынан,
Көп жалтанар башынан,
Көңүлгө толук жакшыдан,
Айтууга даана чеченден,
Арбагы чыккан нечененден,
Карысын коюп, жашынан,
Аягын коюп, башынан,
Кан Алооке камданып,
Лаанатка сыйынып,
Жата турсун Алооке,
Ыксыз аскер жыйылып,
Бандулуну кактырып,
Баш көтөргөн баарына
Бат кел! – деп, кабар чаптырып,
Барганалык аскердин
Баарын жыйнап чакырып,
Туу желектен көп болуп,
Тура турсун токтолуп,
Байрак-желек сан жетпей,
Бадырегиң Алооке
Баасына башка кан жетпей,
Манас үчүн кекенип,
Манастан чочуп шектенип,
Кашкардагы Алакун
Алым берип ар жылы,
Жалынып жүрчү эптенип,
Алдырганын Манаска
Алакундун угуптур,
Аскер жыйып даярлап,
Ачууланып туруптур.
Алы келбей Каканга,
Асылган экен бу мага,
Күчү келбей Каканга,
Күүлөнгөн экен бу мага.
Беттеше албай Бээжинге,
Бу жерде мени арзансып,
Келген экен мында – деп,
Калдай менен доотайын
Кан Алооке күүлөндү
Кара боюң чыңда! – деп.
Алооке айгай салыптыр,
Аскеринин баарысы
Азырланып калыптыр.
Манжурия калмагы,
Манжубекке кошулуп,
Мусулман болуп калганы,
Мунун аты Балкыбек,
Маргалаңдын шаарына
Базар кылып барсам – деп,
Базарга малын салыптыр,
Баарын булдап алыптыр,
Бакылдаган көпчүлүк
Манасты чабам деген сөз
Кулагына барыптыр.
Булдап алып малыны
Бул сөздү угуп баарыны,
Айтор кыйын экен – деп,
Анжияндын шаарыны,

Балкыбек жолго салыптыр,
Баяндап айтып көргөнүн,
Бай Жакыпка барыптыр:
«Эсеп жеткис эл көрдүм,
Нечен түрлүү эр көрдүм,
Жайыт жеткис жан көрдүм,
Азыркынын мазары
Алооке деген кан көрдүм.
Конуш жеткис кол көрдүм,
Кошунун кумдай мол көрдүм,
Колун койдой айдаган
Алооке деген зор көрдүм.
Алачык үйдөй күрсү алган,
Ачууланса токтолбой,
Ала-Тоону бир салган,
Бир салып тоону жок кылган,
Ташты чапса чок кылган,
Алптын көрдүм сонунун,
Азыр көрдүм таңыркап,
Аскеринин борумун,
Алла Таалам бериптир,
Анжиян кылып орунун.
Күрсүлөрү өгүздөй
Күчтүүлөрдү мен көрдүм,
Ажыдаар айбаттуу
Түстүүлөрдү мен көрдүм,
Аянбай чыгып майданга,
Түшчүүлөрдү мен көрдүм.
Өлтүрмөккө Манасты
Кекенгенди мен көрдүм,
Өкүмат кылып урушка,
Бекигенди мен көрдүм,
Кызылдай коркуп кыргыздан
Шекигенди мен көрдүм.
Эми кандай кылабыз,
Эмгекти тартып кыйлабыз,
Аталаш алаш элде жок,
Алтай, Амур жерде жок,
Азыркысын аңдасам,
Азгандан биздей бенде жок,
Алооке улук кан экен,
Азыр андай элде жок.
Болот капка дарбаза,
Болгон экен чоң бааша,
Карап турсам калаба
Чыгабы – дейм каргаша,
Аскери арбын мол экен,
Жетип келет – деп, ойлойм,
Жең-этекке жармаша,
Кабарды барып ким берет
Каңгырып кеткен Манаска.
Чабылып кетсек кытайга
Калганга болдук тамаша,
Ким берет барып кабарды
Кийикке кеткен Манаска,
Алып койсо Алооке
Ааламга болдук тамаша.
Уркун дайра, Амурду,
Ушуну жердеп тим жатсак
Кудай билет эле го,
Эсенкан келип аларды,
Эл бөлүнүп, жерде жок,
Эгем билер биз мындан
Эсен-аман каларды.
Эртиш менен Шиберди,
Эркиңе койбой, көчкүн – деп,
Ким айдады силерди,
Нааманда жаткан Алооке
Аз-көбүңдү билеби
Айылына көчүп келбесе,
Бар-Көл, Тур-Көл, Ала-Көл,
Басып жаткан алаш эл,
Башынан муну билген соң,
Казак менен кыргызды,
Калкты бүтүн ала кел.
Көчүп алып Алтайдан,

Көнбөгөн жерге барбайм – деп,
Келбей калды кээ айбан,
Кызылдын боюн кыдырып,
Делбе кылып жылкысын,
Кыйла малып кырдырып,
Байжигит кетти Сар-Колго,
Ээрчиген киши жок болуп,
Эли калды токтолуп.
Маңкан, Кордой, Куштайга
Баары калды кызайың,
Байкап турсам дүйнөгө
Батпаган экен кытайың.
Бадыша экен Алооке,
Баштатан билбей мындайын,
Кенди-Кенер, Шиберди,
Ээн калат жери – деп,
Айдаркан деген айбаны
Элинин көбүн жиберди,
Көкчөсү келди Илеге,
Көрүнгөн жерден чаппайбы,
Көт жагында алашын
Көп экенин билеби.
Алооке деген бул экен,
Аскери арбын кум экен,
Алыстан бери жер кылып,
Анжиянда тур экен,
Аял-уял кылбастан
Азыр келип чаап алса,
Армандуу дүйнө бул экен!»
Көрүп барган Балкыбек
Көбүнө айтты мындай кеп.
Бай Жакып шондо кеп айтып:
«Кийигиңменен куруп кал,
Башы кургур – деп,-айтып,
Башы курган бала – деп,
Басып алса Алооке
Барбы буга даба – деп,
Душмандар жатыр өч болуп,
Өзүбүз жүрсөк көч болуп,
Конуш жок жүрсөк кор болуп,
Коркутуп келди элчиси,
Алооке деген зор болуп,
Алты киши жибердим,
Аллагандай заман – деп,
Камыңды жедим силердин,
Жана да киши чыгардым,
Саясына конуппуз,
Жапырактуу чынардын.
Манастын башын жутам – деп,
Бадыша деми басылды,
Бадырек кытай Алооке
Балама не үчүн асылды?
Билгени бардыр Манастын,
Алла Таала колдосо
Асылган менен Алооке
Бир кылын албас алаштын.
Менменсиген каапырды
Берчү эле кудай акыры,
Бу жерге көчүп келүүгө
Манастын жетип жүргөндүр
Бир нерсеге акылы.
Мен барбасам болбоду,
Мерген болуп ойноду,
Аттанбасам болбоду,
Акыры бул иш оңбоду!»
Ушуну айтып бай Жакып,
Уларбоз минип болкоюп,
Улуу тоого бет алып,
Барды Жакып солкоюп.
Кырдын баары кыйкырык,
Кыйла жол экен арасы,
Кыйкырышып аң уулап,
Кызыгып жүрөт баласы.
Жалама таштар жаңырык,
Беш-Бугу деген бир жер бар,
Жаңыдан кийик табылып,

Ойдо-тоодо айгайлап,
Адамдар жүрөт жабылып,
Балам бери токто – деп,
Бай Жакып барды сабылып:
«Алтайдан балам көчүппүз,
Арман менен өтүппүз,
Көчкөндө балам өчүппүз!
Астыңдан жайган тор чыгып,
Алооке деген зор чыгып,
Али дагы атаңдан
Арылбаган шор чыгып,
Элүү киши элчиси,
Элге келди ченчиси,
Боктобо – деп, жеримди,
Боктоор болсоң жеримди,
Болтурам – деп, элиңди,
Болтуруп аскер алам – деп,
Мойну жоон эриңди.
Жердебе – деп, жеримди,
Чендебе – деп, элимди,
Жердээр болсоң жеримди,
Ченетип солдат алам – деп,
Жекеге чыгар эриңди,
Оём – деп, эки көзүңдү,
Ойлонгун айткан сөзүмдү,
Манас баштап келсин – деп,
Кылууга жигит өзүңдү,
Элчи келди кандан – деп,
Не кылуучу ишиң бар,
Эртелеп, балам, камдан – деп,
Үшүм кетип мен турмун,
Үмүт үзүп жандан» – деп,
Бай Жакып айтып салганы.
Бакай баштап кубалап,
Марал менен бугу айдап,
Бадалга келип калганы,
Байкабай атам сөзү – деп,
Манас кетип калганы.
Кайтарып жооп бербеди,
Кандай сөзүң дебеди,
Кара шакка бет алып,
Айдап бугу, маралды,
Бир жагын аска жар алды,
Аткылашып кийигин,
Адамдар андан тарады,
Жоноюл-жондо турганда
Соңунан Жакып барады.
Баласы жүрөт баш болуп,
Баары кийик атууга
Калган экен маш болуп.
Санап ар бир жумушту,
Сандыргалуу Жакып бай
Сакалы ылдый жаш болуп,
Алтайга кетип акылы,
Ар нерсе ойлоп акыры,
Бар-Көлгө кетип көңүлү,
Көзүнүн жашы төгүлдү.
Атасы жердеп жүрсө да,
Анжиян көргөн жер эмес,
Тыгылыш жерде жолдошу,
Тыргооттон болгон эл эмес.
Бабасы жердеп жүрсө да,
Баякы Ала-Көл көл эмес,
Бастырып жүргөн бу тоосу
Башта көргөн төр эмес,
Баркын билип иш кылчу
Манжурия толо эмес.
Жер да чоочун, эл чоочуй,
Бакырып Жакып токтотту,
Манастын баары жолдошун.
Бакай менен Айнакул,
Баары токтоп турду бул.
Бакай, Кыргыл турганын
Манас көзүн салыптыр,
Бай Жакып кандай жүрөт? – деп,
Байкап тура калыптыр,

Баркырап төөдөй бай Жакып,
Баласына айгай салыптыр:
«Элүүгөжашым жеткенде,
Эсимден бала кеткенде,
Көп ойлоп көзүм жашталып,
Көр жагыма баштанып,
Наалып көзүм жашталып,
Ак кепиним жазданып,
Акыретке баштанып,
Туяксыз өтүп кеттим – деп,
Өлөргө жакын жеттим – деп,
Түңүлгөндө көргөнүм,
Дүйнөгө калар өрнөгүм,
Эриккенде эрмегим,
Эмгектүү Жакып кургурга
Эгем Таалам бергеним.
Карыганда берген каралдым,
Артымда калар карааным,
Сүрдүккөндө сүйөнчүм,
Тайгылганда таянчым
Азап салдың атаңа,
Балаа салдың бабаңа,
Өнгөн жерден не көчтүң,
Өнөрүң барбы кылуучу,
Өчмөндүүң барбы кыруучу?
Өскөн жериң Алтайды,
Өрткө салдың далайды,
Баары душман эл экен,
Башта ушул Анжиян
Бабаң өскөн жер экен,
Алтайда туруп алышпай,
Ант ургур арбын эл экөн,
Ары-бери аңдасам
Алтайда болсок эп экен.
Калмактан болгон каңгай бар,
Каран калган Түркстан,
Үйрөнгөнчө далай бар.
Ээлеп калган эл көрдүм,
Өз жериме келтирбей,
Өкүматтуу эр көрдүм.
Алооке элчи салыптыр,
Элүү дорго кошчусу,
Тизелик деген башчысы,
Мен өлтүргөн эмесмин
Чоң бабасы Ногойду,
Баса конуп жериме
Бай Жакып деген бу кыргыз
Тапкан экен оңойду.
Келсе менин жериме,
Кеңешип кирсин элиме.
Өкүматтан айрылып,
Өкүнбөс болсо турсун – деп,
Улуктуктан айрылып,
Урушбас болсо турсун – деп,
Манас алам ак үйлүү,
Мага моюн сунсун – деп,
Элчиси элүү келиптир,
Эмгек бизди эриптир.
Аскер жыйып мол кылып,
Алты жүз миң кол кылып,
Көнбөгөнгө көнөр – деп,
Көрбөгөндү көрөр – деп,
Көп чыгар менде өнөр – деп,
Каяша кылган кыргызды
Казбай жерге көмөр – деп,
Каңгыраган бул алаш,
Аргасы жерден кеткен соң
Алтайга кайра жөнөөр – деп,
Алган экен оюна,
Аскер кумдай толуптур
Анжияндын боюна.
Аскер менен толсун – деп,
Анжияндын бою – деп,
Алакандай буруттун
Абдан болор тою – деп,
Алооке киши салыптыр,

Азапка атаңкалыптыр,
Азыркы кошо жүргөнүң
Азыраак кыргыз калыктыр.
Айтканы өттү маган – деп,
Акылын кылгын балам – деп,
Алооке аман бар турса,
Алтайга кайра барам» – деп,
Айтып турду Жакып бай,
Айтканын Манас угуптур
Ашыкпай туруп жайма-жай.
Сандыргалуу Манастын
Сакалы саадак кабындай,
Муруту Букар шабындай,
Каарданып караса,
Көзүндөгү ызгаары
Көөрүктүү оттун жалындай.
Кылая багып күлбөгөн,
Күлгөндүн сырын билбеген,
Күңгүрөнө сүйлөгөн,
Күчү артылган дүйнөдөн,
Жакыпка көзүн салганы,
Жаалданып карады,
Сол бөйрөгү солк этип,
Оң бөйрөгү болк этип,
Жолборстоюн шалк этип,
Анда баатыр бир күлдү
Ал муруту былк этип.
Кайда кондуң, ата? – деп,
Кайраттанып айтты кеп.
Аң уулаган адамын
Алды-алдыңдан тара – деп,
Аяк-башың жыйылып,
Азыр келгин мага – деп,
Отуз-Адыр башы бар,
Ушу күндө дагы бар
Сексен акыр ташы бар,
Айылы конгон ал жерге,
Алла Таала кудурет
Арбак берген ал эрге,
Бай Жакып баштап барганы,
Барган жерден бу Манас
Баштагы бейли калганы,
Арстандын түрү бар,
Ажыдаардын сүрү бар,
Алласына сыйынып,
Аяк-башы адамы
Үч күн, үч түн алты күн
Аскери келди жыйылып.
Төрт жүз миң экен баарысы,
Төрөгө тамам барышты.
Отуз-Адыр оюна,
Орчун Көк-Арт боюна
Капчыгайга карк толду,
Канча түрлүү кол болду.
Кырк чоронун баары бар,
Кыргыл, Бакай кары бар,
Кыйындардын баары бар,
Күлдүрдүн уулу Чалыбай,
Күлдүргүчү Ажыбай,
Күлдү баатыр баары бар.
Каратоко Мажиги,
Камбар уулу Чалиги,
Кармашар жоого каниги,
Себилдүүсү сексен төрт,
Серп салгаң жагы кызыл өрт,
Бешке белги төрт болуп,
Бет алган жагы өрт болуп,
Салтанаттуу сай кашка,
Сөөлөтү журттан бир башка,
Кызыл байрак кырк кашка,
Кылганы журттан бир башка,
Кыраан Манас бадыша,
Аттанып алып шоодурап,
Арстандардын баарысы
Алоокеси кайда? – деп,
Адамдардан жол сурап,

Катылса канын төгөрбүз,
Катаалдык кылса көрөрбүз,
Казабыз жетсе өлөрбүз,
Шейит болсок шеги жок
Амири – деп, Алланын
Акыретке жөнөөрбүз.
Каапырдан жүзү кайтпаган,
Алланын аты Зулжалал,
Андан бөлөк айтпаган,
Ойротту бузган көй баатыр,
Улуу суунун боюнда
Уюган аскер кол жатыр,
Ушуга уруш кылсак – деп,
Умтулуп келет көй баатыр.
Бакай, Манас кой-койлоп,
Башка түрлүү ой ойлоп,
Кытайдын колу кыжылдап,
Кара калмак, маңгулу
Кара курттай быжылдап,
Аралап жолго салыптыр
Айбатын көргөн каапырлар
Айран-азыр калыптыр.
Күлүктүн бели ийилген,
Көпкөк темир кийинген,
Бедөө тулпар аттары,
Бери заттай заттары,
Ат чабым жерге огу учкан
Алмабаш бараң атканы.
Асынып алган жаалары,
Аңдап көрсө алары
Саадагы тайдын белиндей,
Астындагы сай тулпар
Басканы сырттын желиндей.
Көрүп турган калмагы
Көпсүнбөйлүк буга – деп,
Көңүлү чочуп калганы.
Байкап турган маңгулу
Башы жаман каңгыды.
Кыжылдаган кытайы
Кылымдан мурун көрбөптүр
Кыйындыгы мындайды.
Манас барбы мында? – деп,
Албарс кылыч кында – деп,
Арстанбы булар, жолборспу,
Манасыңар бу болсо,
Жарашкан экен жолдошу.
Каарынан катылбай,
Айбатын көрүп асылбай,
Бардашынан бата албай,
Көчөнүн бою жол болуп,
Жер кайкыган кол болуп,
Маргалаңдын башында,
Алоокенин чарбагы
Кара-Суунун кашында,
Учуу Анжиян учунда,
Арабанты тоосунун
Учу кирген тушунда
Алооке кандын сарайы,
Аның үчүн сарп болгон
Арбын дүйнө далайы.
Зоокалап чоюн түптөгөн,
Дүнүйө малы түтпөгөн.
Кокак деген жемиш бар
Үкөгү киши башындай,
Телегейи тегиз бар.
Алма менен жаңгагы,
Анжыр, курма бар дагы,
Аралап кирген адамдын
Арылгандай арманы.
Мисте менен алча бар,
Биз көрбөгөн канча бар.
Жүзүмү жерде төгүлүп,
Көргөндүн көөнү сөгүлүп,
Аралап өтүп анысын,
Аңдап көргүн арстан эр
Алоокеге барышын.

Сейил кылып Алооке
Чыккан экен багына,
Олтурган экен ол күнү
Бадышалык тагына.
Чатыры сексен кубулган,
Жан-жагынын баарында
Сандыгач салган чуулган.
Сары барпы таңшыган,
Таң күнү чымчык шаңшыган,
Булбулу сайрап таңшыган,
Булагы агып ташыган,
Муңу бар бенде жашыган,
Миң түрлүү гүлү гүлдөгөн,
Милтелүү булбул сүйлөгөн,
Кызыгы артык дүйнөдөн,
Тоту куш куйрук сүйрөгөн,
Азем тоту деген бар
Адамдын тилин сүйлөгөн.
Көлүндө бака чардаган,
Көргөн адам таң калган,
Көгүндө күкүк сайраган,
Бир-бирине окшошпой
Миң түрлүү гүл жайнаган,
Бирин койбой жыйыптыр
Бу дүйнөлүк пайдадан,
Атагы жок, аты жок
Андан бетер көп жатыр
Адамга пайда майдадан.
Багыптыр жети кабылан,
Аземге күткөн айбанат
Алоокеден табылган.
Бакма кылган шери бар,
Байкабай кирген бенденин
Барса-келбес жери бар.
Тайбастан тапкан үчү бар,
Бир тайбастын өзүндө
Токсон жолборс күчү бар.
Тарыйнак деген бири бар,
Баашалыкка бактырган
Он бир кара били бар.
Кылыч куйрук баяс бар,
Кызыл аюу саяс бар,
Маймыл дарек деген бар,
Жабыр баян бир жандар,
Бил, керикти жеген бар.
Кериги бар, били бар,
Мамонттон бири бар.
Жолборсу он үч төлдөгөн,
Ошолордун баарысы
Бири-бирин көрбөгөн.
Катын аюу-кетелик,
Карышкырдан жүз баккан,
Ажайыбын нетелик.
Илбирси бар, чөөсү бар,
Желмаян-айса төөсү бар,
Мүйүзү бар, аты бар,
Бу дүнүйө жаандан
Кулак уккан баарысын
Күткөн экен каркыбар.
Кауз кылган көлү бар,
Ал көлүнүн ичинде
Түрлүү балык көбү бар.
Алоокенин өзүндө
Ар ишти билген аяр бар,
Кауз кылган көлүндө
Алтымыш кулач жаян бар,
Чоңдугу аттын башындай
Салагин деген чаян бар.
Ажайыпка киргизген
Алты жүздөй кулан бар,
Ар түрдүү булбул үнүнө
Адам укса кубанар.
Ажайыпкана далаасы
Айланасы чеп коргон,
Ал коргонго багылган
Ажыдаар деген балаасы.

Төгүн-чынын ким көрдү,
Берген Алла ушуну,
Ажыдаар багыптыр
Төрт жүз кулач узуну,
Жети таш жерден кишини
Көзү көрсө оп тартып
Жеп бүтүрөт ишини.
Ажайыпты көп баккан
Алоокенин чатагы,
Алдырып коюп жыланга,
Марга калаа болду – деп,
Маргалаң болгон атагы.
Угуп көргүн ушуну,
Бактырган экен Алооке
Жалгыз канат кушуну.
Куштун аты Өгөрөк,
Казылык – дейт, кай бири,
Көрбөгөндүн баарысын
Айта берүү не керек,
Бака баккан чарадай
Чулу сөөк тегерек.
Аркардан багып миң кылган,
Аземди андай ким кылган?
Кулжасын багып жүз кылган,
Ажайып койгон жеринин
Аяк-башы түшчүлүк,
Ар орунун түз кылган.
Маралды багып, мал кылган,
Байкап көргөн кишинин
Акылы жобоп, дал кылган,
Маралы төрт жүз кырк тогуз
Байкап көргүн сен муну.
Төө кийиктен төртөө бар,
Жыйырма жылан, кара мар,
Жылас болгон Алооке
Салтанатын караңар!
Алтын комуз, домбура
Колдоруна алган бар,
Дүнүйөдөгү нааманы
Түрлүү-түрлүү чалган бар,
Акын кыздан алтымыш,
Ар түрлүү оюн салган бар.
Бутканасын бактырган
Мурунтан ишин жактырган
Жин-мажусу шайтан бар,
Адамдан берки болгонду
Жомок кылып айткан бар.
Кыл тагылган кыягы,
Сулайман менен Шыраддан
Кем көрүнбөйт сыягы,
Куралы деген жылкы бар
Куйган чоюн туягы.
Алоокенин дагы бар,
Нурку турган чагы бар,
Дайрадан алган арыгы,
Атаңардын жомогу
Аңдасаң ушул аныгы,
Намуруд, Искендериңден
Арзан эмес бүгүнкү
Алоокенин калыбы.
Бадышалык тагы бар,
Бакка келип бу күндө
Сейил кылган чагы бар,
Казандай күрсү көтөргөн,
Тегеректеп караган
Төрт жүз балбан дагы бар,
Өлүмдү билбес баатырдан
Алты жүз айбан баары бар.
Акындар айтып жомокту,
Аңгемесин көргөндүн
Акылын баштан жоготту,
Ырчылар айтып ырыны,
Адам алып билгисиз
Алоокенин сырыны,
Акыл жетип болжогус
Аңгеме кылган чырыны,

Кайдан таап айтайын
Калп кошулбай чыныны.
Өлөңчү өлөң айтышып,
Өкүматтын ээлери
Буйругун угуп кайтышып.
Аземи минтип артылып,
Бакка бааша киргенде
Баркыраган кернейден
Алты жүзү тартылып,
Кернейдин үнү бапылдап,
Сурнайдын үнү такылдап,
Жүргүзүп лаң байрагын
Дүнүйө жүзү жаркылдап,
Аскер жатыр жүз миңдей
Асабасы жалпылдап.
Найзанын учу жаркылдап,
Айбатын көргөн адамдар
Барар эмес жакындап.
Сыбызгы, чоор ызылдап,
Жезнай үнү тызылдап.
Жезден кылып койдурган,
Бил терисин чойдурган,
Каптатып билдин терисин,
Каккан болсо көчүрөт
Маргалаңдын керисин,
Узундугу үч кулач,
Үнүн уксаң оолак кач,
Жоондугу үч кучак,
Доолбасын карап бак.
Казандай күрсү алганы,
Кагарда чабат балбаны,
Эгер чапса балбаны
Жаман-жуман тамдардын
Чыгуучу экен далдалы.
Ал доолбас кагылса
Аманат айбан жыгылган,
Алты күндүк жерлерге
Ашпай-шашпай угулган.
Доолбасы согулуп,
Маңгул, манжуриясы,
Тыргоот тыйпыл чогулуп,
Алооке меңгүү кытайы.
Арстан Манас келер – деп,
Күтүнгөн экен атайы.
Чоңдугу кунан өгүздөй...
Чагарактап үрүп жүр,
Алты жүз миң аскери
Адамдарга сез кылып
Аркы-терки жүрүп жүр,
Караламан букара
Кандай заман болду? – деп,
Кара жандан бүлүп жүр,
Даңгыты беш жаш өгүздөй,
Алты-беши арсылдап,
Ар тараптан үрүп жүр.
Салтанаттык чатырын
Баашалык бакка куруптур,
Баш увазир жакыны
Кашында төрт жүз туруптур.
Ортон колдун шадысы
Он жашар бала билектей,
Билектерин караса
Бир казан батчу челектей,
Күчү кайнап ташкандан,
Күрөшүүгө жан таппай,
Өз күчүнөн шашкандан,
Мойну бука белиндей,
Оп тартканда деми бар
Улуу-Белдин желиндей,
Териси билдин теридей,
Төш жайыгын карасаң
Дөбөлүү тоонун керидей,
Кышкы кирген буурадай
Кычырлап тишин чайнаган,
Кылып иер балаа – деп,
Кынжы салып байлаган,

Өрттөй көзү жайнаган,
Кишен салып аягын,
Күндө салып колуна
Чынжыр менен байлаган
Токсон экен балбаны,
Согушуучу адамдын
Чыга турган далдалы.
Азыркысын ааламга
Алдырбастай чагы бар,
Алты жылдык иш билген
Алты аяры дагы бар.
Алты миң киши тим баткан
Саябандуу чатыры,
Аргымак, бедөө ат минип,
Он эки миң санаты,
Ордо багар баатыры,
Олтурган экен Алооке
Ушул жалган дүйнөгө
Алдырбастай акыры,
Кыя тартпай тик барган
Кыргыздын Манас баатыры!
Манастын жайын айталык
Баштай түшүп кайталык:
Себилдүүсү сексен төрт,
Серп салган жагы кызыл өрт,
Бешке белги төрт бөлүп,
Бет алган жагы өрттөнүп,
Ааламдан артык сези бар,
Алооке түгүл ар жакка
Нумород, Жемшит келсе да
Ала турган кези бар.
Карала байрак, сыр найза
Карылыкка салгандай,
Ажыдаар-жыланы
Артынан сойлоп калгандай,
Көсөө куйрук көк бөрү-
Көк жал эрдин жөкөрү-
Көтүнөн ээрчип алгандай,
Асман жаккы айбаты
Алп кара куш арбайып
Асмандан бутун салгандай,
Кара башыл ак буура
Оң капталдан туптуура
Калжаң уруп качырып,
Кабактан чыга калгандай,
Каршы алдында көрүндү
Кара чаар жолборсу –
Кайып эрен, кырк чилтен
Каңкор эрдин жолдошу.
Кырк чилтендин бирөөбү
Ажыдаар болуп сойлошу,
Кабылан бири, бири шер,
Кашында бар сексен төрт,
Бири миңге тийген эр.
Кызыр Илияс барыптыр,
Кыйла сулуу кыз болуп
Ат жылоодон алыптыр.
Чилтендин бири куш болуп,
Алоокени алчудай
Асмандан бутун салыптыр,
Чагарак куйрук, чаар тон,
Чамынганы соо болбос,
Шаңын көрсөң сур жолборс,
Арстандар болуп көрүнүп,
Кырк чилтен болгон боо жолдош,
Кыраан Манас баатырга
Кылапат айткан жан оңбос.
Жарагын белге чалынып,
Шаймерденге жалынып.
Азирет Аалы шерлердин,
Шейит өткөн эрлердин
Обурагы колдо! – деп,
Оюна анык алыптыр,
Азирет Аалы руху
Арстан болуп барыптыр,
Аяр экен Алооке,

Алыстан көзүн салыптыр,
Айбатын көрүп баатырдын
Айран-азыр калыптыр.
Астында бар жыйырмасы,
Андис баатыр жыласы,
Арстан Манас жолдошу,
Атканын жазбас жолборсу,
Ата турган баштанып
Бетине мылтык алыптыр,
Кароолго көзүн салыптыр,
Кан Алооке бет алып
Каптап кирип барыптыр.
Арт жагында жыйырмасы,
Ашкере баатыр жыласы,
Мубакүлдүү сыр найза
Манасын көздөй сундуруп,
Зулжалалдап чуркурап,
Добушу кулак тундуруп,
Оң жагында жыйырмасы,
Ойротту бузган жыласы,
Кылычын жалаң алыптыр,
Чаба турган баштанып
Оң колдорун көтөрүп,
Чакчайышып калыптыр.
Сол жагында жыйырмасы,
Жоо бөрүсү жыласы,
Саадагы бала белиндей,
Зардабы сырттын желиндей,
Оройпо огун чалыптыр,
Жаа тартуучу немедей
Жандап жүрүп калыптыр.
Асты жагын караса
Алты жасоол жол баштап,
Орто жерде Кула атын
Он эки жайсаң бош коштоп,
жети желдет желдирип,
Жол ачкын! – деп, бош-боштоп,
Добул согуп күңгүрлөп,
Тоо көчкөндөй дүңгүрлөп,
Толкуган көлдөй шарданып,
Токтолбостон жарданып,
Айбатын көргөн адамдын
Акылы кетип, таңданып,
Сүйлөгөнү сүкүт тил,
Алласына жалбарып,
Арстан Манас барыптыр,
Айбатына чыдабай
Алооке сындуу зор бааша
Тагынан түшүп алыптыр.
Коомасын айтып кол берип,
Чатыр жакка жол берип,
Баштап калды баатырды,
Бадышалык баргөйү,
Баатырга тикти чатырды.
Аярлык көзүн салыптыр,
Айбатын көрүп Алооке
Айран-азыр калыптыр.
Кирпиги жалын, көзү чок,
Кишиде мындай сонун жок.
Айткан кеби, аткан ок,
Адамда мындай борум жок.
Айбат менен караса
Азирейил түсү бар,
Кирпигине караса
Албарстын учу бар,
Шексиз кеткен шейиттин
Рухунун учу бар,
Бир өзүнүн башында
Миң балбандын күчү бар.
Жолборс маңдай, таш жүрөк,
Жооруну калың, бил билек,
Кыр мурундуу, кызыл көз,
Кыйгач каштуу, заар сөз,
Айбат сакал, тик мурут,
Ачууланса каарына
Турар эмес эч бир журт,

Жалжагай ооз, жар кабак,
Жаалы катуу көрүндү,
Качырганы соо болбос
Каары катуу көрүндү,
Барс боюнда жүгү бар,
Байкап көрсө түсүндө
Ажыдаардын түгү бар.
Акылы терең, ачуу кем,
Айткан сөзү журтуна эм.
Башы адамдай, башка тен,
Бабаңардын борумун
Байкап уккун алаш сен.
Алооке көрдү айбатын.
Ал-кубатын, кайратын.
Жараткан Алла жар экен,
Жардамчысы кырк чилтен,
Жанында Кызыр бар экен,
Жол башчысы Илияс,
Жолдошунун баары шер,
Токсон түмөн кол болсо
Токтолбой турган баары да
Алооке деген кан экен,
Асили кытай нуркунан,
Аяр чалыш жан экен,
Жыйган нааман журтуну,
Сынчылыгы бар экен,
Башка журтка баш бербес,
Тыңчылыгы бар экен.
Көрдү көк жал Манасты,
Уккан экен мурунтан
Уучтады – деп алашты.
Ушул ишин көргөндө
Аңдап туруп Алооке
Акылынан адашты.
Найза чанчып, ок атып,
Алуучудан көрүнбөйт,
Кармашканы соо болуп,
Калуучудан көрүнбөйт.
Беттешкени мерт болбой,
Кетүүчүдөн көрүнбөйт,
Талабына тартышкан
Жетүүчүдөн көрүнбөйт.
Алоокенин акылы,
Аңдап туруп мүнөзүн
Башынан кетти акыры.
Катылбайын кол салып,
Кара жанга зор салып,
Баштабайын буга уруш
Балакетке жол салып.
Ажайыпта шерлер бар,
Күнөкөрдөн бир миңин
Айдап кийрип жиберсе,
Аш кайнамда жеген бар,
Баарысынан кыйыны
Жабыр баян деген бар,
Көрөмүн – деп, окустан,
Көңүлдөнсө кокустан,
Барса-келбес жолуна
Баарын кийрип иейин,
Кабыландар жеген соң
Калган алаш малына
Эрким менен кирейин!
Көөнүнө муну алыптыр,
Ажайыпкана көрсөм – деп,
Көк жал эр айтып салыптыр.
Көөнүнө кудай киргизди,
Көрсөм ажайыпты – деп,
Эр Манас канга билгизди.
Аш-тамакка карабай,
Алсырады каныңыз.
Аш ич дешке жарабай,
Айбалтасын таянып,
Айбалтанын чокусу
Анча-мынча чарадай,
Арстан Манас жөнөлдү
Барса-келбес жолуна,

Баары басты сексен төрт
Баатырынын соңуна.
Туш-тушунун баарысы
Темир коргон тешиги,
Капкасы бар жетимиш,
Кара ушу сөзүнү,
Маанисине жетиңиз.
Панжаралуу тешиги,
Башын салган соо болбос,
Бирине бири жете албай,
Күркүрөп жаткан көп жолборс,
Темирден салган дубалы,
Тешиктен киши көрүнсө,
Сом темирден коргонун
Адамды алып жесем – деп,
Тербелтер эле булары.
Темирди келип кажашып,
Чыгып тышка кете албай,
Көрүнгөн жанга жете албай,
Урунуп жүрүп тажашып,
Калуучу экен токтолуп,
Карасын көрсө кишинин
Качырчу экен октолуп.
Панжарага жетчү экен,
Башы менен бир тийип,
Кайра басып кетчү экен.
Кабылан Манас барыптыр,
Капкасын ачып алыптыр,
Бир жанында миң жаны
Болсо бири калбас – деп,
Көчөгө кийрип салыптыр.
Качты жолборс канкордон,
Катылары болбоду,
Кармап алып кай бирөөн,
Куйруктарын толгоду.
Жолборстор турду жыйылып,
Башын ийип баатырга,
Ишарат кылып сыйынып,
Жолборс түгүл тайбасы,
Анык бүгүн ачылды
Алоокенин пардасы.
Кайчы куйрук шери бар,
Кылайган тирүү калбаган
Кыйыныраак жери бар.
Мамонт жаткан орун бар,
Башты өлүмдөн тартпаган,
Манаста мындай борум бар.
Наадан экен ашкере,
Напси кылды бул эрге,
Качырууга камданды,
Качырып башын саларда
Кабылан Манас кармады.
Кулагынан алганы,
Куйругунан кармады.
Кутурган кандай жансың? – деп
Көтөрүп жерге салганы.
Алтымыш кулач узуну,
Алтайдын карсак түлкүдөй
Айландырып башынан,
Урду жерге ушуну.
Жети тамы куланып
Мамонт тийген тушуну,
Мамонт өлдү сулайып,
Алтымыш кулач узуну,
Бийиктиги бир канча,
Жерге чапты ушуну.
Манастын көрдү ишини,
Жырткычтан бирөө карабай
Сексен төрт жүргөн кишини,
Агулук деген башчысы,
Айбанатка жем берип,
Ар качан күтүп бакчусу,
Ачыгып турган арстандар
Ага салды тишини.
Агулукту талады,
Бөлүп кетип жолборстор,

Алакандай калбады,
Алооке карап сыртынан,
Акылынан танганы,
Айдарлыкка болбойт! – деп,
Наалып айгай салганы,
Жабыр баян жандары
Жалгызы кылбай жамандык,
Жанын тилеп калганы.
Тайбас, кылыч куйругу,
Манасты жээгө жок болуп
Жараткандын буйругу
Жалпы турду токтолуп,
Залал кылып, кол салып,
Катылары жок болуп,
Карап турду токтолуп,
Кабыланы, шерлери,
Кандай кыйын жерлери
Кашында жолдош сексен төрт
Катылып бири келбеди.
Кырк уруу экен уругу,
Жалпы жырткыч ичинде
Жабыр баян улугу.
Баары бакма жандары,
Түркүчөсү түккөйүү,
Наадан экен баарынан
Мамонт деген заңгары.
Илбирстер иттей эргишип,
Ичинде жүрөт эр Манас
Бир күнү кечке кеңешип.
Канча жүрсө айбанат
Катылганы болбоду,
Карап туруп Алооке
Капалыкка толгону.
Ажыдаар бар, көрсүн! – деп,
Айгай салды тышынан,
Ажыдаар жутар бекен – деп,
Үмүт кылды ушундан.
Токтобой Манас барганы,
Адамча айтып саламды,
Ырайымын салганы,
Жетип барып эр Манас
Ак амири, тургун! – деп,
Желкесинен кармады.
Сүйрөгөн бойдон чыгыптыр,
Көчөдөгү адамын
Аштыкана тамына
Коркутуп баарын тыгыптыр.
Бошонгон соң ажыдаар
Дүркүрөтүп ышкырды,
Бакмадагы куландар
Мардын ышкырыгынан
Баары да үркүп бышкырды.
Бадышалык чарбакка
Ажыдаар сойлоду,
Алиги турган Алооке
Арстан Манас баатырды
Не жан бу?! – деп, ойлоду,
Айбан жырткыч баарысы
Залал кылбай койгону,
Ким жараткан муну?! – деп,
Өлүм түшүп оюна,
Өз жанынан тойгону.
Ажыдаар кетти жайына,
Аттуу киши көрүнгүс
Сойлоп кеткен сайына.
Сойлогон жери коо болду,
Барганы Соктун тоо болду,
Тоого барып жоголду,
Ажыдаар сокту – деп,
Сок атагы шо болду,
Алооке жыйган үстүнө
Алты жүз миң көп колду,
Урушарга нээти бар,
Ошондой иш көргөн соң
Алооке алы жоголду.
Урушуп үшүм келбес – деп,

Ушу дүйнө жыйылса,
Бу Манасты жеңбес! – деп.
Атышып алым келбес – деп,
Ааламдын баары жыйылса,
Акыры муну жеңбес! – деп.
А көрөкчө Манаска
Акылдашып көрөйүн,
Амандык тилеп, кеңеш – деп,
Оюна муну алыптыр,
Ордокана чатырга
Ол күнү кайта барыптыр,
Заар салсам ашка – деп,
Санаасына алыптыр,
Сандыргалуу төрөгө
Сын көзүн чындап салыптыр.
Айта берсе жомогу –
Аңгемеси кыйла бар,
Алооке берчү уусунан
Манастын ичин арткызар
Заара өтүүчү жери жок,
Жаман жолдо жүрөм – деп
Шашуу менен кери жок.
Аргасы кетти Алооке,
Көп көрдүм өлчөп өзүнү,
Жалын кылып жаратып
Койгон экен көзүнү,
Катылбастан калайын,
Караттым дүйнө далайын,
Канга забын болбостон,
Кайтарып жолго салайын,
Катарлаш турсам тим койбос,
Кара жаным куткарып,
Каканды көздөй барайын.
Наамандын жери Түркстан,
Айныдым мында жүрүштөн,
Эки атам өткөн анда экен,
Эсендик тилеп өзүмө,
Каспан шаар Туңшага
Качсам керек – деди – мен.
Ою терең Алооке
Ойлоноюн иш деген,
Ар түрлүү санаа ой-ойлоп,
Амандыгын издеген,
А күнү туруп Манасты
Коносузбу сиз? – деген.
Эли-жоосун байкабас,
Эрдиги артык, акылы аз,
Баатырлык менен күчүнө –
Өз боюна болгон мас.
Кономун – деди баатыры,
Конок ашка Алооке
Даярланды акыры.
Саясы салкын терек бар,
Сандыргалуу Манаста
Салтанаттуу Серек бар:
«Баарыңарга эп болсо,
Байсабай айтар кеп болсо,
Алооке кылар конокту,
Алоокеден аш жесең
Арбыттыңар домокту,
Аш жегенди коюңар,
Малынан алып союңар,
Өзүбүз колго бышырып,
Өлчөө менен тоюңар».
Ал сөзүн макул алганы,
Абакеси эр Бакай
Алоокенин мойнуна
Алты бээ, төрт өгүз
Он мал салык салганы.
Тандап туруп семизин,
Алып калды сегизин.
Сегиз малын союшуп,
Сексен төрт киши ушулар,
Чала-була тоюшуп,
Кызмат кылган калмакка
Кыйласын берип коюшуп,

Жатты жайлап конушуп.
Кытай жатты жайына,
Өзү билген заң менен,
Эрте туруп Ажыбай
Азан айтты таң менен.
Азандын үнүн угуптур,
Адамдын баары туруптур.
Алоокенин ордого
Баңдулусун уруптур,
Аяк-башы Анжиян
Бири калбай угуптур,
Алты лсүз миң аскери,
Бири калбай аттанып,
Майдан тартып чыгыптыр.
Кармап алсак Манасты,
Карайлатып алашты,
Каапырлардын кыйласы
Бу санааны санашты,
Манасты кармап алууга
Мыктысы жолду талашты.
Аскер башчы Түкүрүк,
Арстандай бүгүлүп,
Жүз миң аскер башчысы,
Манасты байлап алууга
Барып калды канына
Алоокеге жүгүнүп.
Көчүп келген көп бурут,
Лайлама жар болуп,
Келиптир сизге көп журут.
Айса-Талаа, Чыраша,
Анын баарын алыптыр,
Арада Сар-Кол, Сары-Сай,
Дөбөт-Бели, Таш-Котон,
Ага чейин барыптыр,
Даңдуң-Тоо, Булалык,
Тараптыр буга бу калык,
Капортосу жеринде
Кашкар шаар калыптыр,
Күн чыгышы Алтайда,
Күлдү баарын алыптыр,
Опол-Тоо менен Кебез-Тоо
Ортосунда калыптыр.
Кызыл менен кыдырып,
Асты жагы чантуунун
Алайга чейин барыптыр,
Сол кол жагы чантуунун
Кара Кум менен Лепсини
Катар басып калыптыр,
Аяк жагы Арал көл,
Ага чейин барыптыр,
Башы Амур, Энесей
Баары жогун алыптыр.
Байжигиттин элдери
Басып калып Шиберди,
Нааманда – деп Алооке,
Аңдаптыр эми силерди.
Айылы өтүптүр Алайга,
Акыры Манас бу чантуу
Азап салды далайга.
Талкалады түк койбой
Илебин менен Кашкелди,
Издеп келип кыйратып,
Былтыр алды Ташкенди.
Көлдөн алып Оргону,
Көрүнгөндү соргону.
Акунбешим кан эле,
Обурагы-айбаты
Ашып кеткен жан эле,
Билимдүү аяр, балбаны
Бир кишиче бар эле.
Букара кылып кыргызды
Мурунтан неге тургузду,
Караттым – деди казакты,
Калкынан баатыр чыккан соң,
Казагы берди азапты.
Кыңк этпейт – деди кыргызды,

Кыябына келгенде
Ташкендеги Панусту
Так катырып тургузду.
Өлүмдөн качып Панус кан
Өзүн эшек кылдырды,
Өткүрлөрдүн кыйласын
Кырып Манас тындырды.
Бабамдан калган жерим – деп,
Жеримдин камын жедим – деп,
Орто Азия, Түркстан,
Ошондо бар канча жан,
Оң кылууга келген жок
Алооке – деп аким кан.
Маңгул, калмак баштатан
Базар кылган шаары бар,
Өлчөөсү жок күнчүлүк,
Өнөрпоздун баары бар.
Катыла албай калаага,
Катылып койсок калаага
Каларбыз – деп, балаага,
Базарга бузук сала албай
Майда-бачек кыштакка
Басырыктап бара албай,
Боз үй экен көчмөндүү,
Кабылдан бери карата
Болгон бизге өчмөндүү,
Мал багып, жылкы айдаптыр,
Мааратып кой жайлаптыр,
Уй күтөт экен мөөрөтүп,
Төө күтөт экен төлдөтүп,
Тамагы малдын сүтү экен
Казан-казан көлдөтүп.
Арбын эти, наны аз,
Айдаган малы төрт түлүк,
Билип келдим мүнөзүн
Биз мажусу болгон соң
Тим коёр эмес, динге кас.
Ордого окус келиптир,
Лаайлама жар болуп,
Сизге жардам бериптир.
Чакырыкка келгени
Чындап саа бергени.
Ордодон чыкса окустан,
Аман чыкса кокустан,
Боо караган канча жан,
Там коргонуң талкалап,
Кум коргонуң кулатып,
Кыйбайбы чынар багыңды,
Кыйратып алтын тагыңды,
Түптүз кылар шаарыңды,
Түгөтүп салар баарыңды,
Отунга кыяр багыңды,
Ойрон кылар баарыңды.
Өлтүрсөң да, өлсөң да,
Өнөрү болсо көрсөң да,
Өзү жалгыз келиптир,
Ырасы мындай кез келбес,
Лаайлама бериптир,
Уруксат берсең өзүмө
Ушуну азыр тутайын,
Узатып тирүү жибербей,
Ушу бүгүн жутайын.
Кезеги келди тутайын,
Кетирбей бүгүн жутайын.
Мыкты болсо миңдиктир,
Күчү болсо билдиктир,
Жырткычтан болсо жолборстур,
Көпчүлүк камап кирген соң
Жолборс да аман болбостур.
Арстан болор, шер болор.
Мен киргенде кол салып,
Оңдурбасмын акыры,
Оруну кара жер болор.
Ал сөздү айтып Түкүрүк,
Алоокеден өтүндү
Алла канча жүгүнүп.

Кан Алооке кеп айтат,
Кандай жансың? – деп, айтат.
Туран эли Угуз кан,
Угуз кандан тараган
Төгөрөктө канча жан.
Бабасы келген Бакдаттан,
Кылымга булар чаң салган,
Кызырды билип, бата алган,
Кыргыз болуп аталган.
Кылымды маалим бузганы,
Кытайдын кыйын душманы.
Калкты маалим бузганы,
Каңгайдын катуу душманы.
Кырдагы угуз балдары
Кысталып келип калганы,
Кыйыны Манас көрүнөт,
Кыйыгына тийгенде
Кылымдын чыккан далдалы.
Баарын бекер көрбөдүм,
Баанайында бол өзүң,
Баарысынан өткөрө
Манастын көрдүм мүнөзүн,
Сайса найза тешпеген,
Эремети көрүнөт,
Чапса кылыч кеспеген
Кереметi көрүнөт.
Мылтык атса, ок өтпөс
Эремети көрүнөт,
Отко жакса, чок өтпөс
Керемети көрүнөт.
Жалаяк ооз, жар кабак,
Жайын менден угуп бак.
Кирпиги жалын, көзү чок,
Кишиде мындай сонун жок.
Ажыдаардай айбаттуу,
Арстандай кайраттуу.
Кишиси бар сексен төрт,
Бет алган жагы кызыл өрт,
Баңбаң башчы Түкүрүк,
Урушууга Манаска
Маа турасың жүгүнүп,
Мен турамын жанымдан
Чыным менен түңүлүп.
Арыптан алы чыгыптыр,
Акыр жалган дүйнөнү
Өз жолуна буруптур,
Эренден чыккан Үрүстөм,
Жарым-жалгыз дебестен
Жаан кезип жүрүштөн.
Алардан кийин уккамын,
Чыкырсам келди жапжалгыз,
Көргөндө эсим чыккамын.
Алты жүз миң кол жатыр,
Аңдап көрсөң баарысы
Ааламды бузган көй баатыр,
Алты жүз миң колуңду
Алты адамча көрбөптүр,
Аскердин баарын үркүтүп,
Бизди көздөй жөнөптүр,
Калың аскер жатыр – деп,
Кадырына албаптыр,
Кайнап жаткан кошунду
Киши деп көзүн салбаптыр.
Арзан болсо Манаска
Аскер салмак тамаша,
Аярлык көзүм мен салсам,
Аты Кызыр деген бар,
Жылоондо жүр талаша,
Кырк чилтен деген жандар бар,
Өзүндө жүрөт жанаша.
Кырк алты жылы кан болгон,
Кылганы журтка даң болгон
Алооке деген мен элем,
Акыл, айлам менен да,
Бир кишилик эр элем.
Манас келди кечээ күн,

Бар мүнөзүн көргөн соң,
Башыма түштү каран түн.
Үмүтүм көрүп, үзүлдү
Түрк уулунун жеринен,
Не деп келдим экен – деп,
Эсенкандын элинен,
Айран калып турамын
Сенин кайрат сөзүңдөн,
Ушу күндө учуптур
Какандын жери көзүмдөн.
Чылгый айран-таң калдым
Чыйрактык айткан сөзүңдөн,
Чынмачындын базары
Учуп турат көзүмдөн.
Конду Манас бакчага,
Коё бергин ага – деп,
Өтүнүп менден какшаба.
Зыяпаткана чатыр бар,
Бадышалык тактада
Барсаң Манас баатыр бар.
Биздер койгон кечээтен
Кызматкерден кыркча бар,
Кыйынсынбай Түкүрүк,
Бу кебимди тыңшап ал.
Кызматкерге кошулуп,
Кыраан эрге көзүң сал,
Байкап көрүп сен өзүң,
Келер болсо колуңдан,
Кетирбестен байлап кал,
Келдесин чаап, жайлап сал.
Келер болсо колумдан
Керденкеч тартып не турам,
Алар болсом ал келип,
Айнып коркуп не турам,
Кыңк этсем кыргын салат – деп,
Кыжынып араң мен турам,
Оолукса ойрон салар – деп,
Ойлонуп коркуп, мен турам.
Акылың жок Түкүрүк,
Айтканың арсыз сөз окшойт,
Ар мүнөзүн аңдасам
Алуучунун өзү окшойт,
Карап бер десе карасам,
Кармашар элем мен дагы
Өлтүрүүгө жарасам.
Өлтүрөм деген өлгөндөй,
Сексен төрт турат ушунда,
Жоо дебестен ар бирөө
Жүз миңден колду бөлгөндөй.
Арзан болсо бу Манас
Албас эле Даңгытты,
Алты-Шаар кандарын
Ар тарапка каңгытты.
Будаңчаң менен Ороңгу,
Мурун алды олорду.
Качкандары кутулуп,
Тургандары тутулуп,
Дүбүрөө кандын калаасы
Түптүз болуп бузулуп,
Даңгуу калаа жердеген,
Салышып адам жеңбеген
Кырмус шааны алганын,
Уга элек белең, ургурум,
Кылымга түйшүк салганын,
Коркпой-үркпөй, жалтанбай,
Алты жүз миң кол жатсак,
Көзүң көрүп олтурсуң
Аралап келип калганын.
Жалтанса жатып албайбы,
Корксо коруп калбайбы.
Боз үй экен киргени,
Болжолсуз экен жүргөнү,
Өзү көчмөн, эли бай,
Атышарга душманга
Азаматы шайма-шай,
Аскер жатса түмөндөп,

Ашыкпай келди жайма-жай,
Барып башын кесип ал,
Манаска келсең байма-бай,
Барса келбес бакчаны
Аралап жүрдү жайма-жай.
Арстан, жолборс, кабылан,
Башын салган бендеге
Ажал өлүм табылган.
Жырткычтар коркуп жыйылды,
Көрбөдүм да, укпадым,
Бул өңдөнгөн кыйынды.
Арстандар коркуп жалтанды,
Айбатын көргөн таң калды,
Айбандыктан мамонут
Коркуп туруп, кол салды.
Тойгон экен жанынан,
Кармап туруп жалынан,
Алтымыш кулач мамонут
Айландырды башынан,
Бийиги отуз кез эле,
Чоң айбандын өзү эле,
Тебетейдин ордуна
Тегеретип жерге урду,
Эстүү жырткыч баарысы
Таазим кылып тек турду.
Көрүп туруп Түкүрүк,
Көтөрүңкү сүйлөйсүң,
Көтүңдү кысып тим барып,
Көрүп кел – деп, мүнөзүн
Алооке айтып жумшады,
Аскер башчы Түкүрүк,
Айтканын куп – деп, тыңдады.
Манас жаткан бакчага
Баскан бойдон барыптыр,
Баатырсынып алыптыр,
Кабыландай түрү бар,
Айбатына жан тургус,
Ажыдаар сүрү бар,
Дааратка чыккан Манаска
Каршы учурап калганы,
Лайламалуу! – деп,
Качып жолго салганы.
Кытайынча лаай! – деп,
Токто, келгин мындай – деп,
Манас айтып калганы.
Баатырсыган Түкүрүк,
Бара жатыр жүгүрүп,
Токто! – деген бир сөзү,
Жутат ко – деп, бул өзү,
Кош арыкка жыгылып,
Лаанатка сыйынып,
Жүрөгү кетип кабынан,
Билеги кетип сабынан,
Түкүрүгү өлүптүр,
Алооке аны көрүптүр.
Айран болду Алооке,
Амандыгын тиледи,
Алты дуу-ду ээрчитип.
Азыр келди Алооке
Арстан эрдин үстүнө,
Таазим кылып киреди.
«Душманыңмын мен – деди,
Душман да болсом жан кыйбай,
Амандык бергин сен – деди.
Катылбадым, карадым,
Тынччылыкты кааладым,
Алып колум, канатым,
Азыр мени камадың.
Ары-бери карадым,
Алышар алым калбадым.
Күрөшөргө күчүм жок,
Жүдөп жаным сурандым
Жүрөгүмдө бүтүн жок,
Ар кандай айтсаң көтөрдүк,
Амырыңа чара жок,
Амандыкты өтүндүм,

Анжы, Манжы, Таңшаңды
Караган менен кара жок,
Кайратым бойдо калган жок,
Чын айтамын, жалган жок,
Чыр кылар шайым калган жок.
Орто Азия, Анжиян,
Абалдан муну жердедим,
Түрк уулунун жери экен,
Түк бир жерин бербедим.
Ээлеп кытай турганы
Эки жүз жыл болуптур,
Аңдап көрсөм бу күндө
Алаш уулу деген эл
Ар тарапка толуптур.
Ушу Анжиян жериңе
Уруксат берсең жердедим,
Уруксат сизден жок болсо,
Узак жол издеп дегдедим.
Жооп берсең турайын,
Жоолобой моюн сунайын,
Жол берсең кетип тынайын,
Карап бер десең карайын,
Кач десең кетип тарайын,
Бүгүн айтып угузуп,
Эртең кайра танбайын.
Букара кылсаң боо бармын,
Өз динимден жанбайын,
Жангын десең динимден,
Жалгызым да калбайын.
Упалуу беттен кан акса,
Убалы кимдин мойнуна,
Сурмалуу көздөн жаш акса,
Суусу кимдин койнуна?!
Атышсам аман калбадым,
Аманат жаным жалмадым,
Өкүнчүм жок сөзүмдө,
Өлүм жакын өзүмдө,
Арстан Манас экенсиң,
Ажал огу сайылып,
Турат экен көзүңдө!
Башы Жазык, Жөлөктү,
Ыркын бузбай караттым
Ысар менен Көлөптү,
Назарыма эч албай
Манас сенден бөлөктү.
Бабам өткөн Баргана,
Байкатайын сөз жана,
Атышып алар алым жок,
Кармашып алар каруум жок,
Чыкпайм ушу жерден! – деп,
Чыр саларга чагым жок.
Кеңчилик кылсаң турганым,
Кеңчилигиң жок болсо,
Кетмекке моюн сунганым.
Урматтасаң турганым,
Урушарга шайым жок,
Узоого моюн сунганым.
Алтайдан берки жерди алдың,
Албан түрлүү эл алдың,
Аягында келдиң да,
Алоокеге кол салдың.
Корктум салган колуңдан,
Уруксат болсо өтөйүн
Өзүңдүн келген жолуңдан,
Куш кутулбас абада
Кылымга жайган торуңдан,
Жайдары Манас төрөсүң,
Жамандык келбес колуңдан.
Тыргоот-дугул калмагы
Кара калмак катары
Караган менин өзүмө,
Калкымдын баары турушун
Көргөзөйүн көзүңө.
Маңгулум бар беш урук,
Баарын калбайм жашырып.
Кытайым кырк миң жети жүз,

Баары батып жай алган
КеңАндаген жери түз.
Азыркысын аңдасам
Аргам жаман куурулду,
Ажал жетип, кол салбай,
Аманат жаным суурулду.
Өлбөй тирүү турушум,
Өлүмдөн кыйын жумушум,
Айрылдым таажым-тактымдан,
Кармашып адам жеңе албас
Башыңда сыймык бактыңдан,
Баяныңды уккамын
Баштатан кылган наркыңдан».
Катыла албай Алооке,
Канкор Манас баатырга
Кадырын салды жепжеке.
Өлүмүн тилеп өтүндү,
Жанын тилеп жалбарды,
Кыйын экен Алооке,
Кыларын билип кыйналды,
Кыйла сүйлөп кеп салды.
Жанын тилеп жалбарды,
Аяр экен Алооке,
Каарын көрүп иш кылды
Кашында Манас кайбарды.
Кылая багып күлбөгөн,
Күлгөндүн сырын билбеген,
Күңгүрөнө сүйлөгөн,
Кыраан Манас кеп айтат,
«Мынча не – деп кысталдың,
Эй, Алооке – деп айтат.
Калмак, маңгул тууганым,
Кирген болсо жолума,
Келме айтып
тийсин колума,
Каалабайм каапыр динини,
Динимде турам дегендер
Кете берсин жолуна.
Ынаган болсо жолум ак,
Алооке өзүң аңдап бак,
Сүрөт кылдың – бут кылдың,
Коргошун куюп, кыт кылдың,
Таза дейсиң диниңди,
Кыйынырак каапырсың,
Кытай – деп, билдиң зилиңди.
Жалбарып жаның сурадың,
Жайыңды көрүп турамын,
Чыкырсам агер жинимди,
Кең Анжиян боорунан
Кетирбес элем тириңди,
Кесер элем тилиңди.
Түп Бээжин жаткан жериңиз,
Түмөн кытай элиңиз,
Кытайды Манас тим койду,
Түркстанды жердөөнү
Кытай сага ким койду?!
Бабам өткөн жерибиз,
Байкасаң ушу кебибиз,
Башкы балаң Боокени,
Мага жолдош бериңиз,
Ак үйлүүгө алганым,
Ал сөзүмө көнбөсөң,
Азыр бүгүн башыңа
Акыр заман салганым.
Күткөнү дүйнө мал экен,
Коңгуроолуу бай деген
Бир агаңыз бар экен,
Абыш аттуу уулу бар,
Айтканымды угуп ал,
Кош Абышын бериңиз,
Кош Абышты бербесең,
Койгулашар жериңе
Колуңду курап келиңиз.
Бергин Бооке баланды,
Бербес болсоң баланды,
Түптүз кылам калааңды,

Көчүп алып тез жогол,
Көргөзбөгүн караңды!
Өлүмдөн билсең кообуңду
Атышар болсоң колуң жый,
Азыр бер – деп, жообуңду,
Күчөдү Манас күркүрөп,
Жаалына чыдабай,
Алты дуу-ду Алооке
Оно бою дүркүрөп,
Байлалуу төрт жүз балбаны,
Айтып коюп ал сөздү,
Балбандарга бет алып,
Манас басып барганы,
Манасты көрүп балбандар
Масы тарап калганы,
Айбаты катуу, заары күч
Айкөлгө көзүн салганы,
Адамдан туулган ар түрлүү
Алп да болот экен! – деп
Айран-азыр калганы.
Ылаңгүү деген балбаны
Ылдам тура калганы,
Кара башы казандай
Кармап күрсү алганы,
Жалтанып Манас калбады,
Чабам деген күрсүнүн
Сабынан шап кармады,
Оң колунан тутуптур,
Ошо жерде жутуптур.
Төрт жүз ордо балбаны,
Күрсү туткан Ылаңгүү
Ошол жерде чыкты далдалы,
Кармап алып колунан,
Камчыдай жерге салганы.
Ылаңгүү жерге чабылды,
Башы кетип жарылып,
Мээси жерге жабылды,
Көргөн башка балбандар
Акылынан жаңылды.
Катылган мындай өлөт – деп,
Тенден жанын бөлөт – деп,
Урушту сүйбөй ушу үчүн:
«Ылаңгүүдөй балбанды
Көрдүңөрбү баарыңар
Колун сууруп алганды,
Койгулашсак бел байлап
Көрөрсүң өлбөй калганды.
Сонун көрсөң өлүмдү
Согушка бер – деп, көөнүңдү,
Согушканын соо койбос
Сонундугу көрүндү,
Кармашса каны төгүлдү,
Кайраты башка көрүндү,
Төрт жүз баатыр балбаным,
Калбасын ичте арманың,
Кашыңа келип жоо турат,
Көзүңөр жетсе алууга
Көптөп туруп кармагын,
Каруун келбей алууга
Калктын баарын кырдырып,
Канга забын калбагын.
Ылаңгүү чокмор көтөрдү,
Типти ойлонбой катылып
Дүнүйөдөн өтөрдү.
Кош Абыш менен Боокени
Кошуп бербей иш болбойт,
Келгенинде түңүлдүм,
Кездешип бенде эч оңбойт.
Атасы алган Алтайды.
Алда! – деп, атка мингени
Алдыраткан далайды,
Алооке жеңип алар – деп,
Айбан кытай санайбы.
Маңгул менен калмагын
Бадыша болуп кармадым,
Ушу Манас келген соң

Урушпай кетти дарманым.
Чакырттым Тизелигимден,
Тартынбай келди сексени,
Чамаңды кара журтум сен.
Кызыл ээк чалдардан,
Кырылып кетер – деп, аяйм
Кызыл муштум балдардан.
Кыйласы өлүп калар – деп,
Мен ойлодум башынан
Башын жутчу адамдар
Манаска уруш салар – деп,
Эңкейип калган кары бар,
Эмгектеген жаштардын
Эл ичинде баары бар,
Убал болбос жерине
Убайым жок барыңар,
Катылып каның төгүлбөй,
Калаа-шаар кылып салыңар,
Кайратың болсо Манастан
Кекти кийин алыңар.
Олуя-Ата, Ташкенди,
Ойрон салды кызылдай
Жалгыз бизден башка элди.
Көрүп турсуң көзүңөр,
Акыл ойлоп жансактап,
Абдан олжо – деп, турам
Аман калсаң өзүңөр.
Атаңардан калган жол,
Айрыларсың диниңден,
Ошо жактан сакыт бол,
Бу Манастын дарты бар,
Урушуп жеңип алганды
Мусулман кылар шерти бар.
Урушпайлык, карайлык,
Карап бердик – деп, туруп,
Уркунду көздөй тарайлык.
Азыркысын карайлык,
Карап бердик – деп, коюп,
Алтайды көздөй тарайлык,
Какандын барып четине,
Каспаңдын барып бетине,
Анан ишке жарайлык,
Азыркысын Манаска
Амал иштеп карайлык».
Ал сөздү айтып Алооке,
Калкынын көөнүн басыптыр,
Кош Абыш менен Боокеге
Кадыр Алла кудурет
Азелдеги жазууга
Мусулман болмок насыптыр.
Кош Абыш, Бооке келгени,
Кой баатыр, урушпаймын! – деп,
Кошуп экөөң бергени,
Алооке уулу Бооке экен
Атканын жазбас мергени.
Кош Абыш деген эр экен,
Кошу болсо, кол болсо,
Э дегиче аскерди
Эсебин алчу неме экен.
Баласы менен анысын
Баатырга кошту Алооке,
Баркын кийин билерсиң.
Кармашып каны төгүлбөй,
Качып калкы сөгүлбөй,
Урушуп уят болбоду,
Улуктук кылып Алооке,
Ушинтип ишин оңдоду.
Каалаган экөөн алыптыр,
Канкор Манас саламат
Кайта жолго салыптыр,
Кош Абыш менен Боокеси
Мусулман болуп алыптыр:
Келме келип тилине,
Ыйман кирип дилине,
Ыклас менен баш коюп
Дин мусулман бирине.

Анжияндын башы бар,
Аңдап көргүн жакшылап,
Сай тулпарды байлатып,
Акыр кылган ташы бар.
Аппак таштан ойдурган,
Ат акыр кылып койдурган,
Калмактан алып буудайын,
Кас буудандын баарысын
Жемге байлап жудайын,
Алты ай тынчтык алыптыр,
Анжияндын шаарына
Алаш уулу болгонун
Айдап кийирип салыптыр.
Анжиянга тура албай,
Туруууга көңүл бура албай,
Динге кирсе коёт – деп,
Динге кирбей койгонду
Канын ичип тоёт – деп,
Катаасы жок соёт – деп,
Качууга кирди калмагы,
Калаасын кыргыз алганы.
Баары качты маңгулу,
Кытайдын алып коргонун
Кыргыздын кыйла камбылы.
Кылчайбай качты кытайы,
Кыйын болуп өз жайы,
Наалып көчтү далайы,
Аңгырады сарайы.
Каапырлар чочуп жанынан,
Кайрат калып чыкпады
Алооке сындуу канынан.
Арабалап малдарын,
Наалытып кыйла балдарын,
Алпылдатып чалдарын,
Айры менен нарларын,
Төрт жамбыга табылбайт
Төө деген малдары ...
Жер адамга бир тууган,
Төктү жашын балдары.
Төөдөй боздоп чалдары,
Алооке кандын калмагы
Жылып качып астырган,
Жыл маалына калбады.
Калганы болду мусулман,
Каарынан Манастын
Капкалуу шаар бузулган.
Уруш-талаш, мүлк жок,
Атылбаган замбирек,
Жазайыл мылтык жана топ,
Жыл маалына жөткөнчө
Жалгыз калмак калган жок.
Мусулман кылып коёт дөп,
Болбой койсо мусулман,
Акыретке бет алып,
Аман калбайт ушундан.
Аны ойлонуп калмактар,
Аңгемеси далай бар,
Тоз-тоз болуп бузулду,
Дүбүртүнөн баатырдын
Дүйнө жүзү кысылды,
Кара кыргыз уулуна
Кадыр Алла кудурет
Жылооно койду Кызырды.
Ар кимди Кызыр жандады,
Жылоосун Кызыр кармады,
Алла жардам берген жан
Абийирден калбады,
Айбатынан Манастын
Анжияндын калмагы
Ар тарапка тарады.
Арстан Манас баатырга
Алланын берген багы бар,
Алган жери Анжиян,
Арстан Манас баатырдын
Аңгемеси дагы бар.
Кеткендерин кетирип,

Келгендерин келтирип,
Алооке Манас айкашып,
Жата турсун жайкашып.
Алооке деген кан чыккан,
Манастан мурун байкасаң,
Айбатынан жан чыккан.
Асили болгон кытайдан,
Аскери болгон канча жан.
Кара кыргыз, казактан,
Калк кутулбай азаптан,
Түтүнүнө бир киши
Баштан алган алымды,
Бадышадан ким көргөн
Бул өңдөнгөн залимди.
Залимдигин келтирген,
Сандыргалуу төрөнү
Алоокенин бейлине
Айдап Алла жеткирген.
Бошонду казак, кыргызы,
Болгон экен ал элдин
Артыгыраак ырысы,
Алоокенин мойнуна
Артылды кылган кылмышы.
Кылмыш эмей неткени,
Кылым журт колдон кеткени,
Баары кудай буйругу,
Көчкөн бойдон үстүнө
Көк жал Манас жеткени.
Бабасын билгин Туранды,
Баштан-аяк булардын
Бар кылган иши жөнөлдү.
Жапастын уулу Түрүктүр,
Жаалына тура албай,
Жанчышкан душман бүлүптүр.
Түрктүн уулу Түтүктүр,
Дүнүйөнүн баарысын
Түтүк алып түтүптүр.
Ал Түтүктөн калганын
Бакуган баарын күтүптүр.
Бакугандын тушунда
Арбын болуп жаңжалы,
Эрендерден эр чыгып,
Калаба болуп ошондо,
Түрк баласы тарады,
Басташканга бой бербей,
Бакуган ишке жарады,
Орто Азия, Түркстан
Ошондо бизге карады.
Ырысына жараша,
Кытайга болуп каргаша,
Ысык-Көлдү алган Түтүгү,
Бакугандын тушунда
Баарын алды башкарып,
Түбү калбай Түркстан
Бакуга тийген бүтүнү,
Мына ошондон бер жакка
Кытайга уруш салууга
Түрк баласы күтүлүү,
Жапастан – деп кытайды
Айткандыгы жалгандыр,
Анык жери кытайдын
Кабылдан тарап калгандыр.
Түркстан тарап Машырык
Түмөндөп кытай алгандыр,
Түтүктүн уулу Бактуган
Дүмөктү кыйын салгандыр,
Бакуу кан уулу Кийикке
Бар дүнүйө калгандыр,
Жер талашып, эл бөлүп,
Кийик кан баарын алгандыр.
Түрк уулу турган Кийикке,
Кийик кан чыккан бийикке,
Алла кандай бу сөз – деп,
Акылмандар күйүкпө.
Кийик кандын тушунда,
Кирдебестен ушунда,

Кабыл уулу болгондон,
Каканчынга толгондон
Айрып жерин алыптыр,
Аягы Мисир, башы Чын,
Азия – деп, калыптыр.
Орто жерин жердеген,
Оболдон адам жеңбеген
Түрк баласы калыктыр,
Түмөндөп жаткан Алооке
Дүмөгүнөн Манастын
Түп Бээжинге барыптыр.
Муса менен Ысадан
Булар кийин тараган,
Арстан Манас чыкканы
Ан азирет Мукамбет
Андан кийин эки жүз
Элүү тогуз санаадан,
Казак, кыргыз калкыңыз
Алаш кандан тараган.
Кийик кандан Аланча,
Калайык мени сөкпөңөр
Каталык сөз калынса,
Калкы менен бай болуп,
Карынбайдан кийинки
Өз-өзүнүн алынча.
Угут кылган буудайды,
Унуткан экен кудайды.
Жаратканын таанmicбай
Жайыл болгон канча жан,
Аланча кандын ордуна
Аким болду Татар кан.
Аземи журтка көрүндү,
Татар, маңгул атанып,
Журт экиге бөлүндү.
Ката кетпей жарлыгы,
Калайыкка билинип
Касиети барлыгы.
Жети атага кетиптир
Өкүматка ээ болуп,
Мырза Камай болгончо
Өкүматы жетиптир.
Уругу татар болгондон
Ушу жүргөн өкүмат
Арасында алтоону
Сурап билсең нетиптир.
Уругу татар болуптур,
Жарупанын жарымына
Алган эли толуптур,
Азия менен Жарупа
Арасында болуптур,
Аягында Мырзасы
Алдырыптыр оруска,
Өкүматын жоюптур,
Ногой кыргыз уругу,
Татарларды ногой – деп,
Не үчүн айтып коюптур.
Маңгулдун уулу Кара кан,
Кара кандан кийинки
Акең кыргыз тараган,
Алланын билип бирлигин,
Абыдан ишке жараган.
Зерикпе окуп угуштан,
Кара кан уулу Угуз кан,
Калганы жок катардан
Кыругуз – деп, мурунтан,
Кылымга колу жеткен соң
Кытайды кырып куруткан,
Кабыл уулу болгонго
Каяша кылган бир жан жок,
Асылган кыргыз мурунтан.
Жер жайнаган кытайга
Сенсиң деген тир жан жок,
Кытай кылган көптүгүн,
Кыргыз кылган көктүгүн.
Кырга чыккан угузду
Кылганын кылым угушту,

Бабаларың баштатан
Багдатты жердеп турушту.
Кыргыздын болгон бир уулу,
Кылым журт ойло сен муну,
Ысанын шариятына
Асылбап деген бөлүндү,
Айбаты журтка көрүндү.
Айткан тилин албастан,
Каапырга калба салбастан,
Бай Тыргооттун балдары
Баары токтоп калганы,
Как ошондон калгандан
Калмак болуп алганы.
Ошо кезде кыргызды
Токсон уруу өзүбек
Билгенин кылат өзү – деп,
Туманычта тургузду.
Туманыч урум тоосу экен,
Турган жери ошо экен,
Аны-муну кылганча,
Ан азирет чыгыптыр.
Ай-ааламдын баарысын
Ак жолуна жыгыптыр.
Азирети Сапар шаа,
Токсон уруу өзүбек,
Билимдүүлөр муну айтар –
Толук тарык сөзү – деп,
Кыругуздан тараган,
Кылган иши жараган,
Аты Сапар, өзү шаа,
Атпай алаш болгонуң
Айтып берем муну саа.
Төө менен жылкыны,
Төгүн эмес күткөнү
Төрт түлүктүү мүлкүнү,
Сыйыр менен коюну,
Баарын айтып билдирем
Бабаңардын жоюну,
Талмашырык журтунун
Байгамбарга болушуп,
Далайы берген тоюну.
Акеше болуп атагы,
Ар тарапта каапырга
Болгон далай чатагы.
Иниси болуп Сары эшен,
Анда кыргыз баласы
Армансыз болуп баары эсен,
Андан билгин кырганды,
Аналык – деп атанып,
Алган динге көп жанды,
Рашидалык билиңиз
Абунасыр замани,
Анда да кыргыз бириңиз,
Ак келмесин жатка айтып,
Жатык болгон тилиңиз,
Жайы-куюн баарын бил,
Жапастан болгон элиңиз.
Бабаңыздар Барган бий,
Баары биймин дегендер
Байкап турсаң жалган бий.
Дүйнөсүнүн кыйласын
Агасынын баласы,
Аян аттуу калаасы,
Бабыр каны алгандыр,
Байкасаң дүйнө жалгандыр.
Анжиянга чек салып,
Барган бий калаа салгандыр,
Орто Азия орчуну,
Ойлоп көрсөң ушуну,
Баргана – деп калгандыр,
Кана деген үйүңүз,
Кара кыргыз уругу
Бабаңардын орунун
Акылыңа түйүңүз.
Чек салган жери чек болгон,
Шеги жок, анык кеп болгон,

Бабасы Бабыр кан болгон,
Эки атадан кийинки
Манас аттуу жан болгон.
Бууракан болгон бабасы,
Мында Анжиян калаасы,
Бууракан уулу үч болгон,
Бул кезекте кыргызга
Бузук салган түз болгон.
Улуусун билгин Ногой – деп,
Уруша албай эч бир журт,
Кыргыз кайдан оңой – деп.
Экинчиси Шыгай – деп,
Балигерлер билиптир
Ногойдон оён чыгар – деп.
Үчүнчүсү Чыйырды,
Бузулбаган кыргыздын
Бул кезекте кыйыры.
Ногойдун уулу төрт болгон,
Ал кезекте кыргыздын
Бет алган жагы өрт болгон.
Улуусу болгон Орозду,
Ороздунун өкүмүн
Кытай тосуп торошту.
Экинчиси Бай болгон,
Ал кезинде кыргыздын
Ар кылган иши жай болгон.
Үчүнчүсү Үсөндү,
Кытайдын көрүп сынчысы,
Көзкаман ушул экен – деп,
Качырганы соо болбос,
Каман – деп, аты түзөлдү.
Төртүнчүсү Жакып бай,
Төрө Манас дүмөгүн
Төгөрөк уккун жайма-жай.
Жакып экен кенжеси,
Жараткандын бендеси.
Жакыптын уулу Манасың,
Жайын айтып олтурсак
Жалпы журт айран каласың,
Бала күндөн бу Манас
Башта жердеп көрө элек
Бargананын калаасын.
Аркасы Алай, Ыспара,
Аңдаса сырты кең талаа,
Азиреттин Кара-Тоо,
Аяк жагы Кокондо,
Айта берсе сөз арбын,
Аяк жагын которбо.
Самар деген кыргыз кан,
Санааңды жеткир канча жан,
Арасында Күлү шаа,
Ары чети Ысарда,
Түрккө тийген жер экен,
Түрк уулуна бербеске
Дүмөк салып урушкан
Түмөн кыргыз эл экен.
Арасында канча жыл
Алган экен Алооке,
Арстан эрди көрдүңүз,
Барды Манас жепжеке.
Кытай менен калмагы
Кыраан Манас келген соң
Кылчайбай жолго салганы.
Бабабыз – деп, Баргана,
Кытайдын алып колунан,
Кыргыз ээлеп калганы.
Сарттын көбү кыргыздыр,
Сапар шаанын жолунан
Жанбагын – деп тургузду.
Сарт атагы уругу,
Кыргызды көрүп душмандай,
Кырылышып куруду.
Байгур-уйгур атагы,
Баштатадан белгилүү
Сарт, кыргыздын чатагы.
Мал бакканын байгур – деп,

Там салганын уйгур – деп,
Баарыга маалим ушу кеп.
Талабын Алла жеткирип,
Так Тянь-Шань тоосунан
Алоокени кетирип,
Кытай, маңгул, калмагы,
Мажусу диндин колунан
Барганaны, Ташкенди
Баатыр Манас алганы.
Окчу, кушчу, думара,
Ойлоп көрсөң буларга,
Каңды, тейит канча бар,
Асай, моңол, калча бар,
Кыдыр шаа, кызыл аягы,
Кытайга өтүп таягы,
Алып берди кытайдан
Арстан Манас баягы.
Ошондон бери жердеген
Нойгут менен дөөлөсү,
Оён Манас барында
Кырк уруу болгон кыргыздын
Ойротту баскан сөөлөтү,
Серип менен катаган,
Кыйласын кыпчак атаган,
Анча-мынча кыргыздын
Анжиянда нурку бар,
Алаш уулу болгондун
Ар тарапта журту бар.
Байкатайын силерди
Башың жатыр Шиберде,
Уркун дайра Энесай,
Уксаң ушу тамаша эй.
Калмакка жүргөн каралаш,
Маңгулга жүргөн аралаш,
Кыргыз, казак нуркунан
Кытайда жүрөт көп алаш.
Алты-Шаар уйгуру
Сарт болгон алаш сандан көп,
Тегин билбей кургуру.
Бир чекеси кыргыздын
Урумдагы түрүктүр,
Нурку тегин биле албай,
Ушунчалык көп алаш
Убарада жүрүптүр.
Эдил, Жайык эки суу,
Эр Манасың барында
Маңгулдан алган жери бу.
Байкадың Барскан, Сарканды,
Алаш уулу болгонуң
Бастың Бабыл, Дарканды,
Бабаларың сөзү экен,
Баян кылдык баарысын,
Мага качан тийгиздиң
Алаш уулу арканды.
Алтай жердин боруму,
Арбыны кытай колунда
Аталарың оруну,
Айта берсе көп чыгар
Арстан Манас сонуну.
Алоокесин алыптыр,
Абыш менен Боокеси
Эр Манаска калыптыр.
Башы маймун элинен,
Улук болуп келиптир.
Бадакшандын жеринен,
Жолун Дөбөт атаган,
Күн батышы жагында
Күлдү кыргыз катаган.
Кундуз, Талкан жери бар,
Ойлоп көргүн тушунда
Оогандын ишин оңдогон
Беш уруу кыргыз ушунда.
Бири кыпчак, катаган,
Жана эки уругун
Найман, тейит атаган.
Бир уругу жүз болгон,

Азыр дагы аларды
Жоолошкон душман түз болгон.
Кубайыс деген калаасы,
Алардын жердеп турганы
Таш Котондун талаасы.
Эл байы көп, калаасы аз,
Жерине бүтпөйт эч бир саз,
Дөбөт чөлү атанып,
Жакасы кум, тоосу таш.
Күн чыгышы Чыраша,
Күн жүрүшү Ындыстан,
Алар да аман калбаган
Атасы алаш кыргыздан,
Анда жердеп туруптур
Маймундуктун Шоорук кан.
Башы жагы Тагарма,
Алайдын түштүк жагында,
Башы Даң-дуң тоосунда,
Маймундуктун Шоорук кан
Жаткан экен ушунда.
Калча деген калкы бар,
Калча жайын сурасаң
Кыргызга жакын каркыбар.
Алтайлык кыргыз барыптыр,
Ополдун тоосун оролуп,
Кечип өтүп Кебезди,
Бычак-Салды, Ыдырaң
Басып кыргыз кыдырган,
Кабак, Арты, Туруктур,
Калкы кыргыз туруптур.
Асай менен Сар-Колду,
Аларга кыргыз карк толду.
Кенжутка жетти көчмөнү,
Аягы өтүп Алайдан,
Асар тооно өткөнү,
Ырысы каткан Шоорук кан,
Манасты билбей көпкөнү:
«Качып жүргөн салты бар,
Кара кыргыз деген эл,
Мунун кайдан чыккан
калкы бар?
Ээ кылбай оттоп жеримди
Элебей жаткан элимди,
Басып оттоп жеримди,
Байкабай жаткан элимди.
Элимди илбей көзүнө,
Не десем болор кыргыздын
Эрдемсип келген өзүнө.
Зордук кылып жер оттоп,
Сонунду көргөн жүргөн го,
Күн чыгыштан, Алтайдан
Буларды бир сонун мээнет
сүргөн го.
Басырыктап жер оттоп,
Балааны көргөн жүргөн го,
Башы Амур, Энесей
Басуучу мээнет сүргөн го.
Жамаама келген кыргызды,
Жалмабай болбойт экен – деп,
Жаны бар адам болгон соң.

## ШООРУК КАНДЫН ОКУЯСЫ

Шоорук кан Манастын Акылай
деген кичи катынынын атасы.
Жалпайып жатыш бекер – деп,
Басырык кылган адамга
Басынып бериш бекер – деп,
Бу баатырсып келген кыргызга
Барсылдашсам нетер – деп,
Каптап келген кыргызга
Катылышпай болбос – деп,
Карайлап жүргөн кедейге

Кайдан чыксын жолдош – деп,
Бадакшан, Балык жерим – деп,
Батпаган маймун элим – деп,
Басырыктап не келди,
Басайын мунун демин – деп,
Келтирип Алтай кыргызын,
Кенебей бир жыл тургуздум,
Кесейин мунун демин – деп,
Көчүп оттойт жеримди
Көргөнбү менин кемимди,
Басып оттойт жеримди,
Барсылдатып малчысы,
Баш көтөртпөйт элимди.
Кыйындыгын көрөйүн,
Кыргыздан жылкы бөлөйүн.
Жалпайып жата бергенге
Жаман – деп, мени ойлойбу,
Жаңы келген кыргызды
Чаап, четин тойлойлу.
Кыргыздан жылкы бөлөйүн,
Кытайдан качкан кызыталак,
Мунун кыйындыгын көрөйүн.
Өз жерине жатпаган,
Өзгө жерге батпаган,
Алты-Шаар журтунан
Мага кандай аттаган.
Сексен уруу элим бар,
Сегиз жүз баатыр эрим бар,
Душман курчап келген соң,
Не деп жатар эбим бар?!
Кыргыз деген кандай журт,
Кышкы чилде кардай жут.
Талаага оттоор чөп койбой,
Дан базарга көп койбой,
Бүлүк салды бу күндө
Кыйбаттатып шаарымды,
Кыжаалат кылды баарымды.
Жакындатпай жалмайын,
Билбестен ичке киргизип,
Бир балаага калбайын.
Үйүр кылбай боюма,
Келтирбей Кенер оюна,
Самбыланын базарын
Салыптыр кыргыз назарын,
Арпа менен буудайын
Алып ийди жудайын,
Кыйбат кылды данымды,
Кыстап барат жанымды,
Жакынын чаап алайын,
Жакындатпай ушуну,
Жадатып кууп салайын.
Келгенин чаап алайын,
Келтирбестен ушуну,
Кебезге сүрүп салайын.
Кебез менен Ополду,
Келгенден бери бу кыргыз
Журтумдун көбүн которду
Таш-Котондун байыны,
Тартып алып жайыны,
Ач коюптур малыны,
Атышып барып көрөйүн
Бу кыргыздын алыны.
Базардан алып чөбүнү,
Басырыктап көбүнү,
Кара мал кантип оттоду,
Самбыланын чөлүнү.
Бадакшан менен Балыкты,
Башынан күтүп башкардым
Маймун урук калыкты,
Алтайдан келип бу кыргыз
Айылыма түйшүк салыптыр,
Эндешип жаткан бу жерде
Эски Кебил калыктыр,
Эзелден жерим Балыктыр,
Эсилден келип бу кыргыз
Элиме түйшүк салыптыр.

Алтайда жүрүп таң атпай,
Алын билип тим жатпай,
Асылышып Каканга,
Азабы тийип көп жанга,
Катыларга катылбай,
Кадеми каткан кыргызды
Таш-Котондун жерине
Кандай неме тургузду?
Жолугарга жолукпай,
Жолу каткан кыргызды
Шоролуу менен Тагырма,
Жооп берип ким тургузду?
Кара кыргыз карга окшойт,
Карап турсак мүнөзү,
Каттаган кербен соо өтпөй,
Каракчысы барга окшойт.
Кесендиси, уурусу,
Кесири тиер мунусу.
Соодагер көрсө сойгудай,
Соңунан барган кишиге
Жооп бербей койгудай.
Кербенди көрсө сойгудай,
Кеңири оокат кылдырбай,
Кесири тийип койгудай.
Өздөрү жүрүп өлө албай,
Өкүмөт кеби бир далай,
Жандары жүрүп жай албай,
Жайылдык кеби бир далай.
Аскерди жыйнап албасам,
Анча-мынча бүлдүрүп,
Анжиянга, Кашкарга
Артылта кууп салбасам.
Андадым кылар жумушун,
Байкап көрдүм баарысын
Балаасы элге жугушун,
Кошун жыйып, кол жыйып,
Аскерди арбын мол жыйып,
Кысмакты буга кылайын,
Кыйыктык кылган кыргызды
Кылычка салып кырайын,
Кызылдан ары өткөрүп,
Кыр ашырып тынайын.
Аскер алып жүрөйүн,
Аягын өөдө түрөйүн,
Айдап тоодон ашырып,
Алтайды көздөй сүрөйүн!»
Кесектин уулу Шоорук кан,
Кесиреттүү бу бир жан,
Боз туурдукка болгон кан,
Таянганы Ындыстан,
Кабары жок мурунтан
Кайнап жаткан кыргыздан.
Тарса менен ынды бар,
Аралаш жаткан элине
Жедигер менен жинди бар.
Шаңкай деген кыргыз бар,
Ал шаңкайдын журтунун
Ат ордуна мингени
Кызыл куйрук, кызыл нар,
Татала деген журту бар,
Таза сонун ушулар.
Төөнү багат мал кылып,
Кыш күнүндө буурасы
Тебелеп согот нан кылып.
Кышында барбайт ээлери,
Кырга кетип төөлөрү,
Төөгө ылайык чөбү бар,
Жапайы кетип жансактап,
Төө кийиктин көбү бар.
Ар жагы Наамут дарыясы,
Баккан малы баш бербей,
Башынан кеткен айласы.
Караган Шоорук канына,
Каарданып Шоорук кан,
Кабар берди баарына.
Жапан таруу, буудай бар,

Тамашасы мындай бар.
Жазийра, Жамин чөлү бар,
Кесир кылган адамга
Кесенденин көбү бар,
Илбирс, жолборс, кабылан,
Издегениң табылган,
Катын аюу, док аюу
Сакарасында жабылган.
Жапан жүргөн тоту бар,
Жайса малга оту бар,
Чөбү калың, суусу кем,
Төөсү кийик болгон эл.
Төөнүн баары нар экен,
Булакка жакын жеринде
Адамдан жапайы бар экен.
Шоорук кандын элинен
Самбыланын жерине
Тозгон-азган барчу экен,
Толук дүйнө бизде – деп,
Жан пайдасын изде – деп,
Токтотуп байлар калчу экен,
Тоюнтуп багып алчу экен.
Алты күндүк, беш күндүк
Адырга салган тамы бар,
Атасынан бабасы
Кылып жүргөн камы бар.
Жапан арпа, буудайын,
Жан-жагынан койбостон
Оруп-жыйып жудайын,
Бастырып аны ала албай,
Мал баласы бара албай,
Сууга таңсык баары чөл,
Мар-жыланы баары төл,
Чөлдө жүргөн кулан бар,
Урун мар – деп аталат,
Уча турган жылан бар.
Кай бир булак көзүндө
Кайнап жатат куланы,
Качырганын соо кылбас
Канаты бар жыланы.
Ыспанага жакын жери бар,
Ындыстан менен Ыспананын
Дайрадан бөлгөн чеги бар
Күн батыш жагы Коросон,
Жазийра чөлү курусун,
Башы ооп барган адамдар
Байкабайт-билбейт мунусун.
Байлардын кылып жумушун,
Өзүлөрү баруугa
Өлүмдөн кылат коопту,
Талаага жыйган таруугa
Апарып коёт тоокту.
Жыйган арпа, буудайын
Тоокко коёт жудайын,
Ачып-ачып жеп жатып,
Алты жыл-беш жыл көп жатып,
Абыдан арбып балалап,
Жапан арпа, буудайга
Жата берип каралап,
Кодоң тоок лурку бар,
Күрпө тоок нурку бар,
Таруу, буудай жем билип,
Талаада жатып семирип,
Эки жүз миң, үч жүз миң,
Эсеби жок көп болуп,
Баланча байдын тоогу – деп,
Баарына маалим кеп болуп,
Тоодой жыйган буудайын
Тосултуп баарын жеп болуп,
Семизинен жүрө албай,
Томолонгон тоогу бар.
Аны барып алууга
Ажыдаардан кообу бар.
Кызматкер калың алуучу,
Кыш күнү байлар баруучу,
Кызматкер барып зор менен,

Кызыл жибек тор менен,
Дүйнөнүн кара зоруна,
Түшүрүп тоогун торуна,
Баарын кырып өлтүрүп,
Алты жүз, беш жүз нар төөдөн
Азап менен келтирип,
Алы төөгө келбесе
Алтымыш-элүү араба,
Ат жүрбөс ошол арага
Ашып-шашып жеткирип,
Жуларга шайы келе албай,
Суу боюна келтирип,
Жүнүн бөлөк алышып,
Арабага этин салышып,
Ындыстандын элине,
Ыспананын жерине
Тоок этин сатышкан,
Алтын, күмүш бул алып,
Бул алганы кубанып,
Толук дүйнө катышкан.
Жетигендин тарабы,
Жери Кенжут карады,
Күн чыгышы Ымалай,
Шолорду да жердеген
Шооруктун эли бир далай.
Калкына кабар салыптыр.
Казаттын жолун билбеген,
Капилет өскөн калыктыр,
Эки жүз да токсон миң
Элин жыйып алыптыр.
Чечендер аттуу баатыры,
Ченсиз айбан акыры,
Күлтүкан аттуу балбаны
Күлдү журтун алганы,
Күйөнүш, Кеймен аяры,
Эр Шоорук кан баш болуп,
Күңгүрөп жолго салганы.
Чаталак ашуу бел менен,
Эки жүз да токсон миң
Ар түрлүү сонун эл менен,
Кыргыз да бар, кыпчак бар,
Алардын басар жолунда
Абаткүү деген кыштак бар,
Шоорук канга караган,
Тоо менен ташка тараган
Калмак менен маңгул бар,
Жөөт менен тарса бар,
Жөнсүз арбын калча бар,
Ынды менен сыябы,
Сакалаттан журт болуп
Тургандар көп сыягы.
Шаңкай менен жедигер,
Карап турган калайык
Кай жедигер дедиңер.
Кыргыздын башка уругу,
Азыркысын Шоорук кан
Алардын болгон улугу.
Катаган, Тейит калкы бар,
Базары болуп Самбыла,
Анча-мынча андан да
Аралашкан каркыбар.
Ар кайсысы бир динде,
Сөздөрү жок бир тилде,
Аскерин жыйып азырлап,
Бир-бири тилин биле албай,
Аңдаша албай алдырлап,
Аралашып тилмечи,
Сөз билдирип балдырлап,
Шоорук кандын кызыл туу
Асабасы жалбырлап,
Алтын купа добулбас,
Какса угулуп каңгырлап,
Тартып керней бапылдап,
Дап кактырып дапылдап,
Чымылдагы, сурнайы,
Карап көрсө карааны

Чын балакет турбайбы.
Эркек үчөө, кыз экөө
Шоорук кандын баласы,
Башы Маймун калаасы.
Азыр жердеп турганы
Таш-Котон, Кабыл арасы,
Акылай улуу кызы экен,
Ургаачынын сарасы,
Он алты жарым жашы бар,
Оролгон кара чачы бар,
Саат салган топчудай
Келишкен кара кашы бар,
Инжуу тиштүү, кыйгач каш,
Тамагынан көрүнгөн
Кара мейиз, жуткан аш.
Колу күмүш зымындай,
Бели канжар кынындай,
Сонундугу этинин
Сооттон чыккан чыныдай.
Карагаттай көзү бар,
Канттан ширин сөзү бар.
Аскерин жолго салыптыр,
Эртең аттанамын – деп,
Эр Шоорук үйдө калыптыр.
Кериле басып Акылай,
Кеп айтуучу кези бар,
Кыздын кеткен үшү бар,
Түндө көргөн түшү бар:
«Ата сизге кеп айтам,
Алысты санап мен айтам,
Аттанбасаң–деп, айтам.
Шымал жактан сел келди,
Селдей көчүп жер келди,
Жер учурган жел келди,
Аккан селин аңдасам,
Кара баткак ылайды,
Карайлатып куткарбай,
Каптап калды далайды.
Сел баткакка калыпмын,
Сенделип качып алыпмын,
Агып суугa өлөрдө
Алтын барик чынарга
Өзүм жетип калыпмын.
Чыктым чынар башына,
Ачасында олтурсам,
Атакем келип кашыма,
Теректе калдык тербелбей,
Кериде калдык кебелбей,
Ажыраттын талаасын,
Чыраштынын калаасын,
Таш-Котон менен Самбыла,
Бул экөөнүн арасын
Суу каптады, сел болду,
Кыян менен кыжылдап,
Агып жүргөн эл болду,
Табирчиңиз бар бекен,
Атаке, бул иш не болду?
Жүрөгүм чочуп айрылып,
Жүдөдүм жаман кайгырып.
Алтайдан келген кыргыз – деп,
Каңгайдан келген качкын – деп,
Асыла берип атаке,
Жүрбөгүн тактан айрылып!»
«Башың курган бала – деп,
Башчы болбо мага – деп,
Бакшы болуп кеттиңби,
Жашабай жатып кандай түш
Айтасың азыр мага – деп,
Кыян каптап, сел келди
Сел болгон бул эмеспи,
Кыргыз деген эл келди.
Чыккан чынар терегиң
Чындап кудай бергени,
Чаап алып кыргызды,
Чынарга чыгып турганың
Чырагым сенин тунганың.

Такка минген өзүмдүр,
Так ушу балам сөзүңдүр».
Айтып аны Шоорук кан,
Адамдар болду айран-таң,
Добулбасы кагылып,
Тууга байрак тагылып,
Шоорук жолго салыптыр.
Он бир таш жерге жол басып,
Барган экен аскери
Тянь-Шанга таянып.
Аскери кеткен жол басып,
Бара турсун каныңыз,
Баатыр Манас не болду,
Кабарын угуп алыңыз.
Кылымдын баары жем болуп,
Кылганы журтка эм болуп,
Кайып эрен кырк чилтен
Кайрат берип дем болуп,
Жараткан Алла жар болуп,
Ар кылган иши шар болуп,
Аскери алты сан болуп,
Алаштын баары жам болуп,
Атанып айкөл кан болуп,
Айтканы журтка дүң болуп,
Аскери токсон миң болуп,
Акыреттен колдоору
Азирет Аалы пир болуп,
Анжиян жери күр болуп,
Жамбы ордуна артканы
Жакут, көөкар, дүр болуп,
Жери Анжиян жер болуп,
Ченине келген эр болуп,
Челишүүчү душмандын
Жүрөгүнө чер болуп,
Жалпы алаштын журтуна
Шамал тийбес ык болуп,
Жан жолдошу кырк болуп,
Сайышуучу душмандын
Жүрөгүнө дык болуп,
Абунасыр таанытган,
Обурагым көтөр – деп
Аллага күндө наалыган,
Алты жашар кезинде
Аты Кызыр даарыган,
Кожо Жаангер кол берген,
Кошунга кожо жол берген,
Дөөлөтүн кудай мол берген,
Айтканын Алдам эп кылган,
Атышкан жоосун мерт кылган,
Ар кайсы кандар кеп кылган,
Атагын угуп Манастын
Анжияндын Алооке
Акыры оңдурбайт го – деп,
Алты жыл мурун шек кылган,
Наамандан алып далайды,
Айылы өрдөп Алайды,
Анжиянды, Кашкарды
Азыр келип башкарды,
Алдам өзү бир билер
Таш-Котондо Шоорукту
Асылышпай таштаарды.
Азиреттин Кара-Тоо,
Калмак, кытай бар экен
Карайлаган динге жоо.
Кай бирин динге келтирип,
Кайрат кылган кай бирин
Камчылатып өлтүрүп,
Кай бирөөнү көчүрүп,
Амурдан ары өткүн – деп,
Алтайга турбай кеткин – деп,
Арабанты, Согуна,
Анда маңгул, калмакка
Алеңгир салып тобуна,
Токтотпосмун буларды,
Тоорусам – деп, Букарды,
Көздөсөм – деп, Көлөптү,

Түркстандын тоосуна
Түк токтотор ою жок
Алашынан бөлөктү.
Башы Алтай, Жылдызды,
Аягы Талкан, Кундузду
Ватырам – деп кыргызды,
Ыкыс берип Ысарга,
Көзүн салып Көлөпкө,
Артын таштап алаштын
Асы менен Жөлөккө,
Айылы конуп баатырдын
Азиреттин Кара-Тоо,
Самаркан башы Жөлөккө.
Бардап көрүп элини,
Байкап көрүп жерини,
Баатыр шонтип туруптур,
Шол чакта келип туурадан,
Шоорукту кудай уруптур.
Кара-Тегин жол салып,
Алайда жаткан кыргызга
Аскери келип кол салып,
Нойгутка ойрон салыптыр,
Ошпурдун айылын оңдурбай,
Окчуну чаап алыптыр.
Окчу кыргыз уругу,
Ойбой салып куруду.
Ак боз атын моюндап,
Ак сакалын коюндап,
Айыл башы Акбалта,
Айла кылбай бу калкка.
Жети миңдей жылкысын
Желесинен айдады,
Бул экен элдин айбаны.
Айбан эмей неткени,
Кулуну калып желеге,
Кууп алып кеткени.
Кичине жылкы бар экен,
Киши мингис мал экен,
Эшектен кичик жан экен,
Кызыталак кыргыздын
Немене деген малы экен.
Чоң атын айдап алалык,
Атынын келсе артынан
Дозокко тирүү салалык.
Аттарын жыйып алалык,
Артынан келген кыргызды
Аябай азап салалык.
Аны ойлонуп жылкы алды,
Күтпөгөн экен жеринде
Төөдөн бөлөк көп малды.
Сыйырлары өркөчтүү,
Жылкыны көп күтпөгөн,
Жылкынын жеми-чөбүнө
Бакырлары түтпөгөн.
Алтымыш миңи нар минген,
Канчасы качыр миниптир,
Эсерлигин мындан бил –
Эшек минген эки миң.
Жангели, Мазан-Дарандан,
Намут-Айык аралдан,
Ооштуруп алган мал экен,
Туш тоту деген бар экен,
Андан минген аты бар,
Албар тоту мингени
Он эки миң каркыбар,
Бу жылкынын бешөөнө
Бир албардын баркы бар.
Аягы Ысар, Көлөптөн
Айдап жылкы барчу экен.
Самбыланын шаарына
Сатып кетип калчу экен,
Сары алтын менен ак күмүш,
Санатып булун алчу экен,
Андан алган аттарын
Арабага салчу экен.
Жал, куйруктан айрылып,

Жыл маалына чыдабай,
Чымындап өлүп калчу экен.
Көбү жоор, кырчаңгы,
Көрбөгөн жылкы бу малды,
Кулунун билбей, не мал? – деп,
Кужулдашып таң калды:
Куйругу жок, жалы жок,
Чакырым чабар алы жок.
Эки жүз да токсон миң
Элин жыйып алыптыр,
Элдин чети Алайга
Эрдемсип уруш салыптыр.
Айдап тийген жылкысы,
Кыруулашып ээлери,
Кулундары кишенеп,
Кайра качып бээлери,
Арбаңдатып нар менен
Артынан куба келгени,
Найзага адис, доого чың,
Атыша кетсе жоого тың
Нойгут, окчу, думара
Ойрон салды буларга.
Мылтык менен атышып,
Ок тийгендин баарысы
Коркурап келип жыгылып,
Короого сулап жатышып,
Айылы үркүп Алайдан,
Аз болгондо алты жүз
Адам өлүп алардан.
Качып келген жылкыдан,
Кармап алып минишип,
Анжиянды бет алып,
Качып жолго киришип,
Аскердин көбү ары жакта
Кулунга качкан бээлерге
Тозобуз – деп, ийришип,
Тос-тос кылып жылкыны
Тополоңго киришип,
Калаба болду калчасы,
Керемдинин коо менен,
Көлдөлөңдүн тоо менен
Кырга чыгып кутулду
Кыргыздардын канчасы.
Ычкырдык деген бел менен,
Алмалуу деген жер менен
Атышууга чыдабай
Арбын тажик эл менен
Кылчайбай кырга чыгыптыр,
Кыргыздын адис мергендер
Кыйласын атып жыгыптыр.
Күн бейшемби чак түштө
Кан Шооруктун аскери
Каптап уруш салыптыр,
Жер жайнатып жылкыны
Жети миңче алыптыр.
Субайы үркүп суурулуп,
Бир ат туйлап мөңкүсө
Жутуп ийчү немедей
Заманасы куурулуп,
Коё берип колунан,
Кыруулап кууп соңунан,
Жети миң жылкы алганы,
Жетишкен кыйын мыктысы
Жетимишин кармады.
Жер жайнаган жылкыдан
Тута албай куру калганы.
Жума күнү кечинде,
Бешим өткөн кезинде
Күлү шаанын тоосуна
Кийик атып, аң уулап
Келиптир Манас ушунда.
Карк алтын алган бир калта,
Канкорго кабар айтмакка
Качып барган Акбалта.
Көзүн салып кийикке,
Кийикчинин баарысы

Чыккан экен бийикке.
Ак боз атын моюндап,
Ак сакалын коюндап,
Акбалта барды акырып,
Айгай салып бакырып,
Жүлүндөй боз ат алдында,
Жүр, Манас! – деп чакырып,
Абдылдасын акырып,
Акбалта чыкты бир жонго,
Уу кылганы көп киши,
Арзан жумуш эмес го
Акбалтанын бул иши,
Ашыгып мынча не келди,
Калыбет эле бу киши,
Кабарын сурап билелик
Кандай да болсо бул ишти:
Чапкылап Манас, Чубагы,
Абдылда, Чалыбай бу дагы,
Ашыгып алар жүргөндө
Айнакул, Сыргак жудасы,
Чапкылашып туш-туштан,
Тар капчыгай буруштан,
Кырдагысын кыйкырып,
Ойдогусун ойбойлоп,
Коктудагы жүргөнүн
Коркутпа – деп, кой-койлоп,
Акбалтага жыйылып,
Аңиздө .дөн тыйылып,
Келип кебин угуптур,
Айтканын угуп Манастын
От көзүнөн чыгыптыр.
Аскер ылдам келсин! – деп,
Алты киши чаптырды,
Анжияндын боорунан
Адам калбай келсин! – деп,
Аскерине чакырды:
Кара-Кулжа тарынан,
Көкүрөк, Көк-Арт баарынан
Кара-Алма кайкы белинен,
Калба – деп кыргыз элинен,
Топурак-Бел, Кара-Суу,
Ортосу Оган дабааны,
Орчун шаар Анжиян,
Тез келсин – деп, аларды,
Маргалаң менен Зымыны,
Калбасын – деп чымыны.
Кожент менен Жызакты,
Бачым-ылдам келсин – деп,
Баруучусун узатты.
Азиреттин Кара-Тоо,
Асты жагы Самаркан,
Кызыгып Оган тоосуна
Кыйла кыргыз самаган,
Алтайдан келген элсиң – деп,
Азыр мында келсин – деп,
Ыспараны, Коконду,
Ылдам кел – деп, которду.
Алты жигит чаптырып,
Айтып кебин эр Манас,
Анжиянды чакырып,
Айтып Манас болгончо,
Акбалта сөгүп бакырып:
«Жакыптын уулу Манасым,
Жаныңды жечү баласың,
Айырып келип Алтайдан,
Азапка салчу балаасың.
Атамдан калган жерим – деп,
Адамыңдын баарысын
Алайга таштап саласың,
Жетим уул, тул катын,
Чаптырып ийип кыргызды,
Убалга минтип каласың.
Кытайдан бөлөк жоо жок – деп,
Кыялыңа аласың.
Кырып кетсе кыргызды,
Кыбаң шондо канасың,

Алтайдан элди көчүрүп,
Кыянатчы адамсың.
Адыры чөптүү, жери жай,
Ар түлүк малга эли бай,
Маңгул, калмак аралаш,
Башыбыз Мамыр, кең Алтай.
Бар-Көл, Төр-Көл көлүбүз,
Баштап келип балаага
Малынтканын көрүңүз.
Алдырып коюп Алайдан,
Арманда өлөр далай жан
Алтай – деп, жүрүп көбүбүз,
Анжиян, Алай жериңиз,
Арзыбады көөнүбүз.
Калкы кайда экенин,
Кабарын сурап билбедик,
Каттап көрүп ар жагын
Калаасы кандай билбедик,
Капилет жатып бу күндө,
Калаба көрүп кирдедик.
Калкыңа түштү калаба,
Капталып калып кечээ күн
Кажылдаган балаага.
Нар төө минген адам бар,
Ажылдаган арамдар,
Кара желек найза алган,
Карарганды кайсаган,
Кабагы бийик, көзү үңкүр,
Кара сакал, тик мурут,
Кайдан чыккан бу журут.
Каңылжаары каңкайган,
Кайсы бирөөн карасак,
Кара нар минип даңкайган.
Оңкогой мурун, чуңкур көз,
Оозу жүйрүк, башка сөз.
Ажалай экен урааны,
Адам айран калгандай
Аңдап турса буларды,
Айылга кирип кол салып,
Аткылашып биздин эл,
Кыйласы өлүп сулады,
Кыз-катындын баарысы
Кырга качып чуулады.
Арбыны жаа, аз мылтык,
Айдады жылкы дыргытып,
Ар бирөө күрсү урат,
Казандай болгон күрсүсүн
Канчалык жерге ыргытып.
Төө минип жүрүп найза алган,
Төбөңдөн урган кандай журт,
Нар минип жүрүп найза алган,
Айбандыгы ашкан кандай журт?
Найза деген бир жарак
Ат мингенге ылайык,
Кайта электе бат барып,
Калабаны кылалык!»
Акбалта барып ашыгып,
Кырып кетти элди-,деп,
Кызыл ээк чалдарга
Кыйын түйшүк келди – деп,
Чаап кетти элди – деп,
Жаштарынын башына
Жаман дүмөк келди – деп,
Акбалта айтып салыптыр,
Аны-муну дегенче,
Алтымыш миң аскери
Азыр болуп калыптыр,
Артымдан келе берсин – деп,
Арстан Манас баатыры
Алда! – деп жолго салыптыр.
Салтанаттуу сай кашка,
Сөөлөтү журттан бир башка,
Кызыл байрак кырк кашка,
Кылганы журттан бир башка,
Кыргыздын Манас бадыша,
Ак асаба, кызыл туу,

Айгайлаган ызы-чуу,
Көк асаба, кызыл туу,
Көк жаңырган улуу чуу,
Көк жал Манас баатырдын
Жүрүп калган жери бу.
Алайга барчу белинен
Ашыгышып ашышып
Ат баспаган жеринен,
Кийик ашпас тоо менен,
Тар капчыгай коо менен,
Ашып кыя бел менен,
Өлгөнчө кармашайын! – деп,
Өзү тийген эл менен
Ашып түштү Алайга,
Аңдап турсаң мунун да
Арты кетер далайга.
Үркүп кыргыз келиптир
Анжиян жаккы тоосуна,
Шоорук кандын аскери
Тоо таянып жетиптир,
Караанын жаңы көргөндө
Караңгы кирип кетиптир.
«Урушту түндө салбайын,
Убарага калбайын,
Калбаны түндө салбайын,
Канга забын калбайын,
Не болсо эртең көрөрмүн,
Үрүстөм өзү болсо да,
Үстүн-астын бир салып,
Үлгү кылып жөнөөрмүн.
Атым Манас болгону
Асылган душман оңбоду,
Адам кылып жараткан
Алла Таала колдоду.
Кайгы салдым Каңгайга,
Кан жүргүздүм далайга,
Талкаладым даңгытты,
Басып алдым маңгытты.
Мага келип катылып,
Кандай душман болсо да,
Муну кудай каңгытты.
Текеберлик болбосун,
Теңирим өзү колдосун,
Темселетип жолдошун,
Каран салып калаасын,
Канга боёп талаасын,
Кадыр Алдам буюрса,
Карматып каныш баласын»,
Каарданып муну айтып,
Кабылан төрө Манасың,
Жатып тынчтык алыптыр,
Эрте туруп эр Бакай,
Азан айтып салыптыр.
Багымдат намаз окушуп,
Азырлап атын токушуп,
Жарагын белге чалынып,
Жаратканга жалынып,
Азирет Аалы шерлердин,
Шейит кечкен эрлердин
Арбагына сыйынып,
Ак күбө тонду кийинип,
Саадагы бала белиндей,
Тасма тартып ийилип,
Алыскы-жуук айныбас,
Ыраакты жакын ылгабас,
Ортосу болот, оозу албарс,
Түтүнү туман, түбү Ыспан,
Кароолу тажаал, огу ажал,
Асынып жүрсө аккелте,
Ашыкпаса Койчагыр
Ачууланса замбирек,
Аккелте мылтык асынып,
Шай колдогон бадирек,
Камыш кыйып каптаган,
Тарамышка чаптаган,
Темирин сегиз кырдаган

Он эки түрлөп сырдаган,
Бөрү тил мизин чыгарган
Учун ууга сугарган
Шамалга тийсе ырдаган,
Тийген жери ырбаган,
Чагарак алтын тактырган
Душман жакка бактырган,
Абунасыр заманы
Найзасын көрүп жактырган
Салды найза карыга,
Сандыргалуу султаның
Бүгүн минип каарына
Түн ичинде суурса
Өрт өңдөнүп кызарган
Уруштуу күндө узарган
Заарын тарткан мунардан
Учун кайкы чыгарган
Тоого чапса таш кескен
Белге чапса баш кескен
Шиберге койсо өрт кеткен
Шилтегени мүрт кеткен
Айкожо берген кылычын
Аңдап көр жоого кылышын
Боосун асып мойнуна
Абунасыр тапшырган
Алты миң аят ак калам
Тыгып алып койнуна
Карап көргүн баатырдын
Жоого кылар ойнуна.
Таш көмүргө таптаган
Как ыргайга саптаган
Көөкөрчө кылып ийдирген,
Кыл кыял чаап чийдирген,
Чагарак алтын сомдогон,
Чапкан жоосу оңбогон,
Эшик эндүү айбалта
Кыстарып алып белине,
Кыргын салып келүүгө
Шоорук кандын элине,
Коргошун-чоюн куйдурган,
Сабын темир бурдурган,
Башын болот каптаган,
Сабын темир саптаган,
Бери болсо күрсүсү
Беш жүз батман салмагы,
Бербердигер колдо! – деп,
Беленденип алганы,
Ээринин кашына
Кыпчып алып чатына,
Мунун баарын көтөргөн
Айранмын минген атына,
Өңү кула, кара жал,
Өзгөчө сонун бу бир мал.
Кан Жакыптын жылкысы
Сексен миңге толуптур,
Жаш күнүндө Жакыптын,
Камбарбоз аттуу жылкыда
Бир айгыры болуптур.
Энеси бээ кара көк,
Айта берсе кеби көп,
Арстан эрдин мингени
Аккула деген аты бар,
Айбандан бөлөк заты бар.
Чаткаягы чаткалдай.
Жүрүп берсе чатына
Жүктүү төө баткандай.
Куюшкандын кошконго
Он бир карыш казанды
Ойноп-күлүп аскандай,
Болжолу жок чоңдугу,
Бооруна карандын
Момолой ийин казгандай.
Таноосуна-мурдуна
Кирер болсо жөргөлөп
Азыркы жүргөн адамдар
Кийими менен баткандай.

Камыш кулак, сом туяк,
Балтыры бала белиндей,
Басканы сырттын желиндей.
Чарайна төшкө тартынып,
Каруу-жарак карк алтын,
Көпкөк темир артынып,
Карыпчысы кыягы,
Каармандай сыягы.
Белдемчи темир байланып,
Бел булуттай айланып,
Бербердигер бергин – деп,
Жаратканга жалбарып:
Атың жүз миң, өзүң күч,
Затың жүз миң, сөзүң түз,
Жараткан ай, күн, жылдызды,
Кылган амыр буйругуң,
Арсы аглы, күрсү-лөч,
Дүнүйөнү, жылдызды,
Эрк өзүңдө тиргизсең
Өлүм жеткен алекти,
Өкүмөтүң тургузган
Тогуз кабат балекти,
Баранданы жаратып,
Дүнүйөгө чубаттың,
Күн жаратып асманда,
Оттон ысык бураттың,
Тири жанмын дегенге
Тийип турган кубатың,
Жалындым Алла затыңа,
Колдосоң колдоор убактың,
Атың миң бир, өзүң жок,
Адамга айткан сөзүң жок,
Көрүнөр турпат затың жок,
Жалынам Керим атыңа,
Башкага айтар датым жок.
Өзүң жеке Кудаасың,
Жалындым жекелигиңе,
Бербердигер бере көр
Мен карыптын мудаасын.
Бабам Адам байгамбар,
Бар тукумуң көп жандар,
Төрт миң төрт жүз алтымыш
Баштагы өткөн байгамбар.
Алтымыш төртү набийсиң,
Баштадың жолго баарысын,
Кудуреттин сөзү үчүн
Курандын чачтың маанисин,
Курайыштан уругуң,
Кудаанын байгамбары – деп,
Кубат сурап турумун!
Татпадың эне сүтүнү,
Тарбиялап өзүңдү
Бериштелер бүтүнү.
Энең өлүп, ата жок,
Шариятты жүргүздүң,
Дин түзөдүң ката жок!
Айтып Манас мындай кеп,
Ак байгамбар Мукамбет,
Арбагың, колдо! – деп,
Сыдык, Омор, Осмонду
Байгамбарга досторду,
Түгөтмөккө кыргызды
Түмөн каапыр козголду,
Арбагың жардам бербесең,
Ал-абалым не болду?
Дин ислам сүйөөсү,
Ак байгамбар күйөөсү,
Зулпукор, Дулдул ээси
Азирет Аалы шер – деди,
Арбагың жардам бер – деди.
Алаамат кылды көп каапыр,
Аты Кызыр кел! – деди,
Дүнүйөгө сакчысың,
Аманатка кыянат
Кылдырбагын сен – деди.
Ушуну айтып эр Манас,

Узатты жолго көп алаш,
Майданга барып турганы
Ажалалап кыйкырып,
Каапырды кудай урганы.
Дөгөшө аттуу балбаны,
Төрт миң аскер алганы,
Төрөнү көздөй ат коюп
Баары жөнөп калганы.
Арстан Манас баатыры
Алиги төрт миң баатырды
Астын-үстүн салганы,
Аккуланы жүгүртүп,
Аралашып калганы,
Дөгөш келип качырып,
Төрөгө найза салганы.
Дөгөшөнүн найзасы
Төрөгө батпай калганы.
Төшүнө найза такалды,
Карылар айткан макалды,
Төшкө сайып Дөгөшү,
Жыгууга алы жетпеди,
Найза сайган каапырга
Аккула ат менен кептеди,
Найзасы сынып качырап,
Өз найзасына илинип,
Чалкасынан кеткени,
Жыгылып калган каапырды
Сырттан Манас беттеди,
Жерден өөдө турарда
Шыпырма кылыч, кара курч
Башын кагып кеткени.
Башы калды томпоюп,
Өлүгү калды зоңкоюп.
Төрө Манас баатыры
Төрт миң келген каапырды
Төгүп канын акыры,
Эт бышым койбой жапырды,
Канын суудай сапырды,
Үч миң алты жүзүнү
Жерге басып түзүнү,
Кырып-жоюп сап кылды.
Жана Шоорук жиберди
Чечендер аттуу балбанды,
Он эки миң кол менен,
Манасты көздөй жапырды.
Күлтүкан аттуу балбаны
Күркүрөп күрсү алганы,
Жеке өзү бир минип,
Жетимиш кулач бил минип,
Күрсүсү бар молодой,
Караса көзү каапырдын
Кайкаңга жакын ороодой,
Көзүндөгү чылпагы
Байлаткан батман шородой.
Он эки миң жабылып,
Аккелте мылтык бир атты
Арстан Манас камынып.
Аккелтенин доошу
Алты күндүк угулду,
Огу тийип каапырдын
Отуз-кыркы жыгылды.
Түтүнү басты тумандай,
Кулап түштү Күлтү кан
Жер силкинген дубалдай.
Найза салды Чечендер,
Андай найза салгандан
Алек болгон нечендер.
Найзасын баатыр кагыптыр,
Арстан эр кылыч салыптыр.
Найзасы тийбей кеткени,
Найза салган Чечендер
Ажалынын жеткени.
Жетпегенде неткени,
Төрө чапкан бу кылыч
Төбөсүнө жеткени,
Ат-маты менен бөлүнүп,

Жардан кулап кеткени.
Алаштын баары күңгүрөп,
Азирет! – деп, дүңгүрөп,
Бакай баштап баарысы,
Кыргыл баштап карысы,
Алтымыш миң көп алаш
Ат коюшуп калышты.
Аш кайнамга калбады,
Он эки миң аскерин
Ойрон кылып салганы.
Кан Шоорук кан акырды,
Качыр, капта, койбо! – деп,
Кайраттанып бакырды,
Жүргүзүп ийди майданга
Сексен төрт миң каапырды,
Аз экен – деп, ойлонуп,
Арстан Манас баатырды.
Миңинин саны сексен төрт,
Билгенге болду кызыл өрт.
Жеткен ажал далайга,
Уруш болду Алайда,
Дүнүйө жүзү бузулган,
Суудай акты кызыл кан.
Кыргыз, тарса кыйла эл,
Кызыл кан агып, болду сел.
Кылычты кызыл дат алды,
Кыяматтын журтуна
Кызылдын-Бели аталды.
Айбалта, кылыч салышып,
Каапыр менен мусулман
Аралашып алышып,
Төө мингенин төбөлөп,
Жөө жүргөнүн тебелеп,
Алтымыш миң алашы,
Астында арстан Манасы
Аккула менен чуратып,
Ажаалаган калчасын
Ачалбарс менен сулатып,
Артынан чаңын буратып,
Кырк чоронун баарысы,
Кыргыл, Бакай карысы
Кыжылдаган тарсанын
Кызыл канын агызды.
Күн обого толгондо,
Чак түш анык болгондо
Кырк миң кыргыз барышты,
Кыжылдаган каапырга
Кыямат күнүн салышты.
Шоорук кан маймун зору экен,
Жүрүп келген аскери
Үч жүз миңче кол экен.
Өлдү көбү теңделип,
Жаны тирүү калганы
Жарадар болуп сенделип,
Арстан Манас баатырдын
Атактуусу сексен төрт,
Астында жүргөн кызыл өрт.
Астында бар Манасы,
Анча кыргын болбостон,
Аманга катар алашы.
Жети жүз он үч киши өлүп,
Өлүмгө болбос ишенип,
Терип-тепчип ар жерден
Өлгөндөрү жыйышып,
Өкүрбө! – деп, бир-бирин,
Көзүнүн жашын тыйышып,
Бурак атын токушуп,
Жаназасын окушуп,
Акырет камын жеген бар,
Али дагы бу күндө
Алайдын аяк четинде
Шейиттин бели деген бар,
Калбаны катуу салыптыр,
Мусулман, каапыр эки журт
Кайтып конуп калыптыр,
Ашарсуу баштап кырк миң кол

Ал түнүндө барыптыр,
Аскердин түшүп жатканын
Күйөнүш көрүп калыптыр.
Кырк шишеге суу кылып,
Суунун баарын уу кылып,
Заар дуба салыптыр,
Алты кара жыгачты
Апсун окуп, дем салып,
Алтоо болду сур эшек,
Баары семиз кур эшек,
Он эки себет кылдырып,
Апсун окуп, эшегин
Айдап алып жылдырып,
Эки жаңгак данына
Апсун окуп, дем салып,
Жолдош кылып жанына,
Кырк шишеде арагын,
Кызыталак аярдын
Кылган ишин карагын,
Чабыра кылган себетке
Салып алып заарыны,
Кырк шише уу баарыны,
Беш эшекке он себет,
Ону бирдей чоң себет,
Беш эшекке артылган,
Заар окуп салыптыр,
Жан кыюучу заардан
Жүзүм кылып алыптыр.
Кастык ойлоп, дарт болуп,
Кашкарлык кара сарт болуп,
Арстан Манас баатырдын
Аскери азан айтканда,
Асты жаңы жатканда
Аскердин аяк жагына
Айгай салып акырды,
Алып кетти, жеди! – деп,
Эл четинде бакырды.
Бакырыгын угушуп,
Кайда-кайда, ким-ким? – деп,
Караңгыда дүрбөшүп,
Калың аскер чыгышып,
Камалап келсе үч киши,
Аярдын кыйын ар иши,
Тарса, калча жетти – деп,
Он беш эле эшегим,
Тогузун тартып кетти – деп,
Алтоо калды эшегим,
Агырлан байдын малы эле,
Адашты – деп, эсебим,
Тарсалардын ким билди
Кароолго чыккан кесебин.
Айтты муну Күйөнүш,
Аярда бар кыйын иш.
Эшектерин түшүрүп,
Эр Манастын кошуна
Күйөнүш кирди жүгүнүп.
Ыраңы турат кашкарлык,
Карады Манас баатыры
Аярдык турат бойдо жык.
Күйөнүш аяр каркыбар,
Башында башка бөркү бар.
Оюнда Манас ойлоду
Ашкере аяр Күйөнүш,
Оюна алган акылын
Шо жерде биле койгону.
Алган Манас акылы,
Ойлоп турат сойгону.
Былтыркы жылы кетиптир,
Кеткенде Манас нетиптир,
Тебетейдин этегин
Тегерете кесиптир,
Алтымыш үйлүү жетиген
Кайтарчу кылып кетиптир.
Апсун окуп, журт койбой,
Арасына бут койбой,
Сүрөт кармап ким жүрсө,

Үйүнө катып билинбей,
Бою таза тим жүрсө,
Өлүм жакка тарткын – деп,
Азим шаар Кашкарды
Алтымыш жылга жеткенче
Жамандыктан арткын – деп,
Алтымыш экен адамы,
Азим шаар Кашкардын
Арбын экен нааданы.
Өзүлөрү билдирди,
Билгенинин баарысын
Бирин койбой бүлдүрдү.
Табытына тартышты,
Ким дининен бузулса,
Талкалап жүрүп артышты.
Калган эмес кыйлага
Кашкар журту чатагы,
Калган кыргыз тукуму
Артыш болду атагы.
Мында Манас көп турду,
Акыл ойлоп тек турду,
Алла кандай бул адам,
Аярданбы? – деп, турду,
Аскерлердин кыйласы,
Себеттеги жүзүмдөн
Талап-булап жеп турду.
Кашкардан былтыр өттүм – деп,
Кандай иш кылып кеттим – деп,
Кабылан Манас сурады.
Жакшылык бизге келгиңиз,
Былтыркы жылы мен кылган
Кайда кеткен белгиңиз?
Айткын жооп кебиңди,
Алса каапыр эшегиң
Табарбыз эртең эбини.
Сурап султан калганы,
Мукактанды бу сөзгө,
Чыкмак болду Күйөнүш
Чын ушу жерде жалганы,
Агыдай деген аярын,
Абдылда экөө бир кошто,
Азыр мында келсин! – деп,
Арстан эр айтып салганы.
Айтып оозун жыйганча,
Агыдай келип калганы,
Ачып далы кара – деп,
Арстан эр айтып салганы.
Карады далы бетине,
Ашык аяр келиптир
Аскеринин четине.
Олтургандай ушунда,
Оён Манас кошунда.
Өз уругу ындыдан,
Өнөрү артык дүйнөдөн,
Алты мыскал заарын
Жемиш кылып сүйрөгөн,
Ал аярдын өнөрүн
Ачкан далы сүйлөгөн.
Агыдай турду таңданып,
Аскерлер турат жарданып,
Кыларымды кылдым – деп,
Бир айбан болуп качууга
Күйөнүш турат камданып.
Кашкардан жемиш келди – деп,
Калкка бөлүп берди – деп,
Калкаман менен кошу бир,
Ырдык жетип барыптыр,
Кайдан билсин аярың
Канкор эрдин кошуна
Капилет жетип аларын.
Арак, жүзүм ууларын,
Себетке салып буларын,
Дөбө жерге тиктирген
Төрт төбөлүү көк чатыр,
Төрө Манас баатырды
Төгөрөктөп олтурган

Көзгө саяр көй баатыр.
Салам айтып Ырдыгы,
Салды башын чатырга,
Көзүн салды баатырга,
Көргөн жерде таң калды
Күйөнүш аяр каапырга.
Көрдү Күйөн ишини,
Ырдык тартты ичини.
Кашкарлык болгон үчү – деп,
Аярлыгы аз эле,
Ырдыктын жетпес күчү – деп,
Кирген жерде Ырдыкты
Алың келсе ал – деди,
Эгер алың келбесе,
Аскердеги аярга
Айтып кабар сал – деди,
Ырдык чочуп калганы,
Ашыккан бойдон оозуна,
Аярлык найын салганы.
Чыңырыгы баш жарды,
Аярлыктан алиги
Жети таш жерге учурду
Жерде майда таштарды.
Аяры бар экен – деп,
Аман кантип кетем – деп,
Күйөнүш оюна алыптыр,
Окуп апсун салыптыр,
Көк кептер боло калыптыр.
Эшигин көздөй чатырдын,
Өнөрүн көргүн каапырдын,
Тырпырап жаңы жетиптир,
Алгыр кыраан куш болуп,
Ардалык илип кетиптир.
Күйөнүш апсун бир окуп,
Болду бүркүт алгыр куш,
Акылдан танып Ардалык,
Аткыганда бүркүттөн
Ардалыкта калбады
Бир сиркедей акыл үш.
Артык аяр Танабул
Апсун окуп салыптыр,
Ар тырмагы найзадай
Үкү боло калыптыр.
Карайлатып каапырды,
Канатка тырмак батырды.
Тырмак орду кан болду,
Аярда мындай жан болду.
Адам болбой, дөө болуп,
Эсеби нече сан болду,
Берки турган беш аяр
Бери болуп жан болду,
Мусулман, каапыр эки журт
Бул ишине таң болду.
Дөө-пери урушту,
Ким көрсүн мындай жумушту.
Ырдыктын тарткан найынан,
Өзү олтурган жайынан,
Улуу кара куш болуп,
Кеймен келип буларга
Уруш кылды туш болуп.
Түн ортосу болгондо,
Жыбырап жылдыз толгондо
Аярлар колго илинди,
Алла эмине болот – деп,
Аскерлер чочуп бүлүндү.
Бери болуп, дөө болуп,
Бет алышып турушуп,
Беш миң, төрт миң кол болуп,
Бел байлашып урушуп,
Кабылан болуп, шер болуп,
Кай бир маалда кетишип,
Каптаган кара сел болуп,
Кай маалда кетишип
Булут болуп, жел болуп.
Күйөнүш кылды өнөрдү,
Өнөрү тамам тосулуп,

Эми билди өлөрдү.
Аскеринде Манастын
Чоң аярдан жети экен,
Кичи аярдан эки экен,
Колго түшүп Күйөнүш,
Кор болуучу кези экен.
Апсун окуп, дем менен,
Алтымыш кулач ажыдаар
Күйөнүш болуп алыптыр,
Эми дуба сүйлөтпөй,
Чүкүрүк бир дем салыптыр.
Байлады тилин Чүкүрүк,
Апсун окуп оозуна,
Чүкүрүк аяр түкүрүп.
Аңдап көр аяр ойнуна,
Ажыдаар болгон аярдын
Артты чынжыр мойнуна.
Чынжыр моюнга байлады,
Апсун окуур тили жок,
Күйөнүш шору кайнады.
Кыйналдык кыйла биз – деди,
Кеймен аяр кетиптир,
Кан Шоорукка жетиптир,
Кысчу жерди кыс – деди,
Учуп шамал жел болуп,
Кеткен экен Кеймени,
Тозоң болуп тосуптур,
Артынан түшүп алты аяр,
Арыбы андан озуптур.
Кутулбасын билиптир,
Куу сакалдуу чал болуп,
Шоорук кандын кошуна
Кеймен аяр кириптир,
Кетпесин – деп, бакалап,
Ар сүрөткө киришип,
Кеймен үчүн иришип,
Тарсанын колун жакалап,
Алар минтип калыптыр.
Беш жүз он үч адамы,
Себеттен жүзүм таланды,
Аш бышымдай болгондо
Боорум! – дешип, боздошуп,
Ичин басып ийилип,
Өрттөндүм – деп, өзөгүм,
Өбөктөшүп өкүрүп,
Жедик кайдан жүзүм – деп,
Жегенине өкүнүп,
Агып көбүк оозунан,
Акылдан кетти канча жан.
Адамдын тери дары – деп,
Көйнөк-дамбал чечишип,
Көңкү аскердин баары – деп,
Алты миң, беш миң адамдар,
Колдо турган көп жандар
Кирдүү көйнөк чечишип,
Жан казанга суу куюп,
Буту терлүү боз балдар
Аягы менен тебелеп,
Напсиң кургур, муну ич! – деп,
Ачууланып жемелеп,
Кесеге куюп сунушуп,
Баарын койбой ичкин – деп,
Маңдайына турушуп.
Ичпей турган кай бирөөн,
Өлөсүң! – деп, урушуп,
Жутуп алып кузушуп,
Сулаганы дагы бар,
Өлдүбү? – деп, тирүүбү,
Талып калган кай бирөөн
Сураганы дагы бар,
Кусуп салып, эс алып,
Кубанганы дагы бар.
Эң шайманы кеткенин,
Өлүмгө жуук жеткенин
Ажыдаар болгон Күйөнүш
Маңдайынан чегишип,

Агып чыккан канынан
Алып келип беришип,
Жүзүм жеген көп киши
Беш жүз он үч кишиден
Дүнүйө салды төрт киши.
Төрт кишиси өлүптүр,
Жаназа окуп көмүптүр,
Ажыдаар болгон Күйөнүш,
Аярлар келип жыйылып,
Алтымышка бөлүптүр,
Аяр болуп Күйөнүш
Азапты арбын көрүптүр.
Кылычтап бөлүп кыймалап,
Канча туурап салса да,
Кайтып болот ажыдаар,
Көрүнбөй элдин көзүнө,
Жакын келбей өзүнө,
Аярдын иши ушу экен,
Күйөнүштүн өз жаны
Кара кур деген куш экен,
Жакындабай жанына,
Жарым таш жерде турчу экен.
Кароолго Камбар барыптыр,
Карап туруп бир кушка,
Айран-азыр калыптыр.
Чыңырган үнү чың жаман,
Бейлесе үнү бек жаман,
Канатын сабап тырпырап,
Каргадай үнү чаркырап,
Азап тарткан Күйөнүш,
Алла канча бөлүнүп,
Карап турса кара куш
Катуу-катуу кыйкырат
Топуракка көмүлүп.
Алла кандай бу куш – деп,
Айгай салган куу куш – деп,
Камбар мылтык алганы,
Кароолго көзүн салганы,
Башын өлчөп эр Камбар
Машаа ирмеди куш үчүн,
Бакырган куш деп ушу үчүн,
Мылтыктын огу жетиптир,
Башын үзүп кетиптир.
Кулак тунду дүңгүрөп,
Бузулгандай көрүндү
Дүнүйө жүзү күңгүрөп.
Жашыл түшкөн немедей
Жаркырады асман-көк,
Жерге түшүп зилзала,
Жер дүбүртү андан көп.
Чакыр-чукур чаң болду,
Кыйын аяр өлдү! – деп,
Кылымдын баары таң болду.
Ажыдаар болгон Күйөнүш,
Анык аяр өлгөн соң,
Ааламга маалим болгон иш,
Күйөнүш өлгөн жери бар,
Кара-Тегин, Алайда
Ушу күндө бир жерде
Күйөнүш – деп, күлдү журт
Айтып жүргөн кеби бар.
Мусулман, каапыр эки журт
Камашып жаткан эли бар,
Башчы болгон тарсага,
Баатыр Шоорук эри бар.
Жүз кырк миң аскер кашында,
Чаталак Каар дегени,
Чабдар качыр ат минген,
Чаап чыгып келгени.
Жаткан кыргыз эл – деди,
Ажалың анык жеткениң
Азыр мага кел! – деди.
Майданда байрак булгады,
Өлөрүң келгин дегенге
Өткүр Сыргак турбады.
Өнөрү болсо көрөйүн,

Өнөрү жок ит болсо,
Өзүн жерге көмөйүн.
Арстан Сыргак күүлөнүп,
Ачууланып сүйлөнүп,
Эр Сыргакта не туруш,
Кызыл атка камчы уруш.
Качырып Сыргак жеткени,
Ошо турган Чаталак,
О да найза неткени.
Чаталактын найзасы
Чарайнага бир тийип,
Чарт үзүлүп кеткени,
Айгайлаган оозу – деп,
Ажал күнүң ушу – деп,
Оозго найза неткени,
Шилисинен коркоюп,
Найза чыгып кеткени,
Чаталак кетти чалкадан,
Анык ажал жеткени,
Чаталагын өлтүрүп,
Чалкасынан салганы,
Майданда Сыргак бакырып,
Баатырың болсо, бат кел! – деп,
Байрак булгап чакырып,
Сырттан Сыргак туруптур,
Кан төгүлөр кези экен,
Каапырды кудай уруптур.
Отуз миң аскер ат койду,
Ат койсо да бат койду,
Ошо күнкү уруштан
Ойбойлошуп жан тойду.
Отуз миңи жабылып,
Ок, мылтыкка камынып,
Туш-тушунан Сыргактын
Душман келип кол салды,
Өлүгүнөн каапырдын
Өткүр Сыргак жол салды.
Миңди көрсө шашпаган,
Миңди көрсө бир өзү
Көп экен – деп качпаган,
Билген ишин баштаган,
Санды көрсө шашпаган,
Санды көрсө бир өзү
Жалгызмын – деп качпаган,
Сундурса найза тартпаган,
Сумсайып жоодон кайтпаган,
Көкказык атты чуратып,
Көсөмдөрдүн кыйласын
Көмө чаап сулатып,
Көтүнөн тозоң буратып,
Эр Сыргак уруш салыптыр,
Эки-үчөөн көмө чапканча,
Эңшерилип көп кыргыз
Эми кирип барыптыр.
Элүү миң аскер акырып,
Жаа Аллалап бакырып,
Ушулар кирди урушка,
Отуз миң келген каапырды
Оюн көздөй жапырды,
Обого чаңын сапырды.
Жүрдүр! – дешип баарысы,
Шоорук кандын аскери
Жүз миңи кирип калышты.
Аларды көрүп акырып,
Найзага желек жапырып,
Акбалта, Жакып карысы,
Арстан Манас баш болуп,
Ак калпак кыргыз баарысы
Ат коюшуп калышты,
Аралашып эки кол,
Арманы жок салышты,
Айбалта, кылыч чабышты.
Ар түрлүү элдин улугу
Арманда Шоорук куруду.
Сакалат менен тарсасы,
Келген экен бул колго

Ынды менен калчасы,
Күн жүрүшү тарабы
Жылкыга таңсык барчасы,
Качыр минген, нар минген,
Төө мингени дагы бар,
Төбөлөшүп көп аскер
Уруш болгон чагы бар.
Кыйгактуу найза, көк түпөк,
Кылымды бузган кырк баатыр,
Кыраан Манас баш болуп
Чуу тартып уруш салганда
Чуңкурларга кан толуп,
Алайдын башы Ала-Бел,
Аралашкан калың эл,
Тууга карап турушуп,
Туу такандап урушуп,
Колтуктун баары чоюлуп,
Колдун баары жоюлуп,
Канаттын баары кайрылып,
Чапандын баары айрылып,
Этектин баары түгөнүп,
Ээрлер сынып үбөлүп,
Эриндин баары кесилип,
Эмчектин баары эзилип,
Тизенин баары сүзүлүп,
Тизгиндин баары үзүлүп,
Мылтыктын баары атылып,
Мыктылардын баарысы
Кызылдай канга батылып,
Кылычтын баары чабылып,
Кыргыз алаш уулуна
Кызык бүгүн табылып,
Найзанын баары чанчылып,
Ажалдуу өлүп, жан чыгып,
Күрсүнүн баары урулуп,
Күнү бүткөн жандары
Денесинен суурулуп.
Төө минген менен нар минген,
Төөгө ишенип урушкан
Төбөндөн тийген кандай эл,
Аттуулар мурун жетишип,
Найза сала кетишип,
Качыр минген кайгырды,
Каруусу аттай боло албай,
Кара жандан айрылды.
Нар мингендер аргытып,
Кайраттанып каргытып,
Алтайдан келген кыргызы,
Арбын экен ырысы,
Арбын эмей неткени,
Качкандарын куткарбай,
Качып берсе жеткирбей,
Каапырларды көп кырды
Жакын ара келтирбей.
Эртеси жок кечинде,
Түш эңкейген кезинде,
Көтөргөнү туу болуп,
Көздүн жашы суу болуп,
Сандыргалуу төрөнүн
Заарына чыдабай,
Шоорук каны баш болуп,
Качып алып жөнөдү.
Ар тушунда бел менен
Ашып алып жөнөдү,
Өлгөнүнөн калганы
Эки-үч бөлөк бөлүнүп,
Шашып алып жөнөдү.
Анжиян, Кашкар арасы
Алайдын башы бел экен,
Ары жагы Таш-Коргон,
Тагырма деген жер экен.
Капчал-капчал коосу бар,
Тар капчыгай тоосу бар,
Калча менен тарсасы
Капчыгайга бой уруп
Качып кирди канчасы.

Аты-тондон кечишип,
Талабына жетишип,
Жылаңайлак-жылаң баш,
Ташка чыгып кетишип.
Үңкүр көрүп тоо-таштан,
Жерге кирген андан көп,
Жийде, жаңгак токойго-
Черге кирген сандан көп.
Тоодо токой бадамы,
Тоого-ташка тыгылды
Шоорук кандын адамы.
Качкан жоосу курусун,
Карап көргүн жумушун,
Алып жүрөт кыргыздар,
Ээси жок аттардын
Бүтүрдү алып жумушун.
Мургапты көздөй бет алып
Каны Шоорук салыптыр,
Үч жүз миң келген аскерден,
Шоорукка жолдош көп элден
Алтымыш миң калыптыр.
Кабандар деген жол менен,
Бузулуп качкан кол менен
Кеймен качып алыптыр,
Алайдын башы Ала-Таш,
Ар жагы Тегин, Кара-Коо,
Ат жүргүсүз улуу тоо,
Ар тараптан ашышып,
Арты түштү душмандын,
Алаш уулу катуу жоо.
Шоорук кандын элинен
Алтымыш миңи кутулуп,
Эки жүз да отуз миң
Жааннамга тутулуп,
Бабаң Манас барында
Басташкандар кутуруп,
Башын жутту, көрүңүз,
Балакетке тутулуп,
Кыргын көрүп, түк калбай,
Самбыла журту бузулуп.
Караламан букара,
Кара-Тегин багытын
Кача турсун калганы,
Кандай болду буларга.
Аларды таштап коюңуз,
Арстан Манас баатырдын
Кабарынан болуңуз.
Сексен төрт киши эр менен,
Көт жагында көп кыргыз,
Алты уруу алаш эл менен,
Артынан келип арбышып,
Эки жүз миң толуптур,
Эки жүз миңден артыгы
Он тогуз миң болуптур.
Кабак-Арт, Сар-Кол, Ыдыраң,
Ардалык аяр баш болуп,
Аякты көздөй кыдырган.
Чагааны деген бел ашып,
Таз-Кыйыр деген жер басып,
Аяр Ырдык, Чүкүрүк,
Он тогуз миң кол менен,
Алар барсын жол менен.
Кара-Тегин тоо менен,
Капчыгай терең коо менен
Бош калган атын алышып,
Болжолдоп жолго салышып
Бара турсун алаштар.
Шоорук кандын артында
Жүз миң аскер кол менен,
Жүргөн баатыр Манас бар.
Эки күн, бир түн качыптыр,
Энтелеп жаман шашыптыр.
Шоорук барды жерине,
Аныктап кабар сала албай
Өз караган элине.
Кылчайбай кыргыз калыкка,

Үркүп качып кетүүгө
Бадакшан, Маймун, Балыкка,
Самбыла шаар, Таш-Котон,
Үмүтүн үзүп ошондон,
Уруштан качып бошонгон,
Тагырмадан кечүүгө,
Бадакшан, Балык, Маймунга
Барып кирип кетүүгө,
Чөлү Дөбөт багыты,
Башкы журту Шооруктун
Тарса, калча, маңгыты,
Барган жерден дарбытты,
Түбү түрк, кыргыз – деп,
Түк ырайым кылгыс – деп,
Кара кыргыз эл келет,
Киши экен – деп, ойлобо,
Аккан дайра сел келет.
Бири миңден коркпогон,
Баатырды көрүп келдим – деп,
Баш кесүүдөн сезбеген,
Каапырды көрүп келдим – деп,
Караанын көрсөң өлөсүң,
Кача көргүн элим – деп,
Кууган Манас баатырдан
Куруп калган Шоорук кан,
Жарым күн мурун барыптыр,
Жар чакыртып туш-тушка,
Калкына кабар салыптыр,
Ую, төөсүн айдашып,
Убарага калыптыр.
Качыр менен эшегин,
Кайда – деп, жоктоп эсебин,
Узун куйрук кою бар,
Эки-үч күндө келер – деп,
Камданып, качар ою бар.
Таң атканда Шоорук кан,
Калкы үркүп дооруккан,
Ордосуна барыптыр,
Ойбоюн айтып салыптыр,
Шашкеге калбай эр Манас
Шатырап кирип барыптыр.
Кырдагысы кызыл уук,
Козголо элек кезинде
Кыйкырып кыргыз жакын-жуук,
Байлаган бойдон мал калды,
Баштыкта бойдон дан калды,
Базардагы тооктой
Байпаңдаган чал калды.
Барабаны күңгүрөп,
Добул согуп дүңгүрөп,
Ак асаба, кызыл туу,
Айгайлаган ызы-чуу,
Көк асаба, кызыл туу,
Көк жаңырган улуу чуу
Барып калган көтүнөн
Көңкү кыргыз колу бу.
Алты, бештен жылкысын
Айдап кырдан үркүтүп,
Тийип жүргөн дагы бар,
Алтындуу тон дейилде
Алып куржун ичинен,
Кийип жүргөн дагы бар,
Отордо тамын оодарып,
Кирип жүргөн дагы бар,
Ноктолуу атын карматып,
Минип жүргөн дагы бар,
Оодара тартып куржунун,
Ушунда асыл бул бар – деп,
Тилип жүргөн дагы бар,
Казып жерге катканын,
Как ушу жерде бул бар – деп
Билип жүргөн дагы бар.
Саймалуу саадак, бото кур
Жарашар – деп белиме,
Алып жүргөн дагы бар.
КаптАлла калды катыны,

Кармап минди кыргыздар
Ишенген жалгыз атыны.
Шоорук кан өзү чабылды,
Бай-байлашып маңгыты,
Журт кимге айтар датыны,
Бакырып калды балдары,
Баспай калды чалдары.
Төгүлүп калды туздары,
Кыяда калды кыздары,
Катылам – деп, кыргызга
Маңгыт менен тарсанын
Баарынын сөөгү сыздады.
Маaратып айдап койлорун,
Барсылдатып токмоктоп,
Басып жүргөн бойлорун,
Мөөрөтүп айдап уйларын,
Бөлүп-бөлүп буларын,
Кара жандан түңүлтүп
Кара кийген тулдарын,
Маңгыт менен калчанын
Кара кыргыз таратып
Как ушинтип дулбаарын,
Мындан кыргыз өтүштү,
Аяк жагы чабуулдун
Бийшабурга кетишти.
Коросон жолун кол алды,
Шоорук кандын элине
Кордук ишти зор салды.
Дөбөттүн жолун байлады,
Дөөгүрсүгөн кыйынын
Төгүп канын жайлады.
Башы Кенжут, Даң-Дуңду,
Басып Эркеч, Чиени,
Орто шаар Отурук,
Аяк-башы айчылык
Алаш уулу аскерин
Арстан Манас толтуруп,
Самбыласын сапырып,
Саркердесин сап кылып,
Таш-Котонун талкалап,
Качып тоого кан Шоорук,
Кара жанын калкалап,
Аламандап алаштар,
Ордосунда Шооруктун
Арстан төрө Манас бар,
Төөдөн тандап лөк алып,
Төгүп канын тажиктин,
Төрт түлүк малын көп алып,
Айрыдан тандап нар алып,
Алтындан тандап зар алып.
Минип көлүк жорго алып,
Миң дилделик торко алып,
Минтип жүргөн дагы бар,
Казып алып катканын,
Эски тамын оодарып
Тинтип жүргөн дагы бар,
Кайгыланып кан Шоорук,
Тоодо жаткан чагы бар:
«Агар суусу аз болгон,
Айласыз жерим таш болгон,
Ар түрлүү журттан баш болгон,
Маңгут менен калча бар,
Башка уруудан канча бар,
Тагырмалык тарса бар,
Ынды менен маймун бар,
Катылып кара кыргызга
Как өзүмдө айыбым бар.
Шоокун кыпчак азы бар,
Каңгайлык калмак башы бар,
Кыргыздан бар жедигер,
Кырып кыргыз салган соң,
Кыйырым кайдан жетилер.
Босек менен шаңгай бар,
Ойрон кылды баарысын,
Оңолгончо далай бар.
Бузулуп кетип кандыгым,

Мурунтадан ойлонбой,
Мындай иши барлыгын,
Өкүмсүп туруп өрттөндүм,
Кыйынсып туруп кырылдым,
Олжосу болдум кылымдын,
Катыларга катылбай,
Кадемим мындай катарбы ай!
Кабылан жолго жатарбы ай,
Жолугарга жолукпай,
Жолум мындай катарбы ай!
Бу түгөнгөн кыргыз түрк уулу,
Түк билбеймин мен муну.
Кытайдан качкан кыпчык – деп,
Маңгулдан качкан байкуш – деп,
Байкабай барып кол салдым,
Кол салбай куруп калсамчы,
Балакетке чоң калдым.
Калкыма кылдым залалды,
Катын-бала таланды.
Элиме кылдым залалды,
Эр-азамат калбады.
Күн чыгышта Кумулду,
Кумул деген калаа – деп,
Ал Кулумдун атагы
Араң бизге угулду.
Баш алып качып келди – деп,
Барып буга катылдым,
Манас деген бу кыргыз
Баарын алган шекилдүү.
Шымал жагы Кара-Мор,
Кара кыргыз алашка
Кабат келген бу бир доор,
Аңдабай барып асылып,
Кайнаган экен менде шор.
Эдил, Жайык эки суу,
Алаштын аяк жагы бу,
Арал Көл менен Сырыны
Алып болуп бир жолу,
Андан кийин салыптыр
Алооке канга чырыны,
Аңдабай туруп катылып,
Абыдан айттым сырымды,
Жарашпасам жалынып,
Элимден койбойт ырымды,
Эрлик менен бу кыргыз
Алган экен кылымды,
Аркама азыр жиберди
Жанымдагы кынымды,
Жайын билбей катылып,
Жалпы журтум кырылды.
Жетим уул, тул катын,
Эми жаным аябай,
Элимдин кылып урматын,
Өзүнө барып жыгылып,
Өлтүрбө! – деп, сыйынып,
Кыл деген ишин кылайын,
Канкор Манас баатырга
Карап берип тынайын.
Калкым кетти чачылып,
Калды пардам ачылып,
Күн батыш жаккы четимде
Кара кыргыз баласы
Катаган деген бирөө бар,
Дагы турар асылып,
Кундуз, Талкан жери бар,
Бет алып кирсе соо койбос,
Беш уруу кыргыз эли бар,
Бербердигер жар берген
Берен Кошой эри бар,
Бекер турам дегеним
Меники кайдан эби бар.
Кызыл муштум балдарды,
Кырдырбайын калганын
Кызыл ээк чалдарды.
Эмгектеген жашы бар,
Эндиреп калган башы бар,

Эңкейип калган кары бар,
Кыйылбай карап бербесем,
Кылар иши дагы бар!»
Ойлонуп аны Шоорук кан,
Оболу барып катылып,
Ойрону чыкты канча жан.
Муну ойлоду Шоорук кан,
Мурунтадан ойлонбой,
Мурдар болду канча жан.
Толгон журту кырылып,
Өлгөнүнөн калганы
Тоз-тоз болуп качыптыр
Тоого-ташка жыйылып,
Кыз баштап тартуу барайын
Кырбагын – деп, сыйынып.
Көрүндү дүйнө көзүнө,
Көсөмсүгөн кан Шоорук
Эми келди эсине,
Бармак болду тартуу алып,
Эр Манастын өзүнө,
Ордодо жүргөн отуз кыз,
Окуп жеткен, баары да уз,
Кыйбат баа кийгизип,
Кылтылдаган жорго аттан
Отуз бедөө мингизип,
Жасап кыздын баарысын,
Таштады Шоорук намысын,
Өз баласы Акылай,
Ойлонсоң кара жан кыйын,
Ошону баштап алышын.
Он алты жарым жашы бар,
Олоңдой кара чачы бар,
Тоораттын илими
Алты тайпа журтунан
Арткан экен билими.
Тал чыбыктай бою бар,
Салтанатын коюп сал,
Кашы кара кыйылган,
Каңга ылайык бу бир жан,
Көзү кара коюлган,
Көргөндүн көөнү тоюнган,
Ар мүнөзү бир башка,
Ак тасмадай чоюлган.
Тиши байман күрүчтөй,
Өң шоошагы, сыпаты
Зымга тарткан күмүштөй,
Ачык кабак, жатык сөз,
Кобуш муун, марал көз.
Алма моюн, түймө баш,
Кепичинин такасы
Жаркыраган жакут таш.
Шоорук шондо кеп айтып:
«Акылай балам – деп, айтып,
Башында балам кой – дедиң,
Байкабай туруп бок жедим.
Урушпа ата, кой – дедиң,
Угуп туруп, бок жедим.
Тилиңди балам албадым,
Тигилди капка арманым,
Тим кетти, балам, дарманым,
Жаным тирүү калса – деп,
Тилендим да, зарландым.
Нуркталып калган эл экен,
Ушу күндө бу кыргыз
Урушка туулган неме экен.
Түптөлүп калган эл экен,
Түк качпаган өлүмдөн,
Дүмөккө туулган неме экен.
Башы Кумул, Бээжинде,
Аяк жагы төмөнкү
Арал көлдүн жээгинде,
Кыямы жатыр төмөнкү
Кабылыстан жеринде.
Алсаң, балам, кебимди
Тартуу кылып барсам – деп,
Таап турам эбиңди.

Ат уяты сатуу – деп,
Кыйладан угуп жүргөмүн
Кыз уяты тартуу – деп.
Айтканда тилим алсаң – дейм,
Атакеңди өлүмдөн
Ажыратып калсаң – дейм.
Каалаган атың миниңиз,
Кайышканым билиңиз,
Тандаган тонуң кийиңиз,
Табытта турам билиңиз,
Тартуу тартып багынып,
Жан аргасын кылбасак,
Аман калбас барибиз!»
Муну айтты Шоорук кызына,
Кыз сүйлөдү тышына:
«Өкүнбө өткөн ишиңе,
Өкүнүчтүү ажал келгендир
Өлгөн далай кишиңе.
Тандоо менен ат минип,
Талап менен тон кийип,
Байытат белем кыргызды,
Башында сизди тийгизип,
Бар ишти кудай кылгызды,
Байкабастан катылып,
Башында сизди тер кысты».
Алты күн мурун Акылай
Айтыптыр кебин кызына
Теңтуштардын өзүнө,
Акыры кудай жеткирди
Өзүнүн айткан сөзүнө.
Так өзүмдү алып барып
Тартуу кылса канына,
Болор элем көп себеп
Далай элдин жанына.
Тикилдеген катын – деп,
Тилегиң курган каапыр – деп,
Айганыш деген жеңеси
Андай сөздү дебечи,
Кызды кагып салыптыр,
Каткырышып кыз күлүп,
Кысынышып алыптыр,
Жетинчи күндө Шоорук кан,
Жандан чочуп дооруккан,
Куп угузуп кызынын
Кулагына салыптыр.
Сегизинчи күнүндө
Кырк бир кызыл нар менен,
Кырк көмүркөй зар менен,
Чабындыдан кутулган
Алты жүз айдап мал менен,
Отуз бир сулуу кыз менен,
Нан көтөрүп, туз менен
Астына барды каныңыз.
Бакчага тигип көк чатыр,
Жаңыдан келип Манаска
Бабылга барган көй баатыр
Бабырашып олтурган,
Жайын айтып уруштун,
Жабырашып олтурган.
Ушинтип турган кезекте,
Узун сакал, саз өңдүү,
Устуканы баашадай,
Алтымыш нөкөр кашында,
Алтындуу таажы башында,
Эми келди Шоорук кан,
Элүү сегиз жашында,
Бото куру мойнунда,
Эки колу боорунда,
Жаш төгүлгөн койнуна:
«Болдум душман сизге – деп,
Каар салдыңбизге – деп,
Арстан Манас баламсың
Ата жолун изде – деп.
Кылар болсоңтез кылгын,
Эртерээк ишиңиштеп – деп.
Тартып келдим кызымды,

Жалынып жаным сурайын,
Жалпы журтум кысылды.
Жан билбеген сырымды,
Салдым сага чырымды,
Жайыңды билбей катылып,
Далай журтум кырылды.
Өзүң билгин, эр Манас,
Ырайым бизге кыларды,
Өчөшсөң өзүм да билдим
Өнгөктөтүп кырарды.
Боздоторсуң элимди,
Бошоторсуң жеримди,
Салсаң бизге каарыңды
Талкалаарсың шаарымды.
Жоготорсуң барымды,
Жоботорсуң карымды,
Жол кыларсың шаарымды.
Алакандай Самбыла
Азыр да аман калган жок,
Арстандын бирисиң,
Айтканыңда жалган жок.
Чабамын – деп камындым,
Аскер алып үч жүз миң,
Алайыңа жабылдым,
Алдырып коюп өзүңө,
Жан соога! – деп, сабылдым,
Арзан – деп, барып тием – деп,
Арстанга катылып,
Акылымдан жаңылдым.
Мурун бардым урушка,
Урушпай ушалансамчы,
Отуз төрт күнү кармалдым
Мургаптын башы бурушка,
Күн чыгыш жагы Мургаптын
Күбөктүн коосун өрдөдүм,
Ардыгым Ала-Тоодон чоң,
Ажалы жоктон өлбөдүм,
Акыр аргам кеткенден,
Акылай балам баш кылып,
Астыңа тартуу жөнөдүм».
Айтты Шоорук мудаасын,
Арстан Манас баатырдын
Адам билбес мүнөзүн,
Кылая багып күлбөгөн,
Күлгөндүн сырын билбеген,
Күңгүрөнө сүйлөгөн,
Күлпөңү арткан дүйнөдөн,
Каалгадай кашка тиш,
Калайыктан башка тиш,
Кашкайып чыгып алыптыр,
Абакеси Бакайга
Арстан эр көзүн салыптыр,
Абаке, бу сөз кандай? – деп,
Арсаңдап күлүп калыптыр.
«Ачууңдан, аба, жаныңыз,
Астыңа келди каныңыз,
Каныңдын обол олжосу
Ак динине салыңыз.
Жүрсөңүз тирүү табылар
Дүнүйөлүк малыңыз,
Кан башы болсо көпүрө,
Капилет аттап өтпө – деп,
Кан Дүбүрө өлгөндө
Өзүңүз айтып салдыңыз.
Ошого окшош кан экен,
Өзүңүзгө сыйынып,
Өтүнүп келген жан экен,
Айтканын азыр кылыңыз
Не мүдөөсү бар экен,
Айдап келген астыңа
Алты жүз кара мал экен,
Кырк төөдө жүгү бар экен,
Кызы отуз бир бар экен,
Отуз кыздан бирди алып,
Оңдур, аба, жаныңды,
Астыңа мынча келген соң

Оңуна салгын каныңды».
Ал сөздү айтып салганы,
Ушундай болсо макул – деп,
Орчун жыйын көпчүлүк
Оң сөз – дешип калганы,
Ордоңузга киргин – деп,
Оболунда Шооруктун
Өзүн баштап барганы.
Шоорук кирди сарайга,
Шоораты кетти далайга,
Тартуу келген кыздарды,
Таттуу болду сөздөрү,
Таңдаганга бу кыздар
Өзү каалап тийсин – деп,
Тандасын – деп, өздөрү,
Кыргыздар күлүп кыткырып,
Казактар күлүп каткырып,
Ортого коюп кыздарды,
Бирден каалап тийгин – деп,
Көңкү турган көпчүлүк
Кыздын өзүн кыстады.
Ойрот журт турду жардашып,
Ортодогу отуз кыз
Көпчүлүккө көз салып,
Кыдырата карашып,
Кыздар карап тек турду,
Каалагын! – деп, бир-бирин,
Сен каалагын – деп, турду.
Кыргыздын баары кыйкырып,
Мейли кары, мейли жаш,
Бейбак кыздар көзүңдү ач,
Самап турган силерди
Кара кыргыз эл болот,
Кайсы бирин кааласаң,
Кармаганьщ эр болот.
Ортого коюп кыздарды,
Ондонушуп бойлорун,
Мени кармаар бекен – деп,
Оодарып кызга ойлорун,
Кырдап кийип бөрктөрүн,
Кыз үчүн оңдоп көрктөрүн,
Сай кашканын баарысы,
Жашы менен карысы,
Сакал-мурут тарашып,
Жардап кызга карашып,
Тамаша сөзүн айтышып,
Жамандыктан кайтышып,
Көзүн кызга салышып,
Көркүн оңдоп кай бирөө,
Көрөр бекен мени – деп,
Көбүрөөк сүйлөп калышып,
Курчап турду кужулдап,
Кайсы бирөө урушуп,
Сен илгери турдуң – деп,
Ачуусу келип куучуңдап.
Ортодо кыздар турушуп,
Деги койбой алат – деп,
Тийүүгө моюн сунушуп,
Кара турат, кан турат,
Каалайт экен бизди – деп,
Канча түрдүү жан турат.
Уругу кыргыз эл экен,
Улугу Манас эр экен,
Эркибизге койгону,
Кааламак бизге эп экен,
Камалып турдук канчалык,
Каалаганың карма – деп,
Кыздын баары кысылып,
Ырас, коркуп кай бирөө,
Ырандары бузулуп,
Эсиң чыккан урган – деп,
Бирин бири шыбырап,
Ыйлаганын тим тур – деп,
Эриндери кыбырап,
Ботодой көзү жоодурап,
Болоттой чачы шоодурап,

Сүйгөнүңдү карма – деп,
Астыртадан кобурап.
Шуптуусу көзүн салышып,
Сумсайышып алышып,
Эстүүлөрү элдиреп,
Эмине күнгө келдик – деп,
Эне-атадан айрылып,
Эрге тийип өлдүк – деп,
Эгем башка салган соң,
Не да болсо көрдүк – деп.
Шуптуусу күлкү башташып,
Момуну көзүн жашташып,
Кичүүсү айтып улуусун:
Кишиден башка бою узун,
Каалоого болбой камалып,
Ушу киши болбой курусун!
Улуусу айтып кичүүсүн:
Кысылбай барып кармай кой
Кыргыздын кыйын кишисин.
Кыйпыңдайсың, бейбак – деп,
Кыздын баары кысылды,
Төр боюнан сызылды,
Кырка турган көп колду,
Кыздарга кызмат көп болду,
Кыз карабай көп колду,
Кыз уялып карабай,
Караганга жарабай,
Эстери чыгып элдиреп,
Эмгекке кандай келдик – деп,
Карадык кыргыз калкын – деп,
Баарысынын билбейбиз
Ким экенин, атын – деп,
Жашынан кармап тийсекпи.
Жабыраган катын – деп,
Аядил айтып салыптыр,
Жакасынан тону – деп,
Астыңкы тандоо биз эмес,
Акылайдын жолу – деп,
Аядил аттуу бир кызы
Айтып салды мындай кеп.
Шооруктун кызы Акылай,
Шоодураган каапыр ай,
Короз моюн, аппак эт,
Койкоңдогон кара бет,
Карагат көздүү, кардай эт,
Кашкаңдаган кара бет.
Болгон бизге керим – деп,
Болсун Манас эрим – деп,
Кыздардан чыгып бөлүнүп,
Кыргоолдой мойну көрүнүп,
Сунала басып суйкайып
Суу чыбыктай буралып,
Султан эрге бет алып,
Манасты башта көргөндөй,
Барып-келип көнгөндөй
Баатырдын барды кашына,
Кыз да болсо Акылай
Конду дөөлөт башына.
Тегин тапты теги – деп,
Келди мунун эби – деп,
Акылай мурда каалады,
Артыкпызбы андан – деп,
Алиги турган отуз кыз
Бирден-бирден кармады,
Карап турган көпчүлүк
Каткырыгы баш жарып,
Катуу күлүп калышып,
Мыктысып туруп алдың – деп,
Кыйын да болсоң бу сапар
Кыздан куру калдың – деп,
Шылдыңдашып калышып,
Кыз тийбеген алсын – деп,
Кырк төөдөгү алтынды
Кыргыздарга бөлүшүп,
Кыраан Манас барында
Кызыкты мындай көрүшүп.

Арстан Манас баатырың
Акылай сулуу алганы,
Отуз кыз барып кыргыздан
Отуз жигит кармады,
Ол кездеги алаштын
Калды бекен арманы!
Шооруктун кызы Акылай,
Сонун экен каапырай.
Кызматын кылып баатырды,
Айтпаса да билесиз,
Арстан Манас баатырың
Мүдөөнө жетти акыры.
Ар тарапка бет алып
Алтымыш киши чаптырды,
Аскердеги алашты
Баары мында келсин – деп,
Самбылага чакырды.
Калкка кабар салдырды,
Абунасыр заманды,
Мурда барып туруптур,
Мерийгаптан алдырды.
Мусулмандан аз экен,
Муртыр эли көп экен,
Баарын динге салдырды.
Тарса динден Шоорукту
Исламга салдырды,
Келме келип тилине,
Ыйман кирип дилине,
Болду Шоорук мусулман,
Мурунтадан мынча журт
Билбей динден бузулган.
Бир жумадан, бир жума
Той баштады жупжуда.
Ат, кунанды чаптырып,
Тажик менен тарсаны
Текши баарын чакырып,
Буттун баарын сындырып,
Муртактыктан тындырып,
Бутканасын алдырып,
Бутмананын ордуна
Медресе салдырып,
Аземдүү мечит кылдырып,
Арстан эрдин барында
Алаштын көөнүн тындырып,
Балбан, сайыш, көк бөрү,
Бар өнөрүн кылдырып,
Отуз күн оюн салышты,
Калчалардын канчасы
Динге кирбей калышты.
Абунасыр заманды
Аңдап көрдү аларды,
Кыраан Манас ойлонду
Динге кирбей койду – деп,
Баарын кырып саларды.
Кырууга кылыч бүлөдү,
Кайнатасы кан Шоорук,
Касиети артык Айкожо
Кырбаңыз – деп, тиледи.
Сурап канын алганы,
Абунасыр кожоңуз
Кайда жүрсөң кул бол – деп,
Каргыш берип салганы.
Кайда болсо бул дешет,
Каапырынан калчанын
Колго тийсе кул дешет.
Адам уулу болгону
Азып журттан койгону,
Ар кылымга тарабайт,
Ар канча азып кетсе да,
Кул дегенге жарабайт.
Динден калган калчасы
Ар тайпа калкка барса да,
Ай, кул – деп, айтат канчасы.
Такка Шоорук олтурду,
Бир ай деген отуз күн,
Кызыкты кыргыз болтурду.

Кызын алып, жарашып,
Кырк күн тамам өткөн соң
Кыргыздын баары тарашып,
Кабылан Манас баатыры
Анжиянга бет алып
Аман келди акыры.
Жануп журтун бет алып
Казатка Манас кетиптир,
Уруш-талаш, барышы
Так төрт айга жетиптир.
Согуш салып Шоорукка,
Ал кезекте алаштар
Токтолбогон доорукка,
Чоң үйдүн баары калыптыр
Анжиянга оорукка.
Аягы Ысар, Көлөптө,
Арасы Арсы, Жөлөктө,
Өрүш толуп мал калган,
Өбөктөгөн чал калган,
Өңкөй аял жан калган,
Көңүлдөнүп көчүүгө
Эр Алооке кан калган.
Анжиян болуп калаасы,
Алооке кандын баласы,
Атын койгон Коң төрө,
Кытайга кыйын чоң төрө.
Он үч жашка жетиптир,
Бээжинде жакын тууганы,
Беш жыл анда кетиптир,
Окушун билип кытайдын,
Он сегиз жашка жетиптир.
Динге кирсек көнөбүз,
Динге кир – деп бул Манас
Катуу кармайт бир күнү,
Айтканына көнбөсөк,
Ажалдан мурун өлөбүз.
Аны ойлоп калмагы
Асталап көчүп алганы.
Ала-Тоолуу Тянь-Шань
Аралап өтүп канча жан,
Асты бири калбаптыр
Алооке күткөн калмактан.
Ким чыдайт – деп, кыргызга,
Асты кирип барыптыр
Аманат-Көл, Жылдызга.
Кытайдан калбай кылкылдап,
Кыргыз кырып салат – деп,
Араба менен былкылдап,
Кербен болуп чубашып,
Кебирлешип чуулашып,
Алтай ээн калды – деп,
Анжиянды, Нааманды
Ант урган кыргыз алды – деп,
Алооке берип уруксат,
Адамы чыгып жолго узап,
Көчкөндөрү көчүшүп,
Көчөбүз – деп баарыбыз
Көөрүктөн чубап өтүшүп.
Эки ай жарым жол жүрүп,
Элинен азды сүйрөлүп,
Аңгире, Амур жетишип,
Эл бузулуп калыптыр,
Аркасында элинин
Аста бирден жөнөтүп,
Алооке жатып алыптыр.
Он сегизде Коң төрө,
Дуңша деген Бээжинде
А да кыйла чоң төрө,
Анын уулу Кур экен,
Коң бай мындан барганы
Кызматында туру экен.
Коң дегени өз аты,
Бай дегени амалы,
Курду кошуп алганы.
Анжиянда Алооке
Көчүп чыгып калганы,

Эки таш жерге барыптыр,
Алооке конуп алыптыр,
Коң бай менен Кур экөө
Конгондо келип калыптыр.
Жолдогу элди көргөндө
Жобоп келди эр Коңур,
Көчкөн элди көргөндө
Көп кейиди Коң байы,
Анжиянда түк калбай,
Качкан экен далайы.
Калган экен кытайдын
Карк алтын далай сарайы,
Аңдап көрсө Коң байы
Басыптыр кыргыз далайды.
Сайылган бойдон бак калып,
Курулган бойдон так калып,
Тигилген бойдон тал калып,
Салынган бойдон там калып,
Заңгыраптыр сарайы,
Сапырылып жатыптыр
Кытай, маңгул далайы.
Беш жылдан бери көрбөгөн,
Бээжинге кетип жөнөгөн,
Кур баласын ээрчитип
Дуңша аттуу төрөнүн,
Алооке менен катыны
Келген кенже, балам – деп,
Өбүүгө барды акыры,
Өппөй өлүп калгын! – деп,
Кол силкип Коңбай каапыры,
Жакындатпай энесин,
Жаман көрүп атасын:
«Өлбөй тирүү калыпсың,
Өрттөнүүчү калыксың.
Атаң тапкан Баргана,
Атпай кытай эл кана?
Наамандык бүтүн караган,
Туңша кытай уругу
Суң кытай кайда тараган?
Манжурия, тыргооттун
Баарын кайда жоготтуң?
Кара калмак калкыны,
Билбепсиң элдин баркыны,
Барганадан көчүрүп,
Кетирипсиң тарпыны.
Кыргызга кыргын салбайсың,
Кытайга элди сүйрөбөй,
Кырылып неге калбайсың?!
Казакка каран салбайсың,
Каңгайга калкты сүргөнчө,
Кара жер кучуп калбайсың,
Кармашпай калкты көчүрүп,
Атаке, өзүң кандайсың?
Алаштын билип уругун,
Анжиян эле туругуң,
Ушу кылган ишиңе
Айран болуп турумун.
Бээжинде кытай уругуң,
Бу жерде жатып, атаке,
Кимден коркуп курудуң?
Белде турган мал көрдүм,
Меңкээрип калган чал көрдүм,
Маарап жүргөн кой көрдүм,
Басып жүргөн бой көрдүм,
Боздоп жүргөн төө көрдүм,
Бозоруп жүргөн жөө көрдүм,
Кишинеп жүргөн бээ көрдүм,
Кимден корктуң, айтыңыз,
Эл бүлдүрүп не көрдүң?
Өңкөй кытай кеттиби,
Өз жериң Бээжин барган соң
Өлбөскө көзүң жеттиби?
Алтайга айылың кеттиби,
Алтайдан өтүп барган соң
Азбаска көзүң жеттиби?
Угууга жакшы кеп бекен,

Ушу сага эп бекен?!
Кылымга калган атагың,
Кайсы жерде бар эле
Кыргызга салган чатагың?
Калганга жаман атагың,
Кайсы жерде бар эле
Казакка салган чатагың?
Алаштан адам качарбы,
Арбак мындай атарбы,
Анжиянда, Нааманда
Алаш уулу жатарбы.
Кызылдай дүйнө чачарбы,
Кыргыздан кытай качарбы,
Азезил мындай атарбы,
Азапка журтуң батарбы,
Журттун көрдүм азабын,
Жураатка калар мазагың.
Наамандан көчүп келдик – деп,
Азып жүргөн эл көрдүм,
Аркы-терки чубашып,
Басып жүргөн эл көрдүм,
Ачкасына чыдабай,
Тарбыгындын ийинин
Казып жүргөн эл көрдүм.
Акылынан адашып,
Шашып жүргөн эл көрдүм,
Ач белесте көчтөрүн
Ташып жүргөн эл көрдүм,
Наамандан качып ашыгып,
Алооке атам не көрдүң?
Жолоочу кетип жободум,
Жоомартсыган чантууга
Жолгошпой нечен жоголдуң?
Окушка кетип оюлдум,
Элден-жерден тоюндуң,
Бээжинди көздөй салганың,
Бу жерден көчүп калганың,
Менменсиген чантууга
Бет алышпай калганым
Мээнеттүү менин арманым!
Өзүм болсом бул жерде
Өлүшпөйт белем чантууга,
Жумшакты чайнап жутуптур,
Тиши тийбей катууга,
Эми амал-айла жок
Эл кетип, мында жатууга.
Намыстанды Коңбайы,
Айран болду сөзүнө
Турган кытай далайы.
Атаке, сага нетти? – деп,
Не балаа болуп кетти? – деп,
Кидирбестен көчүпсүз,
Ким түбүңө жетти? – деп,
Коңбай айтып турганы.
Кур бала туруп кеп айтат,
Куру сөздөн не чыгат,
Аңдаңарчы – деп, айтат.
Алтайга кеткен адамга,
Амурга барган көп жанга
Бээжин андан дагы алыс,
Бу жерден кабар салабыз,
Урушсак жеңип чантууну
Көз жетерби аларга,
Алган болсок чантууну
Асты Амурдан, Кумулдан
Кайта тартып каларбыз.
Басып алып маңгытты,
Бардашпай туруп чантууга
Бар журтун кандай каңгытты?
Коңбай болуп, Кур болуп
Койгулашып чантууга
Өлүп берип алдырбай,
Өкүмсүп келген чантууга
Өлтүрүп өчтү кандырбай,
Анжиянга киргизбей
Акимсип келген бу кедей

Арманы жок салышпай,
Айдап элди көчүпсүз
Акыл айтып билгизбей,
Атышып жатып бир жолу
Арга кетсе киргизбей.
Аны айтып Куру токтолду,
Элди кайра токтот – деп,
Эр Коң төрө октолду.
Байкап бала сөздөрүн,
Алооке анда токтолду.
Алооке акыл ойлонуп,
Ары-бери толгонуп:
«Кылайтпай кырып салгандай
Кыргыз арзан көрүнбөйт,
Айдап койдой кыргыдай
Алаш арзан көрүнбөйт,
Айтасың, балам, мыктылык,
Касташканды соо койбос,
Манас арзан көрүнбөйт.
Буруттун жери Нааманды
Мурунку атаң алганы,
Бу сөздүн жок жалганы,
Атамдын жерин бергин – деп,
Алтайлык келип калганы.
Чантуунун жери Нааманды
Башкы атаң келип алганы,
Атамдан калган Түркстан,
Азыр бер – деп, өзүмө
Алаш түйшүк салганы,
Артыкча доолап асылып
Манас келип калганы.
Көрүп-билди, бабаң – деп,
Көтөрүлө сүйлөйсүң,
Көпкөнсүң белем, балам – деп,
Кыжылдап келген кыргызды
Арзансыткан оюңуз,
Нааман жери Түркстан
Чантуунун жери, коюңуз,
Манасы тирүү бар турса,
Пааң эли Бээжинде
Болор деймин тоюңуз.
Түгүң калбай кырылып
Түркстандын жеринде,
Түткөнүңдү көрөмүн
Түмөн кытай элинде,
Сүрүшпөй калар неме эмес
Түп Бээжиндин жеринде.
Бээжинге барбас эл болсо,
Мен бу жерден кетип не кылам.
Каканга барбас калк болсо,
Качып-көчүп не кылам?!
Бет албай буга жоо калбас,
Белин ашпай тоо калбас,
Бекерге, балам, эрсинбе,
Бээжин да мындан соо калбас!
Кайта албай буга жоо калбас,
Кайкысын ашпай тоо калбас,
Кара күчкө, балам, эрсинбе,
Какан да мындан соо калбас!
Лайламалуудан
Ырысы жок кара жан
Айрылууга көз жетип,
Кыямат күнү дозокко
Кайрылууга көз жетип
Көчүп барам өзүм – деп,
Көкүрөгүң өргө айдап,
Көөсөрлүк айткан сөзүң – деп,
Бул Манастын барында
Бузукту кыйла көрөрсүң
Бурта Бээжин шаарында.
Түгөнгөн чантуу барында
Түтө албас бенде каарына,
Дүмөгүн кыйла көрөрсүң
Түп Бээжиндин шаарында.
Жалгыз кытай сен эмес,
Жанында жаткан мен эмес,

Алганын аңдап угарсың,
Айран болуп турарсың.
Бир жыл бүтүн карк толду
Анжиянга жеткени,
Төрт ай тамам бүт болду
Тарса жакка кеткени.
Ынды менен Сакалат,
Үстүнө барды, аны алат.
Тарса менен калчаны,
Тасырайтып алгандыр
Ушу күндө канчаны.
Кара моор көлү бар,
Каапырдын өскөн кени бар,
Калың орус эли бар,
Калбайт мындан аман – деп,
Калктын айткан кеби бар.
Эрен журту кызылбаш,
Эстеп Манас мүнөзүн
Тарабады боюма,
Ичиме турбайт ичкен аш,
Курчтук кылып кутурба,
Өкүмсүнбө, башың жаш.
Бейкарар сөздү сөздөп ал,
Бел кубатың толгондо
Бу жерде дебей Манасты
Бээжиниңден көздөп ал.
Бедөөнүн жалын өрүп ал,
Бейкапар сөздү мага айтпай,
Беттешем десең Манаска
Бээжиниңден көрүп ал.
Айттым муну мен – деди,
Аяганым сен – деди,
Нааманга Бээжин алты айлык,
Арасы кыйла жер – деди,
Кармашам десең Манаска
Камыңды кыла бер – деди.
Капкалуу Бээжин калаасы,
Кара жаны бар болсо,
Кара кыргыз баласы,
Каарын көрбөй бир калбас
Кайнаган Кабыл баласы.
Кишиңдин көбүн мактагын,
Мен Манасты көргөндө
Кирүүгө жерим таппадым,
Киши болсоң сен балам,
Кийинге күчүң сактагын.
Элиңе бар да эрегиш,
Эзелден Нааман жер эмес,
Нааманда туруп асылсак,
Эсен коёр неме эмес.
Түркстан бизге жер эмес,
Түмөн кытай эл эмес,
Сүрүшө кетсек бул жерде
Түгүңдү коёр неме эмес.
Алыңа карай ойногун,
Акылың менен ойлогун,
Атам тең – деп, асылып,
Арам өлүм болбогун.
Атаңдын көзүн ойбогун,
Ак сакал болгон Алооке
Арманда кылып койбогун,
Акылың болсо, сен балам,
Ал жетер жоого ойногун.
Адамым көп деп мактангын,
Наамандын журтун баштадым,
Артыңды ойлоп сактагын,
Арстан эрди көргөндө
Алапайым таппадым,
Бу жерде турсам оңбосту
Мен боюма чактадым,
Бекер кыргын болбоско
Бээжиндикти саптадым,
Бели катуу эр болсоң,
Беттешер жерге сактадым.
Кабылдын уулу кытайга,
Кайгырба Нааман бу жайга,

Калкыңа барып кайрат кыл,
Катылып болбос мындайда,
Катылган менен Манаска
Калкың таппас эч пайда.
Сүйлөшө келсе тилдешиң,
Сүйөнүшкөн диндешиң,
Аман кетти калмагың,
Асылышсак чантууга,
Анык эле кулунум,
Напат болуп каларың.
Баары кетти маңгулуң,
Байкабай туруп Манасты,
Басташтырып олтуруп,
Башын жутуп нан кылдым.
Текес менен Кыясты,
Текшербей туруп жыласты,
Терс-Сууну алдырдым,
Темселетип Оргону
Жети ай уруш салдырдым,
Жергесине түк калбай,
Жерин куру калтырдым.
Уруштуруп Оргону,
Илебин, Кашкел, Чулуну
Шо жерде Манас соргону.
Лаңгү-Таба, Буканды,
Калдай Туткуй, Култканы
Катары менен жутканы,
Каяша кылган адамдын
Калбады тирүү бир жаны.
Бойгуттан алды Кубанды,
Бой боздотуп буларды,
Ошолордун баарына
Болушпай атаң турабы,
Куюнду, Кочкор, Арзыны
Куп айттырды дарсыны.
Соорун калдай, Кулусун,
Соолтуп салды мунусун,
Согуш деген немени
Соңунда, балам, көрөрсүң,
Сонун көрүп турусуң.
Айтканыма көнбөгөн,
Алооке – деп, жөнөгөн,
Нак шу турган атаңды
Адамга катар көрбөгөн
Акунбешим кан эле,
Аңдап сүйлө сен, балам,
Бир кишиче бар эле.
Шамшын шаа, Мүдүңдү,
Далайдын ышы күбүлдү,
Так ошону алган соң
Каар-Булта кудайын,
Соку шыйтай, Көкүлүк
Казды түбүн жудайын.
Мерки шаа, Тулусту
Кетеликтин базарга
Бир күн араң турушту,
Салма-Сууда жай алып,
Ташкендеги Панус кан
Так он үч күн урушту,
Алдырып коюп аскери,
Абыдан бүттү жумушу,
Адамынын баарысы
Алек болуп курушту.
Аранико Ашарсуу,
Үкүрия, Будабил,
Кыргын болуп кыйласы,
Барып келген аскердин
Мага келип, арыз айтып,
Бети курсун ыйлашы.
Дүйнөнүн баары түрк экен,
Кыругуз – деп, атанып,
Башы Маңгул, мүлк экен.
Күн батышы жагында
Катаган кыргыз калк экен,
Катагандын калкында
Арзым Кошой алп экен,

Атабыздан бабабыз
Өчөгүшкөн салт экен.
Самарканда Күңкөштү
Сапырыптыр Кошою,
Салып далай кыргынды,
Сап кылыптыр ошону.
Айланамды алган соң
Кыргыздын салган кыргыны
Араниктен токтоду,
Көшүдү кыргыз – деп, турсам,
Көмүлүп калган бадирек,
Көчө келип жоктоду.
Чакырып көрдүм түрүнү,
Ажыдаардан анча артык,
Кабыландан канча артык
Башта көрдүм сүрүнү.
Айбатына, сүрүнө
Акылым ойлоп жетпедим,
Ажалымдын жогунан,
Желмогуздун өзү экен,
Жерге кирип кетпедим,
Курусун жалган дүнүйө,
Кутулар жагым беттедим.
Журт чыдабай кеңешке,
Жумшадым барса-келбеске,
Он бир жыл болгон тутканы,
Алты жүз кырк үч киши экен
Күнөкөрдөн жутканы,
Күнөөсүн моюнга салгандан,
Бербедим бекер жалгандан,
Өлүмгө буйруп салгандан
Ажыдаар жаткан бакчага
Көчөсүнө баргандан
Калбаган тирүү жалгыз жан,
Көзгө илинсе жалмаган,
Атаң да бекер калбаган,
Ажыдаар жутсун – деп,
Барса-келбес көчөгө
Барыңыз! – деп, айдагам,
Атаң түгүл, бу Манас
Ажыдаардан тайбаган.
Ажыдаар сунду мойнуну,
Атакең көрдү ойнуну.
Сүйрөп чыгып ордунан,
Алып келди ордого,
Ордодогу көп аскер
Корголоду коргонго,
Байкап сүйлө сен, балам,
Манасты арзан ойлобо.
Кабылан, шери, бөрүсү,
Адамды көрсө умтулган
Айбан жырткыч баарысы,
Атасынын көрүсү
Катылбастан койгону,
Байкап турсам баарысы
Манаска нөкөр болгону,
Карап туруп атакең,
Кара жандан тойгону,
Анжияндан кетүүнү
Атакең анан ойлоду,
Алтымыш кулач мамонут,
Андан бөлөк жырткычтан
Атаңа жолдош болбоду,
Куп качырды Манасты,
Оозун Манас жеткирбей,
Кулагынан толгоду.
Алтымыш кез узуну,
Алтайлык болгон бөрүдөй
Көтөрдү жерден ушуну,
Көпчүлүк карап турганы,
Алты айлантып башынан,
Акыры жерге урганы,
Урганын атаң көргөн соң,
Олтурган жерден турбады,
Ошентип атаң курганы.
Карап туруп мунусун,

Канкор эрден жалыныш,
Жалыныш кылдым жан үчүн,
Бул жериңден кетейин,
Бээжинге безип жетейин,
Как ушу жерден кетейин,
Караңа туруп нетейин,
Каканга качып кетейин,
Ушу үчүн кылып убада,
Ушунчалык болбосо
Журтту кантип кылайын
Бүлүндүрүп убара.
Маңгул, калмак, түрүктүр,
Маанайыңда жүрүптүр.
Аңдатпадым зилинен,
Ажыратпай биринен,
Айрыбадым дининен,
Башынан ойлоп чочундум
Балакети болот – деп,
Балам сенин жиниңден.
Кеткенден бөлөк кейиш жок,
Кейишсең тирүү калбайсың,
Тирүүлүктөн бейиш жок.
Качуу керек, кайгы жок,
Өз тууганга баруудан
Өзөк кылар айыбы жок.
Бекерге айтпа сөзүңдү,
Бейпай кылба чантууга,
Бээжинге алып бар өзүмдү,
Көсөл Манас бир барар,
Көрөрмүн шондо күчүңдү!»
Ал сөздү айтып Алооке,
Жүк артканы токсон нар,
Каралап калган канына,
Канынын калган жанына
Жыйырма беш миң киши бар,
Атасынан уккан соң
Коң төрө тили байланды,
Көңкү журту баарысы
Көчөрүнө шайланды.
Үй кылышты чатырдан,
Жогунда көчүп кетүүгө
Коркуп Манас баатырдан,
Алооке сындуу улук кан,
Катарында канча жан,
Наманген аты Араник,
Араникти бет алып,
Алооке барсын көчүп тик.
Ашып Чанач белинен,
Басып Чүйдүн жеринен,
Ашып Короготуну,
Малга откоруп отуну,
Кечип Иле суусуну,
Кекселик кылып Алооке,
Ашайын – деп, ушуну
Тарбагатай тоосуну,
Ары жагы Шарпылдак,
Аягүз суусун сыдырып,
Эгиз-Кара кыдырып,
Кечип Эртиш суусунан,
Каарына чыдабай
Кан Алооке Манастан,
Кеткен экен ушундан,
Кечип өтүп Уркундан.
Ээн жайдан жай алып,
Жата турсун каныңыз
Эсели тоосун таянып.
Бооке калды баласы,
Коңгуроолуу агасы,
Агасынын баласы,
Атын айткан Ыбыш – деп,
Айтылган бу сөз алыс кеп.
Айтканынан кайтпаган
Арстан Манас баатырды
Ар ким айткан калыс – деп.
Коңгуроолуу байдын
кош Абыш,

Ар түрлүү адам болсо да,
Арзан эмес эл табыш.
Бооке кандын баласы,
Төрт ай жарым жүрүшүп,
Кыргыздын келди Манасы.
Бошоп жери калыптыр
Анжияндын калаасы,
Кыргызга алып бермекке
Кыраан эрдин санаасы.
Бакырың калаа салгын – деп,
Байларың тоого баргын – деп,
Экиге элин бөлүптүр,
Өңкөй кыргыз баласы
Өкүмүнө көнүптүр,
Азиреттин Кара-Тоо
Баатыр чалып көрүптүр,
Ысар жылкы кени экен,
Көлөп көрктүү жер экен.
Кундуз, Талкан туурасы,
Бу да кыргыз эли экен.
Самаркан тоосун жайлатып,
Самсыган жылкы айдатып,
Бир байынын башына
Миңден кулун байлатып,
Найзанын баарын боолатып,
Сакалат менен жөөттү
Сай кашкага жоолатып,
Кан Алооке кытайды
Бээжинди көздөй оолатып,
Кызылбаш журтун кыйратып,
Кыз-катынын ыйлатып,
Кыргызды минтип жыргатып,
Катарлаш болуп Кошойго,
Кара тейит, найманга
Кабардаш болуп ошого,
Кыйырдаш болуп кыпчакка,
Кышында кирип кышташып
Кара-Өтөктүн кыштакка,
Көчмөнү көп, калаасы аз,
Көңкү журту дөөлөт мас,
Ошондо толгон алашың,
Базар кылып барганы
Балык менен Бадакшан,
Жата турсун Манасың.
Үчүнчү болгон казаты,
Төртүнчүсү башталат
Алмамбеттин мазаты,
Жакшы менен жаманы,
Алаш уулу болгонуң
Сал көзүңдү тамамы,
Кыямат кеткен бабаңар
Кылган ишин табалы.
Акыр бир күн өлүм ак,
Арбактардын аты үчүн
Туугандар дуба кылып бак.
Таңшаң шаар башында
Соорондук деген кан экен
Так элүү төрт жашында,
Заары катуу бир улук,
Сансыз нөкөр кашында,
Элүү төрткө чыкканча
Баласы жок башында.
Эркеги жок, кызы бар,
Эркек үчүн жүрөктө
Эрибеген музу бар.
Баласы жок майышып,
Карасы жок кайышып,
Бутка кирип күн-түнү,
Буга болуп караңгы
Бу дүнүйө бүтүнү.
Сом алтындан куйдурган,
Канча түрлүү иш болсо
Кабарын шайтан туйдурган,
Жакут менен тиштеген,
Ал сүрөттү кылганда
Отуз уста иштеген.

Көөкар менен көздөгөн,
Көкүрөктө көңдөй бар
Шайтан кирип сөздөгөн.
Шайтан душман адамга,
Айткан менен ынабас
Акылы кем нааданга,
Алла өзү себепчи
Арам-адал, ар жанга.
Алис, Малис, Арбилит,
Такыр душман Тарбилит,
Оттон болгон заттары,
Оболдон бузук аттары.
Тозоктон болуп жай алган,
Энеси болгон чаяндан.
Андан туулган азезил,
Көрүнбөгөн бир душман.
Көй кашкалар баарың бил
Энеси бар чаяндан.
Эттериңдин арасы
Азезилдин Каннасы,
Агуузу билла имина шайтан
деген сөз,
Андан бөлөк шайтанга
Эч табылбайт дабасы,
Өнөк болгон шайтанга
Өңкөй Кабыл баласы,
Өзгөсүнөн дагы артык
Таңшаң шаар калаасы,
Бутка кирип жалбарат
Жоктугунан баласы,
Мусулман жасап рухун,
Бала берди Алдасы.
Бооз болуп катыны,
Туба турган күнүнө
Жакындашты акыры,
Табынууга бутуна
Кан Соорондук акылы,
Бутка мурун кириптир
Мурдар шайтан каапыры.
«Бердим бала мен –деди,
Өз баламдын сөзү – деп,
Өлсөң да кирбе сен – деди.
Тозоку болот балаңыз,
Жаннат жайы сеники,
Өз жайыңа караңыз».
Бутканада сүрөтү
Муну айтып сүйлөдү.
Лайламалуу! – деп,
Соорондук айтып мындай кеп,
Өзүнчө намаз окунуп,
Сүрөтүнө чокунуп,
Жарым саат олтуруп,
Жалынышын болтуруп,
Соорондук чыгып кетиптир.
Тогуз ай да, тогуз күн
Катын тубар убакты
Жакын болуп жетиптир.
Толгоо кирди катынга,
Катынга толгоо кирген соң
Түштү заман акырга.
Толгоодон кетти шайманы,
Токтолбой кетти дарманы.
Кытайча тартып каапырлар
Жыңсагине салганы,
Асыл сонун бул менен
Ар тарабын кыстырып,
Бурамалап калганы.
Бир айдан бери кар түшүп
Ачылбай туруп алганы,
Адамдардын астына
Аземдүү килем салганы,
Асыл сарай-алтын үй,
Ар тарабын караса
Алтымыш чырак жанганы,
Кан катыны тубар – деп,
Караламан кытайлар

Азырланып калганы.
Катын толду ордого,
Ордо түгүл батпады
Он эки капка коргонго.
Берген өзү кудурет,
Ужутка бала келтирүү
Бериштеге чоң милдет.
Чык! – деп, кирди бериште,
Ынабады баласы
Жалган жайга келишке:
«Жаш чыгамын каргандан,
Ач өлөмүн – деп, ойлойм
Жалган жайга баргандан.
Ыгы менен айда – деп,
Ырыскым менин кайда? – деп,
Жаман жасап жан кылган,
Жалгандан таппайм пайда – деп.
Жаннат бекен, тозокпу
Жайым менин кайда? – деп,
Өлүп түшсөм экемин
Өрттөнгөн жалган жайга» – деп,
Ушуну айтып салганы.
Балага мүкил умейил:
«Бербердигер буйругун
Кыла турган мен – деди,
Кыйналба бала сен – деди,
Дүнүйөнүн жүзү бар,
Басарың кара жер – деди,
Жакшы көрсөң жаннатты,
Акыр заман байгамбар
Аты Мукамбет эр – деди,
Адашпай анын атынан,
Тйлиңди жаттай бер – деди.
Тозоку, бейиш экенин
Биле албаймын мен» – деди.
Анда бала сүйлөдү:
«Алып барып дүйнөгө
Ачка өлтүрбө сен» – деди.
Амыры менен Алланын
Насибинин баарысы
Маңдайына келгени.
«Ырыскың ушу көргүн – деп,
Ак амыры көнгүн – деп,
Атаң-энең дапдаяр,
Азыр барып көргүн» – деп,
Кудурет күчү калакты,
Балага урду балакты.
Чыкмай болуп дүйнөгө
Чыдабады таякка:
«Жакшы көрсөң жаннатты
Жаттап тилиң алгын – деп,
Айттың эле бир сөздү,
Ал айтканың каякта?
Чык – деп, жатып куруттуң,
Чылгый аны унуттум».
Бала сурап калганы,
Ырасул Алла Мукамбет – деп,
Умейил жооп салганы.
Атын жаттап: «Мукамбет!» – деп,
Ужут-тубар жерине
Бала жөнөп калганы,
«Мукамбет!», «Мукамбет!» –
дегенче
Башы чыгып барганы.
Ужутка келип ал бала,
Барсың – деди, бир Алла!
Чыкты бала бери жакка,
Жаратканга жалбарып,
Жүзүн салып жер жакка.
«Мукамбет!» – деп, бакырып,
Бала түшүп калганы,
Кудуреттин буйругу
Курсакта берип акылын
Балага мүкил бериште
Кайра тартып алганы.
Көөдөк болду көрүңүз,

Курсакта акыл бербейт – деп,
Ынабаса көөнүңүз,
Жаңы тууган жаш бала
Жардам берген бир Алда,
Көтөнүн ачып көрүңүз,
Таяк жеген көбү бар,
Куйругунда көгү бар.
Берище менен курсакта
Бек айтышат көп бала,
Соору, куйрук, аркасы
Сонун болот көгала,
Жараткандын өкүмүн
Жакшылап мындан көп аңда,
Карында катуу бир кыстоо
Болбой койбойт ар жанга.
Недир деген калык бар,
Эгер көргө бир кирсең
Тубардагы кыстоодой
Бир кыйындык анык бар,
Акылы бар азамат
Нур чырагын алып бар.
Таңшаң шаар калаасы,
Соорондуктун баласы,
Бала жерге түшкөн соң
Калган талып анасы,
Кары-жашың сөкпөңөр
Калса сөздөн чаласы.
Бала ыйлады баркырап,
Белги берген берище,
Барча тамыр калтырап.
Жанган чырак чачылды,
Жааган күнү ачылды.
Тоок чакырып чуулады,
Бутканадан сүрөтү
Томолонуп кулады,
Мукамбет! – деп, бакырган
Аз керемет турабы?!
Бутканага кирүүгө
Бу Соорондук чурады.
Соорондук кирди бутуна,
Токтой албай кыйласы,
Доорук түштү журтуна.
Дүңгүрөндү күнү-түн,
Күлдү Таңшаң журтуна
Күйүт түштү бүпбүтүн,
Ал баласы соргон жок
Энесинин бир сүтүн.
Бек кыйналып денеси,
Беш күнү жатып энеси,
Баланы багып күтүү жок,
Байып кетти сүтү жок.
Салар аттуу мусулман
Сапарга барып ушундан,
Дунгананын уругу,
Таңшаң шаар туругу,
Он бир жылдан бери жакка
Ошо жерде турган бу дагы
Соорондукка каралаш,
Кызматына аралаш.
Тууган анын катыны,
Ал катындын тууганы
Алты ай болгон акыры.
Тууган катын үстүндө
Туташ катын жыйылган,
Көбү тейтей, буту жок,
Ал Соорондук жанында
Мусулмандын журту жок.
Аты-Салар мусулман
Азып барган ушундан,
Изат анын катыны,
Жүгүрүп барып баланы
Жерден алып акыры,
Кесип алган киндигин,
Аңдап андан билиңер
Ак тааланын бирлигин,
Сан катындын ичинде

Изаттын барып кийлигүүн.
Баланы жерден алыптыр,
Баркырап ыйлап калыптыр,
Ороп алып асылга,
Оозуна эмчек салыптыр.
Балкылдата соруптур,
Бала сүткө тоюптур.
Башкасында эмчек жок,
Бага берсин ошо – деп,
Баланы анда коюптур.
Бадышанын кеңеши,
Баланын ооруп энеси,
Байып калган эмеспи.
Үйүн көрбөй үч айга
Баласын Изат багыптыр,
Энеси эсин жыйды – деп,
Соорондук кабар салыптыр,
Көтөрүп алып баласын
Катын Изат барыптыр,
Бакырып ыйлап баласы,
Калабаны салыптыр.
Капа болуп Соорондук,
Бага бергин, Изат – деп,
Кайта берди баласын,
Ат коймокко балага
Бээжиндин жыйды калаасын.
Какайдан канча миң сойду,
Каныңыз кылды чоң тойду.
Ыламасын баңгү дээр,
Улуу-кичүү калың эл.
Самбылга бала салыптыр,
Ата-энеси көтөрүп,
Ат койгун – деп, калыптыр.
Ат коёр адам жок болуп,
Аз болгондо Соорондук
Аш бышымдай токтолуп,
Ачуусу келди баарыга,
Жашы менен карыга:
«Эркек жалгыз баламды
Атын коюп берсин – деп,
Чакырдым бүтүн ааламды.
Ар түрлүү журт отурсуң,
Азыр келип ушунда
Ат кирбейби оозуңа?!»
Ачууланып көбүнө
Соорондук айгай салыптыр,
Акыр дүйнө сакчысы
Амыры менен Алланын
Аты Кызыр барыптыр,
Мукамбетти жаттап түшкөнүн
Башта билип алыптыр,
Миң жылчылык бир жерден
Бир сагатта барыптыр,
Кызырыңыз ал элге
Кытай боло калыптыр.
«Баландын атын коюуга
Мага уруксат барбы?» – деп,
Соорондуктөн сурады,
Камалып турган көп кытай
Коюңуз – деп, атыны
Колдун баары чуулады.
Анын Кызыр экенин
Кан Соорондук билеби,
Атын койсоң кана? – деп,
Ал адамдан тиледи.
Амыры менен Алланын
Ан азирет руху
Ал жыйылган кытайга
Көрүнбөстөн киреди,
Ан Мукамбет рухун
Азиретке береди.
Аты болду Алмамбет,
Алла берди чоң медет.
Курсагынан эненин
Мукамбет! – деп, чыгыптыр,
Өкүматтуу Соорондук

Өз кулагы угуптур,
Бишарат атын койду – деп,
Байкасам жакшы болду – деп,
Кубаныч кылып туруптур.
Мусулман динин тутпаган,
Ак байгамбар Мустапа
Атын Маамбет укпаган,
Аты башка болду – деп,
Айран болуп калыптыр,
Алты дилде, он күмүш
Ал адамга салыптыр.
Салардын зайыбы Изатка
Алтынын берип салыптыр,
Он бөлөк күмүш акчасын
Олтургандар алыптыр,
Кайдан билсин Кызырды,
Кайып болуп калыптыр.
Изат күттү баласын,
Урматы менен баланын
Талкалап Таңшаң калаасын,
Таамай үчкө жеткенче
Таанибады Алмамбет
Өзүнүн тууган анасын,
Эртели-кечти эр Салар
Какай этин жебе – деп,
Баланын буруп санаасын,
Май болот какай эти – деп,
Какайдын этин жегендин
Кара болот бети – деп,
Айнытат экен баланы,
Ата-энеден дагы артык
Баланы күтүп карады.
Антип-минтип ал бала
Алты жашка барыптыр,
Кайда бала көрүнсө
Кашына жыйып алыптыр,
Көчөнүн ичин бойлотуп,
Көп балдарды ойнотуп,
Көгүнө салып кезүнү,
Көтөрүп ким турат? – деп,
Көп ойлонтуп өзүнү,
Асманга көзүн салчу экөн,
Тирегени кайда? – деп,
Айран-азыр калчу экен,
Бар бекен мында тирөө? – деп,
Балдардан сурап алчу экен.
Балдар ташты билеби,
Анда Алмамбет муну ойлойт,
Төбөсүнөн бир нерсе
Танап тартып илеби?
Балдар менен ойноодо,
Бар акылы Алмамбет
Асман-жерди ойлоодо.
Айга, күнгө таң калат,
Алла кандай турат? – деп,
Акылы жетпей сандалат.
Жыбыраган жылдызды
Эрте чыгып, кеч батат
Буларды ким жылгызды?
Оюн бөлөк ойлоду,
Оюнун бөлөк ойноду.
Алып алма, жаңгагын,
Баштап барып балдарды
Заңги-Маёо кабагын,
Алма сайып башына,
Балдар жыйып кашына,
Жарыштырып балдарды,
Жүгүрүп балдар бардаары,
Алма берет Алмамбет,
Алмасын жеп кубанат
Астына чыгып барганы.
Ар түркүн акыл ойлогон,
Калаадан чыгып шашкелик,
Заңги-Маёо боюна
Ал балдарды ат кылып,
Жарыштырып ойногон.

Түштүк жагы саз экен,
Курдум кара суусу бар,
Кургак жери аз экен.
Кара сууну бойлоп жүр,
Жарыштырып балдарын
Ар аптада ойноп жүр.
Жарышкандан бир бала:
«Жеттим» – деп, туруп алыптыр,
Өтө чуркап бир бала:
«Мен чыктым» – деп, калыптыр,
Талаш болуп ал экөө
Алмамбетке барыптыр.
Чыккан терек бутагын
Алмамбет азыр кыйыптыр,
Ал балдарды жыйыптыр,
Заңги-Маёо оюна,
Кара суунун боюна
Алпарып сазга сайыптыр,
Астына чыгып келгениң
Анан алма алгын – деп,
Ушу сөздөн жанбаган,
Убадасы таштан бек,
Айтканынан танбаган,
Байда көрсө барбаган,
Балдардын баарын күтүп жүр,
Барлык менен Алмамбет
Ал балдарга түтүп жүр,
Жылаңачка тон берип,
Жыртыктары бүтүп жүр.
Ачка десе аш берет,
Намыс үчүн баш берет,
Жашы жетти сегизге,
Эми атасы ойлонду
Окушка аны беришке,
Окуусун билди кытайдын
Оюна салды бериште.
Алты жыл тамам окуду,
Ариби көп кытайдын,
Окуудагы балдардан,
Балдар түгүл Алмамбет
Оонап калган чалдардан
Күн батышта чантуу – деп,
Күлдү душман жалпы – деп,
Булдурашып сүйлөшүп,
Тили бөлөк чантуунун,
Мурунтадан бузулган,
Дини бөлөк чантуунун,
Жакшыбыз биз акыр – деп,
Жалпы чантуу каапыр – деп,
Жакшылыктуу мал күтпөйт,
Жарыбаган жакыр – деп,
Алтын, күмүш булу жок,
Ач кишини тойгузбайт,
Азелден алар куну жок,
Биздин динди жаратпайт,
Бир кишиси жолукса
Ээн жерде көрүнсө
Экөө болсо карактайт,
Кулак кайчы бурут көп,
Ууру кылып далактайт.
Жерге карап чокунат,
Жергелешип турушуп,
Нени айтканын билбейбиз,
Бирдеме – деп, окунат,
Күн батар жакты карашып
Соксоюшуп отурат.
Куюп алган куту жок,
Буйрук айтар буту жок.
Талаа да болсо табынат,
Билбейбиз не дейт жазуусун,
Тумарым – деп, тагынат.
Какай-доңуз анда жок,
Алардай залым жанда жок,
Ал бейлине жараша
Арбын күткөн мал да жок.
Жакшылыкта дити жок,

Эч болбосо чантууда
Союп жээр ити жок,
Качыр, эшек малы жок,
Калабаны көп сүйөт,
Кармашарга алы жок,
Босоң-борсук дагы жок,
Чантуудан бар көп залал,
Жакшы биздин динибиз,
Ырысы жок бурутта
Чантуу деген журутта
Көп нерсени арам – дейт,
Муну жесем кокустан
Жаман жайга барам – дейт.
Аз нерсени адал – дейт,
Акыретте жаныма
Абыдан жаман залал – дейт.
Акмакты мындай ким көрөт,
Андай наадан чантуунун
Айтканына ким көнөт.
Ырысы жок бу чантуу
Өлүп калып, тирилип
Турамын – дейт, куу чантуу.
Өлгөн соң жок жакшылык,
Жемек-ичмек, кийгендин
Баарысынан какшыдык.
Өлгөндө жаман болот – деп,
Өңкөй чантуу сүйлөдү.
Өөдөнү ылдый сүрбөйбү,
Өлүп калган канча жан
Өлдүм эле, келдим – деп,
Мында басып жүрбөйбү?!
Өлдүң-болдуң, калганың,
Кантип адам ынанат
Өлгөндө кыйноо болот – деп,
Чантуунун айткан жалганын,
Ырас жакшы тамактан,
Ыган менен арактан
Баарынан куру калганын.
Баарын жебей чантуулар
Жылан, бака, чаянды,
Кирпи, келер аларды,
Мүзөк менен баянды,
Ырыскыдан кур калып
Кетирген чантуу аянды.
О дүйнөдө оңом – деп,
Жок жумушка күйгөнү,
Өлгөндө азап болот – деп,
Көп сөздөрдүн баарысын
Көңүлүнө түйгөнү.
Аяры азиз жан экен,
Өлдүм эле келдим – деп,
Жүргөн адам кана экен?
Тирүү жүрүп өлбөскө
Дүнүйө күтүп жыйнайбы,
Акыры өлүп калган соң
Атасынын башын кыйнайбы!
Урганды өлүк билеби,
Урмак түгүл бычактап
Касапчылар тилеби,
Канча майда кылса да
Өлгөн жандар билеби?!
Эти калат бок болуп,
Сөөгү калат ар жерде
Шалдырап жатып жок болуп.
Куру калган чантуулар
Тириликте көрүктөн,
Балакетин кыйнайбы
Өлүп калган өлүктөн.
Чантуунун журтун азгырчу,
Ырыскылык ырааттан
Адаштырып жазгырчу
Алмамбетти муңайтып,
Окутканы ол экен.
Аалимдери муну айтып:
«Чантуудан бөлөк душман жок,
Өлүмдөн бөлөк бушман жок,

Өлүп кайта тирилген,
Көргөнүң барбы, бир жан жок!»
Ал сөздү айтып кытайлар
Алмамбетке сүйлөнөт,
Намыстанып Алмамбет
Чантуудан неме койбойм! – деп,
Чакчарылып күүлөнөт.
Алмамбет туруп ал жерде
Молдосунан кеп сурайт,
Молдосуна кызматкер
Жолдошунан көп сурайт,
Асман-жерди, ай-күндү
Билгениң барбы? – деп, сурайт.
Кандай болгон күн – деди,
Жашынса жерге күн барып,
Караңгы болот, түн – деди.
Убара болуп не үчүн
Күн жүгүрүп жүр? – деди.
Жарыгы жанат бир далай,
Асманда турат ай – деди,
Астындагы кара жер
Кайдан чыккан жай? – деди,
Атасы ким кытайдын,
Бирөө жарды томаяк,
Ар бирөөнө карасаң
Акыл жеткис бай – деди.
Бир жан арык жүрө албайт,
Бир жан арык баса албай,
Бир жан семиз, чылгый май.
Бирөө көп да, бирөө аз,
Бирөө жинди, бирөө мас.
Алтай кышы, алтай жаз,
Өлбөй, тоңбой дайрада
Сүзүп жүрөт өрдөк, каз.
Суу ичинде балыкты,
Сурай берет Алмамбет
Нечен түрлүү калыкты.
Куштай кандай учпайбыз,
Өрдөк сүзгөн көлдөргө
Түшө калсак муздайбыз.
Тумчугабыз, өлөбүз,
Не себептен биз кандай
Ачык жерге көнөбүз?
Дүнүйөнүн кыйласы
Болот экен көл – деди,
Суу көрбөгөн кай жери
Бош биябан чөл – деди.
Кай күн чыгат күркүрөп
Катуу шамал, жел – деди,
Кайнап жатыр Бээжинде
Калың кытай эл – деди.
Кайдан чыккан эл – деди,
Билгениңди бир баштан
Бизге айтып бер – деди.
Жалпы олтурган жолдошу,
Жай сураган молдосу
Арбын айтып сөз билбейт,
Аяк-башын билеби,
Аят-адис болбосо
Жер дегенди ким билет.
Ташын-тоосун көрөбүз,
Акимдер бар, бааша бар,
Айтканына көнөбүз,
Жүрсөк дүйнө жүзүнө
Ары болсо жүз жылда,
Чарчаганда өлөбүз,
Көктү, жерди оодарып
Баарын кайдан көрөбүз,
Караңгыны жаркыткан
Айын кайдан көрөбүз,
Дүнүйөнүн токтолгон
Жайын кайдан көрөбүз?
Билимдүүлөр кеп айтат.
Биз катары окуган
Илимдүүлөр көп айтат
Дүнүйөнүн жүзүнө

Дарыя кайнап толгон – деп,
Ташыгандан дарыя
Ар түрлүү көбүк болгон – деп,
Топурак болуп көбүгү,
Тоо-таш болуп көрүндү.
Дайранын үстү жер – деди,
Анда Алмамбет сурады:
Дайра кимге токтолду,
Ошону айтып бер! – деди.
Жообун молдосу айталбай,
Билбейм аны мен – деди.
Билбегениң кызык – деп,
Күн эсепсиз ысык – деп,
Кандайлыктан күн болду,
Канча алыстан тийсе да,
Кара таш күйүп күл болду.
Адам кылар неме эмес,
Асили кайдан болгон – деп,
Ободон ай көрүнөт
Он бешинде толгон – деп,
Не себептен асманда
Тирөөчү жок койгон? – деп.
Көптөп жүрүп кытайлар
Көктү кылып алганбы,
Асылышып кытайлар
Асман жасап алганбы,
Күндү ысык болсун – деп,
Асманга коюп салганбы?
Асылып жүрүп кытайлар
Айды жасап алганбы,
Байда болсун бизге – деп,
Башында кылып салганбы?
Алмамбет кебин байкады,
Кыла албайт муну кытай – деп,
Молдосу башын чайкады.
Желдин чыгат учу – деп,
Күн менен ай болмогу
Жер менен көктүн күчү – деп,
Айтып болду молдосу:
«Алмамбет жүр кетели!»
Ашыкты турган жолдошу.
Жолдошун таштап сала албай,
Ордо менен паң үйү
Ортосу алыс бир далай,
Алмамбет келди ордого,
Айтылуу сарай коргонго,
Аңдап туруп Соорондук
Көзү жетти балага
Акылы жетип толгонго:
«Алмамбет балам сен – деди,
Ак сакал болдум мен – деди,
Арыз кылган канча эл – деди,
Ак-карасын теңшерип,
Сурак кыла бер» – деди.
Ата сөзүн кайтарбай,
Сурабайм – деп, айта албай,
Алмамбет такка илинди,
Он төрт жашка келгенде
Адилдиги билинди.
Канча түрлүү калк барды,
Кара кылды как жарды,
Таңшаң түгүл Алмамбет
Какан журтун башкарды.
Урматтады баланы,
Улук келет дегенде
Аскер күтүп калааны.
Кыруусун алтын чордогон,
Кырмызы күлүн тордогон,
Кырк жылы сууда жатса да
Кылайып өңү оңбогон,
Кармоочу бар карк алтын,
Кытайлар кылып өз салтын
Астына килем салдырып,
Жануттан кылган төшөгүн
Астына коюп алдырып,
Карк алтындан отургуч

Кабылан Алмаң отуруп,
Кытайлардын заңы экен,
Кырка турган жан экен,
Таңшаң журтта турганы
Кырк сан киши бар экен,
Бирине бири келтирип,
Колмо-колдон жеткирип,
Учкан куштай кетирип,
Келди Кентун-Керечти.
Жети киши жетелеп,
Өлтүрүүгө энтелеп,
Алып келип калганы,
Алмамбет көзүн салганы:
«Калайык кандай ишиң – деп,
Темир чынжыр мойнунда
Эмне кылган кишиң? – деп,
Чынжыр салган мойнуна,
Жашын төккөн койнуна?»
Көтөрүлүп Алмамбет
Жыйырма эки кишинин
Азыр туруп колунда
Антип сурап калганы,
Кентун шаар баң-баңы
Жооп берип салганы:
«Улуктарга мурунтан
Урмат кылган ишибиз,
Таңшаңдагы чоң улук,
Садага кылган жолуңа
Чаба турган кишибиз,
Өлүм түшкөн мойнуна,
Күндө түшкөн колуна,
Урматына чабабыз
Улуктардын жолуна».
Айран болду Алмамбет
Кентундуктун жообуна.
«Өлтүрмөккө келсеңер
Азыр менин жолума
Бериңер менин колума».
Жетөөн аман алганы,
Сурагын сурап болтуруп,
Аш бышымдай олтуруп,
Бир колдон өттү бир колго,
Өткүр Алмаң Бээжинде
Өкүм кылган оң-солго,
Андан өтүп Алмамбет
Бакбурчунга бет алып,
Узун түштү бир жолго.
Бакбурчундук чогулуп
Баары даяр туруптур,
Баарысынын баштыгы
Эр Алмамбет улуктур.
Эки киши күнөкөр,
Алты киши арыз берген
Күнөөсү жок тим бекер,
Сегиз киши даярдап,
Өлтүрүүгө аяңдап
Азырланып алыптыр,
Өлтүрбөңөр, тек тур – деп,
Алмамбет айгай салыптыр.
Сундуң менен калдайы,
Сумсайышты далайы.
Чыйтай менен жаң-жуңу
Далдайышып алыптыр.
Каардайбы каныбыз?
Өкүмөттүн баарысы
Өз-өзүнөн чочунуп,
Аман калар бекен – деп,
Аманат кара жаныбыз,
Аны ойлонуп алышты,
Астына киши чаптырбай
Алла кандай улук? – деп,
Айран-азыр калышты.
Сураккана ордого
Султан Алмаң барганы,
Ордого жаңы киргенде
Өлүмдөн калган жети адам

Өлө-тала барганы.
Үстүнө келип калганы,
Аларды көрүп Алмамбет
Өкүмат айтып салганы:
«Чабуугa менин жолума
Азырлаган адамды
Бериңер менин колума,
Бейкүнөө киши өлтүргөн
Бекер экен улугуң,
Арыз айтканды өлтүрткөн
Ар ишиңе Бээжиндик
Айран болуп турумун.
Он бешин тамам багыңар,
Осол экен заңыңар,
Ушундан бирин өлтүрсөң
Ордуна турбас тагыңар.
Алмамбет шылтоо кеп айтат:
«Жолума киши союуга
Жашым толбойт» – деп, айтат.
Көпчүлүк аскер барыптыр,
Көчөгө тура калыптыр,
Колмо-колдоп көтөрүп,
Алмаңды жолго салыптыр.
Калк тизилип жолуна,
Кармаганга себетин
Көбүнүн тийбей колуна,
Учкан куштай учуруп,
Жол боюнан көп адам
Кызмат кылып осунуп,
Кан Алмамбет баатыры
Калк кызматкер акыры,
Кан төгүүгө нээтине
Типти келбейт акылы.
Түндөп-күндөп нече күн,
Чырым албай нече түн,
Урматташып учуруп,
Өткүрлөрү умтулуп,
Какандын келди калкына,
Карап көргүн кытайдын
Кадимден берки наркына,
Күнөкөрдөн он киши
Камдап чыкты алдына.
Өлүмгө буюрган кишини,
Алдам оңдоп түбүнөн
Алмаңдын кылар ишини,
Аман-эсен ал онун
Коё берип ушуну,
Алты күн туруп Алмамбет,
Ал элдин сурап сурагын,
Жетилтип сурап Алмамбет
Жетим-жесир, туягын,
Адилет кебин сөздөдү,
Андан чыгып Алмамбет
Чынмачынга көздөдү.
Улуу атагы Чоң Бээжин,
Калаасынын аты Чынмачын,
Эсенкан турган шаар экен,
Не сонундар бар экен.
Аскердин баары дапдаяр,
Эсенкандын астында
Шыбаң, Сууру эки аяр,
Токсон дуу-ду, жүз жаң-жуң,
Чынмачын ичи куп даң-дуң.
Коомасын айтып, кол созуп,
Он төрттөгү жаш бала
Жүгүнүп барды озунуп,
Ордунан туруп каныңыз,
Коомасын айтып аныңыз,
Эсенкан көзүн салыптыр,
Алмамбеттин түрүнө
Айран-азыр калыптыр.
Аярлар көрүп кеп айтып,
Акыры бизге журт болбос
Алмамбет бала – деп, айтып,
Асталап айтып канына
Шыбырашты жанында.

Аярдын айткан сөзүнө
Эсенкан айран калыптыр,
Байкамакка балага
Бадыша көзүн салыптыр,
Сыпатына баланын
Айран-азыр калыптыр.
Жүздөн жүзүн бурбас – деп,
Жүз миң адам курчаса
Жүдөп карап турбас – деп,
Миңден бетин бурбас – деп,
Миңдеген адам камаса
Бир жалтанып турбас – деп,
Кармагандан кан чыккан,
Карагандан жан чыккан,
Жаш да болсо Алмаңдын
Жайын билди Эсенкан.
Алмамбет орун алыптыр,
Алтымыш киши даярдап
Чаптырууга калыптыр.
Бадыша кылган өкүмдү,
Кыйбасаң экен жанын – деп,
Алмамбет сурап өтүндү.
Өлүмүн сурап алганы,
Кандай ушу бала? – деп,
Калайык айран калганы.
Алмамбет сөзүн кайтарбай,
Ар канча бааша болсо да
Бербеймин – деп, айта албай
Эсенкан берди балага,
Алтымышы өлүм катында,
Бошотуп ийип Алмамбет,
Чыгарып ийди аларды
Чынмачындын калаага,
Ак жеңдирбес карага,
Алты конуп Алмамбет
Нак ошо жаткан арага,
Аскердин алып эсебин,
Элинин көрүп эсенин,
Ал элге алты конуптур,
Аярлар душман болуптур.
Эсенканга кеп айтат:
«Конок кылып жатасыз
Соорондуктун баласын,
Ушу бала соо койбойт
ЧоңБээжиндин калаасын,
Так ушундай кезинде
Жоготолук карасын!
Жүрбөйт биздин элге тим,
Жүзүн карап олтурсаң
Нур төгүлөт нече миң.
Ыйман нуру толуптур,
Төгөрөктө мындай жок,
Бу баланын башында
Дөөлөт кушу конуптур.
Азыр келип турганы
Чынмачындын чарбагы,
Чылгый басып калыптыр
Мусулмандын арбагы,
Чын түбүндө зор душман,
Так ушу жерде сойсоңчу
Чычкак алган баланы,
Акыр түбү чаң салат
Анжы-манжы калааны,
Талкалаары билинди
Таңшаң шаар калмагы,
Так ушуну байкаңыз
Таштан оор салмагы,
Заар берип жалмайлы,
Балтыр эти толгон соң
Акыры кыйын болор дейм
Адам жеңип алмагы!»
Шыбаң, Сууру аяры
Канына айтып зарлады,
Айткан эки аярын
Эсенкан жаман карады:
«Чоңбабасы Чылаба,

Таңда келип Соорондук
Согуш кылса не пайда?!
Аяр-аяр дегенге
Атырылат экенсиз,
Солобонун журтуна
Согушуп калар бекенбиз,
Жем талашкан тооктой
Чокушуп калар бекенбиз?
Атасы бар Соорондук,
Азыр аман, саламат,
Кан Соорондук атагы,
Азар түмөн Бээжиндин
Аскери ага караган,
Жаман болор чатагы.
Байкаганга көрүнбөйт
Мүнөзүндө жаманы,
Өлтүрүш бизге жарабас
Аскерлерди текшерип
Айылга келген баланы,
Акыры кийин көрөрбүз
Болгон болсо залалы,
Жалгыз уулун өлтүрсөк
Таңшаңдагы Соорондук
Колуңа өлбөй калабы?!
Кылым кытай журтунун
Аскеринин башчысы,
Кыстап душман жоо келсе
Кызыл канга батчуусу,
Калдайып жаткан Каканды
Карап тыштан бакчуусу,
Карадан эмес, канынан,
Соорондукка катылган
Үзбөйбү үмүт жанынан.
Соорондук оңой эр эмес,
Өлтүрсөк жалгыз баласын
Соо коёрбу Соорондук
Чынмачын Бээжин калаасын!
Душмандык кылса баласы
Сойбой тирүү коё бербес,
Бепбелгилүү турбайбы
Соорондук кылбай калбасы,
Өзүбүздөн тышкары,
Өзүнөн өлсүн баласы,
Ушу жерден тим кетсин,
Оолак болсун балаасы».
Эсенкан муну айткан соң
Аярдын тынды санаасы.
«Көргөндү айттым каным – деп,
Көрүп туруп мүнөзүн
Көп чочунду жаным – деп,
Кытайдын журту кызыл чок,
Кызыл чоктуу көп ойрот
Кылымда мындай неме чок,
Калмактын журту кара чок,
Кара чоктуу көп ойрот
Калкымда мындай неме жок,
Качан айттың мага – деп,
Каным сизден жеме жок.
Аярсынып калдың – деп,
Алмамбет мында жүргөндө
Айтып качан салдың – деп,
Болбосун жеме бизге – деп,
Болорун айттым сизге – деп,
Нак ушундан Эсенкан
Амандыгың изде – деп,
Тилегим мындан амандык,
Тим жүрбөйт, кылат жамандык,
Атабыз Кабыл тукуму,
Нак ошондон бери жакка
Адам болуп таралдык,
Азыркысын былк этпей
Өзүңүзгө карадык.
Башкадан турат руху,
Маалым турат баары журт
Мына ушундан куруурy.
Башкы атасы түрүктүр,

Түрктөн бери таралып
Түмөндөшүп жүрүптүр,
Ар качандан, бир качан
Кара кыргыз журтунан
Калкыңа түшкөн мүлүктүр,
Каптаса кара кыргыздан
Каканга түшкөн түлүктүр.
Барансоз бар, ингилис,
Баштатадан жер алыс,
Кара-Моор көлү бар,
Кадимден орус эли бар,
Жаңы өрүмдөн баатыр – дейт,
Жаян Жагөр эри бар.
Күн чыгышың-дайра көл,
Күлдү жаткан жаёп эл.
Алты айда суунун үстүндө
Кеме менен ким жүрөт,
Келип бизге урушка
Жаёп кайдан үлгүрөт?
Күн чыгышың Бычылы,
Күйдүргү чыккан баланын
Кыйын турат бычымы,
Дагы өзүңө караган
Кытайдан бар кычылы.
Ары жагы бар бийик тоо
Көз учкан таш улуу зоо,
Ташы көлдүн үстүндө,
Нелер бар да, нелер жок
Дүнүйөнүн жүзүндө.
Түштүк жагы Маңгүбө,
Бээжиндеги биз билдик,
Аты угулбас өңгөгө,
Сазаң-Шаңдын эли бар,
Ары жагы дайрага
Кайык менен жан кирсе
Келбейт деген кеби бар,
Аз болгондо ал дайра
Ары карай сүздүрсө
Алтымыш жылдык эни бар,
Адамзат ар жагын
Кантип көрөр эби бар,
Кармаша жүргөн ар качан
Кара кыргыз эли бар,
Кыргызга таёо казагы,
Каарданса бул экөө
Кылымга тийген азабы.
Айылы жакын аралаш,
Калкы жакын каралаш,
Караган эли көп алаш,
Карынымда көп ойлойм,
Кабардашып түркkө,
Казабы түптү – деп, ойлойм.
Каздырар ушу түбүңдү,
Каардаса кара кыргызы
Калтырбайт деймин түгүңдү.
Өзүң билгин, өзүң – деп,
Өзүңүзгө билгенди
Өтүнүп айткан сөзүм» – деп,
Шыбаң, Сууру токтолду,
Алмамбет жатып аз күнү
Аскердин санын жоктоду.
Эсебин алып элинин,
Карасын көрүп калкынын,
Кайнаган кытай жалпынын,
Кашында нөкөр канча жан,
Коомасын айтып кытайлар,
Алмамбет жолго кириптир,
Каспанды көздөй жүрүптүр,
Ачааны деген кыштакка
Ал күнү барып кириптир,
Алмамбетке билдирбей
Ачаанынын улугу
Төрт адам чаап ийиптир.
Көтөргөн килем үстүнөн
Көзүн Алмаң салыптыр,
Төрт адамды көргөн соң

Канга забын болдум – деп,
Кайдан жүрүп оңдум – деп,
Төгүп жашын алыптыр,
Айтпай чапкан улугун
Алдырып келип кашына,
Беш болсун сени менен – деп,
Алмамбет кылыч салыптыр.
Көшөгөш өлдү калдайы,
Алмамбеттин каарынан
Көргөндөрү далдайды.
Эки конуп калыптыр,
Элинен эсеп алыптыр,
Аскерин санап жоктотуп,
Жайыңа жата бергин – деп,
Көшөгөштүн ордуна
Баңдууну калдай токтотуп,
Көшөгөш өлдү калдайы,
Алмамбеттен коркушуп,
Көңүлү калды далайы.
Алыбызга жараша
Алмамбеттин жолуна
Төрт күнөкөр чапты – деп,
Өрттөнгүр кандай улук бул,
Өзү менен беш болуп
Көшөгөш өлүп жатты – деп,
Күңкүү кылган калкы бар,
Алтымыш күндө Алмамбет
Таңшаң улуу шаарына
Аман келди каркыбар.
Атакеси Соорондук,
Аңдап көрсө кытайлар
Ал Алмамбет баланын
Андан бөлөк салты бар,
Мусулман журтун кырмакка
Бул Алмамбет баатырдын
Кылып жүргөн анты бар,
Атка минип бир күнү
Аң уулады каркыбар,
Элүү бала жолдошу,
Эр Алмамбет жолборсу,
Аң уулап чыкты Аралга,
Арал толгон кези экен
Бугу менен маралга.
Каспаң тоонун аягы,
Кара адырмак бели бар,
Боз үй тигип, мал баккан
Кара калмак эли бар,
Аяк жагы сеңирден
Аккан кара суусу бар,
Кара сууда карк токой
Аңгемеси ушу бар.
Күн жүрүшү Чатала,
Арасына караса
Жеке ат менен жол жүрсө
Жети күндүк кең талаа.
Арал-арал сазы бар,
Төлдөп жаткан суусунда
Аңыр менен казы бар,
Тоо тарабы Ит-Кечпес,
Адырдын учун кыркалап
Аккан Кара-Суусу бар,
Аңгемеси ушулар.
Ит-Кечпес менен Кара-Суу,
Уу кылар жери мына бу,
Эки суунун арасы
Жарым күндүк талаасы.
Арал болгон жер экен,
Абыдан токой чер экен,
Ормон-токой калыңы,
Ого барган кишинин
Оңдурбастай калыбы.
Каманы бар, жолборс бар,
Качырган аман болбос бар,
Кашыңдагы Алмаңдын
Элүү жигит жолдош бар,
Отузу саадак тартуучу,

Жыйырмасы мылтык атуучу,
Кыраан эрдин жолдошу,
Кызып алып аңына,
Кыйкырышта болду ошол,
Аралап токой кире албай,
Кырга чыкты жолдоштор.
Алмамбет кирди Аралга,
Капарына түк албайт
Каламбы? – деп, залалга.
Суу боюнда токойдун
Камышы калың-жекени,
Жекенге Алмаң жеткени,
Жеке кирип кеткени.
Эр Алмамбет баатырды
Дүкшө деген бир каман
Токойдон чыгып качырды.
Качырды каман чалганы,
Камыш таяк колунда
Саңса менен салганы,
Томолонуп жыгылып,
Каман жатып калганы.
Карап турган жолдошу
Калаба түшүп калышты,
Каманды көздөй барышты,
Баатырлыктан чапты – деп,
Бабырашып калышты.
Алмамбет улук каныбыз,
Качырганда бу каман
Калбады коркуп жаныбыз.
Эрликти кайдан таптыңыз,
Эми жетип чаларда
Саңса менен чаптыңыз.
Жакшы иш болуп калды – деп,
Жабырашып айтып кеп,
Эки бугу, үч марал,
Ээн экен бул Арал,
Кийиктен бешөөн алдык – деп,
Камандын келген бирөөнү
Жыга чаап салдык – деп,
Алмамбет барды сарайга,
Андан жолдуу экен – деп,
Атагы кетти далайга.
Бир жумадан бир жума
Алиги жолдош жигиттер
Ашыгышып жупжуда
Аралга ууга барсак – деп,
Алмамбетке айтып кеп
Соорондуктан жашырат,
Алмамбетти кара – деп,
Аң ууласа бала – деп,
Алиги жигиттерине
Атакеси тапшырат,
Эки жакка бастырса
Не болор жалгыз балам? – деп,
Энеси көзүн жаш кылат,
Эртели-кечти үйрөтүп,
Эр Алмамбет шаарында
Элүү миң жигит маш кылат.
Аттанды бир күн аң уулап,
Алтымыш жигит жолдошу,
Астында Алмаң жолборсу.
Алмамбеттин шол кезде
Он бешке карар жаштыгы,
Кашындагы жигиттер
Бири миңдин баштыгы.
Миң башыдан жыйыптыр,
Бир күн чыгып Алмамбет
Адыр менен Аралга
Аң уулап эрмек кылыптыр,
Алты бөрү, беш доңуз
Аралдан уулап алыптыр,
Аскери дөңдө калыптыр,
Алмамбет, бери келгин – деп,
Кырдагысы айгай салыптыр,
Кызыгып кийик атам – деп,
Элик көрүп Алмамбет

Эми жакын барыптыр,
Эликке жакын барганда
Эңкөө деген зор жолборс
Качырып чыга калыптыр.
Ат-маты менен аларда,
Алмаңа кучак саларда
Жолборс колун салганы,
Ит үргөндөй сезбестен
Колундагы заң таяк
Алмамбет салып калганы.
Камыш таяк чабылды,
Жолборстон маңдай жарылды,
Таякка мээси жабылды.
Жыгылып жолборс калганы,
Таанызбайт экен жолборсту,
Эмине жандар ушу – деп,
Эр Алмаң оюна албады,
Эликти кууган боюнча
Алмамбет кетип калганы,
Булуңча келген шабырга
Бул эликти камады.
Берки өйүздөн-наркы өйүз
Беш кулач келген жеринен
Камалып элик турбады,
Каргып элик чурады.
Эликче күчүң болбосоң
Сен ат болбой куру – деп,
Алмамбет камчы урганы,
Эликтин өткөн жеринен
Кылжейрен аты чурады.
Кара-Сууну жакалап,
Кара ормонго бакалап
Качып элик жөнөлдү,
Кармап тирүү алсам – деп,
Алмамбет кууп өмөлдү.
Аралап алып токойго
Элик кирип кеткени,
Аркасынан кубалап
Алмамбет жакын жеткени.
Аянтта турган бир топ жан,
Алмамбет болду айран-таң,
Кырк канаттуу ат минген,
Токойдо турат кыркча жан.
Алиги элик барганы,
Алиги турган адамга
Аралаша калганы,
АстакпырАлла деген сөз
Алар айта салганы,
Бир силкинип ал элик
Адам боло калганы.
Жалгыз келип Алмамбет
Жакын турду аларга,
Айран болуп таң калды
Кубалап келген элиги
Адам болуп калганда.
«Көрүнгөн кандай жинсиздер,
Кырк канаттуу ат минген
Кырк адам сиз кимсиздер?
Жөнүңөрдү айтыңар,
Дөөсүздөрбү, периби,
Же кытайдан бөлөк бир журттун
Жаан кезген эриби?
Кууп келген элигим
Адам болгон нелигн.
Көз байлаган дубакөй
Аярлардын зериби?
Адам десем башкадай,
Айбатыңар көрүнөт
Адам уулу шашкандай.
Башка десем адамсыз,
Бадыша сыпат не жансыз?»
Алмамбет антип сурады,
Айран болуп турады.
«Тик келдиң, балам, сиз – деди,
Чилтен деген биз – деди.
Буйругу менен кудайдын

Мында келип турубуз,
Байкасаң бала сөз ушул,
Жалганы жок мунубуз.
Жалпы турган кырк чилтен
Жараткандын кулубуз,
Ак бирдигин айтмакка
Азыр келип турубуз».
Аны айтты кырк киши,
Аянты ачык булуңда
Азыр турган жык киши.
«Кубанба – деп, бу жайга,
Кул болгун – деп,-кудайга,
Кийиктен болор жолуң – деп,
Душман болор кураган
Эсепсиз арбын колуң – деп,
Аң уулоодон калбайсың,
Акырында-түбүндө
Алаш журтту кармайсың.
Айтканым ушу саган – деп,
Аман болгун балам – деп,
Буюрган бизди Алдаң» – деп,
Андан бөлөк айтпай кеп
Көк жакка көзүн салганы,
Көз жумганча болбоду,
Көтөрүлүп дүркүрөп,
Көгүчкөн болуп алганы,
Урган таштай дырылдап
Учуп кетип калганы.
Абыдан көп сүйлөшпөй,
Алла кандай жандар? – деп,
Алмамбет айран калганы,
Кармап калбай бирөөн – деп,
Калды ичинде арманы,
Жолго түшүп Алмамбет
Жолдошуна барганы.
Алмамбет чапкан жолборсун,
Аңтаң кылган жолдошун.
Жолборстун кетте зору – деп,
Алмамбет сага катылып,
Кайнады мунун шору – деп,
Жолдоштор айтып салганы,
Жолборс деген булбу? – деп,
Алмамбет сурап калганы.
«Болобу мунун акылы,
Айбаттуу экен акыры,
Адамды көрсө качырган
Айбандын кандай каапыры?
Качырды мени ушу – деп,
Камандын да тишинен
Курч экен тырмак учу – деп,
Аттуу жүрсөм качырды
Канчалык мунун күчү – деп,
Аттуу киши ушундан
Кутулуп качып кетеби?
Кармаша кетсе бир адам
Алышса, алы жетеби?»
Алмамбет антип сурады,
Жайын билген жолдошу
Жабырашып чуулады:
«Кырк киши кыймылдатпаган
Дагул аюу куйруктуу
Жолборстон өлүп жатыптыр,
Бир бута жерге атыптыр,
Кытайдан барган аңчылар
Кызыгына батыптыр,
Маңгулдун Кырчок мергени
Ал жолборсту атыптыр,
Тийбей калып мылтыгы
Кырчоктун шору катыптыр,
Чапчыган экен бир келип,
Мерген өлүп жатыптыр.
Ылактырып атыны
Узун жерге жетиптир,
Аты менен ээси өлүп,
Абыдан шору катыптыр,
Төрт жүз киши уу кылып,

Курдап жүрүп бара албай
Кутулуп жолборс кетиптир.
Андан да кыйын бул жолборс,
Карсактай чаап катырдың,
Алмамбет, сендей жан болбос,
Кандай чыккан баатырсың?!
Коёндой чаптың каманды,
Бул жүрөгүң барында
Козголтот деймин чантууну
Которуп акыр заманды,
Эки жолу кылдың эрдикти,
Артыкча көрдүк чамаңды.
Жолборсту чаап кеттиңиз,
Кабар салбай жолдошко,
Карабадың жолборско,
Кууп кеттиң эликти,
Элик качып желикти,
Элик кайда кетти? – деп,
Айттык эле бул жерде
Ал эликтин ажалы
Не да болсо жетти – деп,
Ойлодук эле аны – деп,
Карап сени көрбөдүк,
Калбас элик жаны – деп,
Ат өлбөсө Алмамбет
Албай койбос аны – деп.
Ойлодук эле баатыр – деп,
Кууган элик сизде жок,
Эмине кылдың акыр?» – деп.
Жолдоштору сурады,
Эликтен көргөн икая
Алмамбет айтып турады:
«Атым менен кубалап
Артынан чукул жеттим – деп,
Бир булуңда кырк экен,
Барган жерде ал элик
Адам болуп кетти – деп,
Айтты далай кепти – деп,
Буйругу менен кудайдын
Мында келип калдык – деп,
Ак динине өзүңдү
Айтып жолго салдык – деп,
Ар иш кылсаң ойло – деп,
Ойлобостон иш кылып,
Бышыга элек жаш башың
Бушайманга койбо – деп,
Айтып мага мындай кеп,
Ак амыры кудай – деп,
Көздү ачып жумганча
Көгүчкөн болуп алды – деп,
Көтөрүлүп дүр этип,
Учуп кетип калды» – деп,
Көбүнө айтып мындай кеп,
Алмамбет сүйлөп салганы.
«Эмне дейсиң бала?» – деп,
Эр Жайсаң сурап калганы.
«Ойноп айткан сөзүңбү,
Ушундай дейин элге – деп,
Ойлоп айткан сөзүңбү?
Чындап айткан сөзүңбү,
Кантер экен булар – деп,
Чычалаткан сөзүңбү?
Элик киши болду – деп,
Не десем болор өзүңдү?
Канаты бар ат – дедиң,
Көгүчкөн болуп баарысы,
Учуп кетти бат – дедиң,
Экөө-бирөө дагы эмес,
Кырк экен адам калк – дедиң,
Улугубуз сен айтсаң
Ушуну кайдан калп – дедим.
Куп айтыптыр дегеле,
Кудай деген немене?
Ал жерде сурап калсаңчы,
Ак таала деген не сөз – деп.
Айтып бизге билгиз – деп,

Көрүнчүбү, периби?
Берен калган Бээжинге
Перинин келер жериби?
Айткан сөзү бузук – деп,
Аты менен адамы
Көгүчкөн болуп алганы
Абыдан анык кызык – деп,
Ак дегени недир – деп,
Аңтарып сурабапсыз кеп.
Кудай деген недир – деп,
Куптап сурабапсыз кеп».
Кужулдашып калышты,
Жолборсту союп алышты.
Неме койбой артынып
Жолборс, кийик, доңузун
Таштабастан этинен,
Таңшаң экен базары,
Жүз миң, жүз миң калаасы,
Жүрүп кетти бетинен
Туңша кытай баласы.
Ар кайсысы өз үйүн
Көздөп жолго салыптыр,
Көсөл Алмаң, үч баң-баң
Кан кашына барыптыр,
Жолборстун көрүп терисин
Соорондук чочуп калыптыр.
Аткан ким – деп, жолборсту,
Күнөөлөмөк болуптур
Баламды баштап барды – деп,
Күлдү барган жолдошту.
Баштап жүрүп баламды
Караган жалгыз карамды,
Айырган жүргөн экен – деп,
Ачууланып бекемдеп,
Жолдош болгон миң башы,
Жолборско жалгыз жолукса
Айнегим – жалгыз каралдым
Аман калбас бир башы,
Уу кылганды чыгарган
Узарбасын этеги,
Аң издөөнү чыгарган
Асили түбү оңбосун.
Алдырып алып баарысын,
Жыйып салды зынданга
Алмамбеттин жолдошун,
Айтпай алар туруптур
Алмамбет чапкан жолборсун.
Койбоду бир да аманын,
Айтпай койду Алмамбет
АрАлла чапкан каманын,
Кырк чилтен көрдүм дегенин,
Айтканын айтпай баланын.
Миң кишиге баш болгон
Жеке Алмамбет бала эмес,
Алтымыш экен адамы,
Аптага жатып зынданда
Адамдары жадады.
Атасы салган зынданга,
Аргасы жок алардын,
Жаткан экен так кырк күн
Соорондук өкүм кылганда.
Алмамбет андан бейкабар
Ар качандан бир качан
Алмамбет келсе зынданга
Адамдары жай табар.
Аш киргизип, нан берет,
Караңгы болбой жаткын – деп,
Жагарына шам берет.
Кырк күнү сурак сураган,
Кыйшыгы бар адамдар
Алмамбеттин тушунда
Кыйноо көрбөй турбаган.
Жолдош болгон алтымыш
Жолукпады бири да,
Арылбады Алмаңдын
Ичиндеги кири да.

Атка минип, аң уулап
Тоого-ташка чыкпадым,
Мында жатып суракта
Быр эткен мылтык укпадым.
Зынданчыга барайын,
Зындандагы күнөкөр
Ал-абалын карайын,
Алмамбет ойлоп алганы
Алтымыш эле жайсаңым,
Аларды жыйып алайын,
Аралга барып, уу кылып,
Аңгемени салайын.
Аны ойлонуп Алмамбет
Кадам койду зынданга,
Ашык болгон Алмамбет
Аралга уу кылганга.
Зынданга келип калыптыр,
Жолдошунун баарысы
Зынданга түшүп алыптыр.
Коомасын айтып кожурап,
Коёндой көзү жоодурап,
Чачы сирке, бит болуп,
Жолдошунун баарысы
Кордук көрүп, ит болуп,
Калган экен кайышып,
Карап турду Алмамбет
Не болгон – деп, буларга?
Жолдошу үчүн майышып.
Чык! – деп, кылды өкүмдү,
Соорондук салган зынданга,
Жооп албай чыккан соң
Өлөбүз – деп, өкүрдү.
«Атаңдан жооп болбосо
Асты чыгып болбойбуз,
Чыккан менен зындандан
Асили түбү оңбойбуз.
Кырып салса нетебиз,
Кыйын жайга кетебиз.
Айрылабыз жандан – деп,
Алыңыз жооп кандан – деп,
Алып барып баламды
Аң уулатып жүрдүң – деп,
Ан үчүн бизди салган – деп,
Кырк күн болду биздерге
Асирет кайгы калган» – деп,
Жолдоштору сөздөдү,
Алар чыкпай койгон соң
Атасынын үйүнө
Эр Алмамбет көздөдү.
«Каралдым үйгө келди» – деп,
Катуу күлдү кубанып,
Кан Соорондук буралып,
Каары катуу Алмамбет
Карап алды атасын
Каны качып кубарып.
«Не болдуң – деп, эрмегим?
Эскирип кеткен чагымда
Лаайлама бергеним.
Ачууланып сурданып,
Кыйыктанып кырданып,
Капаландың кимден? – деп,
Атакеңдин көңүлүн
Арылтсаңчы кирден» – деп,
Соорондук шонтип сурады,
Жооп берип Алмаң турады:
«Мага жолдош ким болсо
Башын жутмак болупсуң
Баарын камап зынданга,
Байкуш кылып коюпсуң
Күнөөсү жок кишини,
Күнөө кылган жан болсо
Күбүп неге салбайсың
Оозунда отуз тишини,
Балама жолдош болдуң – деп,
Баарын салып зынданга,
Ким уксун мындай ишиңди!

Ууга баштап мен бардым,
Ууга жолдош болдуң – деп,
Убарага не салдың?
Аң издөөгө мен бардым,
Анда жолдош болдуң – деп,
Адамымдын баарысын
Азапка мынча не салдың?
Аңдап туруп, атаке,
Ал ишиңе таң калдым.
Айдап алып аларды,
Аң уулаган мен – деди,
Алжыды десем, жаш турсуң,
Атакем, азыр сен – деди,
Өмүрүм ичи аң уулап
Өтөмүн, ата, мен – деди.
Ант кыламын аң үчүн,
Аманат кара жан үчүн!
Кара-Суунун аралын
Узун экен өрдөдүм.
Ушу жалган дүйнөдөн
Уудан кызык көрбөдүм.
Кулак уккан, көз көргөн
Аңдан кызык көрбөдүм,
Караңгыны жаркытып,
Таңдан кызык көрбөдүм.
Ушу жалган өзгөдөн
Аңдуу жер болсо арзыймын,
Тоону кантип түзөймүн,
Кийиктүү жерди күзөймүн.
Кийиктин жайы тоо экен,
Бөрүнүн жайы коо экен,
Ажалдын жайы ок экен,
Аны көрүп мен келдим
Аңдан кызык жок экен.
Миң башы бар, жайсаңды
Бирин койбой алыпсыз,
Сырдаш жолдош-жоромду
Зынданга камап салыпсыз.
Чыгарып азыр бериңиз,
Чыгарбасаң аларды
Көп көргөн жалгыз балаңдын
Жан кечкенин көрүңүз!»
Алмамбет айтып салганы,
Бейкүнөө салып зынданга
Беш-алты күндө чыгармак,
Ырас экен Соорондук
Өзү унутуп калганы.
Кыйладан бери унуткан,
Кырк күнү таштап куруткан.
Убал болгон экен – деп,
Соорондук басып бекемдеп,
Эр Алмамбет артынан
Жүгүрө басып тепеңдеп,
Капкасына зындандын,
Зындандагы жайсаңдар
Карагын көөнү тынганын,
Ачтырды капка эшигин,
Үч жүз он төрт киши экен
Жедирген зындан кешигин.
Алтымыш кулач жер ойгон,
Калыңдыгы бир кулач,
Кыш ордуна таш койгон,
Жер таманы бир кулач
Кара чоюн куйдурган,
Жер алдынан тундурган,
Казып чыгып кетер – деп,
Кандыгым болор бекер – деп,
Капталын таштан тургузган,
Камаса батат канча жан.
Бир жагынан бир жагы,
Төрт жүз кулач кеңдиги,
Сонун улук Соорондук
Таңшаңдан жок теңдиги.
Капкасы кыйын бек коргон,
Кан каарына калгандар
Өлдүк ко – дешип, тек болгон.

Соорондук келип акырды,
Зындандагы миң башы
Чык бери! – деп, бакырды,
Алмамбет келип артынан
Үч жүз он төрт кишини
Бириң калбай чыккын – деп,
Эр Алмамбет чакырды,
Ал зынданда күнөөкөр
Эмесин койбой чыгарып,
Зындан ичин зап кылды.
Баласынан өтө албай,
Күнөөкөрдү тосууга
Соорондук алы жете албай
Ордосуна бет алып
Ол Соорондук кеткени,
Алты кадам басканча
Арагентун шаарынан
Арыз айтып бирөө жеткени.
Жалгыз эле жаным – деп,
Жайымды уккун, каным, – деп,
Керсар деген кыштактан
Бар эле алган жарым – деп.
Он үч жашта алгамын,
Аламын – деп, той кылып,
Бул өткөрүп салгамын.
Менин булумду алыптыр,
Мааласында бир бала
Сулуу чыгып калыптыр.
Он үч жашта эр бала,
Оңбогур сулуу не бала!
Мен алуучу колуктум,
Көрбөй куда болом – деп,
Көп балаага жолуктум,
Кызматта жүрүп бир түнү,
Капкасынын оозунан
Кызды көрдүм бир күнү.
Колуна чырак алыптыр,
Короздой мойну койкоюп,
Көз көргөндө жан тоюп,
Беризатта болбосо,
Бендеден андай жан болбос,
Асили бери болбосо,
Адамда андай жан болбос,
Ичке бели чыбыктыр,
Айдай жүзү жаркырап,
Алтын чырак колго алып,
Ашыгын издеп чыгыптыр.
Анда көзүм салгамын,
Акылым айран калгамын,
Бехуш болуп жыгылып,
Мен билбеймин талганым.
Түндө көрдүм кечинде,
Түк неме жок эсимде,
Эртесинде турупмун
Түшкө жакын кезинде.
Не болгонум биле албай,
Эсим ооп бир далай,
Аш-тамактан татпадым,
Ага кантип жетүүгө
Акылымды таппадым,
Алиги жерден кете албай,
Кеч киргенче сактадым.
Кызды көрбөй кысылдым,
Ошол үчүн өлмөккө
Көңүлүм бекип бузулдум.
Жатарга жакын болгондо,
Жайнап жылдыз толгондо,
Катарында капкадан
Жана чыкты бир бала
Чыккан күндөй нурданып,
Чыбыктай бели буралып,
Алтындуу баят жамынып,
Ага ашык ал экен,
Алиги кызды сагынып,
Алтын чырак колго алып,
Дарбазанын оозунда

Мени көрүп таңданып,
Кандай жансың, сен? – деди,
Кашыма бери кел – деди.
Балага бардым таң калып,
Басып жеттим сандалып,
Алиги бала көркүнө
Айран-азыр таңданып.
Кирештелик мен – деди,
Киши келбес бул жерге
Кайдан келдиң сен? – деди.
Бул сарайда сулуу кыз,
Бул сырымды угуңуз,
Жетише албай, көрө албай,
Сарысан болуп турубуз.
Кыз чыгар – деп, караймын,
Кыздын жүзүн көрбөсөм
Кыямат жолун самаймын.
Кызда менин талабым,
Ал аңгыча кыз чыкты
Көтөрүп алтын банарын.
Көзүмдү мен да салганым,
Көргөн жерде билбеймин,
Көңүлүм ооп калгамын.
Бала кызга көрүндү,
Бакырып жашы төгүлдү.
Кыз да көрдү баланы,
Кыйлача айгай салганы,
Көрүштүрүп бир-бирин,
Сүйлөшө албай калганы.
Кызга келип эки адам,
Кылычы бар колунда,
Кызды айдады жолуна.
Балага келип эки адам,
Байкап болдум айран-таң,
Бар экен кылыч колунда,
Баланы айдап жолуна,
Баары кетип калганы.
Байкап турсам баланы
Бир сарайга камады.
Калбасын – деп, арманым,
Не күнөөкөр бала? – деп,
Аркасынан аяңдап,
Аста басып баргамын.
Банжарасы темирден,
Баланы солоп койгон үй
Барчасы турат бышкан кыш,
Балаа го – деп, ушул иш
Көзүмдү салдым тешиктен,
Бала чыкпайт эшиктен.
Кулпусун болот салыптыр,
Куруп калган баланы
Куп бекитип алыптыр,
Бала кирген сарайда
Шекер, шербет, бал, палоо
Тамак толуп калыптыр.
Жатар алтын тагы бар,
Жибек мамык дагы бар,
Бадыша күтпөс орунга
Баланы күткөн чагы бар.
Ыйлады бала, чыкпады,
Анча-мынча сөз айтсам
Бехуш болгон бечара
Менин кебимди укпады.
Кайра басып калгамын,
Кызды кийирген капкага
Кыйла мээнет мен көрүп,
Кымбаттык менен баргамын.
Кыз кирген сарай күлүстөн,
Банжарасы күмүштөн,
Накышы алтын оюлган,
Ал үйгө кирген адамдын
Напсиси өлүп, тоюнган,
Алтын такта үстүндө
Алиги кыз чоюлган.
Сарайга даам толуптур,
Кыз олтурган ал сарай

Баашанын сарайынан да
Артыгыраак болуптур.
Мамыгы жибек салынып,
Байкуш болуп кыз турат
Лаайламага жалынып.
Жалгыз сарай – жалгыз кыз,
Жаткан үйү ал экен
Жалдырап байкуш жайы-кыш.
Адам барбы көрөр – деп,
Ары-бери карадым,
Эч адам көрүнбөгөн соң
Алиги кызга тешиктен
Сөз айтканга жарадым.
«Атаңсенин ким? –дедим,
Атыңсенин ким? –дедим,
Кө .үлүң кара кир – дедим.
Жанагы эркек балабы?
Ал баланын жүрөгү
Сен үчүн жанып барабы?
Ал бала жайы не жерде?
Жакындатып экөөңдү
Кандай күтөт бу жерде?
Бир-бириңди көргөндө
Эсиңер калбайт э дээрге.
Жакындашып жеттиңер,
Төрт киши келип кылычтуу,
Жетишпей бир бириңе
Айрылышып кеттиңер.
Баланы барып камады,
Байкуштун алы калбады,
Наала кылып зарлады,
Акылы башта калбады.
Эшигин темир кулуптап,
Эсепсиз кыйын бектеди,
Экөөң сулуу жаш бала,
Неликтен мынча жектеди?
Бала сөзүмдү укпады,
Алла канча сөз айтсам
Жообу бир ооз чыкпады».
Кыз шо жерде кеп айтат:
«Кара жандан куп тойгон
Кандай жансың? – деп, айтат.
Атамдын аты – Кайынчоо,
Байлыгы башка жан эле
Ак жамбысы болгон тоо.
Келдим он бир жашыма,
Баламдын тою түштү – деп,
Дилде чачты башыма.
Баланча байдын уулу – деп,
Кырк качырга карк толду
Жамбы, күмүш булу – деп,
Сагоор байдын баласы,
Жакын бизге мааласы,
Шаар-Кентун калаасы,
Азыр бизге көрүнбөйт
Ал күйөөнүн карасы.
Кемелге кызым жетер – деп,
Күйөөм азыр он беште,
Убактысы жеткенде
Бир бирине кетер – деп.
Атам менен энемден
Ал сөздү угуп алгамын,
Не болгонун билбеймин,
Бир балаага калгамын.
Албарс кылыч байланган,
Көздөрүнө карасам
Шилисинде кайнаган,
Эки адам келип калганы,
Он эки жашка кирерде
Конок кылам, жүргүн – деп,
Чакырып мында алганы.
Чыгарымда энекем
Бир чыңырып алганы,
Бара бергин, балам, – деп,
Атам жолго салганы,
Алган бойдон бул үйгө

Баштап келип калганы.
Менден мурун коюптур
Тал чыбыктай буралган
Он бирдеги баланы,
Мени көрүп ал бала
Мээри түшүп калганы,
Ал баланы көргөндө
Акылым башта калбады.
Жашы менен жашым бир,
Башым менен башым бир,
Көркү, көзү, кашым бир,
Кара жибек түрлөнүп,
Көкүл-айдар чачым бир.
Тырмагы жубар, зумурут,
Ажар көркүн көргөндө
Адамдын көзү жумулат.
Колдорунда муун жок,
Сынга тарткан күмүштөй,
Тиштеринин актыгы
Ындыстандын күрүчтөй.
«Бириң эркек, бириң кыз,
Бир-бириңе бул жерде
Ашыкчылык кылыңыз.
Бириң шекер, бириң бал,
Бир бириңдин абалың
Жетишкенде билип ал.
Бириң күйөө, бириң кыз,
Бир жердесиң жайы-кыш».
Бул сөздү айтып салганы,
Кечке чейин тим коюп,
Кеч киргенде бөлүшүп,
Алып кетип калганы.
Жалгыз үйдө кыз калдым,
Жайым кандай болот? – деп,
Өзүмдү өзүм кызгандым.
Чыгайын десем эшик бек,
Чын балаалуу кандай кеп?
Көргөзүп туруп күйөөмдү
Алып кетип калды – деп,
Жалгыз үйгө таштады,
Азапка кандай салды – деп,
Ал күнү антип жаткамын,
Жана эртеси мен көрдүм
Таң саргайып атканын.
Эртесинде шашкеде
Ээрчитип мени алганы,
Баланын жаткан үйүнө
Баштап алып барганы,
Үйүнө бардым жол тартып,
Мен олтурган сарайдан
Баланын үйү дагы артык.
Олтургузду жанаша,
Ойноп-күлүп олтурдук,
Кечке кылып тамаша.
Эртеси жок, кечинде
Жылдыз чыгар кезинде
Баладан бөлүп мени да
Баштап алып кеткени,
Баягы ордого жеткени.
Солоп коюп өзүмдү,
Биле албадым алардын
Кайсы жакка кеткенин,
Эртесинде шашкеде
Жана дагы мен көрдүм
Баланы алып жеткенин.
Он беш күнү, он беш түн,
Ушундай күттү бүпбүтүн.
Андан кийин жүргүздү,
Эки күндө алып келип
Бир бирибизге киргизди.
Арадан алты ай өткөнү,
Алыстатып күн сайын
Анык түпкө жеткени.
Ал баланын атасы,
Айтуумдун жок катасы,
Басып кадам салган жок,

Балам кандай экен? – деп,
Бир да келип калган жок.
Атам-энем менин да,
Энем түгүл, канатташ
Урук-тууган элим да
Көрүнүүгө бир жан жок,
Абалымды сураарга,
Ойлоп турсам, тири жан жок.
Ашык болгон күйөөмдү,
Күйөөм тийсе колума
Ата-энемди сүйөмбү?
Ата-энемден дагы жок,
Али болсо мен шордуу
Ачылгандай багы жок.
Эки жарым жыл болду,
Эч бенде көрбөй камалдым,
Ашык жарым кучактап
Абыдан мээрим канбадым.
Же үйүбүзгө кетирбей,
Үмүткөр кылып бир бирин
Талабына жеткирбей,
Кандай кыйын бул иш – деп,
Камап коёт кечинде,
Жакындатып, бөлүшөт
Жарык болгон кезинде,
Жатсам-турсам ал бала
Күн-түн турат эсимде».
Кыз айтып сөзүн салганы,
Кайынчоо менин кайнатам,
Кандай ушу шумдук? – деп,
Айран-азыр калгамын.
Бу кыздын несин карайын,
Кайынчоо болгон кайнатам,
Как ошого барайын.
Башка Кайынчоо болдубу?
Малымды алып, кыз бербей
Балаага мени койдубу?
Кайнатам Кайынчоо өзүбү?
Кашкая сулуу кандай кыз,
Кайгыга айткан сөзүбү?
Оюма алып ошону,
Кентундагы кайнатам
Келип ага калгамын,
Бир көчөнүн боюнан
Кайнатамды кармадым.
«Убадаңыз жетти – деп,
Он үчүндө кошом – деп,
Угуздуң эле кепти – деп,
Колуктум барбы колуңда,
Кыз кай жакка кетти?» – деп,
Кайнатамдан сурадым,
Кайынчоону бурадым.
Аа – деди да, ыйлады,
Агып жашын тыйбады:
«Укпадыңбы, балам? – деп,
Убара болгон бабаң – деп,
Эсенкандын алдынан
Эл кыдырып чыгыптыр
Он эки табып арам – деп,
Кыйган кара каштуудан,
Жаңы он-он бир жаштуудан,
Тал жибектей чачтуудан
Жашына жашын тең кылып,
Кийгенин жадоо кең кылып,
Баштарына кийгизип
Отого-диңсе чен кылып,
Бир ургаачы, бир эркек,
Биздерге түшкөн көп эмгек,
Сулуусуна суктантып,
Бир бирине жууктатып,
Жетиштирбей бөлөт – дейт,
Ырас ышкы тийгени
Куса болуп өлөт – дейт,
Он беш жашка жеткенче
Ошол күндү көрөт – дейт,
Он беш башка жеткен соң,

Он алты жашка өткөн соң
Ол экөө бирдей өлөт – дейт.
Таш карапа-кумган – дейт,
Бийиктиги үч кары,
Ичи менен толтура
Заар кайнап турган – дейт.
Эркек бала, кыз бала
Чечиндирип алат – дейт,
Челекке кирип жупташ – деп,
Алдап кийирип салат – дейт,
Бурамалап оозун,
Бекитип кетип калат – дейт.
Сагынышып эки жаш,
Челектин ичи толгон аш,
Кучакташа кетет – дейт,
Кучакташкан боюнча
Ажалдары жетет – дейт.
Тумчуккан бойдон өлөт – дейт,
Тутушкан бойдон бул экөө
О дүйнөгө жөнөйт – дейт.
Эки жылга, үч жылга
Бузулбастан калат – дейт,
Эркек, кыз эти эзилип,
Буламык болуп алат – дейт,
Ал табыптар чыкканда
Көп сулууну көргөзбөй
Балдарды катып салат – дейт.
Катат – деди, балдарды,
Кандан келген табыптар
Карабайт экен чалдарды.
Кан берет экен өкүмдү,
Кашкая сулуу балдардан
Айрылып калып ушунда
Ата-энеси өкүндү.
Челекте жатып ал балдар
Калбаган экен тарпы – дейт,
Ал дарынын атагы
Атын уксаң барпы – дейт.
Атагы барпы дары экен,
Айдап жүргөн табыптар
Кандан өкүм бар экен,
Саа берем деген кызыбыз
Кентун шаар ичинде
Сулуулугу бар экен,
Ага жолдош кылары
Кирештилик бала экен,
Сулуулугу-сымбаты
Бир адамча бар экен.
Кирештиден тандаптыр,
Отуз алты бала экен,
Ошолордун ичинен
Ол баланы кармаптыр.
Ала турган жарынды
Табыптар минтип жалмаптыр,
Ал кызымды эстесем
А дээр алым калбаптыр.
Бадышалык дары – деп,
Барпы болду баары» – деп,
Баянын айтып салганы.
Айтып болуп кайнатам
А дээр алы калбады.
Кан жарлыгы катуу – деп,
Карып жаным таттуу – деп,
Кайнатам айтты мындай кеп.
Кайта баштан сурадым,
Өтүнүп арыз айтарга,
Өлүмдөн алып кайтарга
Даба барбы? – деп, сурап,
Такыдым андан көп сурап.
Кайнатам Кайынчоо кеп айтты:
«Казылып калар түбүбүз
Калбай тирүү түгүбүз.
Кан жарлыгы кайта албайт,
Карк алтын менен үйсөң да,
Кайта бер – деп, айта албайт.
Алган табып шайтан жан,

Алар кылган жумушун
Эч буза албайт Эсенкан.
Кайтарам деген кишини
Өлтүрүп аны сап кылып,
Абыдан бүтөйт ишини.
Арга жоктур ага – деп,
Кырк качырлык жамбыңды
Өткөрдүң эле мага – деп,
Казынадан мал алам,
Сексен качыр жамбы алам,
Жамбыңды, балам, төлөөрмүн,
Жандыргың деп, айткан соң
Жалган эмес өлөрүм.
Айрылдың колуктуңдан – деп,
Кайнатабыз Кайынчоо
Айрып алар арга жок,
Түңүлгөмүн мындан» – деп,
Жарым күнү ыйлады,
Жашын төгүп тыйбады.
«Кан өкүмү, даба жок,
Какшасаң бала сага жок.
Сулуу болбой калсачы,
Бучук, сокур болсо да
Колумда жүрүп карысачы».
Бул сөздү айтып зар кылып,
Кайынчоо калды кайгырып.
Карап турган күйөөсү
Калганын билди айрылып.
Көрдүм, – деди, кызыңды,
Кызды көрдүм дегенде
Кыз атасы Кайынчоо
Көңүлү жаман бузулду.
«Кызым тийсе колума,
Кылчайбай дүйнө соңуна,
Салар элем күн батыш
Чантуу жакка жолуна».
Муну айтып турду буркурап,
Баласы үчүн зыркырап.
Мен сурадым ошондо:
– Күн батыш жакта Эсенкан,
Карайт экен канына
Эсеп жеткис канча жан.
Адам өтөр жери жок,
Айтканыңдын эби жок.
Дорго менен баң-баң тур,
Толгон кыйла жандар тур.
Кичине капка үч күндүк,
Бакбурчун менен Каканчын
Байкап көрсөк жүз күндүк.
Адам өтөр жери жок,
Айтканыңдын эби жок,
Азыр кызың дагы аман,
Өлүп кеткен жери жок.
Эсенканга айтууга
Эгер кадам койбойсуң,
Эрте өлгөн эки бала экен,
Не кылсам – деп, ойлойсуң?
Кайнатама муну айттым.
Аш бышымдай олтуруп,
Акылын ойлоп болтуруп,
Кайынчоо шондо сүйлөдү:
– Камсыкпай, балам, жүр – деди,
Туңша шаар жердеген,
Тутушуп бенде жеңбеген,
Азыр он беш жашында,
Алмамбет деген эр деген.
Чоң бабасы – Чылаба,
Чылабадан Солобо,
Солободон Соорондук,
Соорондуккө жолобо,
Жашташ жашың бир экен,
Жайын уксам, Алмамбет,
Жүк көтөрөр бил экен.
Бир ооз барып айткын – деп,
Билиндирип кайткын – деп,
Кайнатам ыйлап кайгырды,

Илегердин зарпынан,
Табыптардын дартынан
Чолпондой сулуу балдардан
Далай адам айрылды.
Угузууга ушуну
Убараны көп тарттым,
Урматы бийик улугум,
Угузуп сизге турумун».
Алмамбет кебин байкады,
Атайы кыйын экен – деп,
Болбос – деп, башын чайкады.
«Адамдын жанын кыярбы,
Касирет менен кайгысы
Ашык болгон балдардын
Асман-жерге сыярбы?
Жаш чыракты өлтүрүп,
Карыга дары кыларбы?!»
Бу сөздү айтып Алмамбет,
«Курдашым бери кел – деди,
Соорондуккө барайын,
Соңумдан ээрчий бер» – деди.
Арзын айтып Жаңгү шаа,
Алмамбеттин артынан
Азыр бу да келгени.
Соорондуктөн кеп сурайт,
«Сонунуңар бар экен,
Ой, атаке, – деп, сурайт.
Калкы Какан журтунда
Калган өлбөй жан барбы
Канча жашап ушунда?
Уккан, көргөн баарынан,
Урматтуу Бээжин шаарынан
Ажалы жетип турса да,
Өлбөй өзү тим калып,
Табыптар берген дарыдан
Миң жашаган жан барбы?
Же болбосо табыбың
Билгенин кылган заңгарбы?
Беш жүз, үч жүз жаш жашап,
Табыптан өлбөс дары ашап,
Жашагандар барбы? – деп.
«Өлбөс дары өзү» – деп,
Ашагандар барбы? – деп,
Найза, мылтык, ок тийип,
Ажалынан кутулуп,
Шашпагандар барбы? – деп,
Адам үчүн жан кыйып,
Адамды дары кыларбы?
Жаш чырактай балдардын
Жанын бекер кыярбы?
Уктум бүгүн жаңы – деп,
Дарыга зарур болгонбу
Кылым кытай каны – деп,
Өлгөн жанды тирилтип
Кайырганын көрөйүн
Табыбын таап аны» – деп,
Алмамбет айтып күүлөнүп,
Ачууланып сүйлөнүп,
Карчыга шумкар куш – деди,
Карап турган кара журт
Шумкар салып, куш салып
Кылганың барбы иш? – деди.
Алгыр тайган ит – деди,
Барбы кытай элде? – деп,
Мааласынан издеди.
Айныбас мылтык ак бараң
Атууга мерген түз – деди.
Алмамбет минди каарына,
Келди баштап кол алып,
Кентундун кетте шаарына.
Илегерлер табыпты
Издеп таап, карматып,
Таш зынданга жабыптыр.
Алты бала, алты кыз,
Он эки экен алганы,
Ошолордун баарысын

Бош чыгарып салганы.
Ашык болгон жарлары,
Ак буйругу Алланын,
Бирин-бири алганы,
Ойноп-күлүп он бири
Кошулушуп калганы.
Мурунтан ашык бу жаштар
Мурадына жетишти,
Алмамбетти алкашып,
Булар тарап кетишти.
Кайынчоо кызы Каракөз
Алмамбетке арыз кылып,
Жангү шаадан барган сөз,
Такалып Алмаң жообуна,
Калбадыбы Алмамбет
Канча жандын сообуна,
Баккан бала дагы ашык,
Баштагы күйөө дагы ашык,
Экөө чыкты бир кызга,
Өзгөчө сулуу жалгызга.
Айтканынан билинди
Ал экөөнүн өлөрү,
Ажыраткан өлүмдөн
Алмамбеттин өнөрү,
Кыздын көөнүн аңдаса
Ашыгына жөнөдү,
Ал үчөөнүн мүнөзүн
Алмамбет аңдап көрөдү.
«Өлүмгө кеткен башыңды,
Ырайым кылып жашыңды,
Арызын айтты мага – деп,
Абалкы болгон күйөөң бул
Ашык болгон сага – деп,
Балага ашык сен болсоң
Сенден жаман сага ашык
Буга недир даба?» – деп,
Кызга Алмамбет карады.
Кыздын көөнү кыйбай тур
Кызыгып калган баланы.
Кандай кылсак муну? – деп,
Алмамбеттин аскери
Жабырлашып калганы.
«Кырк качырга жүк берген,
Кызын көрбөй шүк берген,
Куда болуп, той кылган,
Куп жетем – деп, ой кылган
Күйөөң мурун жатсын – деп,
Күсөгөнүн тапсын – деп,
Эртеңки күнү бул бала,
Өлүмдөн калган куу бала,
Бул да келип жатсын – деп,
Эки эркекке ушу кыз
Катын болуп калсын – деп,
Жадаган болсо кай бирөө
Жаңыртып катын алсын» – деп,
Өткүр Алмаң буларга
Өкүм кылып салыптыр,
Өңкөй дагач журтуна
Бир ата уулу баарысы
Бир катынды алууга
Үлгү болуп калыптыр.
Аларды антип тындырып,
Абага чаңын тундуруп,
Туңша тоо Чамагин
Жетигендин тарабын
Аскери менен Алмамбет
Аң уулашын карагын.
Өзөн-өзөн коо экен,
Ар коктусу баарысы
Аскар бийик зоо экен.
Кыш күнүндө кар жатар
Кыр-кырынын башы экен,
Капчыгайы, коктусу
Тоосу менен тең болгон
Зоокалуу бийик таш экен.
Чыккан чөбү чай экен,

Чылк кийиктин жайы экен.
Кийигине караса
Эчки менен теке экен.
Эч бир бенде жетпеген,
Бир жылгадан караса
Миңден эчки кетпеген,
Эчкисин кууп уу кылып
Эр Алмамбет беттеген.
Тарсылдатып атышып,
Тамашага батышып,
Кыйкырыгы чуулашып,
Кырдан-ойдон уулашып
Алты жүз кийик атыптыр,
Сегиз күн анда жатыптыр,
Сыякуш деген теке атып,
Сырттан Алмаң кайтыптыр.
Мүйүзү кызыл, жүнү сур,
Сыякуш жайын карап тур:
Киндигин киши алчу экен,
Кашынан үзбөй туткан жан
Каркап жүзгө жетсе да
Карыбай жапжаш барчу экен.
Касиети ол экен,
Андан бөлөк дагы да
Байдасы башка мол экен.
Атып андан текени,
Алмамбет кайта кеткени.
Калыстык кылып журтуна,
Ал жылы өтүп, Алмамбет
Он алты жашка жеткени.
Кырбуусун алтын чордогон,
Кырк жылы калса кыянга
Кылайып чети оңбогон,
Күлүн жибек тордогон,
Алтымыш алтын туткасы,
Аскердин барбы тутпасы,
Адамдын тийип колуна
Колдон-колго жиберсе
Алмаңдын барбы учпасы.
Нечен түмөн, нечен сан,
Нече чыйтай, нече кан,
Эң четинде Эсенкан,
Аскердин алып сурагын,
Алмамбет өзү ойлоп жүр
Аң издөөчү убагын.
Баш калаасы Баңгуну,
Паң Искендер, Туңшаны,
Баарын жоктоп ошону,
Кең калаасы Кентунду,
Киректи толгон киши бар,
Таңшаң тууган калаасы,
Адамынын көбүнөн
Көрүнбөйт жердин карасы,
Төрт айчылык жол экен
Кумул менен Туңшанын,
Паң Искендер арасы,
Арасында көп экен
Азим шаар калаасы.
Күн чыгышы Чынмачын,
Шымал жагы Бакбурчун,
Күн жүрүшү Каканчын,
Күн батар жагы Чоң-Бээжин,
Орто-Бээжин, Динегин,
Аяк-Бээжин, Чылану,
Аланик деген шаары бар,
Эң башында Кумулду,
Күн жүрүшү жагынан
Жуушаңгыр журту угулду.
Күн батар жагы Лоп болгон,
Күлдү кытай баласы
Аргасы кетип түрктөн
Азып барып токтолгон.
Күн жүрүшү жагында
Сураная тоо болгон,
Адамга айбан жоо болгон,
Ажыдаар бар, шери бар,

Адам уулу аа барса
Амандык таппас жери бар,
Үкөк жемиш өзүнчө,
Жаңгак менен өрүктүн
Жан жүрбөс калың чери бар.
Катын аюу, алаткак,
Додо деген жандар бар,
Добушу бийик заңгар бар,
Үнү бийик, сөөгү таш,
Аягы алтымыш, жети баш.
Канаты сексен, жүз куйрук,
Ачууланып кыйкырса
Аз болгондо добушу
Он күндүк жолго угулат,
Мамонут, керик, бил болсо
Добушунан жыгылат.
Анын жечү тамагы
Кокок жыгач сабагы.
Укса сонун ушу бар,
Аны көрсө кыя өтпөс
Жандынур деген кушу бар.
Бир чалгыны жүз кулач,
Адам сындуу башына
Кундуздай кара чыккан чач.
Денеси бирөө, башы үчөө,
Бир башы бар куш өңдүү,
Бир башы бар киши өңдүү,
Бербердигер кудурет
Жан жараткан ушу өңдүү.
Бир башы бар жыландай,
Аягы бар жүз кулач,
Агер келип чапчыса
Ташты талкан кылгандай.
Бир денеде алты бут,
Билбейт, көрбөйт биздин журт.
Бир аягы бүркүттөй,
Бир башы менен балык жейт,
Миң кулач жаян балыкты
Бир мөңкүтүп үркүтпөй
Буту менен тутуучу,
Ажыдаардай баш менен
Миң кулач жаян балыкты
Бир гана чокуп жутуучу.
Бир сугунуп койчу экен,
Балык жечү карыны
Аны менен тойчу экен.
Бир аягы жылкыдай,
Даш казандай туягы,
Алп кара куш жолукса
Тебе турган сыягы.
Күркүрөп кууп жетүүчү,
Көлөкөсү бир теше,
Көтүнөн жетип бир тепсе
Шондой үлкөн куш дагы
Күлдөй болуп кетүүчү,
Жээрге тарпын таба албай
Умсунуп куру кетүүчү.
Додону көрсө баруучу,
Добушун угуп алуучу,
Бүркүт тырмак аягын
Ал додого салуучу,
Кыргый алган торгойдой
Кыймылдабай калуучу.
Чоңдугун уктуң додонун,
Шондо дагы куш башы
Чала тоюп алуучу,
Ал экөөнү бүтүрсө
Адам башы калуучу.
Ар түрлүү жемиш, аң уулап,
Кийик издеп баруучу,
Киши кийик, төө кийик
Канатынын күүсүнө
Учуп кетип калуучу.
Сыйра-Тоодо бийик бар,
Ар бир түрлүү кийик бар.
Жандынур учуп жетчү экен,

Канатынын күүсүнө
Жаткан төөдөй таштары
Жапырак учкан немедей
Асманга учуп кетчү экен.
Шо жакта жапан керик бар,
Эгер тийсе адамга
Үйрөтсө болор керек бар,
Жоондугу миң кулач
Тазана деген терек бар,
Эгер консо башына
Үч жыгылып, үч турар
Кара жердин кашына.
Тунугу болсо токтолор,
Анча-мынча чириги
Жыгылган бойдон жок болор.
Күн жүрүш жагы көлү бар,
Жүз жыл сүзүп жүрсөң да
Бир кургак жер көрүнбөс
Дарыянын мөлү бар.
Шымалы Бээжин тарабы,
Жандынур жайын уккан соң
Адам уулу барарбы?
Бир денеде үч карын,
Тойгуза албай жык баарын,
Аракет менен өткөргөн
Тыным албай өмүрүн.
Дарыянын жээги бар,
Кайсы тоого, кай ташка
Жаба койгон жери бар.
Мейли кургак, мейли көл,
Турар жери – ысык чөл,
Жабыр баян – дейт экен,
Көлдөн, чөлдөн көрсө да,
Мейли басып, мейли учуп,
Кандай жерде жүрсө да
Арбап алып жейт экен.
Алардын угуп баянын,
Барган менен адамдын
Кетирер – деп, аянын,
Күн батышы Ымалай,
Сурап көрүп Алмамбет
Журтун даңгыт жайма-жай,
Алтайдан барып кыргызы,
Абыдан кырып жай-кышы,
Лопко куйду канын – деп,
Ойрондоп далай жанын – деп,
Дүбүрө канын өлтүрүп,
Кетирди элдин санын – деп,
Басып өтүп барды – деп,
Гүбү-Шаму чөлүн – деп,
Көлүктөрүн сугартып
Көкө-Ноор көлүн – деп,
Көбүн алды түк койбой,
Кайнаган какан элин – деп,
Ойрон кылып омурду
Орчун Бээжин белин – деп,
Угуп алып Алмамбет:
«Ушу эмине кордук? – деп,
Атпай какан көп журту
Алакандай чантууга
Арзан кандай болдук? – деп,
Кетип мындан барбасам,
Кентунга кабар салбасам,
Туңша калаа көп журтун
Туташ жыйып албасам,
Алтайдагы түрүккө
Абыдан салып түлүккө,
Эскимустун күн жагы,
Теңир-Ноор түн жагы,
Амур менен Субайыс
Анда болгон чантууга
Акыр заман салбасам
Алмамбет болбой куруюн.
Кара-Курум, Каркыра,
Кайысты, Арал, Көк-Дөбө
Казак, кыргыз жердеген

Уркун суудa көй төрө,
Кумардын башы Боз-Дөңдү
Куп калкалап ошону,
Жалбыстагы бурутту
Тур-Көлдүн тунук суусунан,
Тургузбай журтун ушундан,
БайкАлла жаткан чантууну
Байкатармын мен муну.
Кыргызын кыргын салбасам,
Алмамбет атым курусун
Кыпчагын кырып албасам.
Казагын каран салбасам,
Баатырлыгым бекердир
Маңгулун басып албасам.
Татары болсо талкалап,
Ташын бузуп балкалап,
Жыгачы болсо балталап,
Үркүнүн түндү катырып
Үлкөн дүрбөөн салбасам,
Даңгыттын каны Дүбүрө
Өчүрбөй өчүн албасам,
Атадан туубай эркек – деп,
Адам болуп эмгектеп,
Алмамбет болбой калбасам!»
Ал сөздү айтып күүлөнүп,
Ачууланып сүйлөнүп,
Алмамбет жөнөп кетиптир,
Арадан алты ай өтүптүр,
Антип-минтип Алмамбет
Он жети жашка жетиптир.
Мурду кетип кырданып,
Муңайып алып сурданып,
Таңшандагы Соорондук
Атасына барыптыр,
Жети ай болуп кеткени,
Жергесинин баарысы
Жетимсиреп калыптыр,
Жетим уул, тул катын
Алмамбетке алынып,
Топук кылып алыптыр.
Ордун жоктоп оңкулдап,
Карасын жоктоп кайгырып,
Канча күндөн бери жакка
Калган экен айрылып,
Амандашты баарысы,
Аларга болгон көп кубат
Алмамбеттин барышы.
Алтын такка олтуруп,
Аскерди кумдай толтуруп,
Алы саал карыбын
Арысын сурап болтуруп,
Үч ай кылды сурагын,
Таңшаң кылды турагын,
Ушу күндө ойлонду
Уу кылуучу убагын.
Асардын кара коосунда,
Дөңүназ, Токток тоосунда
Маңгул, татар, калмагы,
Магырып жакка барганы,
Казактан чыккан Айдаркан
Көргөндөрдүн оозунда
Маалим болгон арбагы,
Аты Көкчө баласы,
Аягына Эртиштин
Аз жыл болгон салганы
Ак-Калаа – деп, калаасы,
Ал кезекте ачылган
Кытай, кыргыз арасы,
Анжиянды, Нааманды
Алыптыр арстан Манасы.
Азыр жакшы чыкты – дейт,
Айдаркандын баласы.
Аты Көкчө эр деген,
Айбаты катуу угулат
Намысын колдон бербеген,
Аягын Арал-Көл деген,

Анын кандай экенин
Аңдап кытай көрбөгөн.
Элим ээн кетет – деп,
Шымал жагын дом кылган,
Жердин чегин ол кылган,
Жунгар тоо Булгарды
Жуда баскан буларды.
Эдил, Жайык эки суу-
Элинин чети мына бу.
Барскан, Саркан, Аягүз
Бураталаа, Эмилди,
Буга Айдаркан токтоткон
Бузбай казак элини.
Жанупжагын карасаң
Ала-Тоого таянган,
Башы кыргыз Байжигит
Алтай менен Шибердин
Арасынан жай кылган.
Ушундай болду казак – деп,
Бар-Көл, Тур-Көл, Энесей
Кыргыздан калды азат – деп,
Угуп жүргөн Алмамбет.
Урматы бар улугу-
Айдаркандын уулу – деп,
Аты Көкчө баатыр – деп,
Акылы бар канзаада,
Айылын багат акыр – деп,
Алмамбет угуп жүрүптүр,
Азар түмөн кол алып,
Алтайга аскер сүрүптүр.
Жанупта калмак журту – деп,
Көкө-Ноор көлүнө
Манжурия, Маңгулдан
Көп адамдар турду – деп.
Гөбү-Шаму чөлү бар,
Түрк уулунун бутагы
Түбүнөн маалим бу дагы-
Калмак, маңгул көбү бар,
Баарын угат Алмамбет,
Байкап артын көрүп ал.
Эң оболку атасы
Эдил экен атагы,
Көкчөдөн мурун көп жылда
Өткөн экен ал дагы.
Эдилден кийин – Жайыктыр,
Кадыр Алла өндүрүп
Канатын кыйла жайыптыр.
Жайыктын уулу – Дебиге,
Байкап казак теги де.
Дебигеден Барак кан,
Бөлүнгөндөн Угуздан
Алач болуп тараган.
Барак кан уулу Камбарды,
Байкап баарын билип ал
Баштагы өткөн жандарды.
Камбардын уулу Айдаркан,
Бабаңардын аты экен,
Байкабаган канча жан.
Айдаркан уулу эр Көкчө,
Арбагы журттан бөлөкчө.
Угуп жүргөн Алмамбет
Угуз уулу элине
Узап чыкты кол баштап,
Урматтуу Алтай жерине,
Уккандарың эсиңе ал
Нуска чачкан кебиме,
Айтар кезек да келди
Атпай алач элине.
Жер урчугу Буурул-Түн,
Чети калып алачтын
Күн батышка-шымалга
Күлдү тарап ушу күн,
Жер атагы Сары-Арка,
Тарлык кылбай бу калкка,
Төрт түлүктүү мал менен,
Ат минишип жал менен,

Тигип чатыр, боз үйдү,
Бабаларың баштатан
Тиге келген кош үйдү,
Бир көрсөң суунун башынан,
Бирде барып көрөсүң
Дарыя деңиз кашынан,
Бирде барып көрөсүң
Аккан дарыя боюнан,
Бир кезекте көрөсүң
Чөл-биябан оюнан.
Бадыша башын тута албай,
Мал жагынан кемибейт
Алланын каары жут албай.
Кандай душман катылса
Жеңсе жеңип алчу экен,
Агер калса жеңилип,
Адам таппайт карасын,
Желип кетип калчу экен.
Карап турар калаа жок,
Казак менен кыргызга
Калуучу экен даба жок.
Бирөөгө койсо алдырып,
Эч көрбөгөн душманга
Бир нерсесин калтырып,
Алдырдык – деп, басылбай,
Барган жерин соо койбойт,
Калыс жаткан бул эл – деп,
Калган эмес асылбай.
Көчмөн жүргөн баары тең,
Көрүп турсуң көз менен
Орто Азия жери кең,
Башы Бээжин, Кумулду,
Аяк жагы Арал-Көл,
Күн батышы Кырымды,
Батыргандай кылымды
Жер атагы угулду.
Кейип менен Букарды,
Кезегинде кыргызың
Кесип өткөн буларды.
Жанубуң Балык, Бадакшан,
Күн жүрүшүң Кебилден,
Ындыстанда четиң бар,
Бабаларың баштатан
Жалтанбаган бетиң бар.
Шымалында Шиберди
Атпай алаш балдары,
Эмине дейин силерди!
Атым акын Сагымбай,
Алла билет бул сөздү
Ак калпактуу кыргыздан
Менден өөдө билерди.
Айдаркан уулу эр Көкчө
Аңдап ойлоп отуруп
Акылыны бир күнү
Аң уулоого жиберди.
Атабыз өскөн Алтай – деп,
Азыр Алтай ээндир,
Аң, кийик арбын далай – деп,
Атканын жазбас мергенден,
Атасы дегдаар бектерден,
Жүрөгү сезбес баатырдан,
Жүйрүк сөздүү акылман,
Түнү-күнү жол жүрсөк
Жүдөбөй турган баатырдан
Кашыма жолдош алайын,
Казактан аскер кол болуп,
Качан болсо жүрүбүз
Казатка чыксак жол болуп,
Бир чекесин уу кылып,
Өөдөсүгөн душманды
Өрт жандырып чуу кылып,
Билардын тоосун бийиктеп,
Бээжиндин бери тескейин,
Бир аралап кийиктеп,
Каңгай, кытай журтунун
Катылса берип катыгын,

Таттырып өлүм татыгын,
Жооласа жообун берейин,
Жолу каткан каапырдын
Соо калганын көрөйүн,
Кишиси калса элебей
Кийик уулап келейин.
Эр Көкчө муну ойлонуп,
Тоосу менен оюна
Токсон жигит чаптырды,
Тогуз күнү токтолуп,
Токсон уруу казактын
Топ башысын чакырды.
Эл жыйылып мол болуп,
Барары Алтай жол болуп,
Элүү миң аскер кол болуп,
Издейбиз – деп, кийик-куш,
Жамыра тоодо бар деген
Жабыр баян, кара киш,
Дүнүйөнүн баарына
Түбүнөн маалим ушул иш.
Баатыр Көкчө баш болуп,
Бара жатыр уу кылып,
Баскан-турган жерлерин
Басылбаган чуу кылып.
Кийикке мылтык аттырып,
Жырткычка добул кактырып,
Отуз төрт күндө жетиптир
Ат тыныгып жаткырып.
Ыртыштан небак өтүптүр,
Көкшиңкес ашып кетиптир,
Аттары арып, тон тосуп,
Жамыра, Чаңкес оюна
Өлүп-талып жетиптир.
Адыр-адыр жери бар,
Адырдын чөбү суюлуп,
Адырдын чөбүн жеп жаткан
Аркарлар жүрөт куюлуп.
Будур-будур жери бар,
Будурдун чөбү суюлуп,
Будурдун чөбүн жеп жаткан
Бугулар жүрөт куюлуп.
Курбусунда кулжа бар,
Кайыптын баары мында бар.
Будурунда бугу бар,
Көрбөгөндүн муңу бар,
Муруңку бабаң жомогун
Бузбай тыңдап угуп ал.
Талаасында сары бар,
Токоюнда чары бар,
Жан бүткөндүн баары бар.
Кумунда кулан ойногон,
Чөлүндө жылан сойлогон,
Кырк айрылуу бугулар
Кыясында бойлогон,
Кызыгын көргөн тойбогон,
Бөксөсүнүн баарысын
Бөрү-түлкү жойлогон.
Жалгыз канат – казылык,
Ар бир түрлүү жандар бар
Адамга кылган каршылык.
Уксаң сонун ушу бар,
Эки-экиден илишкен
Жалгыз канат кушу бар.
Бөкөндөрү кыжылдап,
Бөктөрүндө быжылдап
Байдын коюн жайгандай,
Кумурскасы дагы бар
Куу ашык болгон тайгандай.
Өрдөк учуп көл толгон,
Өлүүсү чирип дөң болгон,
Өзгөчө сонун жер экен
Өрүгү чирип көң болгон.
Сары каз учуп көл толгон,
Жапырак чирип дөң болгон,
Жаңгагы чирип көң болгон.
Арс, кесенди анда бар,

Ар бир түрлүү аңдар бар,
Адам билбес жандар бар.
Жейрени бар аркардай,
Жерде болор ар кандай,
Атагын уккан аңчылар
Азыр да издеп баргандай,
Азыпнаар жыланы
Жети кулач аркандай.
Суусар менен кундузу,
Суудa жүрөт мунусу,
Жерден артык көрүндү
Азыркысын турушу.
Эр Көкчө баштап зор барган,
Эптеп-септеп арада
Элүү күн басып жол барган,
Казак, кыргыз калкынан
Элүү миң аскер кол барган.
Алардан мурун жан барбай,
Аркары киши таанібай,
Арыздуу адам наалыбай.
Булардан мурун жан барбай,
Бугусу киши таанібай,
Муңдуу бенде наалыбай.
Бугусун уулап чыгышып,
Чалма салып мойнуна,
Муунтуп барып жыгышып.
Аркарын уулап чыгышып,
Атууга мылтык керексиз,
Арканга байлап жыгышып,
Кайсы бири ат менен
Кубалашып кармашып,
Кумардан минтип чыгышып.
Таштан алып суусарын,
Тамаша кылып буларын.
Суудан алып кундузун,
Олжо дешип мунусун.
Жөкөк деген бир жан бар,
Суу менен кургакка
Бирдей өскөн бул заңгар.
Жүнү адамдын чачындай,
Башы куштун башындай,
Аркы-терки жүнү бар,
Агер туруп чакырса
Най тарткандай үнү бар,
Эки элидей бийиги,
Арасында жүнүнүн
Ат куйруктай кылы бар,
Ажына, жин тийбеген,
Анын шондой сыры бар,
Ал жерлерде бар экен
Албан түрлүү көп жандар.
Жолборсу жолду бууган жер,
Аюулары уюктап,
Алтымыштан тууган жер.
Шымал жагын Чаңкес дээр,
Ага баштап барганы
Айдаркан уулу Көкчө эр.
Алтымыш күнү калышты,
Аңына кызып алышты.
Жата турсун эр Көкчө,
Эң албадым дегени
Он жылкыга баа кылып
Олжо бөлүп бергени.
Жанут менен буулумду,
Адам уулу жетпеген
Ал жерден алар алышты
Ар бир кыйын буюмду,
Алар анда жүргөнүн
Алмамбет келип туюнду.
Сексен миң аскер черүүсү,
Адамын жыйып, аң уулап,
Алмамбет жаңы келүүсү,
Алмамбет басып келген жол
Алтай тоонун ары учу –
Амур дарыя керүүсү,
Алоокенин элинин

Асты барып ал жерге
Бир жыл болгон келиши.
Казакка каран салам – деп,
Каардансам түк койбой,
Каңгайын талап алам – деп,
Кыргызга кыргын салам – деп,
Кыйыктасам түк койбой,
Кыпчагын талап алам – деп,
Алмамбет келген кекенип
Аламын – деп, бекинип.
Азыр келип караса,
Кыргыздан кыпым неме жок,
Кытайдан бөлөк келген жок.
Казактан калган неме жок,
Каңгайдан бөлөк келген жок.
Маңгул менен калмагы
Мал күчү менен барганы,
Алмамбетти көргөн соң,
Бакырышып бай-байлап,
Баарынын чыкты арманы.
«Алтайдан барды кыргыз» – деп,
Алар айтты далай кеп.
«Өскөн экен алаш – деп,
Өзгөчө кыйын Манас – деп,
Манастын жайын сурасак
Кара кыргыз уругу,
Каарынан Манастын
Какандын журту куруду.
Кыргыздан экен уругу,
Кылымдын болду улугу,
Кыргынын көрүп Манастын,
Кытайдын журту куруду.
Орто Азия, Түркстан,
Ойдогу шаар Иркистан,
Ошонун баары карады.
Алооке кан баш болуп
Бээжин жакка тарады.
Малдын баары жышылып,
Баспай турган болгондо
Баатыр ишке жарадың.
Кол жүрүпсүз өзүңүз,
Чантуу келип чабар – деп,
Коркууда эле эсибиз,
Шайман кетип шалдайып,
Шашып турган кезибиз».
Анжияндан, Ташкенден,
Суңшоо, Чүй, Кашкар,
башка элден
Азып барган букара
Асылышып буларга,
Улугубуз келди – деп,
Баштап келген чагы экен
Улуу черүү элди – деп,
Урматташып күтүшүп,
Наамандан өскөн көп малды
Барлык менен түтүшүп,
Алооке келер арттан – деп,
Айтор, алаш кыйын жоо,
Аманат жаның сактан – деп,
Бизге кошо жайла – деп,
Наамандан көчүп биз келдик,
Биз жай алганча кайда? – деп,
Чантуу менен буруттан
Чабуул көрүп биз келдик,
Жерибизди жайла – деп,
Түрк уулунан көрбөдүк
Түк жакшылык байда – деп,
Алмамбетке даттанып,
Куп кезекте келдиң – деп,
Кубаныч кылды шаттанып.
Анда Алмамбет кеп сурайт,
«Азаматтар, – деп, сурайт.
Алооке кайда каныңар?
Азып-тозуп ким жүрбөйт,
Аман-эсен бул жерге
Жетипсиңер жаныңар,

Чаңуш, Бээжин, Бакбурчун
Жабыла жакын барыңар.
Чантуунун жери турбайбы,
Табылып калар дарыңар!
Алтайды алып мен берсем,
Абыдан өсөр малыңар,
Алыстан көчүп келдик – деп,
Алсырапсыз баарыңар.
Азыр аман турбайбы
Эр Эсенкан каныңар.
Өлчөөсүн жердин алайын,
Өзүм барып чалайын.
Өкүнбөңөр өткөнгө,
Өргүбөй өчүп калбасаң,
Өчмөндүү болгон чантууну
Кайта келип Алтайга
Өстүрүп кантип салайын?
Кетирбесмин кегиңди,
Тентитпесмин тегиңди.
Башы Бээжин, Жунгарды,
Бастырармын буларды.
Лаайламалуу билер
Түрк уулунун түк бирөө
Бул арага турарды».
Жолдошунун баарысын
Чөлдөн кийик уулатып,
Төө кийик атып сулатып,
Токойдон доңуз уулатып,
Тоодон кийик сулатып,
Калаадан чыкпас каапырлар,
Катындан жаман жакырлар
Кайтып үйүн көрбөстөй
Кайгырышып канчасы,
Кашкулак алып, суур алып,
Кабылан жыккан немедей
Каткырышып кубанып,
Мыктысы бөрү, түлкү алып,
Өзүнө жагдай мүлк алып,
Ачкүсөн, чычкан алганы,
Жабырбаян алгандай
Жаны жыргап калганы,
Кайтабыз – деп, канчасы,
Алмамбеттен уруксат
Алар сурап алганы.
«Ант ургур, кете бергин! – деп,
Алмамбет жолго салганы.
Элүү миңи кетиптир,
Эмдигиси нетиптир?
Калган отуз миңини
Карап туруп калмагы,
Кош башына бөлүшүп,
Конок кылып алганы.
Ар миңинен бир киши,
Алмаңдын арбын ар иши,
Отуз жайсаң алыптыр,
Шымал жагын чалам – деп,
Чактап жерин алам – деп,
Кылжейрен атын кындыйтып,
Кыйгактуу найза зыңкыйтып,
Жайсаңдан алып жолдошун,
Эр Алмаңа жол болсун,
Айнаамара, Аңырты,
Ашып өтүп белинен,
Ала-Көлдүн катары –
Саяңды деген жеринен,
Саят кылып Алмамбет,
Саянды тоосун сыдырып,
Ачалы деген суу кечип,
Чаңкеске чыкты кыдырып.
Көзү түштү бийикке,
Көңүл берип кийикке.
Уясы бар бугудан,
Ушундан атып алсам – деп,
Ажал эмес, азапка
Дары кылып салсам – деп,
Баашалыкка не кыйын,

Байкасаң дары эң кыйын.
Бугунун чыккан мүйүзү –
Өйүз менен бүйүзү,
Мүйүзүнүн бар экен-
Бүлбүл деген дары экен,
Мүйүзүнүн учунда,
Уя болсо ушунда,
Көп касиет бар экен.
Ушуну ойлоп Алмамбет
Улуу тоонун башына,
Чыйтайлары чыга албай
Эр Алмаңдын кашына,
Кылжейрен атын аргытып
Кырдын чыкты башына.
Кытайдын журту муктажы
Ушу жалган дүйнөнүн
Кыйбат баа ташына.
Качырлуусу калдырап,
Калып калды жолдошу
Качыры жүрбөй жалдырап.
Аттуулары телпейип,
Бастыра албай баарысы
Башы айланып селпейип,
Жолдошу жолдо калганы,
Жонго чыгып Алмамбет,
Кылжейрен атты аргытып,
Кыйын бийик жерине
Чаап чыгып барганы.
Түн жагына карады:
Көз учунда мунарык,
Көз жетпеген тунарык.
Шымал жагын карады:
Кашыктай болгон кары жок,
Каалагандын баары жок.
Томуктай болгон тоосу жок,
Жер оюлган коосу жок.
Кара-Моор көлү бар,
Бери жагында беш айлык
Кара жердин көбү бар,
Караңгы токой-чери бар,
Канча журт батар жери бар.
Күн батышын караса:
Сандалып аккан булагы,
Сайраар булбул турагы.
Аркайган тоо, аккан суу-
Аземи артык мына бу.
Чабалак суунун боюнда,
Чаркес тоонун оюнда
Аскер десе, көч өңдүү,
Көч десе, кара малы жок,
Улуу черүүңкошуундун
Узакка келген өзү өңдүү,
Көрүп туруп Алмамбет,
Айнек оозу кызарган,
Алты имерип чойгондо,
Кылабына койгондо
Төрт карыштай узарган,
Тиктегенин өлтүргөн,
Алты айчылык жолдорду
Алты күндүк келтирген,
Алты күндүк жолдорду
Аркан бою жеткирген,
Болоттон тутка сабы бар,
Мойнунда тубар кабы бар
Болжолу жок турнабай,
Боосун албай мойнунан,
Сууруп алып койнунан
Оң көзүнө салыптыр,
Айланасын тең карап,
Алмамбет токтоп калыптыр.
Аңы менен кушуна,
Айран калып ушуга,
Уу кылып келген кол экен,
Улугу Көкчө зор экен,
Алмамбеттин атагын
Айдаркан уулу эр Көкчө

Угуп жүргөн ол экен.
Бабасы – деп, Чылаба,
Бадышасын бийлеген
Баатырлык менен Солобо,
Солобо уулу – Соорондук,
Согушса бербейт эч теңдик.
Соорондуктүн баласы,
Таңша шаар калаасы,
Алмамбет деген бала – деп,
Акылга дыйкан даана – деп,
Каталык иштен алыс – деп,
Калкынан уккан эр Көкчө
Кара кылды как жарган
Катасы жок калыс – деп,
Укчу экен Көкчө нускасын,
Ушу бүгүн самаптыр
Улуу тоонун өз башын,
Тоого чыгып барсам – деп,
Өлчөөсүн жердин алсам – деп,
Өңкөй алач уулуна
Жер кылып муну салсам – деп,
Оюна алып ошону,
Как өзүнүн кашына
Отуз жигит кошкону.
Отуз жигит жолдошу,
Оён Көкчө жолборсу.
Соосана деген жер экен,
Токой-калың чер экен.
Жекени бар желектей,
Камышы бар челектей.
Чуңкур кара суусу бар,
Чубама кечүү жолу бар,
Кечүүдөн чыгып барганда
Ат тизеден шору бар.
Соосананын аралга,
Көзү түштү Көкчөнүн
Топтоп жаткан маралга.
Марал экен мунусу,
Кайда кетип калды экен
Маралдардын бугусу?
Алыстабай араңар,
Жигиттерин чаптырды,
Ар тарабын караңар.
Муну айтып Көкчө салыптыр,
Маралдарды кубалап,
Жолдошу кетип калыптыр.
Аны таштап салыңыз,
Алла кандай сөзү бар,
Кырдагы кыраан Алмамбет
Кабарын угуп алыңыз.
Дүрбүсүн салып көзүнө,
Типти акылы жете албай
Дүнүйөнүн өзүнө,
Чаркастан тоонун оюна,
Дагы дүрбү салыптыр
Соосана суунун боюна.
Эрки менен бенденин
Эгеси койбос оюна.
Шору калың жеринде,
Соосананын жээгинде
Колунда кыраан кушу бар,
Козголбостой туушу бар,
Көмөлдүрүк сом алтын,
Көмкөрө ээр – баары алтын,
Жарактын баары сары алтын,
Жалгыз турат бир бурут,
Чаңгести кайдан билди экен
Чантуу деген куу журут?
Башка атасы Барак кан,
Башы түрктөн тараган.
Экинчиси Камбар – деп,
Этектери жайылган,
Эшиктери кең болгон
Эли казак заңгар – деп,
Казак алач уругу,
Эр Көкчөнү көтөрөт

Нече түрлүү жандар – деп,
Уккан экен Алмамбет.
Ушуну мага кез кылды,
Урушса да алам – деп,
Лаайламалуу – деди,
Ырас айдап келиптир
Ажалы жеткен бу – деди.
Соо жибербей соёюн,
Сонунду көрсүн бу чантуу,
Сойлотуп атып коёюн.
Аны ойлонуп Алмамбет:
«Аман калса октон –дейт,
Мукабүл найза салайын,
Таш да болсо талкалап,
Так ушу жерде алайын.
Жал-куйругу түпөктөй,
Сулуулугу сүрөттөй,
Тумшук, таноо күрөктөй,
Эзелден тулпар Көгала ат,
Эмки келген жазында
Эсенкандын астына
Эркечтей мойнун койкойтуп,
Тартуу барар мал экен,
Атагын мурун көп уктум,
Айтканынча бар экен.
Казагын каран салайын,
Казатка минчү Көгала ат
Канды ат кылып алайын.
Кыргызын кыргын салайын,
Как Көкчөсүн өлтүрүп,
Кытайдын кегин алайын.
Кылжейрен менен кыр ылдый
Кыйгактуу найза көтөргөн
Кыраан Алмаң келиптир,
Карап көрүп эр Көкчө
Каапырлыгын билиптир.
Соорондуктүн баласы,
Таңша Бээжин калаасы,
Алмамбет болсо ушу – деп,
Ажал айдап, кан тартып
Маа кезиккен тушу – деп,
Көкчө да көзүн салыптыр.
Карап көрсө Алмамбет
Күчүгөн жүндүү огу бар,
Башында көкүл чогу бар,
Алеңгир жаа, сыр жебе
Алып келет ок кездеп,
Ажалын Көкчө түк койбойт
Өлөмүн – деп, бир эстеп.
Келсин – деп, турду кебелбей,
Түк чочунуп кенебей.
Кылжейрен менен желиптир,
Кенебей туруп алганда
Чантуунун заңы ушу – деп,
Кыйкырып салам бериптир.
Саламын алик албады,
Саламдан кет – деп, садага,
Аликтен кет – деп, айланып,
Чочконун санын жүрүпсүң
Чорто кесип байланып.
Атайын – деп, эр Көкчө
Ал сөздү оюна алыптыр.

## МАЗМУНУ

САГЫМБАЙ ОРОЗБАКОВДУН ВАРИАНТЫНЫН ТЕКСТТЕРИ.....................3

*Илимий-популярдуу басылма*

**«Классикалык изилдөөлөр жана тексттер» сериясы**

**САГЫМБАЙ ОРОЗБАКОВ**
**«МАНАС»**
**II ТОМ**

Түзгөндөр
*Самар МУСАЕВ, Абдылдажан АКМАТАЛИЕВ,*
*Жазгүл ТОЙЧУБЕК КЫЗЫ*
Тех. редактору *Тилекматова Н.*
Корректорлору *М. Касымгелдиева, М.Көлбаева*
Компьютерде терген *Ж. Тойчубек кызы*
Компьютердик калыпка салган *Б. Өмүров*

Терүүгө 10.09.2018-ж. берилди.
Басууга 30.10.2018-ж. кол коюлду.
Кагаздын форматы 70x100. $^{1}/_{16}$
Көлөмү 34,0 б.т. Нускасы 500. Заказ № _____

---

Басма-полиграфиялык комплекс
«Принт Экспресс» ЖЧК басмаканасында басылды.
Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Профсоюз көч., 49